Инициатива «Луч света»
Покончить с насилием в отношении женщин и девочек

АЯЛ-СУДЬЯЛАРЫНЫН КЫРГЫЗ АССОЦИАЦИЯСЫ

UNDP

# АЯЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУКТУ ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨЛҮК-ТИРИЧИЛИКТИК ЗОМБУЛУКТУ АЛДЫН АЛУУ ЖАНА КҮРӨШҮҮ: Кыргызстанда эл аралык стандарттар менен шайкештикте укуктук жөнгө салуу тажрыйбасы

Соттор, адвокаттар, прокурорлор, ички иштер органдарынын жана социалдык кызматтардын кызматкерлери үчүн окуу куралы



**Бишкек - 2022 ж.**

**УДК**
**ББК**

**ISBN**

**Жалпы редакциясы астында**
Мусабекова Ч.А., ю.и.к., доценти

**Авторлор курамы:**
**Мусабекова Ч.А.**, ю.и.к., доцент (3.2.8, 3.2.9-бөлүмчөлөр; 4, 5-бөлүмдөр; 9,10,11-тиркемелер);
**Никитенко Н.В.**, гендердик суроолор боюнча эксперт (1, 2-бөлүмдөр);
**Сыдыкова В.Ж.**, укуктук эксперт (3.1, 3.2.4, 3.2.5, 3.2.7,3.2.8, 3.2.10-бөлүмчөлөр; 6-бөлүм; 1-8-тиркеме); Ч.А.Мусабекова менен биргеликте (3.2.1, 3.2.3, 3.2.6-бөлүмчөлөр; 1-2 тиркемелер).

**Котормочу: Жумабаева Г.**
**Корректор: Джээнбекова А.Б.**

**Мусабекова Ч.А., Никитенко Н.В., Сыдыкова В.Ж.** Аялдарга карата зомбулукту жана үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулукту алдын алуу жана күрөшүү: Кыргызстанда эл аралык стандарттар менен шайкештикте укуктук жөнгө салуу тажрыйбасы. Соттор, адвокаттар, прокурорлор, ички иштер органдарынын жана социалдык кызматтардын кызматкерлери үчүн окуу куралы. (Ч.А.Мусабекованын жалпы редакциясы астында) – Бишкек, 2022. 226-бет.

## Мазмуну


СӨЗ БАШЫ ....................7

НЕГИЗГИ ТЕРМИНДЕРДИН СӨЗДҮГҮ ....................8

1. ОКУУ КУРАЛЫНА КИРИШҮҮ ....................12

1.1. Концептуалдык чектер: гендердик көйгөй (эки жыныстын өкүлдөрүнүн ортосундагы тең укуктуулук) ....................12

1.1.1. Эл аралык алкактар жана чет элдик тажрыйба ....................18

1.1.2. Улуттук алкактар: тарыхый-маданий контекст жана учурдагы абал ....................24

1.2. Зомбулук түшүнүгү, формалары жана цикли ....................31

1.2.1. Эл аралык тажрыйба....................31

1.2.2. Кыргызстандын тажрыйбасы ....................38

1.3. Сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусуна жолтоо болгон тоскоолдуктар ....................45

1-Бөлүмгө окуу тапшырмалары ....................49

1-Бөлүмгө карата көзөмөлдөөчү суроолор ....................50

2. АЯЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУКТУН ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨЛҮК-ТИРИЧИЛИКТИК ЗОМБУЛУКТУН АЛДЫН АЛУУНУН ЖАНА КҮРӨШҮҮНҮН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ ....................52

2.1. Эл аралык-укуктук негиздер ....................52

2.1.1. Жабырлануучулардын кызыкчылыктарына багытталган, адам укуктарына негизделген жана адам укуктарына колдонулган ыкма ....................56

2.2. Кыргызстандын эл аралык-укуктук милдеттенмелери ....................61

2.3. Кыргызстандын ченемдик-укуктук базасынын обзору ....................68

2-бөлүмгө карата окуу тапшырмасы ....................73

2-бөлүмгө карата көзөмөлдөөчү суроолор ....................75

3. АЯЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУКТАН ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨЛҮК-ТИРИЧИЛИКТИК ЗОМБУЛУКТАН КОРГООНУН МЕХАНИЗМИ ....................76

3.1. Ыкчам тыюу салуу жөнүндө буйруктар (ebos) жана узак мөөнөттүү коргоо жөнүндө буйруктар жана тобокелчиликтерге баа берүү: эл аралык стандарттар жана эң мыкты чет элдик тажрыйба ....................76

3.1.1. Ыкчам тыюу салуу жөнүндө буйруктар....................76

3.1.2. Узак мөөнөттүү коргоо жөнүндө буйруктар ....................78

3.1.3. Камакта кармоо укугу жана барып туруу ....82
3.1.4. Тобокелчиликтерге (коркунучтарга) баа берүү протоколдору (Испаниянын полициясынын протоколдорунун мисалында)....83
3.2. Кыргызстандын мыйзамдары боюнча аялдарды зомбулуктан жана тиричиликтик (үй-бүлөлүк) зомбулуктан коргоо системасы ....89
3.2.1. Биринчи байланыштын түшүнүгү: максаттар, маселелер, артыкчылыктар ....94
3.2.2. Биринчи байланыштагы субъекттер, алардын координациясынын жана өз-ара аркеттенүүсүнүн тартиби ....95
3.2.3. Зомбулуктун жабырлануучусу менен биринчи байланышууда көрүлүүчү чаралар .... 100
3.2.4. Зомбулукка кабылган аялдар жана балдар менен биринчи жолу байланышуу учурундагы психологиялык коммуникация боюнча сунуштамалар .... 105
3.2.5. Укукка каршы жосунду фиксациялоо .... 113
3.2.6. Убактылуу коргоо ордери: берүү, узартуу тартиби .... 115
3.2.7. Баш калкалоочу жай издөө жана берүү .... 118
3.2.8. Кыргызстандын мыйзамы боюнча убактылуу коргоо ордерин берүүнүн, узартуунун тартиби же аны берүүдөн баш тарткан учурда даттануу .... 119
3.2.9. Үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусунун өз укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн сотко кайрылуу укугу .... 120
3.2.10. Балдарды камкордукка алуу жана Кыргызстандын мыйзамдары боюнча убактылуу коргоо ордерин берүү менен байланыштуу суроолор .... 123
3-бөлүмгө карата окуу тапшырмалары .... 124
3-бөлүмгө карата көзөмөлдөөчү суроолор .... 125
4. КЫЛМЫШ-ЖАЗА СОТ АДИЛЕТТИГИНИН ЧАРАЛАРЫ .... 126
4.1. Сотко чейинки өндүрүш: иликтөө жана далилдерди чогултуу.... 131
4.1.1. Иликтөө жана соттук куугунтуктоо .... 131
4.1.2. Далилдерди чогултуу.... 138
4.1.3. Мурдагы сексуалдык жүрүм-турумунун далилдери жана соттук-медициналык далилдер 140
4.2. Соттук териштирүү: Кыргызстандын Кылмыш-жаза кодексинде колдонула турган кылмыштардын курамы жана мүчүлүштүктөр .... 142
4.2.1. Өлтүрүү / аялдарды өлтүрүү .... 143
4.2.2. Дене бойлук зомбулук.... 146
4.2.3. Психологиялык зомбулук .... 151
4.2.4. Сексуалдык зомбулук .... 155

4.2.5. Аңдуу, артынан түшүү ............ 161

4.2.6. Мажбурлоочу нике ............ 162

4.2.7. Мажбурлоочу бойдон алдыруу жана мажбурлоочу стерилизациялоо ............ 164

4.2.8. Сексуалдык асылуу ............ 165

4.3. Жабырлануучулар жана күбөлөр менен иштөө ............ 167

4.3.1. Күбөлөрдүн жана жабырлануучулардын көрсөтмөлөрү: жабырлануучуну суракка алуу 167

4.3.2. Жабырлануучуларды коргоо жана процессуалдык укуктар ............ 174

4-Бөлүмгө карата окуу тапшырмалары ............ 179

4-Бөлүмгө карата көзөмөлдөөчү суроолор ............ 181

5. ӨКҮМДҮ ЧЫГАРУУ ЖАНА УКУК КОРГОО КАРАЖАТТАРЫ ............ 182

5.1. Чен өлчөмдүү, чектөөчү санкциялар (эркиндигинен ажыратуу, ата-энелик укуктарынан ажыратуу түрүндөгү жазалар) ............ 182

5.2. Жумшартуучу жагдайлар ............ 186

5.3. Оордотуучу жагдайлар ............ 188

5.4. Соттук стереотиптер: чечимдерди кабыл алууда жыныстык тиешелүүлүк боюнча бейкалыстыктар ............ 191

5.5. Каржылык көз карандуулук ............ 194

5.6. Компенсация ............ 195

5-бөлүмгө окуу тапшырмалары ............ 202

5-Бөлүмгө карата Көзөмөлдөөчү суроолор ............ 204

6. ОРТОМЧУЛУК ЖАНА ЭЛДЕШҮҮ ............ 205

6-бөлүмгө окуу тапшырмалары ............ 209

6-Бөлүмгө карата Көзөмөлдөөчү суроолор ............ 210

1-тиркеме. Аялдарга карата жана үй-бүлөлүк/тиричиликтик зомбулук жөнүндө билдирүүлөрдү алгандан кийин ИИОнун нөөмөт бөлүмүнүн, ИИОнун Милициянын аймактык ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аракеттеринин алгоритми ............ 211

2-тиркеме. Балага карата зомбулук аныкталган учурдагы Балдар иштери боюнча тескөөчүлөрдүн аракеттеринин алгоритми ............ 214

3-тиркеме. Саламаттыкты сактоо системасынын кызматкеринин аракеттеринин алгоритми..... 215

4-тиркеме. Балага карата зомбулук аныкталган учурда балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамилекеттик органдын кызматкеринин аракеттеринин алгоритми ............ 216

5-тиркеме. Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук жөнүндө маалымат келип түшкөн учурда бейөкмөт уюмдарынын кызматкерлеринин аракеттеринин алгоритми ............ 216

6-тиркеме. Зомбулуктан жабыр тарткан баланын укуктарын коргоо иши боюнча чакырган учурда Мамлекет кепилдеген акысыз юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттын аракеттеринин алгоритми ........ 217

7-тиркеме. Балага карата зомбулук фактылары аныкталган учурда билим берүү мекемесинин жетекчисинин аракеттеринин алгоритми ........ 217

8-тиркеме. Үй-бүлөлүк зомбулук менен байланыштуу иштер боюнча алгачкы процедуралардын жүрүшүндө жана мындай иштерди иликтөөдө соттор жана прокурорлор үчүн аракеттердин алгоритми ........ 217

9-тиркеме. Үй-бүлөлүк зомбулук менен байланыштуу иштерди иликтөөдөгү жана биринчи процедуралардын жүрүшүндөгү соттор жана прокурорлор үчүн аракеттердин алгоритми........ 220

10-тиркеме. Үй-бүлөлүк зомбулук менен байланыштуу иштер боюнча жазаларды жана укуктук коргоо чараларын дайындоодо (компенсация/калыбына келтирүү, реституция ж.б.) боюнча соттор жана прокурорлор үчүн аракеттердин алгоритми ........ 225

## СӨЗ БАШЫ

Бул жерде эл аралык масштабда аялдарга карата зомбулук жана үй-бүлөлүк зомбулук менен күрөшүүнүн маанилүүлүгү жана барктуулугу жөнүндө, Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жөнүндө мыйзамындагы жана сот адилеттигиндеги жетишкендиктери жөнүндө сөз козголушу керек болчу, БИРОК, бул жерде ысымдар жазылат... мындай зомбулуктун жыйынтыгынан көз жумган кыздардын ысымдары… кимдир-бирөөнүн кыздары…жөн гана, эми алар мындан нары жок…



*19-жаштагы Бурулай Турдалы кызы никеге туруу үчүн уурдалган жана дал ушул Жайыл РИИБнин милиция бөлүмүндө 2018-жылдын 27-майында уурдаган адам тарабынан өлтүрүлгөн.*



*26-жаштагы Айзада Канатбекова уурдалган жана аны эркек адам күчкө салып алып кеткен. Аны 2021-жылдын 7-апрелинде, Бишкектин чет жакасында уурдаган адамдын футболкасы менен муунтулган абалда табышкан. Эркек адам өзүн дагы өлтүргөн, Айзадага үйлөнүү ниети жана анын баш тартkandыгы жөнүндө үн билдирүүсүн калтырып кеткен.*

2020-жылы Кыргызстандагы кризистик борборлорго жана калкка социалдык-психологиялык жардам көрсөткөн жана башка адистештирилген мекемелерге үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча 10 миңге чукул адам кайрылган, алардын көпчүлүк бөлүгү аялдар (86%) болгон.[1]

Алардын көбү майыптыгы бар адамдарга айланышты, айыккыс психологиялык жана дене-бойлук жаракаттарга кабылышты.

Бул жерге көп чекиттер коюлат… ар бир чекиттин артында, азыр зомбулукка кабылып жаткан кыздардын жана аялдардын ысымдары бар жана алар бул үрөй учуруучу тизменин катарын толукташы мүмкүн, булар бирөөнүн кыздары, жакындары, тааныштары, биздин ар-бирибиздин кошуналарыбыз болуусу мүмкүн………………………………………………………………………………………………………………………………………………………………… Дагы канча??????

**ЗОМБУЛУКТУ ТОКТОТ!!!**

[1] Аялдардын жана эркектердин арасындагы үй-бүлөлүк зомбулук. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети. Басылманын датасы 14.12.2021. http://www.stat.kg/ru/news/semejnoe-nasilie-sredi-zhenshin-i-muzhchin/ Кайрылуу датасы:10.05.2022-ж.

## НЕГИЗГИ ТЕРМИНДЕРДИН СӨЗДҮГҮ

**“Зомбулук” термини жөнүндө**. Ар башка өлкөлөрдүн ар түрдүү ченемдик-укуктук документтеринде колдонулган түшүнүктөрдөгү терминологиялык айырмачылыкты белгилөө зарыл. Анда мындай терминдер колдонулат:

- гендердик зомбулук,
- аялдарга карата жасалган зомбулук,
- үйдөгү зомбулук,
- үй-бүлөлүк зомбулук,
- тиричиликтик зомбулук,
- үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулук.

Айрым учурларда түшүнүктөр бирдей түшүнүктөрдү жана ыкмаларды камтышат жана аялдарга карата зомбулук өзүнө үй-бүлөлүк, тиричиликтик зомбулукту камтыган көбүрөөк кеңири алкактай мүнөздөлөт.

Гендердик зомбулук ар кандай коомдо жана мамлекеттик түзүлүштө, биринчи кезекте анын мотивдери жана кесепеттери боюнча социомаданий категория болуп саналат. Ал универсалдуу мүнөзгө ээ жана турмуштун бардык тармактарында: саясий, экономикалык, руханий, үй-бүлөлүк жана тиричиликте бар.

**Гендердик зомбулук** - гендердик мүнөздөмөлөрдүн (биологиялык да, социомаданий да) негизинде бир адам тарабынан экинчи адамга карата колдонулган зомбулук катары мүнөздөлүшү мүмкүн. Көрүнүп тургандай, гендердик зомбулук, зомбулуктун ар кандай формаларынын кеңири спектрин камтыйт: дене бойлук, сексуалдык, психологиялык, экономикалык жана башка формаларды. Гендердик зомбулук аялдарга да, эркектерге да карата жасалышы мүмкүн.

Ага карабастан, эл аралык тажрыйба жана статистика көрсөткөндөй, зомбулук учурларынын басымдуу көпчүлүгү аялдарга карата жасалгандыгын баяндайт, андыктан, БУУнун көптөгөн документтеринде «гендердик зомбулукту» «аялдарга карата зомбулук» жана «гендердик белгиси боюнча аялдарга карата зомбулук” катары түшүнүү зарыл.

Юриспруденцияда гендердик зомбулук, гендердик басмырлоонун негизинде чечмеленет жана адатта аялга карата зомбулук катары түшүнүлөт.

АББЖК комитети, гендердик зомбулук АББЖК1-беренесинин[2] маанисинде басмырлоо болуп саналат деп аныктаган. Комитет өзүнүн №19 Сунушунда [3] көрсөтүп кеткендей, *гендердик зомбулук* – «Бул аялга анын аял жынысына тиешелүү болгондугу үчүн жасалган же аялга ченелгис катуу терс таасирин тийгизген зомбулук» деп белгилеген.

*Аялдарга карата зомбулуктун тамырын кыркуу жөнүндөгү* Декларациясына[4] ылайык, “аялдарга карата зомбулук” коомдук же жеке турмушта болобу, мажбурлоо же эркиндигинен ажыратуу аркылуу аялдарга дене бойлук, сексуалдык же психологиялык зыян же азап алып келген

---

[2] Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрүн жок кылуу жөнүндө конвенция. Башкы Ассамблеянын 34/180 резолюциясы тарабынан 1979-жылдын 18-декабрында кабыл алынган. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/cedaw.shtml

[3] «№19 Жалпы сунуштама» 1992-ж. 11-сессиясы. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/cedaw_handbook/cedaw_rec19.pdf

[4] Аялдарга карата зомбулуктун тамырын кыркуу жөнүндө декларация. 1993-жылдын 20-декабрында Башкы Ассамблеянын 48/104 резолюциясында кабыл алынган. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/violence.shtml

же алып келиши мүмкүн болгон гендердик зомбулуктун ар кандай актысы, ошондой эле мындай аракеттерди жасайм деп коркутуу дегенди билдирет.

Европа Кеңешинин аялдарга карата зомбулукту жана үй-бүлөлүк зомбулукту токтотуу боюнча Түшүндүрмө баяндамасына[5] ылайык (мындан ары – Стамбул конвенциясы)[6], аялдарга карата зомбулук - коомдук же жеке турмушта болобу, гендерлик белгилерге байланыштуу, аялдарга карата дене бойлук, сексуалдык, психологиялык же экономикалык зыянга же азапка алып келген же алып келиши мүмкүн болгон гендердик зомбулуктун бардык актылары, анын ичинде мындай аракеттерди жасайм деп коркутуу, мажбурлоо же эркиндиктен негизсиз ажыратуу дегенди билдирет.

«Аялдарга карата гендердик белгилери боюнча жасалган зомбулук» термини, бүтүндөй Стамбул конвенциясында, аял болгону үчүн гана багытталган же аялдарга пропорционалдуу эмес түрдө таасир эткен зомбулукка карата колдонулат. Ал зомбулуктун башка түрлөрүнөн а) пунктунда көрсөтүлгөндөй, зомбулук аракеттеринин негизги мотиви болуп жабырлануучунун жынысы болгондугу менен айырмаланат.

Башкача айтканда, гендердик белгилерге карата жасалган зомбулук, аялга карата ар кандай зыян келтирүү жана бул аялдар менен эркектердин ортосундагы айырмачылыктар боюнча теңсиз мамилелердин натыйжасы да болуп саналат, бул жеке жана коомдук чөйрөдө аялдардын баш ийүүсүнө алып келет.[7]

«*Гендердик зомбулук»* жана «*аялдарга карата зомбулук»* түшүнүгүндө, зомбулукту жасаган кандай гана адам болбосун, ал үй-бүлө мүчөсү, тууганы же ага тең адам экендигине карабастан, о.э. кандай гана мамилелерде болбосун (үй-бүлөдө, үй-бүлөлүк же башка) зомбулуктун субъектиси болуп эсептелерин белгилей кетүү маанилүү.

Стамбул конвенциясына ылайык, үй-бүлөнүн же күнүмдүк тиричиликтин айланасында, же болбосо мурунку же азыркы жубайлардын, же өнөктөштөрдүн ортосунда, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адам жабырлануучу жашаган жерде жашайбы же жокпу көз карандысыз түрдө болуп өткөн бардык дене бойлук, сексуалдык, психологиялык же экономикалык зомбулук дегенди түшүндүрөт.

Үй-бүлөдөгү зомбулук негизинен эки түрдөн турат: интимдик өнөктөштөргө карата, учурдагы же мурунку жубайлар же өнөктөштөр тарабынан жасалган зомбулук жана муундар аралык зомбулук, көбүнчө ата-энелер жана балдар. Бул аныктама нейтралдуу гендердик болуп саналат жана жынысына карабастан жабырлануучуларды жана кылмышкерлерди камтыйт.

Үй-бүлөдөгү зомбулук үй-бүлө мүчөлөрүнө жана аларга теңештирилген адамдарга карата жасалган үй-бүлөлүк зомбулуктун бардык түрлөрүн камтыйт.

КМШ мамлекеттеринин аймагындагы көптөгөн ченемдик-укуктук документтерде *«үй-бүлөлүк зомбулук»* же «*үй-бүлөлүк-тиричиликтик»* терминдери колдонулат, булар өздөрүнүн түзүлүшү жана мазмуну боюнча «*үй-бүлөлүк зомбулук»* терминине дал келет. КРда болсо, КРнын «Үй-

---

[5] Стамбул конвенциясына карата Түшүндүрмө баяндама (мындан нары – Түшүндүрмө баяндама), 279-пункт// Орус тилиндеги версиясы кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://rm.coe.int/explanatory-ic-rus-web/16808e9a2a Кайрылуу датасы 19.04.2022-ж.

[6] Европа Кеңешинин аялдарга карата зомбулуктун жана үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана күрөшүү жөнүндө конвенциясы (Стамбул конвенциясы), Стамбул, 11-май, 2011-жыл (Расмий эмес котормо). Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://rm.coe.int/16806b0687/ Кайрылуу датасы: 12.04.2022-ж.

[7] Ошол эле жактан караңыз

бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамына ылайык[8] «үй-бүлөлүк зомбулук» түшүнүгү өзүнө жетишерлик түрдө кеңири аныктаманы камтыйт жана мындайча түшүндүрүлөт:

– үй-бүлө мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын башка үй-бүлө мүчөсүнө/ага теңештирилген адамга карата дене-бойлук, психологиялык, экономикалык мүнөздөгү атайылап жасаган аракеттери же алардын коркунучу, ошондой эле этибарсыз мамилеси (1-берене).

Жогоруда айтылган бардык терминдер (үйдөгү, үй-бүлөлүк, тиричиликтик, үй-бүлөлүк-тиричиликтик) "үй-бүлөлүк зомбулук" деген бир термин менен камтылат.

Эл аралык тажрыйбада, үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулукка тиешелүү мыйзам үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулукту негизинен дене бойлук катары кароодон башталып, маанилүү трансформациялоодон өттү жана мыйзам чыгаруучулар зомбулуктун кийинки түрлөрүнүн баарын же айрымдарын мыйзамга киргизип жатышат жана/же оңдоп-түзөп жатышат: дене бойлук, сексуалдык, эмоционалдык жана/же психологиялык, патримониалдык, жеке менчик укугу боюнча жана/же экономикалык.

*Мисалы, Аялдарды тиричиликтик зомбулуктан коргоо жөнүндө 2005-жылы Индияда кабыл алынган Мыйзамдын II бөлүмү дене бойлук, сексуалдык, вербалдык, эмоционалык жана экономикалык мүнөздөгү кыянаттык менен пайдаланууну камтыйт, ал эми Бразилияда 2006-жылы кабыл алынган Марии да Пенья Мыйзамынын 5-беренесинде мындайча көрсөтүлгөн «ааялдарга карата тиричиликтик жана үй-бүлөлүк зомбулук гендердик белгисине негизделген, аялдын өлүмүнө, дене бойлук жаракаттарга, дене бойлук, сексуалдык же психологиялык азаптанууларына, ошондой эле моралдык же патримониалдык зыяндарга алып келе турган бардык аракеттер жана аракетсиздиктер болуп эсептелет». Ливанда үй-бүлөдөгү зомбулук жөнүндө мыйзам үй-бүлөлүк зомбулук үй-бүлөнүн мүчөсү тарабынан жыныстык белгиси боюнча жасалган жана зыяндары аялга дене бойлук, психологиялык, сексуалдык же экономикалык мүнөздөгү залакаларды жана азаптанууларды алып келе турган бардык зомбулуктуу аракеттерди камтыйт.*[9]

Ошентип, "үйдөгү зомбулук", "үй-бүлөлүк зомбулук", "тиричиликтик зомбулук" жана "үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулук" деген терминдер мазмуну боюнча окшош жана үй-бүлөлүк, нике, тууганчылык мамиледе болуп, азыркы учурдагы же мурунку өнөктөштөр экендигине карабастан, зомбулук бир адам тарабынан башкага карата жасалганын белгилейт.

Бул Окуу куралында "аялдарга карата зомбулук" жана "үй-бүлөдөгү зомбулук" терминдери гендердик мамилеге карата жана эл аралык документтерге негизделген, ал эми "үй-бүлөлүк зомбулук" термини Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын негизинде практикада колдонулат.

"Зомбулуктун жабырлануучусу" деген терминди кодонуу бир топ орундуу кесепеттерди туудурууда. "Зомбулуктун жабырлануучусу" түшүнүгү кандайдыр бир "тамга", "стигма" катары болуп калышы мүмкүн, адамдын акыбалын басынтууну күчөтөт, адамга биологиялык мамиле катары көбүрөөк таасирин тийгизет деген пикирлер бар жана "Зомбулукту башынан өткөргөн" деген терминди колдонуу сунушталууда. Бул, улантылууга жаткан олуттуу социалдык-маданий, психологиялык жана философиялык чечилүүчү маселе.

---

[8]КРнын 2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 Мыйзамы «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө».

[9] ST/ESA/329 Бириккен Улуттар Уюмунун Басылмасы. Экономикалык жана социалдык суроолор боюнча департамент. Аялдардын абалын жакшыртуу боюнча бөлүм, Аялдарга карата зомбулук суроолору боюнча мыйзамдарды иштеп чыгуу үчүн Окуу куралы, 2010-ж. Кийинки шилтеме боюнча жеткиликтүү. https://www.un.org/womenwatch/daw/vaw/handbook/Handbook%20for%20legislation%20on%20VAW%20(Russian).pdf Кайрылуу датасы 10.05.2022-ж.

Укуктук тажрыйбага жана эл аралык документтерге кайрылсак, Стамбул конвенциясында “жабырлануучу” деген сөз көп колдонулат. Бул термин аялдарга карата зомбулуктун жабырлануучуларына да, үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларына да тиешелүү. Аялдарга карата зомбулуктун жабырлануучусу болуп аялдар жана кыздар гана болушу мүмкүн, бирок үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусу эркектер, аялдар жана балдар да болушу мүмкүн. «Жабырлануучу» деген сөздү Стамбул конвенциясынын алкагында түшүнүү керек.[10]

Улуттук мыйзамдарда, атап айтканда, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинде жана «Укук бузуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын кодексинде төмөнкүдөй терминдер колдонулат:

- кылмыштын кесепетинен дене бойлук, моралдык жана (же) материалдык зыян тарткан жеке жак жабырлануучу болуп эсептелет. Жабырлануучунун укуктары жана милдеттери жеке же юридикалык жак үчүн аны жабырлануучу деп таануу жөнүндө чечим кабыл алынган учурдан башталат;
- укук бузуунун кесепетинен дене бойлук, мүлктүк же моралдык зыянга учураган же ишкердик беделине доо келтирилген жеке же юридикалык жак жабырлануучу болуп эсептелет

Ушул Окуу куралынын алкагында “жабырлануучу” деген термин эл аралык документтерге ылайык аялдарга карата зомбулуктун жана үй-бүлөлүк зомбулуктун бардык түрлөрүнөн жапа чеккен адамдарга карата, ошондой эле терминдер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык колдонулат.

[10] Стамбул конвенциясынын Түшүндүрмө баяндамасысы. Бул дарек боюнча жеткиликтүү: https://rm.coe.int/explanatory-ic-rus-web/16808e9a2a

# 1. ОКУУ КУРАЛЫНА КИРИШҮҮ

## 1.1. Концептуалдык чектер: гендердик көйгөй (эки жыныстын өкүлдөрүнүн ортосундагы тең укуктуулук)

**Баары эмнеден башталат? – «Тең укуктуулук» түшүнүгүнөн.** Биздин планетада акыл-эстүү адам пайда болгондон жана алгачкы коомдук түзүлүштөн баштап, анын андан наркы өнүгүшүндө коомдун ар бир мүчөсүнүн жөндөмдүүлүктөрүнө жана мүмкүнчүлүктөрүнө жараша өзүнүн эмгектенүү же коргоо үлүшүн кошуу түшүнүгү пайда болгон жана калыптанган. Демек, жамаатта жашаган адам үчүн, аялдардын жана эркектердин[11] ролдору негизинен жан багуу жана жамааттын өнүгүүсү үчүн мааниге ээ биологиялык жактан шартталган мүнөздөмөлөрдүн негизинде бөлүштүрүлгөн. Мисалы, дене-бойлук жактан көбүрөөк күчтүү эркектер жамаатты душмандардан коргоо, тамак-аш менен камсыз кылуу функциясын аткарышса, аялдар болсо жамаатты жашоо тиричилиги менен камсыз кылуу жана урууну көбөйтүүнү колдоо иш милдеттерин аткарышкан. Демек, мына ушул социалдык ролдорду түшүнүүнүн эң жөнөкөй, татаал эмес деңгээлинде дагы бирөөсүнүн ролу экинчисине караганда маанилүүрөөк деп айтканга мүмкүн эмес. Душмандардан коргобосо жамааттын жашоосу уланбайт, ошол эле учурда балдар төрөлбөсө жана аларга кам көрүү болбосо, жамааттын келечеги болбойт. *Байыркы жамааттын өнүгүүсү жана жан багуусу үчүн аялдын жана эркектин ролдорунун маанилүүлүгүнүн ортосуна тең укуктуулук белгисин коюуга болот.*

Адамзатынын өнүгүшүнүн, коомдун моделин жана социалдык мамилелерди куруунун, татаалдаштыруунун чен-өлчөмдөрүнө ылайык, аялдын жана эркектин ролдорун кабыл алуу жана түшүнүү дагы өзгөрдү.

Мамлекеттердин өз жарандарын коргоо, колдоо көрсөтүү жана өнүктүрүү механизмдерин калыптандыруунун, цивилизациянын өнүгүшү менен шаарлардын, индустриянын, маалыматтык технологиялардын, илимдин өнүгүүсү менен эгер түз айтканда, адам жан багуу менен эле алек болушу керекпи?

Күн сайын физикалык жактан тамак-аш үчүн күрөшүүсү, өзүн жана үй-бүлөсүн колуна курал кармап коргоосу зарылбы? Бул функциялар мамлекеттин аныкталган бир түзүлүштөрүнө өткөрүлүп берилген. Эгерде, азыркы заманбап дүйнөдө жөн гана өзүнүн мамлекеттик системаларынын натыйжалуулугунун төмөн экендигин көрсөткөн согуш тууралуу айта турган болсок, анда кайсы гана мамлекеттин болбосун күнүмдүк жашоосунда, заманбап адамга мындай кылуунун кереги жок. Мунун ордуна, адам жакшы билим алуу, жакшы жумуш орду жана жакшы эмгек акысы үчүн атаандаштык мүмкүнчүлүктөрү аркылуу өнүгүп өсүү менен алектенүүдө, бизнесте болсо сатып алуучулар жана базарлар үчүн атаандашууда, интернет мейкиндигинде болсо аудитория, күйөрмандар, каржы үчүн атаандашууда. Ошондой эле, бул экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээли ар түрдүү өлкөлөр үчүн актуалдуу, айырмачылык бир гана ресурстардын санында жана алардын эркин түрдө жеткиликтүү болуусунда.

Аялдар жана эркектер бүгүнкү күндөгү социалдык ролдорго бирдей деңгээлде жакшы ыңгайланышкан. Программист кыз, программист эркек деген сыяктуу татаал долбоор боюнча бирдей жакшы иштешет. Жынысынан, талантын көрсөтө алабы же жокпу, жаңы «суурулуп

[11] Орус тилинин алфавитине ылайык «ж» тамгасы «м» тамгасынын алдында жайгашкан. Мындай тартип эл аралык укукта белгиленген «альтернат» (кезмектөө) принцибинен келип чыгат. //Кийинки шилтеме боюнча карагыла: https://politike.ru/termin/alternat.html Кайрылуу датасы 07.05.2022-ж.

чыккан» идеяны сунуш кыла алабы же жокпу көз карандысыз түрдө кеңсенин кызматкери боло алышат. Ал тургай, айрым өлкөлөрдүн куралдуу күчтөрүнө баарынан көбүрөөк аялдар тартылышат жана алар болушунча натыйжалуу.

*Мына ошентип, бүгүнкү дүйнө, адамдан ал ийгиликтүү болушу үчүн жыныстык айырмачылыгынан, дене-бойлук жана биологиялык көрсөткүчтөрүнөн көз каранды болгон социалдык ролдору боюнча бөлүнүүнү талап кылбайт.* Адамдын ийгиликтүүлүгү үчүн таптакыр башка критерийлер маанилүү болууда.

Бирок, коомдо, миң жылдап калыптанып калган стереотиптер, ошондой эле аялдар жана кыздар үчүн билим алуунун жана ийгилктүү болуунун башка мүмкүнчүлүктөрүнүн жеткиликтүү болуусундагы жасалма тоскоолдуктар, коомдун маанилүү бөлүгүнүн психологиясында жашап уланып келүүдө. Демек, жасалма колдоого алынган тең укуксуздук – **гендердик бөлүнүү** – өзүнүн регалдуу жана экономикалык базиси жок эле жашоосун улантууда. Мындай тең укуксуздук, цивилизация үчүн коркунуч жаратат. Кээ бир адамдарды кандай гана белгиси жана критерийи боюнча болбосун, анын ичинде гендер боюнча «жогору» коюу, бул **басмырлоо** болуп эсептелет. Расизм ушинтип пайда болгон, бөлүнүүнүн жана бирөөлөрдүн башкалардын үстүнөн үстөмдүгүнүн негизинде фашизм өнүккөн. Гендердик критерийлери боюнча бөлүнүү жана үстөмдүк кылуу позициясы, башка бардык бөлүнүүлөрдөн көп деле айырмаланбайт. Мындай жол, жамааттардын бардык өкүлдөрүнүн өз таланттарын өркүндөтүүсүнө, прогресске өз салымын кошуусуна мүмкүнчүлүк бербейт, тескеринче коомдун артта калуусуна жана дегредациялануусуна шарттарды түзөт. Бүгүнкү күндөгү заманбап технология, жалпы адамзат үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр ачылып жаткан учурда, биздин адамдардын айрым бир бөлүгү, кайсы бир белгилери боюнча «чен өлчөмгө салууга» жана чектөөгө аракет кылып жатканыбыз, цивилизацияны деградациялоого карай жол болуп саналат. Глобалдуу дүйнө, эч бир айырмачылыктарсыз баары үчүн глобалдуу жана ал бардык жаратмандык үчүн глобалдуу.

*2015-жылы McKinsey компаниясы фантастикалык сценарийдин макроэкономикадагы натыйжаларын эсептеп чыккан. Ал 10 жылдан кийин глобалдык экономиканын 97% камсыздаган дүйнөнүн 95 өлкөлөрүндө аялдардын жана эркектердин экономикага катышуусу толугу менен бирдей болот деп болжолдогон. Эсептөөлөр учурдагы гендердик айырмачылыкты эске алган базалык сценарий менен салыштырганда, он жыл ичинде гендердик паритет дүйнөлүк ички дүң өндүрүмдү кошумча 26% жогорулата тургандыгын көрсөткөн. Мындай өсүү акча түрүндө болсо, глобалдык экономиканы 28 трлн $ жогорулатат дегенди түшүндүргөн, бул болсо дүйнөнүн эки ири экономикасынын – АКШнын жана Кытайдын жалпыланган жылдык ички дүң өндүрүмүнө дал келген. Мындай ыкчам өсүүнүн жарымынан көбүн, аялдардын эмгек рыногуна катышуу деңгээлиндеги гендердик айырмачылыкты жеңүүнү камсыздаган жана ошондой эле аялдардын жана эркектердин жумушчу саатынын санын теңештирүү жана азыркы күндө эркектер көп эмгектенип жаткан экономиканын көбүрөөк өндүрүмдүү секторуна аялдарды кайрадан бөлүштүрүү - бул өсүүнүн төрттөн бир бөлүгүн кошкон.*

*Абдан кыска аралыктагы перстпективдүүлүктүн мындай сценарийи реалдуу эмес экендигин тааныган изилдөөчүлөр, көбүрөөк «реалдуу» вариантты эсептеп чыгышкан: ага ылайык, ар бир өлкө өз аймагында гендердик теңсиздикти реалдуу деңгээлге чейин кыскартышы зарыл, натыйжада экономикада аялдардын жана эркектердин катышуусунун ортосундагы диспропорция абдан азаят. Демек, мына ушундай кылып өзгөртсөк, дүйнөлүк ички дүң өндүрүмдүн 2025-жылга карата базалык сценарийи менен салыштырып карасак, 12 трлн $*

*өсүү, бул - Кытайдын 2015-жылдагы ички дүң өндүрүмүнүн көлөмүнө эквиваленттүү болуп чыга келди, же болбосо Япониянын, Германиянын жана Улуу Британиянын жалпыланган жылдык ички дүң өндүрүмүнө эквиваленттүү болот.*

*Мындан дагы толугу менен реалдуу сценарий – ошол эле 2025-жылга карата «Ири жыйырма» өлкөлөрүнүн эмгек рыногунда аялдардын жана эркектердин катышуусунун ортосундагы айырмачылыкты кыскартуу (бул өлкөлөрдүн лидерлери өздөрүнүн алдына мындай милдетти 2014-жылы коюшкан), дүйнөлүк ички дүң өндүрүмдү на 3,9% же 5,8 трлн$ жогорулатмак экендигин, Эл аралык эмгек уюму (ЭЭУ) эсептеп чыккан, буга таянсак, бул эмгек рыногуна 100 млн чейинки кошумча жумушчуларды бермек.* [12]

**Гендер жана жыныстык айырмачылык.** Бир нече себептерден улам, анын ичинде акыркы он жылдык ичинде биздин коомдогу ашыкча саясатташуудан, маалыматтын жетишсиздигинен жана бир катар ММКлардагы жана социалдык түйүндөрдөгү бурмалоолордон улам, «гендер жана гендердик көйгөй» терминине карата көпчүлүк учурда терс, ал тургай агрессивдүү дагы мамилелер жаралууда.

Кыргызстанда ар бир тайпада, билим деңгээли жана социалдык-экономикалык абалы боюнча ар башка угуучулар катышкан, ар кандай программалардын жана тренингдердин алкагында жүргүзүлгөн сурамжылоолор, «гендер» термини көпчүлүк учурда мындай түшүнүктөр менен ассоциациялана тургандыгын көрсөттү: аялдар, аялдардын көйгөйү, чет элдик сөз, алыс жана чоочун бир нерсе, феминизм, таңууланган чет элдик баалуулуктар жана башка. Мына ошентип, калктын маанилүү бөлүгүндө, гендердик тематикага карата улуттук менталитет үчүн чоочун жана сырт жактан таңууланган нерсе катары мамиле калыптанууда.

Ошол эле учурда, аялдардын жана эркектердин тең укуктуулугуна, алардын ар түрдүү чөйрөлөргө тең укуктуу, бирдей катышууларына карата позитивдүү мамиле, ошондой эле аялдарга карата жалпы терс мамиле, биздин коомдогу, болушунча катуу жана кеңири тараган көз караштар болуп эсептелет.

Үй-бүлөдөгү зомбулукту натыйжалуу чечүү үчүн «гендер» термини менен байланыштуу концепциялар жөнүндө так түшүнүккө ээ болуу абдан маанилүү. Ошондой эле, «гендер» жана «жыныстык айырмачылык» терминдерди түшүнүү жана айырмалай билүү зарыл.[13]

Аялдарды жана эркектерди, алардын ЖЫНЫСТЫК АЙЫРМАЧЫЛЫГЫНА карата бөлүү бир гана алардын биологиялык мүнөздөмөлөрүнө ылайык аныкталат. Ошол эле учурда, аялдарды жана эркектерди ГЕНДЕРге кошуу ар башка өлкөлөрдө жана маданияттарда ар түрдүү мааниге ээ жана убакыттын өтүшү менен өзгөрүп туруучу коомдогу ролдоруна, маданий, стереотиптик көз караштарына жараша аныкталат.

[12] Цитатанын орус тилине котормосу бул Окуу куралынын1-Бөлүмүнүн автору тарабынан берилди. Кененирээк караңыз: Women, Business and the Law 2021. Washington, DC: World Bank, 2021. doi:10.1596/978-1-4648-1652-9. License: Creative Commons Attribution CC BY 3.0 IGO. Түп нускасы кийинки шилтемеде жеткиликтүү:https://openknowledge.worldbank.org/bitstream/handle/10986/35094/9781464816529.pdf

[13] Бул Окуу куралынын 1-2-Бөлүмдөрүнүн өзүнчө бөлүмчөлөрүн жазууда «Армениядагы аялдарга карата зомбулуктун жана тиричиликтик зомбулуктун алдын алуу жана күрөшүү»окутуу курсунун материалдары колдонулду - Ереван, 2018-ж. (англис тилинен орус тилине расмий эмес котормо). // Mann L., Sargsyan L. Preventing and combating violence against women and domestic violence in Armenia: training course. Erevan, 2018. Англис тилиндеги түп нускасы бул шилтемеде жеткиликтүү: https://rm.coe.int/eur-justice-eng/168093c14a Кайрылуу датасы 12.04.2022-ж.

Мына ошентип, **«Жыныстык айырмачылык»** эркектерди жана аялдарды аныктаган биологиялык жана физиологиялык мүнөздөмөлөргө кирет (мисалы, кош бойлуулук биологиялык жактан бир гана аялдарга тиешелүү функция болуп эсептелет).

**«Гендер» -** коом эркектерге дагы, аялдарга дагы ылайыктуу деп эсептелет, аларга тиешелүү жүрүм-турумдардын, ишмердүүлүктүн жана атрибуттардын социалдык жактан конструкцияланган ролдору болуп саналат, бул ролдорду аларга коом берген (мисалы, армияда кызмат кылуу «эркектерге тиешелүү» функция болуп саналат).

Гендер – бул биологиялык түшүнүк эмес; кыздар жана эркек балдар алардын сырткы келбеттери кандай болушу керек, кандай кийинүүсү зарыл, өздөрүн кантип алып жүрүүлөрү керек, кантип ойлонуусу же таасир этүүсү зарыл экендиги тууралуу билимдер менен чогуу төрөлүшпөйт, бул билимдер социализациялануу процессинде калыптанат. Башкача сөз менен айтканда, «аял» жана «эркек» - бул жыныстык айырмачылыктын категориясы, ал эми «эркектик» жана «феминдүүлүк» - бул гендердик категориялар. «Гендер» термини эркектерден жана аялдардан алардын жамааты күткөн жүрүм-турумдардын жана мүнөздөмөлөрдүн топтомун сүрөттөп берүү үчүн колдонулат. Белгилей кетчү маанилүү нерсе, «гендер» термини аялдар үчүн дагы, ошондой эле эркектер үчүн дагы колдонулат.

Демек, гендердик ролдор, **социализациялоо** процессинде калыптанат. Социализациялоо процесси деген бул – адамдар, кыздар жана балдар, аялдар жана эркектер – коомдо, үй-бүлөдө (ата-энелер, чоӊ-апалар жана чоӊ аталар ж.б.), анан дагы ар түрдүү социалдык институттарда (мектептер, мечиттер, церковдор ж.б.) өздөрүн кандай алып жүрүү керек экендиктерин үйрөтүшөт дегенди түшүндүрөт, анын ичинде телевизордун, ММКнын, социалдык түйүндөрдүн таасири астында дагы. **Социалдык жана маданий жактан конструкциялангандыктан,** гендердик ролдор жана иденттүүлүк өзгөрүшү мүмкүн жана убакыттын өтүшү менен өзгөрөт.

*Мисалы:*

*- Жыныстык ролдор: баланын төрөлүшү, эмчек эмизүү;*

*- Гендердик ролдор: декреттик өргүү, балдарды багуу.*

**Гендердик стереотиптер.** Коомчулуктар гендердик стереотиптерди калыптандырууга жакын. [14] Аялдарга тиешелүү *гендердик стереотиптердин* мисалдары буларды камтыйт:

- аялдар эне болушу керек жана буга ылайык балдарды тарбиялоого байланыштуу суроолор менен эркектер эмес, алар алектениши керек;
- аялдар сексуалдык жактан пассивдүү жана эркектердин сексуалдык асылууларына (ыдык көрсөтүү) моюн сунуп баш ийип берүүгө жакын болушат;
- аялдар ачык эмес кийинүүлөрү керек жана буга ылайык ачык кийинген аял жеке өзүнө карата сексуалдык зомбулукка жоопкерчиликтүү болот.

Коомдо мындай стереотиптерди, өзгөрүп жаткан дүйнө менен чогуу өзгөрткөндүн ордуна, бул стереотиптердин бар болуусу жана аларды колдоо, мораль жана баалуулуктар суроолоруна абдан терс таасирин тийгизиши мүмкүн, коомдук өнүктүрүүнү жана агартууну артка тартат. Демек, коомдун стереотиптеринин негизинде үй-бүлөлүк зомбулукка «унчукпай макул боло берүүсү», сексуалдык асылууну (ыдык көрсөтүүнү) актоосу, адамзаттык баалуулуктарга жана универсалдуу адам укуктарына дагы, ошондой эле эл аралык жана улуттук ченемдик-укуктук актыларга дагы карама-каршы келет.

[14] Гендердик зомбулуктарды бардык аялдар жана эркектер ар түрдүү психологиялык жана жүрүм-турумдук мүнөзгө ээ экендигине ишеним катары жана бул адамдын мүнөздөмөсүнө карата жөн гана алардын айланасына негизделген, ашыкча жалпылаштырылган ишенимдерге алып келүүсү мүмкүн. Караӊыз.: ошол жерде. 18-бет.

Стереотиптердин заманбап адамдын жашоосуна терс таасирлерин тийгизгендиги тууралуу башка мисалдар дагы бар.

*Мисалы, Россияда эркектердин жашоосунун орточо узактыгы - 67,75 жаш курак, аялдардыкы - 77,82. Айырмачылык - 10 жаш. 2020-жылы Кыргызстанда аялдардын жашоосунун орточо узактыгы 76 жаш куракты, эркектердики - 68 жаш куракты түзгөн. Улуу Британияда болсо бул абдан эле аз – 4 жылга чукул.*
*«Гендердик чектөөлөр жана социалдык стереотиптер эркектердин дарыгерге өз убагында кайрылуусуна, жакындарына өзүнүн көйгөйлөрү жөнүндө айтуусуна тоскоолдуктарды жаратат, баарын ичинде сактоого мажбур кылат». Феминисттердин «патриархат баарын өлтүрүп жатат» деген негизги чакырыгы – дал мына ушул жөнүндө - деп тактап кетти Генрих Белл атындагы фонддун гендердик программасынын координатору Ирина Костерина. Мисал катары «кара мүртөз 90-жылдарды» эстеп көрүүгө болот. «Кыйын чапчырылган жаш жигиттин» образына шайкеш келүүнүн мүмкүн эместиги өмүр менен кош айтышуулардын өсүүсүнө алып келди. Көнүп калган адаттагы жашоо образы талкаланганда, көптөгөн эркектер үй-бүлөлөрүн бага албай калышты, өздөрүнүн патриархалдык ролдорун аткара албай калышты же өздөрүнүн жубайларынын экономикалык жактан көбүрөөк ийгиликтүү жүрүм-турумдары менен макул боло албай калышты. Тобокелчиликтүү жүрүм-турум, суициддер, ичкилик ичкен мас абалындагы мушташуулар – бул патриархалдык көз караштардын жана стереотиптердин түздөн-түз өзүн көрсөтүүсү.*[15]
*«Жапжаңы» мисалдардын ичинде кызыктуу изилдөөлөр дагы бар, ага ылайык пандемия эпохасында эркектер аялдарга караганда короновирустан орточо эсеп менен алганда эки эсеге бат көз жумушкан. Окумуштуулар вирустан эркектердин арасында өлүм эмнеге жогору экендигин аныктоону улантып жатышат. Бирок, себептеринин бири, жүрүм-турумдарындагы адаттар, стереотиптер болушу мүмкүн деп айтып жаткан изилдөөлөр дагы бар, мындай стереотиптерге ылайык, эркектер «алсыздыгын көрсөтпөөсү» зарыл жана анча деле маанилүү эмес көйгөйлөр боюнча дарыгерге кайрылбоого жана ден-соолугун профилактикалоо менен алектенбеши керек. Демек, Миддлсекск университетинин окумуштууларынын изилдөөсү эркектер коргоочу бет каптарды аялдарга караганда азыраак колдоно тургандыгын далилдеп турат, себеби бул коомчулук тарабынан алсыздыктын белгиси катары бааланышы мүмкүн».*[16]

Мына ошентип, стереотиптер коомдогу адамдардын жүрүм-турумдарына абдан олуттуу таасирлерин тийгизишет, коомдун өнүгүүсүнө ар түрдүү, анын ичинде өтө терс таасирлерин тийгизиши мүмкүн. Бирок, «жакшы жаңылыгы» стереотиптердин **кыймылдуулугу, алар** сырткы социалдык, экономикалык, маданий, саясий факторлордон улам, убакыт өткөн сайын **өзгөрүшү мүмкүн.** Эрежеге ылайык, бул болушунча узак процесс, бирок бул процессти калыптандырууда чечимдерди кабыл алуучу адамдар, саясатчылар, соттор, адвокатуранын, укук коргоо, прокуратура органдарынын кызматкерлери, билим берүү жана маданият системасынын, ММК

[15] «Сен эркексиң да»: гендердик стереотиптер адамдардын жардамга ээ болуу укуктарын кандайча бузушат, BBC подкаст, 16.06.2020. // Бул дарек боюнча жеткиликтүү: https://www.bbc.com/russian/features-53054030 Кайрылуу датасы 04.05.2022-ж.
[16] Изилдөө: короновирустан ким көбүрөөк көз жумат? Подкаст 19.02.2020. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://www.dw.com/ru/исследование-кто-чаще-всего-умирает-от-коронавируса/a-52434059 Кайрылуу датасы 04.05.2022-ж.

кызматкерлери, дин чөйрөсүнүн өкүлдөрү, коомдук жана жарандык уюмдар, жарандар иш алып баруулары зарыл.

**Гендердик күн тартиби эмне үчүн «аялдар» менен ассоциацияланат?** Аялдардын дагы эркектердики сыяктуу эле укуктары бузулат жана мындан улам, алар кыйналган сыяктуу эле кыйналышат, бирок аялдарга карата көптөгөн адам укуктарынын бузулушу, алардын жыныстык тиешелүүлүгү менен байланыштуу жана бул аялдардын күнүмдүк жашоо турмушунда орун алып келе жатат.

*Мисалы,* статистика боюнча дүйнө жүзүндө үй-бүлөлүк зомбулукка, сексуалдык зомбулукка 736 миллионго чукул аялдар кабылышат – же болбосо ар бир үчүнчү аял - жашоосунда интимдик өнөктөшү тарабынан дене бойлук же сексуалдык зомбулукка, же болбосо башка адам тарабынан сексуалдык зомбулукка кабылышкан, өкүнүчтүүсү акыркы он жылдыктын ичинде бул көрсөткүч дээрлик өзгөргөн эмес.[17]

Мына ошентип, дал ушул аялдарга карата басмырлоо дүйнөлүк масштабда орун алып жатат деп корутундулоого болот.

**Жыныстык белгиси боюнча басмырлоону** эң базалык деңгээлинде айрым бир жарандарга, алардын жыныстык айырмачылыгынын негизинде дифференцияланган мамиле катары аныктоого болот. «Дифференцияланган мамиле» көпчүлүк учурда башка бирөөгө оюн таңуулоо мүнөзүнө ээ жана гендердик стереотипке негизделген.

***Аялдарга карата басмырлоо** мындайча аныкталат: аялдардын үй-бүлөлүк абалынан көз карандысыз түрдө, алардын эркектер менен тең укуктуулугунун негизинде саясий, экономикалык, социалдык, маданий, жарандык же башка бардык чөйрөдөгү адам укуктарын жана эркиндиктерин колдонуусун таанууну жокко чыгаруу же кемсинтүү максаты же жыйынтыгы болгон жыныстык белгиси боюнча бардык айырмачылыктар, четтетүүлөр жана чектөөлөр.*

Бул аныктама аялдардын тең укуктуулугуна жана зомбулуктан эркин жашоо укугуна тиешелүү эл аралык стандарттардын негизин түзгөн, Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө Конвенциянын (АББЖК) 1-беренесинде келтирилген.[18] Эл аралык жана басмырлоого каршы Европалык мыйзамдарга ылайык, басмырлоонун бир нече формалары бар, алардын ичинен экөө: түз жана кыйыр.

АББЖК №28 Жалпы сунуштамага ылайык:[19]

---

[17] Бардык жерде орун алган тобокелдиктер: дүйнөдөгү ар бир үчүнчү аял зомбулукка кабылат. БДССУ биргелешкен пресс-релиз: Нью-Йорк, Женева, 09.03.2021. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://www.who.int/ru/news/item/09-03-2021-devastatingly-pervasive-1-in-3-women-globally-experience-violence

[18] Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрүн жок кылуу жөнүндө конвенция. Башкы Ассамблеянын 34/180 резолюциясы тарабынан 1979-жылдын 18-декабрында кабыл алынган. (мындан ары - АББЖК). КР 1996-жылы 25-январда КРнын Мыйзам чыгаруу жыйынынын токтомдору менен кошулган № 320-1 Т жана 1996-жылы 6-мартта КРнын Жогорку Кеңешинин Эл Өкүлдөрү жыйыны № 257-1 Т тарабынан кабыл алынган. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/cedaw.shtml Кайрылуу датасы 07.05.2022-ж.

[19] АББЖК, АББЖКнын 2-беренеси боюнча катышуучу-мамлекеттердин негизги милдеттенмелерине тиешелүү №28 Жалпы сунуштама: https://documents-dds-ny.un.org/doc/UNDOC/GEN/G10/472/62/PDF/G1047262.pdf?OpenElement Кайрылуу датасы 07.05.2022-ж.

Аялдарга карата **түз басмырлоо,** бул ачык түрдө жыныстык белгилерине жана гендердик айырмачылыктарына негизделген ар түрдүү мамилелерди билдирет.
Аялдарга карата **кыйыр басмырлоо,** эгерде мыйзамдар, мамлекеттик саясат, программа же тажрыйба аялдарга жана эркектерге карата нейтралдуу болуп, бирок иш тажрыйбасында аялдарга басмырлоочу таасирин тийгизсе, анда ал басмырлоо болуп эсептелет, себеби салттык түрдө орун алган, ички тең укуксуздук, сырткы нейтралдуу мыйзамдык же саясий чаралар аркылуу жоюлбайт, четтетилбейт.

Эсиңизден чыгарбашыңыз керек, басмырлоо, бир нече же бири-бири менен байланышкан белгилери боюнча болуусу мүмкүн. Майыптыгы бар аялдар, айрым бир этникалык топтордогу аялдар же болбосо аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөгү аялдар, жыныстык белгиси боюнча, ошондой эле этникалык тиешелүүлүгү, экономикалык абалы жана майыптыгы бар болуусу боюнча басмырлоонун көп түрүнө жана кайчылаш формаларына кабылуусу мүмкүн.
АББЖК №28 Жалпы сунуштама, аялдарга карата жыныстык белгисине жана гендердик тиешелүүлүгүнө негизделип жасалган зомбулук, башка факторлор менен үзүлтүксүз түрдө түздөн-түз байланыштуу экендигин караштырат. Алар – аялдарга таасирин тийгизген расасы, этникалык тиешелүүлүгү, дин жана көз караштары, ден- соолугу, макамы, жаш курагы, классы, кастасы, сексуалдык багыттуулугу жана гендердик иденттүүлүгү. АББЖК катышуучу-мамлекеттер басмырлоонун мындай кайчылаш формаларын жана алардын, аялдардын тиешелүү категорияларына жалпы терс таасирин тийгизерин юридикалык жактан таануусу керектигин жана аларга тыюу салуусу зарыл экендигин аныктайт. Мындан сырткары, аялдарга карата басмырлоонун жана аялдарга карата зомбулуктун ортосунда тыгыз байланыш бар экендигин баса белгилей кетүү зарыл.
Мына ошентип, биз, аялдар эркектерге караганда гендердик басмырлоого өтө чоң деңгээлде кабылып жатышканын көрүүдөбүз. Эл аралык макулдашуулардын катышуучулары тарабынан көрүлүп жаткан аракеттерге жана дүйнөнүн динамикалуу түрдө өзгөрүп жатканына карабастан, гендердик стереотиптердин коомдук пикирге кысым көрсөтүүсү көйгөйү, экономикалык, укуктук, коомдук жашоодогу гендердик тең укуксуздуктун деңгээли дагы жогору бойдон калууда жана гендердик басмырлоо дүйнөнүн көп өлкөлөрү үчүн активдүү болууда. Ошондой эле, бул, мамлекеттен жана коомдон муну чечүү үчүн көбүрөөк активдүү жана чын-ниеттеги аракеттердин жасалуусун талап кылат.

### 1.1.1. Эл аралык алкактар жана чет элдик тажрыйба

Бул окуу куралынын ушул бөлүмүндө гендердик көйгөйгө карата негизги эл аралык-укуктук документтерди жана концептуалдык ыкмаларды сунуштайбыз, бул эркектердин жана аялдардын никеге туруудагы ыктыярдуулугу укуктарын таануу эволюциясынан баштап, аялдардын укуктарын коргоону өзүнчө багыттагы күн тартиби катары бөлүү жана гендердик тең укуктуулуктун глобалдык концепциясына өтүүгө чейинки эволюцияны карап, саресеп салып чыгууга жол ачат.
*Адам укуктарынын жалпы декларациясы*[20] *(АЖД)* аялдар жана эркектер никеге ыктыярдуу түрдө, тараптардын эркин жана толук кандуу макулдугунун негизинде туруусу үчүн бирдей, тең укуктуу

[20] Адам укуктарынын жалпы декларациясы. БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан 1948-жылдын 10-декабрында 217 А (III) резолюциясында кабыл алынган. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/declhr.shtml Кайрылуу датасы 07.05.2022-ж.

укуктарды бекитти. *Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты*[21] *(ЖСУЭП),* бир дагы нике, никеге туруп жаткандардын эркин жана толук кандуу макулдугусуз түзүлбөшү керек деген ченемди бир тараптуу киргизген. *Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакты* (ЭСМЭП) [22] аялдардын жана эркектердин бардык экономикалык, социалдык жана маданий укуктарды тең укуктуу, бирдей деңгээлде колдонууларын камсыз кылуу керектиги жөнүндө айтат, ошондой эле энелердин жана балдардын укуктарына көңүл бурууга басым жасайт.

Гендердик тең укуктуулукка тиешелүү Эл аралык эмгек уюмунун (ЭЭУ) үч негизги конвенциясын белгилөө маанилүү:[23] Бирдей баалуулуктагы бирдей эмгек үчүн эркектерге жана аялдарга бирдей сый акы жөнүндө Конвенция 1951-ж. (№100); Эneликти сактоо жөнүндө Конвенция (кайра карап чыгуу) 1952-ж. (№103); Эмгек жана ишке орношуу чөйрөсүндөгү басмырлоо жөнүндө 1958-жылдагы Конвенция (№111).

**Аялдардын укугу адам укугу болуп эсептелет.** «Аялдардын укугу адам укугу» фразасы, 1980-жылдары популярдуулукка ээ болгон. Активисттер аны гендердик факторлорду камтыган эл аралык-укуктук ченемдерди колдонууга чакырган өз кампанияларында колдонушкан. Алгач бул фраза «милдеттендирет… себеби адам укуктары аныктамасы боюнча бардык адамдарга тиешелүү». [24] Бирок, жалпы адам укуктары, тарыхый жактан негизинен эркектердин жашоо тажрыйбасына таянып калыптанганын унутпашыбыз керек, ошондуктан мыйзамдын алдындагы аялдардын жана эркектердин тең укуктуулугун кепилдикке алган, басмырлоого каршы аракеттерге багытталган ченемдер, аялдардын жана кыздардын укуктарынын бузулуусу менен күрөшүүдө абдан натыйжалуу эмес экендигин көрсөттү. Аялдарга каршы багытталган кылмыштар жана жосундар, мисалы үй-бүлөлүк жана сексуалдык зомбулук, адам укуктары чөйрөсүндөгү

---

[21] Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пакты. Башкы Ассамблеянын 1966-жылдын 16-декабрындагы 2200 А (XXI) резолюциясында кабыл алынган. КР 1994-жылы 12-январда КРнын Жогорку Кеңешинин №1406-XII токтомунун негизинде кошулган. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml Кайрылуу датасы 07.05.2022-ж.

[22] Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө Эл аралык пакты. 1996-жылдын 16-декабрында Башкы Ассамблеянын 2200 А (XXI) резолюциясында кабыл алынган. КР 1994-жылы 12-январда КРнын Жогорку Кеңешинин токтому менен кошулган. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactecon.shtml Кайрылуу датасы 07.05.2022-ж.

[23] Эл аралык эмгек уюму (ЭЭУ) – БУУнун эмгек чөйрөсүндөгү суроолор боюнча адистешкен мекемеси. Ал эмгек чөйрөсүндөгү эл аралык эмгек ченемдерин белгилейт, эмгек чөйрөсүндөгү укуктарды камсыз кылууга көмөктөшөт, татыктуу ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө, эмгек чөйрөсүндөгү көйгөйлөр боюнча сүйлөшүүлөрдү өнүктүрүүгө жана социалдык коргоону бекемдөөгө жол ачат. ЭЭУ өкмөттөрдү жана жумуш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн, ошондой эле жумушчулардын өкүлдөрүн бириктирет. Кыргыз Республикасы (КР) ЭЭУ мүчө болуп 1992-жылдын 31-мартында кошулган. ЭЭУ кирип жатып Кыргызстан, КР көз карандысыздыкты алганга чейин мурунку СССР тарабынан ратификацияланган ЭЭУнун Конвенциялары КРнын аймагында күчүндө боюнча каларын бекиткен. ЭЭУ Эмгек чөйрөсүндөгү негизги принциптер жана укуктар жана аларды ишке ашыруунун механизмдери жөнүндө Декларацияда, ЭЭУнун бадык мүчө-мамлекеттери ал тургай алар эмгек чөйрөсүндөгү Конвенцияны ратификациялашпаса дагы ЭЭУга алардын мүчө болуу фактысы аркылуу келип чыккан милдеттенмеге ээ болушат, ага ылайык ЭЭУнун Конвенцияларын карап чыгуунун предмети болуп эсептелген негизги укуктарга тиешелүү принциптерди сакташат, колдонууга жана ишке ашырууга көмөк көрсөтүшөт. Кененирээк бул сайттан караңыз: https://www.ilo.org

[24] Цитатанын котормосу бул бөлүмдүн автору тарабынан берилди. Караңыз.: Charlesworth H. “Two steps forward, one step back? The field of women's human rights.” In European Human Rights Law Review. 2014.

«негизги» эл аралык ченемдерде жана стандарттарда жок болуп чыкты же болбосо аларда жеткиликтүү эмес деңгээлде чагылдырылган[25].

Дүйнө тынымсыз түрдө өзгөрүүдө жана аялдардын укуктары суроосун өзүнчө чөйрөгө бөлүү зарылдыгы пайда болду. БУУнун системасында бир гана аялдардын укуктары менен алектенген өзүнчө органдын түзүлүшү, адам укуктарынын эл аралык укукта аялдардын тажрыйбаларын эске алуу аркылуу күрөшүү чөйрөсүндөгү маанилүү окуялардын бири болуп калды, өзгөчө бул жабырлануучулардын жыныстык же гендердик тиешелүүлүгүнө негизделген адам укуктарынын бузулушуна байланыштуу маанилүү окуялардын бири болуп кала алды.

*АББЖК,* 1981-жылы күчүнө кирген, азыркы күнгө чейин аялдарды басмырлоонун ар түрдүү формаларын көбүрөөк толук камтыган эл аралык келишимди сунуштайт. 1990-жылдын ортосунда укук коргоо ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарына, аялдардын укуктары боюнча суроолорду кошууну караштырган жаңы стратегия сунуш кылынган. Жаңы стратегиянын урааны «Аялдардын укугу адам укугу» деген билдирүү болуп калган. Гендердик көйгөйдү актуализациялоо стратегиясы катары «гендердик тең укуктуулукту жайылтуу глобалдык стратегиясы» сунуш кылынган. АББЖК биринчи жолу, жогоруда белгиленип өткөн, аялдарга карата басмырлоо түшүнүгүн аныктаган.

*Пекин декларациясы жана Аракеттер платформасы,* 1995-жылы аялдардын абалы боюнча төртүнчү Бүткүл дүйнөлүк конференцияда кабыл алынган дагы бир маанилүү этап болуп калды. Бул эл аралык документтер, аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн жайылтууга, алардын коомдун бардык жашоо чөйрөсүндө, анын ичинде чечим кабыл алууга ар тараптуу жана бирдей тең укуктуу катышуусун, ошондой эле, бул процесске эркектердин дагы катышуусун камсыз кылууга чакырган[26].

1997-жылы бардык өлкөлөрдө, бардык деңгээлдерде жана коомдун жашоосунун бардык чөйрөлөрүндө гендердик тең укуктуулукту илгерилетүү процесси БУУнун Экономикалык жана социалдык кеңешинин (ЭКОСОС)[27] А/52/3 Резолюциясында өзүнүн универсалдуу аныктамасына ээ болду, анда «гендердик көйгөйдү эске алуу» боюнча мындай деп айтылат:

***«Гендердик көйгөйдү эске алуу - бардык пландаштырылган чаралардын, анын ичинде мыйзам, саясат же бардык деңгээлдерде жана бардык облустарда пландаштырылган чаралардын бардык аялдарга жана эркектерге тийгизген, пайда болгон зыяндарды баалоо процесси дегенди түшүндүрөт. Сөз, аялдар жана эркектер кабылган көйгөйлөрдү чечүүнү камтыган стратегия жөнүндө болуп жатат жана анда топтоштурулган тажрыйбалар саясий, экономикалык жана коомдук жашоонун бардык чөйрөлөрүндөгү саясатты жана программаларды иштеп чыгуу, ишке ашыруу, көзөмөлдөө жана баалоо процессиндеги ишмердүүлүктүн ажыратылгыс багыттарынын бири болуп калуусу керек, мунун негизинде аялдар жана эркектер мындай аракеттердин жемиши менен бирдей деңгээлде колдонууга жетишүүсү зарыл жана тең укуксуздукка орун жок болуусу керек. Жыйынтыктоочу максаты аялдардын жана эркектердин ортосундагы тең укуктуулукту камсыз кылуу болуп эсептелет».***

[25] Цитатанын котормосу бул бөлүмдүн автору тарабынан берилди. Караңыз.: “Women’s rights are human rights”.Research of the High Commissioner Office for Human Rights, 2014. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://www.ohchr.org/sites/default/files/Documents/Events/WHRD/WomenRightsAreHR.pdf

[26] Пекин декларациясы жана Аракеттер платформасы. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://www.un.org/ru/events/pastevents/women_conf_beijing_1995.shtml Кайрылуу датасы 07.05.2022-ж.

[27] 1997-жыл үчүн Экономикалык жана Социалдык Кеңешинин Баяндамасы. БУУнун Башкы Ассамблеясынын 52-Сессиясынын Расмий баяндамасы, A/52/3/Rev.1 Кийинки шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://undocs.org/ru/A/52/3/REV.1%28SUPP%29 Кайрылуу датасы 07.05.2022-ж.

Гендердик тең укуктуулук суроолору, 2015-жылы БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган *Туруктуу өнүктүрүү максаттарынын (ТӨМ)* [28] ажыратылгыс бир бөлүгү болуп калды, тактап айтканда 5-Максаттар *«Гендердик тең укуктуулукту камсыз кылуу жана бардык аялдардын жана кыздардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу»*. Бул максаттын алкагында, мамлекеттер аялдарга жана кыздарга карата басмырлоонун жана зомбулуктун бардык формаларын жоюу, зыяндуу тажрыйбалардын бардык түрүн жоюу, мисалы, балдар жана мажбурлоочу никелерди жоюу жана аялдардын жыныс органдарына талкалоочу операцияларды жасоону таптакыр жоюу, үй-чарбачылыгын алып баруу жана кам көрүү акы төлөнбөй жаткан эмгек экендигин таануу, сексуалдык жана репродуктивдик ден соолукту сактоо жана репродуктивдик укуктарды коргоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, ошондой эле саясий, экономикалык жана коомдук жашоодогу чечим кабыл алуунун бардык деңгээлдерине катышуу жана лидерлик үчүн тең укуктуу бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу сыяктуу негизги милдеттерди чечүү үчүн максималдуу аракеттерди көрүүгө милденттенген. Мындан сырткары, «*Туруктуу өнүгүүнүн кызыкчылыктарында тынчтыкты сүйгөн жана ачык коомду курууга, баары үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусун камсыз кылууга жана бардык деңгээлдерде натыйжалуу, отчеттуулукка ачык жана кеңири катышууга негизделген мекемелерди түзүүгө көмөктөшүү, жардамдашуу» деген* 16-максат, өлкөлөрдүн алдына сот адилеттигинин баары үчүн бирдей жеткиликтүү болуусун камсыз кылууну, ошондой эле балдарга карата зомбулуктун бардык формаларын жана балдарды сатууну, эксплуатациялоону, шылдыңдоо-мазактоолорду жоюуну, жок кылууну камсыз кылуу боюнча милдеттерди коёт. Акыры, бактыга жараша, гендердик тең укуктуулукту илгерилетүү суроолору башка Максаттарда дагы бекемделген, тактап айтканда жакырчылык менен күрөшүү, саламаттыкты сактоо, билим берүү жана экономикалык өнүгүү чөйрөлөрүн камтыган 1, 3, 4 жана 8-Максаттарда дагы каралган.


**Гендердик тең укуксуздукту өлчөө.** Гендердик тең укуксуздукту жана учурдагы көйгөйлөрдү баалоо боюнча маанилүү жана көрсөтмөлүү индикаторлордун бири, *Гендердик тең укуксуздуктун индекси болуп эсептелет (*1-сүрөт).

*Гендердик тең укуксуздуктун индекси* гендердик басмырлоонун индикаторлорунун жана өлчөөнүн кеңири спектрин эске алат жана камтыйт, ошондой эле коомдун жашоосунун ар башка чөйрөлөрүндөгү гендердик аспектилерди өлчөйт. Мисалы, Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун (БДССУ) көрсөткүчтөрү боюнча, аялдар эркектерге караганда репродуктивдик ден-соолук чөйрөсүндөгү муктаждыктарына байланыштуу көбүрөөк оорушат жана медициналык-санитардык кызмат көрсөтүүлөрдөн көбүрөөк пайдаланышат жана ушундан улам, медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүнүн чектелүү экендигинин, саламаттыкты сактоо системасынын баш аламан уюштурулгандыгынын азабын көп тартышат, өзгөчө куралдуу карама-каршылыктар болгон аймактарда көп азаптарды баштарынан кечиришет.[29]

---

[28] Биздин дүйнөнү кайра өзгөртүү: 2030-жылга чейинки мезгил аралыгында Туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү күн тартиби: БУУнун БА тарабынан кабыл алынган резолюция, 70/1, 25.09.2015-ж. A/RES/70/1. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://undocs.org/ru/A/RES/70/1 Кайрылуу датасы 07.05.2022-ж.

[29] Негизги фактылар. БДССУ, 2018-ж. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://www.who.int/ru/news-room/fact-sheets/detail/women-s-health Кайрылуу датасы 07.05.2022-ж.




Биз көрүп тургандай, Борбордук Азия өлкөлөрү КМШ өлкөлөрү сыяктуу эле 2012-жылга карата 0,30дөн 0,39 чейинки деңгээлдеги Индекс зонасында болушкан, бул болсо дүйнөлүк деңгээл менен салыштырганда орточо көрсөткүч болуп эсептелет. Ошондой эле, гендердик тең укуктуулуктун күн тартибин ишке ашырууга умтулуу көптөгөн БУУга мүчө өлкөлөр тарабынан эл аралык милдеттенмелерди жана ТӨМдү ишке ашыруунун алкагында жарыяланган стратегиялык милдеттери болуп эсептелет.

Ден-соолук үчүн курчап турган айлана-чөйрөнүн жана климаттын өзгөрүүсүнүн зыяндары дагы гендердик жактан нейтралдуу эмес. Аялдар жана кыздар булганган суу жана турак жайдын ичиндеги абанын булганышы сыяктуу тобокелчиликтүү экологиялык факторлордун алдында көбүрөөк аярлуу болуп саналышат. Аялдар жана кыздар үчүн күтүүсүз табият кырсыктар учурунда өлүмгө дуушар болуу тобокелчилиги жогору болот жана гуманитардык кризистер учурунда дагы өзгөчө аярлуу болушат.

Туруктуу өнүгүү жаатындагы глобалдык күн тартиби контекстинде, ар түрдүү чөйрөлөрдөгү гендердик көйгөйлөрдү эске алуунун көптөгөн ыкмалары бар. Алардын ичинен, сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгү чөйрөсү четте калбайт.

Гендердик стереотиптер жана салттарга негизделген эски көз караштар, патриархалдуу маданий салттар, гендердик зомбулук жана басмырлоо, экономикалык көз карандуулук, сабатсыздык, миграция жана башка көптөгөн факторлор, эркектер менен бирдей эле аялдарга сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусуна терс таасирин тийгизет. Ошондуктан, тоскоолдуктарды аныктоо жана аларды маалымдоо, механизмдерди киргизүү жана системалуу комплекстүү жардамды өнүктүрүү менен чогуу эле, маанилүү баштапкы этап бул мыйзам менен иштөө болуп саналат.

Мисалы, ЕККУ укуктук системага гендердик аспектилерди интеграциялоо процессиндеги борбордук звено катары *Мыйзамдагы комплекстүү гендердик мамиле* концепциясын сунуш кылууда.[30]

*Мыйзамдагы комплекстүү гендердик мамиле* деген негизги максат – эркектердин жана аялдардын ортосундагы тең укуктуулукка жетүү үчүн мыйзам процессинин бардык компоненттерине (иштеп чыгуу, колдонуу, мониторинг жүргүзүү жана баалоо) гендердик концепцияны кошуу дегенди билдирет. Өз кезегинде мындай тең укуктуулук, мыйзамдардагы

[30] Эркектердин жана аялдардын бакубаттуулугуна иштеген мыйзамдар. Мыйзамдагы гендердик көйгөйдү эске алуу боюнча окуу куралы.// ЕККУнун демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюросу, Варшава, 2017-ж. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://www.osce.org/ru/odihr/342566? download=true Кайрылуу датасы 07.05.2022-ж.

жана саясаттагы укуктардын жана мүмкүнчүлүктөрдүн тең укуктуулугу дегенди, ошондой эле аялдар жана эркектер үчүн жалпы эле коомдун, жамааттын жана үй-бүлөнүн деңгээлинде ресурстардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү дегенди түшүндүрөт.

Бул концепцияга ылайык эреже боюнча *Мыйзамдагы комплекстүү гендердик мамиле* бир нече этаптарды камтыйт.

*Биринчиден,* бул гендердик анализ, бул тиешелүү жөнгө салуу чөйрөсүндө эркектердин жана аялдардын муктаждыктарынын болжолдуу түрдөгү айырмасын ар тараптуу карап чыгууну өзүнө камтыйт. Ал эркектердин жана аялдардын жашоо шарттарындагы, алардын керектөөлөрүндөгү, иш менен камсыз болуу деңгээлиндеги, ресурстардын жеткиликтүүлүгүндөгү жана өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүндөгү, активдерин көзөмөлдөөдөгү жана чечим кабыл алуудагы гендердик тең укуксуздуктун пайда болуусуна шарт түзгөн факторлорду аныктоого максатталган.

*Экинчиден*, бул аялдар жана эркектер үчүн кабыл алынган мыйзамдарды кабыл алуунун болжолдуу зыяндарына анализ жүргүзүү, анын ичинде биринчи этапта гендердик анализ жүргүзүүнүн алкагында аныкталган факторлордун контекстин дагы бир жолу эске алуу менен мыйзамдарды кабыл алуунун болжолдуу зыяндарына анализ жүргүзүү.

*Үчүнчүдөн,* эгерде учурда иштеп жаткан ченем жаратуу тажрыйбасы жол берсе, бул кабыл алынып жаткан мыйзамдарга гендердик жактан багытталган чараларды, концепцияларды жана аспектилерди камтуу болуп эсептелет. Төртүнчүдөн, мыйзам тарабынан коюлган максаттарга жетишүүгө үзгүлтүксүз негизде көзөмөл жүргүзүүгө жол ачкан гендердик индикаторлорду иштеп чыгуу жана ишке киргизүү.

Муну менен катар эле, *Мыйзамдагы комплекстүү гендердик мамиле* концепциясы, гендердик тең укуктуулукту эки жыныстын өкүлүнүн мыйзам алдындагы тең укуктуулугу катары түшүнүүдөн көбүрөөк алысыраак. Ал, анын максаттарына жетүүдөгү аялдардын жана эркектердин ролдоруна бирдей мамиле жасайт, бирок милдеттүү түрдө гендердик жактан нейтралдуу эмес болуп саналат. Дал ушул аялдардын жана эркектердин ортосундагы муктаждыктардын айырмачылыгы анын негизин түзөт. Мындан сырткары, бул концепция гендердик тең салмактуулук түшүнүгүнө карата көбүрөөк прогрессивдүү көз караш менен айырмаланат, ишке орношуунун тигил же бул чөйрөлөрүндө аялдардын жана эркектердин санынын тең салмактуу болушу сыяктуу салттык түшүнүктөн чыгып, көйгөйдүн – *коомдук процесстерге активдүү катышуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн балансы сыяктуу* мазмунун түшүнүүгө өткөндүгү менен айырмаланып турат. Мына ошентип бул концепция коомдук мамилелерди, аялдардын жана эркектердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоону жөнгө салууга бирдиктүү стандарттык мамилени колдонгон мыйзамдарды кабыл алууга милдеттүү түрдө кепилдик бербейт.

ТӨМдүн 5-Максаттары көрсөтүп тургандай, бардык деңгээлдердеги бюджеттерди калыптандыруу учурунда гендердик көйгөйдү эске алуу негизги мааниге ээ болуп саналат. Чындыгында, мамлекеттик каржыны башкаруу каражаттары сыяктуу эле, тиешелүү *гендердик сезимталдуулукка багытталган* гендердик саясатты, стратегияны жана программаларды *бюджети жок* натыйжалуу ишке ашыруу мүмкүн эмес. ЕККУ гендердик бюджеттин чыгымдык жана кирешелик бөлүгүн пландаштырууда ар түрдүү социалдык топтордун өкүлдөрүнүн (жынысына, жаш курагына, расасына, этникалык тиешелүүлүгүнө, мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелүүлүгүнө жана жашаган дарегине ылайык) муктаждыктарын жана кызыкчылыктарын эске алган бюджетти түзүү деп мүнөздөйт. [31] Ал бюджеттик пландаштыруунун ачыктыгын жана отчеттуулугун жогорулатуу механизмин ишке киргизүүгө, эркектерге жана аялдарга карата

[31] Ошол жерде.

мамлекеттик сарптоолордун тийгизген таасирлерине баа берүүгө, гендердик теңсиздикти азайтууга жана гендердик теңсиздиктен улам келип чыккан конкреттүү көйгөйлөрдү чечүүгө жол ачат, мисалы, медициналык жардамдын же билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жол ачат.

Бирок, бул чөйрөдө олуттуу *тоскоолдуктар* бар. Гендердик сезимталдуулукка багытталган бюджеттердин шарттарынын бири, аялдардын жана эркектердин абалын чагылдырган статистикалык көрсөткүчтөрдү идентификациялоо, топтоо, жолго коюу жана жайылтуу үчүн зарыл гендердик статистиканын бар экендиги болуп саналат. Гендердик көрсөткүчтөрдөгү учурдагы мүчүлүштүктөр жана тенденциялар жөнүндө көрсөткүчтөрдүн жок болушу, дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндөгү аялдар жана эркектер үчүн прогресске мониторинг жүргүзүүнү татаалдаштырат. Эгерде, жыныстык айырмачылык, улуттук статистикалык стратегияларда эске алынса жана көрсөткүчтөрдү чогултууда артыкчылыктуу мааниге ээ болсо, анда гендердик көрсөткүчтөрдөгү дефицит сакталат. Айрым бир баалоолор боюнча, Европада жана Түндүк Америкада мындай көрсөткүчтөрдүн болушу 29,2% түзөт, ал эми тенденциялар жөнүндө көрсөткүчтөрдүн жеткиликтүүлүгү (көрсөткүчтө сыяктуу эле, минималдуу дегенде убакыттын эки бөлүгү боюнча) андан дагы төмөн – 18,5%.[32]

Мына ошентип, гендердик тең укуктуулук суроолоруна карата, эл аралык актылардын жана ыкмалардын олуттуу эволюциясына көз салууга болот. Алар никеге туруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү аныктоодон баштап, аялдарга карата зомбулук суроосун так аныктоого чейинки эволюцияга көз салуу, басмырлоонун формаларын, кырдаалды өзгөртүү жана жыйынтыктарды өлчөө боюнча глобалдык стратегияларды иштеп чыгууну так аныктоого чейинки эволюцияга көз салуу, анын ичинде коомдун жашоосунун бардык чөйрөсүнө тиешелүү баарын кучагына алган процессти – гендердик көйгөйдү эске алуу эволюциясына көз салуу болуп саналат. Ошол эле учурда, туруктуу өнүгүүнүн маанилүү элементтерин илгерилетүүгө жол ачкан көрсөткүчтөрдүн, концепциялардын, усулдардын, анализ жасоо инструменттеринин жана «жол картасынын» маанилүү массиви чогулган. Заманбап демократиялык коомдун борбордук звеносу катары сот адилеттиги чөйрөсү эң алдыңкы нормативдерди, ыкмаларды жана анализдөө усулдарын колдонууга муктаж болууда. Адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык ченемдерде караштырылган тең укуктуулуктун негизги түшүнүктөрүн жана гендердик факторлорду эске албай туруп, сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүнө толук кандуу жетишүү мүмкүн эмес.

### 1.1.2. Улуттук алкактар: тарыхый-маданий контекст жана учурдагы абал

Кыргыз элинин тарыхындагы жана маданиятындагы гендердик чен өлчөм өзүнүн уникалдуу жана кайталангыс оймо-чиймелерине ээ. Аялдын тарыхый ролу *байыркы түрк көчмөн цивилизациясы* доорунда так чиймеленип түшүрүлгөн, ага ылайык аял жогору жана татыктуу бааланат, анын кеменгерлиги, улуулугу, иш билгичтиги жана эрдиги романтикалаштырылган.

Кыргыз эли эзелтеден бери өзгөчө сыйлаган жарык мифологиялык образдардын бири Умай эне болуп эсептелет, ал аялзатынын жердеги башталышы жана балага өмүр тартуулоонун, көбөйүүнүн элеси катары кабыл алынат.

Элдик эс тутум эр жүрөк, кайраттуу, сакс ханышасы Томиристин (Тумар) атын бизге чейин жеткирди. Элдик оозеки чыгармачылыктын кенчине бай, кыргыз элинин жашоосунун

---

[32] Убада берүүдөн аракеттерге өтүү. Гендердик зомбулук 2030-жылга чейинки мезгил аралыгындагы туруктуу өнүгүүнүн күн тартибинде. БУУнун Аялдар түзүмү. Кийинки даректер боюнча жеткиликтүү: https://www.unwomen.org/-/media/headquarters/attachments/sections/library/publications/2018/sdg-report-fact-sheet-europeand-northern-america-ru.pdf?la=en&vs=746 Кайрылуу датасы 07.05.2022-ж.

энциклопедиясы – «Манас» эпосунда, элдин аялга карата мамилеси кенен чагылдырылган. Манастын доорунда кыргыз аялдары эркектер менен бирдей эмгектенишет, күйөөсүнө бардык тарабынан жардам беришет, коомдун жашоосуна активдүү катышышат, анда көрүнүктүү орунду ээлешет. Эненин аты ыйык. Энесинен баш тартуу, элинин баарына чыккынчылык кылуу менен барабар. Дал ошондуктан эпосто эненин атын, элдин атына окшоштурушат. Эпостун каармандары - Каныкей, Чыйырды, Айчүрөк, Кыз Сайкал - эр жүрөк, акылдуу, көрөгөч, терең адамкерчиликтүү. Эпостун жаратуучулары баатыр көп учурда – өмүрлүк жарынын салымы менен баатыр деп эсептешкен. Каныкей: «Падышанын ким болору – аялдан көз каранды» деп жөн жерден айткан эмес. Көчмөн жашоо образынын артынан кыргыз аялзаты, өз алдынчалуулуктун абдан көп үлүшүнө ээ болгон. Аялга милдеттердин айрым бир айлампасы жүктөлчү, аны ишке ашыруу ага бир топ деңгээлдеги эркиндик берүү зарылдыгы менен байланыштуу болчу. Аял – бул бир гана эне, аял, эже-карындаш, кыз эмес, ошондой эле ал үй-бүлөнүн очогунун, салттын сактоочусу жана коомдо маанилүү роль ойногон эркиндикти сүйгөн элдин белгиси.[33]

Кыргыздар байыртадан эле аялдарды урматташкан жана сыйлашкан. Бул тууралуу макал-лакаптар далилдеп турушат «Кыздын кырк чачы улуу», «Ургаачынын заты улуу» ж.б.

Кыргыз этносунун калыптануусунун тарыхый жолун белгилеп кетүү маанилүү, анда ар кыл маданияттар, көз караштар жана ишенимдер бири-бирине сиңишип калган. Өзүнө Улуу Жибек Жолунун боёкторун сиңирген, Асман менен Жердин образын ачык чагылдырган «Хан-Тенгри», зороастризм, «Умай Эненин» образы. Кийинчирээк исламды кабыл алуу менен, бирок ар кыл уруулар баары бирдей кабыл албагандыктан эл исламга чейинки ишенимдерин көпкө чейин сактаган. Бул белгилүү феномен кыргыз аялынын архетибине дагы өз изин калтырган.

Кокон Хандыгы бийлик жүргүзгөн мезгил жана исламдын аялдын ролуна тийгизген таасири, коомдун ага карата мамилеси, аялдын өзүн өнүктүрүү жана коомдо көбүрөөк маанилүү ролун көрсөтүү мүмкүнчүлүктөрүн кайсы бир деңгээлде чектөөгө трансформациялаган. Муну менен чогуу эле, заманбап Кыргызстандын аймагында исламдын активдүү өнүгүү мезгили, көп маданияттуу кыргыз этносунун уникалдуулугу жана көчмөн жашоодогу аялдын тарыхый ролу дүйнөгө *мусулман дүйнөсүнүн Алай Ханышасын* – Курманжан Датканы жаратты, ал өтөлгөлүү урмат сыйга татыктуу болгон жана кыргыздардын коомдук турмушунда чечүүчү тарыхый-саясий ролду ойногон. Бул факты кыргыз элинин маданиятында гендердик мамиленин бар болгондугун тастыктап турат.

Албетте, аталган мезгил аралыгындагы аялдын коомдогу ролун идеалдаштырып кереги жок, себеби ал кезде аялдар баш ийген, аярлуу абалда болушкан. Балдардын аралыгы жакын төрөлүүсү жана материалдык кыйынчылыктар убактысынан эрте картаюуга жана аялдардын өлүмүнүн жогору болуусуна алып келген. Үй-бүлөлүк мамилелерде аял баш ийген абалда болгон, ал экономикалык жактан дайыма күйөөсүнөн көз каранды болчу. Буга кошумча орто жана бай жашаган катмарларда көп аялдуулук бар болчу, бул беделди көтөрүүнүн белгиси катары жана материалдык абалды жогорулатуунун каражаты катары кабыл алынчу. Кеңири тараган басмырлоочу салт левират боюнча никелешүү бар эле.[34] Буга карабастан, мурункудай эле кыргыз

---

[33] Бектурганова К.А. Кыргызстандын социалдык-экономикалык жана маданий жашоосундагы аялдын тарыхый ролу (XX кылым). Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изилдөөчүсүнүн дисс. автореф., КРСУ, кафедра «Тарых жана культурология», 2009-ж. 9-бет.

[34] **Левира́т** (лат. тил.*levir* — «кайын ини», «күйөөсүнүн агасы»), **чогуу жашоо**[1], **амангерлик** ( каз. тил.*амангерлік, әмеңгерлік*) — никелик салт, патрирархалдык-уруулук түзүлүш стадиясындагы көптөгөн элдерге тиешелүү, ага ылайык жесир аял экинчи никеге өлгөн күйөөсүнүн жакынкы туугандары менен гана турууга милдеттүү болчу же ушундай укукка ээ болчу, эң биринчи кезекте анын эркек бир туугандары менен. Айрым элдердин түшүнүгүндө

элинде үй-бүлөлүк каада-салттар жана адаттар боюнча өзгөчө орун энеге берилчү. Эненин Макамы социалдык трансформациялардан көз карандысыз түрдө бардык учурда эң жогорку бойдон сакталган. Бирок, жалпылаштырып айтсак, XIX аягында аял укуксуз абалда болгон, же болбосо жеке жашоосунун бардык чөйрөсү толугу менен чектелген жана диний жана кадимки укуктун ченемдерине салынып калган.

Кыргызстандык заманбап аялдын калыптануусунун маанилүү этабы *Совет бийлиги* мезгил аралыгы менен байланыштуу. 1917-жылдагы Октябрь революциясы коомдогу терең социалдык-экономикалык жана маданий кайра түзүлүүлөр башталган башат болуп калган. Кыргызстандык аял үчүн баштан аяк өзгөрткүч, бул коомдогу анын макамын өзгөртүү боюнча советтик эксперимент болгон: Совет бийлигинин биринчи мыйзам актылары жана атайын декреттери аялдын коомдогу жана үй-бүлөдөгү бирдей, тең укуктарын мыйзамдаштырган. Совет бийлигинин аялдарга азаттык берүү боюнча декреттери 1919-1920-жж. партиялык комитеттердин алдында түзүлгөн аялдар бөлүмдөрү аркылуу ишке ашырылган.[35]

Советтик мезгил чындыгында эле аялдарды коомдук, өндүрүштүк, маданий жашоого тартууда суурулуп чыккан алдыңкы процесс болгон. 1935-жылы республиканын 17 районунда 19 аял болгон - сельсоветтердин төрайымдары, 47 – сельсоветтердин төрайымдарынын орун басарлары, 53 – колхоздордун өкүлдөрү. Жумушчу класстын курамындагы аялдардын саны дагы ылдам темп менен өскөн. 1940-жылы республиканын эл чарбачылыгында 53 миңге чукул аял иштеген, бул болсо жумушчулардын жалпы санынын 32% түзгөн.  Аялдардын билим берүүдөгү, маданияттагы жана исскуСтводогу ролу маанилүү деңгээлде өскөн жана «гүлдөгөн».

Коомдук жана саясий жашоодо аял мамлекеттик башкаруунун ар түрдүү органдарына шайлоо жана шайлануу укугун алган. Анын эмектенүү, билим алуу жана жерди колдонуу укуктары таанылган. Калыңды жоюу жана никеге туруу курагын жогорулатуу, көп аял алууга жана күйөөгө мажбурлап берүүгө тыюу салуу Мыйзамдары патриархалдык-феодалдык мамилелердин кылымдар бою калыптанып калган эскичилдикке олуттуу сокку урган. Аялдар коомдук өндүрүшкө, өлкөнүн маданий жашоосуна, айылдык жана шаардык Кеңештердин иштерине активдүү аралашышкан.[36]

Кыргызстандык аялдын ролун маанилүү деңгээлде өзгөрткөн жана күчтөндүргөн кезектеги маанилүү этап, *Улуу Ата Мекендик согуш мезгили* болуп эсептелет. Согуштун биринчи күндөрүнөн баштап аялдар «эркектердин» кесиптерин өздөрүн мажбурлашса дагы өздөштүрүшүп, өндүрүштөгү жана айыл чарбачылыгындагы негизги эмгек резервине айланышкандыгы далилденген. Фронтко 1395 аял кеткен, алар учкуч, снайперчи, пулеметчу, партизандык отряддардагы жана душман тылындагы радист болуп эмгектенишкен. Улуу Ата Мекендик согуш өлкөнүн коомдук жашоосундагы аялдардын ролун түп тамырынан бери өзгөрттү. Аялдарды коомдук өндүрүшкө массалык түрдө тартуу боюнча кайталангыс процесс болуп өттү, бул болсо кылымдап калыптанган аялдын орду жөнүндөгү стереотиптердин өзгөрүүсүнө алып келди. Эгер, 1941-жылдын 1-октябрына карата республиканын өндүрүшүндө 12.6 аял жумуш

---

левират өлгөн адамын тукумун жакынкы туугандары тарабынан  улантылышы катары каралчу. Левираттын ар түрдүү варианттарында жесирдин, ошондой эле анын потенциалдуу күйөөсүнүн укуктары жана милдеттери же күчөтүлгөн же болбосо азайтылган.  //Википедиянын материалы —  эркин энциклопедиядан. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://ru.wikipedia.org/wiki/Левират  кайрылуу датасы: 10.05.2022

[35] Бектурганова К.А. Аталган баяндама. 11-бет.

[36] Кыргызстандын алдыңкы аялдары, Аялдарга жардам берүү борборунун басылмасы. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: http://wsc.kg/vydayushhiesya-zhenshhiny-istorii-kyrgyzst/ Кайрылуу датасы  09.05.2022-ж.

менен камсыз болсо, анда 1944-жылдын 1-январына карата 22.3 тыс. (58.2%) аял иш менен камсыз болгон. Аялдар иштебеген бир дагы ишкана болгон эмес.

Совет бийлигинин жылдарында аялдын макамын өзгөртүү боюнча дүйнөлүк тажрыйбада кайталангыс эксперимент ишке ашырылган. Ал масштабы, ишке ашыруу ылдамдыгы жана идеологиялык көз караштары, ошондой эле тийгизген таасиринин узак мөөнөттүүлүгү боюнча абдан керемет болуп саналат. Эмгекчилердин аң сезиминде толук өзгөрүү жүрүп өттү, күнүмдүк-тиричиликке жана үй-бүлөгө, элдердин маданиятына терең өзгөртүүлөр киргизилди. Квота системасынын ишке киргизилиши, мамлекетти жана экономиканы башкаруу жаатындагы жетектөөчү жогорку кызматтардын үчүнчү бөлүгүн аялдар менен толуктады.

Бирок, совет бийлиги жалпысынан үй-бүлөдөгү укуктардын жана милдеттердин кылымдар бою калыптанып калган салттык мүнөздө бөлүштүрүлүүсүн өзгөртө албагандыгын документтер далилдеп турат. Иш жүзүндө болсо аялдарды «эксплуатациялоо» дагы бир чен өлчөмдү пайда кылды: үй-бүлөдөгү «эксплуатациялоого» өндүрүштөгү жана коомдук жумуштагы «эксплуатациялоо» кошулду. Ошондуктан, мурункуну идеалдаштыруу жаңылыштык, чаташтыруу болмок. Аялдардын ар түрдүү мейкиндиктердеги – улуттук, кесипкөйлүк, аймактык, аялдардын ден соолугун сактоо көйгөйүндөгү, энеликти жана балалыкты коргоодогу тең укуксуздуктарынын боёктору жашоодогу реалдуулук боюнча калуусун уланта берген.

Кийинки тарыхый окуя, *1991-2006-жылдардагы көз карандысыз Кыргызстандын пайдубалынын түптөлүшү жана рынок экономикасына өтүү* болуп калды. Көз карандысыздыкка ээ болуу, демократиялык башкаруу курсу жана рынок экономикасына өтүү бир гана жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзүшпөстөн, ошондой эле гендердик тең укуктуулукка жетишүү жолундагы тоскоолдуктарды дагы жаратты. Командалык катуу борборлоштурулган пландык жолдон рынок экономикасына карай жол, советтик тең салмактуулук жана социалдык жактан корголгон принциптердин негизинде тарбияланган калктын көпчүлүк бөлүгү үчүн абдан эле оор болду. Рыноктук кайра куруунун абдан курч социалдык залакасы жумушсуздук болду, ага ылайык 2002-жылы аялдардын жумушсуздугунун деңгээли 14,3%, ал эми эркектердики 11,2%, түзсө, аялдардыни жумушсуздугунун көбүрөөк жогорку деңгээли шаарларда (21,4%) түзгөн.

Белгилей кетчү нерсе, «алып-сатуу» бизнесинде иштегендердин 70% аялдар түзгөн. Бир жагынан, ишкердик менен алектенүү тажрыйбасы аялдарды өзүнө ишене билүүгө, турмуш-тиричиликтик жана материалдык шарттарын жакшыртууга, сүйлөшүү чегин кеңейтүүгө үйрөткөн, ал эми экинчи жагынан болсо – аялдар үчүн алып сатуу бизнесинин эң терс зыяндары болуп ден-соолуктарынын начарлашы жана үй-бүлөсүнө, үйүнө көңүл буруу, эс алуу үчүн убакыттын дээрлик жоктугу болуп эсептелген. Муну менен катар эле, кайра куруу жана активдүү «алып-сатуу» мезгили үй-бүлөдөгү аялдар менен эркектердин ролдоруна карата стереотиптер аялдарга дагы, эркектерге дагы олуттуу таасирин тийгизүүсүнө алып келген. Экономикалык кайра куруунун абдан жүрөк өйүтөөрлүк процесстеринин бири менчиктештирүү болуп калды, ал бир гана улуттун эмес, жалпы эле коомдун социалдык жана руханий тиричилигин түп тамырынан бери өзгөрттү. Аялдардын менчиктештирүү процессине катышуу көйгөйү бир гана экономикалык эмес, ошондой эле саясий дагы көйгөй болуп калды. Аял таасирдүү социалдык күч катары бул маанилүү процесстин четинде калды жана муну бийликтин жергиликтүү жана жогорку эшелонунда тургандар ушул күнгө чейин түшүнбөй келишүүдө.[37]

КРнын көз карандысыздык мезгилинде *аялдарга каршы зомбулук* сыяктуу көйгөйлөрдүн масштабы аныкталууда. Аялдарды басмырлаган «кыз уурдоо» сыяктуу тажрыйбалар пайда болуп

[37] Бектурганова К.А. Аталган б. 16-бет.

жана барган сайын жайылып бара жатат. Дин, коомдун адепсиздигинин өсүүсүнөн куткаруучу жалгыз чара катары, ошондой эле улуттук маданияттын жана салттардын башатына кайрылып баруунун дагы жалгыз жолу катары кабыл алынып калды. Патриархалдык жана ислам салттарынын кайра жаралуусу катары кабыл алынган эскинин идеалдарына кайтуу, көп учурда аялдын коомдогу макамынын төмөндөөсүнө алып келет. Бирок белгилей кетчү зарыл нерсе, кыргыз элинин тарыхы дагы, салттары дагы, исламдын талаптары дагы эч качан аялдарга басмырлоочу мамиле жасаган эмес, тескеринче аялга карата урмат сыйлуу мамилени жана анын коомдогу ролунун жогору экендигин өжөрлүк менен баса белгилешкен.

Ошондой эле, социалдык-экономикалык кайра түзүлүүлөр, аялдын коомдогу абалын кескин түрдө өзгөртөт, себеби рынок мамилелери жаңы социалдык катмарды, тактап айтсак дал ушу аял ишкерлерди калыптандырат. Аялдар Кыргызстандын экономикасынын кайра түзүлүшүнө барган сайын активдүү катышып жатышат, эмгек активдүүлүгүнүн формаларын өзгөртүшүүдө, өздөрүн ийгиликтүү лидерлер жана ишенимдүү өнөктөштөр катары көрсөтүшүүдө.

Аялдар кыймылдарынын бир гана Кыргызстанда эмес, ошондой эле жалпы дүйнө жүзүндөгү жаркырап пайда болуу көрүнүшү катары бейөкмөт уюмдардын ишмердүүлүктөрү дагы активдүү өсүүдө. Аларды эл аралык коомчулук активдүү колдоого алууда. Аялдардын укуктары үчүн күрөшүүнүн, жарандык секторда демократиялык баалуулуктар үчүн күрөшүүнүн катарында артыкчылыктуу түрдө аялдар турушат. Ар түрдүү бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрүнөн, жарандык коомдон жана активисттерден турган аялдар кыймылдары активдүү өсүүдө жана чыңдалууда. Алар барган сайын чечимдерди талкуулоо процесстерине активдүү аралашып, бийлик түзүмдөрү менен бирге аракеттенишип, чечим кабыл алуу процесстерине таасир эте башташты.[38]

Бирок, КРда *аялдар жана гендердик суроолорго карата мурунку түшүнүктү өзгөртүп түшүнүү жана өнүгүү кайсы* бир деңгээлде 1995-жылдан - Аялдардын бүткүл дүйнөлүк IV конференциясына, аялдардын делегациясынын катышуусунан башталган. КРнын Жогорку Кеңеши аялдардын укуктары боюнча БУУнун төрт Конвенциясын ратификациялаган. 1996-жыл Кыргызстанда Аялдар жылы деп жарыяланган. Ошол эле жылы, КРнын Өкмөтүнүн алдындагы Үй-бүлө, аялдар жана жаштар иштери боюнча Мамлекеттик комиссия түзүлгөн, КРнын Парламентинин эки палатасында тең Үй-бүлө жана балдар иштери боюнча Комиссиялар түзүлгөн. Аялдардын абалдарын жакшыртуу боюнча «Аялзат» улуттук программасы иштелип чыккан (1996-2000-жж.). Бардык аймактарда ушул жана башка программаларды ишке ашыруу боюнча Аялдар демилгелери борборлору түзүлгөн.

Гендердик саясатты илгерилетүү процессинин жетишкендиктеринин бири, КРнын 1999-жылдын 29-майындагы №39 «Кыргыз Республикасындагы шайлоолор жөнүндө» Кодексине (учурда күчүн жоготкон) [39] партиялык тизме боюнча ат салышкан талапкерлерге карата квоталаштыруу механизми болуп эсептелет. Бул механизмдин маңызы, саясий партияны бир жыныстын өкүлчүлүгү 70% ашык болбошун караштырууга милдеттендиргендигинде эле. Жаңы эрежелер боюнча шайлоолор 2007-жылдын декабрь айында болуп өткөн. Жыйынтыгында Парламенттеги аялдардын саны 0% ден 25% чейин өскөн.

Гендердик уюмдардын, гендердик тең укуктуулукка жетишүү боюнча мамлекеттик саясаттын активдүү жана алдыга умтулган позицияларынан улам, Кыргызстандагы гендердик күн тартибине тиешелүү ченемдик-укуктук база жетишерлик түрдө кенен.

[38] Кыргызстандагы аялдар кыймылынын тарыхы, Аялдарга жардам берүү борборунун басылмасы. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: http://wsc.kg/istoriya-zhenskogo-dvizheniya-v-kyrgyzst/ Кайрылуу датасы 07.05.2022-ж.

[39] КРнын Конституциялык Мыйзамына ылайык күчүн жоготкон, 2-июль, 2011-ж., №68.

Кыргызстандын адам укуктары боюнча 30дан ашык эл аралык келишимдерди биринин артынан бирин ырааттуу түрдө ратификациялоосу, мамлекеттин жана жарандык коомдун адам укугунун, гендердик теӊ укуктуулуктун концепциясын кенен жана маанилүү деӊгээлде түшүнүүсүнө, бул укуктар «укукту туу тутуу» принциби, негизги адамзаттык баалуулуктар менен үзгүлтүксүз түрдө байланыштуу экендигин таануусуна алып келди. Кыргызстан Пекин аракеттер платформасы боюнча өзүнүн милдеттерин аткарып жаткан он өлкөнүн арасында биринчилерден болуп эсептелет. 2002-жылы Кыргызстан АББЖК Факультативдик протоколуна кошулган.[40]

КРнын Конституциясынын 6-беренесинин 3-бөлүгүндө [41] «Эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдер Кыргыз Республикасынын укук тутумунун курамдык бөлүгү болуп саналат» деп караштырылган.

Аялдардын бирдей укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүнүн таанылышы биринчи жолу КРнын 1993-ж. Конституциясында чагылдырылган (2006-жылдагы ред.) жана анын кийинки редакцияларында, ошондой эле КРнын 2010, 2021-ж. Конституцияларында дагы сакталган. Мындан сырткары, КРнын учурда күчүндө турган Конституциясында гендердик теӊ укуктуулук жана басмырлабоо принциби бекитилген (24-бер.):

**24-берене.**

Кыргыз Республикасы өз аймагынын чегинде жана өзүнүн юрисдикциясында турган бардык адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылат.

Эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этностук таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча басмырланышы мүмкүн эмес.

асмырлоого жол берген адамдар мыйзамга ылайык жоопкерчилик тартат.

Эл аралык милдеттенмелерге ылайык ар кандай социалдык топтор үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга багытталган жана мыйзамда белгиленген атайын чаралар басмырлоо болуп саналбайт.

2. Кыргыз Республикасында мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей.

3. Кыргыз Республикасында эркектер жана аялдар бирдей укуктарга жана эркиндиктерге, аларды ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ.

КРнын Жогорку Кеӊешти гендердик теӊ укуктуулукту камсыз кылуу үчүн төмөндөгү Мыйзамдарды кабыл алышты: “Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө”, “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө”, “Жарандардын репродуктивдик укуктары жана аларды ишке ашыруудагы кепилдиктери жөнүндө”. Мыйзамда “нике жана үй-бүлө” институтун коргоого багытталган чаралардын комплекси кеӊейтилген, тактап айтканда никеге туруунун шарттары так белгиленген:

[40] КР АББЖК Факультативдик протоколуна Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен кошулган, 23-апрель, 2002-жыл, № 72.

[41] Кыргыз Республикасынын Референдумдун негизинде кабыл алынган Конституциясы (жалпы элдик добуш берүү менен), 11-апрель, 2021 –жыл,, КРнын Мыйзамы менен күчүнө кирген, 5-май, 2021-жыл №59. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112213?cl=ru-ru

никеге туруу жаш курагына жетүү, жарандардын эки тараптуу ыктыярдуу түрдөгү макулдугунун болушу жана никенин мамлекет тарабынан милдеттүү түрдө катталышы.

Мыйзамдарды гендердик экспертизадан өткөрүү парламент тарабынан 2008-жылы институционалдашкан. Эсептөө палатасы, Жогорку сот, Улуттук банк жана Борбордук шайлоо комиссиясы сыяктуу мамлекеттик мекемелердин ишмердүүлүктөрүн жөнгө салган бир катар мыйзамдарга гендердик квоталар киргизилген. Гендердик квоталар ошондой эле  шайлоолор жөнүндө мыйзамдарга дагы киргизилген (2007, 2011, 2016, 2021-жж.). гендердик квоталарды белгилөө жана бекитүү боюнча алдыга суурулуп чыккан ченемдердин бири  2011-жылдын 2 –июлундагы №68 “КРнын Президентинин жана КРнын Жогорку Кеңешинин шайлоолору жөнүндө” Мыйзамынын ченеми болуп калды, ага ылайык парламентте аял-депутат кеткенден кийин  анын ордуна аял келет, эркектин ордуна эркек келет (65-бер.4-1,3-б.).[42] Ошондой эле, КРнын 2011-жылдын 14-июлундагы Мыйзамында №98 “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Мыйзамында аялдар үчүн 30% резервдөө караштырылган, бул аялдардын  жер жерлердеги өкүлчүлүгүнүн маанилүү деңгээлде өсүүсүн камсыз кылды (49-бер.7-бөл., 59-1-бер.).[43]
Албетте, гендердик тең укуктуулукка жетишүү боюнча маанилүү алдыга жылуулар болгонуна карабастан, биздин өлкөнүн алдында  аялдар кыймылдарын, гендердик күн тартипти жана

---

[42] 65-берене. Депутаттарды каттоо

…

3. Эгерде саясий партиялардын ортосунда депутаттык мандаттарды талапкерлердин тизмелери боюнча бөлүштүрүүнүн натыйжасында шайланган депутат мөөнөтүнөн мурда кеткен учурда, анын мандаты ушул конституциялык Мыйзамдын 64-беренесинин 4-бөлүгүндө аныкталган, ушул берененин 4-1-бөлүгүнүн талаптарын эске алуу менен Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими боюнча кезек боюнча кийинки талапкерге берилет.

4-1. Бирдиктүү шайлоо округу боюнча шайланган депутаттын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда анын мандаты кезек боюнча кийинки талапкерге берилет:

1) аял жынысындагы депутаттын ыйгарым укуктары токтотулган учурда, аял жынысындагы талапкерлердин ичинен;

2) эркек жынысындагы депутаттын ыйгарым укуктары токтотулган учурда, эркек жынысындагы талапкерлердин ичинен.

Талапкерлердин тизмесинде тиешелүү жыныстагы көрсөтүлгөн адамдар болбогон учурда, депутаттын мандаты кезек боюнча ошол эле тизмедеги кийинки талапкерге берилет.
Көңүл бургула! КРнын  2017-жылдын 5-июнундагы  Конституциялык мыйзамына ылайык,  5-июнь, 2017-жыл, N 96 бул берененин  4-1-бөлүгү 2020-жылдын 1-январында күчүнө кирет. …».

[43] Караңыз.: КРнын Мыйзамы,  14-июль, 2011-жыл,  №98 «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө»:

«**49-берене. Талапкерлерди жергиликтүү кеңештин депутаттыгына көрсөтүү**

…

7. Шаардык кеңештерге талапкерлердин тизмесин түзүүдө саясий партиялар, бир жыныстагы адамдардын 70 пайыздан ашпаган өкүлчүлүгүн эске алууга милдеттүү, мында саясий партиядан, шайлоочулардын топторунан көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмесинде аялдардын жана эркектердин кезегинин айырмасы эки позициядан ашпоого тийиш...».

**«59-1-берене. Шайлоо округдары боюнча мандаттарды резервге калтыруу**

1. Айылдык кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн ар бир айылдык кеңеш боюнча аялдар үчүн айылдык кеңештин депутаттарынын мандаттарынын 30 пайыздан аз эмеси резервге калтырылат.

2. Ар бир шайлоо округу боюнча резервге калтырылган мандаттардын саны ушул Мыйзамдын 10 жана 11-беренелерине ылайык шайлоо округдары жана участоктору жөнүндө маалымат менен бир убакта жарыяланат.

Шайлоо округунда резервге калтырылган мандаттардын саны тиешелүү шайлоо округундагы мандаттардын жалпы санына жараша болот:

1) 2 мандаттуу шайлоо округунда 1 мандат резервге калтырылат;

гендердик саясатты өнүктүрүү жана бекемдөө боюнча, чечим кабыл алуунун деңгээлинде аялдардын өкүлчүлүгүн сактоо жана көбөйтүү боюнча, аялдардын лидерлигин жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча, үй-бүлөлүк зомбулуктун, балдар никелеринин, аялды никеге туруу максатында уурдоонун, көп аялдуулуктун алдын алуунун жана күрөшүү боюнча, коомдогу аялдын ролу жөнүндө эски жана стереотиптик көз караштарга каршы туруу боюнча олуттуу жана чоң милдеттер турат.

Мына ошентип, өкүм сүрүп жаткан татаалдыктарга, гендердик тең укуксуздуктарга, үй-бүлөлүк зомбулуктун жогорулугуна, диний көз караштардын жана стереотиптик мамилелердин таасирлеринин күчөп жаткандыктарына карабастан, заманбап дүйнө жүзүндө аялдын ролу маанилүү жана кадамын алдыга кенен таштаган бойдон илгерилеп жатат. Дүйнө жүзү глобалдык деңгээлде өзгөрүп жатканда, маалыматтык технологиялардын жана ири ыкчамдоо, жаңы билимдер өсүп жаткан процесстерди токтотуу жана аялды эски архаикалык көз караштардын, стереотиптердин жана эскирген социалдык ролдордун шартында кармоо мүмкүн эмес. Ички өнүгүү процесстери жана дүйнөдөгү сырткы интенсивдүү өзгөрүүлөр мамлекетти гендердик суроолорго карата көбүрөөк сезимтал жана ачык болууга "түртөт". Буга көбүрөөк деңгээлде коомдук-саясий өзгөрүүлөрдүн алдындагылар дагы, ошондо эле гендердик тематикага карата жаңы мамилелердин калыптануусуна түздөн-түз таасир эте алгандар дагы түрткү болушат. Бул бир гана мамлекеттик саясат жана каржылоо жөнүндө чечим кабыл алган адамдар эмес, ошондой эле адамдын кадыр-баркын басынтуунун жана үй-бүлөлүк зомбулуктун конкреттүү окуясы боюнча иштерди чечкен соттор; мыйзамдуулуктун жана адам укуктарынын сакталышын камсыз кылган прокурорлор; бул зомбулуктун жабырлануучулары менен түздөн түз биринчилерден болуп иш алып барган жана өз жумуштарын жана аракеттерин гендердик сезимталдуулук мамиле кылууга өзгөртүүгө жөндөмдүү укук коргоо органдары. Бул жана кризистик борборлордун кызматкерлери, адвокаттар, медициналык жана социалдык кызматкерлер. Өзгөрүүлөр биздин ар бирибизден башталат!

## 1.2. Зомбулук түшүнүгү, формалары жана цикли

### 1.2.1. Эл аралык тажрыйба

Европа Кеңешинин аялдарга карата зомбулукту жана үй-бүлөлүк зомбулукту токтотуу боюнча Түшүндүрмө баяндамасында[44] (мындан ары – Стамбул конвенциясы) *[45]* үй-бүлөлүк зомбулук негизинен зомбулуктун эки түрүнө кирет:

1) азыркы же мурунку жубайлардын же өнөктөштөрдүн ортосундагы, интимдик өнөктөшү тарабынан зомбулук, жана

2) муундардын ортосундагы зомбулук, адатта ата-энелердин жана балдардын ортосунда болот.

Мына ошентип, гендердик көз караштан алып караганда, үй-бүлөлүк зомбулук нейтралдуу аныктама болуп эсептелет, ал эки жыныстын өкүлүнө тиешелүү жабырлануучуларды дагы, кылмышкерлерди дагы камтыйт.

---

[44] Стамбул конвенциясынын Түшүндүрмө баяндамасы (мындан нары – Түшүндүрмө баяндама), 279-пункт. // Орус тилиндеги версиясы кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://rm.coe.int/explanatory-ic-rus-web/16808e9a2a Кайрылуу датасы 19.04.2022-ж.

[45] Европа Кеңешинин аялдарга карата зомбулук жана үй-бүлөлүк зомбулукту токтотуу жана күрөшүү жөнүндө конвенциясы (Стамбул конвенциясы), Стамбул, 11-май, 2011-жыл (Расмий эмес котормо). Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://rm.coe.int/16806b0687/ Кайрылуу датасы: 12.04.2022-ж.

Ошол эле учурда, үй-бүлөлүк зомбулук аялдарга карата зомбулуктун же жыныстык белгиси боюнча зомбулуктун формасы деп эсептелет. Үй-бүлөлүк (тиричиликтик) зомбулуктун төрт негизги формасы бар, алар камтыйт (1-Схеманы караңыз):

- дене бойлук зомбулук;
- сексуалдык зомбулук;
- экономикалык зомбулук;
- психологиялк зомбулук.

**Дене бойлук зомбулук** Стамбул конвенциясынын 35-беренеси боюнча аныкталат жана ага «ал кандай гана контекстте болбосун көз карандысыз түрдө башка адамга карата атайылап жасалган бардык дене бойлук зомбулук актылары», анын ичинде жаакка чабуу дагы кирет.[46]

Стамбул конвенциясында сексуалдык зомбулук аракеттердин үч түрүнө кирет:[47]

- эки жактын тең макулдугу боюнча эмес, башка адамдын денесине, денесинин кайсы гана бөлүгүнө болбосун сексуалдык мүнөздөгү вагиналдык, аналдык же оралдык кирүү же предметти киргизүү;
- адам менен анын макулдугусуз сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттер;
- башка адамды үчүнчү тараптардын макулдугусуз сексуалдык мүнөздөгү актыларды жасоого мажбурлоо.

Стамбул конвенциясынын, Адам укуктары боюнча Европалык соттун (АУЕС), эл аралык кылмыш-жаза сотторунун жана БУУнун макулдашуучу органдарынын соттук тажрыйбаларына ылайык, бул үч акты менен байланыштуу кылмыштардын учурдагы түзүүчү элементи макулдук болуп эсептелет. Стамбул конвенциясы караштырат: «Макулдук, айлана-чөйрөсүндөгү жагдайлардын контекстинде баа берилип адамдын эрктүүлүгүнүн эркиндигинин негизинде ыктыярдуу түрдө берилиши керек».[48]

**1-схема.**




[46] Түшүндүрмө баяндама, 187-пункт.
[47] 36(1) -берене, Стамбул конвенциясы.
[48] 36(2)-берене. Стамбул конвенциясы.

Ошондой эле эл аралык стандарттар бул жосун жубайлардын жана мурунку жубайлардын (мисалы, никедеги зордуктоо) ортосунда жасалганда, аны улуттук мыйзамдарда криминалдаштырууну талап кылат.

**Психологиялык зомбулук** бул адамдын психологиялык бүтүндүгүн бузган аракеттерге кирет. Мындай аракеттер өзүнө камтышы мүмкүн:

- адамга же анын жакындарынын бирөөсүнө карата зомбулук колдоном деп коркутуу (аңдуу, аркасынан түшүү, курал көрсөтүү);
- басынтуучу, шылдыңдоочу комментарийлер;
- башкалардан бөлүп четтетип коюу, сүйлөшүүнү чектөө;
- аялды көзөмөлдөө же зыян келтирүү үчүн балдарды колдонуу (балдарга зыян келтирүү, уурдоо ж.б.).

**Экономикалык зомбулук** өзүнө ресурстардын жеткиликтүү болуусунан баш тартуу же көзөмөлдөө, ага кирет: убакытты, акчаны, транспортту, тамак-ашты же кийим-кечекти.
Экономикалык зомбулуктун мисалдары камтыйт:

- аялга иштөөгө тыюу салуу;
- аны үй-бүлөлүк каржы боюнча чечим кабыл алуудан четтетүү;
- акчаны же каржылык маалыматты жашыруу;
- эсептерди төлөөдөн же аны (аялды) жана/же балдарды камсыз кылуудан баш тартуу;
- орток экөөнө тең тиешелүү активдерди жок кылуу.

Үй-бүлөлүк зомбулуктун (тиричиликтик) көбүрөөк жайылган формалары психологиялык жана экономикалык зомбулуктар болуп эсептелет. Экономикалык зомбулук сыяктуу эле психологиялык зомбулук дагы далилдерге байланыштуу көйгөйлөр пайда болгондуктан, укуктук система үчүн аныкталган бир көйгөйлөрдү пайда кылат, ал жөнүндө бул Окуу куралынын кийинки бөлүмдөрүндө талкуулайбыз. Зомбулуктун бул формалары кылмыш-жаза укугунун натыйжалуу чаралары менен жазаланбайт.

**Дене бойлук жана сексуалдык кол салуулар** же аны жасоо коркунучу үй-бүлөлүк зомбулуктун көбүрөөк ачык формалары болуп эсептелет жана адатта көйгөйдү башка адамдардын түшүнүүсүнө жол берген аракеттер болуп саналат. Буга кошумча, уруп-сабап адам тарабынан дене бойлук зомбулуктун бир же бир нече актылары менен тастыкталган ырайымсыз жүрүм-турумду үзгүлтүксүз түрдө колдонулушу, ырайымсыз мамиленин көбүрөөк кеңири системасын түзөт. Дене бойлук кол салуу бир же бир нече жолу гана болгону менен, алар алдыдагы зомбулуктуу кол салуу коркунучун пайда кылат жана аялдын жашоосун жана жашоодогу жагдайларын зомбулук жасаган адамдын көзөмөлдөөсүнө жол берет.


*Башкаруу дөңгөлөгү*[49] (2-схеманы карагыла) кол салган, зомбулук жасаган адамдын өзүнүн өнөктөшүнүн үстүнөн көзөмөлдөөнү орнотуп алуусу жана аны жүргүзүп туруусу үчүн колдонулган, ырайымсыз жана зомбулуктуу жүрүм-турумдун жалпы моделин түшүнүү үчүн өзгөчө курал болуп эсептелет. Көпчүлүк учурда бир же бир нече зомбулуктуу окуялар ырайымсыз мамиленин көптөгөн башка түрлөрү менен коштолот. Аларды идентификациялоо кыйыныраак, бирок алар

---

[49] Тиричиликтик зомбулук менен күрөшүү боюнча программа. Дулут, Миннесота. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: www.theduluthmodel.org
Кайрылуу датасы 07.05.2022-ж.

мамилелердеги коркутуу жана көзөмөлдөө моделин так аныктайт. Эрежеге ылайык, зомбулуктун негизинде Бийлик жүргүзүү жана Көзөмөлдөө жатат.

**2-схема**





Үй-бүлөлүк зомбулук аялдарга карата зомбулуктун формаларынын бири болуп эсептелет, себеби ал аялга пропорционалдуу эмес түрдө абдан күчтүү таасирин тийгизет. Аялдарга карата зомбулуктун башка формалары камтыйт:

- аңдуу, артынан сая түшүү;
- мажбурлоочу, балдар никелери;
- аялдардын жыныстык органдарына талкалоочу операциялар (АЖТО);
- мажбурлоочу бойдон алдыруу/жынысын төрөлгөнгө чейин эле тандоо;
- сексуалдык кол салуу;
- адамдарды соодалоо;
- сексуалдык эксплуатациялоо;
- кыздыгын текшерүү.

Үй-бүлөлүк зомбулукка тиешелүү дагы бир маанилүү мүнөздөмө *ырайымсыз мамиле цикли менен* байланыштуу.[50] (3-схеманы карагыла). Аялга багытталган зомбулуктуу жүрүм-турум көп учурда үч өз алдынча жана кайталанган этапта өтөт, алар ага катышкан адамдардан көз карандылуу түрдө узактыгы боюнча дагы жана интенсивдүүлүгү боюнча дагы өзгөрүп турат.

**3-схема**




*Ырайымсыз мамиле кылуунун цикли* 1979-жылы Ленор Э.Уокер тарабынан ырайымсыз мамилелердеги жүрүм-турум моделдерин түшүндүрүү үчүн иштелип чыккан.

- *Үй-бүлөдөгү чыңалуунун өсүшү.* Мамилелердеги бирин-бири жактырбоо өсүп баштайт жана үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы пикир алмашуу бузулат.
- *Зомбулуктуу окуя.* Вербалдык, эмоционалдык же дене бойлук мүнөздөгү ырайымсыздык мамилелер жарылат. Ачуулануу, талаш-тартыштар, күнөөлөө, коркутуулар, опузалоо менен коштолот.
- *Элдешүү***.** Таарынткан адам кечирим сурайт, ырайымсыздыгынын себебин түшүндүрөт, айыптын баарын жабырлануучуга (аял/эркек) оодара салат, кээде болгон окуяны четке кагат же жабырлануучу (кыз/эркек) окуяны ашыкча көбүртүп жатат деп ишендиргенге аракет жасайт.
- *Мамилелердеги тынч мезгил аралыгы* («бал айы»). Зомбулуктуу окуя унутулат, таарынтуучу кечирилет. Фаза «бал айы» деп аталат, себеби бул стадияда өнөктөштөрдүн ортосундагы мамилелердин сапаты биринчи этаптагы стадияга кайтып келет. «Бал айынан» кийин мамилелер биринчи стадиясына кайрылып барат жана цикл кайталанат. Убакыттын өтүшү менен ар бир стадия кыска боло берет, ырайымсыздык жасалуусу кайталанып баштайт жана чоң зыянын тийгизет. Жабырлануучу (кыз/эркек) кырдаалды өз алдынча жөнгө сала алуучу эмес абалга жетет.

---

[50] Цитатанын котормосу бул бөлүмдүн автору тарабынан берилди. Караңыз.: Walker, Lenore E. The Battered Woman. New York: Harper and Row, 1979.

Айрым жуптар үчүн салыштырмалуу тынч болуп саналган бул мезгил аралыгы бир нече айга созулушу мүмкүн, бирок мамилелер бузулгандан кийин эркектин көнүп калуусу жана өкүнгөндүгү акыры жок болуп кетет жана кайрадан циклдин биринчи фазасы башталат.

Уруп-сабоого байланыштуу жүрүм-турумдун циклдик мүнөзү аялдардын көбү эмне үчүн өздөрүн таарынткан адамдарды таштап кете албагандыктарынын себептерин түшүндүрүүгө жардам берет. Уруп-сабаган адамдын үчүнчү фаза учурунда көрсөткөн сүйүүчүл жүрүм-туруму кандай гана болбосун үмүткө ишеним берет, ал аялдарда өздөрүнүн өнөктөштөрү оңолот деген ишеним пайда болот жана алар менен мамилелерин сактап, кармап турушат. Айрым аялдар, ал тургай уруп-сабоо циклин нормалдуу катары кабыл алышат, өзгөчө алар зомбулук өкүм сүргөн үй-бүлөдө тарбияланышса. Же болбосо алар өздөрү кабылган абалдын реалдуулугун таанууну калашпайт. Башка аялдар болсо, зомбулуктун алдын ала албагандыктан же көзөмөлдөй билбегендиктен, ушунчалык үмүтсүз жана басынган абалда болуп калышат, ал тургай алар психологиялык жактан кыймылсыз абалда калышат жана кырдаалды жакшыртуу же өзгөртүү үчүн кандайдыр бир аракеттерди көрүүгө жөндөмсүз дагы болуп калышат. Жабырлануучуларда кылмышкерге каршылык көрсөтүү боюнча бардык аракеттер үмүтсүз деп ойлогон абал пайда болот.

Мындай психологиялык таасирдин алдында калууга кошумча катары сырткы социалдык жана экономикалык факторлор дагы көп учурда айрым аялдардын зомбулуктуу мамилелерден чыгуусун татаалдаштырат. Күйөөсүнөн кетүүнү каалаган, бирок көз карандысыз каржы ресурстары жок аялга, мына ушул материалдык жана социалдык ресурстардын жетпегендигинен улам муну жасоо кыйын болот. Иштеген аялдар эрежеге ылайык, аз акча табышат жана баланы багууда көбүрөөк жоопкерчиликтүү. Мына ошентип, эң биринчи реакция качуу болушу керек болгон ырайымсыз конфронтацияда, аял балким алардын кача турган эч жери жок экенин түшүнүшөт. Мындан сырткары үй-бүлөлүк очогун балдарысыз таштап кеткен аялга жүк катары оодарылып түшкөн стигматизациялоо, албетте аны көчүп кетүүдөн кармаган дагы бир фактор экендиги талашсыз. Мындан сырткары, уруп-сабоого кабылган аялдар мамилени үзүүнү каалаган учурда эрежеге ылайык өздөрүнүн достору, үй-бүлөсү же укук коргоо органдары менен байланышууну жана аларга ишенүүнү каалашпайт.

Зомбулуктун айлампалуулугун түшүнүү маанилүү, себеби укук коргоо органдары үчүн үй-бүлөдөгү зомбулук окуяларына чара көрүү жаатында – жабырлануучунун даттануу арызын кайра артка алуусу эң чоң көйгөйгө айланууда. Зомбулуктун циклдүүлүгү жабырлануучулар зомбулуктун курч фазасы учурунда аны тынч фазада кыскартып, артка кайтарып алуу үчүн эле кайрылууну адатка айландырып алуусуна алып келүүсү мүмкүн, ошондой эле ялдардын андан кетүүсүнө тосколдук берген көптөгөн психологиялык жана социалдык барьерлерден улам дагы ушундай кадамга баруулары мүмкүн.[51]

Жабырлануучулардын психологиялык себептер боюнча дагы, ошондой эле социалдык жана экономикалык себептер боюнча дагы басынткан мамилелерди үзүүсүнө *тоскоолдуктар* көп. Психологиялык тоскоолдуктар ырайымсыз үй-бүлөлөрдө өскөн жабырлануучулар үчүн зомбулук нормалдашкандыгын камтыйт; айрым жабырлануучулар муну четке кагышат; бир топ убакыттар бою кабылган басынтуу жана кадыр-барктарын басынткан мамилелер аларды психологиялык кыймылсыздыкка жана депрессияга алып келиши мүмкүн. Жабырлануучулардын өздөрүнө карата зомбулук жасаган адамдардан качып кетүүлөрүнө жол бербеген социалдык-экономикалык тоскоолдуктар булар болуп эсептелет:

[51] Цитатанын котормосу бул бөлүмдүн автору тарабынан берилди. Караңыз.: Bancroft, Lundy. Why does he do that: inside the minds of angry and controlling men. — New York: Putnam's Sons, 2002.

- каржы ресурстарынын чектелүүлүгү;
- социалдык колдоонун чектелүүлүгү;
- социалдык стигматизациялоо;
- балдарга кам көрүү;
- бара турган жерим жок;
- өч алуудан коркуу;
- үй-бүлөнү шылдыңга калтыруу;
- укук коргоо органдарына ишенчиликтин жоктугу.

Акыркысы жөнүндө айта турган болсок, зомбулуктан кутулууга аракет кылган аялдар үчүн, зомбулуктун андан ары уланбоосу үчүн тиешелүү деңгээлдеги жеткиликтүү коргоого ээ болууга умтулган аялдар үчүн, өздөрү жабыр тарткан кылмыштардан укуктук коргоо каражаттарына ээ болууну каалаган аялдар үчүн кылмыш-жаза сот адилеттиги кандайча тоскоолдуктарды жаратып жаткандыгын түшүнүү абдан маанилүү. Үй-бүлөдөгү гендердик зомбулуктун табиятын түшүнбөө, гендердик сезимталдыктын жоктугу укук коргоо органдары тарабынан жабырлануучуларга карата басмырлоочу мамилеге, жабырлануучулардын экинчи жолу *виктимизациялануусуна* алып келүүсү мүмкүн. Бул кайрадан виктимизациялоо атайын жасалбашы мүмкүн.

Экинчи виктимизациялоо кылмыштардын жабылануучуларынын полиция кызматкерлери менен, кылмыш сот адилеттигинин адистери менен, медициналык персонал менен, жабырлануучулардын психологдору жана адвокаттары менен өз ара аркеттенишүүсү убагында орун алуусу мүмкүн.

Кылмыш-жаза сот өндүрүшү процессинде жабырлануучунун кайрадан виктимизациялоочу айрым бир учурлар бар, ал чара көрүүдөн баштап, соттун чечимин чыгаруу менен аяктайт. Бул:

- Аңгемелешүү жана бир нече аңгемелешүүдөн өтүү зарылдыгы;
- Соттук-медициналык экспертизадан өтүү;
- Көрсөтмөлөрдү берүү жана көрсөтмөлөрдү кайрадан берүү зарылчылыгы;
- Сотто коргоочунун жоктугу, айыпталуучу менен беттештирүү;
- Мөөнөтүн өткөртүп жиберүү же узартып жиберүү;
- Соттук стереотиптерге негизделген чечимдер.

Мына ошентип, зомбулук өзүнүн табияты боюнча бир адамдын экинчи адамдын үстүнөн ар кандай усулдар жана ыкмалар менен бийлик жана көзөмөл жүргүзүүнү ишке ашырууга негизделген циклдүү процесс катары мүнөздөлөт. Ушуга байланыштуу, учурдагы заманбап изилдөөчүлөр баштан өткөн зомбулук жаракаттуу кризис катары каралуусу мүмкүн, анын зыяндары жабырлануучунун дүйнөгө карата сезимдерине, анын мотивациялык, эмоционалдык, когнитивдик чөйрөлөрүн жана жүрүм-турумуна чейин таасирин тийгизиши мүмкүн деп айтышат. Зомбулукту эпидемия менен салыштырууга болот, ал, бир эле жабырлануучуну эле азапка салбастан, көпчүлүк учурда үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүн, жамаатты дагы жабыркатат жана талкалоочу мүнөзгө ээ. Зомбулук басмырлоонун ачык көрүнгөн, билинип сезилген формасы, ал адам укуктарына кол салат жана сот адилеттиги механизмдеринин натыйжалуу чараларды көрүүсүнө муктаж, жабырлануучунун психологиялык өзгөчөлүктөрүн, виктимизациялоо суроолорун, жабырлануучуну экинчи жолу жабыркатуу суроолорун, көп сандаган тоскоолдуктарды жана чектөөлөрдү эске алууга муктаж.

### 1.2.2. Кыргызстандын тажрыйбасы

2016/2017-жж. жүргүзүлгөн «Гендер коомчулуктун кабыл алуусунда» изилдөөсүнүн жыйынтыктары боюнча, КРда никелердин 20% көбү аялды уурдоо жолу (анын макулдугу менен же макулдугусуз дагы) менен түзүлөт, зомбулуктуу никелердин үлүшү 6%. Ошондой эле, аялды никеге туруу үчүн уурдоо шаар тибиндеги калктуу аймактарга караганда айылдык аймактарда дээрлик 2 эсеге көп орун алган. 2012-жылы жүргүзүлгөн акыркы медициналык-демократиялык изилдөөнүн көрсөткүчтөрү боюнча, КРда 15-49 жаш курагындагы никеде жашаган ар бир төртүнчү аял күйөөсү же өнөктөшү тарабынан же дене бойлук же болбосо сексуалдык зомбулукту башынан кечиришкен, ал эми респонденттердин (аял) 17% изилдөөнүн алдындагы акыркы 12 айдын ичинде мындай зомбулукту башынан кечиришкен.[52]
Кыргызстандагы үй-бүлөлүк зомбулук туруктуу түрдө өнүгүү тенденциясына ээ. Айрым мамлекеттик жетектөөчү кызматкерлер бул кылмыштарды жана укук бузууларды аныктоонун жана аларды Кылмыштардын Бирдиктүү реестрине (КБР) каттоонун жогорулагандыгы менен байланыштуу. Бирок, факты деген факты бойдон калат, үй-бүлөлүк зомбулуктун өсүүсү бир катар себептер менен шартталган, алар учурдагы стереотиптер, көйгөйгө көз жумуу жана үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу, токтотууга жана үй-бүлөлүк зомбулук иштери боюнча сот адилеттигине мамлекеттик органдардын жетишерлик эмес чара көрүүлөрү менен шартталган.
Мамлекеттик саясат үй-бүлөлүк зомбулуктун деңгээлин төмөндөтүү жана натыйжалуу алдын алуу боюнча амбициялуу максаттарды койгон. 2016-жылы ченемдер кайра каралып чыккан жана үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларын коргоонун көбүрөөк натыйжалуу механизмин иштеп чыккан. 2017-жылдын апрель айында КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамы кабыл алынган, муну ишке ашыруу максатында КРнын Өкмөтүнүн[53] 2019-жылдын 1-августундагы № 390 «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашыруунун тартиби жөнүндө» токтому иштелип чыккан жана кабыл алынган. Анда үй-бүлөлүк зомбулук фактыларын аныктоодогу мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенишүүсүнүн жана үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдардын өз убагында комплекстүү жардам көрсөтүүсүнүн тартиби; үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдардын зомбулуктуу жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча оңдоп-түзөө программасынын тартиби бекитилген.
КРнын Ички иштер министрлигинин[54] маалыматтары боюнча (мындан ары - КРнын ИИМи) Кыргызстанда үй-бүлөлүк зомбулук окуялары ар жыл сайын көбөйүп жатат. 2012-жылдан 2015-жылга чейинки жылдар аралыгында ар жыл сайын 2500дөн 3500гө чейинки фактылар катталган. 2016-2018-жылдары болсо бул көрсөткүч 7000 төмөн түшкөн эмес. Демек, ушул көрсөткүчтөр боюнча 2019-жылы 6145 үй-бүлөлүк зомбулук окуялары катталган, анын ичинде дене бойлук, психологиялык, сексуалдык зомбулук фактылары катталган (жабыр тарткан аялдарды коргоо үчүн – 5752, жабыр тарткан эркектерди коргоо үчүн - 393 берилген). Ал эми 2020-жылы бул 9000 деген санга жогорулаган, COVID-19 улам карантин башталганда, КРда үй-бүлөлүк зомбулук фактыларынын саны 62% өскөн. Демек, ИИМ 2020-жылы 9 миң 25 үй-бүлөлүк зомбулук


[52] Кыргызстандын аялдары ү-бүлөдө жана коомдо, Аналитикалык тапшырма UNFPA, 2020. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://kyrgyzstan.unfpa.org/sites/default/files/pub-pdf/Policy_brief_Women_May-22_0.pdf Кайрылуу датасы 07.05.2022-ж.
[53] Азыр КРнын Министрлер Кабинети.
[54] КРнын Улуттук статистикалык комитети, Үй-бүлөлүк зомбулук аялдардын жана эркектердин ортосунда, 2021. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: http://www.stat.kg/ru/news/semejnoe-nasilie-sredi-zhenshin-i-muzhchin/ Кайрылуу датасы 07.05.2022-ж.

окуясынын ичинен болгону 947 иш гана сотко жеткен. Статистика көрсөткөндөй, иштердин 90% ашыгы ар түрдүү себептер боюнча сотко жетпестен жабылып калат.

Көпчүлүк учурда, үй-бүлөлөрдө ырайымсыз мамиле күйөөлөрү тарабынан жубайларына карата жасалууда. 2019-жылдын биринчи 8 айында катталган окуялардын ичинен окуялардын 71 % дене бойлук жаракаттарды келтирүү фактылары түзгөн жана 26% – психологиялык кысым көрсөтүү болгон. 2019-жылы кризистик борборлорго жана калкка социалдык-психологиялык жардам көрсөткөн башка адистешкен мекемелерге 8 миңге чукул адам үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча кайрылышкан, алардын ичинен көпчүлүгү (85 проценти) аялдар.

Статистика бир гана жарандардын расмий кайрылуу окуяларын белгилерин эстен чыгарбоо зарыл, а бул айрым изилдөөлөрдүн жана сурамжылоолордун көрсөткүчтөрү боюнча күн сайын орун алып жаткан үй-бүлөлүк зомбулуктун реалдуу фактыларынын 8-10% ашыгыраагын гана түзөт.


**1-диаграмма.** Үй-бүлөлүк зомбулук окуялары боюнча аялдардын жана эркектердин кризистик борборлорго, аксакалдар сотторуна жана башка адистешкен мекемелерге кайрылууларынын саны[55]




2020-жылы кризистик борборлорго (37 %) кайрылган үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларынын көпчүлүгүн 18-34 жаш курактардагы жаш аялдар түзүшкөн. Мындан айырмаланып, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан жана кайрылган эркек адамдардын жаш курагы жаш курактык тобу боюнча көбүрөөк тең салмактуу бөлүштүрүлгөн.

Бирок, 50 жаш курагындагы жана андан өйдө курактагы эркек адамдар бул жаш курактагы аялдарга караганда үй-бүлөлүк зомбулукка эки эсеге көбүрөөк кабылышкан.

**2-диаграмма.** Берилген убактылуу коргоо ордерлеринин саны[56]




[55] Ошол жерде.


[56] Там же.

КРнын ИИМнин көрсөткүчтөрү боюнча, 2020-жылы үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча 8,6 убактылуу коргоо ордери берилген, бул 2019-жыл менен салыштырганда 39% көп. Мындай өсүү аныкталган бир деңгээлде ички иштер органдарынын (ИИО) үй-бүлөлүк зомбулук фактыларына чара көрүүсүнүн жакшыргандыгы менен, бул суроого коомдук көңүл буруунун күчөгөндүгүнөн улам, убактылуу коргоо ордерин берүү боюнча милициянын аймактык ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн ишмердүүлүгүнүн жакшыргандыгы менен, мындай фактыларга ИИОнун ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоо критерийин киргизүү менен, БКР каттоо менен байланыштуу, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулук фактылары жалпысынан өскөндүгү менен, COVID-19 пандемиясы мезгилинде үй-бүлөлөрдө социалдык чыңалуунун күчөшү менен шартталган.

**3-диаграмма. 2019-жылы үй-бүлөлүк зомбулуктун түрлөрү боюнча катталган жоруктардын саны**[57]





**4-диаграмма.** 2019-жылы үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча катталган жоруктардын саны жана аймактар боюнча бөлүнүшү [58]




[57] Ошол жерде.
[58] Ошол жерде.

Үй-бүлөлүк зомбулук окуяларынын көбүрөөк саны Бишкек ш. (42%), Чүй (20%) жана Ош (11%) облустарына туура келген.
Сот системасынын үй-бүлөлүк зомбулук боюнча иштерге чара көрүүсүнө көңүл буралы.

**5-диаграмма. Үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча козголгон жана сотко жөнөтүлгөн кылмыш иштеринин саны**[59]




Алсак, 2020-жылы үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча козголгон жана кароо үчүн сотко жиберилген кылмыш иштеринин саны 2016-жыл менен салыштырганда 1,7 эсеге өскөн, ал эми 2019-жыл менен салыштырганда тескеринче 1,9 эсеге төмөндөгөн.
Иштердин анча маанилүү эмес гана санынын сотко чейин жетүүсүн көрсөткөн мындай статистика олуттуу тынчсыздануунү чакырат. Жогорку сотко мамлекеттик органдар, эл аралык уюмдар тарабынан үй-бүлөлүк зомбулук боюнча иштердин тажрыйбасынын айланасындагы кырдаалды Жогорку соттун Пленумунда кароо сунушу, сот тажрыйбаларына анализ жүргүзүү сунушу, сотторго үй-бүлөлүк зомбулук окуяларына карата эл аралык ченемдердин жана Кыргыз Республикасынын ченемдерин колдоно билүүнү түшүндүрүү боюнча көбүрөөк натыйжалуу жумушту уюштуруу сунушу, гендердик сезимталдык суроолору боюнча окутууларды дайыма туруктуу негизде уюштуруу сунушу бир гана жолу эмес, бир нече жолу берилген.
Үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларына кайрылып келе турган болсок, анда саламаттыкты сактоо органдарынын статистикасына токтолууга туура келет, себеби дал ушул статистика өзгөчө дене бойлук зыян келтирген үй-бүлөлүк зомбулук окуялары жөнүндө көбүрөөк так көрүнүштү түзүүгө жол ачат. Үй-бүлөлүк зомбулуктун кесепетинен пайда болгон оорулар (жаракаттар) боюнча дарыланган адамдардын саны 2019-жылы 1425 адамдан 2020-жылы 1085 адамга, же болбосо 24% чейин төмөндөгөн. 2020-жылы үй-бүлөлүк зомбулуктун жыйынтыгынан улам дарыланган аялдардын саны эркектердин арасындагы мындай көрсөткүчкө караганда 2,8 ашык болгон.
**2021-жыл үчүн Кыргызстан боюнча статистикалык көрсөткүчтөр.** Кыргызстанда 2021-жылдын биринчи эки айынын ичинде Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине[60] (азыркы

---

[59] Ошол жерде.
[60] КРнын КПКнын 5-бер. (9-п.) ылайык (2017-ж. ред.) **Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри** - маалыматтардын электрондук базасы, ага сотко чейинки өндүрүштүн, процесстик иш-аракеттердин башталышы, жазык иштеринин жана (же) жоруктар жөнүндө иштердин кыймылы, арызданууучулар жана жазык процесстеринин катышуучулары жөнүндө маалыматтар киргизилет.

учурда – Кылмыштардын бирдиктүү реестри[61] жана Укук бузуулардын бирдиктүү реестри[62]) 1463 үй-бүлөлүк зомбулук фактысы катталган. Бул былтыркы жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 20 окуяга көп. Бул көрсөткүч биринчи жылы эле өскөн жок.
2021-жылдын биринчи эки айынын ичиндеги зомбулук фактыларынын жалпы санынын ичинен мындай фактылар Бишкекте – 500 көбүрөөк катталган. Андан кийин Чүй облусу – 446 факты, Жалал-Абад облусу – 118 жана Ысык-Көл облусу – 92 турушат. Нарын облусунда үй-бүлөлүк зомбулуктун 64 фактысы катталган, Ош шаарында – 62, Ош облусунда – 52, Баткен – 50 жана акыры Талас – 29.
*«Ала качуу».* Кыргызстан үчүн спецификалуу болуп эсептелген, көпчүлүк учурда аялдарга карата зомбулукту камтыган, стереотиптик жүрүм-турумга негизделген жана салттык көз караштарга жамынган көрүнүштү өзүнчө бегилеп өтүү керек. «Ала качуу – сөзмө сөз торгондо аялды уурдоо» эски тарыхка ээ жана заманбап коомдо тараптардын макулдашуусу жана келишими боюнча жасалат. Ошол эле учурда кыздарды, алардын макулдугусуз, кысым көрсөтүү менен жана күйөөнүн туугандарынын катышуусунда уурдоо жана кармоо окуялары көп жасалууда. Мунун жабырлануучулары макул болбогон учурда аларды зордуктоо жана өлтүрүү сыякуу кайгылуу окуялар дагы болгон.

*Мисалы, 19 жаштагы Бурулай Турдаалы кызы ала качуудан жабыр тарткан – 2018-жылдын 27-майында Марсбек Бөдөшев тарабынан уурдалгандан кийин, ал Жайыл РИИБнин милиция бөлүмүндө уурдаган адамдар менен чогуу жалгыз калтырылган, ошол жерден аны өлтүрүшкөн. Милиционерлердин сөзү боюнча, муну Бөдөшев жасаган. Алар эркек адам Бурулай олтурган бөлмөгө жулкунуп кирип барып, аны бычак менен урган, андан кийин - өзүнө дагы сайган деп айтышат. Ошол кечинде Бөдөшев Бурулайды экинчи жолу уурдап кетүүгө аракет кылган, бирок ага милиция тоскоол болгон. Биринчи уурдоо кыздын өлүмүнө чейинки үч жума мурун болгон – анда аны үйүнө кайтарып беришкен, а анын үй-бүлөсү болсо милицияга арыз жазышкан эмес. 11-декабрда Свердлов райондук сотунун соту Санжар Чотонов Марсбек Бөдөшевди, кызды уурдоого катышкан адамды үй-мүлкүн конфискациялоо менен 20 жылга эркинен ажыраткан. Аны аялды никеге туруу үчүн уурдоо жөнүндө жана өзгөчө мыкаачылык менен өлтүрүү жөнүндө, башка кылмышты жашыруу максатында уурдоо жөнүндө беренелер боюнча соттошкон.*
*Муну менен катар ал, Бурулайдын үй-бүлөсүнө 800 миң сом компенсация төлөп берүүсү керек. Бул сот процессинен сырткары, Бурулайдын өлтүрүлүшү боюнча дагы бир процесс бар - ал милиционерлердин үстүнөн «Шалаакылык» беренеси боюнча. Буларды алар кызды жана аны уурдаган адам менен чогуу бир бөлмөдө чогуу жалгыз калтыргандыктары үчүн соттошкон.* [63]

[61] Азыр күчүндөгү КРнын КПКнын 5-бер. (31-п.) ылайык (2021-ж.ред.) **Кылмыштардын бирдиктүү реестри** – сотко чейинки өндүрүштүн башталышы, процессуалдык аракеттер жана чечимдер, ишинин кыймылы, арыз ээлери жана кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучулары жөнүндө маалыматтарды киргизүүчү маалыматтардын электрондук базасы// Маалымат Кыргыз Республикасынын Башкы Прокуратурасынын расмий сайтында жайгашкан. Кийинки трикеме боюнча жеткиликтүү: https://www.prokuror.kg/ru/posts/401 Кайрылуу дтасы: 10.05.2022-ж.
[62] Азыр күчүндөгү КРнын жаңы Кодексинин 25-беренесине ылайык **Укук бузуулардын бирдиктүү рестри** - укук бузууларды, аларды жасаган жактарды, ошондой эле колдонулган жаза чараларын жана кошумча укуктук кесепеттерди каттоону Автоматташтырылган маалымат тутумунда (АМТ) жүзөгө ашыруу, анын жобосу КРнын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет. Караңыз.: ошол жерде.
[63] Маалымат «Кыргызстандагы КЛООП» расмий интернет баракчасынан. Кийинки шилтемелер боюнча жеткиликтүү: https://kloop.kg/blog/2019/04/09/delo-burulaj-sud-prigovoril-troih-militsionerov-k-shtrafu-dvoih-opravdal/ жана https://kloop.kg/blog/2019/02/28/delo-burulaj-prigovor-osuzhdennomu-za-ubijstvo-bodoshevu-ostavili-bez-izmenenij/

Башка резонанстуу окуя 2021-жылдын 7-апрелинде болгон.

*Айзада Канатбекова аттуу кыз кайгылуу көз жумду. Аны 2021-жылдын 5-апрелинде уурдап кетишкен, андан эки сутка өткөндөн кийин кыздын сөөгүн, ошондой эле аны уурдаган жана өлтүргөн 36 жаштагы Замирбек Теңизбаевдин сөөгүн Чүй облусунун Аламүдүн районунан табышкан. Кызды былтыркы жылдын 5-апрелинде эртең мененки убакта Бишкектеги Тыныстанов жана Медеров көчөлөрүнүн кесилишинен уурдап кетишкен. Сыркы видео көзөмөл жүргүзүү камерасы, Айзада Канатбекованы кандайча күч колдонуп машинеге салышкандыгын жана белгисиз тарапка алып кетишкендигин белгилеп түшүрүп калган. Айзаданын жакындары дароо кайрылган милиция бөлүмүндө азырынча сарсанаа болгонго себеп жок деп арыз алгандан баш тартышкан. Кызматкерлердин бирөө ал тургай мындай деп орунсуз тамашалаган: «Эмне ызы-чуу көтөрүп жатасыз? Тойго даярданыңыз». 2021-жылдын 7-апрелинде талаада мал кайтарган чабан машинени тапкан, ичинде кыздын жана аны уурдаган адамдын сөөктөрү болгон. Тергөөнүн көрсөткүчтөрү боюнча, уурдаган адам Айзада менен урушкан, зордуктаган, аны футболка менен муунткан жана бычак менен бир нече жолу урган. Мындан соң, ал өзүн-өзү өлтүргөн. Айзада Канатбекованы уурдоо боюнча айыпкерлер катары 5 адам өтүшкөн: Сыймык Молдосариев, Кубаныч Токон уулу, Ажикабыл Рысбай уулу, Замирбек Раманкулов, ошондой эле Орузбек Нурумбетов. Аларга «алдын- ала сүйлөшүү боюнча адамдардын тобу тарабынан уурдоо» беренеси боюнча айып тагылган. 2021-жылдын 27-майында борбор калаанын Биринчи май райондук сотунда уурдоо жөнүндө иш боюнча териштирүүлөр башталган. Ал төрт айга созулган. Соттук териштирүүлөрдүн жыйынтыгында айыпталуучулар Замирбек Раманкуловго жана Кубаныч Токон уулуна алты жылга жана алты айга эркиндигинен ажыратуу өкүмү чыккан. Ажикабыл Рысбай уулун, Сыймык Молдосариевди, ошондой эле Орузбек Нурумбетовду сот жети жылга эркинен ажыратууга өкүм кылган. Сот бардык айыпталуучулардан моралдык жана материалдык зыяндарды калыбына келтирүү максатында 100 миң сомдон өндүрүү чечимин чыгарган. Соттолгондор өкүмдүн үстүнөн даттанышкан, бирок Бишкек шаардык соту биринчи инстанциянын чечимин күчүндө калтырган. Кызматтык иликтөөнүн жыйынтыгы боюнча шалаакылык үчүн 12 милиционер ээлеген кызматтарынан бошотулушкан, 27 кызматтык дал келбестик жөнүндө эскертүү алышкан, дагы 5 укук коргоо кызматкерине катаал сөгүш жарыяланган.*[64]

Кыргызстандын мыйзамында кылмыштын бул түрү КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2017-жылдагы редакциясында (азыркы учурда күчүн жоготкон[65]) өзүнчө беренеге бөлүнгөн – 175-берене «Адамды никеге туруу максатында уурдоо». Мыйзамга толуктоолорду киргизүүнү караштыруунун жүрүшүндө аталган беренени алып салуу зарылдыгы жана иштерди «Адам уурдоо» беренесинин алкагында кароо жөнүндө талаш-тартыштар пайда болгон. Бирок бул позиция демилгечилердин көбүнүн колдоосуна ээ болгон эмес, себеби КРнын Кылмыш-жаза кодексине 175-берене бул кылмыштын «гендердик боёгун» бөлүп көрсөтүү үчүн, статистикага

Соттун өкүмүнүн тексти жеткиликтүү (кыргыз тилинде): http://act.sot.kg/act/download/168768.pdf жана http://act.sot.kg/act/download/168768.pdf

[64] Маалымат «Кыргызстандагы Азаттык радиосунун» расмий интернет баракчасынан алынды.Кийинки ишлтеме боюнча жеткиликтүү: https://rus.azattyk.org/a/31460959.html Кайрылуу датасы: 10.05.2022. Соттун Өкүмүнүн тексти икийнки шилтеме боюнча жеткиликтүү (кыргыз тилинде): http://act.sot.kg/act/download/310713.pdf

[65] КРнын Кылмыш-жаза кодекси, 2-февраль, 2017-жыл, № 19. ( КРнын Мыйзамы менен күчүнө кирген, 24-январь, 2017-жыл, № 10, 1-январь, 2019-жыл, КРнын 28-октябрь, 2021-жыл, № 126 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту).

байкоо жүргүзүү жана аялдарга карата зомбулук кырдаалына коомдун көңүлүн бурдуруу үчүн атайын киргизилген.

Демек, бүгүнкү иштеп жаткан 2021-жылы ред.[66] КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 172-беренеси «Никеге туруу максатында уурдоо» боюнча 5 жылдан 7 жылга чейин эркинен ажыратуу жазасы караштырылган. Никеге туруу үчүн баланы (жашы жетелек өспүрүмдү) уурдагандыгы үчүн 7 жылдан 10 жылга чейин эркинен ажыратылат. Бул кылмышты жасоого тиешеси бар адамдар 7 жылга чейин эркинен ажыратылышат. Адамды никеге туруу максатында уурдоо оор кылмыш катары квалификацияланат, ошондуктан мындай окуяларда тосмо арыз жазуу же айыптоодон баш тартуу кабыл алынбайт. Бирок, азыр иштеп жаткан 2021-жылы ред.[67] КРнын Кылмыш-жаза кодексине ылайык, пробациялык көзөмөл оор дагы, ошондой эле азыраак оор дагы кылмыштар үчүн колдонулушу мүмкүн (82-бер. «Пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазадан бошотуу»).

*«Ала качууга» карата коомдун мамилеси.* 2016-жылы БУУнун Калк фонду (ЮНФПА) жана КРнын Улуттук статистикалык комитети изилдөө жүргүзүшкөн,[68] анда кызыктуу көрсөткүчтөр аныкталган. Сапаттык изилдөөгө катышкан респонденттердин көпчүлүгү (80% чукулу) аялды уурдоо тажрыйбасына ачык түрдө терс мамилесин билдиришти. Бардык респонденттердин жарымынан көбү акыркы 5 жылдын ичинде уурдоонун саны төмөндөгөндүгүн белгилешти жана 4% гана жогорулады деп айтышты. Сурамжылоого катышкандардын 70% чукулу «ала качуу» жасагандыгы үчүн кылмыш жоопкерчилиги каралгандыгы жөнүндө маалымдар болушкан. Бардык респонденттердин 40% ашыгы бул кылмыш үчүн кандай жазалоо чарасы каралгандыгын так айтып бере алышты. Маалыматтуулуктун эң жогорку деңгээли Талас облусунда экендиги аныкталды (80% ашык), ал эми эң төмөн Нарын облусунда (50% азыраак). Бирок, респонденттердин 10% «ала качууну» «салт» деп атап акташат; уурдалган аялдардын 25% ой пикирлери боюнча уурдоого кабылган аялдар аларды уурдаган адамга турмушка чыгуулары керек деп эсептешет, ал эми жарымынан азыраагы мындай тууганын дароо алып кетүүгө, артка үй-бүлөсүнө кайтарууга даяр экендиктерин айтышкан. Мындай ар түрдүү ой пикирлер бул көрүнүштүн табиятынын татаал экендигин көрсөтүп турат жана андан ары изилдөөнү талап кылат.

Мына ошентип, «ала качуу» жана балдар никелерин азыркы учурда иштеп жаткан социалдык, саясий жана маданий чоң системанын бир бөлүгү катары сүрөттөөгө болот, анда формалдуу жана формалдуу эмес институттар колдогон өзгөчө гендердик тартиптин үстөмдүгү көрүнүп турат.

Албетте, КРда үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйүн мыйзамдык көз караштан, мамлекеттик саясаттын жана стратегиялардын иштелип чыгуусу көз карашынан, бул көйгөйдү ММКга чагылдыруу көз карашынан алып карай турган болсок, позитивдүү чаралар караштырылып жатканына карабастан күчөө тенденциясына ээ болуп жатат.

Бул биздин өлкөдө үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу, токтотуу механизмдеринин спектрин кеңейтүү боюнча, зыяндуу стереотиптерди жоюу, маалымат берүү жана агартуу боюнча, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана акыйкаттуу сот адилеттиги жаатында ведомстволор

[66] КРнын Кылмыш-жаза кодекси, 28-октябрь, 2021-жыл, №127. (КРнын 28-октябрь 2021-жылдагы №126 Мыйзамы менен күчүнө кирген).

[67] КРнын Кылмыш-жаза кодекси, 28-октябрь, 2021-жыл, №127. (КРнын 28-октябрь 2021-жылдагы №126 Мыйзамы менен күчүнө кирген).

[68] «Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук» изилдөөсү боюнча отчет, БУУнун Аялдар түзүмү, Кыргызстан, 2018. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://eca.unwomen.org/sites/default/files/Field%20Office%20ECA/Attachments/Publications/2020/04/Gender%20in%20society%20perception%20study/GSPS_VAWG_RU.pdf Кайрылуу датасы 07.05.2022-ж.

аралык өз ара аракеттенишүүнүн натыйжалуу ыкмаларын колдонуу боюнча эң чечкиндүү чараларды талап кылат.

### 1.3. Сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусуна жолтоо болгон тоскоолдуктар

Ар бир демократиялык коомдун негизин мыйзамды туу тутууну бекем сактоо түзөт, ал баарынын мыйзамдын алдындагы бирдей тең укуктуулугун, көз карандысыз, жеткиликтүү эркин сот өндүрүшүн жана акыйкат жана обьективдүү мыйзамдардын системасын өзүнө камтыйт.

*Сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгү* укук үстөмдүгүнүн негизги принциби болуп саналат. Сот адилеттүүлүгү жеткиликсиз болгон учурда адамдар өз үндөрүн угуза алышпайт, өз укуктарын ишке ашыра алышпайт, басмырлоо менен күрөшө алышпайт же чечим кабыл алууда жоопкерчиликтүү адамдарды жоопкерчиликке тарттыра алышпайт.

*«Сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгү»* түшүнүгү өзүнө бир гана сот адилеттиги системасынын натыйжалуулугун гана камтыбайт, ошондой эле аялдардын жана эркектердин муктаждыктары менен реалдуу абалын эске алууну камсыз кылуу, бул система менен өз ара аракеттенишүүнүн бардык этаптарына катышуу жана маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүктөрүн берүү процессин камтыйт. Мындан сырткары, коопсуздукту камсыз кылуу жаатындагы бардык суроолор эске алынуусу керек.

Аялдардын укуктарын бузуунун өзү эле гендердик тең укусуздукка алып келет, бирок адамдын бузулган укуктарын калыбына келтирүү үчүн зарыл болгон сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусунан баш тартуу, гендердик тең укуксуздукка мыйзам алдындагы тең укуксуздук көйгөйүн кошуп татаалдаштырат. Сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусу аялдардын өз укуктарын ишке ашыруусуна жол ачат, ошентип гендердик тең укуктуулукка жетишүүгө шарт түзөт.[69]

Укуктук салттарда жана кабыл алууда аялдарга карата тең укуксуз мамиле фактору бар. Аялдар эркектер менен бирдей укуктарга жана артыкчылыктарга ээ эмес болгондуктан, мыйзам тарабынан дагы ошондой эле корголушкан эмес. Аялдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусуна тоскоолдуктарды жараткан факторлор укуктук системада дагы бар, ошондой эле андан сырткаркы чектерде дагы бар. Бул факторлорду жакшылап өздөштүрүү үчүн аларды эки категорияга бөлүү керек: укуктук/институционалдык факторлор жана социалдык-экономикалык/маданий.[70]

***Аялдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусуна жолтоо болгон тоскоолдуктардын типологиясы***

*1. Укуктук/институционалдык деңгээл.*

- Басмырлоочу же гендердик өзгөчөлүктөрдү эске алган укуктук база (ачык басмырлоочу укуктук жоболорду камтыганда; гендердик өзгөчөлүктөргө көңүл бурбаган жана аялдардын социалдык макамын эске албаган жоболор; мыйзамдагы аялдарга өлчөмсүз таасирин тийгизген көйгөйлөр менен байланыштуу мүчүлүштүктөр).

---

[69] Көрсөтүлгөн баяндаманы карагыла: Mann L., Sargsyan L. Preventing and combating violence against women and domestic violence in Armenia: training course. Erevan, 2018 г.

[70] Цитатанын котормосу ушул бөлүмдүн автору тарабынан берилди. Карагыла.: Council of Europe Gender Equality Commission. 2013. Feasibility Study: Equal Access to Justice for Women. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://rm.coe.int/0900001680597b1d Кайрылуу датасы: 10.05.2022-ж.

- Мыйзамды талкуулоо жана колдонуу чөйрөсүндөгү кыйынчылыктар.
- Натыйжасыз же татаал процесстик ченемдер (укуктук системада гендердик аспектилерди эске алган процессуалдык ченемдердин жоктугу).
- Отчеттуулуктун натыйжасыз механизмдери (бул категорияга паракорчулук кирүүсү мүмкүн).
- Юридикалык кесиптеги адистердин арасында аялдардын өкүлчүлүгүнүн жетишсиздиги.
- Юстиция системасынын кызматкерлеринин арасында гендердик стереотиптердин жана стереотиптик көз караштардын жайылгандыгы.

*2. Социалдык-экономикалык жана маданий деңгээл.*

- Укуктар жана процессуалдык ченемдер, укуктук жардам алуунун жолдору жөнүндө маалыматтын жоктугу (булар билим берүү деңгээлинде, маалыматтын жеткиликтүүлүгү ж.б. деңгээлдердеги гендердик айырмачылыктар менен шартталган болушу мүмкүн).
- Каржы ресурстарынын жоктугу (анын ичинде адвокаттын эмгек акысын, юристтердин гонорарларын, мамлекеттик пошлиналарды, транспорттук чыгымдарды жана баланы багууга кеткен чыгымдарды ж.б. төлөө үчүн каражаттардын жоктугу).
- Үй-бүлөдөгү милдеттерди бирдей эмес бөлүштүрүү.
- Гендердик стереотиптер жана маданий чектөөлөр.

Саналып өткөн факторлордун көбү аялдардын жана эркектердин ортосундагы ресурстарды жана мүмкүнчүлүктөрдү бирдей эмес бөлүштүрүүдөн келип чыгат, алар жагдайга жараша аялдарга көбүрөөк таасирин тийгизет, себеби аялдар аз өлчөмдөгү ресурстарга гана ээ болушат. Процессуалдык ченемдер көпчүлүк учурда аялдардын ансыз деле жагымдуу эмес социалдык-экономикалык абалын чыңап турат, аны жеңүүгө шарт түзбөйт. Гендердик стереотиптер институционалдык процесстерге таасирин тийгизет. Аялдардын жана эркектердин жүрүм-туруму «жагымдуу» болуусу керек деген көз караштар жана мамилелер аялдардын сот системасына кайрылуусуна тоскоолдуктарды жаратуусу мүмкүн.

АББЖК комитети эскертет:
*«Сот адилеттиги системасындагы стереотиптер жана гендердик жактан адатка айланган жалган көз караштар аялдардын өздөрүнүн адам укуктарын толук кандуу ишке ашыруу үчүн бир топ олуттуу зыяндарын тийгизет. Алар укуктун бардык чөйрөсүндө сот адилеттигинин аялдар үчүн жеткиликтүү болуусуна тоскоолдуктарды жаратат…»*[71]
Маданий стереотиптерден улам келип чыккан, сот адилеттигинин бирдей жана толук жеткиликтүү болуусуна тоскоолдуктарды жараткан факторлор мыйзамдуу чечимдерди кабыл алууга жана соттордун обьективдүүлүгүнө таасирин тийгизүүсү мүмкүн.
Мыйзамдык деңгээлде болсо, сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусуна басмырлоочу мыйзамдар тоскоол болуулары мүмкүн. Мыйзам, кылмыштардын айрым түрлөрүн бардык учурда эле так аныктабайт, мисалы, зордуктоо, анын негизги белгиси мажбурлоо болуп эсептелет. Бардык эле юристтер гендердик мамилени жетекчиликке ала беришпейт. Чындыгында болсо, аялдар үчүн сот адилеттүүлүгүнүн жеткиликтүү болуусундагы негизги тоскоолдуктардын бири, басмырлоочу мүнөзгө ээ же болбосо гендердик көйгөйдү эске албастан ишке ашырылып жаткан мыйзамдарды интерпретациялоо болуп эсептелет.

---

[71] АББЖК комитети, Аялдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусуна тиешелүү № 33 Жалпы сунуштама, 26-пункт.

Гендердик көйгөйгө кайдыгер кароого булар мисал болот, зомбулуктуу аракеттерди жасаган өнөктөштөрүн өлтүрүү жөнүндө иштерди кароонун жүрүшүндө зомбулук коркунучу түздөн-түз болгонунун, өзүн-өзү коргоо зарылчылыгы келип чыккандыгынын чектерин жогорулатпоо талабын коюу, үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулуктун жабырлануучусуна айланган айыпталуучунун жүрүм-турумунун спецификасы эске алынбагандыгы мисал боло алат. Мындан сырткары, ал тургай өнөктөшүнө карата үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулук кыйыр түрдө балага дагы тийип өткөн болсо, камкорчулук жөнүндө иштерди кароодо баланын эң мыкты кызыкчылыктарын биринчи орунга коюу менен аракеттерди уюштуруу зарылчылыгы, көп учурда ата-эне менен баланын ортосундагы байланыштын сакталышына мүмкүнчүлүк берүү зарылчылыгы катары каралат.

Аялдар үчүн сот адилеттүүлүгүнүн жеткиликтүү болуусуна олуттуу тоскоолдуктардын дагы бири, гендердик аспектилерди эске албаган процессуалдык ченемдер болуп эсептелет. Алгач мындай суроо жаралат, сот адилеттиги системасынын институционалдык жана концептуалдык түзүлүшү аялдардын укуктарын, тактап айтканда аялдарга карата зомбулуктун жана үй-бүлөлүк тиричиликтик зомбулуктан жабыркагандардын көйгөйлөрүн кандай деңгээлде камтууга жол ачат. Кылмыш сот өндүрүшүнө катышуу жабырлануучу үчүн өтө жаракаттуу тажрыйба болуп саналат, себеби жабырлануучунун мүнөзүн жана жүрүм-турумун «идеалдуу жабырлануучу» деген стереотиптик образ кылдат теңештирип койгон учурлар аз эмес, ал эми ошол эле учурда башка кылмыштардын жабырлануучулары (анын ичинде бир адам менен экинчи адамдын ортосундагы зомбулуктардан) бул процедурага кабылышпайт. Айрым юрисдикцияларда аялдарга карата зомбулуктан жана үй-бүлөлүк-тиричиликтик жабырлануучуларынын жеке жашоосун коргоого жана жаракаттарын максималдуу түрдө жумшартууга максатталган укуктук жоболор кабыл алынган эмес. Териштирүүлөр көпчүлүк учурда создуктурулат жана бул бир гана психологиялык жаракатты тереңдетпестен, ошондой эле каржылык чыгымдар менен дагы байланыштуу болуусу мүмкүн жана аялдын балдарды багуу милдетине терс таасирин тийгизет. Мына ошентип, эл аралык басмырлоого каршы ченемдерди сактоо жана сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн, мамлекет мындай иштерди кароодо гендердик спецификанын сакталуусуна жабырлануучулардын жана күбөлөрдүн артынан түшүп андууга жол бербөөгө, аялдардын ой-пикирлеринин маанилүү болуусуна кам көрүүсү керек.

**Сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүнүн шарттары.** АББЖК комитетинин № 33 Жалпы сунуштамасы [72] *бири-бири менен өз ара байланыштуу жана алмаштырылгыс 6 принципти аныктаган,* буларды сактоо сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуунун түз шарты болуп эсептелет:

1) *Соттук коргоонун мүмкүндүгү* – аялдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусун камсыз кылуу жана аларга (аялдарга) өздөрүнүн укуктарын камсыз кылууну талап кылууга жол берген шарттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү түзүү.

2) *Бар кылуу* – мамлекеттин бардык аймагында сотторду, квазисоттук же башка органдарды мамлекеттин бардык аймагында – шаардык, айылдык жана алыскы райондордо түзүү, ошондой эле алардын иштөөсүн жана каржылануусун камсыз кылуу дегенди түшүндүрөт.

[72] АББЖК комитети, Аялдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусуна тиешелүү № 33 Жалпы сунуштама, А14-пункт.

3) *Жеткиликтүүлүк* – бардык сот адилет системасы, формалдуу дагы жана квазисоттук дагы аялдар үчүн коопсуз, экономикалык жана физикалык жактан жеткиликтүү жана анын ичинде кайчылаш жана аралаш басмырлоого кабылган аялдардын дагы муктаждыктарын канааттандырууга ыңгайланышкан болуусу керек дегенди түшүндүрөт.
4) *Сапаттуулук* – системанын бардык компоненттеринин компетенттүүлүгүн, натыжайлуулугун, көз карандысыздыгын жана көз карандысыздыктын эл аралык стандарттарына дал келүүсүн түшүндүрөт, ошондой эле аялдарга карата укуктук коргоо каражаттарынын талаш-тартыштарды гендердик фактолорду эске алуунун негизинде чечүүнүн туруктуу тажрыйбасынын калыптануусуна жол ачкан, тиешелүү жана натыйжалуу чараларды ыкчам көрсөтүүнүн керектүү механизмдеринин калыптануусуна жол ачкан эл аралык стандарттарына шайкеш келүү дегенди билдирет.
5) *Укуктук коргоо каражаттарын берүү* – сот адилеттиги системасынын аялдарды коргоого жана аларга келтирилген ар бир чыгымды толугу менен калыбына келтирүүгө багытталган реалдуу чараларды кабыл алуусу дегенди түшүндүрөт.
6) *Сот адилеттиги системасынын отчеттуулугу* – соттук коргоонун мүмкүн болуусу, укуктук коргоо каражаттарынын бар болуусу, жеткиликтүү болуусу, сапаттуулугу жана аны көрсөтүү принциптерине шайкеш келүүсүн кепилдикке алууга чакырган көзөмөлдөө механизмдерин колдонуунун эсебинен камсыз кыланат. Сот адилеттиги системасынын отчеттуулугу ошондой эле, сот адилеттиги системасынын адистеринин аракеттерине көзөмөл жүргүзүүнү жана аларды мыйзамда караштырылган жоопкерчиликке тартуу дегенди түшүндүрөт.
Сот адилеттигинин толугу менен жеткиликтүү болуусун камсыз кылуу сот системасынын, укук тартиби органдарынын, жергиликтүү жана мамлекеттик бийлик органдарынын жана жарандык коом институттарынын өз ара кенен аракеттенишүүсүнөн түздөн-түз көз каранды. Муну менен катар эле, бул уюмдардын баары, сот адилеттүүлүгүнүн жеткиликтүүлүгү көйгөйүн гендердик факторлорду эске алуу менен карап чыгып, гендердик тең укуктуулукту камсыз кылуу боюнча милдеттерин түшүнүүлөрү жана бөлүштүрүүлөрү зарыл.

Сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусундагы жогоруда аталган бардык тоскоолдуктар аялдардын укуктарын бузуу, жооптуу органдардын аракетсиздиги жыйынтыкка багытталган отчеттуулук жана башкаруу механизмдеринин жоктугу, жазасыз калуу, мыйзамды туу тутуу принцибинин солгундоосу атмосферасынын күчөшүнө шарт түзөт. Мунун натыйжасында, гендердик зомбулуктун маданий жана социалдык ченемдери, бийик тобокелчиликтер катары институционалдашуусуна шарт түзөт. Коомдук-социалдык тобокелчиликтерден сырткары, экономикалык жактан түз тобокелчиликтер дагы бар.
Демек, ЕБ жана БУУнун[73] долбоорунун алкагындагы изилдөөнүн эсептөөлөрү боюнча, үй-бүлөлүк зомбулуктун кесепетинен адам өлтүргөн 1 окуяга мамлекеттин эсебинен 1 636 738 сом коротулат, ал эми бир үй-бүлөлүк зомбулук окуясына 232 040 сом коротулат, бул 2012-жылдагы эсептөөлөр экендигин эске алсак, анда бүгүнкү күндө бул сандар бир топ эле жогору.

[73] ЕБ жана БУУ долбоорунун «Үй-бүлөлүк зомбулук канча турат?» изилдөөсүнүн жыйынтыгы боюнча. 2012-жылы Кризистик борборлордун ассоциациясынын, «Алга» айылдык аялдардын бирикмесинин жана көз карандысыз эксперттердин демилгеси боюнча Бишкек шаарынын базасында ишке ашырылган.
Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: file:///C:/Users/user/Downloads/UNDP-kgz-How-much-violence-in-a-family-costs%20(1).pdf Кайрылуу датасы 07.05.2022-ж.

## 1-Бөлүмгө окуу тапшырмалары

***1.1-тапшырма.***

Дүйнөнүн жана Кыргызстандын ар түрдүү маданияттарында тарап кеткен гендердик стереотиптер жөнүндө төмөнкү келтирилген мисалдарды талкуулоо:

1) «Изги (жакшылык кылган) кыз, бул бир дагы үн чыгарбай азаптанган жана көз жумган кыз (Индия)».
2) «Кеменгер аял — эки жолу келесо» (АКШ).
3) «Жакшы жубай, бул үйдө жаракатка кабылган буттун жана эки сүзүлүп эскилиги жеткен шымдын болуусу» (Нидерланддар).
4) «Бир гана уяты жок аял өзүнүн күйөөсүн сотко берет» (Уганда).
5) «Аялдар суроо беришет, эркектер жооп беришет» (Араб өлкөлөрү, ар түрдүү тилдер).
6) «Эркектин сыймыктануусунун предмети билим менен туюндурулат, а аялдын сыймыктануусунун предмети билимден баш тартуу менен туюндурулат» (Бразилия).
7) «Аялдын жөө басканы атка жеңил» (Россия).
8) «Эгер силерге юбка жакшы жарашса, күйөөңөрдүн шымын өзүңөргө ченеп көргөнгө аракет кылбагыла» (креольский, о. Мартини).

***1.1-тапшырмага суроолор:***

- Силер өзүңөргө белгилүү маданияттагы башка макал-лакаптарды эсиңерге түшүрө аласыңарбы?
- Кыргызстан элинин маданиятындагы макал-лакаптар?
- Алар кандай гендердик стереотиптерди чагылдырып турушат?
- Гендердик стереотиптерди өзгөрткөнгө болобу жана болсо, муну ким, кантип аткара алат?

***1.2-тапшырма.***

Төмөндө келтирилген М.аттуу жарандын жашоо тажрыйбасындагы кырдаалды (бейнени) талкуулоо:

*«М. деген жаран күйөөгө чыкканына 17 жыл болду, анын 14 жылы бою күйөөсү ичкилик ичкен кезде уруп-сабап келе жатат. Ал үч ай мурун ага арыз жазды: алар акыркы жолу урушуп жатышканда, эркек адам апасына болушкан улуу кызына - беш баласынын бирөөсүнө бычак менен жулкунду. М. өзүнүн таанышы – аялдарды коргоо боюнча адвокатка кайрылган, ал аны милицияга барууга көндүргөн. Алар дароо милицияга барышкан, бирок ал жакта арыз алуудан баш тартышкан, себеби анын каттоосу башка аймакта болчу. 14 жыл мурун алардын экинчи кызы төрөлгөндөн кийин, ага тукум улоочу төрөбөгөнүнө ачууланган күйөөсү аны биринчи жолу сабаган. Ал эки кызы менен ата-энесиникине кетип калган жана улуу эжесинин айтканы боюнча ал арыз жазган. Ал кезде милиционерлер ал өзүнүн балдарынын атасына эмнеге арыз жазып жатат деп таң калышып, аны анча көңүлдөнбөй кабыл алышкан. Аны элдешүүгө көндүрүп жатышып, алар жаран М. башка жабырлануучу аялдар сыяктуу эле бир гана милиция кызматкерлеринин убактысын коротуп жатышкандыгын айтышкан. Ал эми, ал (аял) өз оюнан кайпай туруп алганда гана анын күйөөсүн бейбашчылык үчүн 15 суткага камашкан, андан соң бошотушкан. «Милиционерлер мага үй-бүлөлүк зомбулук – бул милициянын иши эмес, ал бир гана үй-бүлөнүн жеке иши жана мен болсо үй-бүлөмдү уят кылып жатканымды айтышты» - дейт жаран М.*

*Адвокат жаран М. дароо соттук-медициналык экспертизадан өтүүсүн талап кылды. Бул Ош шаарына жакын жердеги консервативдүү айылда жашаган, өзүн коргоп жаткан адамга оңойго турган жок – ажырашуу жана «урушту сырка чыгаруу» бул жерде өөн көрүнүш болуп саналат. Жаран М. күйөөсүн бошоткондон кийин, анын ата-энесинин үйүнө күн сайын келе баштады, ал бир күнү кечирим сураган жана өкүнүп жатканын билдирген, башка күнү болсо өлтүрөм деп коркуткан. Жаран М. күйөөсүнүн үйүнө кайтып келген, анын айткандары боюнча мындай кадамына ал бир нече жолу өкүнгөн. «Күйөөмө коргоо ордерин бергенден бери ал бизге тийген жок. Бирок, ал бизди күн сайын сөгөт, кыйкырат жана ар түрдүүчө мазактайт» - деп айтат жаран М. – «Эми буга кошумча анын ата-энеси дагы мага чалып жатышат жана ажырашып калсак, мен жана менин балдарым эч нерсесиз каларыбызды айтышты. Анда мен балдарым менен каякка барам?».*
*Азыр бергенден эки ай өткөндөн соң, жаран М. аны кайтарып алды, мунун ордуна күйөөсү менен балдарын алып Россияга эжесиникине кетерине уруксат берери боюнча макулдашты. Ал ага кайрадан кайрылып келеби, али билбейт. Азыр ал балдар жогорку билим алуусу үчүн иштеп акча табууну каалайт».*

***1.2-тапшырмага суроолор:***

1. Жаран М. зомбулуктун кайсы түрлөрүнө жана формаларына кабылгандыгын аныктагыла?
2. Жаран М. кырдаалын «Башкаруу дөңгөлөгү» көз карашынан анализдегиле жана талкуулагыла.
3. Жаран М. ырайымсыз мамиле Циклинин кайсы этаптарын башынан кечирди? Мүнөздөмө бергиле. Анын бул циклди үзүүсүнө жана ажырашуу арызын берүүсүнө кайсы факторлор тоскоол болду?
4. Жаран М. сот адилеттүүлүгүнүн жеткиликтүү болуусуна жолтоо болгон кандай тоскоолдуктарга кабылды?
5. Жаран М. сот адилеттүүлүгүнүн жеткиликтүү болуусу укуктарын ишке ашыруу үчүн зарыл шарттар кайсылар болушу керек экендигин анализдегиле жана атагыла.
6. Жаран М. сот адилеттүүлүгүнүн жеткиликтүү болуусу укуктарын ишке ашыруусу үчүн кандай сунуштамаларды берсеңер болот?

### 1-Бөлүмгө карата көзөмөлдөөчү суроолор

1. «ЖЫНЫСТЫК АЙЫРМАЧЫЛЫК» жана «ГЕНДЕР» дефиницияларынын айырмачылыктары эмнеде? Кийинки түшүнүктөрдүн аныктамаларын бергиле: гендердик стереотиптер, түз жана кыйыр басмырлоо, гендердик зомбулук.
2. Саясатчылар, укук коргоочулар, соттор, укук коргоо органдарынын, прокуратура, адвокатура органдарынын кызматкерлери, билим берүү жана маданият, ММК системасынын кызматкерлери, диний жамааттын өкүлдөрү, коомдук жана жарандык уюмдар, гендердик стереотиптерди кандайча өзгөртө алышат?
3. Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенцияга (АББЖК), Пекин декларациясына жана Аракеттер платформасына мүнөздөмө бергиле?
4. «Гендердик тең укуксуздук» индексине мүнөздөмө бергиле. КР бул индексте канчанчы позицияда турат?
5. «Мыйзамдагы комплекстүү гендердик ыкма» деген эмнени түшүндүрөт? Ченемдик-укуктук актыларга гендердик экспертиза жүргүзүү деген эмне? Ал ким тарабынан жүргүзүлөт?

6. Силер зомбулуктун кандай формаларын жана түрлөрүн билесиңер? «Башкаруу дөңгөлөгү» деген эмне? Аны түзгөн негизги компоненттерди жана ырайымсыз мамиле циклинин негизги этаптарын атагыла.

7. КРнын тарыхый өнүгүшүнүн ар түрдүү этаптарындагы кыргыздардын салттарында жана адаттарында аялдын ролу кандай болгон? Заманбап Кыргызстандагы аялдын ролу кандай?

8. Гендердик күн тартиби суроолорун жөнгө салган негизги эл аралык актыларды атагыла.

9. КРнын гендердик тең укуктуулук суроолорун жөнгө салган негизги ченемдик-укуктук актыларын атагыла.

10. КРдагы эл аралык актыларга жана мыйзамдарга ылайык кийинки түшүнүктөргө аныктама бергиле: үй-бүлөлүк зомбулук, гендердик зомбулук, виктимизациялоо кайталап виктимизациялоо.

11. КРда сот адилеттүүлүгүнүн жеткиликтүү болуусуна жолтоо болгон кандай тоскоолдуктар бар?

# 2. АЯЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУКТУН ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨЛҮК-ТИРИЧИЛИКТИК ЗОМБУЛУКТУН АЛДЫН АЛУУНУН ЖАНА КҮРӨШҮҮНҮН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

## 2.1. Эл аралык-укуктук негиздер

Эгерде бул Окуу куралынын мурунку бөлүмүндө гендердик көйгөйдү жалпысынан түшүнүү эволюциясын сүрөттөгөн негизги эл аралык актылардын тизмесин келтирсек, анда бул бөлүмдө негизги көңүл аялдарга карата зомбулук күн тартибин ырааттуулук менен бөлүп чыккан эл аралык актыларга багытталат жана алардын ичинен негизги катары көрсөтүлгөн стандарттарды кенен карап чыгабыз.

**Аялдарга карата зомбулукка тиешелүү негизги эл аралык актылар:**

- БУУнун Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенциясы (АББЖК);[74]
- АББЖК №9 Жалпы сунуштамасы; [75]
- АББЖК гендердик зомбулук жөнүндө №35 жалпы тартиптеги эскертүүсү;[76]
- БУУнун аялдарга карата зомбулуктун тамырын кыркуу жөнүндөгү декларациясы;[77]
- Европа Кеңешинин аялдарга карата зомбулукту жана үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын-алуу жана күрөшүү жөнүндө Конвенциясы (Стамбул конвенциясы).[78]

Аялдарды үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо чөйрөсүндөгү борбордук жана негизги документ *АББЖК* болуп эсептелет. Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндөгү комитет, катышуучу-мамлекеттердин АББЖК ченемдерин аткаруусунун үстүнөн көзөмөл жүргүзүү үчүн түзүлгөн жана үй-бүлөлүк зомбулукту аялдарга карата гендердик басмырлоонун формасы деп таануу боюнча негизги күч болуп калды. Бактыга жараша, анын ишмердүүлүгүнүн натыйжасында аялдарга карата үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулук адам укуктарын орой түрдө бузуу катары каралып баштады, ал мамлекеттен бул чөйрөдөгү бир нече милдеттенмелерди аткарууну талап кылат. Мисалы, АББЖК аялдарга карата зомбулукту же үй-бүлөлүк зомбулукту аялдарга карата зомбулуктун түрлөрү катары түз бөлүп көрсөтпөсө дагы, АББЖК 2-беренесинде «Катышуучу-мамлекеттер аялдарга карата зомбулукту анын бардык формаларында таалкуулайт» деп жазылып турат жана мамлекетти мындай басмырлоолордун тамырын кыркуу үчүн тиешелүү чараларды көрүүгө чакырат. АББЖК Комитети 1989-жылдан 2018-жылга чейинки мезгил аралыгында бул чөйрөдөгү эл аралык-укуктук стандарттарды калыптандыра алды, мамлекетке жүктөлө турган материалдык жана процессуалдык милдеттенмелердин кеңири чөйрөсүн аныктады.

1993-жылы БУУнун Башкы Ассамблеясы *Аялдарга карата зомбулуктун тамырын кыркуу жөнүндөгү Декларациясын* кабыл алды. Декларация аялдарды зомбулуктан коргоо, анын ичинде

---

[74] Караңыз.: Бул Окуу куралынын 9-сноскасын.

[75] АББЖК, «№19 Жалпы сунуштама» (1992-ж.). Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/cedaw_handbook/cedaw_rec19.pdf Кайрылуу датасы 07.05.2022-ж.

[76] №19 Жалпы сунуштаманы жаңылоо үчүн арналган Аялдарга карата гендердик зомбулук жөнүндө № 35 жалпы сунуштама. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://documents-dds-ny.un.org/doc/UNDOC/GEN/N17/231/56/PDF/N1723156.pdf?OpenElement Кайрылуу датасы 090.05.2022-ж.

[77] Аялдарга карата зомбулуктун тамырын кыркуу жөнүндө декларация. 1993-жылдын 20-декабрында Башкы Ассамблеянын 48/104 резолюциясында кабыл алынган. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/violence.shtml Кайрылуу датасы 09.05.2022-ж.

[78] Караңыз: Бул Окуу куралынын 36-сноскасын.

үй-бүлөлүк зомбулук боюнча эл аралык ченемдердин биринчи расмий жыйнагы болуп калды. Декларацияда зомбулуктун бардык түрлөрүнүн аныктамалары берилген, анын пайда болуусунун негизги чөйрөлөрү аныкталган: үй-бүлө, коом жана мамлекет.

Бул «Аялдардын укуктары жөнүндө Билль» чыныгы багыт көрсөткүч болуп эсептелет. Анда эки жыныстын өкүлдөрү үчүн жалпы жана бардык маданияттарга тиешелүү, бардык элдерге жайылтылган жалпы жана ажыратылгыс укуктардын принциптери чагылдырылган».[79] Кофи Аннан айым (ошол учурдагы БУУнун Башкы катчысы) 1999-жылдын 10-декабрында аялдарды зомбулуктун бардык формаларынан коргоону камсыз кылуу үчүн улуттук аракеттер планын иштеп чыгуу милдетин койгон. 1994-жылы БУУнун адам укуктары боюнча БУУнун Комиссиясы аялдарга карата зомбулук суроолору боюнча атайын баяндамачыны (ыйгарым укуктуу) дайындоо жөнүндө чечим кабыл алган, анын мандатына аялдарга каршы зомбулук көйгөйүн, анын себептерин жана зыяндарын изилдөө, ошондой эле мындай зомбулуктун тамырын кыркуу боюнча чараларды сунуштоо кирген. Муну менен катар эле, *Аялдарга карата зомбулуктун тамырын кыркуу жөнүндө декларациясына* ылайык аялдарга карата зомбулук адам укуктарын жана аялдардын эркиндиктерин бузуу болуп эсептелет, ошондой эле алардын бул укуктарынан колдонуусуна тоскоолдуктарды жаратат же жол бербейт, ал эми үй-бүлөлүк (тиричиликтик) зомбулук болсо, жөн гана улуттук кылмыш, сот адилеттигиндеги көйгөй катары эмес, адам укуктары чөйрөсүндөгү көйгөй катары квалификацияланган жана каралган.

*АББЖК №19 Жалпы сунуштама* аялдарга карата зомбулук көйгөй экендигин, анын басмырлоочу мүнөзүнө орун жок болуусу керектигин актуалдаштырат жана анын тамырын кыркуу боюнча өлкөлөрдөн чечүүчү аракеттерди талап кылат.

Гендердик зомбулук жөнүндө *№35 жалпы тартиптеги эскертүүлөр* кадимки эл аралык укуктун таанылган ченеми катары аялдарга карата зомбулукту жасоого тыюу салгандыгын жарыялайт жана улуттук деңгээлде ишке ашырыла турган кеңири көлөмдүү глобалдуу план катары караштырат.

Акыркы жыйырма жылдын ичинде мамлекеттер үй-бүлөлүк тиричиликтик зомбулуктан коргоо, жабырлануучуларга жардам көрсөтүү жана зомбулук жасагандарды жазалоо үчүн юридикалык жана башка чараларды активдүү көрө башташты. Бул бир катар эл аралык-укуктук документтерде өз ордун тапты жана мурда «жеке» же «үй-бүлөнүн» иши катары каралып келе жаткан бул суроону чечүү үчүн жоопкерчиликти мамлекет өз мойнуна алды.

Демек, бул убакыт аралыгынын ичинде дээрлик бардык эл аралык уюмдар, аялдарга карата зомбулукту сынга алган түшүнүктөрдү өз документтерине киргизишти.

**«Зомбулук» терминологиясы.** Ар башка өлкөлөрдүн ар түрдүү ченемдик-укуктук документтеринде колдонулган түшүнүктөрдөгү терминологиялык айырмачылыгын белгилөө зарыл: гендердик зомбулук, аялдарга карата зомбулук, үйдөгү зомбулук, үй-бүлөлүк зомбулук, тиричиликтик зомбулук. Айрым учурларда түшүнүктөр бирдей түшүнүктөрдү жана ыкмаларды камтышат жана аялдарга карата зомбулук өзүнө үй-бүлөлүк, тиричиликтик зомбулукту камтыган көбүрөөк кеңири алкактай мүнөздөлөт.

*Аялдарга карата зомбулук:* гендердик белгилери боюнча жасалган бардык зомбулук актылары: алар коомдук же жеке жашоодо орун алып жаткандыгынан көз карандысыз түрдө аялдарга карата дене бойлук, сексуалдык, психологиялык, экономикалык зыяндарга же азаптануларга алып келүү

---

[79] Аялдарга карата зомбулуктун бардык формаларын жоюу боюнча Конвенциянын 30-жылдыгына карата жыйнак. (CEADW), Кыргызстанда зомбулуктун тамырын кыркуу боюнча кадамдар, Кризистик борборлордун ассоциациясынын ишмердүүлүгү, Кыргызстандагы Сорос Фонду, КБА. Кийинки шилтеме боюнча жеткиликтүү: [https://soros.kg/wp-content/uploads/2019/07/CEDAW_30-anniversary.pdf](https://soros.kg/wp-content/uploads/2019/07/CEDAW_30-anniversary.pdf) Кайрылуу датасы 10.05.2022-ж.

же алып келиши мүмкүн, анын ичинде мындай актыларды жасоо коркунучу, мажбурлоо же күч колдонуп эркинен ажыратуу.[80] БУУнун көптөгөн документтеринде «гендердик зомбулукту» «аялдарга карата зомбулук» жана «гендердик белгиси боюнча аялдарга карата зомбулук катары түшүнүү зарыл.

*Үй-бүлөлүк зомбулук*: үй-бүлөнүн же күнүмдүк тиричиликтин айланасында, же болбосо мурунку же азыркы жубайлардын, же өнөктөштөрдүн ортосунда, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адам жабырлануучу жашаган жерде жашайбы же жокпу көз карандысыз түрдө болуп өткөн бардык дене бойлук, сексуалдык, психологиялык же экономикалык зомбулук дегенди түшүндүрөт.[81] КМШ мамлекеттеринин аймагындагы көптөгөн ченемдик-укуктук документтерде «үй-бүлөлүк зомбулук» же «үй-бүлөлүк-тиричиликтик» терминдери колдонулат, булар өздөрүнүн түзүлүшү жана мазмуну боюнча «үй-бүлөлүк зомбулук» терминине дал келет. Окуу куралында «үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулук» деген термин колдонулат.

Эл аралык тажрыйбада, үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулукка тиешелүү мыйзам үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулукту негизинен дене бойлук катары кароодон башталып, маанилүү трансформациялоодон өттү жана мыйзам чыгаруучулар зомбулуктун кийинки түрлөрүнүн баарын же айрымдарын мыйзамга киргизип жатышат жана/же оңдоп-түзөп жатышат: дене бойлук, сексуалдык, эмоционалдык жана/же психологиялык, патримониалдык, жеке менчик укугу боюнча жана/же экономикалык.

*Мисалы, Аялдарды тиричиликтик зомбулуктан коргоо жөнүндө 2005-жылы Индияда кабыл алынган Мыйзамдын II бөлүмү дене бойлук, сексуалдык, вербалдык, эмоционалык жана экономикалык мүнөздөгү кыянаттык менен пайдаланууну камтыйт, ал эми Бразилияда 2006-жылы кабыл алынган Марии да Пенья Мыйзамынын 5-беренесинде мындайча көрсөтүлгөн «ааялдарга карата тиричиликтик жана үй-бүлөлүк зомбулук гендердик белгисине негизделген, аялдын өлүмүнө, дене бойлук жаракаттарга, дене бойлук, сексуалдык же психологиялык азаптануупарына, ошондой эле моралдык же патримониалдык зыяндарга алып келе турган бардык аракеттер жана аракетсиздиктер болуп эсептелет». Ливанда үй-бүлөдөгү зомбулук жөнүндө мыйзам үй-бүлөлүк зомбулук үй-бүлөнүн мүчөсү тарабынан жыныстык белгиси боюнча жасалган жана зыяндары аялга дене бойлук, психологиялык, сексуалдык же экономикалык мүнөздөгү залакаларды жана азаптанууларды алып келе турган бардык зомбулуктуу аракеттерди камтыйт.*[82]

КРда болсо, КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамына ылайык[83] «үй-бүлөлүк зомбулук» түшүнүгү өзүнө жетишерлик түрдө кеңири аныктаманы камтыйт жана мындайча түшүндүрүлөт – үй-бүлө мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын башка үй-бүлө мүчөсүнө/ага теңештирилген адамга карата дене-бойлук, психологиялык, экономикалык мүнөздөгү атайылап жасаган аракеттери же алардын коркунучу, ошондой эле этибарсыз мамилеси (1-берене).

---

[80] Стамбул конвенциясына түшүндүрмө баяндама.

[81] Ошол жерден караңыз.

[82] ST/ESA/329 Бириккен Улуттар Уюмунун Басылмасы. Экономикалык жана социалдык суроолор боюнча департамент. Аялдардын абалын жакшыртуу боюнча бөлүм, Аялдарга карата зомбулук суроолору боюнча мыйзамдарды иштеп чыгуу үчүн Окуу куралы, 2010-ж. Кийинки шилтеме боюнча жеткиликтүү. https://www.un.org/womenwatch/daw/vaw/handbook/Handbook%20for%20legislation%20on%20VAW%20(Russian).pdf Кайрылуу датасы 10.05.2022

[83] КРнын 2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 Мыйзамы «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө».

АББЖК комитети, гендердик зомбулук АББЖК1-беренесинин маанисинде басмырлоо болуп саналат деп аныктаган. Комитет гендердик зомбулук – «Бул аялга анын аял жынысына тиешелүү болгондугу үчүн жасалган же аялга ченелгис катуу терс таасирин тийгизген зомбулук» деп белгилеген.

*Аялдарга карата зомбулуктун тамырын кыркуу жөнүндөгү декларация (3-берене)* албетте аялдарга карата зомбулук адамдын негизги укуктарын жана эркиндиктерин бузуу болуп саналат деп жарыялады, алар жашоо укугу, тең укуктуулук, жеке кол тийбестик, ден соолукту сактоо, эмгектенүү үчүн адилеттүү жана жагымдуу шарттардын болуусу, кандай гана формада болбосун басмырлоого кабылбоо укугу, кыйноолордун жана ырайымсыз же адамдын кадыр-баркын басынткан мамилелердин обьектиси болбоо укугу, ошондой эле мамлекеттерди «аялдарга карата зомбулук актыларынын алдын алуу жана иликтөө суроолоруна жана аларды жасагандыгы үчүн мындай актылар мамлекет же жеке адамдар тарабынан жасалгандыгынан көз карандысыз түрдө, улуттук мыйзамдарга ылайык жазалоого тиешелүү көңүл бурууга» чакырат.

ЕККУнун катышуучу-мамлекеттери аялдарга карата зомбулукту токтотуунун маанилүүлүгүн ушуга окшош эле образда белгилешти, гендердик тең укуктуулукту колдоо Аракеттер Планы (2004), ал гендердик зомбулуктун бардык формаларын токтотуу үчүн ЕККУнун түзүмдөрүнүн дарегине карата көрсөтмөлөрдү камтыйт.

Так айта турган болсок, ЕККУнун Министрлер кеңешинин аялдарга карата зомбулукка жол бербөө жана токтотуу жөнүндө чечими (2005), ЕККУнун катышуучу-мамлекеттерин башка милдеттеринен сырткары «укуктук коргоонун орундуу чараларын караштырган жана кылмыштык жактан жазалануучу жосундардын катарында гендердик принциптери боюнча жасалган зомбулукка тиешелүү мыйзамдуу чараларды көрүүгө жана колдонууга», ошондой эле «ошондой эле зомбулуктан жабыр тарткан бардык аялдарды толук кандуу коргоого кепилдик берүүгө» чакырат.

Дээрлик бардык эл аралык жана аймактык укуктук куралдар аялдарга карата зомбулук, үй-бүлөлүк зомбулукту кошкондо «басмырлоонун себеби жана жыйынтыгы экендигине» жана ал «мүнөзү боюнча түзүмдөшкөн» экендигине макулдугун билдиришкен. Ар кыл изилдөөлөр гендердик тең укуксуздуктун деңгээли менен, гендердик стереотиптерди колдоонун жана аялдарга карата зомбулук менен үй-бүлөлүк тиричиликтик зомбулуктун ортосунда өз ара түз байланыш бар экендигин көрсөттү. Буга ылайык, аялдарга билим алууга, татыктуу ишке орношууга, ден-соолукту сактоого, жашоонун жана коопсуздуктун стандарттык деңгээлине, экономикалык ресурстардын жеткиликтүүлүгүнө, саясий жана мамлекеттин жашоосуна катышууга, гендердик стереотиптердин тамырын жулууга багытталган программаларга катышууга кеңири кепилдиктерди берүү.

Мына ушинтип үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулукту токтотууга багытталган бардык мыйзамдык реформа гендердик тең укуктуулукту колдоого алууну, маалыматтуулукту жогорулатуу үчүн жана жашоонун бардык чөйрөлөрүндө аялдын ролун бекемдөө үчүн көбүрөөк кеңири, комплекстүү ыкманы колдонуу менен коштолуусу керек. Бул ошондой эле, жабырлануучулардын үй-бүлөлүк зомбулук окуялары жөнүндө билдирүүнү же айыптоону каалабагандыгынын себептеринин бири болуп эсептелген аялдардын потенциалдуу кылмышкерлерден көз карандуулугун төмөндөтүүгө жардам берет.

*АББЖК №19 Жалпы сунуштама* гендердик зомбулук менен салттык гендердик стереотиптердин ортосундагы түз байланыш бар экендигин көрсөтөт:

*«Аялдар эркектерге баш ийишет деп эсептеген салттык көз караштар же болбосо стереотиптик ролдор, үй-бүлөлүк зомбулук жана ырайымсыз мамиле сыяктуу зомбулук же мажбурлоо менен байланыштуу кеңири тараган тажрыйбаны бекемдеп, алардын өмүрүн узартып жатат… Мындай эски көз караштар жана тажрыйбалар жыныстык белгилери*

*боюнча зомбулукту, аялды коргоонун же алардын үстүнөн көзөмөлдөөнүн формасы катары актоосу мүмкүн».*

*Стамбул конвенциясы* мамлекеттер аялдардын жана эркектердин ролдору жөнүндө стереотиптүү же аялдар толук кандуу өз алдынча боло алышпайт деген идеяларга негизделген эскичил көз караштардын, салттардын, адаттардын жана мындай тажрыйбалардын бардык түрлөрүнүн тамырын кыркуу максатында, аялдардын жана эркектердин жүрүм-турумдарынын социалдык жана маданий моделдерин өзгөртүү үчүн зарыл чараларды кабыл алууларын талап кылат.

Аялдарга карата зомбулук көйгөйүн чечүүдө аярлуу же маргиналдашкан топторго өзгөчө көңүл бурулуусу зарыл. Буга кошумча, *Аялдарга карата зомбулуктун тамырын кыркуу жөнүндө Декларация* аялдардын айрым топтору, мисалы, азчылыктардын топторуна, түпкү элдерге тиешелүү аялдардын, качкын аялдардын, мигрант аялдардын, айыл жерлеринде же алыскы райондордо жашаган аялдардын, кароосуз калган аялдардын, мекемелердеги же эркиндигинен ажыратылган аялдардын, майыптыгы бар аялдардын жана кыздардын, улгайган аялдардын жана куралдуу карама-каршылыктар кырдаалындагы аялдардын зомбулукка кабылуу тобокелчилиги жогору экендигине көңүл бурат.

### 2.1.1. Жабырлануучулардын кызыкчылыктарына багытталган, адам укуктарына негизделген жана адам укуктарына колдонулган ыкма

Зомбулукту башынан өткөргөн аялдарга саламаттыкты сактоо, психологиялык кызматтардын жана колдоо көрсөтүүнүн башка түрлөрүнүн өз убагында жеткиликтүү болуусун талап кылынат, аларга биринчи медициналык жардам көрсөтүлүшү керек, андан ары зомбулук актылары жасалуусунан коргоо жана алардын узак мөөнөттүү муктаждыктарын чечүү сунуш кылынуусу зарыл. Ушуга байланышуу, *жабырлануучу адамдын муктаждыктары жана көйгөйлөрү маанилүү деп эсептелген* усул өзгөчө роль ойнойт. Зомбулуктун жабырлануучулары жардам алуу үчүн мындай кызматтарды көрсөткөн бардык уюмдарга кайрылышса боло тургандыгы менен, жалгыз эле ушул жалпы жардам көрсөтүүчү кызматтардын (юридикалык жардам көрсөтүү борборлору, ооруканалар, турак-жай кызматтары) болуусу жетишсиз. Алардан «гендердик белгиси боюнча зомбулуктан жабырлануучулардын көптөгөн муктаждыктарын адистештирилген жардам берүү кызматтары көрсөткөн сыяктуу жетишерлик деңгээлде ар тараптуу канааттандыра алышат деп күтүүгө болбойт».[84]

Үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулуктун жабырлануучулары жана алардын балдары же башка үй-бүлө мүчөлөрү үчүн *адистештирилген кызмат көрсөтүүлөргө* кайрылган адамдарды тиешелүү органдарга, ыкчам жардам көрсөтүү кызматтарына жана убактылуу баш калкалоочу жайларга жиберип багыттаган жана маалыматтарды берген «түз байланышуу» түйүндөрүн кошууга болот. Аялдарга карата зомбулуктун жана үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулуктун мүнөзүнө жараша жана алардын зомбулукту башынан өткөргөн адамдардын жашоосуна тийгизген таасиринин олутуулугуна, жараша алар муктаж болгон жардамдар дагы ар түрдүү формада болуусу мүмкүн. Ошондуктан, жардам көрсөтүүчү тиешелүү кызматтар тарабынан берилүүчү кызматтар медициналык (сексуалдык жана репродуктивдик ден-соолукту сактоо боюнча кызматтарды кошкондо) кызматтарды, психологиялык жана юридикалык консультациялоону, кесиптик даярдоону, ошондой эле ишке орношууга жардам берүүнү камтуусу керек.

[84] Караңыз.: Mann L., Sargsyan L. Preventing and combating violence against women and domestic violence in Armenia: training course. Erevan, 2018. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://rm.coe.int/eur-justice-eng/168093c14a

Зомбулукка кабылган адамдарга алар өздөрү муктаж болуп жаткан адистештирилген кызмат көрсөтүүлөрдүн бардык спектри жеткиликтүү болуусу үчүн жардам көрсөтүүнүн көп секторлуу механизмин түзүү жана ишке киргизүү зарыл. Мындан сырткары, зомбулукту башынан өткөргөн адамдарга колдоо көрсөтүүгө катышкан көп сандагы ведомстволордун ортосундагы өз-ара аракеттенишүүнү жеңилдетүүчү система зарыл.

Зомбулукту башынан өткөргөн аялдарга колдоо көрсөтүүнүн көптөгөн моделдери бар жана мамлекет мындай колдоо көрсөтүүнү каржылоо жана координациялоо боюнча маанилүү функцияларды аткарышы керек. Мамлекеттик органдардын жана аялдар бейөкмөт уюмдарынын ортосундагы өз-ара аракеттенишүү өзгөчө маанилүү, аялдар көпчүлүк учурда ал тургай аларга мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр жеткиликтүү болгон учурда дагы бейөкмөт уюмдарынын жардамына кайрылууга ыкташат. Коргоо жана колдоо көрсөтүү мамлекеттик органдар же мамлекеттик эмес уюмдар тарабынан камсыз кылынып жатканынан көз карандысыз түрдө алардын баары жалпы принциптерди жана сапаттуулук стандарттарын кармануулары керек.

***Жабырлануучуга багытталган ыкма*** кызматтарды эч кандай талкуулоосуз, сындабастан, өтө кылдаттыктын жана түшүнүүнүн негизинде көрсөтүүнү камсыз кылуу үчүн, негизги көңүлдү системалуу түрдө жабырлануучунун муктаждыктарына жана көйгөйлөрүнө буруу катары аныкталат. Жабырлануучунун каалоосу, коопсуздугу жана бакубаттуулугу бардык суроолордо жана процедураларда артыкчылыктуу мааниге ээ.

*Жабырлануучунун кызыкчылыктарына багытталган ыкма* кылмыш сот адилеттиги процессине байланыштуу кайталап жаракатка кабылтууну минимизациялоого багытталган, ал жабырлануучунун адвокаттарына жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөргө колдоо көрсөтүү, процесстин катышуучусу катары жабырлануучунун укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жолу аркылуу минимизацияланат.

Мындай учурда жабырлануучуларды ар тараптуу колдоого алган жана ага багытталган чараларды көрүүнү камсыз кылуу үчүн укук коргоо органдары менен өнөктөштүк мамиледе болуу, чечүүчү мааниге ээ.

Үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулук окуяларына чара көрүү, процесстин жүрүшүнүн бардык учурунда жабырлануучуларды коргоо жана алардын укуктарынын сакталышын камсыз кылуу үчүн кылмыш-жаза, сот адилеттиги системасынын тарыхый жактан натыйжасыз болуп келе жатканын эске алуу менен, Стамбул конвенциясынын маанилүү өзгөчөлүгү жабырлануучулардын укуктарын камсыз кылуу болуп эсептелет. Ал жабырлануучулардын башка укуктары менен бир катарда кийинки укуктарын камсыз кылат:

- Жеткиликтүү юридикалык жана башка кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө алар түшүнгөн тилде адекваттуу жана өз убагында маалымат берүү (19-бер.);
- Юридикалык жана психологиялык консультациялар, каржылык жардам, турак жай, билим берүү жана кесиптик даярдоо сыяктуу калыбына келтирүүгө таасирин тийгизген кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү (20-бер.);
- Укуктук коргоонун жеткиликтүү жарандык каражаттары, анын ичинде компенсация (29-30-беренелер);
- Орунсуз кечиктирүүлөрсүз иликтөөлөр жана териштирүүлөр (49-50-беренелер);
- Жабырлануучуларды жана алардын үй-бүлөлөрүн коркутуудан, өч алуудан коргоо үчүн чаралар (бул кайсы жерде мүмкүн болсо), үнүн жеткире алуу укугу, иликтөөнүн жүрүшү жөнүндө маалыматтарга ээ болуу, котормочу алуу укуктары (56-бер.)

Бул кызматтарды көрсөтүү жабырлануучулардын айыптоону илгерилетүү же көрсөтмө берүүсүнөн көз каранды болбойт жана көрсөтүлүүчү кызматтар аярлуу адамдардын муктаждыктарын, анын

ичинде жабыр тарткан балдардын муктаждыктарын канааттандыра турган абалда болуусу керек. Кызмат көрсөтүүлөр географиялык жактан жабырлануучуларга жеткиликтүү болуусу керек.
Ал эми жабырлануучунун маалыматка ээ болуу укугу тууралуу айта турган болсок, анда маалыматка карата кошумча укуктар иликтөө жана соттук териштирүү стадиясында пайда болот. Аларга кийинкилер жөнүндө маалыматка ээ болуу укугу кирет:
- алардын укуктары жөнүндө, анын ичинде даттанууларды кароонун эл аралык механизмдери жөнүндө,
- алардын даттанууларынын макамы жөнүндө,
- иликтөөнүн жана териштирүүнүн жүрүшү жөнүндө,
- териштирүүдөгү алардын ролу жөнүндө,
- иштин жыйынтыгы жөнүндө.

Жабырлануучуларга бардык этаптарда бериле турган маалыматтар бир гана оозеки формада эмес, жазуу формасында дагы берилүүсү керек.
*Адам укуктарына негизделген ыкма* жабырлануучулардын адам укугу кылмыш сот адилеттигинин бардык процессинин жүрүшүндө корголуусун жана жабырлануучуга жардамчы кызмат көрсөтүүлөрдүн спектри жеткиликтүү болуусун талап кылат. Бул жабырлануучунун коопсуздугун, конфиденциалдуулукту жана анонимдүүлүктү бардык убакта камсыз кылууну талап кылат. Үй-бүлөлүк тиричиликтик зомбулук жана ага мамлекеттин натыйжасын чара көрүүсү жабырлануучунун кийинки укуктарынын көп бузулуусуна алып келет:
- жашоого карата укугу,
- кыйноолордон же ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелерден эркин болуу укугу,
- эркиндикке жана жеке коопсуздукка ээ болуу укугу,
- мыйзам алдында бирдей коргоого ээ болуу укугу,
- басмырлоого тыюу салуу,
- жеке жана үй-бүлөлүк жашоого ээ болуу укугу,
- адилеттүү соттук териштирүү укугу,
- дене бойлук жана психикалык ден-соолуктун эң жогорку жеткиликтүү деңгээлине ээ болуу укугу.

**а) АББЖК көрсөтүлгөн стандарттар**

**АББЖК** жетектөөчү принциптери:

1. *«Реалдуу тең укуктуулук» принциби.* АББЖК формалдуу тең укуктуулук жана «реалдуу тең укуктуулук» бар экендигин тааныйт, тактап айтканда гендердик жактан нейтралдуу документтерде (саясатта, программаларда, өнүктүрүү пландарында, мыйзамдарда ж.б.) айтылган тең укуктуулук жашоодогу реалдуу тең укуктуулуктан абдан айырмаланат. Формалдуу тең укуктуулук аялдарга жана эркектерге бирдей укуктарды натыйжалуу камсыз кылууга кепилдик бере албайт. Бул нейтралдуу документтер аялдардын жана эркектердин ортосундагы физиологиялык жана гендердик айырмачылыктарды эске албагандыгы менен байланыштуу.

Реалдуу тең укуктуулукка жетишүү үчүн аныкталган бир чараларды көрүү зарыл, алар кийинкилерди камсыз кылууга шарттайт:

1) *мүмкүнчүлүктөрдүн тең укуктуулугуна* - аялдар үчүн өлкөнүн бардык ресурстарынын бирдей жеткиликтүү болуусу дегенди түшүндүрөт.

2) *мүмкүнчүлүктөрдүн жеткиликтүүлүгүнүн тең укуктуулугуна* – «реалдуу тең укуктуулук» түшүнүгүнүн маанилүү элементи. Жалпыга жарыя кылынган тең укуктуулук саясатында стереотиптерге жана кайдыгер мамилелерге негизделген көп сандагы тоскоолдуктар бар.
3) *жыйынтыктардын тең укуктуулугуна*. Эркектердин жана аялдардын ортосундагы ар түрдүү жакшы нерселерди бирдей бөлүштүрүү.
2. *Басмырлабоо принциби*. Басмырлоо алсыздандырууга багытталган же аялдардын өз укуктарын колдонууларын же ишке ашырууларын таанытпай жокко чыгарат (бир чөйрөдөгү басмырлоо жашоонун башка чөйрөсүндөгү басмырлоого алып келет).
Басмырлоо атайылаган дагы, ошондой эле атайылабаган дагы болушу мүмкүн. Аны жасоо ниети бар болгонбу же жокпу маанилүү эмес, басмырлоонун бар болуу фактысынын өзү маанилүү. Бирок, конвенция тарабынан кепилдикке алынган укуктарынан тоскоолдуксуз пайдалана билүү үчүн ал укуктарды ишке ашырууга же ишке ашыруудан баш тартууга аракет кылууда тоскоолдуктар болгондугун далилдөө, жана демек эмнени өзгөртүү керек экендигин көрсөтүү зарыл.
3. *Мамлекеттин милдеттенмелери принциби.* АББЖК ратификациялаган мамлекет тең укуксуздук жана басмырлоо бар экендигин, ошондой эле улуттук деңгээлде аялдардын жана эркектердин тең укуктуулугун камсыз кылуу боюнча өзү тараптан чаралар кабыл алынуусу зарыл экендигин автоматтык түрдө тааныйт. Бул аркылуу катышуучу-мамлекет АББЖК ченемдери жана стандарттары менен байланышта болуп калат жана АББЖК Комитети тарабынан көзөмөлгө макул болот.
АББЖК ратификациялоодо мамлекет өзүнө кийинки милдеттенмелерди алат:
- АББЖК ченемдерин аткарууну камсыз кылуу үчүн аныкталган бир чараларды көрүү;
- бардык тиешелүү ыкмаларды колдонуу аркылуу аялдарга карата басмырлоону жоюу саясатын жүргүзүү жана аялдардын жана эркектердин тең укуктуулугуна реалдуу иш жүзүндө жетишүү, жыйынтыктарга тиешелүү милдеттенмелер ушуну түшүндүрөт;
- аялдардын жана эркектердин тең укуктуулугу принцибин өзүнүн улуттук Конституциясына, же башка тиешелүү мыйзамдарга киргизүү аркылуу басмырлабоо саясатын жүргүзүүнү камсыз кылуу;
- аялдардын ар тараптуу өнүгүүсү жана прогрессти камсыз кылуу, аялдардын жана эркектердин ортосунда тең укуктуулуктун реалдуу болуусун калыптандыруу үчүн активдүү чараларды кабыл алуу;
- анын юрисдикциясындагы жарандардын укуктарын камсыз кылуу.

**б) Стамбул конвенциясында көрсөтүлгөн стандарттар**

Жогоруда айтылып өткөндөй, Стамбул конвенциясы аялдарга катара зомбулукту адам укуктарын бузуу жана аялдарга карата басмырлоонун формасы катары аныктайт жана алар коомдук же жеке жашоодо орун алып жаткандыгынан көз карандысыз түрдө аялдарга карата дене бойлук, сексуалдык, психологиялык, экономикалык зыяндарга же азаптанууларга алып келүү же алып келиши мүмкүн болгон адам укуктарын бузуу, анын ичинде мындай актыларды жасоо коркунучу, мажбурлоо же күч колдонуп эркинен ажыратуу катары аныктайт.
Стамбул конвенциясынын Преамбуласында аялдарга карата зомбулук аялдардын жана эркектердин ортосундагы күчтөрдүн тарыхый жактан бирдей эмес, тең салмаксыз болуп калыптанып калуусу көрүнүшү экендигин, ал эркектердин аялдардын үстүнөн кысым жасоолоруна жана басмырлоолоруна алып келгендигин, ошондой эле аялдардын абалынын ар тараптан жакшыртууга тоскоол боло тургандыгы таанылат. [и] аялдарга карата зомбулуктун түзүмдүк мүнөзү гендердик зомбулук, жана аялдарга карата зомбулук аялдарды эркектерге

салыштырмалуу баш ийген абалда болууга мажбур кылуучу негизги социалдык механизм болуп эсептелет.

*Стамбул конвенциясы* – бул аялдарга карата зомбулук жана үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулук менен күрөшүү үчүн атайын иштелип чыккан масштабдуу эл аралык келишим. Ал аялдарга карат зомбулук жана үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулукту токтотуу, андан коргоо жана соттук териштирүү боюнча Европа өкмөтүнүн минималдуу стандарттарын бекитет.

Стамбул конвенциясы аялдарга карата зомбулуктан коргоонун механизмдерин түзүү жана ага чара көрүү үчүн колдоо көрсөтүү боюнча мамлекеттердин кийинкидей милдеттерин камтыйт:

- үй-бүлөлүк зомбулукту башынан кечиргендер үчүн баш калкалоочу жайлардын жетиштүү санда болуусун камсыз кылуу;
- сексуалдык зомбулукту башынан кечиргендер үчүн кризистик борборлорду түзүү;
- күнү-түнү акысыз иштеген ишеним телефондорун уюштуруу;
- психологиялык консультация берүү жана зомбулукту башынан өткөргөндөргө медициналык жардам көрсөтүү программаларын ишке ашыруу.

Стамбул конвенциясы, бийликти гендердик тең укуктуулук, сексуалдык жана дени сак мамилелер суроолору боюнча калкка агартуу иштерин жүргүзүүгө чакырат. Бул юридикалык жактан милдеттендирүүчү документ болуп эсептелет (катышуучу-мамлекеттер анын жоболорун сактоого милдеттүү). Бул глобалдык масштабдан алып караганда, аялдарга карата зомбулук менен күрөшүү боюнча үчүнчү эл аралык келишим болуп эсептелет жана 1994-жылы кабыл алынган Аялдарга карата зомбулукту алдын-алуу, жазалоо жана тамырын кыркуу жөнүндөгү Америка аралык конвенциядан кийинки жана 2003-жылдан бери колдонулуп келе жаткан Адам укуктарынын жана калктардын аялдардын укуктары жөнүндө Африкалык хартиясын Протоколдон кийинки эң көлөмдүү үчүнчү эл аралык келишим болуп эсептелет.

Стамбул конвенциясынын негизги элементи ал мамлекеттерге жүктөгөн милдеттенмелер – эч ким тарабынан көңүл сыртында калбашы үчүн анын жоболорун кайсы бир себептери боюнча басмырлабастан аткаруу болуп саналат. Албетте, Стамбул конвенциясы качкындардын жана мигранттардын арасындагы аялдар жана кыздар үчүн конкреттүү жоболорду камтыйт. *Мисалы,* ал үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулукту башынан өткөргөн аял мигранттарга автономдуу жашап туруу укугун берүү мүмкүнчүлүгүн киргизип жатат, мындай болгондо алардын жашоо макамы аларга карата зомбулукту колдонгон өнөктөшүнүн макамынан көз каранды болбойт.

Стамбул конвенциясы ошондой эле өкмөттөрдөн аялдарга карата гендердик зомбулукту 1951-жылдагы Качкындар жөнүндө Конвенциянын мааниси боюнча териштирүү формасы катары таанууну талап кылат жана андагы эске ала турган критерий аялдар жана кыздар Европада эл аралык коргоо издөөсү болуп саналат.

Аялдарга карата зомбулук коомдогу аялдардын жана эркектердин ортосундагы күчтөрдүн тең укусуздугунан, тең салмаксыздыгынан улам терең тамырлаган. Мындан сырткары, эскичил көз караштар, гендердик стереотиптер жана зыяндуу адаттар аялдар эркектерден артта болуусу керек деген идеянын сакталуусуна шарт түзүп жатышат. Бул кырдаал «интерсекционалдык басмырлоо» (же көптөгөн) деп аталган басмырлоого кабылган көптөгөн аялдардын абалын кыйындатууда – бул аялдардын жана кыздардын расасы, этникалык тиешелүүлүгү, кастасы, жаш курагы, майыптуулугу бар болуусу, гендердик иденттүүлүгү, сексуалдык багыты, дини, үй-бүлөлүк абалы ж.б. белгилери боюнча кошумча басмырлоого кабылуулары.

Стамбул конвенциясы бул бардык зыяндуу эскичил көз караштарга так белги берет: зомбулукка жана ырайымсыз мамилеге актоо жок.  Өкмөттөр өз кезегинде айрым өз алдынча адамдар жана коомдор аялдарга карата зомбулукка кадимки көрүнүштөй карап, кабыл алуусуна алып келүүсү

мүмкүн болгон, зыяндуу стереотиптерден жана басмырлоочу маданий моделдерден калыптанган гендердик ченемдерди жоюу жана коомдук чектөөлөрдү өзгөртүү үчүн превентивдик чараларды кабыл алуулары керек.

Стамбул конвенциясы аялдарга карата зомбулукту, анын аял болгондугунун негизинде аялга каршы багытталган же болбосо аялдарга карата өлчөмсүз түрдө жасалган зомбулук деген аныктамага негизделген. Үй-бүлөлүк зомбулуктун айрым формаларына абдан аз санда эркектер дагы кабылышат жана Стамбул конвенциясы өлкөлөрдү бул зомбулукту таанууга жана анын жоболорун жынысынан жана гендердик иденттүүлүгүнөн көз карандысыз түрдө үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулуктан жабырлануучуларынын баарына карата колдонууга чакырат.

Качан гана көптөгөн мамлекеттер жана жарандык коом аялдарга карата зомбулук Европада жана бардык дүйнө жүзүндө кеңири таралгандыгын, жана ага карата макулдашылган чаралардын комплекси бардык аймактарда зомбулукту башынан кечиргендерди бирдей деңгээлде коргоо менен камсыз кыла тургандыгын жалпы бирдиктүү түшүнүшкөндөн кийин, Стамбул конвенциясын иштеп чыгуу мүмкүн болду. Ал зомбулукту башынан кечиргендердин алдындагы мамлекеттик милдеттенмелердин чектеринен чыккан кошумча жоболорду бекитет, коргоонун кошумча деңгээли менен камсыз кылат.

КР Европанын географиялык бөлүгү эместигине карабастан, анын жоболору географиялык жактан европалык континентке кирбеген башка мамлекеттерге дагы анын катышуучусу болууга жол ачат, ошондуктан КР үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулукту токтотууда жана күрөшүүдө аны ратификациялоо мүмкүнчүлүгүн караштыруусу зарыл. Азырынча бул документтин негизги багыттары жана ченемдери биздин өлкө үчүн багыттагыч болуп эсептелет жана мамлекеттик стратегияларда жана программаларда, мыйзамдык тажрыйбаларда өз ордун табуусу зарыл. Мындан сырткары, көптөгөн өлкөлөрдө Стамбул конвенциясын багыттагыч катары колдонуу менен аялдарга карата зомбулукка каршы кампанияларды ийгиликтүү өткөрүшүүдө.

Реалдуулук мындай, бир дагы өлкө аялдарга карата зомбулуктан эркин эмес жана узак мөөнөттүү өзгөрүүлөргө жетишүү үчүн биз баарыбыз узак жолду басып өтүүбүзгө туура келет. Ал эми, Стамбул конвенциясына кол койгон жана аны ратификациялаган өкмөттөр жабырлануучулардын кызыкчылыктарына багытталган, адам укуктарына негизделген жана адам укуктарына карата колдонула турган ыкмаларды кабыл алышат, зомбулукту токтотуу үчүн кабыл алынган чараларды жарыялашат жана жалпы дүйнө жүзүнө аялдардын укуктарын коргоо үчүн саясий эрк жана өмүрлөрдү сактап калуу бар экендигин жар салышат.

## 2.2. Кыргызстандын эл аралык-укуктук милдеттенмелери

Бул бөлүмдө Кыргызстан эл аралык алкакта жогоруда баяндалган гендердик көйгөйгө жана аялдарга карата зомбулукка тиешелүү качан жана кандай милдеттенмелерди алгандыгын, бул милдеттенмелердин аткарылышына мониторинг жүргүзүү кандай куралдар менен ишке ашырылганын карап чыгабыз.

КР БУУга 1992-жылдын 2-мартында кирген жана АББЖКга 1996-ж. кошулган[85], бул аркылуу аялдар жана кыздар үчүн бирдей укуктарды, анын ичинде зомбулуксуз жашоо укугун камсыз кылуу боюнча милдеттенмелерди алды. АББЖК ратификациялап, мамлекет аялдардын абалын начарлатуучу эскичил көз караштарды, салттарды, социалдык жана маданий жүрүм-турумдун ченемдерин кыскартуу милдетин алган.

[85] Караңыз.:Бул окуу куралынын 9-сноскасын.

Бул милдеттенмеге ылайык, АББЖК Комитетине мамлекеттин атынан Кыргызстанда анын жоболорунун ишке ашырылышы жөнүндө мезгилдүү Баяндамасын жөнөтөт. Мындай биринчи баяндамасын КР 1999-жылы АББЖКнин кароосуна жөнөткөн, экинчи мезгилдүү баяндама - 2004-году, үчүнчүсү – 2006-жылы, төртүнчүсү – 2015-жылы, бешинчиси – 2019-жылы жөнөткөн.

АББЖК Комитети ар бир баяндаманын жыйынтыгы боюнча өлкөгө аныкталган көйгөйлөрдүн үстүнөн иштөөнү жакшыртуу боюнча тиешелүү сунуштамаларды берет. Алсак, 2021-жылы Кыргызстандын АББЖК Комитетинен бешинчи өлкөлүк баяндамасы боюнча алган акыркы сунуштамасына кайрылсак, АББЖК Комитети үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйү менен күрөшүү боюнча прогрессивдүү мыйзамдардын кабыл алынганын жана мамлекеттик саясаттын деңгээлинде позитивдүү аракеттер бар экендигин баса белгиледи, бирок булар бардык мамлекеттик жана коомдук институттардын аракеттерин бириктирүүнү жана натыйжалуу чечүүнү талап кылган болушунча курч көйгөй боюнча калууда.

АББЖК Комитетинин (2021-ж.) КРнын Бешинчи өлкөлүк баяндамасы (Е 22) боюнча негизги сунуштамаларын келтирели: [86]

*а) өзүнүн №19 жалпы сунуштамасын жаңылаган аялдарга карата гендердик зомбулук жөнүндө № 35 (2017) жалпы сунуштамасына шилтеме келтирүү менен комитет, катышуучу-мамлекетке ал гендердик зомбулуктун бардык формаларын камтуусу үчүн үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө Мыйзамды кайра карап чыгууну снуштайт [87] жана ал багар-көрөрү жок жана маргиналдашкан аялдардын топторунун өзгөчө муктаждыктарын, анын ичинде майыптыгы бар аялдардын, аял-мигранттардын, ВИЧ/СПИД менен жашаган аялдардын, баңги заттарын колдонгон аялдардын, ошондой эле лесбиян, биосексуал жана трансгендердик аялдардын өзгөчө муктаждыктарын эске алуусун сунуштайт;*

*b) аялдарды никеге туруу максатында уурдоо (кыз ала качуу), жабырлануучуларды коргоо жана аларга жардам көрсөтүү, ошондой эле Конвенцияга карата Факультативдик протоколдун 8-беренеси боюнча иликтөө жөнүндө анын баяндамасына камтылган Комитеттин сунуштамаларына (CEDAW/C/OP.8/KGZ/1) ылайык, бул кылмыштар үчүн айыпкерлерди адекваттуу жазалоо жана соттук куугунтуктоо боюнча аракеттерди улантуу;*

*c) Кылмыш-жаза кодексине никедеги зордуктоону түз криминалдаштырган түзөтүүлөрдү, ошондой эле гендердик зомбулуктун бардык формалары ex officio ачык соттук куугунтуктоого шайкеш келүүсү үчүн Кылмыш-процессуалдык кодексине түзөтүүлөрдү киргизүү;*

*d) гендердик зомбулуктун бардык окуяларын натыйжалуу иликтөө жана соттук куугунтуктоо аркылуу айыпкерлерди адекваттуу жазалоо жана жабырлануучуларды элдешүү процедураларына милдеттүү түрдө жиберүүгө жол бербөөнү камсыз кылуу;*

*e) үй-бүлөлүк зомбулук окуяларында коргоо соттук буйруктарын берүү, натыйжалуу аткаруу жана аткарылышына көзөмөл жүргүзүү менен камсыз кылуу жана мындай буйруктарды аткарбагандыгы үчүн адекваттуу, чектөөчү жазаларды киргизүү;*

*f) аялдар жана кыздар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүү болушун камсыз кылуу жана гендердик зомбулук боюнча даттануу арыздары менен укук коргоо органдарына кайрылууну*

[86] CEDAW/C/KGZ/CO/5: Аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча комитет- Кыргызстандын бешинчи мезгилдүү баяндамасы боюнча жыйынтыктоочу эскертүүлөр. 29-ноябрь, 2021-ж. Кийинки шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://documents-dds-ny.un.org/doc/UNDOC/GEN/N21/351/73/PDF/N2135173.pdf?OpenElement Кайрылуу датасы 10.05.2022-ж.

[87] БУУнун документтеринин көпчүлүгүндө «гендердик зомбулукту» «аялдарга карата зомбулук» түшүнүгү менен бирдей түшүнүү керек (ушул Бөлүмдүн авторунун эскертүүсү).

*жайылтуу, анын ичинде жеткиликтүү же зарылчылык пайда болсо акысыз юридикалык жардам көрсөтүү, далилдөө түйшүгүн жеңилдетүү жана соттук экспетизанын жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу аркылуу буга жетишүү, ошондой эле соттордун, прокурорлордун, полициянын жана укук коргоо органдарынын гендердик спецификаны эске алган иликтөө жана суракка алуу усулдары чөйрөсүндөгү башка кызматкерлердин потенциалдарын жогорулатууну улантуу;*

*g) катышуучу-мамлекеттин аймактарынын баарында жабырлануучуларга колдоо көрсөтүү жана коргоо кызматтарын бекемдөө, анын ичинде күнү-түнү иштеген «түз байланыш» түйүндөрүн кошкондо, адекваттуу турак-жай, медициналык жардам көрсөтүү, психосоциалдык консультациялоо жана экономикалык колдоо көрсөтүү кызматтарын бекемдөө;*

*h) гендердик зомбулуктун бардык формаларынын криминалдык мүнөзү жөнүндө коомчулуктун кеңири катмарынын маалыматтуулугун жогорулатуу боюнча ишти активдештирүү, анын ичинде үй-бүлөлүк жана сексуалдык зомбулук боюнча дагы, ошондой эле аялдар эч кандай өч алуудан, стигматизациядан же кайра виктимизациялоодон коркпостон мындай окуялар жөнүндө укук коргоо органдарына билдириши зарыл экендиги жөнүндөгү маалыматтуулугун жогорулатуу боюнча иши активдештирүү;*

*i)диний жана этникалык азчылыктардан чыккан аялдарга, баңгизаттарын колдонгон, лесбиян, биосексуал жана трансгендердик аялдарга карата гендердик зомбулук, күч колдонуп кармоо жана кол салуу окуяларында айыпкерлерди тиешелүү деңгээлде жазалоо жана соттук тартипте куугунтуктоо;*

*E26 d) аял-талапкерлерди гендердик зомбулуктардан жана душмандашуучу жана талкууга алган ой пикирлерден, анын ичинде шайлоо убагында Интернеттеги ушундай нерселерден коргоо боюнча натыйжалуу чараларды кабыл алуу;*

*E48 b) бардык аялдарды, анын ичинде лесбияндарды, биосексуалдарды жана трансгендер аялдарды зордуктоодон коргогон, эркин макулдуктун жоктугуна негизделген зордуктоонун аныктамасын кабыл алуу (161-берене);*

*E48 d) лесбияндарга, биосексуалдарга жана трансгендердик аялдарга карата кол салууну жана жек көрүүнү козутууну криминалдаштыруу, эгерде мындай кылмыш-жаза жоопкерчилиги караштырылган кылмыштарды жасоонун мотиви ушулар болсо, анда сексуалдык багыттуулугун жана гендердик иденттүүлүктү оордотуучу жагдай катары кабыл алуу;*

*E50 c) аялды никеге туруу максатында уурдоо, жашы жетелек өспүрүмдөр менен нике жана мажбурлоочу никелер менен күрөшүү, өзгөчө айыл жерлеринде алардын түпкү себептери менен күрөшүү боюнча аракеттерди улантуу; укук коргоо органдарына арыздарды берүүнү колдоого алуу; мындай кылмыштардын жасалышына катышкандыгы үчүн диний жана коомдук лидерлердин үй-бүлө мүчөлөрүн же укук коргоо органдарынын кызматкерлерин жазалоо; Аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча Комитеттин №31 Жалпы сунуштамаларына/Баланын укуктары боюнча Комитеттин №18 Жалпы тартиптеги эскертүүсүнө (2019), Конвенцияга карата Факультативдик протоколдун 8-беренесине ылайык иликтөө жөнүндө анын баяндамасында жазылган Комитеттин зыяндуу тажрыйбалар жана сунуштамаларына ылайык, мындай окуяларды аныктоо жана соттук куугунтуктоо, айыпкерлерди адекваттуу жазалоо менен камсыз кылуу үчүн механизмдерди түзүү.*

*E50 d) Комитеттин № 35 (2017) жалпы сунуштамасына ылайык үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулук менен күрөшүү боюнча аракеттерди активдештирүү.*

Азыркы учурда КРнын Министрлер кабинети тарабынан мамлекеттик органдарды берилген сунуштамалар менен тааныштыруу, аларды ишке ашыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана 2025-жылга карата кезектеги өлкөлүк баяндамага даярдануу боюнча иштер жүргүзүлүүдө. КРнын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдында АББЖК боюнча ведомстволор аралык жумушчу топ түзүлдү. Белгилей кетчү нерсе, АББЖК Комитетине Сунуштамаларды даярдоодо АББЖК Комитетине мамлекеттик эмес уюмдардын, кризистик борборлордун Альтернативдик баяндамаларды даярдоосу жарандык сектордун пикири эске алынат.

Универсалдык мүнөздөгү башка курал – *бул БУУнун Адам укуктары боюнча Комитетинин (АУК) Универсалдык мезгилдүү обзору,* ал АУК каралат жана мамлекет-баяндамачыга Сунуштамалар берилет.

Алсак, Кыргызстан Адам укуктары боюнча комитетке эки Универсалдуу мезгилдүү обзор (акыркысы 2020-жылы сунушталган) сунуштоо менен,[88] алар тиешелүү мамлекеттик органдар тарабынан даярдалган, а Альтернативдик обзорлор жарандык коомдун өкүлдөрү тарабынан даярдалат. Обзорлордун алкагында көптөгөн өлкөлөр үй-бүлөлүк зомбулукту, аял уурдоону жана барлар (жашы жетелек өспүрүмдөр) менен никени жеңүү суроолору боюнча бөлүп көрсөтүшкөн жана бир катар сунуштамаларды беришкен.

АББЖК, №19 Жалпы Сунуштаманы жана БУУнун мүчө-өлкөлөрү үчүн аялдарга карата зомбулукту токтотуу жөнүндө Декларациясын сактоо боюнча милдеттенмелерди аткарууга мониторинг жүргүзүүнүн дагы бир механизми, 2011-жылы Адам укуктары боюнча Кеңеш тарабынан түзүлгөн *БУУнун аялдарга жана кыздарга карата басмырлоо жөнүндө суроолор боюнча Жумушчу тобу* болуп саналат, бул аялдарды басынткан мыйзамдарды артка кайтарууга байланыштуу алдыңкы тажрыйбалар жөнүндө башка мамлекеттер жана башка субьектилер менен консультацияларды жүргүзүү, аларды табуу пикир алмашууларды жана илгерилетүү аракеттерин жүргүзүү үчүн түзүлгөн. Жумушчу топтор Адам укуктары боюнча кеңештин (АУК) атайын процедуралары деп аталган бөлүгү болуп эсептелет. Атайын процедуралар БУУнун адам укуктары боюнча системасындагы көз карандысыз эксперттердин ири органы болуп эсептелет – бул АУК фактыларды жана мониторингди аныктоо боюнча көз карандысыз механизмдеринин жалпы аталышы. Бул жумушчу топко ошондой эле, аялдарга карата басмырлоочу таасирин тийгизген мыйзамдар боюнча мамлекеттер жана башка субьектилер менен сүйлөшүүнү илгерилетүү тапшырмасы берилген.

2022-жылдын 4-апрелинен 15-апрелине чейин Жумушчу топ өлкөдөгү аялдарга жана кыздарга карата басмырлоону жоюу жана гендердик тең укуктуулукка жетишүү көйгөйлөрүнө жана прогресске баа берүү үчүн Кыргызстанга биринчи расмий сапары менн келишти, мамлекеттик органдардын жетечилери жана өкүлдөрү менен, коомдук жана эксперттик уюмдардын өкүлдөрү менен жолугушууларды өткөрүштү.[89] Жолугушуулардын жыйынтыгы боюнча Жумушчу топ билдирүү жасады, тактап айтканда буларды белгиледи:

*«Мындан сырткары, аялдарга карата зомбулуктун укуктук базасында мүчүлүштүктөр бар, анын ичинде зордуктоону аныктоодо жана никедеги сексуалдык зомбулукка тиешелүү»…гендердик зомбулуктун кулачын жайышы аялдардын активдерди түзүү жана*

[88] Кыргызстан боюнча Адам укуктары боюнча кеңештин 16/21 Резолюциясына карата тиркеменин 5-пунктуна ылайык сунуш кылынган Улуттук баяндама. Универсалдык мезгилдүү обзор боюнча жумушчу топ. 35-сессия, 20-31-январь, 2020-жыл. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://documents-dds-ny.un.org/doc/UNDOC/GEN/G20/010/16/PDF/G2001016.pdf?OpenElement Кайрылуу датасы 09.05.2022-ж.

[89] Жумушчу топтун иш сапарынын жыйынтыктары боюнча Сунуштамалар расмий түрдө мамлекеттик органдардын даректерине жана Кыргызстандагы өнөктөштөрдүн кеңири чөйрөсүнө жиберилет.

*өлкөнү өнүктүрүүнүн бардык аспектилерине катышуу мүмкүнчүлүктөрүн андан нары чектейт, ошондой эле Кыргызстандын аялдары жаңы прогрессивдүү мыйзамдардан алуусу керек болгон артыкчылыктарды жокко эсе кылууда… Биз убактылуу коргоо ордерлеринин чектелип аткарылып жаткандыгына, жабырлануучуларга колдоо көрсөтүүнүн жоктугуна жана гендердик зомбулук окуяларында сот адилеттигинин жеткиликтүү болушун каалаган аялдар менен кыздардын моюнуна артылган тоскоолдуктарга тынчсызданабыз. Система аялдарга кош көңүл караса,анда пайда болгон зыяндар катастрофалуу болушу мүмкүн, анын ичинде мезгилсиз өлүм, өлтүрүү, жаракаттар жана майыптуулук».*

АББЖК Комитетинен сырткары, БУУнун башка Комитеттери дагы тиешелүү комитеттердин дарегине өлкөлөрдөн баяндамаларды жиберүү аркылуу алардын милдеттенмелерди жана сунуштамаларды аткарышына мониторинг жүргүзөт. БУУнун көпчүлүк комитеттери алардын ишмердүүлүгүнүн мандатынан көз карандысыз түрдө Кыргызстанга аялдарга карата зомбулук менен байланыштуу суроолор боюнча өз сунуштамаларын беришет жана өлкө мезгил-мезгили менен бул сунуштамаларга жоопторду даярдап турат.

*Алсак, БУУнун* ***Кыйноолорго каршы комитети*** *2021-жылы (19 а),*[90] *катышуучу-мамлекетке буларды: мамлекет аялдарга карата зомбулуктун бардык окуялары, өзгөчө Конвенция боюнча катышуучу-мамлекеттин эл аралык жоопкерчилигине алып келген, мамлекеттик органдардын же башка субьектилердин аракеттери же аракетсиздиктери менен байланыштуу бардык окуялар жана учурлар кылдат иликтенүүсүн, болжолдуу айыпкерлер жоопко тартылуусун жана соттолгон учурда тиешелүү жазасын өтөөсүн, ал эми жабырлануучулар жана алардын үй-бүлөлөрү компенсацияларды алуусун, анын тиешелүү компенацияларды алуусун камсыз кылууну сунуштаган).*

***БУУнун балдардын иштери боюнча комитети*** *2014-жылы (38-п.) «аял уурдоонун» бардык окуяларын ыкчам, калыс жана натыйжалуу иликтөө менен, жоопкерчиликке тартуу менен, мындай кылмыштарды жасоого бардык айыпкерлерди жазалоо жана жабырлануучуларга келтирилген зыяндын ордун толтуруу менен камсыз кылуу үчүн бардык зарыл чараларды кабыл алууну* ***сунуштаган.*** *Ал катышуучу-мамлекетке ошондой эле, кыздардын ден-соолукка, билим алууга жана өнүгүүгө карата укуктарын ишке ашыруу үчүн балдар никелеринин терс зыяндары жөнүндө маалыматтуулукту жогорулатуу боюнча комплекстүү программаларды иштеп чыгуунун жана ишке ашыруунун жардамы менен балдар никелеринин алдын-алуу боюнча иш жүргүзүүнү, бул ишмердүүлүктү тактап айтканда салттык жана диний лидерлер, ата-энелер жана өлкөнүн парламентинин депутаттары менен алып барууну сунуш кылат.*

***БУУнун Экономикалык, социалдык жана адам укуктары боюнча комитети*** *2015-жылы катышуучу-мамлекетке сунушун берген (16-п.), анда мындай сунуштар берилет: үй-бүлөдөгү зомбулуктун бардык формалары үчүн кылмыш жоопкерчилиги караштырылуусун камсыз кылуу үчүн мыйзамга бардык зарыл оңдоп-түзөтүүлөрдү киргизүү, жабырлануучуларга укуктук коргоонун натыйжалуу каражаттары, баш калкалоочу жайлар жана тиешелүү колдоо көрсөтүүлөр жеткиликтүү болуусун, соттор, прокурорлор жана укук коргоо огандарынын кызматкерлери милдеттүү тартипте үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө иштерди кароо суроолору боюнча милдеттүү тартипте даярдыктан өтүүсүн, ал эми мындай иштер бардык*

[90] Данная информация о рекомендациях Комитетов ООН и других его специализированных организаций по реализации гендерной повестки в КР подготовлено автором настоящего Раздела из официального сайта ООН, который доступен по адресу: https://www.ohchr.org/ru/countries/kyrgyzstan Дата обращения 10.05.2022г.

*учурда кылмыш-жаза сотуна өткөрүлүп берилүүсүн камсыз кылуу. Комитет ошондой эле, катышуучу-мамлекетке үй-бүлөдөгү зомбулук окуялары жөнүндө маалыматтуулукту жогорулатуу тажрыйбасын жайылтуу боюнча чараларды көрүүнү, ошондой эле медициналык кызматкерлердин жана башка тиешелүү адистердин үй-бүлөлүк зомбулук окуялары жөнүндө маалыматтуулугун жогорулатууну жана жабырлануучуларды аңдуудан тиешелүү деңгээлде коргоону камсыз кылууну сунуш кылат.*

***БУУнун Адам укуктары боюнча комитети** 2014-жылы сунуш кылган (19-п.), анда карыялардын соту (аксакалдардын) иш алып баруусу, тактап айтканда чечимдер юридикалык даярдыгы жок адамдар тарабынан маданий жана моралдык ченемдердин негизинде кабыл алынып жаткандыгы адилеттүү соттук териштирүү укугун ишке ашырууну коркунучка алып келүүсү мүмкүн экендигине жана үй-бүлөлүк суроолор боюнча мындай чечимдер аялдарга жагымсыз таасирлерин тийгизе тургандыктарына тынчсызданууларын билдиришкен (2-3 жана 14-беренелер).*

*Катышуучу-мамлекет Аксакалдар соттору Пакттын жоболоруна толук шайкештиктин негизинде иш алып барууларын камсыз кылуусу керек, тактап айтканда, адилеттүү жана басмырлоосуз соттук териштирүүнүн кепилдиктерин сактоо менен жана алардын мүчөлөрү Пактта корголгон укук боюнча даярдыктан өтүүсүн камсыз кылуусу зарыл.*

***БУУнун Калк фонду ЮНФПА** (ICPD) «2020-жылдагы дүйнө калкынын жайгашуусу» Баяндамасында сунуш кылган: Интернеттеги кайсы гана формадагы зомбулук болбосун, жалпы таанылган зомбулуктан эркин болуу укугун, жашоого карата укукту бузат. Адам укуктары жөнүндө эл аралык укук санарип мейкиндикке толугу менен ылайыктуу деп кабыл алынган жана укуктук жактан колдонууга ылайыктуу жаңы мыйзамдарды, ченемдик-укуктук актыларды кабыл алуу боюнча бир катар сунуштамалар келтирилген. Ишканалар аялдардын укуктарын сактоого милдеттүү, анын ичинде контетти жөнгө салуу жана башка чаралар менен чогуу даттануулар боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү деп баса белгиленген.*

**Пекин декларациясы жана Аракеттердин платформасы** (АПД) он эки маанилүү көйгөйлүү чөйрөнү жана алардын стратегиялык максаттарын аныктады, өлкөлөрдү бул белгиленген багыттардын маанилүүлүгүн жана артыкчылыктуулугун эске алуу менен өз саясатын жүргүзүүгө чакырат:

1) Аялдар жана жакырчылык,
2) Аялдарга билим берүү жана кесиптик даярдоо,
3) Аялдар жана саламаттыкты сактоо,
4) Аялдарга карата зомбулук,
5) Аялдар жана куралдуу карама-каршылыктар,
6) Аялдар жана экономика,
7) Аялдардын директивдик органдардын иштерине жана чечим кабыл алуу процессине катышуусу,
8) Аялдардын абалын жакшыртуунун институционалдык механизмдери,
9) Аялдардын адам укуктары,
10) Аялдар жана массалык маалымат каражаттары,
11) Аялдар жана курчап турган айлана-чөйрө, кыздар.

Өлкөлөрдүн белгиленип өткөн милдеттенмелерди аткаруусуна мониторинг жүргүзүүнүн механизми Пекин декларациясын жана Аракеттер платформасын ишке ашыруу жолундагы

тоскоолдуктар жана ишке ашыруунун жүрүшүндөгү *Улуттук обзорлор* болуп эсептелет. Кыргызстанда Аялдардын укуктары боюнча төртүнчү Бүткүл дүйнөлүк конференциянын жана Пекин декларациясынын жана Аракеттер платформасынын кабыл алынышынын жыйырма жылдыгынын контекстинде 2015-жылы Улуттук обзор даярдалган жана жөнөтүлгөн.[91]

*Аялдардын тынчтыкты жана коопсуздукту камсыз кылуудагы ролу жөнүндө БУУнун Коопсуздук Кеңешинин №1325 Резолюциясы*[92] *(мындан нары – №1325 резолюциясы)* 2000-жылы кабыл алынган, аялдардын ролун күчөтүүгө жана алардын ролуна басым жасоого максатталган. Алсак, *№1325* Резолюциясы катышуучу-мамлекеттерди өжөрлүк менен чакырат:

- карама-каршылыктарды чечүүнүн жана жөнгө салуунун, токтотуунун улуттук, аймактык жана эл аралык институттарынын жана механизмдеринин алкагындагы чечим кабыл алуунун бардык деңгээлдерине аялдардын көбүрөөк активдүү катышуусун камсыз кылуу (1-п.);
- куралдуу карама-каршылыктардагы бардык тараптарды, аялдарды жана кыздарды жыныстык тиешелүүлүгү менен шартталган зомбулуктан коргоо үчүн, өзгөчө куралдуу карама-каршылыктар учурунда болушу мүмкүн болгон зордуктоодон жана сексуалдык кыянаттыктын башка формаларынан, зомбулуктун башка бардык формаларынан коргоо үчүн атайын чараларды кабыл алууга чакырат (10-п.);
- геноцидге, адамзатына каршы-кылмыштарга жана аскер кылмыштарына, анын ичинде аялдарга жана кыздарга карата сексуалдык жана зомбулуктун башка формаларына тиешелүү кылмыштарды кошкондо ушуларга айыпкер адамдарды соттук куугунтуктоого алуу жана мызамсыздыкка чекит коюу үчүн жоопкерчиликтүү болушат жана мүмкүн болсо ушуга байланыштуу кылмыштарга амнистия жөнүндө жоболордун таасири колдонулбашы зарыл экендигин баса белгилейт (11-п.).

*№1325* Резолюциясын камсыз кылуу максатында, 2018-жылдын 21-сентябрында КРнын Өкмөтүнүн №334-б Буюртмасы кабыл алынган жана Аракеттер Планы бекитилген. 2022-жылдын февралында КРнын мыйзамдарын инвентаризациялоонун алкагында бул Буюртма күчүн жоготту, бирок КРнын Министрлер Кабинетинин деңгээлинде Резолюцияны кабыл алуу боюнча жаңы токтомду кабыл алуу жаатындагы иштер жүргүзүлүүдө.

*Туруктуу өнүгүү максаттары (ТӨМ)* [93] 2015-жылы 2030-жылга чейинки мезгил аралыгында туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү Күн тартибинин алкагында БУУнун бардык катышуучу-мамлекеттери тарабынан кабыл алынган, анда БУУнун башка өлкөлөрүнүн катарында КРнын аларга жетишүү боюнча 15 жылдык планы түзүлгөн, өзүнө глобалдуу ТӨМ жетишүүсүнө салым кошуу, ошондо эле ТӨМ жетишүүгө мониторинг жүргүзүү милдеттерин алган. ТӨМгө улуттук программалар жана өнүктүрүү стратегиялары киргизилген, ТӨМ жетишүү боюнча биздин өлкө үчүн актуалдуу индикаторлор иштелип чыккан.

Жетишкендиктерге мониторинг жүргүзүүнүн механизми БУУнун агенттиктеринин ТӨМдү, ошондой эле өлкөлөрдүн ТӨМ жетишүүсү боюнча Ыктыярдуу түрдөгү улуттук обзору механизмин

---

[91] ПЕКИН+25: Кыргыз Республикасынын Пекин Аракеттер платформасын ишке ашыруу боюнча улуттук обзору. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://unece.org/fileadmin/DAM/RCM_Website/Kyrgyzstan.pdf Кайрылуу датасы 09.05.2022-ж.

[92] БУУнун Коопсуздук кеңеши, 1325 Резолюциясы (2000). Коопсуздук кеңеши тарабынан анын 4213-жыйынында кабыл алынган, 31-октябрь, 2000-жыл. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://www.osce.org/files/f/documents/d/d/75309.pdf
Кайрылуу датасы 09.05.2022-ж.

[93] Туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү максаттар. Кийинки даректер боюнча жеткиликтүү: https://www.un.org/sustainabledevelopment/ru/sustainable-development-goals/%20%D0%94 Кайрылуу датасы 09.05.2022-ж.

ишке ашырууга колдоо көрсөтүү боюнча мамлекеттик органдар жана коомдук институттар менен дайыма туруктуу иш алып баруу болуп эсептелет. 2020-жылдын 16-июлунда БУУнун Экономикалык жана Социалдык Кеңешинин (ЭКОСОК) туруктуу өнүктүрүү боюнча жогорку деңгээлдеги Саясий форумунда, КР өзүнүн *Туруктуу өнүгүү Максаттарына жетишүүнүн биринчи Улуттук ыктыярдуу обзорун (ТӨМ УЫО)* сунуш кылды.[94]

Презентациянын жүрүшүндө булар белгиленди, өлкөдө адамдын укуктарынын жана эркиндиктеринин укуктук жана соттук коргоо кепилдиктерин камсыз кылуу, тең укуксуздукту кыскартуу, жакырчылыктын тамырын кыркуу, климаттын өзгөрүүсүнүн зыяндарын жумшартуу, кырсыктар кооптуулугун төмөндөтүү, адамдын өнүгүшүнө инвестициялоо, коомдун бардык катмары үчүн көндүмдөрдү жана билимдерди калыптандыруу, жумуш орундарын түзүү жана дени сак жашоо образына колдоо көрсөтүү, гендердик тең укуктуулукту илгерилетүү боюнча улуттук пландар ишке ашырылып жатат.

Мына ошентип, глобалдык дүйнөнүн бир бөлүгү, БУУнун мүчөсү, бир катар эл аралык-ченемдик актылардын кол коюучусу болуу менен жана өзүнө бир катар милдеттенмелерди алуу менен, КР БУУнун түзүмдөрү менен бир катар ченемдик актылардын жана милдеттенме декларацияларынын алкагында кабыл алынгандарды талкуулоо жана иш тажрыйбасында реалдуу ишке ашыруу боюнча дайыма өз ара аракеттенишип турат, өзүнүн жетишкендиктери жана кездешкен кыйынчылыктар жөнүндө обзорлор, улуттук баяндамалар жана башка куралдар аркылуу дайыма кайтарым байланышта болуп келет. Кабыл алынган саясаттарды жана милдеттенмелерди сактоо, мыйзамдарды, улуттук программаларды жана механизмдерди адам укуктарын коргоо жаатында жакшыртуу жана буга тиешелүү көйгөйлөрдү чечтетүү, анын ичинде гендердик тең укуктуулук жана аялдарга карата зомбулуктун тамырын кыркуу позициясынан колдоо көрсөтүү Кыргызстандын демократиялык баалуулуктарга жана укуктуу туу тутууга умтулган өлкөлөрдүн орбитринде болуусунун негизги шарты болуп эсептелет.

## 2.3. Кыргызстандын ченемдик-укуктук базасынын обзору

КРда жарандардын укуктарын, эркиндиктерин, жоопкерчиликтерин, ошондой эле аларды камсыз кылуу үчүн багытталган мамлекеттик органдардын компетенциясын караштырган маанилүү мыйзам актылары кабыл алынган. Жашоонун ар кыл чөйрөсүндө эки жыныстын өкүлдөрүнүн ортосундагы тең укуктуулукту жөнгө салган ченемдик-укуктук актылар, Кыргызстан катышуучусу болуп эсептелген эл аралык келишимдер жана макулдашуулар боюнча эл аралык милдеттерди эске алуу менен дайыма өнүгүү үстүндө болуп келе жатат. Гендердик тең укуктуулукка жетишүү боюнча мамлекеттик саясатты жөнгө салууну ишке ашырган мамлекеттик органдар менен бирдей эле, жарандык коом институттары дагы гендердик тең укуктуулук суроолорун укуктук жөнгө салуудагы кемчиликтерди аныктоо, мыйзамдын мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары тарабынан колдонулушундагы кемчиликтерди аныктоо боюнча активдүү иштерди жүргүзүп келе жатышат, ошондой эле жабырлануучулар өз укуктарын коргоонун мыйзамдуу механизмдерин эмнеге колдонушпагандыктарынын себептерин аныкташат.

---

[94] КРнын Туруктуу өнүгүү максаттарына жетишүү боюнча Улуттук ыктыярдуу обзору.Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://sustainabledevelopment.un.org/content/documents/26372VNR_2020_Kyrgyzstan_Report_Russian.pdf кайрылуу датасы 09.05.2022-ж.

Жалпысынан, азыркы убакта иштеп жаткан гендердик тең укуктуулуктун жана үй-бүлөлүк зомбулук менен күрөшүүнүн күн тартибин аныктаган КРнын мыйзам актылары кийинкилер болуп эсептелет, алардын ичинен айрымдары 2021-жаңыланган: [95]

- КРнын Конституциясы;
- КРнын Кылмыш-жаза кодекси;
- КРнын Укук бузуулар жөнүндө кодекси;
- КРнын Үй-бүлө кодекси;
- КРнын Балдар жөнүндө кодекси;
- КРнын «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамы;
- КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамы;
- КРнын «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары жөнүндө» Мыйзамы;
- КРнын «Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө» Мыйзамы;
- КРнын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамы;
- КРнын «Аксакалдар соттору жөнүндө» Мыйзамы;
- КРнын «Мамлекет кепилдеген акысыз юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамы;
- КРнын «Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө» Мыйзамы;
- КРнын «Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө» Мыйзамы;
- КРнын «Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө» Мыйзамы;
- КРнын «Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө» Мыйзамы.

КРда 2015-жылдан баштап 2021-жылга чейинки убакыт аралыгында кабыл алынган аялдарга карата зомбулуктун жана үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулуктун алдын алууга, аны менен күрөшүүгө түздөн-түз жол ачкан бир катар маанилүү ***мыйзамдарга жана стратегиялык документтерге*** токтолобуз.

*КРнын 2020-жылга чейин гендердик тең укуктуулукка жетишүү боюнча Улуттук стратегиясы* КРнын Өкмөтүнүн токтому менен 2012-жылдын 27-июнундагы № 4432 токтому менен кабыл алынган, мамлекеттик гендердик саясаттын артыкчылыктарын аныктайт. Алдыдагы мезгил ичинде аны ишке ашыруу боюнча конкреттүү чаралар эсептөөлөр боюнча кезектеги бешинчи 2018-2020-жылдарга карата КРда гендердик тең укуктуулукка жетишүү боюнча Улуттук планда аныкталган (ГТ боюнча УАП 2018-2020). Азыркы учурда болсо, 2021-2030-жылдарга карата КРда Гендердик тең укуктуулукка жетишүү боюнча улуттук стратегиянын жана 2021-2023-жылдарга карата Улуттук аракеттер планынын долбоору иштелип жатат.

2016-жылдын 17-ноябрында КРнын *«Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» (Кыргыз Республикасынын Үй-бүлөлүк кодекси, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси)* Мыйзамы кабыл алынган. Аталган Мыйзамга ылайык, КРнын Кылмыш-жаза кодексине 155-берене киргизилген, анда «Нике курагы жөнүндө

[95] Бардык көрсөтүлгөн мыйзам актыларынын актуалдуу версиясынКРнын Юстиция министрлигинин КРнын укуктук-маалыматтык көрсөткүчтөрүнү Борборлоштурулган банкынан кийинки шилтемеден табууга болот: http://cbd.minjust.gov.kg/

мыйзамдарды бузуу менен ага карата никеге туруу боюнча диний каада жасалган адамдын ата-энелери (аларды алмаштыруучу адамдар), никеге туруу боюнча диний каада жасаган адам, ошого тете жашы жетпеген менен никеге туруу боюнча диний каада жасалган жашы жеткен адам - үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат". Кодекстин никелешүү жаш курагы жөнүндө талаптарын бузган айыпкерлер КРнын мыйзамына ылайык жоопкерчиликке тартыларын караштырган жобо КРнын Үй-бүлөлүк кодексине киргизилген (14-бер. 3-пункту).

2017-жылдын 27-апрелинде *КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө»* Мыйзамы кабыл алынган, №63 (КРнын 2020-жылдын 15-апрелиндеги Мыйзамынын ред. №41), ал аны аткаруу субьектилер жетекчиликке алуусу керек болгон негизги принципти аныктайт, анда аткаруу субъектилеринин саны өскөн жана 11 чейинки ыйгарым укуктуу органдарды камтыйт. Бул Мыйзамда алардын ар бири үчүн  конкреттүү милдеттер коюлган, ошондой эле аларды аткаруу процессинде ведомстволор аралык координациялоо жана өз ара аракеттенишүү механизми бекитилген.

Тактап айтканда,  жабырлануучуга зарыл укуктук, медициналык жана психологиялык жардамдарды көрсөтүү үчүн, социалдык жактан коштоо жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү берүү үчүн үй-бүлөлүк  зомбулуктун жабырлануучуларын кайра багыттоо караштырылган. Мыйзам инновациялык ченемдерди камтыйт:

- Ички иштер органдары (ИИО)  жабырлануучудан гана эмес т.а., ар бир жарандан үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча келип түшкөн билдирүүлөргө милдеттүү түрдө чара көрүүгө милдеттүү;
- 2 түрүнүн ордуна (убактылуу коргоо ордеринин жана сот ордеринин) бир убактылуу коргоо ордери киргизилген (жогоруда аталган Мыйзамдын 26-29-беренелери);
- зомбулук жасаган айыпкерлердин зомбулуктуу жүрүм-турумду өзгөртүү боюнча оңдоп-түзөө программасын киргизүү караштырылган.

Укук колдонуу ишмердүүлүгүндө жаңыртылган мыйзамды ишке ашыруунун механизми бир катар мыйзам алдындагы ченемдик-укуктук актыларда жана ведомстволук актыларда  өз ордун тапты: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-октябрындагы " Коргоо ордеринин формасын бекитүү жөнүндө" №642 Токтомунда жана КРнын Ички иштер министрлигинин " Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө  ишмердүүлүгүн уюштуруу боюнча Нускаманы бекитүү жөнүндө" буйругунда».[96] КРнын Өкмөтүнүн "Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын зомбулуктуу жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча оңдоп-түзөө программасы жөнүндө"  жана "Үй-бүлөлүк зомбулукту сактоону жана коргоону ишке ашыруу тартиби жөнүндө"  токтомдорунун долбоорлору даярдалды, алар  жооптуу мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенишүүсүнүн жана координациялоо механизмин деталдаштырат.

Жогорку Кеңеш 2020-жылдын 24-декабрындагы жыйынында КРнын "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө"  Мыйзамын аткаруу жөнүндө суроону карап чыкты жана №4299-VI токтомду кабыл алды, анда аткарылып жаткан иштерге карабай, Өкмөттүн иши  жетишсиз деп

[96] Ошол жерден карагыла.

табылды жана ведомстволор аралык өз-ара аракеттенишүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу жана мониторинг боюнча бир катар сунуштамалар берилди.[97]

2021-жылдын 5-майында КРнын "Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө" Мыйзамы кабыл алынган, ага ылайык укук бузуулардын алдын алуу боюнча, анын ичинде үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча маанилүү механизм укук бузуулардын алдын алуу боюнча Координациялоочу комиссия болуп эсептелет. Анын 11 беренесине ылайык, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, Бишкек жана Ош шаарларынын мериялары, облустук маанидеги шаарлардын мэриялары укук бузуулардын алдын алуу боюнча өздөрүнүн аймактык координациялык комиссияларын түзүшөт. Укук бузуулардын алдын алуу боюнча координациялык комиссиянын курамына укук бузуулардын алдын алуу субьектилери болуп эсептелген жергиликтүү кеңештердин, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, мамлекеттик органдардын аймактык бөлүнүштөрүнүн өкүлдөрү, коомдук бирикмелер, жергиликтүү жамааттардын жана жарандык коомдун өкүлдөрү киришет. Ошондой эле, Коомдук-алдын алуу борборлорунун ролу дагы бөлүнүп көрсөтүлгөн (жогоруда аталган Мыйзамдын 12-беренеси) - ушул Мыйзамда белгиленген ыйгарым укуктардын алкагында укук бузуулардьш алдын алуу боюнча иш-чараларды биргелешип пландаштыруу үчүн жергиликтүү жамааттын, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын, жарандык коомдун өкүлдөрүнүн жана жарандардын координациялык механизми.

Бул куралды натыйжалуу ишке ашыруу дагы үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча жумушту алып барууга жана өлкө боюнча жер жерлерде бул ишти алып барган ар кыл субьектилерди активизациялоого жардам берет.

2017-жылы КР биринчи жолу мамлекеттик жана административдик (ведомстволор аралык) статистикага анализ жүргүзүлдү жана ИИМдеги, Башкы прокуратурадагы, Жогорку соттун алдындагы Сот департаментиндеги, Улуттук статистикалык комитеттеги каттоо жана отчеттуулук формалары жакшыртылып иштелип чыкты. Кийинки ведомстволук актылар аркылуу жаңыланган отчеттуулук формалары киргизилди:

- КРнын ИИМнин «Берилген коргоо ордерлери жөнүндө, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар, үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучулары жөнүндө ведомстволук отчеттуулуктун формасын бекитүү жөнүндө жана берилген коргоо ордерлери жөнүндө, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар жана үй-бүлөлүк зомбулуктан жабырлануучулары жөнүндө ведомстволук статистикалык отчетторду калыптандыруунун тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу» Буйругу, 207-жылдын 13-ноябры, № 963.
- Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин токтому (Укук бузуулардын статистикасы боюнча мамлекеттик статистикалык отчеттуулкту бекитүү жөнүндө), 9-ноябрь, 2017-жыл, № 17.

Эрте никелер, мажбурлоочу никелер, ошондой эле балдар менен никелер боюнча мыйзамдык чаралар кылмыштык-укуктук чараларды катаалдаштырууну камтыйт, тактап айтканда КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-жылдагы редакциясына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү камтыйт "Иш жүзүндөгү нике мамилелерине турууга мажбурлоо мажбурлоо" (173-берене) жана

[97] КРнын Жогорку Кеңешинин «Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамын аткаруу жөнүндө», 24-декабрь, 2020-жыл, № 4299-VI. Кийинкидарек боюнча жеткиликтүү: http://www.kenesh.kg/ru/article/show/7514/ot-24-dekabrya-2020-goda-4299-vi-ob-ispolnenii-zakona-kirgizskoy-respubliki-ob-ohrane-i-zashtite-ot-semeynogo-nasiliya Кайрылуу датасы 09.05.2022-ж.

"Никеге туруу максатында уурдоо" (172-берене), "Адамды никеге турууга мажбурлоо" (174-берене). Үй-бүлөлүк зомбулукка тиешелүү  ченемдер эч өзгөртүүсүз эле калтырылды.[98]

Кылмыш-жаза мыйзамындагы өзгөртүүлөрдү ишке ашыруу үчүн Өкмөт тарабынан мыйзамдагы жаңы ченемдерди ишке ашыруу боюнча зарыл чаралар менен уюштуруучулук-укуктук жактан камсыз кылуу үчүн  кам көрүлдү, мыйзамдагы ал жаңы ченемдерди  КРнын жогоруда аты аталган Мыйзамын ишке ашыруу боюнча бекитилген айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө 21.12.2017 №1084 сегиз жоопкерчиликтүү мамлекеттик органдарды камтыган биргелешкен буйруктун негизинде уюштуруу  чаралары көрүлгөн, бул уюштуруу чаралары 2018-жылы республиканын бардык облустарында жүргүзүлгөн кеңири масштабдуу окутууну дагы камтыды. Бул чара  ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын жоопкерчиликтерин жогорулатууга жана алардын укук колдонуу тажрыйбаларын натыйжалуу колдоно билүү жөндөмдүүлүктөрүн жогорулатууга жол ачты, муну менен чогуу нускамалык документтер иштелип чыкты жана бекитилди, буларды бирдиктүү колдонуу комплекстүү-профилактикалык иштерди уюштурууга алып келет.[99] Белгилей кетчү жагымдуу жагдай, Кыргызстан дин мусулмандар башкармалыгы дагы бул багытта чара көрүштү, тактап айтканда өздөрүнүн кызматкерлери үчүн 21.12.2016 №410 "Имамдардын 18 жаш куракка толо элек жарандар менен "нике" каадасын жүргүзүүсүнө тыюу салуу жөнүндө"  Буйругун кабыл алышкан.

2018-жылы КРнын Жарандык коргоо боюнча ведомстволор аралык комиссиясы тарабынан "Өзгөчө кырдаалдар шарттарында гендердик зомбулукту токтотуу, алдын алуу жана чара көрүү боюнча секторлор аралык өз ара аракеттенишүү тартиби жөнүндө жобо" жактырылган (КРнын Премьер-министринин жыйынынын протоколу 28.02.2018, №23-5), ошондой эле КРнын 2018-жылдын 24-майындагы "Жарандык коргонуу жөнүндө" жаңы Мыйзамы кабыл алынган, анда өзгөчө жана кризистик кырдаалдарда аялдарга жана балдарга карата зомбулук жасалуу тобокелчиликтерин төмөндөтүү бөлүгүндө гендердик аспектилер чагылдырылган (2-бер. 8-бөл.; 3-бер.2-бөл.; 51-берененин 2.1, 2.17-пункттары жана 7-бер.10-пункту).

Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууга жана колдоо көрсөтүүгө катышкан КРнын мамлекеттик органдарынан сырткары (ИИО, прокуратура, сот, Акыйкатчы, мамлекеттик администрациялар, билим берүү, саламаттыкты сактоо, социалдык коргоо чөйрөсүндөгү органдар), ошондой эле жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары,  аксакалдар соттору, үй-бүлө жана балдар иштери боюнча комитеттер, коомдук-алдын алуу борборлору, укук бузуулардын алдын алуу боюнча координациялык комиссия жана башка субьектилер.  Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кирет:

---

[98] Бул суроону ушул Окуу куралынын кийинки бөлүмдөрүндө кененирээк карасаңыз болот.

[99] Бөлүп көрсөтө турган болсок, КРнын 2016-жылдын 17-ноябрындагы №179 «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» (Үй-бүлөлүк кодекси, Кылмыш-жаза кодекси) Мыйзамын ишке ашыруу боюнча План, Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин, Ички иштер министрлигинин, Билим берүү жана илим министрлигинин, Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин, Саламаттыкты сактоо министрлигинин, Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын, КРнын Өкмөтүнө караштуу *Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттиктин жана КРнын Акыйкатчысынын* №1084 биргелешкен буйругу менен 21.12.2017 бекитилген; КРнын ИИМнин 26.12.2017 №1105 «Жашы жетелек өспүрүмдөрдүн арасында эрте никелердин алдын алуу боюнча усулдамалык окуу куралы жөнүндө» Буйругу; Билим берүү жана илим министрлигинин 9.11.2017-жылдагы 03-6/6440  «Минималдуу никеге туруу жаш курагына толгонго чейин диний нике кыюу «нике» каадасына катышууга тыюу салуу жөнүндө билим берүү мекемелеринде окугандардын арасында иш жүргүзүү жөнүндө» Нускамалык каты.

- Мамлекеттик эмес социалдык жактан тейлөө мекемелери (кризистик борборлор, балдар жана өспүрүмдөр үчүн социалдык баш калкалоочу жайлар, зомбулуктан жабыр тарткан аялдар үчүн мейманканалар, реабилитациялык борборлор ж.б.);
- социалдык жактан тейлөө жана укук коргоо ишмердүүлүгү менен алектенген башка бейөкмөт уюмдары жана жарандар;
- Мамлекет тарабынан кепилденген акысыз юридикалык жардам;
- Массалык маалымат каражаттары.

Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана күрөшүү боюнча актуалдуу ченемдик-укуктук актыларды кабыл алуу жаатындагы олуттуу прогресс болгонуна, мамлекеттик органдардын жана мамлекеттик эмес институттардын кеңири чөйрөсү бар экендигине, бул көйгөйдүн үстүндө активдүү иш алып барган жарандык коом бар экенине карабастан, коомдук уюмдардын ар түрдүү изилдөөлөрүнө ылайык, ошондой эле массалык маалымат каражаттарынын, интернет басылмалардын көрсөткүчтөрү боюнча акыркы үч жылдын ичинде үй-бүлөлүк зомбулук фактылары туруктуу түрдө өсүү тенденциясына ээ болуп жатат. Мамлекеттик бийлик органдарынын үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйлөрүнө карата мамилеси дагы да болсо формалдуу боюнча калууда, зомбулук суроолоруна үнчүкпай коюу көрүнүштөрү орун алууда жана зомбулукту сынга алуунун жоктугу коомдук аң сезим дагы, сот жана укук коргоо органдарынын тажрыйбалары дагы бул чөйрөдө кесипкөйлүк, маданий жана социалдык ченемдерди өзгөртүүгө толугу менен даяр эмес болуп калуусуна алып келүүсү мүмкүн. Саясаттын зомбулукка каршы күн тартиби, 2022-2025-жылдарга карата жаңы Аракеттер планын иштеп чыгуу жана кабыл алуу, бул көйгөйгө бардык кызыкдар тараптарды кошуу, мыйзамдарды жакшылап жеткиликтүү иштеп чыгуу жана КРдагы үй-бүлөлүк зомбулук менен күрөшүүдө олуттуу прогресске жетүү үчүн кеңири маалыматтык-агартуучулук жана билим берүүчүлүк ишмердүүлүк боюнча системалуу иштерди жүргүзүү зарыл.

## 2-бөлүмгө карата окуу тапшырмасы

***2.1.-тапшырма.***

Төмөндө келтирилген практикалык кырдаалды талкуулоо (бейнени):

*Жабырлануучу бир нече жылдар бою үй-бүлөлүк зомбулуктан, анын ичинде уруп-сабоодон (мунун натыйжасында ырайымсыз зомбулук окуяларын далилдеген 10 медициналык тастыктама алынган), олуттуу коркутуулар жана үч жыл бою алимент төлөбөй коюудан азаптанып келген, мунун баары аны колдоо табуу үчүн сотко жана полицияга кайрылууга мажбур кылган. Кылмышкер эмеректердин көп бөлүгүн алып турак-жайдан чыгып кеткен, бирок жулунуп кирип келе бергенди жана жабырлануучуну уруп-сабаганды уланткан, мунун жыйынтыгында ал ооруканага жаткырылган.*

*Кылмышты тергөө процедуралары жылдап узарып кеткен, аны оор дене бойлук жаракаттарды келтирүү менен байланыштуу эки окуя үчүн коргоо буйругун бергенге же кылмышкерди камакка алууга, болжолдуу түрдө 365 АКШ долларына айып пулга жыгууга мүмкүн болгон жок. Соттук териштирүүнүн жүрүшүндө жабырлануучу (аял) катары, ага тиешелүү соттук документтер жеткиликтүү болгон эмес. Балдарды коргоо боюнча органдар анын телефон аркылуу чалып кайрылганына дагы, кат аркылуу дагы жеке өзү кайрылганына карабай, эч кандай жардам көрсөткөн эмес. Жабырлануучу аялды жана анын балдарын жайгаштыруу үчүн ылайыктуу турак-жай болгон эмес, алардын бирөөнүн олуттуу майыптыгы бар болчу. Жабырлануучу аялдын кайрылуусунун негизинде кылмышкерди үй-бүлө*

*чогуу жашаган турак жайдан чыгаруу үчүн козголгон жарандык ишти териштирүүнүн жүрүшүндө, сот анын батирге карата укуктары кийинки чечимдин негизинде чектелбейт деген чечимге келген: (а) дене бойлук зомбулуктун үзгүлтүксүз түрдө жасалып жатканына негиз жок экендиги жана (б) анын турак жайга карата укугу.*
*АББЖК комитети Венгриянын мамлекеттик органдарынын аракеттерине, соттордун чечимдерине карата АББЖК чечимдерине туура келбейт деген өз вердиктин чыгарган.*

***2.1.-тапшырмага карата суроолор:***
Укук коргоо органдарынын, сот адилеттиги системасынын аракеттери, жабырлануучунун кызыкчылыктарына негизделген жана адам укуктарына багытталган мамилеге, *АББЖК* баяндалган стандарттарга жана Стамбул конвенциясына туура келдиби? Өз жоопторуңарды негиздегиле.

***2.2.-тапшырма:***

с) КРнын Бешинчи өлкөлүк баяндамасына карата АББЖКнын Баяндамасына (2021-ж.) А 50 сунуштамасынын Кыргызстан тарабынан аткарылгандыгы боюнча талкуу жүргүзгүлө:

«Е50 с) *Аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча Комитеттин №31 биргелешкен жалпы сунуштамасына/ Балдардын укуктары боюнча Комитеттин № 18 жалпы тартиптеги эскертүүсүнө (2019), Конвенцияга карата Фкультативдик протоколдун 8-беренесине ылайык иликтөө жөнүндө анын баяндамасында баяндалган Комитеттин зыяндуу тажрыйбалар жана сунуштамаларына ылайык, аялды уурдоо, балдар никелери (жашы жетелек өспүрүмдөр) жана мажбурлоочу никелер менен күрөшүү, өзгөчө айыл жерлеринде күрөшүү боюнча, ага кошуп алардын түпкү себептерин четтетүү боюнча аракеттерди* улантуу; *укук коргоо органдарына арыз менен кайрылууну жайылтууну, кошо катышкандыгы үчүн үй-бүлө мүчөлөрүн, диний жана жамааттардын лидерлерин же укук коргоо органдарынын кызматкерлерин жазалоону; мындай окуяларды аныктоо жана соттук териштирүүнү камсыз кылуу үчүн механизмдерди түзүүнү* улантуу.

***2.3.-тапшырма.***

БУУнун Адам укуктары боюнча Комитетинин (АУК) төмөндө келтирилген сунуштамаларын талкуулагыла жана Кыргызстандагы сот аксакалдарынын функционалдашуусун «макул» жана «каршы» деген далилдерди түзүп чыккыла.

АУК 2014-жылы КРга кийинкилерди сунуштаган (19-п.):
«*Комитет мурункудай эле Аксакалдар сотунун иш алып баруусу адилеттүү соттук териштирүү укугун ишке ашырууну коркунучка калтыруусу мүмкүн экендигине, тактап айтканда чечимдер юридикалык даярдыгы жок, маданий жана моралдык ченемдердин негизинде кабыл алынып жатышы фактысынан улам, үй-бүлөлүк зомбулук боюнча чечимдер аялдарга жагымсыз кесепетин тийгизиши мүмкүн экендигине тынчсызданууда (2,3 жана 14-берене).*
*Катышуучу-мамлекет Аксакалдар соттору Пакттын жоболоруна толук кандуу жооп берүү менен функционалдашуусун камсыз кылуусу зарыл, тактап айтканда адилеттүү соттук*

*териштирүүнү жана басмырлабоону кепилдикке алууну жана алардын мүчөлөрү Пактта коргоого алынган укуктар боюнча даярдыктан өтүүлөрүн кепилдикке алууну сактоолору керек.*

### 2-бөлүмгө карата көзөмөлдөөчү суроолор

1. Аялдарга карата зомбулукка тиешелүү негизги эл аралык актыларды атагыла жана аларга мүнөздөмө бергиле.
2. Жабырлануучунун кызыкчылыктарына багытталган жана адам укуктарына негизделген мамиле деген эмне?
3. Үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулуктун жабырлануучулары үчүн адистешкен кызмат көрсөтүүлөр деген эмне?
 Мисалдарды келтиргиле. Зомбулуктун жабырлануучуларын жардам көрсөтүүнүн көп секторлуу механизми деген эмне?
4. АББЖК баяндалган негизги стандарттарды атагыла.
5. Стамбул конвенциясына мүнөздөмө бергиле жана анын негизги стандарттарын атагыла.
6. Кыргызстанда гендердик күн тартиби жана аялдарга карата зомбулукка каршы аракеттерди көрүү чөйрөсүндөгү кайсы эл аралык актылар иштейт жана таасирлүү? Аларга мүнөздөмө бергиле.
7. Туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү Максаттар деген эмне (ТӨМ)? БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 1325 Резолюциясына мүнөздөмө бергиле.
8. БУУнун Комитеттери эл аралык милдеттенмелердин аткарылышына мониторинг жүргүзүүнүн кайсы механизмдерин колдонушат? Кыргызстан өз милдеттерин аткаруу боюнча БУУнун Комитеттери менен кандайча өз ара аракеттенишет?
9. КРда үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана коргоо чөйрөсүндөгү кайсы негизги мыйзамдар иштелип чыккан жана эл аралык стандарттардын таасири астында кабыл алынган? Мүнөздөмө бергиле.
10. КРда үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууга жана жабырлануучуларга колдоо көрсөтүүгө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарды жана башка субьектилерди атагыла.

# 3. АЯЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУКТАН ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨЛҮК-ТИРИЧИЛИКТИК ЗОМБУЛУКТАН КОРГООНУН МЕХАНИЗМИ

## 3.1. Ыкчам тыюу салуу жөнүндө буйруктар (ebos) жана узак мөөнөттүү коргоо жөнүндө буйруктар жана тобокелчиликтерге баа берүү: эл аралык стандарттар жана эң мыкты чет элдик тажрыйба[100]

Аялдарды зомбулуктун бардык формаларынан коргоо көйгөйү бардык дүйнө жүзүндө актуалдуу болуп саналат. Эл аралык мыйзамдар мамлекеттердин аялдар зомбулукка кабылган кырдаалдарга чара көрүү формаларын жөнгө салган бир катар ченемдерди камтыйт. Айтсак, Стамбул конвенциясы мына ушундай эки форманы караштырат:

1) ыкчам тыюу салуу жөнүндө буйруктар;
2) узак мөөнөттүү коргоо жөнүндө буйруктар.

Аларды карап чыгалы.

### 3.1.1. Ыкчам тыюу салуу жөнүндө буйруктар

Ыкчам тыюу салуу жөнүндө буйруктарды берүү, аны кыскача – ЕВО деп атап жүрүшөт, Стамбул конвенциясынын 52-беренесинде каралган:

*«Тараптар, тиричиликтик зомбулуктун аткаруучусу түздөн-түз коркунуч жараткан кырдаалдарда жабырлануучуга же коркунучка кабылып жаткан адамга жетиштүү бир мөөнөткө жашаган дарегин таштап кетүүгө буйрук берүү жана зомбулук жасаган адамды, жабырлануучу же коркунучка кабылып жаткан адам жашап жаткан дарекке барууга же аны менен байланышууга тыюу салууга буйрук берүү боюнча компетенттүү органдарга укук берүүнү камсыз кылуу үчүн зарыл мыйзамдык жана башка чараларды кабыл алышат. Ушул беренеге ылайык кабыл алынган чаралар жабырлануучуларга же коркунучка кабылып жаткан адамдарга коопсуздук артыкчылыктарын берет».*[101]

Европа Кеңешинин негиздүү эскертүүлөрү боюнча ЕВО концепциясы «парадигманы алмаштырууну», т.а., мамилени өзгөртүүнү талап кылат:

*«Алсак, жабырлануучуларга зомбулуктан коопсуз жай издөөнү сурангандын ордуна, бул түйшүк айыпкерге оодарылат, ага ылайык зомбулук жасаган адамга жабырлануучу же коркунучка*

[100] Бул Окуу куралынын 3-бөлүмүндөгү эл аралык стандарттар жана эң мыкты эл аралык тажрыйба жөнүндө бөлүмчөлөрдү жазууда «Армениядагы аялдарга карата зомбулуктун жана тиричиликтик зомбулуктун алдын алуу жана күрөшүү» окутуу курсунун материалдары колдонулду, даярдагандар Лори Манн жана Лусине Саргсян. - Ереван, 2018-ж. (англис тилинен орус тилине расмий эмес котормо). // Mann L., Sargsyan L. Preventing and combating violence against women and domestic violence in Armenia: training course. Erevan, 2018. Англис тилиндеги түп нускасы бул шилтемеде жеткиликтүү: https://rm.coe.int/eur-justice-eng/168093c14a. Кайрылуу датасы 12.04.2022-ж.

[101] Европа Кеңешинин аялдарга карата зомбулуктун жана үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана күрөшүү жөнүндө конвенциясы (Стамбул конвенциясы), Стамбул, 11-май, 2011-жыл (Расмий эмес котормо). Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://rm.coe.int/16806b0687/ Кайрылуу датасы: 12.04.2022-ж.

*кабылып жаткан адам жашап жаткан даректи таштап кетүүсүнө, аны менен (аял/эркек) байланышпоосуна буйрук берилет».*[102]

Берене мындай чараларды көрүүнү талап кылганы менен, ал аларды колдонууну мамлекетке караштырып көрүү шартын калтырат. Ыкчам тыюу салуу жөнүндө буйруктар камоо, камакка алуу баш коргоо чарасы жана соттук териштирүү сыяктуу бир катар башка чаралардын топтомун алмаштырууга багытталган эмес. Ошол эле учурда Стамбул конвенциясынын 52-беренесин 50-51-53-беренелердин шайкештигинде кароо зарыл, булар укук коргоо органдарынын эч кечиктирбестен ыкчам чара көрүүсүн, коркунучтарга баа берүүнү жана узак мөөнөттү коргоонун бар болуусун талап кылат.

Ыкчам тыюу салуу жөнүндө буйруктардын негизги өзгөчө белгиси, алардын ыкчам колдонулгандыгында жана кыска мөөнөттүн ичиндеги таасирге ээ экендигинде. Стамбул конвенциясына карата Түшүндүрмө баяндамада белгиленгенип тургандай, 52-беренеде көрсөтүлгөн «түздөн-түз коркунуч» термини үй-бүлөлүк зомбулуктун зыян тартып калуудан кача албай турган, бирок ишке ашырыла элек жана кайталануусу мүмкүн болгон бардык кырдаалдарга тиешелүү. Ыкчам тыюу салуу жөнүндө буйруктар «жетиштүү мөөнөткө» кабыл алынуусу керек, бул адатта башка мамлекеттерде – 10 күндөн 4 жумага чейинки мөөнөткө кабыл алынат.

Мындай буйрук өзүнө коопсуздукту камсыз кылуу чарасын камтыйт жана аны берүү жасалган кылмыштан көз каранды болбоосу зарыл жана дагы кылмыш жоопкерчилигин далилдөө менен байланыштуу болбоосу зарыл.

Түшүндүрмө баяндамада кенен баяндалгандай, Стамбул конвенциясы мамлекеттерди «жабырлануучуларды алар кандайдыр бир башка соттук териштирүү баштоо чечимин кабыл алышабы же жокпу көз карандысыз түрдө тыюу салуу же коргоо жөнүндө буйрук алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга» милдеттендирет».[103]

Электрондук сертификаттар полиция, сот же башка ыйгарым укуктуу органдар тарабынан берилүүсү мүмкүн. Ыкчам тыюу салуу жөнүндө буйрук ошондой эле жарандык, кылмыш же административдик мыйзамдарга ылайык караштырылышы мүмкүн. Стамбул конвенциясында мындай буйруктарды берүүгө кайсы мекеме жооптуу болушу керек экендиги көрсөтүлгөн эмес, бирок көпчүлүк өлкөлөрдө бул полициянын коргоого алуу мандатын жана 24/7 режиминде иштей тургандыктарын эске алуу менен аларга жүктөлгөн. Ыкчам тыюу салуу жөнүндө буйруктарды берүү, жабырлануучу тарабынан арызды демилгеленүүсүн караштырбоосу зарыл. Электрондук сертификаттар жабырлануучуга акысыз берилүүсү керек.

52-беренеде баяндалган коргоо чөйрөсү чектелет:

а) жабырлануучунун үйү же убактылуу жашаган дареги (анын ичинде баш калкалоочу жай);

б) байланышуу түйүндөрү жок экендиги жөнүндө жалпы буюртмалар менен.

Көптөгөн өлкөлөр коргоого алууну жабырлануучунун балдарына жайылтышты, эгер балдары бар болсо, бул аркылуу мектептерди же балдар мекемелерин камтышты.

[102] Европа Кеңеши, Үй-бүлөлүк зомбулук кырдаалдарындагы өзгөчө тыюу салуучу токтомдор: Стамбул конвенциясынын 52-беренеси, 2017.43-бет. Цитата кийинки баяндамада.: Mann L., Sargsyan L. Preventing and combating violence against women and domestic violence in Armenia: training course. Erevan, 2018-ж. 56-бет.

[103] Стамбул конвенциясына карата Түшүндүрмө баяндама (мындан нары – Түшүндүрмө баяндама), 279-пункт// Орус тилиндеги версиясы кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://rm.coe.int/explanatory-ic-rus-web/16808e9a2a Кайрылуу датасы 19.04.2022-ж.

### 3.1.2. Узак мөөнөттүү коргоо жөнүндө буйруктар

**а) Эл аралык стандарттар**

Узак мөөнөттүү коргоо же чектөөлөр жөнүндө айта турган болсок, Стамбул конвенциясынын 53-беренеси караштырат:
1) Тараптар бул Конвенция таасирин тийгизген чөйрөгө кирген зомбулуктун формаларына кабылган бардык жабырлануучулар үчүн чектөөлөр же коргоо жөнүндө тиешелүү буйруктар жеткиликтүү болуусун камсыз кылуу боюнча зарыл мыйзамдык жана башка чараларды кабыл алат;
2) Тараптар 1-пунктта жазылган чектөөлөр же коргоо жөнүндө буйруктар кийинкилер менен камсыз кылуу үчүн зарыл мыйзамдык же башка чараларды кабыл алышат:
- жабырлануучуга карата мыйзамсыз каржылык же административдик түйшүктөрсүз, аны түз коргоо камсыз кылынуусу үчүн;
- аныкталган бир убакыт аралыгына берилүүсүн же аларды өзгөртпөй же артка кайтарбай турууну;
- зарылчылык пайда болгон учурда бир тараптуу негизде берилүүсүн («ex parte) [104]
- жана эч кечиктирилбестен күчүнө кирүүсүн;
- башка юридикалык процедуралардан көз карандысыз түрдө бар болуусун же аларга кошумча катары каралуусун;
- кийинки юридикалык процедураларда мындай буйруктарды кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн бериштИ.
Буйруктардын эки формасы тең ыкчам тыюу салуу жөнүндө буйрук дагы, ошондой эле узак мөөнөттүү коргоо жөнүндө буйрук дагы көзөмөлдөнүшү керек: жабырлануучу менен байланышта болуунун негизинде жана кылмышкерлерди, буйрукту бузууга жакын адамдарды же коркунучтун деңгээли жогору жабырлануучуларды полиция патрулу тарабынан электрондук мониторинг аркылуу. Стамбул конвенциясы мамлекеттер *«бир эле кылмышкерге карата башка кандай гана болбосун соттук териштирүүнүн жүрүшүндө дагы чектөөлөр же коргоо жөнүндө токтом чыгаруу мүмкүн экендигин камсыз кылууларын талап кылат».* Бул жобонун максаты, мындай токтом (буйрук) кылмышкерге карата чыгарылганы жана ошол эле адамга каршы соттук териштирүүгө төрагалык кылып жаткан башка бардык сотко белгилүү болгондугу фактысына жетишүү.[105]

Кылмышкердин укуктары боюнча айтсак, анда укук бузуучунун турак жайдын ага жеткиликтүүлүгүнө, жеке жана үй-бүлөлүк жашоосуна карата кыймыл-аракетинин убактылуу

---

[104] ««Ex parte» [ɛks pɑrti] латын тилиндеги юридикалык термин болуп эсептелет, «бир тараптан» дегенди түшүндүрөт. ex parte чечими талашып-тартышууга бардык тараптардын катышуусун талап кылбастан, соттун чечими менен аныкталат, Австралиялык, канадалык, түштүк африкалык, индиялык жана америкалык укуктук доктриналарда ex parte соттук териштирүү дегенди түшүндүрөт, бир тарап тарабынан козголот жана башка тараптарды катыштырбай эле, сунуштабай эле же аларга билдирбей эле. Ал ошондой эле сот, арбитр же өкүлчүлүктүк кылган тараптын экинчи тарапка маалымдабастан же ал тарап үчүн адвокаттарсыз эле тиешелүү эмес бир тараптуу контакттарды түшүндүрүү үчүн көбүрөөк эркин колдонулат. //Кийинки шилтемеден карагыла: https://educalingo.com/ru/dic-en/ex-parte
[105] Түшүндүрүүчү баяндама, 274-пункт.

чектелгендиги жабырлануучунун жашоого карата укугун, ошондой эле дене бойлук жана психикалык кол тийбестик укугун алмаштыра албайт.[106]

Артыкчылык жабырлануучуга жана анын балдарына берилүүсү керек. Конкреттүү окуяда берилген ыкчам тыюу салуу жөнүндө буйрук коркунучтарды баалоо учурунда аныкталган факторлорго тең салмактуу болуусу зарыл. Ал ошондой эле, тийиштүү укуктук процедураларга жана соттук кайра кароого талаптагыдай дал келүүсү зарыл, буйрук жазуу формасында даярдалат жана анда коюлган чектөөлөр так көрсөтүлүп жазылат жана алардын таасири күчүндө боло турган убакыт аралыгы дагы так белгиленген болот. Эгерде полиция кылмышкерди жеринде укпаса, ал (аял/эркек) дароо ыкчам түрдө өз үнүн жеткирүү укугуна ээ болуулары зарыл. Кылмышкерлер ошондой эле, тыюу салуу жөнүндө буйруктун үстүнөн даттануу укугуна ээ болушу керек, бирок бул анын (тыюу салуу жөнүндө буйруктун) таасирин, таасир этүү чөйрөсүн токтотпошу зарыл.

Ыкчам тыюу салуу жөнүндө буйрукту же коргоо жөнүндө буйрукту бузуунун артында кылмыш-жаза же административдик жоопкерчилик каралган болуусу зарыл. Айып пул салуу натыйжасыз катары каралат, себеби алар үй-бүлөлүк бюджеттен төлөнгөн болушу мүмкүн жана натыйжа алып келе турган фактор буолуп эсептелбейт. Коргоо жөнүндө буйруктарды бузууну ала турган болсок, анда Стамбул конвенциясынын 53(3) беренеси аларды бузгандыгы үчүн *«натыйжалуу, чен өдчөмдүү, кылмыш-жаза же башка укуктук санкциялар колдонулушун»* талап кылат.

Ыкчам тыюу салуу жөнүндө буйруктарды бузуу «аны бузган адамга карата расмий чараларды кабыл алууга алып келүүсү зарыл». Европа Кеңешинин башка мүчө мамлекеттеринде айып пулдан баштап камакка алууга чейинки административдик же кылмыштык санкциялар караштырылган.

Жабырлануучуну албетте, ыкчам тыюу салуу жөнүндөгү же узак мөөнөттүү коргоо жөнүндө буйруктар токтото албайт. Жабырлануучуда, кылмышкер менен байланышууну каалаган же анын үйгө кирүүсүнө тоскоолдук кыла албаган, анын ичинде коркуу сезими дагы токтото албай турган ар түрдүү себептер бар. Жабырлануучуларга алар жогорудагы тыюу салуу буйруктарын бузушкандыгы үчүн санкциялар каралбашы керек.

### б) Эң мыкты чет элдик тажрыйба: Испаниядагы коргоо жөнүндө буйруктар

Испания коргоону ишке ашыруу чөйрөсүндөгү тиешелүү (керектүү) тажрыйбаны ишке ашырган үлгү болуп саналат. Ал дүйнө жүзүндөгү зомбулук менен күрөшүү боюнча эң алдыңкы ченемдик алкактарды түзө алды[107] жана эл аралык деңгээлде дайыма үлгү катары айтылып жүрөт.

2004-жылы Испания интимдик өнөктөштөр тарабынан жасалган зомбулук менен күрөшүү үчүн гендердик аспекттерди эске алган баардыгын камтыгын укуктук базаны түзгөн, тактап айтканда бул гендердик негиздеги суроолор боюнча адистештирилген соттордун түзүлүүсүнө алып келген.

[106] Кар.: «Йилдирум» Австрияга каршы иши, № 06/2005 билдирүү. CEDAW/C/39/D/6/2005, 12:1:5-пункт, 2005, анда «кылмышкердин укугу аялдардын жашоого, дене бойлук жана психикалык кол тийбестикке карата адам укугун алмаштыра албайт» (расмий эмес котормо). Цит. бул жерде/: Mann L., Sargsyan L. Preventing and combating violence against women and domestic violence in Armenia: training course. Erevan, 2018 г. P.46.

[107] Испаниянын гендердик зомбулуктан бардык коргоо чараларын кучагына алуу аркылуу коргоожөнүндө Мыйзамдын 1/2004 1-беренеси караштырат: «Бул мыйзамдын максаты, тең укуксуздук кырдаалындагы басмырлоонун пайда болуусу жана аялдардын үстүнөн эркектердин бийлик жүргүзгөн мамилеси катары жасалган зомбулукка каршы аракеттерди көрүү болуп эсептелет, ал аялдарга карата алардын күйөөлөрү же мурунку жубайлары, же учурдагы өнөктөшү же качандыр бир кезде өнөктөшү болгон адамдар тарабынан ал турай алар чогуу жашабаса дагы, ага жакын болуп калган мамилелер аркылуу жасалат». Үй-бүлөлүк зомбулуктун бардык формалары 1989-жылы Кылмыш кодексинде криминалдашкан // Караңыз: ошол жерде 62-бет.

Бул адистештирилген соттор Испаниянын бардык аймактарында жайгашышкан, күнү-түнү иштешет жана соттун коргоо чарасынын кеңири спектрин колдонуусуна жол ачат: кылмыштык, жарандык (үй-бүлөлүк укукту кошкондо) жана социалдык коргоону.

Коргоо чараларын кабыл алуу жөнүндө арыздар полиция жана прокуратура органдарынын кызматтык милдети боюнча берилет. Алар жыныстык белгиси боюнча зомбулукта кылмыштык айып тагуу менен байланыштуу окуяларда автоматтык түрдө берилет. Чыгарылган токтомдор бир гана атайын соттун судьясынын компетенциясына кирет, ал дагы «sua sponte» деп аталган токтом чыгара алат, тактап айтканда ал жабырлануучунун суроо талабын өткөртпөстөн эле жеке өзүнүн демилгеси менен чыгара алат. Жабырлануучулар, алардын үй-бүлө мүчөлөрү, полиция, социалдык колдоо көрсөтүү уюмдары (мамлекеттик жана жеке) прокуратура органдарынын адистешкен прокурорлору коргоо жөнүндө буйруктарды (токтомдорду) суроо талап жиберип алышса болот.

Социалдык камсыз кылуу, саламаттыкты сактоо чөйрөсүндөгү адистер жана башка адистер зомбулук окуялары жөнүндө полицияга же прокуратура органдарына милдеттүү тартипте билдирүүгө милдеттүү.

Коргоо жөнүндө буйруктар суроо талап жиберилген учурдан баштап 72 сааттын ичинде берилүүсү зарыл. 72 сааттын ичинде судья тараптарды мамлекеттик айыптоочу катышкан угууга чакырат. Сотто жабырлануучуну коргоо чаралары катары, зомбулук жасаган адамдын жана жабырлануучунун (адамдардын) катышуусундагы угуулар эки бөлөк өз алдынча өткөрүлөт. Окуяга тиешеси бар балдарды дагы бөлөк, өз алдынча угушат. Айыпкер угууда коргоо жөнүндө токтомду (буйрукту) берүү жөнүндө суроо талап боюнча угууда катышуусу керек болсо дагы, аны табуу мүмкүн болсо же болбосо дагы, териштирүү сыртынан (зомбулук жасаган адамдын катышуусуз) жүргүзүлө берүүсү мүмкүн.

Эгер кылмышкер келбесе, анда судья чакыруу кагазынын ордуна камакка алуу ордерин бере алат. Жабырлануучуга түздөн-түз коркунуч келтирилип жаткан кырдаалдарда полиция кылмышкерди камакка алганга жана аны токтом чыкканга чейин камакта кармоого милдеттүү (72 сааттын ичинде).

Испанияда интимдик өнөктөшү, тактап айтканда жубайлары, мурунку жубайлары же алардын ортосунда эмоционалдык байланыштар бар болгон эркектер тарабынан зомбулук жасалган учурда, алар чогуу жашагандыгынан көз карандысыз түрдө аялдарды коргоо жөнүндө буйруктар чыгарылат. Коргоо жөнүндө буйруктар жабырлануучу же кылмышкер үчүн акысыз берилет.

Испаниянын Мыйзамы коргоо жөнүндө буйруктардын эки түрүн караштырат: кылмыш-жаза жана жарандык. Кылмыш өндүрүшү менен байланыштуу коргоо жөнүндөгү буйруктар буларды камтышы мүмкүн:

- абак;
- тыюу салуу жөнүндө соттук буйруктар;
- сүйлөшүүгө тыюу салуу;
- кылмыш жасалган жерге же жабыр тарткан адамдын жашаган дарегине кайрадан барууга тыюу салуу;
- куралын жана башка кооптуу предметтерин алып коюу.

Жарандык өндүрүш менен байланыштуу коргоо жөнүндөгү буйруктар караштырат:

- колдонуу жана турак жай имаратын колдонуу укугун берүү;
- камакта кармоо, жолугушуу жана балдары менен сүйлөшүү шарттарын чектөө;
- техникалык тейлөө менен камсыз кылуу;
- Коркунучтардан же жаракаттардан качуу боюнча чаралар.

Мына ошентип, коргоо жөнүндө токтомдор байланышууга жалпы тыюу салуу, кылмышкердин жабырлануучу жашаган үйдөн көчүп кетүүгө тыюу салуу, кылмышкерге алдын-ала эскертүү берүү менен аны камкордукка алууга тыюу салуу, жабырлануучуга (аял/эркек) балдардын үстүнөн алдын-ала камкорчулукту берүү, болжолдуу кылмышкердин ата-энелик ыйгарым укуктарын, камкордукка алуу укуктарын токтотуу жана балдардын бакубат жашоосун камсыз кылуу үчүн аларга барып туруу жана алименттерди төлөө жөнүндө буюртма ж.б. Жалпысынан кылмыш-жаза чаралары жарандык мүнөздөгү чараларга караганда көп колдонулат.

Буйруктун географиялык чеги соттун кароосуна калтырылат жана жабырлануучунун иштеген жумуш ордун дагы камтуусу мүмкүн. Полициянын ыкчам чара көрүүсүн жеңилдетүү үчүн минималдуу дегенде 500 метрге тыюу салуу, ошондой эле тараптардын ортосундагы визуалдык байланышуудан качуу сунуш кылынат. Электрондук мониторинг жүргүзүү бузуп жаткандыгы жөнүндө ыкчам кабарлоого жол ачат жана буйрукту бузган адамдар үчүн көп колдонулат. Испанияда коргоо жөнүндө буйруктарды бузуу кылмыш жоопкерчилиги болуп саналат. Эскерте кетчү нерсе, буга жараша Испаниянын Кылмыш-жаза кодекси жабырлануучунун эмес, зомбулук жасаган адамдын коргоо тартибин бузгандыгы үчүн аны жазалоо чарасын караштырган.

Ошол эле учурда судья үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга карата көп чектөөлөрдү киргизген жаңы чараларды кабыл алуусу мүмкүн. Коргоо жөнүндө алдын ала берилген токтомдор бардык кылмыш жана жарандык териштирүүлөрдө көңүл борборуна алынат. Убактылуу коргоо чаралары, судья бекитүү, өзгөртүү же токтомду четке кагуу жөнүндө акыркы чечимдерди кабыл алмайынча 30 күн бою күчүндө калтырылат. Коргоо жөнүндө буйруктар иш боюнча акыркы чечим чыккандан кийин дагы, ошондой эле бардык берилген апелляцияларды кароонун жүрүшүндө дагы сакталуусу мүмкүн. Кылмыш-жаза таасиринин чаралары майда кылмыштар үчүн беш жылга чейин созулушу мүмкүн, 10 жыл - оор кылмыштар үчүн жана 6 ай – майда кылмыштар үчүн.

Арыздын жөнөкөйлөтүлгөн стандарттык формасы, муниципалдык мекемелерде жана социалдык тейлөө мекемелеринде, полициянын бөлүмдөрүндө, атайын соттордо жана бейөкмөт уюмдарда жеткиликтүү болуп турат. Ал испан тилинде жана башка расмий тилдерде жеткиликтүү (бакс, каталан ж.б.), англис жана француз тилдеринде. Жогоруда белгиленгендей, Испания үчүнчү тараптардан дагы арыз жазып кайрылуусуна уруксат берет (жабырлануучунун үй-бүлөсүнөн), мындай арыздар социалдык жактан тейлеген ар түрдүү уюмдарга же мамлекеттик органдарга берилүүсү мүмкүн, буга кошумча процедуранын жеткиликтүүлүгүнө шарт түзгөн полицияга же адистештирилген сотко дагы берилүүсү мүмкүн. Жогоруда белгиленгендей, Мыйзам зомбулук окуялары жөнүндө кабардар, маалыматка ээ социалдык коргоо мекемелерин жана жарандык коом уюмдарын ал жөнүндө полицияга же адистештирилген сотко билдирүүнү милдеттендирет, андан соң тигилер болсо кызматтык абалына жараша коргоо жөнүндө токтом чыгарууга милдеттүү.

Жабырлануучу же анын суранычтары менен байланышы жок сотко үнүн жеткире билүүгө укуктуу. Ар жыл сайын жабырлануучулардан коргоо жөнүндө ордерлерди берүү боюнча арыздардын маанилүү үлүшү (болжол менен 30%) артка кайтарылып алынат. Зомбулук жасаган адам буйруктун үстүнөн даттанууга жана бул суроо боюнча сотто сөз алып сүйлөөгө укуктуу. Мындай аракеттер коргоо жөнүндө ордердин таасирин токтотпойт.

Жабырлануучуга коргоо жөнүндө буйрук чыккандыгы жана анда каралган шарттар боюнча сот маалымат берет, ал ошондой ээле зомбулук жасаган адамга жана тиешелүү аткаруу органдарына дагы маалымат берет. Ал берилген убактан баштап 24 сааттын ичинде билдирүү электрондук түрдө, факс же экспресс почта боюнча берилет. Коопсуздук кызматтарынан башка, ошондой эле

социалдык, юридикалык, медициналык жардам көрсөтүү жана психологиялык жактан колдоо кызматтарына дагы билдирүүлөр жиберилет. Ушуга ылайык, бул байланышууларды жеңилдетүү үчүн административдик координациялоонун комплекстүү системасы түзүлгөн.

Жабырлануучунун ар тараптуу жардам алуусу (психосоциалдык колдоого ээ болуу, юридикалык жардам алуу жана ага өкүлчүлүктүк кылуу, ошондой эле күбөлөрдү-эсперттерди колдоо, каржылык жардам көрсөтүү, билим алууга жана кесиптик көндүмдөргө окутуу, ошондой эле турак жай берүү) анын бийликке зомбулук жөнүндө билдиргендиги менен шартталган.

Дал ушул, соттун, тиешелүү кызматтарга мындай кызматтарды көрсөтүү жөнүндө, жабырлануучуну коргоо жана ал үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүү болушу керек экендиги жөнүндө токтом чыккандыгын маалымдайт. Интимдик өнөктөшү тарабынан жасалган зомбулуктун жабырлануучуларына сунуш кылынуучу кызмат көрсөтүүлөр, Стамбул конвенциясында баяндалган стандарттарга ылайык, сексуалдык зомбулуктун жабырлануучуларына көрсөтүлүүчү кызматтар менен бирдей, окшош.

Коргоо жөнүндө ордер Юстиция министрлигинин алдындагы тиричиликтик зомбулуктун жабырлануучуларын коргоо боюнча Борбордук реестрде катталат. Ал үй-бүлөлүк жана кылмыштык иштер боюнча сотторго, прокуратурага, полицияга, өкмөттүк делегацияларга жана комиссияларга жеткиликтүү болушу мүмкүн, ошондой эле жалпы штат боюнча убактылуу дагы, ошондой эле негизги дагы буюртмаларды натыйжалуу аткарууну камсыз кылуу үчүн аныкталган бир байланышуу аркылуу автономдуу жамааттарга жеткиликтүү болуусу мүмкүн. Борбордук реестр ошондой эле мониторинг жүргүзүү максатында колдонулат. Мыйзамдын ишке ашырылуусу боюнча комитет түзүлгөн, ал коргоо жөнүндө буйруктарды жөнгө салат, бул Комитет коргоо жөнүндө буйруктарды ишке ашыруу боюнча жетектөөчү колдонмо катары бир нече протоколдорду даярдаган, ошондой эле ведомстволор аралык кызматташтыктын механизмин жана арыздын формасын дагы даярдап чыккан.

### 3.1.3. Камакта кармоо укугу жана барып туруу

Камкорчулук жөнүндө арыздар, кээде, зомбулук жасаган адамдар тарабынан жабырлануучу жана/же балдары менен байланышуу үчүн себепчи катары колдонулат. Бул экөө үчүн тең жаман зыяндарды алып келүүсү мүмкүн. Ушул себептен улам, үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө окуялар, балдардын камкорчуга ээ болуу жана көрүшүп турууга карата укуктарын аныктоодо көңүлдүн негизги борборуна алынуусу зарыл. Жана тескеринче, тыюу салуу жөнүндө буйрукту же коргоо жөнүндө буйрук чыгарылган соң, автоматтык түрдө балдардын камкорчуга ээ болуу жана көрүшүп турууга карата укуктарына тиешелүү убактылуу чечимдерди кабыл алуусуна алып келет. Башкача айтканда, кылмышкердин камакка алууда болуу жана/же көрүшүп туруу укугу тыюу салуу жана коргоо жөнүндө буйруктарды бергенден кийин автоматтык түрдө токтотулушу керек. Бул кылмышкердин камкорчулук кылуу жана көрүшүп туруу укугун ишке ашыруусу, жабырлануучунун жана балдардын укуктарын жана коопсуздуктарын коркунучка калтырбоосу зарыл дегенди түшүндүрөт.

### 3.1.4. Тобокелчиликтерге (коркунучтарга) баа берүү протоколдору (Испаниянын полициясынын протоколдорунун мисалында)

Адам укуктары боюнча Европалык сот мамлекеттер үчүн мамлекеттик эмес субьектилер тарабынан, анын ичинде жеке чөйрөдө адам укуктарынын бузулуусунан жарандарды коргоо боюнча позитивдүү милдеттенмелерди бекитти. Тактап айтканда, жашоого карата укуктарды коргогон жана ырайымсыз мамиле жасоого тыюу салган 2-3-беренелер «мамлекетке анын юрисдикциясында турган адамдардын жашоосун, өмүрүн коргоо үчүн тиешелүү чараларды көрүүгө» жана «башка адамдын кылмыштуу аракеттеринен улам жашоосуна коркунуч пайда болуп жаткан адамды коргоо үчүн алдын алуучу ыкчам чараларды көрөт» деп караштырылган.

Адам укуктары боюнча Европалык сот мындай токтом кылган:

*«Эгерде үчүнчү тараптын кылмыштуу аракеттеринин жыйынтыгында идентификацияланган адамдын өмүрү үчүн реалдуу жана түздөн түз коркунуч пайда болгонун бийлик өз убагында билген болсо, же болбосо билүүсү керек болсо, ал эми жыйынтыгында алар өз ыйгарым укуктарынын негизинде чараларды көрүшпөгөндүгү, тең салмактуу баа берүү аркылуу мындай коркунуч келтирүүнүн алдын алууга боло тургандыгы аныкталса позитивдүү милдеттенме пайда болот».*

Ушуга байланыштуу, Стамбул конвенциясы мамлекеттерден «тобокелчиликтерди (коркунучтарды) башкаруу жана зарылчылык пайда болгон учурда, коопсуздукту жана колдоо көрсөтүүнү координациялоонун негизинде камсыз кылуу максатында бардык тиешелүү органдар тарабынан кырдаалдын олуттуулугуна жана зомбулуктун кайталанып калышы тобокелчилигине, аягы өлүм менен аяктап калуусу мүмкүн экендигине баа берүү менен камсыз кылууну» талап кылат.

Адам укуктары боюнча Европалык сот, мамлекеттер 2-3-беренелер боюнча өздөрүнүн позитивдүү милдеттенмелерин аткара алыштыбы баа берүү үчүн эки тараптуу стандарт иштеп чыккан:

а) бийлик, жабырлануучу аял кабылган зомбулук, «андан нары дагы зомбулук болуу тобокелчилиги» жөнүндө билчү беле же билүүлөрү керек беле;

б) «эгер билишкен болсо, аны коргоо жана кылмышкерди жазалоо үчүн бардык орундуу чаралар көрүлгөнбү?».

Мына ушуга байланышуу тобокелчиликтерди (коркунучтарды) баалоо «реалдуу жана түздөн-түз коркунуч бар экендигин» аныктоо үчүн практикалык куралды сунуш кылат. Эсиңерден чыгарбагыла, өз алдынча жашоо же ажырашуу, соттук жыйын жана балдар менен байланышуу сыяктуу тобокелчиликтин (коркунучтун) деңгээлин жогорулаткан бир нече кырдаалдар бар экендигин эсиңерден чыгарбагыла. Тобокелчиликтерди баалоо куралын колдонуунун максаты андан нары зомбулукту токтотуу болуп эсептелет. Тобокелчиликтерди баалоо жана коопсуздук чараларын аныктоо үзгүлтүксүз жүргүзүлүшү керек: жабыр тарткан адам менен биринчи жолугушуудан баштап, тиешелүү чечим чыкканга чейин, а кээде болсо, кылмышкердин абактан бошотулушу менен байланыштуу. Тобокелчиликтерди баалоо жабыр тарткан адам менен тыгыз кызматташуунун негизинде жүргүзүлүшү керек. Ошондой эле, үй-бүлөлүк зомбулук боюнча иштерге катышып жаткан балдардын, тергөөнүн жана соттук териштирүүнүн бардык этаптарында коопсуздугун камсыз кылуу жана балдарды коргоо боюнча чараларды көрүү маанилүү.

Стамбул конвенциясы тобокелчиликтерди баалоо усулун мамлекеттердин кароосуна калтырат. Ошондой эле, биринчи чара көрүүнү ишке ашырган кызматкерлерге, тиешелүү адистерге тобокелчиликтин кийинкидей факторлоруна өзгөчө көңүл буруу талап кылынат:
- зомбулук;
- коркутуу;
- эскалация;
- коргоо буйруктарын бузуу;
- ичкиликти жана/же психоактивдүү заттарды кыянаттык менен пайдалануу;
- психологиялык көйгөйлөр.

Белгилей кетчү нерсе, тыюу салуу буйругун бузуу андан дагы катаал чараларды талап кылуучу тобокелчилик факторун камтыйт. Тобокелчиликтерди баалоо протоколдору бир гана жашоону, өмүрлөрдү куткаруу куралы катары гана иш милдетти аткарбастан, ошондой эле тобокелчиликтердин деңгээлин ажыратуу аркылуу, чектелүү ресурстарды натыйжалуу жана жыйынтыктуу колдонууну камсыз кылуу каражаты катары дагы кызмат кылат. Полиция үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусу менен байланышкан учурда, анын негизги милдети жабырлануучулардын коопсуздугун камсыз кылуу болуп эсептелет. Аларда шашылыш кырдаалдарда колдонууга жатуучу бир катар чаралар бар, анын ичинде жабырлануучуга иш жүзүндө колдоно турган коопсуздуктун чаралары жөнүндө кеңеш берүү, мисалы эшиктеги жазууну алып салуу, эшикке шыкалагыч орнотуу, кулпу тагуу, жумушка жана жумуштан кийин ар түрдүү маршруттарды колдонуу, машине жүрүп бара жаткан учурда анын эшиктерин ичинен кулпулап коюу, тактап айтканда мунун баарын көбүрөөк комплекстүү чараларга карата кошумча болуп саналат.

Тобокелчиликтерден (коркунучтардан) кабар берген башка факторлор камтыйт:
- кылмышкер жабырлануучунун үйүнө же ал жашаган районго келүүсү;
- жакында эле болуп өткөн зомбулук эпизоду;
- өзүн-өзү өлтүрүү коркунучу;
- башкаларга карата зомбулук;
- курал колдонуу, анын жеткиликтүү болуусу;
- балдарды зомбулук же ырайымсыз мамиле менен коркутуу;
- кызгануу;
- кош бойлуулук кезинде кол салуу;
- психоактивдүү заттарды колдонуу.

Аялдар зомбулук жасоо мүмкүндүгү жогору тобокелчиликке (коркунучка) кабылышат, өзгөчө мурунку тажрыйбасы кылмыштуулук менен байланыштуу зомбулук жасаган адамдын жана/же башка зомбулукка жакын интимдик өнөктөшүнүн жанында болгон кезде өлүмгө дуушар кылуучу кол салууларга кабылуу коркунучу жогору. Реалдуулук ушундай, мамилелерди үзүү көпчүлүк учурда акыркы жолу зомбулуктуу кол салууну тездетет, бул болсо жабырлануучунун өлүмгө дуушар болуусуна алып келет. Мындай болуп жатканынын себеби, жабырлануучуга каршы өзүнүн бийлигин жана көзөмөлүн колдонуу боюнча өз-аракеттерин активдештиргендер, уруп-сабагандар ал андан кетем дегенде же кетүүгө аракет кылганда ушундай кадамга барышат. Салттык коомдордо көп учурда орун алып келе жаткандай эркек адам өнөктөшүнө карата өзүнүн бийлигин сезгенде, өзгөчө аны жоготуп алгандан корккон учурда, ал аны акылдан адаша менчиктегенге өтөт. Жабырлануучуну өлтүрөм деп коркутуулар мунун аягы өлүм менен аяктоо

тобокелчилиги бар экендигинин эң күчтүү факторлорунан болуп эсептелет. Аягы өлүм менен аяктоонун көрсөткүчтөрү камтыйт:

- зомбулуктун тарыхы (мурун өзүнө карата ырайымсыз мамилени башынан өткөрүү);
- бөлүнүү;
- таңуулаган/менчиктеген жүрүм-турум;
- өлтүрөм деп коркутуу;
- үй-бүлөлүк зомбулукту маданий жактан таануу.

Талапка жооп берген иш тажрыйбасынын үлгүсү катары Испаниянын полициясы, Полициялык протоколго ылайык колдонулуучу бардык коргоону жетекчиликке алуу үчүн, Испаниянын гендердик зомбулуктан коргоонун ар тараптуу чаралары жөнүндө Мыйзамында 1/2004 камтылган учурлар боюнча аялдарга карата зомбулук деңгээлин баалоо үчүн тобокелчиликтерди (коркунучтарды) баалоонун эки куралын колдонууга милдеттүү. Тобокелчиликтерди (коркунучтарды) баалоо протоколунун биринчи формасы зомбулуктун кайталануусу мүмкүн экендигин караштырат. Анда зомбулуктун кийинки көрсөткүчтөрү саналып берилген:

- дене бойлук зомбулук - ачык көрүнгөн жаракаттары менен же аларсыз деле;
- сексуалдык зомбулук;
- жабырлануучуга (жабырлануучуларга) кол салган учурда бир жолу ок алуучу куралды, кооптуу куралдарды же башка предметтерди колдонуу;
- коркутуу, жабырлануучуларга даректелген дене бойлук/психикалык зыяндарды жасай тургандыгын айтып коркутуу;
- зомбулуктуу окуялардын же коркутуулардын көбөйүшү, активдешүүсү жана/же кайталануусу;
- кылмышкер тарабынан жабырлануучуларга карата колдонулган психикалык зомбулук; жашаган жери боюнча келтирилген зыян, материалдык зыян;
- сот тарабынан чыгарылган коргоо токтомдорун сактабоо;
- соттун чечими боюнча жазасын өтөө принцибин бузуу;
- зомбулук жасаган адамдын бийликке карата, полиция кызматкерине карата же болбосо полициялык кызматта же сот органдарынын атынан өкүлчүлүктүк кылган башка адамдарга, ошондой эле өйдөдө аты аталган кызматкерлердин көзүнчө жабырлануучуларга карата дагы чагымчыл жана/же этибарсыз жүрүм-турум;
- мурун мыйзам менен чатагы бар болуусу, тактап айтканда зомбулук колдонуу менен байланыштуу;
- кылмышкердин ичкилик, баңги заттарын же башка психоактивдүү заттарды колдонуусу;
- кылмышкер жабырлануучуга карата ичи тарыган жана/же таңуулаган жүрүм-турумду көрсөтөт;
- эки жуптун мамилелеринде бири-бирине карата салкындоонун, ачык көйгөйлөрдүн пайда болушу;
- зомбулук жасаган адамдын колу бошобогондугу жана/же каржылык көйгөйлөр;
- өз өмүрүнө кол салууга жакындык жана/же мурун дагы ушундай аракеттерди жасоо.

Тизмеге кирбеген кошумча көрсөткүчтөрдү форманы толтуруп жаткан кызматкер кошуп толуктап жазып койсо болот. Форма ошондой эле полиция маалымат булагын көрсөтүүсүн жана тобокелчиликтин төрт деңгээлине баа берүүсүн талап кылат: *өтө жогорку, жогорку, орточо жана төмөн.* Эгер форманы толтуруп жаткан кызматкер тобокелчилик тобокелчиликтен айырмаланып жатат деп эсептесе, автоматтык түрдө иштеген форма боюнча тобокелчилик деңгээлин жогорулатылышы мүмкүн. Автоматтык түрдө иштеген форма менен салыштырганда, кызматкерде тобокелчилик деңгээлин төмөндөтүү мүмкүнчүлүгү жок.

Тобокелчиликтин ар бир деңгээлинин мөөнөтү бар, ал бүтөрү менен кырдаалга кайра баа берүү жүргүзүү зарыл, ал кийинкидей жүргүзүлөт:

- өзгөчө жогору = 72 саат;
- жогору = 7 күн;
- орто = 30 күн;
- төмөн = 60 күн.

Сот тарабынан чыгарылган коргоо чараларын кабыл алгандан кийин, аныкталган тобокелчиликтин деңгээлине ылайык аныкталган тобокелчиликтин мөөнөтүнүн учурдагы эволюциясына мониторинг жүргүзүү үчүн экинчи форма колдонулат. Анда дагы сот чыгарган колдонулуп жаткан коргоо чараларынын натыйжалуулугуна дагы баа берилет. Ал иштин өнүгүүсүнө ылайык, мезгил-мезгили менен колдонулуп туруусу зарыл.

Бул форманын көрсөткүчтөрү камтыйт:

- кылмышкердин жабырлануучуга зыян келтирүү мүмкүнчүлүгү жок; ал абакта же башка мүнөздөгү жабык борбордо, өлкөнү таштап чыгып кетти же болбосо ден-соолугуна, физикалык абалына байланыштуу зомбулук колдоно албайт;
- кылмышкер жабырлануучуну таштап кетти; ал жабырлануучунун артынан аңдыган жок, жашаган дарегин жабырлануучудан алыс алмаштырып кетти, сот тарабынан дайындалган баш коргоо чарасын, ошондой эле электрондук көзөмөл чараларын сактайт (тиешелүү браслетти тагынып жүрүү);
- кылмыш иши козголгон учурдан баштап, кылмышкер өзүн тынч, карманган абалда алып жүрдү; ал кырдаалды кабыл алат; ал жабырлануучудан же анын социалдык айлана-чөйрөсүндөгү адамдардан өч алуу ниетин билдирбейт;
- кылмышкер мыйзамды, полиция кызматкерлерин же болбосо полициялык кызматтардын же сот адилеттиги органдарынын өкүлү болуп саналган башка адамдарды толугу менен урмат-сыйга негизделген мамилесин көрсөтөт; анын социалдык абалы, каржылык жана кесиптик абалы стабилдүү; кылмышкер өкүнүп жаткандыгын билдирет, абийири кыйнап жаткандыгын көрсөтөт, оңдоп-түзөөчү сабактарга же терапияларга өз ыктыяры менен катышат;
- жабырлануучу коопсуздук көз карашынан алып караганда өзүнүн социалдык чөйрөсүнүн колдоо көрсөтүүсүнө таянуусу, ишенүүсү мүмкүн;
- жабырлануучу жашаган дарегин кылмышкерге белгисиз бойдон кала турган дарекке алмаштырды;
- кырдаал тобокелчиликтерге акыркы жолу баа берген учурдан баштап, эч кандай окуяларсыз уланып жатат;
- кылмышкер качып кетти, жашынып алды же белгисиз болууда;
- кылмышкер жабырлануучуга карата ичи тардык жана/же таңуулуган жүрүм-турумдарын көрсөтөт;
- кылмышкер мурда өз өмүрүнө кол салууга аракет кылган жана/же суицидке жакындыкты, психикалык ooруну, психикалык көйгөйлөрдү, ичимдикке, баңги заттарына же башка психоактивдүү заттарга азгырылууну көрсөтүп келет; жабырлануучу макулдашылган коопсуздуктун, электрондук байкоо жүргүзүүнүн принциптерин сактабайт (мисалы, кылмышкер менен байланышууга тыюу салуу), даттанууну кайрадан артка алдыруу каалоосун билдирет, өз арыздарын же көрсөтмөлөрүн өзгөртөт, алдын алуучу иш-чаралардан качууну каалайт;
- жабырлануучу кылмышкер кабыл албаган жана/же чындап эле жабырлануучуну бул мамилелерди үзүүгө мажбурлоону каалаган мамилелер абалында;

- жабырлануучунун психикалык көйгөйлөрү, психиатриялык көйгөйлөрү бар жана ичимдикке, баңги заттарга же башка психоактивдүү заттарга азгырылып баштады; жабырлануучунун социалдык-үй-бүлөлүк чөйрөсүндө кылмышкер менен байланыштуу адам бар, ал анын (жабырлануучунун) психикасынын бүтүндүгүнө реалдуу коркунуч келтирет.
- Кайрадан, баалоо боюнча кызматкер кошумча көрсөткүчтөр менен толуктоо киргизет.
- Күчтөрдүн аракети жана коопсуздук органдарынын Протоколдоруна ылайык, анын ичинде тиричиликтик жана гендердик зомбулуктан жабырлануучуларды коргоо боюнча сот органдарын координациялоого ылайык, тобокелчиликтин (коркунучтун) деңгээлине жараша кийинкидей милдеттүү түрдөгү чаралар кабыл алынуусу керек:
- *1-деңгээл (тобокелчилик төмөн):*
- Жабырлануучуга чалууларды дайыма кабыл алган (24 саат) байланышуу телефон номурларын берүү, жакын жердеги полиция органдарынын телефон номурларын берүү;
- Жабырлануучу менен анда-санда (зарылчылыкка жараша) телефон аркылуу байланышуу;
- Агрессорго жабырлануучу өзүн коргоо үчүн полициянын колдоо көрсөтүүсүнөн колдонуп жаткандыгы жөнүндө маалымат берүү;
- Өзүн-өзү коргоо жана окуялардын болуп кетүүсүн алдын-алуу ыкмалары боюнча сунуштамалар;
- Мобилдик аралыктан жардам көрсөтүү кызматы жөнүндө так маалымат.
- *2-деңгээл (орточо тобокелчилик):* 1 плюс деңгээли үчүн милдеттүү чараларды көрүү:
- Үйдө, жумуш ордунда, ошондой эле мектепке кирүүлөргө жана чыгууларга үзгүлтүксүз түрдө мониторинг жүргүзүү;
- Жабырлануучуларды зарылчылыкка жараша канча санда болсо, мейли соттук, административдик же жардам көрсөтүү боюнча териштирүүлөргө коштоо;
- Жабырлануучуга өзүн өзү коргоо чараларын окутуу;
- Жабырлануучуга мобилдик терминал берүүгө аракет кылуу (аралыктан жардам көрсөтүү кызматы).

*3-деңгээл (тобокелчилик жогору):* 1 жана 2 кошуу деңгээли үчүн колдонула турган милдеттүү чараларды колдонуу:
- Чектетүүгө мүмкүн эмес тобокелчилик (коркунуч) бар учурда, жабырлануучуга эч үзгүлтүксүз көзөмөл жүргүзүү, бул, кылмышкердин жагдайы андан ары түз коркунуч келтирбей калганга чейин улантылат;
- Жабырлануучунун колдоо көрсөтүү борборуна же тууганынын үйүнө көчүп кетүүсүн колдоого алуу, эгер ал муну аткара элек болсо, бул эң биринчи күндөн баштап эле ишке ашырылуусу керек жана өзгөчө кылмышкер камакка алына элек болсо сөзсүз ишке ашыруусу зарыл;
- Агрессордун кыймыл-аракетине тынымсыз эмес (зарылчылыкка жараша) көзөмөл жүргүзүү.

Полициянын сот менен макулдашылган коргоо чараларынын жана полиция үчүн тобокелчиликтерди, сот тарабынан кабыл алынган чараларды баалоодон улам пайда болгон чаралардын ортосунда айырмачылыктар пайда болгон учурда алар дайыма артыкчылыктуу күчкө ээ жана эмне көбүрөөк ылайыктуу экендигин макулдашуу үчүн айырмачылыктар жөнүндө сот органдарына дароо маалымат берилет.

Үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларын коргоо жөнүндө буйрукту ишке ашыруу жөнүндө Протокол, жабырлануучунун суранычына ылайык коопсуздук, укуктук, психологиялык, медициналык жана социалдык чөйрөлөрү боюнча сот, укук коргоо жана башка мамлекеттик органдардын ортосундагы координациялоо критерийлерин аныктайт.

Коопсуздук Күчү үчүн протоколу, сот органдарын координациялоону кошкондо, жабырлануучуларды натыйжалуу коргоо менен камсыз кылуу үчүн полиция жана сот органдарынын ортосундагы байланышуу жана координациялоо системасын камтыйт. Протокол полиция үй-бүлөдөгү зомбулук катары таанылуучу фактылар жөнүндө билгенден кийин кийлигишүүсүн талап кылат. Кийлигишүүнү талап кылуу деген, алар:

- Жабырлануучуга Протоколдун 1-Тиркемесине ылайык анын юридикалык жардам алуу укугу жөнүндө маалымат берүүсүн;
- Жабырлануучунун жана күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүн алуу керек болгон учурда аны дароо жана толук кандуу алуусун;
- Кылмыш жоопкерчилигине тартуу белгилери бар болгон учурда кошуналардан, үй-бүлө мүчөлөрүнөн, кесиптештеринен, классташтарынан социалдык кызматтардан, жабырлануучуларга кам көрүү боюнча мекемелерден ж.б. шектүүнүн мурунку кандай гана болбосун ырайымсыз мамиле жасаган окуялары бар экендиги жөнүндө, ошондой эле анын өздүгү жана шыктары жөнүндө маалыматты ыкчам, тез-тезден чогултуу;
- Жабырлануучуга же шектүүгө байланыштуу полицияда мурун иштер жана/же даттануулар болгонбу текшерүү, мурунку жасаган иштеринен баштап, медициналык кызматтар кабарлаган жабырлануучуга акыркы жолу келтирген болжолдуу жаракатына чейин текшерип чыгуу;
- сот органдары тарабынан тиешелүү адамдарга карата чыгарылган коргоо чаралары барбы, аны текшерүүнү. Бул максатта кандай гана окуя болбосун бардык окуяларда үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусун коргоонун Борбордук реестринде катталган көрсөткүчтөр менен таанышуу.

Фактыларга жана тобокелчиликтерге (коркунучтарга) баалоо жүргүзгөндөн кийин жабырлануучунун (- лардын) жана анын туугандарынын өмүрүн, дене бойлук кол тийбестигин коргоого багытталган конкреттүү чараларды кабыл алуунун зарылдыгы жөнүндө чечим кабыл алынат. Мына ушуга байланыштуу полиция өтө тез, ыкчам аракеттерди көрүү зарыл болгондо кийинки чараларды көрө алат:

- жеке коргоо, бул келтирилип жаткан тобокелчиликтин (коркунучтун) деңгээлинен көз карандылуу түрдө полиция тарабынан суткадагы 24 саат бою дайыма коргоону камтуусу мүмкүн;
- өзүн-өзү коргоо чараларын кабыл алуу боюнча маалымат/окутуу;
- жабырлануучу аялга, ал билип эсине түйүп алып, керектүү учурда колдонуусу үчүн коргоо жөнүндө буйруктун мазмуну, аны ишке ашыруу жана зыяндары жөнүндө, ошондой эле социалдык кызматтар жөнүндө, жабыр тарткан адамдарды багуу бөлүмдөрү жана координациялык борборлор жөнүндө ага так жана жеткиликтүү формада маалымат берүү;
- аракеттер протоколу дагы жабырлануучу (жабырлануучулар) жана тиешелүү коопсуздук органдарынын ортосундагы жеткиликтүү жана үзгүлтүксүз байланышты, ошондой эле кайсы убакта болбосун коопсуздукту баалоо үчүн бардык зарыл көрсөткүчтөрдүн ыкчам түрдө жеткиликтүү болуусун караштырат;
- ушул максатта жана мүмкүнчүлүккө жараша коргоо жөнүндө буйруктарды аткаруу, тиричиликтик зомбулуктун жабырлануучуларына жардам көрсөтүү жана коргоо боюнча атайын окутуудан өткөрүлгөн персоналга жүктөлөт;
- жабырлануучу жеке өзүнө көңүл бурулуусу үчүн дайындалган персонал менен байланышуусуна түз жана дайыма иштелген телефон номур ал үчүн жеткиликтүү болот;
- жабырлануучу техникалык механизмдерден пайдалана алат, алар жабырлануучуларга же ишке тиешелүү жагдайлар талап кылган учурда тиешелүү коопсуздук күчтөрү жана органдары менен байланышты ыкчам, эркин жана дайыма кармоого шарт түзөт.

Протокол ошондой эле, коргоо жөнүндө буйруктарга мониторинг жүргүзүүнүн тартибин жөнгө салат. Полиция жана сот органдары аларды активдүү көзөмөлдөйт. Иш жүзүндө Улуттук полициянын, Каталониянын, Басков Өлкөсү жана Наварранын автономдуу провинцияларындагы Жарандык гвардиянын жана полициянын курамындагы адистештирилген полиция бөлүмдөрү мындай буйруктардын натыйжалуулугун көзөмөлдөшөт.

Бирок, бул адистешкен бөлүнүштөр бир гана ири шаарларда жеткиликтүү. Мейли кайсы гана убакыт болбосун системанын компоненттеринин бирөө эле козголсо, мисалы агрессордун ага тыюу салынган аймакка (чөлкөмгө) кирүүсү же жабырлануучуга жакындоосу жана ага тыюу салынган аймакта (чөлкөмдө) сигналдын жоголуп кетүүсү олуттуу окуя деп эсептелет. Браслет сынып калса, аны чечип салса же GPS чыгып кетсе, ошондой эле аккумуляторунун энергиясы түгөнүп калса, мындай ар бир учурда полициялык коргоо механизми активдешет. Жабырлануучуга коргоо жөнүндө ордердин мөөнөтү күчүндө болуп турган учурда болуп кетүүсү мүмкүн болгон бардык окуя тууралуу маалымат берилет. Эгер агрессор мыйзамсыз аракеттерди кылып баштаганы сезилсе, бардык учурда «паника» баскычын баса алат. Мындай окуяларды Башкаруу борбору кырдаалды баалоо жана тиешелүү чараларды көрүү үчүн дароо жабырлануучулар менен байланышат.

Үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларын коргоо максатында жарандык жана кылмыштык юрисдикцияларды координациялоо жөнүндө Протокол бул эки юрисдикциянын ортосундагы натыйжалуу координациялоо критерийлерин бекитет, алар булар:

- бири-бирине карама-каршы келген чечимдердин бар болуусун алдын-ала турган, жабырлануучуга коргоонун бардык алкактарын камтыган коргоону сунуш кылуу;
- үй-бүлөлүк зомбулук иштери боюнча алдын-ала тергөө соттору кабыл алган аракеттер жөнүндө сотторго адекваттуу маалымат берүү;
- коргоо тартибинде макулдашылган жарандык мүнөздөгү чараларды бекиткенден, өзгөрткөндөн же артка кайтарып алгандан кийин, үй-бүлөлүк иштер боюнча соттун мыйзамда бекитилген мөөнөттө чечим кабыл алуусуна шарт түзүү.

### 3.2. Кыргызстандын мыйзамдары боюнча аялдарды зомбулуктан жана тиричиликтик (үй-бүлөлүк) зомбулуктан коргоо системасы

Кыргыз Республикасынын (КР) Мыйзамдары «зомбулук», «тиричиликтик зомбулук», «гендердик зомбулук» түшүнүктөрү боюнча бирдиктүү унификацияланган терминдерди камтыбайт.

Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо» жөнүндө Мыйзамына ылайык «үй-бүлөлүк зомбулук» деген термин колдонулат, анда үй-бүлөлүк зомбулукту үй-бүлө мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын башка үй-бүлө мүчөсүнө/ага теңештирилген адамга карата дене-бойлук, психологиялык, экономикалык мүнөздөгү атайылап жасаган аракеттери же алардын коркунучу, ошондой эле этибарсыз мамилеси деп түшүнөбүз.

Бул Мыйзам үй-бүлөлүк зомбулукту алдын-алуунун жана ага бөгөт коюунун, үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларын социалдык-укуктук коргоо жана сактоо менен камсыз кылуунун укуктук негиздерин аныктайт. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашырган субьектилердин арасында соттор, прокуратура органдары, ички иштер органдары жана башкалар бар.

Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо» жөнүндө Мыйзамы 6-беренеде, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттердин,

мамлекеттик бийлик органдарынан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардан, ошондой эле жарандык коомдун өкүлдөрүнүн арасынан, чөйрөсүн аныктаган.

Аларга төмөнкүлөр кирет:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү;
2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу, үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча субъекттердин иштерин координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;
3) сот;
4) прокуратура;
5) ички иштер органдары;
6) социалдык өнүктүрүү органдары;
7) саламаттык сактоо органдары;
8) билим берүү органдары;
9) юстиция органдары;
10) балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;
11) Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени);
12) адвокатура;
13) жергиликтүү мамлекеттик администрациялар;
14) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары;
15) аксакалдар соту;
16) жалпыга маалымдоо каражаттары;
17) өз компетенцияларынын чектеринде башка уюмдар.

Мындан ары, Мыйзам 7-22-беренелерде, жогоруда көрсөтүлгөн субъекттердин үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча алардын компетенцияларынын чегинде, ар биринин ыйгарым укуктарын караган.

Мыйзам ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү (азыркы учурда Министрлер кабинети) тарабынан үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча субъекттердин иш алып баруусун координациялоо боюнча, Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органды аныктоочу шилтеме ченемди да камтыйт. Координация аялдарга карата зомбулуктун жана үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулукка каршы чаралардын борбордук түзүүчүсү болуп саналат. Борбордук мамлекеттик органдардын арасында координация улуттук деңгээлде ишке ашырылат, ал эми аймактык деңгээлде координация мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмчөлөрү менен, зомбулукка туш болгон жактарга кызматтарды жана жардамдарды көрсөткөн жергиликтүү кызыкдар жактар арасында ишке ашырылат.

Ошентип, бул жоболорду ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.08.2019-жылдагы №390 «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө»[108] Токтому менен бекитилген:

-Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашыруучу мамлекеттик органдардын өз-ара аракеттенүү тартиби, 1-тиркемеге ылайык;

- Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга жардам көрсөтүү тартиби, 2-тиркемеге ылайык;

[108] Караңыз.: КР Өкмөтүнүн 01.08.2019-жылдагы №390 токтому «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө».

- Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн зомбулук жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча типтүү оңдоп-түзөө программасы, 3-тиркемеге ылайык.

Көрсөтүлгөн токтом мындай координация кайсыл мамлекеттик органга жүктөлгөнүн так аныктаган ченемдерди камтыбаса да, ага карабастан, анын мазмунун тутумдук талкулоо жолу менен мындай ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп, эмгек, социалдык камсыздоо, гендердик теңдик жана миграция маселерине тийиштүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине караштуу тышкы миграция департаментинин укук улантуучусу, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги болуп саналат деген жыйынтыкка келсе болот.[109]

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн көрсөтүлгөн токтомунун 2-п. ылайык Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигине (азыркы учурда - КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги) Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн зомбулук жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча типтүү оңдоп-түзөө программасына карата методикалык сунуштарды белгиленген тартипте иштеп чыгуу жана бекитүү тапшырылган.

Ал эми Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашыруучу мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүү тартибинин 10-11-п. ылайык, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча мамлекеттик органдардын иш алып баруусун координациялоону ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган камсыздайт, ал мамлекеттик органдар менен усулдук, маалыматтык материалдарды жиберүү, кеңештик жана уюштуруучулук жардамдарды көрсөтүү жолу менен өз-ара аракеттенет.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги жөнүндө Жобонун 1-п. жана 7-п.3пп. ылайык[110] Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатын иштеп чыгуучу жана ишке ашыруучу функцияны, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашыруучу мамлекеттик органдар менен башка субъекттердин ишмердигин координациялоочу функцияны ишке ашырган аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы болуп саналат.

Демек, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча мамлекеттик органдардын иш алып баруусун координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп саналат.

Атап айтканда, Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо» жөнүндө мыйзамынын 8-беренесине ылайык, ага төмөнкүлөр жүктөлөт:

1) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ушул Мыйзамда аныкталган башка субъекттердин ишин координациялайт жана алар менен өз ара аракеттенет;

2) үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө маалыматтарды чогултууну, жалпылоону жана талдоону жүзөгө ашырат, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралардын тутумунун натыйжалуулугуна баа берүүнү жүргүзөт жана аны өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизет;

---

[109] Караңыз.: Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 252 токтомунун 5-п. «Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин маселели жөнүндө».

[110] Караңыз.: Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин «Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин маселели жөнүндө».
2021-жылдын 15-ноябрындагы № 252 токтомунун 1-Тиркемеси».

3) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттерге усулдук, маалыматтык, консультациялык жана башка уюштуруу жардамдарын көрсөтөт;
4) үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар менен иштөө боюнча оңдоп-түзөөчү программаларды иштеп чыгууну координациялайт;
5) үй-бүлөнүн көз карандысыздыгынын тиешелүү мыйзамдарда аныкталган кепилдиктерин эске алуу менен, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча субъекттердин ишине мониторингди жүзөгө ашырат жана бул чөйрөдө алардын ишин өркүндөтүү боюнча сунуштамаларды жөнөтөт;
6) үй-бүлөлүк зомбулук маселелери боюнча илимий жана башка изилдөөлөрдү жүргүзүүнү уюштурат;
7) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча маалыматтык жана агартуучулук иштерди жүзөгө ашырат;
8) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттарына жана электрондук басылмаларга маалымат берет;
9) ар жыл сайын ушул Мыйзамдын аткарылышы жөнүндө отчётторду түзөт жана жарыялайт;
10) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө маалыматтарга жетүүнү, анын ичинде өзүнүн сайтына жайгаштыруу жолу менен жетүүнү камсыз кылат;
11) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттерге бюджеттен тышкары каражаттарды тартууга жана эл аралык уюмдар, юридикалык жана жеке жана юридикалык жактар менен кызматташууну өнүктүрүүгө көмөк көрсөтөт;
12) өз компетенциясынын чектеринде үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча башка иштерди жүзөгө ашырат.

Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча мамлекеттик органдардын жана алардын аймактык бөлүмчөлөрүнүн ведомство аралык өз ара аракеттенүү тартиби жогоруда көрсөтүлгөн үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашыруучу мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүү тартиби менен аныкталган (мындан ары - Тартип).[111]
Ошентип, Тартиптин 2-п. ылайык үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө өз-ара аракеттенүүнү ишке ашырып жаткан субъекттер болуп төмөнкү мамлекеттик органдар саналат:
1) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча субъекттердин иш алып баруусун координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (мындан ары - координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу орган);
2) прокуратура органдары;
3) ички иштер органдары;
4) социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган;
5) саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган;
6) билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган;
7) юстициянын ыйгарым укуктуу орган;
8) балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу орган;
9) жергиликтүү мамлекеттик администрациялар.

[111] Караңыз.: КР Өкмөтүнүн 01.08.2019-жылдагы №390 токтому «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоону ишке ашыруу тартиби жөнүндө» 1-Тиркеме.

Өз ара аракеттенүүнүн негизги маселелери болуп саналышат (Тартиптин 4-п.):
1) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча мамлекеттик органдардын кызматына калктын жетүүсүн камсыздоо;
2) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча мамлекеттик органдардын жана алардын аймактык бөлүмчөлөрүнүн өз ара аракеттенүүсүн камсыздоо;
3) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралардын тутумун өркүндөтүү.
Өз ара аракеттенүү алкагында ишмердүүлүктүн төмөнкү түрлөрү ишке ашырылуусу зарыл:
1) үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө маалыматтарды чогултуу, жалпылоо жана талдоо, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралардын тутумунун майнаптуулугун баалоо;
2) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандарга жардамдарды уюштуруу;
3) үй-бүлөлүк зомбулук фактылары жөнүндө убагында маалымдоо;
4) үй-бүлөлүк зомбулукка өз мамилесин көрсөтүү жана токтотуу;
5) статистикалык отчеттуулукту тариздөө.

Алардын өз-ара аракеттенүүсү, каралып жаткан Тартиптин 3-Главасында аныкталган. Ошентип, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ыйгарым укуктарын ишке ашырууда, көрсөтүлгөн мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүүсү, жазуу жүзүндөгү суроо-талаптардын негизинде маалыматтар менен алмашуу тариzinde ишке ашырылат.

Координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын маалымат берүү жөнүндө суроо-талабын алган мамлекеттик орган 7 иш күн арасында жооп бериши керек.

Суроо-талапка көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде жооп берүүгө мүмкүн болбогон учурда мамлекеттик орган, жоопту көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде жооп берүүгө мүмкүн болбогондугуна толук түшүндүрүү менен арадагы жоопту жибериши керек. Мында суроо-талапты аткаруу мөөнөтү кошумча 10 иш күнүнө узартылат.

Функциялары үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча маселери тыгыз байланышта болгон мамлекеттик органдар өздөрүнүн аралык функцияларын ишке ашыруу боюнча, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 09.07.2013-жылдагы №404 токтому менен бекитилген аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын өз-ара аракеттенүүсүнүн Типтүү регламентине ылайык, өз-ара аракеттенүү Регламентин түзүшөт. Бирок, бул ченем азырынча ишке ашырыла элек.

Координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу орган мамлекеттик органдар менен төмөнкү жол менен өз ара аракеттенишет:

- усулдук, маалыматтык материалдарды жиберүү, кеңештик жана уюштуруучулук жардамды көрсөтүү;
- өткөрүлгөн мониторингдин жыйынтыгы боюнча үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ишмердүүлүктү өркүндөтүү боюнча жазуу жүзүндө сунуштамалар;
- ар жылдык отчетту тариздөө үчүн, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча мамлекеттик органдын ишмердүүлүгү тууралуу суроо-талаптарды.

Каралып жаткан Тартиптин 4-Главасында мамлекеттик органдар менен уюмдардын аймактык бөлүмчөлөрү менен өз ара аракеттенүүсү аныкталган, ага ылайык ички иштер, социалдык өнүктүрүү, саламаттык сактоо, билим берүү, балдарды коргоо боюнча органдарынын аймактык

бөлүмчөлөрүнүн (мындан ары-аймактык бөлүмчөлөр) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча (Тартиптин 12-п.) ишке ашырылат:

- райондордун аймагында – жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчылары тарабынан, консультативдик-кеңешүү органдардын иштеринин алкагында;
- шаарлардын аймагында – шаарлардын мэрлери тарабынан, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча комитеттердин иштеринин алкагында.

Көрсөтүлгөн беш субъекттерди (ички иштер, социалдык өнүктүрүү, саламаттык сактоо, билим берүү, балдарды коргоо боюнча органдар) биринчи байланыштагы субъекттер деп түшүнүү керек. Алардын аймактык бөлүмчөлөрүнүн өз-ара аракеттенүүсү толугураак төмөндө каралат.

Аталган субъекттердин ар биринин, аларга жүктөлгөн милдеттерин ишке ашыруудагы майнаптуулугу тууралуу маселени кароодо үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйү комплекстүү мүнөзгө ээ экенин көңүлгө алуу зарыл, ошондуктан андан ийгиликтүү өтүү мындай субъекттердин жалпы максатка жетүү процессиндеги өз-ара аракеттенүүнүн уюшкандыгынан жана жемиштүүлүгөн түздөн – түз көз каранды болот.

### 3.2.1. Биринчи байланыштын түшүнүгү: максаттар, маселелер, артыкчылыктар[112]

Участкалык милиционерлер көбүнчө аялдарга карата жана үй-бүлөлүк/тиричилик зомбулукка биринчи болуп өз мамилелерин көрсөтүшөт. Ошондуктан алардын жабыркаган (жабыркагандар) менен же баланын мыйзамдуу өкүлү менен биринчи байланышы алар үчүн милициянын жардамына кайрылуу керекпи деген чечимди кабыл алууга чечүүчү фактор болуп саналат.

Алгачкы байланыш аялга/ баланын мыйзамдуу өкүлүнө ички иштер органдары (ИИО) алардын коопсуздугуна кызыкдар экендигин, арызды кабыл алышарын жана тийиштүү коргоону берүүгө жана күнөөлүнү жазалоого даярдыгын көрсөтүүсү зарыл.

Ички иштер органдарынын кызматкерлери эл аралык стандарттарды сактоо менен жабыркагандарды экинчи виктимизациядан алдын алышы мүмкүн, ошондой эле өздөрүнүн маселелерин майнаптуураак жана сапаттуурак аткарышы мүмкүн. Аялдар менен балдарга карата зомбулук учурлары менен иштөөдө алар ар кайсы убакытта, алар үчүн коопсуз орунда арыз менен кайрылууга мүмкүндүгүнө жетишүү зарыл. Жабыркагандарды сурамжылоодо, ошондой эле арыз берүүдө зомбулук жасаган адам катышпаганы маанилүү.

Ички иштер органдарынын кызматкерлеринин кадамдуу аракеттери, үй-бүлөлүк зомбулук болгон жерге баруу, буюмдарды сырттан кароо жана карап чыгуу, жабыркагандарды жана зомбулук жасаган адамды сурамжылоо, убактылуу күзөт ордерин берүү, улантуу жана контролдоону кошкондо, ошондой эле материалдарды чогултуу боюнча талаптар ыйгарым укуктуу милиция кызматкеринин аракеттерин уюштуру боюнча Нускоодо[113] жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүн уюштуруу жана өркүндөтүү боюнча Нускамада регламенттелген.[114]

---

[112] Караңыз.: Зомбулукка кабылган аялдар жана балдар үчүн укук тартибин жана сот адилеттигин сактоо стандарттык операциондук процедуралар. Кыргыз Республикасынын ИИОнун Милициянын участкалык уполномоченныйлары үчүн окуу куралы (Кыргыз Республикасынын ИИМнин иш тажрыйбасында колдонуу үчүн КРнын ИИМнин 12 октябрь 2021-жылдагы №697 буйругу менен сунушталды). Бишкек, 2021.

[113] КР ИИМнин 14 декабрь 2018-ж. №1212 Буйругу менен бекитилген.

[114] КР ИИМнин 25 ноябрь 2020-ж. №763 Буйругу менен бекитилген.

Нускамада көрсөтүлгөн жоболор, аялдар менен балдарга карата гендердик башка зомбулуктарга, атап айтканда никеге туруу үчүн алып качууга, өспүрүмдөрдүн никесине, жыныстык кылмыштарга туш болушкан учурлардын көпчүлүгүндө колдонулса болот. Зомбулуктун бардык түрлөрү үчүн жалпылай болуп жабыркаган аял же бала байланышта боло турган адамдардын чөйрөсүн чектөө жана арыздарды кабыл алуу жана кароо алардын ыйгарым укуктарына кирбеген кызматкерлерге өздөрүнүн тарыхын айтып берүүсүн болушунча азайтуу керек. Бул жабыркаган аялдарды жана балдарды кайталанган виктимизациясын азайтууга жол берет. Биринчи байланыш учурунда жабыркаган аялдар/ баланын мыйзамдуу өкүлдөрү өздөрүнүн медициналык, юридикалык, психологиялык жана социалдык жардамдарды алуу укуктары менен маалымдалышы зарыл, жардам берүү кызматтары тууралуу маалымат алуусу, жана зарылчылыкта саламаттыкты сактоо уюмдарына жиберилиши зарыл.

### 3.2.2. Биринчи байланыштагы субъекттер, алардын координациясынын жана өз-ара аркеттенүүсүнүн тартиби

Мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмчөлөрүнүн, биринчи байланыштагы субъект катары, негизги ыйгарым укуктары, Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» мыйзамында аныкталган, атап айтканда:

- социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган, ал үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусунун макулдугу менен үй-бүлөлүк зомбулуктун айкындалган фактылары жөнүндө ички иштер органдарына 24 сааттын ичинде кабарлайт. Жашы жете электерге жана/же аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдарга карата үй-бүлөлүк зомбулук жасалган учурларда жабырлануучулардын макулдугу талап кылынбайт (КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 11-беренеси);
- менчигинин формасына карабастан билим берүү органдары, ал жашы жете электерге карата үй-бүлөлүк зомбулуктун айкындалган фактылары жөнүндө ички иштер органдарына кабарлайт (КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 13-беренеси);
- саламаттыкты сактоо уюмдары, жабырлануучулардын кайрылуусу менен жана аларга медициналык жардам көрсөтүү фактылары жөнүндө алардын макулдугу аркылуу кайрылган учурдан тартып жыйырма төрт сааттын ичинде ички иштер органдарына кабарлайт. Жашы жете электерге жана/же аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдарга карата үй-бүлөлүк зомбулук жасалган учурларда үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларынын макулдугу талап кылынбайт (КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 12-беренеси);
- ички иштер органдары үй-бүлөлүк зомбулукка бөгөт коюуну жүзөгө ашырат; үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдардын жана үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларынын эсебин жүргүзөт; жашы жете электерге карата үй-бүлөлүк зомбулуктун айкындалган фактылары жөнүндө балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органды кабардар кылат; үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусун анын макулдугу менен медициналык күбөлөндүрүүгө, соттук-медициналык экспертизага жөнөтөт. Эгерде жашы жете элек адам өз ата-энесинен же башка мыйзамдуу өкүлдөрдөн жабыр тартса, анын макулдугусуз эле медициналык күбөлөндүрүүгө, соттук-медициналык экспертизага жөнөтөт (КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 10-беренеси);
- ушул Мыйзамга, Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексине ылайык үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан балдарды сактоо жана коргоо боюнча чаралардын комплексин

жүзөгө ашырат (КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 15-беренеси 2-п.);
Жергиликтүү мамлекеттик администрацияларынын башчылары/шаарлардын мэрлери:
- жыл сайын каралып жаткан Тартиптин 12-п. көрсөтүлгөн мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмчөлөрү менен макулдашуусу боюнча, аймактын социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык коргоо программалардын долбоорлорунда үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча чаралары караштырылат;
- аймактын социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык коргоо программалардын алкагында үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча чаралардын ишке ашырылышына контрол жүргүзүшөт;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелерин консультативдик-кеңешүү органдардын – коллегиялардын, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо комитеттеринин кароосуна, бир жылда бирден кем эмес жолу коюшат;
- үй-бүлөлүк зомбулуктун шашылыш учурларында мобилдик тайпаларды түзүүгө жана алардын иштерин уюштурууга укуктуу.
Мобилдик тайпалар социалдык өнүктүрүү, ички иштер, балдарды коргоо боюнча, билим берүү, саламаттыкты сактоонун уюмдарынын органдарынын өкүлдөрүнөн турат, макулдашуу боюнча курамга кошулушат: мэриянын же айыл өкмөтүнүн өкүлдөрү, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын өкүлдөрү, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандарга жардам берүү боюнча ишмердикти ишке ашырышкан жергиликтүү коомчулуктардын мүчөлөрү;
- мамлекеттик органдардын макулдашылган ишмердүүлүк үчүн жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарына караштуу үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо комитеттерин түзүүнү координациялайт.

Жогоруда белгиленген субьектилерден сырткары, гендердик зомбулук окуяларын аныктоону үй-бүлөлүк зомбулук фактысынан кабардар болгон бардык башка мамлекеттик органдар, уюмдар, кызмат адамдары, мамлекеттик эмес сектордун өкүлдөрү даярдалып жаткан же жасалган укук бузуулар жөнүндө билдирүүлөрдү берүү үчүн бекитилген жалпы тартипте жүргүзө алышат.

Биринчи байланышуу субьектилерине ички иштер органдарынын кызматкерлери кирет (КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 10-беренеси).
Ички иштер органдары:
1) үй-бүлөлүк зомбулукка бөгөт коюуну жүзөгө ашырат;
2) убактылуу коргоо ордеринин шарттарынын аткарылышын көзөмөлдөйт, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча сот чечимин аткарууга көмөк көрсөтөт;
3) үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдардын жана үй-бүлөлүк зомбулуктан жабырлануучулардын эсебин жүргүзөт;
4) жашы жете электерге карата үй-бүлөлүк зомбулуктун айкындалган фактылары жөнүндө балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органды кабардар кылат;
5) үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусу көрсөткөн үй-бүлөлүк зомбулук фактылары жөнүндө үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субъекттерине анын макулдугу менен маалымдайт;
6) үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусун анын макулдугу менен медициналык күбөлөндүрүүгө, соттук-медициналык экспертизага жөнөтөт. Эгерде жашы жете элек адам өз ата-энесинен же башка мыйзамдуу өкүлдөрдөн жабыр тартса, анын макулдугусуз эле медициналык күбөлөндүрүүгө, соттук-медициналык экспертизага жөнөтүлөт;

7) үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусунун макулдугу менен, жасалган зомбулук жөнүндө маалыматты үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын иштеген жерине жөнөтөт;
8) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу башка субъекттер менен өз ара аракеттенет;
9) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө алдын алуучулук жана маалыматтык иштерди калк арасында жүргүзөт;
10) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча өз компетенциясынын чектеринде башка иштерди жүзөгө ашырат.

Үй-бүлөлүк зомбулукка бөгөт коюу чараларына кирет:
1) үй-бүлөдөгү зомбулуктун жабырлануучусунун жана үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнүн же аларга теңештирилген адамдардын өмүрү же ден соолугу үчүн келтирилип жаткан тобокелчиликтерди (коркунучтарды) чектетүү боюнча кечиктирилгис чараларды кабыл алуу.

КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 1-беренесине ылайык, үй-бүлө мүчөлөрүнө жубайлар, ата-энелер жана балдар, чоң энелер/чоң аталар, таяталар/таянелер, неберелер, камкорчулар/көзөмөлчүлөр жана камкордукка алынгандар, бала асырап алуучулар жана асырап алынгандар, багып алган ата-энелер жана багууга алынган балдар, мыйзамда белгиленген тартипте балдарды тарбиялоого алган башка адамдар, мурдагы жубайлар, өгөй энелер/өгөй аталар жана өгөй балдар, бир туугандар (толук же аталаш/энелеш), иш жүзүндөгү тарбиялоочулар жана иш жүзүндөгү тарбиялануучулар кирет.

Үй-бүлө мүчөлөрүнө теңештирилген адамдар деп, иш жүзүндө нике мамилелеринде турган адамдар; эмгекке жарамсыз же жашы жете элек багуудагы адамга камкордук кылуучу адам жана эмгекке жарамсыз же жашы жете элек багуудагы адамдын өзү; жубайлардын ата-энелери; бирге жашаган башка туугандар аталат;
2) үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамга ылайык кармоо;
3) коргоо ордерин берүү жана узартуу;
4) үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды кылмыш-жаза же административдик жоопкерчиликке тартуу;
5) өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч пайда болуп жаткан үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусун анын макулдугу менен коопсуз жайга жайгаштыруу.

Жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары, социалдык өнүктүрүү органдары ички иштер органдарына үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларын коопсуз жайга токтоосуз жайгаштырууга көмөктөшүүгө милдеттүү. Мындай коопсуз жайга үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларынын туугандарынын же жакын досторунун туруктуу жашаган дареги болушу мүмкүн, ошондой эле убактылуу баш калкалоочу жайлар кирет.

Ички иштер органдары үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө кайрылууларга чара көрүүнүн алкагында милдеттүү:
1) КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамында, Кылмыш-жаза-процессуалдык кодесинде, КРнын Укук бузуулар жөнүндө кодексинде, Ички иштер органдары жөнүндө мыйзамында караштырылган бардык чараларды колдонууга;
2) үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө арызды ар бир жарандан алуу жана каттоо;
3) коргоо ордерин берүүнүн жана узартуунун тартибин, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды кылмыш жоопкерчилигине же административдик жоопкерчиликке тартуунун тартибин түшүндүрүү;
4) үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусуна социалдык кызматтар жөнүндө маалымат берүү;

5) зарылчылык пайда болгон учурда үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусун медициналык мекемеге же башка коопсуз жайга жеткирүү;
6) коргоо ордерин берүү жана анда көрсөтүлгөн шарттарынын аткарылуусуна көзөмөл жүргүзүү;
7) үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусунун арызы боюнча коргоо ордерин узартуу жана анда көрсөтүлгөн шарттардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү;
8) жашы жетелек өспүрүмгө карата үй-бүлөлүк зомбулук окуясы болгон учурда балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүнүштөрүнө эч токтоосуз түрдө маалымат жиберүү;
9) коргоо ордерин узарткан учурдан баштап үч күндүк мөөнөттүн ичинде жабырлануучунун макулдугу менен, социалдык өнүктүрүү органдарынын аймактык бөлүнүштөрүнө маалымдоо;
10) үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды кылмыш-жаза же административдик жоопкерчиликке тартуу боюнча материалдарды өткөрүү үчүн бардык зарыл аракеттерди аткаруу.
Ички иштер органдарынын кызматкери КРнын 1994-жылдын 11-январындагы №1360-XII «Ички иштер органдары жөнүндө» мыйзамына ылайык, эгерде турак жайдын ичинде адамдын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирилип жатат деп болжолдоого негиз бар болсо, үй-бүлөлүк зомбулукту токтотуу боюнча чараларды көрүү үчүн турак жайдын ичине жана жарандардын аймагына эч тоскоолдуксуз кирет.
Биринчи байланышуу субьектилеринин аймактык бөлүмчөлөрүнүн өз-ара аракеттенүүсүнүн тартиби жогоруда көрсөтүлгөн үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоону ишке ашырып жатышкан мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүү Тартибинин 4-Главасында каралган. Ошентип, ички иштер органдарынын аймактык бөлүмчөлөрү (Тартиптин 14-п.):
1) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча субъекттерге жабыр тарткан адамдын макулдугу менен үй-бүлөлүк зомбулук фактылары жөнүндө (жыйырма төрт сааттын ичинде) кабарлашат;
2) жашы жете электерге карата үй-бүлөлүк зомбулуктун аныкталган фактылары жөнүндө балдарды коргоо боюнча аймактык ыйгарым укуктуу органга жабыр тарткан адамдын макулдугусуз (жыйырма төрт сааттын ичинде) кабарлашат, окуя болгон жерге барышат;
3) социалдык өнүктүрүү органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аймактык бөлүмдөрүнө убактылуу коргоо ордерин берүү жана/же узартуу жөнүндө жабыр тарткан адамдын макулдугу менен (үч күндүк мөөнөттүн ичинде) кабарлайт;
4) социалдык өнүктүрүү органынын, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын адистери менен биргеликте, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын адистеринин катышуусу менен үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарды коопсуз жерге токтоосуз жайгаштырышат
Социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмдөрү (Тартиптин 15-п.):
1) үй-бүлөлүк зомбулук фактылары аныкталган учурда үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын макулдугу менен ички иштер органдарына (жыйырма төрт сааттын ичинде) кабарлашат. Үй-бүлөлүк зомбулук жашы жете электерге жана/же аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдарга карата жасалган учурларда жабыр тарткандардын макулдугу талап кылынбайт;
2) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарды коопсуз жерге токтоосуз жайгаштырууда ички иштер органдарына көмөк көрсөтүшөт.

Мындай жерлер болуп, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдардын туугандарынын же жакын досторунун туруктуу жашаган жерлери, ошондой эле убактылуу башкалкалар эсептелиши мүмкүн.

Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрү үй-бүлө менен жүргүзүлүүчү жеке иш планын жана/же баланы коргоо боюнча жеке планын ишке ашырууда консультацияларды, жазуу жүзүндөгү маалыматты алуу жана жолугушууларды уюштуруу аркылуу ички иштер органдары, билим берүү уюмдары, саламаттык сактоо уюмдары менен өз ара аракеттенишет (Тартиптин 16-п.).

Саламаттык сактоо уюмдары үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар кайрылган жана аларга медициналык жардам көрсөтүлгөн учурдан тартып алардын макулдугу менен ички иштер органдарына (жыйырма төрт сааттын ичинде) кабарлашат. Жашы жете электердин жана/же аракетке жөндөмсүз деп таанылгандардын макулдугу талап кылынбайт (Тартиптин 17-п.).

Менчигинин түрүнө карабастан билим берүү уюмдары (Тартиптин 18-п.):

1) жашы жете электерге карата үй-бүлөлүк зомбулук фактылары аныкталган учурда ички иштер органдарынын, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн кызматкерлерин токтоосуз чакырышат;

2) балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмдөрүнө турмуштук оор кырдаалга кабылган балдар, камкордукка алынганы таризделбестен башка адамдар менен жашаган балдар жөнүндө маалыматты берип турушат.

Прокуратура органдары (Тартиптин 19-п.)::

1) мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрү тарабынан үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөйт;

2) мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнө үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдардын бузулушун четтетүү боюнча прокурордук чара көрүү актыларын жиберишет.

Юстициянын аймактык органдары (Тартиптин 20-п.)::

1) жарандык жана жазык сот өндүрүшү чөйрөсүндө зарыл болгон консультациялык-укуктук жардамды жана квалификациялуу юридикалык жардамды уюштуруу үчүн мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрү менен өз ара аракеттенишет;

2) мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүн ченемдик укуктук актыларды жайылтууга тартышат жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча укуктук пропагандалашат.

Үй-бүлөлүк зомбулук фактыларына чара көрүү максатында аймактык бөлүмдөр үй-бүлөлүк зомбулук фактылары жөнүндө бири-бирине токтоосуз маалымдоого милдеттүү (Тартиптин 21-п.):

1) ички иштер органдары - жабыр тарткан адамдын макулдугу менен үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандар жөнүндө маалымдалышат (жашы жете электердин жана аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдардын макулдугу талап кылынбайт);

2) социалдык өнүктүрүүнүн мамлекеттик органдарынын аймактык бөлүмдөрү - социалдык колдоого муктаж жабыр тарткандар жөнүндө маалымдалышат;

3) балдарды коргоо боюнча органдын аймактык бөлүмдөрү - үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан жашы жете электер жөнүндө маалымдалышат;

4) саламаттык сактоо уюмдары - медициналык-санитардык жардамга жана медициналык калыбына келтирүүгө муктаж жабыр тарткандар жөнүндө маалымдалышат;

5) билим берүү уюмдары - жабыр тарткан окуучулар жөнүндө маалымдалышат.

Аймактык бөлүмдөр маалыматты тез алмашуу үчүн телефонограммаларды пайдаланышат, андан кийин 24 сааттын ичинде аймактык бөлүмдүн жетекчисинин колу коюлган жазуу жүзүндөгү билдирүүнү жиберишет (Тартиптин 22-п.).

Үй-бүлөлүк зомбулук фактылары жөнүндө маалымат атайын журналда милдеттүү түрдө катталат.

Ички иштер органдары кабарлоону ушул Тартиптин тиркемесине ылайык форма боюнча жазуу жүзүндөгү макулдукка жабыр тарткан адам кол койгондон кийин алышат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары өз аймагындагы үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө маалыматтарды эсепке алуу үчүн үй-бүлөлүк зомбулуктун аныкталган фактылары жөнүндө жыйырма төрт сааттын ичинде маалымдалышат.

### 3.2.3. Зомбулуктун жабырлануучусу менен биринчи байланышууда көрүлүүчү чаралар

Интимдик өнөктөшү тарабынан зомбулуктун кандай гана түрү жасалып жаткандыгы (же үй-бүлөнүн башка мүчөсү тарабынан) же кайсы гана кылмышкер тарабынан болбосун сексуалдык зомбулук жөнүндө билдирген адамдарга дароо токтоосуз жардам көрсөтүлүшү керек.

Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга (мындан ары - жабыр тарткандар) жардам көрсөтүү маселелерин, Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга жардам көрсөтүү ТАРТИБИ жөнгө салат,[115] анда аларга укуктук, социалдык, медициналык, психологиялык жардам берилери жана үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо көрсөтүлөрү каралган.

Жабыр тарткандарга жардам юстиция органдары, аймактык адвокатуралар, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарын тартуу менен ички иштер, социалдык өнүктүрүү, балдарды коргоо, саламаттык сактоо, билим берүү боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрү, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар (кризистик борборлор, консультациялык-алдын алуу борборлору) тарабынан көрсөтүлөт.

Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча субъектилер үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандарга көрсөтүлүүчү жардам жөнүндө маалыматты расмий сайттарда жана/же маалыматтык стенддерде, шаарлардын жана айылдардын аймактарында жайгаштырышы зарыл:

1) тийиштүү аймакта жардам көрсөтүүчү органдын, уюмдун аталышы;
2) даректер, байланыш маалыматтары (телефон номерлери, расмий электрондук даректери);
3) иштөө графиги;
4) жардамдын түрлөрүнүн тизмеги.

Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан Кыргыз Республикасынын жарандары, чет өлкөлүк жарандар, жарандыгы жок адамдар, анын ичинде качкындар жашаган жери боюнча жардамга кайрыла алышат:

1) ыйгарым укуктуу ички иштер органынын аймактык бөлүмдөрүнө;
2) социалдык өнүктүрүүнүн ыйгарым укуктуу органынын аймактык бөлүмдөрүнө;
3) балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмдөрүнө (жашы жете элек балдары менен жабыр тарткандар);

---

[115] Караңыз.: КР Өкмөтүнүн 01.08.2019-жылдагы №390 токтому «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоону ишке ашыруу тартиби жөнүндө» 2-Тиркеме.

4) саламаттык сактоонун дарылоо-алдын алуу уюмдарына;
5) билим берүү уюмуна (билим берүү уюмдарынын директоруна, тарбия иштери боюнча башчысына; социалдык педагогуна, психологуна, класс жетекчисине);
6) мэрияларга, айыл өкмөттөрүнө;
7) коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдарга (убактылуу жашоо борборлоруна, консультациялык-алдын алуу борборлоруна, кризистик борборлорго).
Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандар жашаган жери боюнча аксакалдар сотуна да кайрылууга укуктуу.

Көрсөтүлгөн субъектилер ушул Тартиптин 1-тиркемесине ылайык формада үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча жарандардын кайрылууларын эсепке алуу журналын жүргүзүшөт.
Саламаттык сактоо уюмдары Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органы тарабынан кабыл алынган жана Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министрлигинин 07.12.2015-жылдагы № 680 буйругу менен[116] бекитилген Кыргыз Республикасында зомбулукту, кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн натыйжалуу документтештирүү боюнча практикалык колдонмодо белгиленген форма боюнча журналды жүргүзүшөт.
Ички иштер органдары арыздарды (билдирүүлөрдү) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестринде катташат. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандар жөнүндө арыздар (билдирүүлөр) журналда катталат.
Жабыр тарткан адам үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча субъектке төмөнкү документтерди берет (эгерде болсо):
- ким экендигин күбөлөндүрүүчү документти;
- үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча берилген убактылуу коргоо ордерин же аксакалдар сотунун чечимин;
- белгиленген үлгүдөгү зомбулук учурларын медициналык документтештирүүнүн толтурулган формасын (форма № 003-3/у).
Жабыр тарткандарга жардам төмөнкү негизде берилет:
- үй-бүлөлүк зомбулук фактысы жөнүндө билдирген кандай болбосун адамдын кабарлоосунун;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашыруучу субъекттердин кайрылууларынын;
- Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин туруктуу иштеген "Система-112" бирдиктүү мамлекеттик нөөмөттүк-диспетчердик кызматынан түшкөн маалыматтын;
- жалпыга маалымдоо каражаттарынан алынган маалыматтын.
Ички иштер, социалдык өнүктүрүү, балдарды коргоо боюнча органдардын аймактык бөлүмдөрү, саламаттык сактоо уюмдары тарабынан жардам ошондой эле жабыр тарткан адамдын телефон аркылуу, анын ичинде анонимдүү кайрылуусунун негизинде көрсөтүлөт.
Эгерде жабыр тарткан адам телефон аркылуу үй-бүлөлүк зомбулукка кабылганы жөнүндө билдирсе, анда аймактык бөлүмдүн жооптуу адиси:
- жардам алуу үчүн түздөн-түз кайрылуусуна мотивациялайт;

[116] Караңыз.: Зомбулукту, кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн натыйжалуу документтештирүү боюнча практикалык колдонмо. Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын жана башка ведомстволорунун медициналык адистери үчүн (Экинчи басылыш). Бишкек, - 2015. Шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://npm.kg/wp-content/uploads/2017/06/SOROS_Prakticheskoe_Rukovodstvo_Web.pdf

- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандарга жардам көрсөтүүчү башка субъекттер жөнүндө маалымат берет.

Телефон аркылуу кайрылуу кайрылууларды эсепке алуу журналында катталат. Аймактык бөлүмдөрдүн адистери тарабынан алынган маалыматтын булактары жөнүндө маалыматтар ачыкка чыгарылбайт.Жабыр тарткандардын жакын туугандарына аймактык бөлүмдөрдүн адистери тарабынан жабыр тарткандардын макулдугу менен маалымдалат.

Үй-бүлөлүк зомбулук фактысы жөнүндө маалыматты кабыл алган үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча субъект жабыр тарткан адам макул болгон шартта, жабыр тарткандарга жардам көрсөтөт (жашы жете электердин жана аракетке жөндөмсүз деп расмий түрдө таанылган адамдардын макулдугу талап кылынбайт).

Эгерде жабыр тарткан адам, жардамдын башка түрлөрүн алууга муктаж болсо, анда жабыр тарткан адам аймактык бөлүмдүн адиси тарабынан компетенциясына жабыр тарткан адамга зарыл болгон жардамды көрсөтүү кирген субъектке кайра жөнөтүлөт.

Жабыр тарткан адамды кайра жиберүү аймактык бөлүм тарабынан ушул Тартиптин 2-тиркемесине ылайык форма боюнча кайра жиберүү жөнүндө бланкты арыз ээсине берүү аркылуу ишке ашырылат.

Жабыр тарткан адамды кайра жиберүү жөнүндө бланк эки нускада толтурулат, анын бири жабыр тарткан адамга берилет, экинчиси кайра жиберген субъектте сакталууга тийиш.

Кайра жиберүү жөнүндө бланк жабыр тарткан адам кайра жиберилген субъект тарабынан Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускаманын талаптарына ылайык кириш документ катары катталууга тийиш.

Жабыр тарткан адам кайра жиберилген үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча субъект кайра жиберген адамга кайра жиберилген жабыр тарткан адамга жардам көрсөтүлгөндүгү же көрсөтүлбөгөндүгү жөнүндө кайра жиберген учурдан тартып он күндүн ичинде билдирүүгө милдеттүү.

Жабыр тарткан адам аныкталган/кайрылган учурда:

1) *социалдык өнүктүрүү органдарынын аймактык бөлүмдөрү:*

- жабыр тарткан адамды алгачкы сурамжылоо жүргүзүшөт жана журналга катташат;
- кайрылган учурда жабыр тарткан адамдын алгачкы көйгөйлөрүн чечүүгө көмөктөшөт (медициналык жардамга, коопсуз жерге жайгаштырууга, алгачкы психологиялык, социалдык, укуктук жардам көрсөтүүгө муктаждыгы);
- үй-бүлө мүчөлөрүнүн этибарсыз мамилесинен жабыр тарткандардын (жашы жете электер, улгайган адамдар, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар, багуудагы башка адамдар) социалдык, медициналык жана укуктук жардам алууларына токтоосуз көмөктөшөт;
- жабыр тарткандарга төмөнкүдөй социалдык колдоо көрсөтүлөт: убактылуу баш калкалоочу жай берүү, биринчи кезектеги турмуш-тиричилик, медициналык маселелерди чечүү үчүн зарыл болгон документтерди тариздөө, социалдык камсыздоону тариздөө боюнча жардам көрсөтүү;

2) *ички иштер органдары:*

- үй-бүлөлүк зомбулукка бөгөт коюу боюнча чараларды көрүшөт;
- коргоо ордерин беришет жана узартышат, коргоо ордерин берүү жана узартуу тартибин, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды жоопкерчиликке тартуу тартибин түшүндүрүшөт;
- коргоо ордеринин шарттарынын аткарылышын контролдошот, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча соттун чечиминин аткарылышына көмөктөшөт;
- коргоо ордеринин шарттары боюнча үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдарды оңдоп-түзөө программасынан өтүүгө милдеттендиришет;

- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын макулдугу менен социалдык өнүктүрүү органдарынын аймактык бөлүмдөрүнө (коргоо ордери узартылган учурдан тартып үч күндүк мөөнөттө) маалымдашат;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамды анын макулдугу менен медициналык күбөлөндүрүүгө, соттук-медициналык экспертизага жиберишет (өзүнүн ата-энесинен жана башка мыйзамдуу өкүлдөрүнөн жабыр тарткан жашы жете электер медициналык күбөлөндүрүүгө алардын макулдугусуз жиберилишет);
- үй-бүлөлүк зомбулук жашы жете элек балага карата жасалган учурда балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнө токтоосуз маалымдашат;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч жаралганда, аны коопсуз жерге же баш калкалоочу жайга токтоосуз жайгаштырышат;
- зарыл болгон учурда үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамды медициналык мекемеге жеткирүүнү уюштурушат;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамга социалдык кызматтар жөнүндө маалымат беришет;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын макулдугу менен, жасалган зомбулук жөнүндө маалыматты үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын иштеген жерине жөнөтүшөт;

3) *балдарды коргоо боюнча органдар:*
- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан жашы жете электер жөнүндө арыздарды кабыл алышат жана катташат;
- турмуштук оор кырдаалга кабылган балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоо боюнча мыйзамдарда белгиленген тартипке ылайык бала жана үй-бүлө жашаган (турган) жерине барышат, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан баланы социалдык коштоону андан ары уюштуруу үчүн чараларды көрүшөт;
- эмгек мигранттарынын үй-бүлөсүнүн балдарын өзгөчө контролго алышат (үй-бүлөнүн материалдык абалына карабастан);
- расмий түрдө камкордукту/көзөмөлдүктү тариздебестен туугандары жана башка адамдар менен жашаган балдарды орундаштыруу боюнча тийиштүү чараларды көрүшөт;

4) *саламаттык сактоо уюмдары:*
- жабыр тарткандар кайрылганда саламаттык сактоо системасынын ведомстволук документтерине ылайык үй-бүлөлүк зомбулук фактыларын документтештиришет;
- жабыр тарткандарга медициналык-санитардык жардам көрсөтүшөт, медициналык калыбына келтирүүнү ишке ашырышат;
- бейтапка амбулатордук медициналык картадан же бейтаптын стационардык картасынан белгиленген тартипте көчүрмө беришет;

5) *билим берүү уюмдары:*
- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан окуучулар жөнүндө арыздарды (билдирүүлөрдү) кабыл алышат жана катташат;
- окуучуларга карата үй-бүлөлүк зомбулуктун аныкталган фактылары жөнүндө ички иштер органдарына жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдарга токтоосуз маалымдашат;
- жабыр тарткан балага социалдык педагогдордун жардамын беришет, жабыр тарткан окуучу жана аны менен бирге жашаган үй-бүлө мүчөлөрү менен иш жүргүзүшөт;
- окуучулардын психикалык жана дене-бойлук абалына туруктуу байкоо жүргүзүшөт;

- чейрек сайын окуучулардын жана ата-энелердин (аларды алмаштырган адамдар) арасында үй-бүлөлүк зомбулукка жол бербөө, коргоо жана сактоо боюнча чаралар жөнүндө алдын алуучу иштерди жүргүзүшөт;
- үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча окуучулар үчүн билим берүүчү жана тарбиялоочу программаларды ишке ашырышат;
- үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган окуучуларды эсепке алышат, социалдык жардамга муктаждыктарына талдоо жүргүзүшөт;

6) *мэриялар, айыл өкмөттөрү:*

1) аймактагы коомдук өз алдынча башкарууларды тартуу менен тейлеген аймакта үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандарга жардам берүүнү уюштурушат;
2) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттер аркылуу жардам беришет;
3) үй-бүлөлүк зомбулукту жасоо коркунучу жөнүндө ички иштер органдарына маалымдашат.

*Юстициянын аймактык органдары:*

- консультациялык-укуктук жардам берүү боюнча кабинеттердин ачылышын камсыздашат;
- "Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык тийиштүү адамдарга квалификациялуу юридикалык жардамдын көрсөтүлүшүн камсыздашат;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча кабыл алынган ченемдик укуктук актылар жөнүндө маалыматтарды жана башка маалыматты таратышат.

*Аймактык адвокатуралар:*

- "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө", "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык укуктук маселелер боюнча консультацияларды беришет;
- укук коргоо, сот жана башка мамлекеттик органдарга арыздарды, даттанууларды, өтүнүчтөрдү жана башка документтерди түзүүгө жардам беришет;
- жабыр тарткандардын кызыкчылыктарын сот жана башка мамлекеттик органдарда коргошот.

Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашыруучу коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар,[117] жарандар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө социалдык, укуктук, юридикалык, психологиялык жана башка колдоо, жардам көрсөтүүгө укуктуу.

Ошондой эле, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча субъекттер биринчи жардамды көрсөтүүсү зарыл, жабыр тарткан адамга багытталган мамиледен, ал болсо төмөнкүлөрдү түшүндүрөт:

- талкуулабоо, каралашуу жана жабырлануучу айтып жаткандардын маанилүү экендигин таануу;
- жабырлануучуну тынчсыздандырып жаткан көйгөйлөрдүн чечилишине практикалык жардам жана колдоо көрсөтүү, бирок бул аркылуу ага тажатма жүрүм-турумду жасабоо;

[117] Караңыз.: 1-тиркеме. “Аялдар жана балдар үчүн кризистик борборлордун даректери жана байланыш маалыматтары” Кыргыз Республикасынын Ички иштер башкармалыгынын аймактык тескөөчүсү үчүн “Аялдар жана балдар үчүн кризистик борборлордун даректери”. “Зомбулукка дуушар болгон аялдар жана балдар үчүн укук коргоо жана сот адилеттиги» (Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин 2021-жылдын 12-октябрындагы No 697 буйругу менен практикалык колдонууга сунушталган). Бишкек, 2021. 29Б.

- аялдан зомбулук жөнүндө суроо, көңүл буруп угуу, бирок жабырлануучуну сүйлөөгө мажбурлабоо (котормочунун катышуусундагы өтө сылык, аяр болууну талап кылган темаларды талкуулоодо кылдаттыкты сактоо);
- жабырлануучуга ага пайдалуу болуусу мүмкүн болгон ресурстар жөнүндө, анын ичинде юридикалык жана башка кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалыматтардын жеткиликтүү болуусуна жардам берүү;
- жабырлануучуга зарылчылык пайда болгон учурда өзүнүн жана балдарынын коопсуздугун камсыз кылууга жардам берүү;
- социалдык кызматтардын жардамын сунуш кылуу же аны менен камсыз кылуу.
- Биринчи байланышуу субьектиси камсыз кылуусу керек:
- чоочун адамдарды катыштырбай консультация берүү менен;
- жабырлануучулар берген маалыматтарды конфиденциалдуу сактоо жана аларга конфиденциалдуулуктун чектери жөнүндө маалымат берүү менен (мисалы, эгер башка тиешелүү органдарга милдеттүү түрдө маалымат берүү талабы бар болсо).

Эгерде биринчи байланышуу субьектиси биринчи жардамды көрсөтө албаган абалда болсо анда дароо токтоосуз түрдө ал жардамды көрсөтө турган башка бирөөнү табуу (өзүнүн медициналык мекемесинде болбосо тез жетүүгө мүмкүн болгон башка жерде).

### 3.2.4. Зомбулукка кабылган аялдар жана балдар менен биринчи жолу байланышуу учурундагы психологиялык коммуникация боюнча сунуштамалар

Балдарга ырайымсыз мамилени колдонгон үй-бүлөлөрдүн психологиялык өзгөчөлүктөрүн, жубайлардын ортосундагы карама-каршылыктын деңгээлинин жогорулугунун, педагогикалык иш-билгиликтин деңгээлинин төмөндүгүнүн чагылдырылуусу катары карашыбыз керек. Зомбулук колдонгон өнөктөш (ата-эне) эрежеге ылайык импульсивдүү, жини чукул жана инфантилдүү катары мүнөздөлөт, ар түрдүү психологиялык жана жеке жабыркоолору бар, бала кезинде өзү зомбулуктан жабыр тарткан болот.

Үй-бүлөлүк зомбулукту үй-бүлө системасынын бардык функционалдашуусунун терең бузулушу катары кароого болот. Андагы функциялардын баарынын мындай бузулуусу, үй-бүлөнүн бар болуусун, бүтүндүүлүгүн сактоонун жана талкаланып чачырап кетүүсүнүн алдын алуунун бир гана жападан жалгыз жеткиликтүү жолу болгондой сезилип калат. Үй-бүлөнүн ичиндеги зомбулук гомеостатикалык (чыңалууну төмөндөткөн жана үй-бүлөнү сактаган) жана көзөмөлдөөчү (үй-бүлөнүн бир мүчөсүнүн экинчисинин үстүнөн башкаруусу жана көзөмөлдөөсү) функцияларды аткарат. Үй-бүлөлүк зомбулук окуяларынын көпчүлүгүндө сырткы чектери абдан катуу көзөмөлдөнгөн жана үй-бүлөнүн ичи аралашкан үй-бүлөлөрдө байкалат.

Өнөктөштүк мамилелерде зомбулуктун пайда болуусун жана динамикасын түшүндүрүү үчүн «зомбулук цикли» теориясы иштелип чыккан. «Зомбулук цикли» теориясы бир нече этаптарга бөлүнөт:

1. *Карама-каршылыкты эскалациялоо.* Бул убакта басынтуу, жактырбоо сыяктуу ачууланууну жана агрессиянын болуусу байкалат. Жабырлануучу зомбулук жасаган адамды актаганга жана көңүлүн жибитүүгө аракет кылат. Зомбулук жасаган адам болсо, өзүнүн мындай жүрүм-турумун ага жабырлануучу түрткү болду деп актанат.

2. *Зомбулуктуу окуя*. Ырайымсыздыкты жана агрессияны ачык колдонуу. Дене бойлук жана сексуалдык зомбулуктан сырткары коркутуулар, айыптоолор, кыжырдануу, ачуусун чыгаруу менен коштолот.
3. *Элдешүү.* Карама-каршылыктуу чыңалуу төмөндөйт жана зомбулук жасаган адам өзүнүн күнөөсүн сезет.
4. «*Бал айы*». Бул этапта зомбулук жасаган адамдын жана жабырлануучунун мамилелери биринчи этабына кайрылып келет. Агрессордун жабырлануучуга карата жасаган мамилеси жумшак жана камкордукта болот, ал эми жабырлануучу зомбулук жөнүндө унутат жана цикл кайталанбайт деп ойлоп баштайт.

Бул этаптардын кайталанышы жабырлануучуга жана зомбулук жасаган адамга карата кадимки эле кайталанып турчу көрүнүшкө айланат. Убакыттын өтүшү менен кылмыштуу аракеттер көбүрөөк интенсивдүү болуп калат жана абдан кыска убакыт аралыгында кайталанып баштайт.

«Атасы-кызы» өз ара мамилесинин алкагында үй-бүлөнүн ичинде сексуалдык зомбулуктун пайда болушу апасынын узак убакытка чейин жок болуусу же анын узакка чейинки оору кырдаалы менен байланыштуу болушу мүмкүн. Кыздардын көбү апасынан алыстап жана четтеп калууну баштарынан өткөрүшкөн. Алар өздөрүнө карата болуп өткөн кылмыштар жөнүндө айтуу аракеттерине, алардын кайдыгерлик кылып койгондорун таарынуу менен эстешет. Апалар үй-бүлөнүн ичинде болуп жаткан зомбулуктар аларга белгилүү экенин четке кагышат, ал эми кыздары болсо алардын апалары баарын билгенин тастыктап айтышты жана алар (кыздар) апаларынын кийлигишпей койгонун абдан оор кабыл алышкан. Алсак, сурамжылоого катышкан кыздардын азыраак бөлүгү апаларына инцест фактысы жөнүндө чын эле айтышкан, а айткандар болсо апасынын жасаган реакциясына капа болушкан. Апасынын жана кызынын ортосундагы мындай татаал карама-каршылыктуу мамилелердин пайда болушу оор зыяндарга алып келүүсү мүмкүн.

Үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларына агрессор менен «аралашып кетүү» мүнөздүү, бул болсо жабырлануучунун сырткы дүйнөдөн бөлүнүп четтөөсүнүн күчөшүнө алып келет. Мындай «аралашып кетүү» стокгольм синдромунун пайда болуусу катары чечмелениши мүмкүн.[118] «Стокгольм синдрому» деген түшүнүктү алгач барымтага түшүп калган жабырлануучуларга карата колдонуу сунуш кылынган, ал эми акыркы убактарда болсо башка бардык жабырлануучуларга карата колдонулууда. Бул темага карата жүргүзүлгөн изилдөөлөр стокгольм синдрому узакка созулган бардык зомбулук окуяларында, анын ичинде үй-бүлөнүн ичиндеги зомбулуктарда байкалгандыгын көрсөттү.[119] Изилдөөчүлөр бул универсалдуу көрүнүш деген корутундуга келишти, ал инстинктивдүү болушу мүмкүн жана бул аркылуу тирүү калууга умтулуу функциясы кызмат кылат. Стокгольм синдромунун жалпы кабыл алынган аныктамасы жок. Эгер мындай көрүнүштөр байкалса аны констатациялашат: жабырлануучунун өзүнө карата зомбулук жасаган адамга (аялга/эркекке) карата позитивдүү сезимдери; жабырлануучунун ага жардам берүүгө аракет кылган полицияга же башка органдарга терс сезимдери; зомбулук жасаган адамдын анын курмандыгына карата позитивдүү сезимдери.

Зомбулуктун дене бойлук, эмоционалдык, сөз түрүндөгү жана башка формаларынан сактануу үчүн аял жүрүм-турумдун адаптивдик системасын түзөт, бул болсо стресстин артына катылган реакция болуп эсептелет. Ал убакыттын өтүшү менен ал тургай жашоо үчүн күрөшүүнүн каражатына, андан кийин жашоо образына айланат. Терс таасир этүү токтотулгандан кийин деле адам айлана-

[118] Козлов Н.И. Стокгольм синдрому. // Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://www.psychologos.ru/articles/view/stokgolmskiy-sindrom. Кайрылуу датасы 04.05.2022-ж.
[119] Караңыз: мисалы: Ильюк Е.В. Криминалдык жана виктимдик жүрүм-турумдун архетиби // Виктимология. – 2017. – №2. – 39-45-бб.

чөйрөсүндө эзүү коркунучу уланып жаткандай жүрүм-турумун уланта бериши мүнөздүү көрүнүш. Окумуштуулар дайыма стрессте жашаган аялдын дүйнө таанымындагы жана жүрүм-турумундагы психологиялык өзгөрүүлөрдү виктимдик жүрүм-турумунун жана көз карандуулуктун калыптанып калуусу катары баалашат.[120]

Жеке деформациянын белгилеринен сырткары, жабырлануучу аялдарда ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулуктун клиникалык зыяндары дагы байкалат. Бул жаракаттан кийинки стресстик жабыркоонун симптомдоруна тиешелүү белгилер.[121]

*Психологиялык деңгээл:* депрессивдик абал, жогорку деңгээлдеги козголгучтук, кыйнаган жаман түштөр жана уйкунун бузулушу, жагымсыз кайталанган эстөөлөр, көңүл буруу концентрациясындагы кыйынчылыктар, ал тургай коомду душман катары сезүү, капыстан ачуулануу жана агрессиялык жарылуулар.

*Физиологиялык деңгээл:* баш ооруу, ашказан-иче карын системасындагы жагымсыз сезимдер, абанын жетишпестиги, ички спазмалар, сексуалдык активдүүлүктүн алсызданышы, кайдыгер болуп калууга чейин жетүү.

*Жүрүм-турумдун деңгээлине тиешелүү:* айлана-чөйрөдөгүлөр менен өз ара мамилелердеги кыйынчылыктар, коомдон качуу, ичимдикти же баңги зат каражаттарын кыянатчылык менен пайдалануу, тамак-ашты кабыл алуудагы жабыркоолор (анорексия же булимия), суицидге аракет жасоо же ойлор, шек жаралуу, жакшы мамиле чын дилинен жасалып жаткандыгына ишенбөө, кээде балдарга, ата-энелерге, же башка көбүрөөк алсыз адамдарга карата зомбулуктуу жүрүм-турумдар.

Жаракаттан кийинки стресттик жабыркоолор үчүн мүнөздүү невролгиялык жана патохарактерологиялык синдромдордун арасында кийинкилер бөлүнүп көрсөтүлөт:[122]

- өзүн күнөөлүү сезүүнүн өнөкөт мүнөзгө өтүп кетүүсү;
- «солдаттын жүрөгү» - жүрөктүн дүкүлдөп согуусу, ашыкча тердөө, төшүнүн ички тарабынын оорусу, дем алуунун үзүлүүсү;
- «комбатанттык» психопатия – жабык жана шектүү сексуалдык байланыштар, зомбулуктун жарылып пайда болушу менен коштолгон импульсивдик жүрүм-турум жана агрессия;
- «флэшбэк-синдром» - «эске салуу үчүн оор» окуялар жөнүндө аң сезимге мажбурлап сиңип эстөөгө мажбурлаган эскерүүлөр;
- ренттик абал – тиешелүү артыкчылыктарга үмүт артып, аң сезимдүү түрдө жеңилдиктерди алууга умтулган пассивдүү жашоо позициясы, майыптыгы бар адам, өнөкөт оорулуу адам макамына умтулуу;
- астениянын күчөө синдрому – карылыкка умтулуу, психикалык бошоңдук, салмагынын азаюусу, тынчтыкка умтулуу.

Зомбулуктун жабырлануучуларынын балдары жана жашы жетелек өспүрүмдөр менен өз-ара аракеттенишүү процессинде өзгөчө маанилүү аспект байланышууну жолго коюу болуп эсептелет, балага камкордук көрсөтүүгө басым жасалышы зарыл.

Сексуалдык зомбулукту башынан өткөргөн балдар жана өспүрүмдөр алар менен байланышкан чоң адамдардан күчөтүлгөн көңүл бурууга, түшүнүүгө жана колдоого зарылышат. Өзүн ашыкча

---

[120] Семерикова А.А., Анисимова Н.Р. Үй-бүлөлүк зомбулук кырдаалындагы аялдын виктимдик жүрүм-турумунун психологилык жүрүм-туруму // России жана чет өлкөдөгү сервис. – 2015. – 58-65-бб.

[121] Малкина-Пых И.Г. Эксперименталдык кырдаалдар: иш тажрыйбасы мол психологдун маалымдама китеби. – М.: ЭКСМО, 2006.

[122] Малкина-Пых, И.Г. Эксперименталдык кырдаалдар: иш тажрыйбасы мол психологдун маалымдама китеби. – М.: ЭКСМО, 2006.

күнөөлүү сезүү сезими балдарга жана жашы жетелек өспүрүмдөргө өз көйгөйлөрүн талкуулоого жол бербейт: алар «кол салууга кандайдыр бир деңгээлде түрткү болдум же болбосо аны токтотуу үчүн бир нерсе кылышым керек болчу» деп ойлошот. Өзү үчүн уялуу алардын ачылууларына мүмкүнчүлүк бербейт – жашы жетелек өспүрүмдөр окуядан мурун, андан кийинки реакциялардан жана суроолордон коркушат. Ошондуктан балдар жана өспүрүмдөр менен маектешүүнү жүргүзүүдө алардын жоопторуна таасирин тийгизе турган жабык жана багыттоочу суроолордон алыс болуу сунушталат.

Зомбулуктун жабырлануучусу бала/өспүрүм менен биринчи маектешүү кийинки милдеттерди чечүүнү көздөйт:

- зомбулук фактысын аныктоо жана айыпкер адамды аныктоо үчүн маалыматтарды чогултууну;
- адис тарабынан дагы (консультант), ошондой эле башка бардык адам тарабынан балага кысым жасоо мүмкүндүгүн жокко чыгарган сүйлөшүү планын конкреттештирүүнү;
- зомбулуктан жабыр тарткан балдар менен маектешүүнү жүргүзүү үчүн оптималдуу түрдө психологиялык жагымдуу шарттарды түзүү жана өткөрүү ордун тандоо.

Болуп өткөн зомбулуктун мүнөзүн, зомбулуктун жасалышынын жагдайларын, шектүүнүн өздүгүн, болгон окуяга карата баланын реакциясын аныктоо үчүн маектешүү башталганга чейин окуя жөнүндө ар түрдүү булактардан маалыматтарды чогултуп алуу зарыл.

Баланын үй-бүлөсү жөнүндө, анын ичинде ата-энелердин бири-бири менен мамилелери, туугандары менен мамилелери жана бала менен ата-эненин ортосундагы мамиле, баланын күн тартиби, кызыгуулары жөнүндө маалыматты кошуп баланын үй-бүлөсү жөнүндө маалыматтарды алуу зарыл. Балдар мекемесиндеги бала жөнүндө маалыматты алуу максаттуу, ал кандай окуйт, анын теңтуштары менен мамилеси кандай, ал мүнөзү боюнча кандай жана акыркы убактарда анын жүрүм-турумунда мотивдешпеген эпизоддор байкалган жокпу билүү зарыл. Бул маалыматтар бала өзү айтып берген нерселерди толуктоого, окуяны көбүрөөк кеңири контекстте көрүүгө жардам берет. Бул маалыматтардын баары эрежеге ылайык бала үчүн оор сыноо болуп саналган маектешүүнү оптималдуу пландаштыруу үчүн зарыл.

Маектешүү башталганга чейин маекти алуу планын түзүү керек, анда тактоону талап кылган көбүрөөк маанилүү суроолор көрсөтүлүшү керек. Баланын өнүгүү деңгээлине шайкеш келген, тактап айтканда интеллектуалдык өнүгүү деңгээлин эске алганда аларга түшүнүктүү гана суроолорду берүү зарыл. Даярдануунун маанилүү этабы маектешүү убактысын, анын узактыгынын мөөнөтүн аныктоо болуп эсептелет. Биринчи маектешүүнүн жүрүшүндө зарыл маалыматтарды алууга мүмкүн болбосо, анда кайрадан кошумча маектешүүнү жүргүзүү максатуу болуп саналат.

Маектешүүнү пландаштырууда баланын моюнга алууга даярдыгын эске алуу зарыл. Бул фактор боюнча балдар жана өспүрүмдөр төрт топко бөлүнүшөт:

1) болуп өткөн окуя жөнүндө бир же бир нече адамга кенен айтып берүүгө даярлар;
2) болгону жарым-жартылай бөлүп таанууга мүмкүн болгондор – алар же азайтышат же зомбулук жөнүндө маалыматты жашырышат;
3) психологиялык жактан таанууга даяр эместер, себеби алар кабылган зомбулук фактысы алардын эркинен тышкары жана катышуусусуз ачылып калган;
4) аларга карата зомбулук болуу фактысы жөн гана болжолдонууда, бирок алар өздөрү ар түрдүү себептер боюнча окуя жөнүндө айтып берүүнү каалашпайт.

Балдардын жана өспүрүмдөрдүн баштарынан өткөн зомбулук фактылары жөнүндө маалыматты билдирүүдөн баш тартуусунун негизги мотивине кийинкилерди кошсок болот:

- чоң адамдарга ишенбөө, алар тараптан жаңы жагымсыздыктарды күтүү;

- уялуу сезими, айлана-чөйрөсүндөгүлөр аларга жаман мамиле жасайт деп кооптонуу;
- зомбулук жасаган адамдан коркуу же көнүп калуу;
- зомбулук жасабаган ата-энесин капалантуудан коркуу, ата-энеси ажырашып кетет деп коркуу.

Эгерде жыныстык кол тийбестиктин бузулгандыгы жөнүндө сөз болсо, балдар алдап коюшу мүмкүн экендигин тажрыйба далилдеп турат, же болбосо аларды жашыруун сырды сактабагандыгы үчүн жооп берүү күтүп тургандыгы коркутат. Демек баланы зомбулук жасаган адамдан жалгыз гана коргобостон, ошондой эле ага ал буга күнөөлүү эмес экендигине ишендирүү зарыл. Жабырлануучунун коопсуздугун камсыз кылуу менен ага буларды түшүндүргүлө, мисалы кайсы бир убакытка чейин коопсуз жайга жашоого укуктуу экендигин, айрым бир адамдар менен сүйлөшүү убактысын азайтуу үчүн башка класска которулуу укугун ж.б.

Маектешүүнү жүргүзүү үчүн тандалып алынган жер, баарынан мурун баланын ыңгайлуулугуна шайкеш келүүсү керек. Маектешүүнүн убактысын тандоодо милдеттүү түрдө баланын күн тартиби эске алынат. Маектешүү учурунда ата-энесинин же баланы тарбиялоого катышкан адамдардын кошо катышуусу максатсыз, себеби бала ушул чоң адамдар уккусу келген нерсени айтууга аракет кылат. Бирок көп учурда жаш курагы алты жаштан ылдыйкы балдарда бейтааныш чоң адамдар менен жалгыз калганда коркуу сезими пайда болот. Мындай учурларда маектешүүгө баланын жакын адамын катыштырса болот, ал бала каалаган убакта ага кайрыла тургандай болуп жакын олтурса болот.

*Маектешүүнү жүргүзүү* – бул зомбулуктан жабыр тарткан бала менен иштөөнүн көбүрөөк татаал жана жоопкерчиликтүү процесси. Бул этапта кийинки стадияларды бөлүп көрсөтүү максаттуу:

1) *Бала менен байланышуу түзүү*. Баланын ишенимине ээ болуу үчүн узак убакыт керек экендиги талашсыз. Ошондуктан байланыш түзүү этабында маектешүүнү коопсуз темалардан баштоо керек, мисалы өзү жөнүндө, өзүнүн кызыгуулары, баланын кызыгуулары, оюнчуктары, мультфильмдери ж.б. жөнүндө.

2) *Баланын өнүгүүсүнө баа берүү*. Балага берилген суроолордун татаалдыгы чоң адамдар колдонгон сөздөр баланын интеллектуалдык деңгээлине жана анын жашоо тажрыйбасына шайкеш келүүсү зарыл. Жеке психологиялык өзгөчөлүктөр жаш курагына шайкеш келүүгө, эс тутумунун өнүгүшүнө, билим деңгээлине, болуп жаткан окуяларды түшүнүү жөндөмдүүлүгүнө, психологиялык жактан жетиктигинин деңгээлине анализ жүргүзүү аркылуу аныкталат. Бул жерде адвокатка маанилүү деңгээлде бала менен иштеген психолог жардам бере алат.

3) *Маалымат алуу*. Зомбулуктун жабырлануучулары болгон балдар жана өспүрүмдөр менен маектешүүнүн жалпы принциби, баланын капыстан айтып берүү процессинен маалыматтардын толук кандуу көлөмүн алуу болуп саналат. Эгер баланы ачыктыкка чакырууга мүмкүн болбосо, анда колдо бар маалыматты колдонуп ага окуя жөнүндө конкреттүү суроолорду берүүгө туура келет. Сүйлөшүү ачык жалпы суроолордон башталат, андан кийин зомбулук жөнүндө максаттуу суроолорду берүү керек (зомбулуктун мүнөзү, убактысы жана жагдайлары жөнүндө, зомбулук жасаган адам жөнүндө). Негизги мааниге ээ суроолор айтып берип жаткандарды тактоого жана кошумчалоого багытталган шыктандыруучу суроолор болуп саналат. Жооптордун бир нече варианттарын кошо камтыган суроолор, эгерде баладан маалымат алуунун башка мүмкүнчүлүктөрү натыйжа бербей жатса, түз жана багыттоочу суроолорду берүү зарыл.

4) *Маектешүүнү аяктоо*. Маектешүүнүн аягында ал жемиштүү болгонунан көз карандысыз түрдө балага кызматташкандыгы үчүн ыраазычылык билдирүү зарыл. Эгер бала тынчсызданып турса анда аны тынчтандыруу керек, ал коргоодо экендигине ишенимин дагы бир жолу бекемдеп, колдоо көрсөтүү зарыл. Алынган маалыматтарды анализдөөдө маалыматтын бурмаланып берилүүсү мүмкүн экендигин дагы эске алуу керек, ошондуктан ар кыл булактардан алынган

маалыматтарды колдонуу маанилүү. Эрежеге ылайык, балдарда татаал окуялар жөнүндө айтып берүү көндүмдөрү жок болгондуктан, өздөрү жабыркаган зомбулук жөнүндө аз маалыматтарды беришет. Бул жагдай кошумча маалымат алуу, ал тургай максималдуу түрдө көлөмдүү маалымат алуу турган иш экендигин көрсөтөт.

5) *Алынган маалыматтарды анализдөө*. Анализ жүргүзүүнүн негизги принциптери обьективдүүлүк, кесипкөйлүк, фактыларга таянуу болуп эсептелет. Мындан сырткары, бурмалоочу таасирлердин болуу мүмкүндүгүнө (баланын көрсөтмөлөрүндөгү бурмалоолор) анализ жүргүзүү керек жана алардын интенсивдүүлүгүн баалоо зарыл. Баланын көрсөтмөлөрүнүн ишенимдүүлүгүн ырастаган жагдайлар катары аны медициналык текшерүүдө алынган маалыматтар, буюмдук далилдердин болушу, маектешүү учурундагы баланын жүрүм-турумунун өзгөчөлүктөрү болушу мүмкүн.

Зомбулуктан жабыр тарткан балага психологиялык колдоо көрсөтүүнүн жалпы эрежелери:

1) маектешүү учурунда баарынан мурун баланын өзүнө көңүл буруу, анын эмоционалдык абалына көңүл буруу, анын вербалдык эмес абалына багытты буруу;

2) авдокат жана баланын ортосунда максималдуу түрдө ишенимдүү, колдоо көрсөткөн мамилени орнотуу;

3) психологиялык жактан жагымдуу шарттарды түзүү үчүн маектешүүнүн көп варианттуулугун колдонуу.

Эгер мүмкүн болсо, эң биринчи кезекте ата-энеси же үй-бүлөсүнүн башка мүчөлөрү менен маек куруу зарыл, бул балага ашыкча суроолорду бербөөгө шарт түзөт. Зомбулуктун жабырлануучусунун жакындары менен маектешүү эмоционалдык жана психологиялык жактан жагымдуу маанайда жүргүзүлүшү зарыл, себеби үй-бүлөлүк кырдаалга сырттан келген адамдын кийлигишүүсү адатта ишенбөөчүлүк, түртүү сезимин, шок абалды же агрессияны чакырат. Күнөөлүү сезүү жана өзүн өзү күнөөлөө – булар дагы типтүү реакциялар, өзгөчө ата-энеси кыянаттык менен пайдаланууболгонуна шек санаганда же билгенде, бирок ага каршы аракеттерди көрбөгөн учурда пайда болот.

*Бала менен маектешүүнү кантип баштоо керек?*

Кичинекей балдарга оюн сунуштаса жана алар менен чогуу ойносо болот, жана дагы бир нече убакыт өткөндөн кийин үй-бүлө, достору жөнүндө ж.б. жалпы суроолорду берүүгө болот. Андан улуураак балдар менен нейтралдуу темаларда сүйлөшүү максаттуу: мектеп, хобби, бош убактысы. Балага болуп өткөн окуянын баарын сөз менен айтып берүүнүн оор, кыйынчылыктарды пайда кылат. Ал муну өзүнүн жүрүм-туруму, аракеттери менен жеңил көрсөтөт, билдирет. Баарын оюн түрүндө же сүрөт аркылуу билдирүү азыраак жаракаттуу болуп саналат. Эгерде ырайымсыз мамиле кылуу фактысы ырасталса жана бала байланышка барып жатса, анда зомбулуктун жабырлануучусу менен маектешүүдөгү негизги максат – балага колдоо көрсөтүү, аны угуу жана ичиндегинин баарын айтууга мүмкүнчүлүк берүү. Кысым көрсөтүү сезимин түзбөш үчүн суроолор менен сөзүн бөлгөнгө, болгон окуяны өз сөзү менен айтуусуна тоскоол болгонго болбойт.

Чоң адам балага толук ачылуу менен ал жардам алуу үчүн кайрылганы канчалык туура экендигин көрсөтөт. Жыйынтыкка жетишүү үчүн, өзгөчө эгерде зомбулук жасаган адам – жакын тууганы же мугалим болсо, баланын ачуулануу же ишенбөө менен коркутпоо үчүн тынчтыкты сактоо жүргүзүлүп жаткан маектешүүнүн милдеттүү шарты болуп эсептелет.

Бала менен маектешип жатканда кийинкилерди эстен чыгарбоо зарыл:

1) Баарынан мурун бул көйгөйгө, анын ичинде зомбулукка жана сексуалдык зомбулукка карата өзүңүздүн мамилеңизди баалап алганыңыз маанилүү. Сексуалдык жашоого байланыштуу өзүнүн жеке көйгөйлөрү бар чоң адам, бала менен маектешүү учурунда олуттуу кыйынчылыктарга

кабылышы мүмкүн, ал анын ишенчилигине кыйынчылык менен кирет жана жыйынтыгында ага жардам бере алуусу күмөн саноо жаратат.

2) Баланын сүйлөө тилине көңүл буруу зарыл. Көп учурда зомбулуктун жабырлануучусунун болгон окуяны сүрөттөөсү чоң адамдарды шок абалына калтырат, адептүүлүктүн чектеринен чыгат. Эгер адис коюлган максаттарга жетүүнү кааласа, ал баланын сүйлөө тилин кабыл алуусу керек жана аны менен сүйлөшүүдө бала колдонгон сөздөрдү жана аталыштарды колдонуусу зарыл. Бала менен маектешүүдө бир эле убакта бири-бирине карама-каршы келген нускамаларды берүүгө болбойт.

3) Бала жөнүндө, анын үй-бүлөсү, кызыккан нерселери, зомбулук кырдаалы жөнүндө маалыматтарды чогултуу зарыл. Бирок бала менен сүйлөшүү учурунда бала өзү билдирген гана маалыматтарды колдонуу керек, ага адвокат «деги эле баарын билет» деген сөздөр менен ага кысым жасабагыла.

4) Чоң адамдын ырастоолору, суроолор, вербалдуу жана вербалдуу эмес реакциялар ар кандай баалоочу мамилелерден алыс болушу зарыл.

5) Зомбулуктун жабырлануучусу менен маектешүүнү жүргүзүүгө ниеттенип жаткан кызмат адамы аны жүргүзүүгө канча убакыт талап кылынса, ошончо убакыт коротконго даяр болушу керек, кээде бул бир нече саат бою жүрүшү мүмкүн.

6) Эгерде аны менен маектешүү зомбулук болгон жерде өтө турган болсо, бала эрежеге ылайык зомбулук жөнүндө эч нерсе айтпайт. Маектешүү жүргүзүлгөн жер узакка иштөө үчүн ыңгайлуу, бала үчүн жагымдуу болуусу зарыл.

7) Чоң адамдын сөзү, анын үнүнүн тону токтоо, ак ниеттүү жана иштиктүү болушу керек. Ошондой эле балага көз аркылуу күчөтүлгөн жана тынымсыз байланышты таңуулоого болбойт – бул аны коркутушу мүмкүн. Мындан сырткары, бала менен чоң адамдын ортосундагы дистанцияны бала үчүн жагымдуу тарапка буруу маанилүү.

8) Колунан сылоо, чачтарынан сылоо, өзүнө тартып кучактоо сыяктуу дене бойлук байланышуу формаларынан жана жакындоолордон өтө кылдат болуу зарыл, албетте булар байланыштуу түзүүдө жана маектешүүдө, ошондой эле башка себептерге дагы жакшы натыйжа катары каралуусу мүмкүн. Ал эми сексуалдык зомбулук жасалган убакта бул баланы коркутуусу мүмкүн.

9) Бала айтып берип жаткан убакта анын сөзүн бөлгөнгө, айткандарын оңдоп-түздөгөнгө, жообу алдын ала белгилүү суроолорду бергенге болбойт.

10) Балага алдын ала сөз бергенге жана «баары жакшы болот» деп айтканга болбойт, себеби зомбулук окуяларын эстөө, балким соттук териштирүүлөр балага жагымдуу болбошу мүмкүн.

11) Өзүнчө бир окуяларда бала менен ким маектеше тургандыгын алдын ала аныктоо зарыл: аялбы же эркекпи, бул зомбулук жасаган адам ким болгонунан көз каранды. Эгерде адис кайсы бир нерселер аркылуу зомбулук жасаган адамды эске салса, бул маектешүүнү маанилүү деңгээлде татаалдатышы мүмкүн.

*Зомбулуктун жабырлануучусу болгон балдардын агрессивдүү жүрүм-туруму.* Агрессия адамдын жүрүм-турумунун маанилүү формасы болуп эсептелет жана мунун коргоочу мүнөзгө ээ экендиги нормалдуу, же болбосо жүрүм-турумдун башка формалары үчүн негиз болуп эсептелет, мисалы спорттогу, билим алуудагы атаандаштык же болбосо жөн гана башка балдардын арасынан бөлүнүү муктаждыгы. Балдарга агрессиянын ар түрдүү формалары мүнөздүү, бирок экстремалдык кырдаалдарда булар курчуп кетүүсү мүмкүн:

Эгерде зомбулуктан жабыр тарткан бала/өспүрүм маектешүүнү алып барып жаткан адамга карата агрессиясын көрсөтүп жатса, өзүн кандай кармоо керек:

1. Агрессия түшүнүктүү болгон жана түз коркунуч жок учурда «позитив стратегиясын» колдонуу зарыл:
a) пайда болуп жаткан агрессияга көңүл бурбоо;
b) түшүнүп жаткандыгын билдирүү («Сага эмне үчүн таарынычтуу, оор болуп жаткандыгын түшүнөм, бирок…»);
c) көңүлүн башка нерсеге бурдуруу менен, тапшырманы чогуу аткарууну сунуш кылуу (Сураныч, мага жардам берсеңиз…);
d) позитивдүү чечимди сунуш кылуу («сен чарчагандыктан жиниң келип жатат окшойт, эс алууну сунуштайм»).
Өз эмоцияларын көзөмөлдөө зарыл. Баланын агрессивдүү жүрүм-турумду көрсөтүүсү көпчүлүк учурда күчтүү терс сезимдерди чакырат: наараза болуу жана тутaлануу, ачуулануу, коркуу жана ал тургай алсыз сезүү. Бул эмоцияларын башкаруу аркылуу ага агрессивдүү маанайдагы адам менен өз ара аракеттенишүүнүн жолун көрсөтүү менен бала менен тең салмактуу мамилелерди сактоого болот. Өспүрүм менен болсо макулдашып алган жакшы, ага ал эмнени сезип жаткандыгын түшүнүп турганын билдирүү аркылуу, кичинекей балага караганда көбүрөөк демократиялуу болгон жакшы.
2. Кайтарым байланышты түзүү зарыл:
a) фактыны аныктоо («Сен өзүңдү … алып жүрүп жатасың»);
b) мотивин аныктоого аракет кылуу («Сен мени таарынткың келип жатабы?», «Сен өзүңдүн күчүңдү көрсөткүң келип жатабы?»);
c) кырдаалга карата өз мамилесин жашырбоо («Мага жакпайт, эгер…»).

*Зомбулуктун жабырлануучусу болгон баланын тутaлануусу.* Зомбулуктан жабыр тарткан балдардын жүрүм-турумдарындагы айрым көрүнүштөрдүн бири истерика болушу мүмкүн – бул тутaлануу, агрессия, үмүтсүздүк менен коштолгон күчтүү эмоционалдык реакция. Өз каалоолорун же эмоцияларын билдиргенге жөндөмсүздүк тутaлануунун негизги себептеринин бири болуп эсептелет. Тутaланып жаткан учурда балдар өздөрүн чабуусу, айланасына предметтерди ыргытуусу, өзүнө зыян келтирүүгө аракеттенүүсү мүмкүн. Эсиңерден чыгарбагыла, балдардын мындай реакциясынын маңызы – өз максатына жетүү үчүн чоң адамдарды манипуляциялоо.
Ошондой эле, өспүрүм куракта гы мезгил күчтүү гормоналдык өзгөрүүлөр менен коштоло тургандыгын дагы эстен чыгарбоо зарыл. Кечээки эле бала анын башына урап түшкөн жаңы сезимдер, ойлор жана абалын башкарууга алып жетпей жатат. Ал чачыранды абалда болот – жана бул чачыранды абал сыртынан чоң адамдарды коркуткан талаш-тартыш, кыйкыруу жана көз жаш аркылуу билдирилет.
Бала/өспүрүм тутaланып жаткан учурда эмне кылуу керек?
1) Баарынан мурун, тынчтыкты сактоо. Эки жолу терең деп алгыла жана ички абалда тынчтануу пайда болгондон кийин, бала/өспүрүм менен байланышууга барууга болот.
2) Көрүүчүлөрдү чыгарып жиберүү, тынч маанайды түзүү. Бала менен жалгыз калуу.
3) Эч качан окуяга кыйкыруу менен жооп бербөө. Ал тургай аябай курч карама-каршылык учурунда бала менен бир тондогу үн менен сүйлөшүү зарыл. Муну менен катар эле болушунча ишенимдүү, токтоо үн менен бул фразаларды айтуу: «Суу ич», «Жуун».
4) Эгер бала ыйлап жатса, ага ыйлап алганга мүмкүнчүлүк берүү. Бардык сүйлөшүүнү кийинкиге калтыргыла.
5) Жаздыкты коюп, ачуусун чыгарып алууну сунуш кылуу. Усул эски, бирок иштейт.
Дагы эски журналдын топтомун айтып чыкса болот.

6) Туталануудан кийин күчтү жоготуу келет. Баланы жаткырып, кайсы бир убакытка чейин аны менен болгула.
7) Конструктивдүү диалогго өткүлө – өспүрүм менен анын көйгөйү жөнүндө сүйлөшкүлө. Жана жаңы эле болуп өткөндөрдү эстетпөө керек.
Туталанууну ыйлоодон айырмалоо керек, ыйлоодо козголуу, дүрбөө жок. Бала ыйлап жаткан учурда баланын жанында болуу маанилүү. Эгер бала бир нерсени айтууга же түшүндүрүүгө аракет кылып жатса, анда активдүү угуу ыкмасын колдонууга болот (түртмөлөө, баш ийкөө тактап айтканда, силер аны угуп жатканыңарды көрсөтүү). Баланы тынчтандырууга аракет кылбагыла, ага ыйлап, айтып алууга, ичиндеги кайгыны, коркууну, таарынычты «чыгарып алууга» мүмкүнчүлүк бергиле.

### 3.2.5. Укукка каршы жосунду фиксациялоо

Зомбулуктун жабырлануучусун суракка алуу процессинде иштин жагдайлары жөнүндө билүү зарыл, мындайда кылмыш фактысы гана маанилүү эмес, ошондой эле ага түрткү болгон себептери дагы маанилүү. Жабырлануучунун гендердик зомбулуктун субьектиси менен мамилесинин (укуктук мамилесинин) мүнөзүн аныктоо жана жабырлануучунун өзүндө болуусу мүмкүн болгон (жазышуулар, аудио билдирүүлөр, сүрөттөр ж.б.), же болбосо кылмышкер жашыруусу мүмкүн болгон фактыларды (далилдерди) аныктоо. Мында далилдердин экиден көчүрмөсүн алуу зарыл.

Зомбулуктун системалуу мүнөзгө ээ экендиги жөнүндө көрсөткүчтөрдү тактоо (дене бойлук зомбулуктун мурунку эпизоддору жөнүндө, жабырлануучунун жеке өзүн, балдарга же ал тургай үй жаныбарларына чейин көзөмөлдөөнү) жана укук коргоо органдарына же медициналык мекемелерге мурда кайрылган болсо, алар жөнүндө дагы тактоо зарыл.
Маалыматты туура жана өз убагында чогултуу, кылмыштын жалпы жасалышына орчундуу таасирин тийгизет.
Суракка алуу фактысы боюнча жабырлануучу өз сөзү менен айтып берилип жазылган түшүнүк катты кагазга басып чыгаруу зарыл. Күбөлөрдүн бардык байланышуу жана даректик көрсөткүчтөрүн, жабырлануучунун туугандарын, ал эми эгер мындайлар бар болсо – гендердик зомбулуктун субьектисинин көрсөткүчтөрүн чогултуу зарыл.
Мындай жагдайга көңүл буруу керек, эгер жабырлануучу бир гана кылмышка кол салууга аракет болгондугу жөнүндө айтып жатса деле, аны сөзсүз түрдө жакынкы медициналык мекемеге жөнөтүү керек (жаракат таңуу бөлүмүнө, оорулуунун амбулатордук карточкасы бар жашаган дареги боюнча ооруканага же бейтапканага), эксперттер (медициналык кызматкерлер) өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын алкагында бир караганда байкалбаган дене бойлук жаракаттарды, ошондой эле жабырлануучунун психологиялык абалын белгилей алуулары мүмкүн. Жабырлануучуга медициналык мекемеден бардык келтирилген жаракаттарды жөн эле белгилеп койбостон, ошондой эле аларды ким келтиргендигин дагы көрсөтүүсүн, белгилөөсүн көптөн көп өтүнүү керектигин айтуу зарыл. Жабыр тарткан адамга ага канчалык уят жана ыңгайсыз болсо дагы, бардык келтирилген жаракаттарды көрсөтүүсү зарыл экендигин айтуу керек. Дарыгер бардык келтирилген жаракаттарды сүрөттөп жазып жатканда түшүнүктүү кылып, аларды так жана өлчөмүн көрсөтүү менен максималдуу деңгээлде түшүнүктүү жазуусуна көз салуу зарыл, дене боюна келтирилген жаракаттарды жазууда кандайдыр бир жалпы сөздөрдү, белгисиз түшүнүктөрдү жазбоосуна көз салуу зарыл.

Жабыр тарткан адамдын көңүлүн, зомбулук окуясын документтештирип жаткан ар бир дарыгердин жана/же эксперттин кийинки буйрукка ылайык милдетине көңүлүн бурдуруу зарыл, КРнын Саламаттыкты сактоо министрлигинин 2015-жылдын 7-декабрындагы №680 буйругу «Кыргыз Республикасында кыйноолордун жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн натыйжалуу документтештирүү боюнча практикалык окуу куралын бекитүү жөнүндө», ошондой эле КРнын Саламаттыкты сактоо министрлигинин 2014-жылдын 10-январында бекитилген №6 Буйругу менен бекитилген «Сексуалдык зомбулукка кабылган адамдарга медициналык жардам берүү жана уюштуруу» Клиникалык протоколго ылайык, бейтапты (жабырлануучуну) текшерүүнүн корутундусун жазууда белгиленип өткөн документтердеги талаптарды сактоо.

Жабыр тарткан адамга соттук медициналык эксперт корутундунун толук болуусун камсыз кылуу үчүн текшерүүдөн өтүп жаткан адамдан милдеттүү түрдө макулдугун алуунун негизинде аялдын жыныстык органдарын текшерүүнү жүргүзүшү зарыл, буюмдук далилдердин биологиялык түрдөгү белгисин алуусу жана лабораториялык изилдөөгө жиберүүсү зарылдыгын эскертип коюу керек. Мындай буюмдук далилдер жабырлануучуга кол салган учурда анын жанындагы бар бардык буюмдар болуусу мүмкүн (ич кийим, жеке гигиена каражаттары ж.б.), ошондой эле иликтөөнүн кылмыштуу жосундук издерин табууга жардам бере турган башка буюмдар (мисалы, шейшеп, жаздык тыш)

Толук кандуу далилдерди алуу үчүн буюмдук далилдердин биологиялык түрдөгү белгисин өз убагында алууну жана соттук-медициналык лабораторияга жөнөтүүнү камсыз кылуу зарыл. Окуядан кийин дароо соттук-медициналык экспертизадан жана медициналык текшерүүдөн өтүү, бул болсо андан наркы соттук-тергөө иш-чаралары үчүн негизги далилдерди алууга жардам берет. Окуя болуп өткөндөн кийинки 72 сааттын ичинде келтирилген жаракаттарды жана үлгүлөрдү мисалы, кан, чач, шилекей, сперма документтештирүү кылмыштуу жорукту туура квалификациялоого жана болуп өткөн окуянын кандай болгондугун аныктоого жардам берет. Алсак, жабырлануучуну гигиеналык аракеттерден (жуунуу, душка түшүү) карманып туруу зарыл экендигине эскертүү керек. Ошондой эле, кылмышты жасоодо колдонулган ич кийимдерди, кийим-кечектерди, предметтерди дагы сактоо зарыл – анда зомбулук жасаган адамдын биологиялык материалы калып калуусу мүмкүн (сперма, кан, чачтар, тер, ж.б.). Ошондой эле, жабырлануучуну жыныстык жол менен жугуучу ооруларга, инфекцияларга каршы дарыларды ичүү керек экендиги жөнүндө эскертип коюу керек (дарыгерден кеңеш алгандан кийин).

Текшерүү учурунда соттук медициналык эксперт денедеги канталаган жана жаракатка кабылган жерлерди сүрөткө тартууга милдеттүү, алар корутундуга/күбөлөндүрүү актысына тиркелет.

Гендердик жана сексуалдык зомбулуктун жыйынтыгындагы жабырлануучунун абалы жөнүндө бардык маалыматтар дарыгер тарабынан атайын формаларга белгиленет («Соттук-медициналык күбөлөндүрүү актысы» жана «эксперттин корутундусу»), булардын бирден көчүрмөсү сөзсүз түрдө укук коргоо органдарына берилет. Тергөөчү жабырлануучуну соттук медициналык экспертизанын корутундусу менен тааныштырууга милдеттүү.

Жогоруда белгиленип кеткен аракеттерден сырткары, адвокаттын жабырлануучунун тезирээк реабилитациялануусу үчүн ага психологдордун, кризистик борборлордун байланышуу түйүндөрүн жана алар тууралуу маалымат берүүсү туура болот.

Белгилей кетчү нерсе, эрежеге ылайык бул этапта жабырлануучу өтө стресстик кырдаалда болот, бул анын өзүнө карата жасалган кылмыштуу жосундун коркунучтарына жана зыяндарына обьективдүү баа берүүсүнө тоскоол болот. Мындан сырткары, аялдын өзүндөгү дагы жана анын айланасындагы дагы калыптанып калган социалдык эски көз караштар, көпчүлүк учурда жабыр

тарткан аялдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын ишке ашыруу механизмин абдан кыйындатат. Ошондой эле, аялдарга карата жасалган кылмыштуу жосундар дайыма анын жеке кадыр-баркын басынтуу менен байланыштуу экендигин эстен чыгарбоо керек, бул аялдардын окуяны жашырууну чындап эле каалоосуна алып келет. Ушуга байланыштуу, ага карата кылмыш жасаган адамдарды жоопкерчиликкке тартуу максатында, тиешелүү органдарга өз убагында кайрылуунун маанилүү экендигин максималдуу түрдө туура жана кесипкөйлүүлүк менен жеткирүү зарыл. Эгерде ушундай кылып уюштуруп укук коргоо органдарына кйрылуу этабында психологиялык жардам көрсөтүү, аялдын биринчи стрессти жеңүүсүнө, өз укуктарын коргоого багытталган, таразага салынган, рационалдуу чечим кабыл алуусуна дагы шарт түзөт.

### 3.2.6. Убактылуу коргоо ордери: берүү, узартуу тартиби

Убактылуу коргоо ордери – үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусуна мамлекеттик коргоо берген жана үй-бүлөлүк зомбулукту жасаган адамга таасирин тийгизүүчү аныкталган бир мыйзамдык чараларды колдонуу документи.

КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 26-беренесине ылайык, ички иштер органдарына үй-бүлөлүк зомбулук жасоо фактысы тууралуу кайрылган ар бир адамдын билдирүүсү убактылуу коргоо ордерин берүүгө негиз болуп саналат.

Үй-бүлөлүк зомбулук фактысы ички иштер органдарынын үй-бүлөлүк зомбулук тууралуу билдирүүдө камтылган маалыматтарды текшерүүсү аркылуу аныкталат. Убактылуу коргоо ордери үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусуна жана жашы он сегиз жашка толгон үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга берилет.

КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 27-беренеси, убактылуу коргоо ордери үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын жашаган дареги боюнча ички иштер органы тарабынан милдеттүү тартипте, үй-бүлөлүк зомбулук жасоо фактысы бекитилген учурндан баштап жыйырма төрт сааттын ичинде берилет.

Үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусунун арызы боюнча ички иштер органы убактылуу коргоо ордерин отуз күнгө узартат. Ички иштер органынын кызматкери үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга убактылуу коргоо ордеринин шарттарын жана аны аткабаган учурдагы зыяндары жөнүндө тааныштырып, колун койдурат.

Ички иштер органынын кызматкери үй бүлөлүк зомбулукту жасаган, убактылуу коргоо ордерин алган адамга зомбулуктуу жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча оңдоп-түзөө программасынан өтүү мүмкүндүгү жана шарттары жөнүндө тааныштырып, ага кол койдуруп алат.

Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган жана убактылуу коргоо ордерин алган адам, анда көрсөтүлгөн бардык шарттарды аткарууга милдеттүү. Анын убактылуу коргоо ордеринин шарттарын аткарбоосу кылмыш жоопкерчилигин караштырат жана анын таасирин токтотпойт.

Убактылуу коргоо ордерин берүү жана/же узартуу жөнүндө маалымат убактылуу коргоо ордеринин шарттарынын аткарылуусун көзөмөлдөөгө ыйгарым укуктуу ички иштер органынын кызматкерине жиберилет.

Убактылуу коргоо ордерин берүү жана/же узартуу жөнүндө маалымат үй-бүлөлүк зомбулуктан жабырлануучусунун макулдугу менен социалдык өнүктүрүүнүн аймактык органына жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органына, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын иштеген жерине жиберилет.

Убактылуу коргоо ордерин берүү, узартуу же бул аракеттерден баш тартуунун үстүнөн прокуратурага же сотко даттанылат.

Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан он төрт жашка толо элек адамдарга же сот аракетке жөндөмсүз деп тааныган адамдарга карата убактылуу коргоо ордери алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнө же болбосо балдарды жана аракетке жөндөмсүз адамдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнө же болбосо ички иштер органдарынын жашы жете электердин иши боюнча кызматкерине берилет (КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 28-бер.).

Он төрт жашка толо элек адамдын, ошондой эле сот аракетке жөндөмсүз деп тааныган адамдардын атынан убактылуу коргоо ордерин отуз күнгө узартуу жөнүндө арыз менен алардын мыйзамдуу өкүлдөрү же болбосо балдарды жана сот аракетке жөндөмсүз деп тааныган адамдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрү же ички иштер органдарынын жашы жете электердин иши боюнча кызматкери кайрыла алат.

Убактылуу коргоо ордерин берүү жөнүндө маалымат балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнө, социалдык өнүктүрүүнүн аймактык органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жөнөтүлөт.

Убактылуу коргоо ордери караштырат (КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо» Мыйзамынын 29-беренеси:

1) үй-бүлөлүк зомбулук жасоого тыюу салуу;

2) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар менен түздөн-түз жана кыйыр катташууларга тыюу салуу.

Убактылуу коргоо ордери үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусунун сотко кайрылуу укугу жөнүндө маалыматты, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын убактылуу коргоо ордеринин шарттарын аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилиги жөнүндө маалыматты камтыйт.

Убактылуу коргоо ордери узартылган учурда, КРнын Өкмөтү тарабынан бекитилген типтүү оңдоп-түзөө программасына ылайык, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын зомбулуктуу жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча оңдоп-түзөө программасынан милдеттүү түрдө өтүү шарты иштейт. Убактылуу коргоо ордеринин формасы КРнын Өкмөтү тарабынан бекитилген (азыркы - Министрлер Кабинети).

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.08.2019-жылдагы №390 Токтому менен Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн зомбулук жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча типтүү оңдоп-түзөө Программасы бекитилген[123] (мындан ары – Программа).

Оңдоп-түзөө Программасы, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн оңдоп-түзөө программасын жүргүзүүнүн бирдиктүү тартибин белгилейт. Анда үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдардын жүрүм-турумун оңдоп-түзөө үчүн чараларды колдонуу, ошондой эле өз жүрүм-турумун адекваттуу баалоо жана айлана-чөйрөдөгү адамдарга сый мамиле кылуу көндүмдөрүнө үйрөтүү, конструктивдүү жүрүм-турум көндүмдөрүн өнүктүрүү жана байытуу, социалдык мамилелерди жөнгө салуу, өзүн-өзү адекваттуу баалоону калыптандыруу каралган.

[123] Караңыз.: КР Өкмөтүнүн 01.08.2019-жылдагы №390 токтому «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоону ишке ашыруу тартиби жөнүндө» 3-Тиркеме.

Программанын максаттуу топторуна үй-бүлөлүк зомбулук жасаган, коргоо ордерин алган жана оңдоп-түзөө программасынан өтүү үчүн ички иштер органдары тарабынан жиберилген, ошондой эле өз ыктыяры менен кайрылган адамдар кирет.
Программага катышуу үчүн шарттар:
1) психикалык бузулуулары бар адамдар, алкоголго, баңги каражаттарына, психотроптук заттарга, кумар оюндарына берилген адамдар Программага негизги терапия курсунан өткөндөн кийин катыша алышат;
2) алкоголь жана баңги заттары менен мас абалда сабактарга келүүгө тыюу салынат;
3) адамдын психологиялык абалы, учурдагы жана мурдагы психикалык пландагы проблемалары Программадан пайда алууга тоскоол болбойт.

Программанын 2 түрлөрү аныкталган:
- милдеттүү (2 жеке жана 2 топтук жолугушууну камтыган мотивациялоочу);
- ыктыярдуу (эркектер үчүн 22 топтук жолугушууну жана аялдар үчүн 14 топтук жолугушууну камтыйт).
Эркектер үчүн программа 2 жеке жолугушууну жана 24 топтук жолугушууну камтыйт (алар жумасына бир жолу өтөт). Милдеттүү программанын узактыгы - 30 күн, ыктыярдуу программанын узактыгы - 6 ай. Аялдар үчүн программа 2 жеке жолугушууну жана 16 топтук жолугушууну камтыйт. Милдеттүү программанын узактыгы - 30 күн, ыктыярдуу программанын узактыгы - 4 ай. Ошондой эле көрсөтүлгөн Программалардын мазмуну бекитилген. Программанын инструкторлору/алып баруучулары тарабынан өткөрүлөт.
Сабактарды өткөрүү үчүн жайларды даярдоого жана анын шарттарына коюлуучу талаптар:
- топтордун саны жарандардын жиберген же берген арыздарынын санына жана Программаны ишке ашыруу үчүн түзүлгөн шарттарга жараша аныкталат;
- Программа мамлекеттик же расмий тилде жүргүзүлөт, катышуучу сабактарды өткөрүү тилин өз алдынча тандайт.
Программанын жетекчиси окутууну уюштурат жана оңдоп-түзөө программасынын өткөрүлүшүн контролдойт; катышуучуга Программадан өткөндүгү жөнүндө маалым катты берет; бекитилген форма боюнча катышуучулардын сабактарга келүүсүн эсепке алуу журналын жүргүзөт. Программадан өткөндүгү жөнүндө маалым каттын формасы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги менен бирге үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү субъекттерди координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилет.
КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 25-беренесине ылайык, ички иштер органдары убактылуу коргоо ордеринде камтылган шарттардын аткарылуусуна көзөмөл жүргүзүүгө милдеттүү.
КРнын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык, убактылуу коргоо ордеринин шартын аткарбагандыгы үчүн же оңдоп-түзөө программасынан өтпөгөндүгү үчүн күнөөлүү адам жоопкерчиликке тартылуусу мүмкүн.
Алсак, КРнын Укук Бузуулар жөнүндө кодексинин 71-беренесине ылайык, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын убактылуу коргоо ордеринин шарттарын аткарбоосу жосунда кылмыштын белгилери жок болсо, 40 саатка коомдук иштерге тартууга же болбосо үчтөн жети суткага чейин камакка алууну колдонууга алып келет.
КРнын Укук бузуулар кодексинин 72-беренеси үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын жоопкерчилигин караштырат, ага ылайык үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адам оңдоп түзөтүү

программасынан өтүүдөн баш тартуусу эскертүүгө, же болбосо 40 саатка коомдук иштерге тартууга алып келет.

### 3.2.7. Баш калкалоочу жай издөө жана берүү

КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 35-беренесинде үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучулары мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде, ошондой эле социалдык тейлөө мекемелеринде: консультациялык-алдын алуу борборлорунда (кризистик борборлордо), баш калкалоо жайларында, ошондой эле ушул Мыйзамга жана калкты социалдык тейлөө жөнүндө мыйзамдарга ылайык башка мекемелерде социалдык-психологиялык жардам алууга укуктуу деп бекитилген.
Үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларынын, ошондой эле ушул Мыйзамда аныкталган үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоону жана сактоону жүзөгө ашыруучу субъекттердин мындай жардам сурап кайрылуулары социалдык-психологиялык жардам берүү үчүн негиз болуп саналат.
Үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусу убактылуу коопсуз жашоо үчүн мамлекеттик же муниципалдык баш калкалоо жайын алууга укуктуу. Баш калкалоочу жайда болуу баш калкалоочу жайдын уставында же жобосунда аныкталган эрежелерге ылайык келишимдик шарттарда акысыз түрдө жүзөгө ашырылат.
Үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусу окуу, кесипке даярдоо жана кайра даярдоо, ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө жана социалдык реабилитациялоонун башка формалары жөнүндө маалымат алууга укуктуу.

Социалдык кызматтарды көрсөткөн адистештирилген мекемелерге кирет:
- консультациялык-алдын алуу борборлору (кризистик борборлор);
- үй-бүлөгө жана балдарга социалдык жактан жардам берүү борборлору;
- балдар жана өспүрүмдөр үчүн социалдык баш калкалоочу жайлар;
- зомбулуктун жабырлануучулары үчүн социалдык мейманканалар (убактылуу баш калкалоочу жайлар);
- улгайган адамдарды, майыптыгы бар адамдарды жана ден соолугуна байланыштуу мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды социалдык жактан тейлөө борборлору (күндүзгү болуу бөлүмү);
- балдар үчүн жана майыптыгы бар адамдардын башка категориялары үчүн социалдык-реабилитациялык борборлор;
- боорукердик ишканалары жана мекемелери (хоспистер).

Мына ошентип, үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулуктун жабырлануучусун коргоо чөйрөсүндөгү эл аралык стандарттарды жана Кыргыз Республикасын мыйзамдарына анализ жүргүзүүдөн көрүнүп тургандай мындай коргоону камсыз кылуунун улуттук механизмине мүнөздүү ачык позитивдүү кадамдар жасалып жатканына карабай, жабырлануучуларды тиешелүү деңгээлде коргоого жол бербеген болушунча көп мүчүлүштүктөр бар. Тактап айтканда, убактылуу коргоо ордери институту мындан дагы жакшылап жеткиликтүү иштеп чыгууга муктаж экени талашсыз, аны үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган адамдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын камсыз кылуунун вариативдүү мүмкүнчүлүктөрүн караштырган улуттук жана эл аралык-укуктук ченемдерди гармонизациялоо аркылуу ишке ашыруу керек.

### 3.2.8. Кыргызстандын мыйзамы боюнча убактылуу коргоо ордерин берүүнүн, узартуунун тартиби же аны берүүдөн баш тарткан учурда даттануу

Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамы ички иштер органдары тарабынан убактылуу коргоо ордерин берүүнү, узартууну же аны берүүдөн баш тартуу аракеттерин прокуратурага же сотко даттанууну караштырган (27-бер.8-б.), т.а., же прокуратурага же сотко кайрылуунун альтернативдүү тартиби көрсөтүлгөн. Үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусу дагы жана үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адам же алардын өкүлдөрү дагы даттана алышат.

Андан нары илгерилей турган болсок, КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамы ИИОнун убактылуу коргоо ордерин берүү жөнүндө суроо-талабына байланыштуу чечимдерин т.а., жогору турган органга же кызмат адамына даттануунун административдик тартибин караштырбайт. Бирок мындай окуяларда административдик актыларды даттануунун жалпы эрежелери колдонулат, бул жабырлануучулардын ИИОнун чечимдеринин үстүнөн даттануусуна жол берет.

Прокуратура органдарына даттануу КРнын 2020-жылдын 24-августундагы №143 «КРнын Прокуратурасы жөнүндө» Мыйзамынын 7-беренесине ылайык тапшырылат, ага ылайык алар өздөрүнүн ыйгарым укуктарына жараша мыйзамдарды жана башка ченемдик-укуктук актыларды бузуу жөнүндө маалыматтарды камтыган кайрылууларды чечишет. Прокурор тарабынан кабыл алынган чечимдер кызмат абалы боюнча андан жогорку прокурорго даттанылуусу мүмкүн жана адамдын өз укуктарын коргоо үчүн сотко кайрылуусуна тоскоолдуктарды пайда кылбайт. Прокуратура органдарына түшкөн кайрылуулар КРнын мыйзамдарында бекитилген тартипте жана мөөнөттө караштырылат. Кайрылууга жооп мотивацияланган болуусу керек. Эгерде кайрылууну канааттандыруудан баш тарткан жооп болсо, арыз жазган адамга кабыл алынган чечимдин үстүнөн даттануу тартиби, ошондой эле сотко кайрылуу укугу түшүндүрүлүшү керек. Кайрылууну чечиминин же аракетинин (аракетсиздигинин) үстүнөн даттанылып жаткан органга же кызматтагы адамга жөнөтүүгө тыюу салынат. Анонимдүү кайрылуулар прокуратура органдарында каралбайт.

Прокуратурага даттануу сотко дагы даттанууга тоскоолдук жаратпайт. Буга ылайык, ички иштер органдары тарабынан убактылуу коргоо ордерин берүү, узартуу же бул аракеттерден баш тартуу КРнын Административдик- процессуалдык кодексине (КРнын АПК) ылайык, административдик сот өндүрүшү тартибинде сотко даттанылышы мүмкүн.

Бирок, КРнын Административдик-процессуалдык кодекси ички иштер органдары тарабынан убактылуу коргоо ордерин берүү, узартуу же бул аракеттерден баш тартуу боюнча даттануунун конкреттүү процедураларын камтыбайт, ошондуктан мындай учурда анын ичинде кароо мөөнөттөрү боюнча дагы анын жалпы жоболору колдонулат.

Алсак, административдик иштер даярдоочу өндүрүштүн аяктагандыгы жөнүндө жана ишти соттук териштирүүгө даярдоо жөнүндө аныктама кабыл алынган күндөн баштап каралат жана он күнгө чейинки мөөнөттө чечилет (КРнын КПКнын 129-бер.1-бөл.). Административдик органдын (ИИО) аракеттерине карата даттануу арыздануучу анын жасалгандыгы жөнүндө билген күндөн баштап, үч айдын ичинде сотко өткөрүлүшү мүмкүн, ал эми аракетсиздик - арызданууучунун тиешелүү админстративдик органга карата арызы менен кайрылган күндөн баштап отуз күн өткөндөн кийин үч айдын ичинде сотко өткөрүлөт (КРнын АПК 110-бер.3-б.).

Ошондой эле, КРнын Административдик-процессуалдык кодекси доону камсыз кылуу чарасы катары талашылып жаткан административдик актынын колдонулушун токтото туруу жөнүндө жобону камтыйт (КРнын АПК 116-бер., 2-бөл.,3-пункту). Мисалы, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган жана убактылуу коргоо ордерин алган адам ушундай талап менен кайрыла алат. Бирок, эгерде камсыз кылуу чараларын кабыл албоо соттун чечимин аткарууну кыйындатса же аткарылышын мүмкүн эмес кылса же, эгерде административдик актынын, административдик органдын аракетинин укукка жат экендигинин белгилери айкын болсо, анда доо камсыз кылынышы мүмкүн (КРнын АПКнын 116-бер.1-б.).

Демек жогоруда белгиленгендерди эске алганда, даттанууларды кароонун соттук тартиби абдан узун жол болуп саналат жана иштин мындай категориясынын өзгөчөлүгүн эске албастан каралат. Ошондуктан, коргоо ордерин берүүдөн баш тартуунун үстүнөн даттануунун көбүрөөк ыкчам жана таасирлүү жолу административдик тартипте же прокуратурага даттанылат, административдик-процессуалдык мыйзамга тиешелүү жоболор киргизилмейинче ушундай.

### 3.2.9. Үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусунун өз укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн сотко кайрылуу укугу

КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамдын 30-беренесине ылайык, үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусунун укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого анын өкүлү, ошондой эле прокурор укуктуу жана эгерде үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусу жашы жете элек же сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган адам болуп саналса, анда балдарды жана сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрү коргоого укуктуу.

КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 29 (2-бөл.), 30 (2-бөл.), 31-32-беренелеринин маанисинен көрүнүп тургандай мындай укук убактылуу коргоо ордерин берген учурдан тартып башталат.

Убактылуу коргоо ордерин берүү, узартуу же бул аракеттерден баш тартуунун үстүнөн даттануу укугун жөнгө салуудан айырмаланып, сотко кайрылуу укугу жарандык, үй-бүлөлүк жана жарандык-процессуалдык мыйзам тарабынан жөнгө салынат. Соттун жогоруда белгиленилген чечимдери өзүнүн табиятында Стамбул конвенциясынын мааниси боюнча узак мөөнөттүү коргоо жөнүндө буйруктар болуп эсептелет.

КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 32-беренесине ылайык, жогорудагы аты аталган жарандар, кызмат адамдары үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга карата бир же бир нече талаптар менен сотко кайрылууга укуктуу:

1) бирге жашаган жерден убактылуу чыгарып салуу;

2) жашы жете элек балдар менен катташуу бөлүгүндө ата-энелик укуктарды чектөө;

3) үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды жарандык мыйзамдарга ылайык аракетке жөндөмдүүлүгү чектелүү деп таануу;

4) жарандык жана үй-бүлөлүк мыйзамдарда каралган башка талаптар.

Биринчи эки пункттагы талаптар боюнча даттануу арызы убактылуу коргоо ордерин берген учурдан баштап алты айдын ичинде берилүүсү мүмкүн же үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча аны жасаган адамга карата сот актысы мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин өткөрүлөт. Ага убактылуу коргоо ордеринин көчүрмөсү же сот актысынын көчүрмөсү, же болбосо үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча аны жасаган адамга карата аксакалдар сотунун чечими тиркелүүсү

керек. Ошондой эле, бул аталган талаптар боюнча укуктарды чектөө сот тарабынан бир айдан алты айга чейинки мөөнөткө белгиленет. Башка талаптар боюнча арыз жарандык жана үй-бүлөлүк мыйзамда караштырылган тартипте жана мөөнөттө берилиши мүмкүн.

Ошондой эле КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамына ылайык, аталган арыздарды кароонун ылдамдатылган тартиби караштырылган. Алсак, үй-бүлөлүк зомбулукка байланыштуу даттануулар арыз сотко келип түшкөн күндөн баштап он күндүн ичинде сот тарабынан каралат, анда жарандык-процессуалдык мыйзамда караштырылгандай даттануу арызын сот өндүрүшүнө кабыл алуу үчүн жана ишти соттук териштирүүгө даярдоо үчүн кеткен убакыт эске алынбайт. Бирок, мындай жобо учурдагы 2017-ж. ред. КРнын ЖПК жок, ошондуктан Мыйзам тарабынан бекитилген тездетүүчү мөөнөт жок, ЖПК өзгөртүүлөр киргизилмейин сакталбашы дагы мүмкүн.

КРнын ЖПКнын 2017-ж. редакцясынын 136-беренесине ылайык, даттануу арызы сотко келип түшкөндөн беш күндөн кийин сот аны кабыл алуу жөнүндө чечим кабыл алат.

КРнын ЖПКнын 2017-ж. редакцясында үй-бүлөлүк зомбулук боюнча иштерди соттук териштирүүгө даярдоонун жана иштерди соттук териштирүүнү дайындоонун конкреттүү мөөнөтү караштырылган эмес жана иштерди даярдоо ишти кароонун жалпы мөөнөтүнүн чектеринде ишке ашырылат.

КРнын ЖПКнын 2017-ж. редакцясынын 154-беренесине ылайык, жаңы институт киргизилген – алдын ала соттук жыйын, бул сот тарабынан иштерди соттук териштирүүгө даярдап жаткан учурда өткөрүлөт. Мындай жыйын соттук териштирүүнүн эрежелери боюнча, КРнын ЖПКнин 15-бөлүмүндө белгиленген алымча кошумчалардын негизинде жүргүзүлөт. Алдын ала соттук жыйынды өткөрүүнүн күнү, убактысы жана өткөрүү орду ишти сотко даярдоо жөнүндө аныктамада көрсөтүлөт.

Тараптарга алдын ала соттук жыйындын күнү, убактысы жана орду жөнүндө буюртма кат кабарламасы аркылуу билдирилет (КРнын ЖПКнин 12-бөлүмү). Процесстин катышуучуларына кабарлоо мындай аракеттерди ишке ашыруу үчүн бекитилген мобилдик телефондон жөнөтүлгөн СМС-кабарлоо аркылуу дагы ишке ашырылат. Мындай учурда СМС-кабарлоого алардын макулдугу жана жиберүү жана барып түшүү фактысын фиксациялоого алардын макулдугу зарыл. Мындай жол менен кабарлоого макулдук жарандын жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде анын мобилдик телефонун белгилөө аркылуу жөнгө салынат.[124]

Алдын ала соттук жыйын бир жолу өткөрүлөт, бирок 10 күндөн ашпаган мөөнөткө тыныгуу жарыялоого жол берилет (КРнын ЖПКнын 171-беренесинин 6-бөлүгү). Тыныгуулардын саны мыйзам тарабынан чектелген эмес, бирок соттор кыскартылышы (кесилген) мүмкүн болгон иштерди кароо жана чечүү үчүн бекитилген убакыт мөөнөтүнүн чегинен чыкпашы керек.

Иш соттук териштирүүгө даяр болгондо жана алдын ала соттук жыйындан кийин, сот түздөн түз тараптардын макулдугу менен соттук териштирүү өткөрөт, бул жөнүндө ишти соттук териштирүүгө даярдоо жөнүндө аныктама чыгарылат.

Мына ошентип, ишти соттук териштирүүгө даядагандан кийин сот бул иштерди 10 күндүн ичинде карап чыгуусу керек. Жалпысынан алганда, аларды кароо мөөнөтү 25 күнгө чейин барат (5 күн – арызды сот өндүрүшүнө кабыл алуу, 10 күн ишти соттук териштирүүгө даярдоо жана 10 күн - кароого жумшалат).

[124] Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун токтому, 30-март, 2018-жыл, № 8 «Жарандык иштерди сотко даярдоо жөнүндө». // Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү http://sot.kg/post/o-podgotovke-grazhdanskih-del-k-sudebnomu-razbiratelstvu Кайрылуу датасы 30.04.2022-ж.

КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 32-беренесинин 1-2-пункттарында караштырылган талаптар боюнча чыгарылган соттун чечими ал угузулгандан кийин дароо мыйзамдуу күчүнө кирет. Соттун чечиминин үстүнөн даттануунун тартиби жарандык жана процессуалдык мыйзамга ылайык бекитилет. Соттун чечими аткаруу өндүрүшү жөнүндө мыйзамда бекитилген тартипте аткарууга жатат.

КРнын ЖПКнын 2017-жылдагы ред. 214-беренесине ылайык, ишке катышкан адамдарга соттун чечиминин көчүрмөсү ал угузулгандан кийин дароо тапшырылат. Ишке катышкан, бирок соттук жыйынга келбеген адамдарга соттун чечиминин көчүрмөсү чечим чыккан күндөн баштап беш күндөн кечиктирилбестен буюртма кат аркылуу колуна берилгендиги жөнүндө кабарлама менен чогуу жөнөтүлөт.

КРнын ЖПКнын 2017-жылдагы ред. ылайык, ишке катышкан адамдар булар болуп эсептелишет: даттануучу, соттолуучу, үчүнчү тараптар, прокурор жана мыйзамга ылайык сотко башка адамдардын бузулган укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзам тарабынан корголгон кызыкчылыктарын коргоо үчүн кайрылган адамдар (тактап айтканда, жогоруда белгиленгендей КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 30-беренесине ылайык, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамилекеттик органдын аймактык бөлүнүштөрү).

Соттун жогоруда белгиленген чечимдери өзүнүн мазмунуна жараша Стамбул конвенциясынын мааниси боюнча узак мөөнөттүү коргоо жөнүндө буйруктар болуп саналат.

Жогоруда айтылгандардан белгилүү болгондой, КРнын ЖПКнын 2017-жылдагы ред. ылайык, ички иштер органдарына (ИИО) КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 32-беренесинде белгиленген талаптар боюнча чыгарылган мындай чечимдер жөнүндө маалымдалбайт, бул олуттуу тынчсызданууну пайда кылат. Өйдөдө белгилүү болгондой, коргоо жөнүндө буйрукту аткаруу кийинки аракеттерди талап кылат: патруль менен кайтаруу, жабырлануучу менен убак-убактысы менен байланышып туруу, коркунучтарды баалоону дайыма жаңыртып жүргүзүп туруу, электрондук мониторинг жүргүзүп туруу дагы мүмкүн. Ошондуктан, КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамы боюнча үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашырган бардык субьектилер үчүн мындай соттук чечим кабыл алынгандыгы жөнүндө маалымат жеткиликтүү болушу актуалдуу.

Жогоруда белгиленип өткөндөй соттун жогоруда аталган чечимдеринин аткарылуусуна көзөмөл жүргүзүү сот аткаруучуларга жүктөлгөн (КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 33-бер. 2-бөл.). Убактылуу коргоо ордеринин шарттарын аткарууга көзөмөл жүргүзүү ИИОго жүктөлгөндүгү өзүнөн өзү белгилүү.

Мына ушуга байланыштуу кийинкидей практикалык суроолор пайда болот.

*Биринчиси* – мындай талаптар боюнча соттун чечими, мисалы, адамды чогуу жашаган турак жайдан 6 айга чейин убактылуу чыгарып салуу жөнүндө, эгерде тараптар элдешип алышса, сот тарабынан белгиленген 6 айлык мөөнөт токтотулушу мүмкүнбү? КРнын ЖПК дагы, КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын дагы мындай процедураларды камтыбайт, албетте бир гана белгиленген убакыттын мөөнөтү аяктагандан кийин соттук актынын таасири дагы токтотулушу мүмкүн.

Экинчиси - мындай соттук чечимдин таасири токтотулушу мүмкүнбү, эгерде үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусу мындай аракеттерди үзгүлтүксүз түрдө жасагандыгы далилденсе, анын жыйынтыгында үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адам соттун чечимин мисалы, убактылуу үйдөн чыгарып салуу жөнүндө, т.а., иш жүзүндө чогуу жашоону уланта берсе.

Жогоруда баяндалган эл аралык стандарттарга жана башка өлкөлөрдүн эң мыкты тажрыйбаларына ылайык, биринчиден, жабырлануучулар алардын кайрылууларынын негизинде чыгарылган коргоо жөнүндө буйрукту бузгандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылбоосу керек жана коргоо жөнүндө буйрук жабырлануучунун аракеттерине байланыштуу токтотулбоосу зарыл. Экинчиден, зомбулуктун жабырлануучусун үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдан коргоо жөнүндө буйрукта айыптын баарын жабырлануучуга оодарган мыйзамдуу ченемдер болбоосу зарыл, бул жабырлануучуну мыйзамдуу түрдө айыптоого кирип калат.

### 3.2.10. Балдарды камкордукка алуу жана Кыргызстандын мыйзамдары боюнча убактылуу коргоо ордерин берүү менен байланыштуу суроолор

2012-жылдын 10-июлундагы № 100 КРнын «Балдар жөнүндө» кодексинин 67-беренесине ылайык, ата-энесинин камкордугусуз калган балдарга аларды багуу, тарбиялоо жана билим берүү, ошондой эле алардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо максатында алардын үстүнөн камкордукка же көзөмөлгө алуу жүргүзүлөт.

Камкордукка алуу 14 жашка толо элек балдардын үстүнөн белгиленет. Көзөмөлгө алуу 14жаштан 18 жашка чейинки балдардын үстүнөн белгиленет. Балдардын камкорчулары (көзөмөлчүлөрү) катары бир гана жашы жеткен, аракетке жөндөмдүү адамдар дайындалышы мүмкүн. Баланын жана камкорчунун ортосундагы жаш курактын айырмасы 16 жаштан төмөн болбоосу зарыл.

Балага камкорчуну (көзөмөлчүнү) дайындоодо камкорчунун (көзөмөлчүнүн) руханий жана башка жеке сапаттары, анын камкорчунун (көзөмөлчүнүн) милдеттерин аткаруу жөндөмдүүлүгү, камкорчунун (көзөмөлчүнүн) жана баланын ортосундагы мамилелер, камкорчунун (көзөмөлчүнүн) үй-бүлөсүнүн балага карата мамилеси, ошондой эле бул мүмкүн болсо баланын өзүнүн каалоосу эске алынат.

Камкорчу (көзөмөлчү) болуп дайындалбайт «лудоманиядан» же азгыруучу оюндардан жабыр тарткан адамдар, камкорчулардын (көзөмөлчүлөрдүн) милдеттерин аткаруудан четтетилген адамдар, ата-энелик укуктары четтетилген адамдар, ата-энелик укуктарынан ажыратылгандар, мурунку багып алуучулар, эгер багып алуу алардын күнөөсү боюнча артка кайтарылса, ошондой эле КРНын Өкмөтү (азыркы-Министрлер Кабинети) бекиткен оорулардын тизмесине ылайык ден соолугунун абалы боюнча баланы тарбиялоо милдеттерин аткара албаган адамдар.

Камкорчулар (көзөмөлчүлөр) катары багып алуучу үй-бүлө тандалып алынуусу мүмкүн, ал бекитилген тартипте бала жашы жеткен куракка жеткиче камкорчулук же көзөмөлчүлүк милдетин ишке ашырат.

КРнын «Балдар жөнүндө» кодексинин 75-беренесине ылайык, эгерде баланын кызыкчылыгы үчүн ыкчам түрдө камкорчуну же көзөмөлчүнү дайындоо зарыл болсо, анда 2003-жылдын 30-августундагы №201 КРнын Үй-бүлөлүк кодексинин 82-беренесинин негизинде балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүнүшү анын туруктуу жашоо шарттарын аныктаганга чейин 6 айлык мөөнөткө камкорчуну же көзөмөлчүнү убактылуу дайындоо жөнүндө жана баланы ата-энесинин көзөмөлүсүз калган балдар жана жетим балдар үчүн уюмдарга жайгаштыруунун максатсыздыгы жөнүндө акты кабыл алганга укуктуу, бул тууралуу дароо бир күндүк мөөнөттүн ичинде сотко жана прокуратурага билдирет, кийинки учурларда дагы:

- баладан төрөт үйүндө баш тартуу,
- ата-энелерди ата-энелик укутарынан ажыратуу,
- баланы багып алуучу үй-бүлөгө өткөрүп берүү,
- баланы ата-энесинен же аларды алмаштырган адамдардан алып коюу.

Алдын ала камкорчу болуу же көзөмөлчү болуу жөнүндө актыны кабыл алуу белгиленген жарандын өздүгүн тастыктаган документин берүүсүнүн, ошондой эле балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын анын жашоо шарттарын текшерип чыккандан кийин гана ишке аашырылат.
Алдын ала камкорчуну же көзөмөлчүнү өз мөөнөтүндө бекитүү максатында балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу орган, камкорчу же көзөмөлчү болуу ниетин билдирген жарандарга алдын ала камкорчуну же көзөмөлчүнү бекитүү жөнүндө сунуштары менен кайрылат.
Убактылуу дайындалган камкорчулар жана көзөмөлчүлөр камкорчунун же көзөмөлчүнүн бардык укуктарына жана милдеттерине ээ, бир гана көзөмөлүндөгү/камкордугундагы баланын мүлкүн анын атынан башкаруу/бөлүштүрүү укугу берилбейт (көзөмөлүндөгү/камкордугундагы баланын атынан анын мүлкүн башкаруу боюнча келишимдерди жүргүзүүгө макулдук берүүгө).
Эгерде камкорчуну же көзөмөлчүнү убактылуу дайындоо жөнүндө акты кабыл алынган күндөн баштап 6 айлык мөөнөтү аяктаганга чейин, убактылуу дайындалган камкорчу же көзөмөлчү жалпы тартипте камкорчу же көзөмөлчү болуп дайындалбаса, анда алдын ала камкорчулук же көзөмөлчүлүк токтотулат. Өзгөчө жагдайлар бар болсо, аталган мөөнөт 2 айга чейин узартылышы мүмкүн. Эгерде сот белгиленген мөөнөттө жаранды камкорчу же көзөмөлчү кылып жалпы тартипте дайындай элек болсо, анда алдын ала камкорчулукка же көзөмөлчүлүккө ылайык, камкорчунун же көзөмөлчүнүн укуктары менен милдеттери камкорчуну же көзөмөлчүнү убактылуу дайындоо жөнүндө кабыл алынган актыга ылайык пайда болду деп эсептелет.

## 3-бөлүмгө карата окуу тапшырмалары

***3.1.-тапшырма.***
Мектептин мугалими 4-класстын окуучусунун колунан көк ала тактарды байкады. Бул көк ала тактар кайдан пайда болду деген суроого кыз аны өгөй атасы начар баа алганы үчүн уруп сабады деп жооп берди.
Ирээти менен айтып бергиле, мугалим кандай аракеттерди көрүүсү керек.

***3.2.-тапшырма.***
ИИОнун нөөмөт бөлүмүнө күйөөсү уруп сабап ага коркунуч келтирип жаткандыгын айтып аял кайрылды.
Нөөмөттөгү кызматкер кандай аракеттерди жасашы керек экендигин ирээти айтып бергиле.

***3.3.-тапшырма.***
Мамлекет кепилдеген акысыз юридикалык жардам көрсөтүү адвокаты урушуп-талашуунун жүрүшүндө аялы тарабынан күйөөсүнүн ден-соолугуна зыян келтирилгендиги жөнүндө иш боюнча суракка катышууга чакырылды. Аял басмырлоочу мамилеге кабылганын, чыдабай күйөөсү тарапка чайнекти ыргытып жибергендигин түшүндүрдү.
Бул окуяда адвокат кандай аракеттерди көрүшү керек?

***3.4.-тапшырма.***
Төмөндө КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамында (30-берене) келтирилген ченемди анализдеп көрүп жана тапшырмага карата суроолорго жооп бергиле:

***30-берене. Үй-бүлөлүк зомбулукка байланышкан иштер боюнча сотко кайрылуу***

1. Үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусунун укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн сотко кайрылуу укугуна төмөнкүлөр ээ болот:

1) үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусу же болбосо анын өкүлү;

2) прокурор;

3) эгерде үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусу жашы жете элек же сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган адам болуп саналса, балдарды жана сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрү.

2. Ушул Мыйзамдын 32-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1 жана 2-пункттарында каралган талаптар боюнча, доо арызына убактылуу коргоо ордеринин көчүрмөсү же соттук актынын көчүрмөсү же болбосо үй-бүлөлүк зомбулук жасалгандыгынын фактысы боюнча аны жасаган адамга карата аксакалдар сотунун чечими тиркелет.

***3.4.-тапшырмага карата суроолор:***

- Бул укук пайда болгон учурда, аны кайсы убакта колдонсо болот?
- Сотко кайсы укуктар менен кайрылууга болот?
- КРда бул укукту ишке ашыруу үчүн сотко кайрылуунун процедурасы кандай? Аракеттерди ырааттуу, этап-этабы менен айтып бергиле.
- Эл аралык стандарттардын негизинде жогоруда аты аталган берене боюнча сотко кайрылуу укугун ишке ашыруу процедурасынын оң жана терс жактарын аныктагыла.

**3-бөлүмгө карата көзөмөлдөөчү суроолор**

1. Эл аралык мыйзамдар үй-бүлөлүк зомбулукка таасир этүүнүн кандай чараларын караштырат?
2. Кайсы чет өлкө аялдарды үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоонун эң мыкты тажрыбасына ээ?
3. Үй-бүлөлүк зомбулук иштери боюнча тобокелчиликтерди (коркунучтарды) баалоо протоколу деген эмне?
4. Кайсы мамлекеттик органдар үй-бүлөлүк зомбулуктан жабырлануучулары менен биринчи байланышышат?
5. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан аял менен натыйжалуу байланышууну камсыз кылуу боюнча негизги сунуштамалар кайсылар?
6. Зомбулуктуу аракеттерден жабыр тарткан бала менен натыйжалуу байланышууну камсыз кылуу боюнча негизги сунуштамалар кайсылар?
7. Мамлекеттик бийликтин кайсы органдары үй-бүлөлүк зомбулук окуяларын аныктайт?
8. Убактылуу коргоо ордери деген эмне?
9. Убактылуу коргоо ордери канча мөөнөткө берилет?
10. Эл аралык стандарттарга ылайык ыкчам тыюу салуу жөнүндө буйруктар жана узак мөөнөттүү коргоо жөнүндө буйруктар деп эмнени түшүнөбүз? КРнын мыйзамдарында үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо боюнча мындай буйруктар барбы? Эгер бар болсо, өзүңөрдүн жообуңарды КРнын укуктук ченемдерине шилтеме келтирүү менен негиздегиле.
11. Силер КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын ченемдеринин маанисин кандайча түшүнөсүңөр (27-бер. 8-бөл) – «Убактылуу коргоо ордерин берүү, узартуу же бул аракеттерден баш тартуу прокурорго же сотко даттанылабы»?
12. Балдарга убактылуу камкорчулук кылуу кайсы учурларда белгиленет?
13.

## 4. КЫЛМЫШ-ЖАЗА СОТ АДИЛЕТТИГИНИН ЧАРАЛАРЫ[125]

Бардык эл аралык документтер аялдарга карата зомбулукту жана үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулукту адам укуктарын олуттуу бузуу катары кабыл алат[126] жана мамлекеттен алардын бардык формаларын криминализациялоону талап кылат.[127]

Адам укуктары боюнча эл аралык уюмдар, БУУнун макулдашуучу органдарын жана атайын мандаттардын алып жүрүүчүлөрүн кошкондо өз чечимдеринде, сунуштамаларында жана саясий талкууларында *тиешелүү деңгээлде этият болуу принцибин* таанышат.[128]

АББЖК боюнча комитет өзүнүн №19 Жалпы сунуштамасында укуктардын бузулуусуна бөгөт коюу же зомбулук актыларын иликтөө, айыпкерлерди жазалоо жана компенсацияларды төлөп берүү үчүн *тиешелүү деңгээлде этият болуу принцибине шилтеме* келтирген, ага ылайык аялдарды зомбулуктан коргоо үчүн мамлекет тиешелүү деңгээлде этият болууну көрсөтпөгөн учурда, мамлекетке жеке адамдардын аракеттери үчүн жоопкерчиликтерди караштырган.[129]

Бул Окуу куралынын мурунку бөлүмдөрүндө белгиленгендей, КР Европа Кеңешинин мүчөсү эмес экенине карабай, ошондой эле «Стамбул конвенциясына» жана Ага түшүндүрмө баяндамага,[130] ошондой эле Адам укуктары боюнча Европалык соттун тажрыйбасына кайрылууну маанилүү деп эсептейбиз, себеби алар үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулукка жол бербөө жана бөгөт коюу жөнүндө суроолор боюнча пайдалуу жана толук кандуу маалымдама документтери катары кызмат кылуулары мүмкүн. Белгилей кетүүчү маанилүү нерсе, Стамбул конвенциясына Европа Кеңешине мүчө эмес башка мамлекеттер дагы кошула алышат, ошондуктан КР бул документти ратификациялоо мүмкүнчүлүгүн караштырып көрүүсү керек.

КР ЕККУнун[131] мүчөсү болуп эсептелет, анын алкагында алар сыяктуу эле аялдарга карата зомбулукка бөгөт коюунун маанилүүлүгүн белгилешти. Тактап айтканда, ЕККУнун Министрлер Кеңешинин аялдарга карата зомбулукка жол бербөө жана бөгөт коюу жөнүндө чечими (2005), катышуучу мамилекеттерди башка милдеттер менен катар эле «гендердик принципке тиешелүү жасалган зомбулуктарды укуктук коргоонун адекваттуу чараларын караштырган жана кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылуучу мыйзамдуу чараларды колдонууга жана кабыл алууга чакырат,

---

125 Бул Окуу куралынын 4-бөлүмүнүн эл аралык стандарттар жөнүндө бөлүмчөлөрүн жазууда «Арменияда аялдарга карата зомбулуктун жана тиричиликтик зомбулуктун алдын алуу жана күрөшүү» окуу курсунун материалдары колдонулду, Лори Манн жана Лусине Саргсян тарабынан даярдалган. Ереван, 2018-ж.( англис тилинен орус тилине расмий эмес котормо) // Mann L., Sargsyan L. Preventing and combating violence against women and domestic violence in Armenia: training course. Erevan, 2018. Оригинал на английском языке доступен по адресу: [https://rm.coe.int/eur-justice-eng/168093c14a](https://rm.coe.int/eur-justice-eng/168093c14a) Кайрылуу датасы 12.04.2022-ж.

126 АББЖК, «№ 35 Жалпы сунуштама» (2017-ж.), 29-п.

127 АББЖК, «№ 35 Жалпы сунуштама» (2017-ж.), 14-29-пп.

128 Ошондой эле карагыла: АББЖК, №19 Жалпы сунуштама: Аялдарга карата зомбулук, 1992-жылы Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу боюнча комитеттин 11 сессиясында кабыл алынган, 9-пункт; БУУнун Башкы катчысы, Аялдарга карата зомбулуктун бардык формалары боюнча тереңдетилген изилдөө, 73, 89, G.A. Res. 48/104, 4-берене(с), (d) БУУнун документи. A/RES/48/104 (20-декабрь, 1993-ж.) жана БУУнун документи. A/61/122/ Add.1 (6-июль, 2006-ж); 4-берене. Аялдарга карата зомбулукту жоюу декларациясы (АЗЖД), 1994-жыл.

129 АББЖК, «№19 Жалпы сунуштама» (1992-ж.), 9-п.

130 Стамбул конвенциясына карата түшүндүрмө баяндама (мындан ары – Түшүндүрмө баяндама), 279-пункт. // Орус тилиндеги версиясы кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: [https://rm.coe.int/explanatory-ic-rus-web/16808e9a2a](https://rm.coe.int/explanatory-ic-rus-web/16808e9a2a) Кайрылуу датасы 19.04.2022-ж.

131 КР ЕККУга 1992-жылдын 30-январында кошулган. 1992-жылдын 8-июнунда КР Хельсинск Корутундулоочу Актына кол койгон, бул 1975-жылдын 1-августунда кабыл алынган (ЕККУнун чакырылышынын датасы), ал эми 1994-жылдын 3-июнунда - Париждик Европалык Коопсуздуктун Хартиясын.

ошондой эле зомбулуктан жабыр тарткан бардык аялдарга укуктук коргоонун натыйжалуу чаралары жана сот адилеттиги толук кандуу, бирдей жана өз убагында жеткиликтүү болуусуна кепилдик берүүгө» чакырат.[132]

Адам укуктары боюнча Европалык сот *«Осман Бириккен Королдукка каршы»* иши боюнча символикалуу чечиминде кимдин өмүрү башка адамдын кылмыштуу аракеттеринен коркунучка кабылса, бийликтин аны коргоого милдеттүүлүгүн тааныды *(1998).* Бул милдеттүүлүк үй-бүлөлүк зомбулукка тиешелүү бир катар кийинки соттук чечимдерде бекемделген.[133]

Адам укуктары боюнча Европалык соттун *тиешелүү деңгээлде этият болуу стандарты* боюнча соттук тажрыйбасы «эгерде мамлекет тиешелүү деңгээлде этият болууну көрсөтпөгөн учурдагы» мамлекеттин жоопкерчилигин караштырат, кайсы учурлардагы:

1) алдын алууда/коргоодо,
2) иликтөөдө,
3) соттук териштирүүдө,
4) үчүнчү тарап тарабынан жасалган укук бузуулардагы жазалоолордо, жана
5) жабырлануучуларды кайра калыбына келтирүүдө.

Үй-бүлөлүк зомбулук окуяларына карата тиешелүү деңгээлде этият болуу стандартын колдонуу Стамбул конвенциясынын 5(2)-беренесинде кодификацияланган:

*«Тараптар* мамлекеттик эмес субьектилер тарабынан жасалган ушул *Конвенциянын чөйрөсү тарабынан камтылган зомбулук актыларн токтотуу, иликтөө, жазалоо жана калыбына келтирүүнү тиешелүү деңгээлде этият болууну көрсөтүү үчүн зарыл мыйзамдык жана башка чараларды кабыл алат.*

**1) *Алдын алуу/коргоо:***

Мамлекеттин тиешелүү деңгээлде этият болуу стандартын сактоодогу биринчи милдети, жабырлануучуга тиешелүү коргоону камсыз кылуу аркылуу зомбулукту токтотуу болуп эсептелет. Адам укуктары боюнча Европалык сот (АУЕС) мамлекет муну АУЕСнын жашоого болгон укуктарын коргогон, кыйноолорго жана ырайымсыз мамилелерге тыюу салуу, жеке жана үй-бүлөлүк жашоону сыйлоо укугун коргогон 2-3-8-беренелерине ылайык позитивдүү милдеттемелерге ээ деп белгилеген.

*Мисалы, «Опуз Турцияга каршы»* деген иште, Адам укуктары боюнча Европалык сот 2-беренесине ылайык позитивдүү милдеттенмелер *«өзүнө мамлекеттин негизги милдетин – жашоого ээ болуу укугун камсыз кылуу милдетин камтыйт, ал жеке адамга каршы кылмыштарды жасоонун алдын алуу үчүн кылмыш укугунун жоболорун натыйжалуу ишке киргизүү аркылуу камсыз кылынат, бул чаралар мындай жоболордун алдын алуу, бөгөт коюу жана жазалоо үчүн укук коргоочу механизмдерге дагы киргизилген».Бул ошондой эле, бийликтин кимдин өмүрү экинчи адамдын кылмыштуу аракеттеринин негизинде коркунучта*

---

[132] Министрлер кеңешинин аялдарга карата зомбулукка жол бербөө жана бөгөт коюу жөнүндөгү №15/05 чечиминин 4-п.карагыла, MC.DEC/15/05, 6-декабрь, 2005-ж. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: http://www.osce.org/mc/17451?download=true.

[133] Мисалы «Опуз Турцияга каршы» ишин карагыла, № 33401/02 2009 иш; «Айдын Турцияга каршы» иши, 57/1996/676/866, 1997; А. Хорватияга каршы, № 55164/08 арызы, 2010, 60-пункт; Бранко Томашич жана башкалар, № 46598/06 арыз, 2009, «Беваква Болгарияга каршы» иши, №. 71127/01 2008 арызы, 65-пункт; «Контор Словакияга каршы» иши, № 7510/04, 2007 арыз, 49-пункт. //Иштердин кыскача сүрөттөлүшүн карагыла: Mann L., Sargsyan L. Preventing and combating violence against women and domestic violence in Armenia: training course. Erevan, 2018 P.32-46. Англис тилиндеги оригиналы кийинки шилтемеде жеткиликтүү: https://rm.coe.int/eur-justice-eng/168093c14a Кайрылуу датасы 12.04.2022-ж.

*турса, ал адамды коргоо үчүн превентивдүү ыкчам чараларды кабыл алууга тиешелүү милдеттенмелеринде дагы караштырылган.*[134]

Мамлекеттин жашоого ээ болуу укугун коргоо үчүн «превентивдик ыкчам чараларды кабыл алуу» деген позитивдүү милдеттерин караштырууда. АУЕС 2-беренесине ылайык стандартты кабыл алды:

*«үчүнчү тараптын кылмыштуу аракеттеринин жыйынтыгында идентификацияланган экинчи жарандын жашоосу үчүн реалдуу жана түздөн-түз коркунуч келтирилип жаткандыгы жөнүндө бийлик билди беле же билүүсү керек беле жана алардын чара көрбөгөндүгү жөнүндө… муну эгер аң сезимдүү түрдө таразаласак, бул тобокелчиликтен (коркунучтан) качуу үчүн күтсө болот болчу».*[135]

- АУЕС тиешелүү деңгээлдеги этияттуулукту текшерүүсү: адамга каршы кылмыштарга бөгөт коюуга багытталган кылмыш мыйзамынын натыйжалуу чаралары, бул чаралар мындай кырдаалдарда алдын алуу, бөгөт коюу жана жазалоо үчүн укук коргоочулук механизмдер менен бекемделген.
- Превентивдик ыкчам чаралардын стандарты.

**2) *Иликтөө.***

Тиешелүү деңгээлде кыраакы болуу стандарты, мамлекеттен кылмыштарды, анын ичинде үй-бүлөлүк зомбулук менен байланыштуу кылмыштарды тиешелүү деңгээлде жана натыйжалуу иликтөөнү талап кылат *(экинчи милдеттенме).* Ал кезде сот *«Бранко Томашич жана башкалар Хорватияга каршы»* деген иште 2-берененин материалдык аспектисине ылайык өз чечимин чыгарган, ал андан нары 2-берененин процессуалдык тарабын белгилеген: *«ал жерде адамдар күч колдонуунун жыйынтыгында, же болбосо кызмат адамдары же жеке тараптар тарабынан өлтүрүлгөн учурда расмий түрдө натыйжалуу иликтөөнүн айрым формалары болуусу керек».*[136]

АУЕС уланткан: *«Мындай иликтөөнүн негизги максаты жашоого ээ болуу укугун коргогон улуттук мыйзамдарды натыйжалуу ишке ашырууну камсыз кылууда жатат. Бийлик окуяга тиешелүү далилдерди алуу үчүн аларга жеткиликтүү аң сезимдүү кадамдарды жасоолору зарыл. Иликтөөдөгү өлүмдүн себептерин аныктоо жөндөмдүүлүгүн же буга жоопту адамды же адамдарды идентификациялоону жокко чыгып калуусуна түрткөн ар бир кемчилик, бул стандарттын бузулуусуна алып келет. Кандай гана ыкма колдонулбасын, бийликке бул тууралуу маалымат жеткенден кийин дароо алар өз жолу тажрыйбасына ылайык аракеттерди жасап баштоосу керек»*.[137]

2-берене боюнча мамлекеттердин позитивдүү милдеттенмелери иликтөөлөрдү ***«ex officio»*** (коомдук айып тагуу тартибинде, же мамлекеттин демилгеси боюнча) *«М.К.Болгарияга каршы»* деген иште АУЕС, мамлекет 3-беренеге (кыйноолорго жана ырайымсыз мамилелерге тыюу салуу) жана 8-беренеге (жеке жашоону сыйлоо укугуна ээ болуу) ылайык иликтөө жүргүзүү боюнча позитивдүү милдеттенмеге ээ деген токтомун чыгарган.[138]

---

[134] «Огуз Түркияга каршы» иши, № 33401/02 арыз, 2009, 128-пункт; ошондой эле «Бранко Томашич жана башкалар Хорватияга каршы» ишин карагыла, № 46598/06 арыз, 2009, 49-пункт.

[135] «Огуз Түркияга каршы» иши, № 33401/02 арыз, 2009, 130-параграф.

[136] Бранко Томашич жана башкалар Хорватияга каршы» ишин карагыла, № 46598/06 колдонуу, 2009, 62-пункт.

[137] Ошол жерде.

[138] «ex officio» иликтөөсү коомдук айып тагуу тартибиндеги кылмыш иликтөөсү дегенди түшүндүрөт. Алсак, эл аралык стандарттарга ылайык, анын ичинде АУЕС соттук тажрыйбасына жана Стамбул конвенциясына ылайык, сот адилеттүүлүгүнүн жеткиликтүү болуусу үчүн бийлик бардык гендердик зомбулук окуяларына олуттуу таасир этүүсү

Мамлекеттин АУЕСнын 3-беренесине ылайык иликтөө жүргүзүүдөгү позитивдүү милдеттенмелери жөнүндө айта турган болсок, анда белгиленген: *«Конвенциянын 3-беренеси расмий иликтөө жүргүзүү позитивдүү милдеттенмесин караштырат. Мындай позитивдүү милдеттенме мамлекеттик агенттиктер тарабынан бир гана ырайымсыз мамилелер окуяларында гана пайдалануу сыяктуу чектөөлөр катары караштырылбоосу зарыл».*[139]

АУЕС 8-беренеси боюнча позитивдүү милдеттенмелерге карата мындай түшүндүрмөлөрдү берди: *«Өзүнчө адамдардын аракеттеринен коргоо чөйрөсүндөгү 8-берененин сакталышын камсыз кылуу үчүн каражаттарды тандоо мамлекеттин кам көрүү алкактары болуп эсептелет, жеке жашоонун маанилүү аспектилерин жана фундаменталдык баалуулуктарын тараза ташына салган зордуктоо сыяктуу оор жосундарды натыйжалуу токтотуу кылмыш укугунун жоболорунун натыйжалуу болуусун талап кылат. Тактап айтканда, балдар жана башка аярлуу адамдар натыйжалуу коргоого ээ болууга укуктуу»*.[140]

*«Айдын Турцияга каршы»* ишинде АУЕС мамлекет тиешелүү иликтөө жүргүзгөн эмес деген жыйынтыкка келген, себеби ал жабырлануучуну зордуктоонун жана кыйноонун күбөлөрүн издеген эмес. [141] АУЕС жабырлануучунун мындай укук бузуу орун алгандыгы жөнүндө пикирин колдогон: *«кылмыштык иликтөөнүн жана териштирүүнүн көз карандысыз жана катаал саясаты жүргүзүлгөн эмес», «арызлануучуларды коркунуунун кеңири орун алгандыгы жана медициналык көрсөтмөлөрдү алуу үчүн кесипкөй стандарттардын жоктугу»*.[142]

**3)** ***Соттук териштирүү.***

Тиешелүү деңгээлде кыраакы болуу стандартына ылайык мамлекеттин *үчүнчү* милдеттенмеси бул кылмышты жасап жаткандарга карата натыйжалуу жана адилеттүү сотту жүргүзүү болуп эсептелет. Бул суроо үй-бүлөлүк зомбулук окуяларында, зомбулук цикли көп учурда жабырлануучунун өз арыздарын кайра артка алуусуна жеткирген окуяларда актуалдуулукка ээ болот.

Жогоруда белгиленип өткөндөй, АУЕС «Огуз Турцияга каршы» ишинде «жабырлануучулар даттанууларын артка чакыртып алганына карабастан» бийлик тиешелүү деңгээлде кыраакылыгын көрсөттүбү «негизги» суроо деген корутундуга барып такалган. [143]

Бул окуяда АУЕС Европа Кеңешинин башка катышуучу мамлекеттеринин тажрыйбаларына таянып мындай корутундуга келген, ага ылайык *«кылмыш канчалык олуттуу болгон сайын, же болбосо андан наркы кылмыштардын тобокелчиликтүүлүгү канчалык жогору болгон сайын, жабырлануучулар өз арыздарын алган күндө дагы соттук териштирүү* ***коомдук кызыкчылык үчүн*** *улантылуусу керектиги анык».*[144]

---

керек, анын ичинде ex officio (мамлекеттин демилгеси боюнча) иликтөөсү боюнча дагы. Ошондой эле, АББЖК №35 Жалпы сунуштамасында катышуучу-мамлекеттер кийинкиге милдеттүү деп белгилеген: Жабыр тарткан адамдар үчүн соттордун жана сот адилеттиги системасынын реалдуу жеткиликтүү болуусун камсыз кылуу; бийлик аялдарга карата бардык гендердик зомбулук окуяларынатиешелүү чараларды көрүүсүн камсыз кылуу, анын ичинде кылмыш мыйзамынын ченемдерин колдонуу аркылуу, а эгер зарыл болсо ex officio иликтөөсүн аркылуу болжолдуу айыпкерлерди адилеттик, калыстык, өз убагында ишке ашыруу, ыкчамдык жана тиешелүү жазаларды колдонуу принцибинин негизинде аларды сот жообуна тартуу максатында ex officio иликтөөсүн аркылуу иш алып баруу». .

[139] Ошол жерде, 151-пункт.

[140] Ошол жерде, 150-пункт.

[141] «Айдин Турцияга каршы» иши, № 23178/94 арызы, 1997.

[142] Ошол жерде.

[143] «Опуз Турцияга каршы» иши, № 33401/02 арызы, 2009.

[144] «Бранко Томашич жана башкалар Хорватияга каршы» иши, № 46598/06 арыз, 2009, 50-пункт.

Ошол эле учурда *«Огуз Турцияга каршы» жана «Бранко Томашич жана башкалар Хорватияга каршы»* деген эки иште тең мындай активдүү жоопкерчиликти дайындоо кыйынчылыгы орун алганын АУЕС моюнуна алган. Анда *«Бүгүнкү күндөгү заманбап коомдордо укук тартибин камсыз кылуудагы кыйынчылыктарды, адамдардын жүрүм-турумдарындагы күтүлбөстүктөрдү жана артыкчылыктар менен ресурстар көз карашына таянып ыкчам тандоо жасоо керек экендигин көңүлдүн борборуна алуу менен, позитивдүү милдеттердин көлөмү бийлик органдарына ишке ашырууга мүмкүн эмес жана тең салмаксыз түйшүк алып келе тургандай болбошу зарыл»* деп айтылат.[145]

АББЖК боюнча Комитеттин №28 Жалпы сунуштамасы кийинкилерди белгилеген:

*«Аялдарга карата басмырлоо жашоого ээ болуу укугу жана дене бойлук кол тийбестик укугу сыяктуу адамдын башка укуктарына дагы кыянаттык кылууну түшүндүрөт, мисалы, зомбулуктун тиричиликтик жана башка формалары окуяларында катышуучу мамлекеттер кылмыш ишин козгоого, айыпкерди (-лерди) сот жоопкерчилигине тартууга жана тиешелүү кылмыштык санкцияларды салууга милдеттүү»*.[146]

**4) *Жазалоо.***

АББЖК 19 Жалпы сунуштамасы билдирет:

*«Мамлекет укуктарды бузууга бөгөт коюу же зомбулук актыларын иликтөө жана алар үчүн жазалоо, ошондой эле компенсация өндүрүү максатында тиешелүү деңгээлдеги кылдаттыкты көрсөтпөсө, анда мамлекет дагы жеке мүнөздөгү аракеттери үчүн жоопкерчиликти тартуусу мүмкүн»*.[147]

Мындан сырткары, Стамбул конвенциясынын 45-беренеси мамлекеттен кийинкилерди аткарууну талап кылат: *«бул Конвенцияга ылайык кылмыш деп таанылган жосундарды алардын олуттуулугун эске алуу менен натыйжалуу, оорудугуна жараша татыктуу жана мындай аракеттерди токтотуучу санкциялар менен жазалоону камсыз кылуу үчүн зарыл мыйзамдык жана башка чараларды кабыл алууну. Бул санкциялар артынан өткөрүп берүү менен коштоло турган, тиешелүү учурларда эркиндигинен ажыратуу менен байланыштуу санкцияларды камтыйт».*

*«А. Хорватияга каршы»* ишинде АУЕС үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө иш боюнча бир нече териштирүүлөргө байланыштуу 8-берене бузулгандыгын аныктады (үч кылмыш өндүрүшү; төрт анча маанилүү эмес укук бузуулар). Бул териштирүүлөрдүн жыйынтыгында коргоо, алдын ала камоо, психиатриялык жана психосоциалдык дарылоо жана абакка камоо жөнүндө бир нече токтомдор чыгарылды. Санкциялардын айрымдары колдонулганы менен, кылмышкер эки кылмыш үчүн жазасын абакта тарткан жок, алардын бирөөсү жабырлануучуну өлтүрөм деп коркутуу менен байланыштуу болчу. АУЕС мамлекет арызгануучунун укуктарын тиешелүү деңгээлде коргой албаганын аныктады, бийлик ошол бир эле жабырлануучуга карата бир эле адам тарабынан көп жолу жасалган зомбулук актыларына байланыштуу козголгон ар түрдүү кылмыш иштерине жана майда укук бузуулар тууралуу иштерге көңүл бурган эмес, ошентип бийлик иштин тарыхын жалпылаштырып карап, иликтеп чыга алган эмес.

Бул иш сот системасынын бардык алкагында координациялоонун маанилүү экендигин баса белгилейт жана тиешелүү санкцияларды жана/же коргоо чараларын дайындоодо

[145] «Опуз Турцияга каршы» иши, № 33401/02 арызы, 2009-жыл, 134-пункт.

[146] АББЖК, Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрүн жоюу жөнүндө Конвенциянын 2-беренесине ылайык катышуучу-мамлекеттердин негизги милдеттенмелери жөнүндө № 28 Жалпы сунуштама, CEDAW/C/GC/28, 2010, 34-пункту.

[147] АББЖК карата № 19 Жалпы сунуштама, 9-пункту.

териштирүүлөрдүн бардык көлөмүн эске алуунун зарыл экендигин дагы өзгөчө бөлүп көрсөтөт. Анда ошондой эле, соттук чечимдерди жана өкүмдөрдү аткарууну камсыз кылууда соттук көзөмөл жүргүзүүнүн ролуна көңүл бурулат.[148]

**5) *Компенсация.***

Ошондой эле укуктук коргоонун натыйжалуу каражатына ээ болуу укугунун таасирине дал келүүчү Стамбул конвенциясынын 30-беренеси мамлекеттерден*: «Ушул Конвенцияга ылайык, жабырлануучулар белгилеген ар бир кылмышты жасагандыгы үчүн айыпкерлерден компенсация талап кылуу укугуна ээ болууларын камсыз кылуу үчүн мыйзамдык жана башка чараларды кабыл алуусун»* талап кылат.

*«Контор Словакияга каршы»* ишинде АУЕС 13-берене бузулгандыгын аныктаган (укуктук коргоо каражаттарына ээ болуу укугу), анда арызданууучу аял аны балдарын күйөөсүнүн огунан коргой албаган полиция кызматкерлерине карата кызматтык милдетин аткарбагандыктарынан улам моралдык зыян келтиргендиги үчүн компенсация талап кылбашы керек болчу.[149]

Компенсацияны жабырлануучуга мамлекет төлөп бериүүсү керек, ал тургай мамлекеттик кызматкерлер зомбулук үчүн түз жоопкерчиликтүү болбогон учурда дагы ушундай болушу зарыл. БУУнун аялдарга карата зомбулук, анын себептери жана зыяндары суроолору боюнча атайын баяндамачысы мындай деп белгиледи: *«эл аралык жамаат тарабынан жакында эле караштырылган ченемдердин контекстинде, аялдарга карата зомбулук менен байланыштуу кылмыштарды жасабаган мамлекет ошол эле айыпкерлер сыяктуу айыптуу болот.[150]*

## 4.1. Сотко чейинки өндүрүш: иликтөө жана далилдерди чогултуу

### 4.1.1. Иликтөө жана соттук куугунтуктоо

**а) Эл аралык стандарттар**

Стамбул конвенциясынын 55-беренеси *«Огуз Турцияга каршы»* ишинде АУЕС тарабынан бекитилген Тиешелүү деңгээлде кыраакы болуу стандартына ылайык талаптарды кодификациялаган.

Ал буларды караштырган:

*«Конвенциянын 35, 36, 37, 38 жана 39-беренелерине ылайык, белгиленген укук бузууларга карата иликтөөлөр жана соттук териштирүүлөр эгерде укук бузуу толугу менен же жарым жартылай Тараптардын аймагында жасалса, ал жабырлануучунун арызынан же даттануусунан толугу менен көз каранды болбошу керек жана ал тургай жабырлануучу өз арызын же даттануусун алып кеткен учурда дагы процедуралар улантылуусу зарыл».*

---

[148] Соттор жана прокурорлор үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча окуу куралы, Европа Кеңеши, 2016. 85-бет. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://rm.coe.int/training-manual-final-english/16807626a4

[149] «Контор Словакияга каршы» иши, 7510/04 номуру, 2007 арызы.

[150] БУУнун адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин натыйжалуу ишке ашыруу иши алкагындагы аялдарга карата зомбулук, анын себептери жана зыяндары, альтернативдүү ыкмалары, жолдору жана каражаттары суроолору боюнча Атайын баяндамачы, 72-пункт, БУУ, E/CN.4/1995/42-док., (22- ноябрь, 1994-ж.) (Р.Кумарасвами тарабынан даярдалган), анда мындай деп белгиленген: «зыянды калыбына келтирүү боюнча чаралар жеке адамга келтирилген зыянды калыбына келтирүү жана түзүмдүк кайра түзүүлөр менен коштолуусу зарыл», алар «гендердик иерархиянын, системалык маргинализациянын жана түзүмдүк тең укусуздуктун мурда өкүм сүрүп келген моделдерин… бекемдебестен, аларды бузуп уратышы, жоюусу зарыл».

Стамбул конвенциясына карата түшүндүрмө катта 55-берененин максаты мындай деп белгиленген: *«жабырлануучуга мындай иликтөөлөрдү жана териштирүүлөрдү козготуу түйшүгүн тарттырбастан жүргүзүү менен камсыз кылуу жана айыптоочу өкүмдөрдү чыгаруу».*
Муну бул түшүндүрүп берет:
*«Факты, бул Конвенцияда караштырылган кылмыштардын көбү үй-бүлө мүчөлөрү, интимдик өнөктөштөрү же болбосо жабырлануучунун социалдык чөйрөсүнө түздөн түз кирген адамдар тарабынан жасалат. Мына ушунун жыйынтыгында пайда болгон уялуу, коркуу жана алсыздык сезими анча көп сандагы эмес даттанууларга жана анын натыйжасында чыгарылган өкүмдөргө алып келет. Ошондуктан укук коргоо органдары буюмдук далилдер, күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү, медициналык текшерүүлөр ж.б. сыяктуу далилдерди чогултуу үчүн алдын ала иликтөө жүргүзүүлөрү зарыл, бул жабырлануучу ал тургай өз арызын же даттануусун артка кайтарып алган күндө дагы соттук териштирүүлөр орундуу экендигине кепилдик берүү үчүн керек, муну эң жок дегенде өлүмгө алып келген же дене бойлук жаракаттар келтирилген дене бойлук зомбулук сыяктуу олутту кылмыштарга колдонуу зарыл».*[151]
Жогоруда айтылып өткөндөй, АУЕС «Опуз Турцияга каршы» ишинде «жабырлануучунун даттануусун кайра артка чакыртып алганына карабастан», бийлик коргоонун тиешелүү превентивдик чараларын кабыл алууда тиешелүү деңгээлде кыраакы болууну көрсөтүштүбү деген «негизги суроо» болгон.[152]
Мына ушуга байланыштуу АУЕС *«ex officio»* (коомдук айып тагуу тартибинде) жоопкерчиликке тартуу үчүн эске алынуучу факторлорду аныктоо боюнча Европа Кеңешинин башка мүчө мамлекеттеринин тажрыйбаларына кайрылган. Ал кийинки факторлорду белгилеген:
- кылмыштын олуттуулугу;
- жабырлануучулардын жаракаттары дене бойлук же психологиялык экендигинен көз карандысыз түрдө;
- эгерде айыпкер курал колдонсо;
- эгерде айыпкер кол салгандан кийин кандайдыр бир коркутууларды жасаса;
- эгерде айыпкер кол салууну пландаштырса;
- үй-бүлөдө жашаган бардык балдарга таасирин тийгизүүсү (анын ичинде психологиялык);
- айыпкер кайрадан кылмыш кылары мүмкүн деген кооптонуу бар болсо;
- жабырлануучунун же буга тиешелүүлүгү бар болуп калуусу мүмкүн болгон башка ар бир адамдын ден соолугуна жана коопсуздугуна коркунучтун бар болсо;
- жабырлануучунун айыпкер менен мамилесинин учурдагы абалы жана бул мамилелердин соттук териштирүүлөр учурунда жабырлануучунун эркине каршы улана берүүсү;
- мамилелердин тарыхы, өзгөчө мурун кандайдыр бир башка зомбулук болсо; жана,
- айыпкердин мурункү жашоосу кылмыштуулук менен байланыштуу болсо, өзгөчө мурункү ар бир зомбулук.[153]
Ушул окуу куралындагы АУЕС тарабынан сапалып берилген бул факторлор прокурорлор жана тергөөчүлөр үчүн ачык айыптоо тартибинде үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндөгү иштерди качан козгоо керек экендигин аныктоодо пайдалуу болуусу мүмкүн. Ошондой эле, мисалы катары АУЕСтин учурда иштеп жаткан улуттук мыйзамга карата мамилесин дагы келтирип кетсек болот,

[151] Ошол жерде, 280-пункт.
[152] «Опуз Турцияга каршы» иши, № 33401/02 арызы, 2009, 131-пункту.
[153] «Опуз Турцияга каршы» иши, № 33401/02 арызы, 2009, 138-пункту.

алар коомдук айып тагуу тартибиндеги мамлекеттик териштирүүнү жабырлануучуга келтирилген жаракаттар 10 күнгө чейин эмгекке жарамдуулукту жоготууга алып келгенде гана колдонушкан. АУЕС ошол кезде иштеп жаткан мыйзамдык база, тактап айтканда ооругандыгы боюнча минималдуу дегенде 10 күнгө жараксыздык жөнүндө талап, үй-бүлөлүк
зомбулуктун бардык формалары жана жабырлануучулар үчүн жеткиликтүү кепилдиктерди камсыз кылуу боюнча натыйжалуу жазалоо системасын түзүү жана колдонуу жаатындагы мамлекеттин позитивдүү милдеттенмелерине киргизилген талаптарга дал келбегендигин аныктаган.
Мына ошентип, АУЕС зомбулук жасаган адам тарабынан мурун жасалган кылмыштардын оордугун көңүл борборуна алуу менен кошо, прокуратура органдары жабырлануучу даттануусун кайра артка кайтарып алганынан көз карандысыз түрдө, коомдук кызыкчылыктарга ылайык териштирүүнү улантуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болуулары керек болчу деп эсептейт.[154]
Мындан нары ачык айыптоо *(«ex officio»)* тартибиндеги үй-бүлөлүк зомбулук иштерин кароо процедурасы боюнча Кыргызстандын мыйзамдарын карап чыгалы.

б) **Кыргызстандын мыйзамдары**
Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 24-беренеси (2021-ж. ред.) [155] (андан нары – КРнын КПК), жасалган кылмыш ишинин оордугунун мүнөзүнө жана деңгээлинен көз карандылуу түрдө жеке-ачык жана ачык тартипте кылмыш жоопкерчилигине тартууга кирген кылмыштардын ортосундагы айырмачылыктарды көрсөтөт.
Жеке-ачык айыптоолорго кирген иштерге анча чоң эмес оор кылмыштар жана азыраак оор кылмыштар, ошондой эле – КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 155-беренсинин 1-бөлүгүндө жана 154-берененин 1-бөлүгүндө караштырылган кылмыштар кирет (2021-ж. редакц.).[156]
Жеке-ачык айыптоо иштери боюнча тергөө КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 57-беренесине ылайык тараптар элдешкендигине байланыштуу жабырлануучунун же анын мыйзамдуу өкүлүнүн арызы боюнча кыскартылышы мүмкүн (тактап айтканда, жабыр тарткан тарап даттануусун артка кайтарып алат жана/же айыпкерди кечирет), ага ылайык төмөндө саналып өткөн кылмыштарды жасаган адамдар (1-шарты) жана келтирилген зыянды калыбына келтирген (3-шарты) адамдар кылмыш жоопкерчилигинен бошотулушу мүмкүн:
- *Коркунучтуулугу аз кылмыштар* - бул эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза каралбаган, атайылап жана этиятсыздыктан жасалган кылмыштар кирет (КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 19-бер. 2-б. 1-п., 2021-ж.ред.);
- *Анча оор эмес кылмыштар* – мыйзам тарабынан 5 (беш) жылдан ашпаган мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза каралган атайылап жасалган кылмыштар, ошондой эле 10 (он) жылдан ашык эмес мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза каралган этиятсыздыктан жасалган кылмыштар кирет (КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 19-бер. 2-б. 2-п., 2021-ж.ред.);
- *зордуктоо* (КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 154-бер. 1-б., 2021-ж.ред.);
- *сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер* (КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 155-бер. 1-б., 2021-ж.ред.).

[154] Ошол жерде, 145-пункт.
[155] Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси. 28-октябрь, 2021-ж., №129. (КРнын Мыйзамы менен күчүнө кирген, 28-октябрь, 2021-жыл, №126).
[156] Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси, 28-октябрь, 2021-жыл, №127. КРнын Мыйзамы менен күчүнө кирген, 28-октябрь, 2021-жыл, №126).

КРнын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 2021-жылдагы ред. 24-беренесинде жеке-ачык айыптоону талап кылган кылмыштар көрсөтүлгөн, анын ичинде көпчүлүк учурда Кыргызстанда үй-бүлөлүк зомбулук окуяларындаа катталган оор кылмыштар дагы саналып берилген: [157]

**1-таблица.**

| КРнын Кылмыш-жаза кодексинин беренеси | Жазалар |
|---|---|
| **1) Коркунучтуулугу аз кылмыштар** (атайылап жана этиятсыздыктан жасалган, жазалоо – **эркиндигин ажыратуу менен байланышпаган):** | |
| **135-бер.** – Этиятсыздыктан адамдын ден соолугуна анча оор эмес залал келтирүү | – 200дөн 500 эсептик көрсөткүчкө чейин 2 айдан 1 жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына же айып салууга жазаланат. |
| **136-бер.** – Ден соолукка жеңил залал келтирүү | – 200дөн 500 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же 40 сааттан 100 саатка чейин коомдук иштерге тартууга жазаланат. |
| **139-бер.** – Өмүргө жана ден соолукка коркунучтуу зомбулукту колдонуу менен коркутуу | – 40 сааттан 100 саатка чейин коомдук иштерге же эки айдан бир жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же 200дөн 500 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга жазаланат. |
| **2) Анча оор эмес кылмыштар** (атайылап жасалган – **5 жылдан ашпаган** мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу жана этиятсыздыктан жасалган - **10 жылдан ашпаган** мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу): | |
| **131-б. (1-бөл.)** – Ден соолукка анча оор эмес залал келтирүү<br><br>**131-б. (2-бөл.)** – Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосун:<br>1) эки же андан көп адамдарга карата;<br>2) билип туруп күнөөлүүнүн алсыз абалдагы адамга карата; | – эки айдан бир жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына же 200дөн 500 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же 3 жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат;<br>– 500дөн 1000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же 3 жылдан 5 жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат. |

[157] Караңыз.: Кыргыз Республикасынын позитивдүү милдеттенмелерине анализ жүргүзүү жана үй-бүлөлүк зомбулук менен байланыштуу иштер боюнча сот тажрыйбаларынын обзору. («Позитивдүү диалог» коомдук фонду тарабынан Кыргызстандагы Кыйноолорго каршы коалициясынын колдоо көрсөтүүсү астында «Үй-бүлөлүк зомбулук иштери боюнча мыйзамдарга жана сот тажрыйбасына анализ жүргүзүү» долбоорунун алкагында жүргүзүлдү, Бишкек, 2021. 28-30-беттер. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://notorture.kg/wp-content/uploads/2021/06/analiz_pozitivnyh_ob_po_borbe_s_DN_2021.pdf Кайрылуу датасы: 19.04.2022-ж.

| | |
|---|---|
| | |
| **134-б.** – Этиятсыздыктан ден соолукка оор залал келтирүү | – 2 айдан 1 жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына же 200дөн 500 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же 3 жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат. |
| **138-б. (1-б.)** – Уруп-сабап кыйноо<br><br>**138-б. (2)** - Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосун:<br>1) кош бойлуу аялга карата;<br>2) балага же алсыз абалдагы же күнөөлүүдөн материалдык же башкадан көз каранды болгон адамга, ошого тете уурдалган же барымтага алынган адам катары кармалган адамга; | – бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына же 500дөн 1000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же 3 жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат;<br><br>– 1000ден 2000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат. |
| **3) Оор кылмыштар (5 жылдан ашык мөөнөткө** эркиндигинен ажыратуу түрүндө жазалоо, **бирок 10 жылдан ашык эмес)** | |
| **154-бер. (1-бөл.)** – Зордуктоо | – беш жылдан сегиз жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат. |
| **155-бер. (1-бөл.)** – сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер | – беш жылдан сегиз жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат. |

КРнын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 24-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, башка кылмыштар боюнча иштер ачык айыптоо иштери болуп эсептелет. Бул иштер боюнча кылмыш куугунтугу жабырлануучунун арыз берүүсүнөн көз карандысыз түрдө ишке ашырылат. Тергөөчү, прокурор ушул иштер боюнча жабырлануучунун эркине карабастан кылмыш куугунтугун жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу (КРнын КПКнын 25-бер. 3-бөл. 2021-ж. ред.). Бирок, жогоруда таблицада келтирилген беренелер боюнча кылмыш куугунтугун жүзөгө ашыруу үчүн жабырлануучунун арызы милдеттүү түрдө талап кылынат, т.а., булар ачык айыптоо иштерине кирбейт.

Ошондой эле, КРнын КПКнын 2021-ж.ред. 27-беренесине (1-бөл. 4-13-пп.) ылайык, жогорудагы таблицада саналып берилген беренелер боюнча жабырлануучунун арызы жок болсо кылмыш иши козголушу мүмкүн эмес, ал эми козголгон кылмыш иши арыз жок болсо кыскартылып калуусу мүмкүн, ошондой эле ал жеке-ачык айыптоону колдоодон баш тартса жана (же) КРнын КПКнин (2021-ж.) 58-бөлүмүнө ылайык айыпкер жабырлануучу менен макулдашууга жеткен учурда жана КРнын КЖКнын (2021-ж.) 57-беренесинде караштырылган тартипте кыскартууга жатат.

Жогоруда белгиленип өткөндөй, тергөөчү, прокурор үй-бүлөлүк зомбулук менен байланыштуу кылмыш ишин козгошу мүмкүн, бир гана эгерде жабырлануучу же анын өкүлү арыз беришсе, ал эми арызсыз козголгон кылмыш иши кыскартылып калат. Буга кошумча, ушул Окуу куралынын мурунку бөлүмчөсүндө саналып өткөн эл аралык стандарттарга жана тажрыйбага карабастан,

мындай окуяларда жабырлануучу айыпкер менен элдешкен болсо кылмыш куугунтугун ишке ашыруу токтотулат.

Мындан сырткары, өзүнүн укуктук табияты боюнча кылмыш-жаза чарасы каралуучу кылмыштарга кирген үй-бүлөлүк зомбулук боюнча бир катар жосундар Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинде караштырылган (2021-ж. ред.) [158] (мындан ары УБжК), кылмыш-жаза караштырылуучу кылмыштар болуп эсептелбеген бир катар укук бузууларда жазалоонун максималдуу чарасы 7 суткага камоо, а минималдуу - эскертүү болуп саналат. Бул айыптоо чаралары караштырылган укук бузуулардын кийинки курамдары:

**2-таблица.**

| УБжК беренелери | Айыптоо чаралары |
|---|---|
| **56-бер.** – Уруп-сабоо | – 200 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга, же болбосо 20дан 40 саатка чейинки мөөнөткө коомдук иштерге тартууга алып келет. |
| **57-бер.** - Ден соолукка атайын жеңил зыян келтирүү | – 200 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга, же болбосо 20дан 40 саатка чейинки мөөнөткө коомдук иштерге тартууга алып келет. |
| **58-бер.** - Зарыл коргонуу чектеринен аша чабууда, укук бузуу жасаган адамды камакка алуу үчүн зарыл болгон чаралардан аша чабууда ден соолукка атайылап анча оор эмес зыян келтирүү | – 100 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга, же болбосо 20дан 40 саатка чейинки мөөнөткө коомдук иштерге тартууга алып келет. |
| **59-бер.** – Жардам көрсөтпөө | – жеке жактарга 100 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга, же болбосо 20дан 40 саатка чейинки мөөнөткө коомдук иштерге тартууга алып келет. |
| **70-бер.** - Үй-бүлөлүк зомбулук | – 40 саатка коомдук иштерге тартууга, же болбосо үчтөн жети суткага чейин камакка алууну колдонууга алып келет. |
| **71-бер.** - Убактылуу коргоо ордеринин шарттарын аткарбоо | – 40 саатка коомдук иштерге тартууга же болбосо үчтөн жети суткага чейин камакка алууну колдонууга алып келет. |
| **72-бер.** - Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын түзөтүү программасынан өтүүдөн баш тартуусу | – эскертүүгө, же болбосо 40 саатка коомдук иштерге тартууга алып келет. |

[158] Кыргыз Республикасынын «Укук бузуулар жөнүндө» кодекси, 28-октябрь, 2021-жыл, № 128. (КРнын Мыйзамы менен күчүнө кирген, 28-октябрь, 2021-ж. № 126).

«Позитивдүү диалог» коомдук фондунун анализинде 2019-2020-жылдар үчүн статистикасына ылайык, мурда иштеген 2017-жылдагы редакциясындагы КРнын Жоруктар[159] жөнүндө кодексиндеги «Үй-бүлөлүк зомбулук» 75-berенеси боюнча каралган үй-бүлөлүк зомбулук боюнча иштердин дээрлик көпчүлүгү тараптардын элдешкендигине байланыштуу кыскартылган (72,8%). Алсак, үй-бүлөлүк зомбулуктун кесепетинен катталган жоруктар боюнча иликтенген соттук чечимдерге анализ жүргүзүүнүн көрсөткүчтөрү боюнча 389 соттук чечимдердин ичинен 283 тараптардын элдешкенине байланыштуу кыскартылган. Болгону 106 окуяда гана айыпкерлер жазаларын алышкан. 66 окуяда айып пул түрүндө жаза жана 35 окуяда – коомдук жумуштар жазалары дайындалган. [160]

Андан нары белгилей кетчү маанилүү нерсе, 2021-жылдагы редакциясындагы КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 57-беренесинде камтылган эрежеге ылайык эгерде *«коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарын козгогон окуяларда»* кылмыш жоопкерчилигинен бошотуу караштырылбайт».[161]

Бирок, «коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгы» дегенди кандай түшүнүү керек экендигинин аныктамалары жок жана 2021-жылдагы редакциясындагы КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 1-тиркемесинде КПКде колдонулган терминдердин маанилери келтирилген.

Ошондой эле, мыйзам чыгаруучу коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгын козгогон окуяларда ачык айыптоо тартибинде кылмыштык куугунтуктоону жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн караштырган. Ошондуктан, Окуу куралынын мурунку бөлүмчөсүндө келтирилген эл аралык стандарттарда жана тажрыйбаларда камтылган факторлорду көңүл борборуна алуу менен, *тергөөчү, прокурор жабырлануучунун арызы барбы же жокпу жана айыпкер менен элдешкенинен көз карандысыз түрдө коомдук кызыкчылыктарга ылайык териштирүүнү улантуулары керек.* Тактап айтканда, кийинкидей факторлор:

- кылмыштын олуттуулугу;
- жабырлануучунун жаракаттары дене бойлукпу же психологиялыкпы көз карандысыз түрдө;
- эгер айыпкер курал колдонгон болсо;
- эгер айыпкер кол салгандан кийин кандайдыр бир коркутууларды жасаган болсо;
- эгер айыпкер кол салууну пландаштырып жатса;
- үй-бүлөдө жашаган ар бир балага таасирин тийгизүү (анын ичинде психологиялык);
- айыпкер кайрадан кылмыш жасоосу мүмкүн болсо;
- жабырлануучунун же буга тиешеси бар болушу мүмкүн болгон башка бардык адамдардын ден соолугуна жана коопсуздугуна коркунуч келтирүү сакталып турса;
- жабырлануучунун айыпкер менен мамилесинин учурдагы абалы жана бул мамилелер соттук териштирүүнүн жүрүшүндө дагы жабыр тарткан адамдын эркине каршы уланып жатса;

---

[159] Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодекси, 1-февраль, 2017-жыл,
№ 18. (КРнын Мыйзамы менен күчүнө киргизилген, 24-январь, 2017-жыл, N10 2019-жылдын 1-январында КРнын Мыйзамына ылайык күчүн жоготкон, 28-октябрь, 2021-жыл, № 126).

[160] Караңыз.: Кыргыз Республикасыннын позитивдүү милдеттенмелерине анализ жүргүзүү жана үй-бүлөлүк зомбулук менен байланыштуу иштер боюнча сот тажрыйбасынын обзору. Бишкек, 2021. 26-бет. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://notorture.kg/wp-content/uploads/2021/06/analiz_pozitivnyh_ob_po_borbe_s_DN_2021.pdf

[161] КРнын КЖКнин 312-беренесинин 4-бөлүгү «Кыймыл коопсуздугу жана автотранспорт каражаттарын эксплуатациялоонун эрежелерин бузуу»:
« …4. ушул берененин 3-бөлүгүндө караштырылган ичимдикти, баңги заттарын же башка мас кылуучу каражаттарды колдонуу менен байланыштуу жосундар, – аныкталган бир кызмат ордун ээлөөдөн ажыратуу же аныкталган бир ишмердүүлүктү алып баруу укугунан 3 жылга чейин ажыратуу менен сегиз жылдан он жылга чейин эркиндигинен ажыратууга жазаланат».

- мамилелердин тарыхы, өзгөчө мурда кандайдыр бир башка зомбулук болсо; жана,
- айыпкердин бейнесинин мурда кылмыштуулук менен байланыштуу болуусу, өзгөчө мурда зомбулуктун кайсы гана түрү болбосун жасалышы.

### 4.1.2. Далилдерди чогултуу

Үй-бүлөлүк зомбулук окуяларын иликтөөнүн жана кылмышты териштирүүнүн жүрүшүндө ишенимдүү далилдерди түзүүдө бир нече көйгөйлөр бар. Принципиалдуу нааразычылыктардын бири, жабырлануучунун даттануусун кайра артка кайтарып алуусу жана катышуудан баш тартуусу. Бул укук коргоо органдары тарабынан кайрадан виктимизациялануудан коркуу, коркутуулар, кысым көрсөтүүлөр, үй-бүлөсүндөгү колдоонун жоктугу, экономикалык көз карандуулук же элдешүү менен байланышту болушу мүмкүн. Себептери кандай гана болбосун, укук коргоо органдарынын кызматкерлери жабырлануучулардын арыздарына таянбай эле ишти андан нары илгерилетип кетүү көйгөйүнө кабылышат. Мындан сырткары, бул кылмыштар көпчүлүк учурда башка күбөлөрсүз, жалгыздыкта жасалат. Жабырлануучунун көрсөтмөлөрүсүз териштирүүнү жүргүзүү укук коргоо органдарынан далилдердин башка булактарын табууга чыгармачыл жана активдүү мамиле кылууну талап кылат. Мисалы, эксперттик корутундулар жаракаттын эске сактап калуу сезимине тийгизген таасирин жана жабырлануучунун маалыматты ачыкка чыгаруусунун кечеңдешине тийгизген таасирин түшүндүрүүгө жардам берүүсү мүмкүн. Эксперттер ошондой эле, психологиялык же эмоционалдык зомбулуктун далилдерин тастыктоо үчүн колдонушат

Биринчи таасир этүү чараларын көргөн адамдар болуп, өткөн окуяга тиешеси бар болуп калуусу мүмкүн болгон ар бир тиешелүү комментарийди же реакцияны документтештирүүсү керек. Мисалы, эгерде кылмышкер ага анын укуктары жөнүндө түшүндүрүшкөндөн кийин минтип айтса: «Ал аны чапканга жеткирди, татыктуу болчу! Ал менин жиниме канчалык тийгенин көрсөңөр болмок!».

Бул айтылгандар сотто башка далилдер менен чогуу колдонулушу мүмкүн, анын үстүнө эгерде жабырлануучу көрсөтмө бергенден баш тартса колдонуу зарыл. Капыстан айтылган мындай билдирүүлөр жабырлануучуга ишенүүдөн күмөн санап жаткан учурда кошумча бекемдөөчү далилдер катары колдонулушу мүмкүн. Окуя болгон жердеги башка күбөлөр дагы капыстан айткан комментарийлер жазлып алынуусу керек.[162]

Эскерте кетчү нерсе, зомбулук тууралуу медициналык тастыктаманын же башка бардык дене бойлук белгилердин жоктугу – иликтөө териштирүү жүргүзүүдөн баш тартуу чечими үчүн негиз болуп эсептелбеши зарыл. Мындай далилдердин жоктугу жабырлануучунун билдирүүлөрү ишенимдүүбү дегенге эч кандай тиешеси жок.

Үй-бүлөлүк зомбулук жасагандыгы үчүн, соттук териштирүүнү жүзөгө ашырууга колдоо катары колдонула турган далилдердин көп түрү бар. Тактап айтканда, булар төмөндө белгиленген:

**Далилдердин көзөмөлдөнүүчү тизмеси:**[163]

---

[162] Караңыз.: Начова жана башкалар Болгарияга каршы», № 43577/98 арызы жана 43579/98, 2005-ж., цыган кварталында күндүзү эле автомат куралынан куралы жок эки аскерге чакырылгандарды өлтүрө аткан окуяга байланыштуу. Өлтүргөндөн кийин дароо аскер полициясынын офицери шаардын жашоочуларынын бирине «Силер, каргыш тийгир цыгандар!» деп аларга пистолетин багыттан кыйкырган. Сот аскер кызматкеринин мындай капыстан айткан чакырыгы басмырлоочу мотивге ээ, АУЕС 14-беренесин бузуу болуп саналат.

[163] Европа Кеңеши, Соттор жана прокурорлор үчүн аялдарга сот адилеттигин жеткиликтүү болуусун камсыз кылуу боюнча окуу куралы. 79-бет, кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: [https://rm.coe.int/training-manual-final-english/16807626a4](https://rm.coe.int/training-manual-final-english/16807626a4)

1) Полиция кызматкерлеринин окуя болгон жерден же жабырлануучу менен айыпкердин башка өз ара аракеттенишүүлөрүнө тиешелүү билдирүүлөрү.

2) Кошуналардын же башка күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү (мисалы, досторунун, балдардын, мугалимдердин, кесиптештердин, аялдар кризистик борборлорунун жана баш калкалоочу жайлардын кызматкерлеринин ж.б.).

3) Ыкчам чакырууларды/полициянын диспетчердик чакырууларынын жаздыруулары.

4) Видео көзөмөл жүргүзүү камерасынын жаздыруулары (мындай жаздырып калуулар артынан түшүп алууда же аңдууда өзгөчө пайдалуу экендигине көңүл буруу керек).

5) Жаракаттын жана окуя болгон жердин сүрөттөрү (келтирилген материалдык зыяндардын сүрөттөрүн кошкондо).

6) Оорулуунун тарыхы/отчеттор (кечиктирилгис жардам көрсөтүү отчетторун кошкондо, ошондой эле ырайымсыз мамиле жасоо картасында көрсөтүлгөн стоматологиялык карталар; адистердин текшерүүсүнөн өтүү).

7) Окуя болгон жерден соттук-медициналык корутунду.

8) Мурунку болуп өткөн окуялардын тарыхы (мисалы, кылмышкердин мурда соттолгондугу; кандай гана укук бузуулар болбосун ыкчам түрдө кийлигишүү же коргоо жөнүндө буйруктар; админстративдик жазалар).

9) Кылмыштык териштирүү жүргүзүлбөгөн үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө мурунку билдирүүлөр.

10) Кылмышкерлердин жабырлануучуга жазган билдирүүлөрү, өзгөчө коркутуу болгондугунун далили катары каралуусу мүмкүн болгон билдирүүлөр (коюлган белгилер, каттар, электрондук каттар, SMS-билдирүүлөр, facebook/WhatsApp билдирүүлөр ж.б.)

11) Кылмышкердин мүнөзүнүн жаман экендигинин далилдери.

12) Эксперттердин же күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү (өзгөчө түшүндүрүү үчүн: зомбулуктун жабырлануучуга тийгизген таасири, баарына белгилүү болгон жүрүм-турум жана зордуктоонун жабырлануучусунун реакциялары, зомбулуктун циклдүүлүгү жана уруп сабалган аялдардын синдрому ж.б. ушундай концепциялар).

Мындан сырткары, далилдерди келтирүү үчүн күбөлөрдү аныктоо бир гана капыстан күбө болгон адамдар менен гана чектелбеши керек. Адамдардын көбүрөөк кеңири айлампасы иштин жагдайына тиешелүү кенен маалыматтарды берүүсү мүмкүн. Мисалы, кошуналар алар тиричиликтик карама-каршылыктар убагында уккан ызы-чуулар жөнүндө билүүсү мүмкүн, жабырлануучунун туугандары же ишенимдүү адамдары ал мурда алар менен бөлүшкөн окуяларды сүрөттөп берүүлөрү мүмкүн. Мугалимдер жана мектеп администрациясынын персоналы балдар жөнүндө жана алар мектепке калтырбай келишеби же кандай, же үй-бүлөдө зомбулук болуп жаткандыгынын башка мүмкүн болуучу жүрүм-турумдук белгилери жөнүндө маалымат берүүлөрү толук мүмкүн.

Прокурорлор үчүн жакшы тажрыйба иштин материалдарында жабырлануучунун арызынын так жана баарын камтып жазылуусун камсыз кылуу болуп эсептелет, ал эгерде сотто күбө көрсөтмөлөрдү бербей турган болуп калса, далил катары колдонулгандай болуусу зарыл. Жабырлануучунун арызы аны окуя (окуялар жөнүндө), өзгөчө сексуалдык зомбулук менен байланыштуу окуяларда, сот процессинин ар бир этабында керексиз жана кайталанма суракка алуулардан коргоо үчүн колдонулушу мүмкүн. Жабырлануучунун арызы колго жазылган же видеого жаздырылган түрүндө болуусу мүмкүн.

Ишти даярдоодогу дагы бир маанилүү аспект, тиги тараптын коргоочусунун бир жактуу, дискредитациялоочу же сокку ура турган далилдерди келтирүүсү мүмкүн экендигин алдын ала көрө билүү жана пландаштыруу болуп эсептелет. Өзгөчө көңүлдү күбөгө зыян келтире турган,

бирок ишке тиешеси жок же далилдик баалуулугу жок далилдерге буруу керек болот (мисалы, ошол учурга чейинки сексуалдык жүрүм-турумдарынын, репутациясынын, психоактивдүү заттарды кыянаттык менен пайдалануунун ж.б. далилдери). Аялдарга карата зомбулук окуяларында көпчүлүк учурда аялдын жүрүм-туруму, кийими жана жеке жашоосу жөнүндө стереотиптерге жана божомолдоолорго негизделген далилдерди келтирүү үчүн таңууланган суракка алуулар колдонулат. Прокурорлор жабырлануучуларды/күбөлөрдү аларга зыянын тийгизе турган жана иликтенип жаткан окуяга (окуяларга) тиешеси жок терс мүнөздөгү күбөлөндүрүүлөргө каршылыгын билдиргенге жана коргогонго даяр болуулары керек.

Ушул сыяктуу эле соттор дагы териштирүүнүн жүрүшүн көзөмөлгө алуусу керек жана эгерде суроолор айыпкердин күнөөлүү же күнөөлүү эмес экендигин аныктоого эмес, жабырлануучунун мүнөзүнө же ишенимдүүлүгүнө бурулуп жатса, сот кийлигишүүсү зарыл. Чындыгында эле, жабырлануучунун арызынан сырткары иште негиздүү далилдер бар болсо, алардын *ишенимдүүлүгүнө* карата суроолор аз болот.

***Прецеденттик укуктун милдети:***

*«Ю. Словенияга каршы» иши сексуалдык зомбулук жөнүндө иш боюнча кылмыштык териштирүүлөр учурундагы соттун ролуна тиешелүү эле. Негизги иш жабырлануучу тарабынан кылмышкер Х. каршы берген арызына тиешелүү болчу. Анда ал ошол учурда 14 жаштагы кызды жыныстык катнашка барууга мажбурлаган деп белгиленген. Кылмыштык териштирүүнүн жүрүшүндө коргоочу тарап жабыр тарткан кызды жети айдан ашыгыраак созулган төрт отурум убагында ага 100дөн ашык суроо берип кайчылаш суракка алууга дуушар кылган. АУЕС мамлекет Х. каршы кылмыш процессинде Ү. ны толук кандуу коргоо менен камсыз кыла алганбы, анын жеке жашоосун сыйлоого жана өзгөчө анын жеке кол тийбестигине карата коргоо менен камсыз кыла алганбы деген суроону кабыргасынан коюп карап чыккан. АУЕС кайчылаш суракка алуу маалында Х. нын көптөгөн суроолору Ү. га карата ишенимди төмөндөтүүгө жана анын мүнөзүн каралоого багытталгандыгын аныктады. Айыпкердин кайчылаш суракка алууга катышуу укугун таану менен, АУЕС айыпкердин укуктарынын жана жабырлануучунун жеке жашоосунун кол тийбестигине карата укуктарынын ортосундагы тиешелүү тең салмактуулукту сактай албагандыгын аныктады. Жабырлануучунун/күбөнүн ишенимдүүлүгүн талашуу жана анын көрсөтмөлөрүндө дал келбестиктер бар болушу мүмкүн экендигин көрсөтүү үчүн коргоочу тараптын анча-мынча эркин аракеттерге укугу бар экендигин белгилөө менен, АУЕС так белгилеп жарыялады «кайчылаш суракка алуу күбөлөрдү коркутуу же басынтуунун каражаты катары колдонулбашы зарыл».*[164]

### 4.1.3. Мурдагы сексуалдык жүрүм-турумунун далилдери жана соттук-медициналык далилдер

**а) Эл аралык стандарттар**

Стамбул конвенциясынын 54-беренесине ылайык:

*«Тараптар мейли жарандык же кылмыштык териштирүүлөрдө болсун, жабырлануучунун сексуалдык тарыхына жана жүрүм-турумуна тиешелүү далилдерге орундуу жана зарыл болгон учурда гана жол берилүүсүн камсыз кылуу үчүн зарыл мыйзамдык же башка чараларды кабыл алышат».*

[164] «Ю.Словенияга каршы» иши, № 41107/10, 2015 арызы.

Стамбул конвенциясына карата Түшүндүрмө баяндамада көрсөтүлгөндөй:
*«Соттук териштирүүнүн жүрүшүндө жабырлануучулардын сексуалдык тарыхына жана сексуалдык жүрүм-турумуна тиешелүү далилдерди кээде жабырлануучулар өткөргөн далилдерди дискредитациялоо үчүн колдонушат. Коргоочу тарап кээде мурунку сексуалдык жүрүм-турумуна байланыштуу далилдерди колдонушат, бул зордуктоо жабырлануучунун макулдугусуз жасалганын, анын чындыкты атып жаткандыгын, ага урмат-сый менен мамиле кылуу керектигин талашуу үчүн колдонушат. Мындай далилдерди өткөрүү жабырлануучулар жөнүндө, аны ар башкалар менен байланыштырган, жыйынтыгында моралдан аша чапкан жана жарандык жана кылмыш мыйзамы менен коргоого татыксыз деген талкалоочу стереотиптердин тамырынын жайылуусун күчөтүшү мүмкүн. Бул болсо иш жүзүндөгү көз көрүнө тең укуксуздукка алып келет, себеби жабырлануучулар дээрлик көп учурда аялдар болушат, эгерде аларды урмат-сый менен мамиле жасоого, корголууга татыктуу деген пикирде болсок гана алар коргоого ээ болот»*.[165]
Мындан сырткары, Түшүндүрмө баяндамада жабырлануучунун мурунку жашоосундагы сексуалдык жүрүм-туруму аялдарга карата зомбулук жана тиричиликтик зомбулук актыларын актоо катары каралбашы керек, бул айыпкердин күнөөсүн актоого же анын жоопкерчилигин азайтууга алып келбеши зарыл деп баса белгиленген. Мына ошентип, 54-берене жарандык дагы, кылмыштык дагы сот өндүрүшүндө дагы сотто конкреттүү суроого тиешеси бар болсо жана күчтүү далилдөөчү баалуулугу бар болсо, мындай далилдердин болуусун чектейт. Албетте бул мындай далилдерге жол берүүнү жокко чыгарбайт. Эгерде соттор мурунку сексуалдык жашоосундагы далилдерди тааныган учурда, бир гана экинчи жолу виктимизацияланууга алып келбегидей болсо гана аларды сунуштоого жол берилет. [166]
Өзгөчө көңүлдү тиричиликтик жана сексуалдык зомбулук жөнүндө иштер боюнча соттук-медициналык далилдерди чогултууга буруу керек. Жабырлануучуларга багытталган жана гендердик жактан сезимтал ыкманы колдонуу үчүн соттук-медициналык далилдерди чогултуу медициналык мекемеде жеке жагдайда жүргүзүлүшү зарыл.[167]
Тергөөчүлөргө далилдерди чогултууга жардам берген медициналык персонал гендердик зомбулуктун жабырлануучулары менен иштөөдө гендердик көйгөйдү эске алуу боюнча окутуудан өткөн болушу зарыл, ал эми мүмкүн болгон учурларда текшерүү аял кызматкерлер тарабынан жүргүзүлүшү керек. Соттук-медициналык далилдер чогултулган бардык медициналык текшерүүлөр учурунда, конфиденциалдуулук жана жабырлануучунун конфиденциалдуулугу сакталуусу зарыл, тергөөчүлөр жалгыз гана соттук-медициналык далилдерге тиешелүү маалымат берүүлөрү керек.[168] Соттук-медициналык далилдерди чогултуу жабырлануучулар үчүн бардык географиялык аймактарда жеткиликтүү болуусу зарыл. Соттук-медициналык далилдер кайсы жерде орундуу болсо, бир гана ошол жерден чогултулуусу керек. «Айдын Турцияга каршы» ишинде прокурор жабырлануучудан анын төрт жолу соттук-медициналык экспертизадан өтүүсүн талап кылган, мунун баары бир гана максатта анын болжолдуу зордуктоого чейин кыздык белгиси бар беле же жок беле аныктоо үчүн жасалган.[169]

---

[165] Түшүндүрмө баяндама, 277-пункт.
[166] Түшүндүрмө баяндама, 278-пункт.
[167] UNDOC, Полициянын аялдарга карата зомбулукка натыйжалуу чара көрүүсү боюнча окуу куралы, Кылмыш сот адилеттиги боюнча Маалымдамалардын сериясы. 57-бет.
[168] Ошол жерде. 58-бет.
[169] Айдын Турцияга каршы, № 23178/94, 1997 арызы.

«Ю. Словенияга каршы» ишинде АУЕС эксперт-гинекологдун көрсөтмөлөрүнө карата буларды белгиледи:
*«[Эксперт] арыз берүүчүнү полициянын корутундулары жана ортопеддердин корутундулары менен тааныштырган жана аны менен ал эмне үчүн көбүрөөк шамдагай коргонгон эмес деген суроону талкуулап талашкан, мунун натыйжасында ага өздөштүрүү үчүн берилген суроолорго тиешеси жок эле суроолорду козгогон. АУЕСнын пикири боюнча, ал өзүнүн эксперттик корутундусунда берген суроолору жана эскертүүлөрү [эксперттин], ошондой эле юридикалык корутундулары анын милдеттеринин чегинен жана медициналык экспертизанын чегинен чыгып кеткен. Мындан сырткары, ал [эксперт] сексуалдык зомбулуктан жабырлануучусу менен аңгемелешүүнү жүргүзүү боюнча окутуудан өтпөгөндүгү көрүнүп турат, буга кошумча прокуратуранын жана сот органдарынын юрисдикциясына кире турган иштин бөлүктөрүнө анын кийлигишүүсүнүн максаты эмне экендигин түшүнүү кыйын. Арыз берүүчү билдирген дагы бир абдан маанилүү нерсе, ал андан коргоно турган позицияга өтүүгө туура келген, бул болсо АУЕС пикири боюнча, кылмыш ишинин орунсуз түрдө чыңалуусуна алып келген.*[170]

Натыйжада АУЕС «[эксперттин] жүрүм-туруму боюнча мамлекет жоопкерчиликке тартылуусу мүмкүн» деген жыйынтыкка келген. АУЕС башкача чечим чыгаруу үчүн негиздерди таба албай койду, ал эксперт тергөө соту тарабынан дайындалганын баса белгилеген, ал эми талашуу экспертизасы алар тарабынан өздөрүнүн соттук ыйгарым укуктарын ишке ашыруу учурунда дайындалган».[171]

**б) Кыргызстандын мыйзамдары**

Кыргызстанда мурунку сексуалдык жүрүм-турумуна байланыштуу далилдерди өткөрүүнү жана колдонууну жөнгө салган конкреттүү укуктук жобо жок, бул алардын сотто каралуусуна жол берип жатат.
КРнын КПКнын 23-беренесине ылайык судья, сот арачысы, прокурор жана тергөөчү өздөрүнүн милдеттерин аткарууда иштин жыйынтыгына алдын ала ынанымдын же жеке кызыкчылыктардын таасиринде болбоого, каралып жаткан конкреттүү кылмыш ишине карата бир тараптуу болбоого же бир тараптын кызыкчылыктары үчүн экинчи тарапка зыян келтирүүчү негизсиз аракеттерди көрбөөгө тийиш.
Судья, сот арачысы, ошондой эле прокурор, тергөөчү бардык далилдердин жыйындысына негизделген өзүнүн ички ишенимине таянып, мыйзамды жетекчиликке алуу менен далилдерди баалайт. Бул талаптар мурунку сексуалдык жүрүм турум тарыхын далилдери суроосуна дагы тиешелүү.

## 4.2. Соттук териштирүү: Кыргызстандын Кылмыш-жаза кодексинде колдонула турган кылмыштардын курамы жана мүчүлүштүктөр

Стамбул конвенциясы аялдарга карата зомбулукту жана үй-бүлөлүк зомбулукту (үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулук) камтыган конкреттүү аракеттерди криминалдаштырууну, бул

[170] Ү.Словенияга каршы, № 41107/10, 2015 арызы, 113-пункт.
[171] Ошол жерде, 112-пункт.

кылмыштарга карата юридикалык компетенттүүлүктү жана бул үчүн улуттук деңгээлде соттук куугунтоону киргизүүнү талап кылат.

Аялдарга карата зомбулук жана үй-бүлөлүк зомбулук – бул аялдарга карата зомбулуктун формасы, ал укукка каршы аракеттердин кеңири спектрин камтыйт, алардын ичинен көбү жалпы кылмыштар категориясына киргизилиши мүмкүн, аларды тактап көрсөтсөк: өлтүрүү, кол салуу, денесине жаракаттарды келтирүү, зордуктоо жана башка.

Үй-бүлөлүк зомбулуктун айрым формалары мыйзам боюнча КРнын КЖКнин 2021-жылдагы ред. жалпы кылмыштарды колдонуу менен куугунтукка алынуусу менен чогуу, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулукту криминалдаштырган конкреттүү жобону камтыйт (КРнын КЖКнин 177-беренеси, 2021-ж. ред.). Бирок, анда бул кылмыш менен байланыштуу гендердик табиятты, атайын гендердик динамиканы эске алган конкреттүү кандайдыр бир механизм жок. Анда бул кылмышка мүнөздүү болгон жабырлануучунун жана кылмышкердин ортосундагы туугандык байланыш дагы жеткиликтүү эске алынган эмес (зордуктоо кылмыштарын эске албаганда).

Аялдарга карата зомбулуктун башка формаларын ала турган болсок, КРнын КЖКнын 2021-ред. Стамбул конвенциясында камтылган зомбулуктун бардык формаларын камтыбайт, тактап айтканда: төмөндө баяндалгандай аялдардын жыныстык органдарына талкалоочу операциялар (АЖОТА), кош бойлуу аялдын макулдугусуз мажбурлоочу операциялар, мажбурлоочу стерилизация, аңдуу, артынан түшүү.

### 4.2.1. Өлтүрүү / аялдарды өлтүрүү

**а) Эл аралык стандарттар**

Өлтүрүү Жарандык жана саясий укуктардын эл аралык пактысынын 6 –беренесинде (АУЕК 2-беренесинде) корголгон жашоого ээ болуу укугун бузуу болуп эсептелет. Мындай окуяларга жогоруда аталып өткөн тиешелүү деңгээлде кыраакы болуу стандарты колдонулат. Түшүндүрмө баяндамага ылайык, зомбулуктун эң оор формаларынын бири болуп эсептелген өлтүрүүгө же өлтүрүү үчүн кол салууга бөгөт коюу үчүн натыйжалуу талаптарды кабыл алуу зарыл. Мындан аркы превентивдик чараларды жакшылап иштеп чыгуу керек, ал эми иштеп чыгуу үчүн болсо коргоодогу бардык укук бузууларды аныктоо максатында ар бир мындай окуя кылдат анализдөөгө алынуусу зарыл.

**б) Кыргызстандын мыйзамдары**

Кыргызстанда үй-бүлөлүк зомбулук көбүрөөк ырайымсыз, агрессивдүү түргө өтүүдө жана көпчүлүк учурда жабырлануучуну өлтүрүү менен аяктап жатат. Кайгылуу статистика «Зомбулукту бирге токтотобуз!» темасындагы эл аралык онлайн конференцияда КРнын Кризистик борборлордун ассоциациясынын аткаруучу директору Т, Тюлекова тарабынан аталып өттү. Анын сөзү боюнча, 2019-жылы республикада 4 адам өлтүрүү, 2020-жылы – 29, 2021-жылдын жарым жылында – 16 мындай окуя катталган. Муну менен катар үй-бүлөлүк зомбулук боюнча иштердин аз гана бөлүгү сотко чейин жетет, ал эми көп бөлүгү тараптардын элдешүүсү менен аяктайт.[172]

[172] Качан үй-бүлөлүк зомбулук өлтүрүү менен аяктаганда. Борбордук Азия өлкөлөрүнүн тажрыйбасы. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://24.kg/obschestvo/207384_kogda_semeynoe_nasilie_zakanchivaetsya_ubiystvom_opyit_stran_tsentralnoy_azii/

2020-жылдын башында COVID-19 эпидемиясына байланыштуу үй-бүлөлүк зомбулук боюнча кырдаал ого бетер начарлады. КРнын ИИМнин көрсөткүчтөрү боюнча 2020-жылдын январь айынан март айына чейин (карантиндеги жана өзгөчө кырдаал киргизилген 3 айда) Кыргызстандын укук коргоо органдары үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча 2319 кайрылууларды катташкан. Салыштыруу үчүн - бул көрсөткүч 2019-жылдын ушул эле мезгил аралыгына салыштырганда 65% көп. Жабырлануучулардын 95% - 21ден 50 жашка чейинки аялдар.[173]

Үй-бүлөлүк зомбулук өтө оор зыяндарга алып келүүсү мүмкүн, алар КЖКнын беренелери боюнча дагы квалификациялана баштады – алар адам өлтүрүү, ден-соолукка оор, азыраак оор жана жеңил жаракат келтирүү, өзүн өзү өлтүрүүгө жеткирүү, кыйноо ж.б. сыяктуу беренелер. Алсак, 2019-жылы үй-бүлөлүк зомбулуктун жыйынтыгында 2 адам өлтүрүү, 295 факты этиятсыздыктан ден соолугуна оор зыян келтирүү, 59 факты ден соолугуна азыраак оор зыян келтирүү, 50 факты кыйноолор болгон.[174]

КРнын КЖК 2021-жылдагы ред. «Өмүргө каршы кылмыштар" деген 19-Бап өлтүрүү боюнча 8 (сегиз) беренени камтыйт (122-129-беренелер). 122-берене (1-б.) өлтүрүүгө тыюу салат, т.а., 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн квалификациялоочу белгилери жок болсо, 18 оордотуучу жагдайга чейин саноо менен өлтүрүүнүн формаларынын оордотуучу жагдайларын аныктайт, ага кош бойлуу аялды өлтүрүү, алсыз абалдагы баланы, адамды өлтүрүү же басмырлоочу мотивдер боюнча өлтүрүү кирет. 122-берене (2-б.) жыныстык белгиси боюнча басмырлоочу мотивдерге шилтеме келтирбейт, бир гана расалык, этникалык, диний, улуттук же аймактык карама-каршылык (каршылашуу) белгилери боюнча мотивди гана камтыйт.

Мындан сырткары, КРнын КЖК 2021-ред. жашоо укугунан ажыратуу менен байланыштуу жумшартуучу кылмыш жоопкерчилиги шартындагы кылмыштардын 7 (жети) түрүн караштырган, тактап айтканда:

1) 123-берене. Аффект абалында адам өлтүрүү;
2) 124-берене. Зарыл коргонуунун чектеринен аша чабуу же болбосо кылмыш жасаган адамды кармоо үчүн зарыл болгон чаралардан аша чабуу менен адам өлтүрүү;
3) 125-берене. Эненин жаңы төрөлгөн баласын өлтүрүүсү;
4) 126-берене. Боор ачуу менен адам өлтүрүү (эвтаназия);
5) 127-берене. Этиятсыздыктан өлүмгө алып келүү;
6) 128-берене. Өзүн-өзү өлтүрүүгө жеткирүү;
7) 129-берене. Өзүн-өзү өлтүрүүгө түрткү берүү.

КРнын КЖКнин 123-беренеси кийинкилерге негиздеп, тактап айтканда жабырлануучунун козутуучу аракеттеринен жана/же укукка жат аракеттеринен жана айыпкердин кадыр-баркына же ар-намысына каршы кылмыштарда кылмыш жоопкерчилигин жумшартат. Жыйынтыгында,

---

[173] "Кыргыз Республикасында COVID-19 аялдардын жана эркектердин абалына тийгизген таасири" изилдөөсүнүн жыйынтыгы боюнча отчет. Ыкчам гендердик анализ».// https://kyrgyzstan.un.org/sites/default/files/2020-06/RUS_Gender%20Rapid%20Assessment%20of%20COVID-19%20impact_May%202020_final.pdf Кин. Кит. б.цитат.: Кыргыз Республикасынын позитивдүү милдеттенмелеринин анализи жана үй-бүлөлүк зомбулук менен байланыштуу иштер боюнча сот тажрыйбасынын обзору. Бишкек, 2021. 6-бет. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://notorture.kg/wp-content/uploads/2021/06/analiz_pozitivnyh_ob_po_borbe_s_DN_2021.pdf

[174] «Үй-бүлөлүк зомбулук менен күрөшүү: жабырлануучулар корголгонбу?». Зубенко А. ( көз карандысыз изилдөөчү, CABAR.asia аналитикалык мектебинин катышуучусу (Бишкек). Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://cabar.asia/ru/borba-s-semejnym-nasiliem-v-kyrgyzstane-zashhishheny-li-zhertvy

айрым окуялардагы аялдын сексуалдык жүрүм-турумунун тарыхы, жубайлык көзүнө чөп салууга айыптоо же анын кежирлиги өлтүрүүгө алып келген, эркек адамдар болсо «аффект» абалында болуучу деген актоого кызмат кылууда.

Мисал катары Токмок шаарынын тургуну өз аялын аффект абалында өлтүрүүсү жөнүндө ишти келтирсек болот, муну үчүн ал 2 жылга абакка олтуруу 1 жылга сыноо мөөнөтү жазасын алды.

Иштин фабуласы мындай: *«Сот Токмоктун 61 жаштагы жашоочусу 2018-жылдын августунда болжол менен 21.30дар чамасында аялы менен уруша кеткенин аныктады. Өз дарегине карата мазактоодон улам күчтүү эмоционалдык чыңалууга кабылгандыктан жана капыстан жан дүйнөсүндө пайда болгон эмоционалык дүүлүгүүдөн улам, аялын катуу предмет менен бир нече жолу башка чапкан. Аял алган жаракаттарынан улам Токмок ооруканасына жаткырылган. Медицина кызматкерлеринин аракеттерине жана жасалган операцияга карабастан, аял өзүнө келбей көз жумган. Эркек сотто өз айыбын толугу менен моюнуна алган. Ал өкүнүп жаткандыгын айткан жана ал аялын уруп жаткан учурда өзүнүн жасап жаткан аракеттерине отчет бербей калганын, өзүнө эмне болгонун билбей калганын айткан. Анын сөзү боюнча, аялы аны дайыма мазактачу. Ал кылмышты жасап жаткан убакта аялынын мазактоолорунан улам аффект абалында болгону маалымдалат».*[175]

Бул иште ошол кезде күчүндө турган КРнын Жазык кодексинин 131-беренесине ылайык аял тарабынан дайыма мазактоого кабылгандыктан, анын жан дүйнөсүн күчтүү козутууга (аффектке) алып келген деген жумшартуучу жагдайдын негизинде ушундай жаза дайындалып олтурат.

Ошондой эле адвокаттардын көрсөткүчтөрү боюнча соттук процесстерде зомбулук менен байланыштуу иштерди негизинен эркек соттор карашат, ошондой эле облустук соттордогу экинчи инстанцияларда кылмыштарды кароо коллегиясынын баары дээрлик эркек соттордон турат. Адвокаттардын пикири боюнча бул чечим кабыл алууда терс таасирин тийгизет, себеби эркектер көпчүлүк учурда аялдарга карата стереотиптик көз караштарга жакын болушат.

2017-жылы Кыргыз аял соттору ассоциациясы (КАСА) тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөнүн көрсөткүчтөрү [176], сексуалдык зомбулук иштери боюнча коргоо көп учурда «зомбулук жасоого өзү козутту деп сүрөттөлгөн» жабырлануучулардын моралдык турпатынын орунсуздугун түзүү аракетинен куралгандыгын көрсөттү. Мындай версияларын ырастоо үчүн айыпкерлердин адвокаттары соттордун жабырлануучуну туура эмес, орунсуз адам катары кабыл алуусуна жетишүүгө жан үрөп жанталашышат. Муну үчүн алар алар жабырлануучунун биографиясынан алардын «жаман» репутациясын көрсөтө турган бардык фактыларды издешет.

Ушуга байланыштуу, «моралдан сырткары», «козутуучу» жүрүм-турумдун стереотиптерге жана гендердик концепцияга негизделүүсү тажрыйбасы колдонулуп жаткан ченемдердин укуктук жактан аныктыгына күмөн саноо пайда болот жана укуктук коргоонун натыйжалуу каражаттарына

---

**175** Токмок шаарынын тургуну өз аялын өлтүргөндүгү үчүн 2 жылга абакка олтуруу менен 1 жылга сыноо мөөнөтү жазасын алды 31.10.2018-ж..Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://kabar.kg/news/muzhchina-poluchil-2-goda-uslovno-za-ubiistvo-zheny-v-sostoianii-affekta-v-tokmoke/

176 Караңыз.: Кыргыз Республикасында Аялдарга жана кыздарга карата кылмыштар боюнча сот тажрыйбаларына изилдөө жүргүзүү жөнүндө аналитикалык отчет. БУУӨПтүн «Кыргызстанда гендердик зомбулуктун алдын алуу» долбоорунун алкагында, АКШнын Мамлекеттик департаментинин колдоо көрсөтүүсү астында «Кыргыз аял сотторунун ассоциациясы» коомдук бирикмеси тарабынан ишке ашырылып, иштелип чыккан. (Түзүүчүлөр: Айдарбекова Ч.А., Борончиева Г.И., Дуйшенбекова Г.С., Илибезова Л., Качикеева Б., Тюлекова Т.). – Бишкек, 2017. 120-бет.

Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү:
file:///C:/Users/SFCG1/Downloads/Analyticheskii_Otchet_po_Gendernomy_Nasiliyu_RU%20(1).pdf

шек келтирет, демек ар бир кылмышка татыктуу чен өлчөмдүү жана таразаланган санцияларды колдонууну талап кылат.

### 4.2.2. Дене бойлук зомбулук

**а) Эл аралык стандарттар**

Стамбул конвенциясынын 35-беренеси мамлекеттерден «экинчи адамга карата дене бойлук зомбулук актыларын атайылап жасоону кылмыш катары квалификациялоону» талап кылат. «Дене бойлук зомбулук» термини күтүүсүз жана мыйзамсыз дене бойлук күчтү колдонуунун жыйынтыгында денеге келтирилген жаракаттарга кирет. Бул ошондой эле, жабырлануучунун өлүмүнө алып келген зомбулукту дагы камтыйт.

**б) Кыргызстандын мыйзамдары**

КРнын Кылмыш-жаза кодекси (2021-жылдагы ред.) дене бойлук зомбулуктун ар түрдүү формаларын камтыган кылмыштардын кеңири чөйрөсүн аныктайт.
20-Главасы «Ден соолукка каршы кылмыштарга» карата кылмыштык куугунтуктоону сунуш кылат, ал ден соолукка оор зыян келтирүүдөн башталып, дене бойго жеңил жаракаттарды келтирүү менен аяктайт. Муну менен катар эле, КРнын Кылмыш-жаза кодекси 2021-ж.ред. адам өлтүрүүгө тиешелүү дагы, ошондой эле дене боюна жаракаттарды келтирүүгө тиешелүү дагы жоболордо кылмыш жоопкерчилигине тарта турган негизги кылмыштарды өзүнө камтыйт, анда үй-бүлөлүк зомбулук жасагандыгы үчүн айыпкер адамдар жоопкерчиликке тартылуусу мүмкүн.
«Позитивдүү диалог» коомдук фонду жүргүзгөн анализде келтирилген статистика боюнча 2019-2020-жылдардагы тиричиликтик зомбулук окуяларынын көпчүлүгү ошол кезде күчүндө турган Жоруктар жөнүндө кодекстин 2017-ж.ред. «Үй-бүлөдөгү зомбулук» 75-беренесинен **(6456 окуя)** кийин эле, Жоруктар жөнүндө кодекстин 2017-ж.ред. «Уруп-сабоо» 65-беренеси боюнча **(674 окуя)** катталган.[177]
Азыркы учурда болсо «Уруп сабоо» (56-бер.) Укук бузуулар кодексинин 2021-ж.ред. укук бузуулар категориясына кирет, т.а., КРнын Кылмыш-жаза кодексинин мааниси боюнча кылмыш жоопкерчилигине жатпайт. Уруп-сабоо эгерде бул аракеттерде кылмыш-жаза жоопкерчилиги каралган квалификациялык белгилер камтылбаса, дене бойлук ооруларды келтирген уруп-сабоо же башка зомбулук аракеттерди жасоо катары аныкталат. Ушундан улам аны кылмыштын башка курамдары сыяктуу эле, КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ж.ред. 138-беренесинин 1-бөлүгүндө караштырылган кылмыштын курамынан айырмалоо зарыл, тактап айтканда:

**3 -таблица.**

| УБжК беренелери, 2021-ж.ред. | КРнын Кылмыш-жаза кодексинин беренелери, 2021-ж. ред. |
|---|---|
| **56-берене. Уруп-сабоо** | **138-берене. Уруп-сабап кыйноо** |

[177] Караңыз.: Кыргыз Республикасынын позитивдүү милдеттенмелеринин анализи жана үй-бүлөлүк зомбулук менен байланыштуу иштер боюнча сот тажрыйбасынын обзору. Бишкек, 2021. 29-бет.
Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү:
: https://notorture.kg/wp-content/uploads/2021/06/analiz_pozitivnyh_ob_po_borbe_s_DN_2021.pdf

| | |
|---|---|
| Дене бойлук ооруларды келтирген уруп-сабоо же башка зомбулук аракеттерди жасоо, эгерде бул аракеттерде кылмыш-жаза жоопкерчилиги каралган квалификациялык белгилер камтылбаса, – 200 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга, же болбосо 20дан 40 саатка чейинки мөөнөткө коомдук иштерге тартууга алып келет. | 1. Эки же андан көп жолу уруп-сабоо же болбосо башка зомбулук аракеттер менен дене боюна же психикалык жапа чегүүгө алып келсе, эгерде ушул Кодекстин 130 жана 131-беренелеринде каралган кесепеттерге алып келбесе, -<br><br>бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына же 500дөн 1000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.<br><br>2. … |
| **57-берене. Ден соолукка атайын жеңил зыян келтирүү**<br><br>Адамдын ден соолугунун кыска убакытка бузулуусуна алып келбеген ден соолукка атайын жеңил зыян келтирүү, –<br><br>200 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга, же болбосо 20дан 40 саатка чейинки мөөнөткө коомдук иштерге тартууга алып келет. | **136-берене. Ден соолукка жеңил залал келтирүү**<br><br>Ден соолуктун кыска убакытка бузулуусуна же эмгекке жарамдуулукту олуттуу эмес туруктуу жоготууга алып келген ден соолукка жеңил залал келтирүү, -<br><br>200дөн 500 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же кырк сааттан жүз саатка чейин коомдук иштерге тартууга жазаланат. |
| **58-берене. Зарыл коргонуу чектеринен аша чабууда, укук бузуу жасаган адамды камакка алуу үчүн зарыл болгон чаралардан аша чабууда ден соолукка атайылап анча оор эмес зыян келтирүү**<br><br>Зарыл коргонуу чектеринен аша чабууда, укук бузуу жасаган адамды камакка алуу үчүн зарыл болгон чаралардан аша чабууда ден соолукка атайылап анча оор эмес зыян келтирүү, –<br><br>100 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга, же болбосо 20дан 40 саатка чейинки мөөнөткө коомдук иштерге тартууга алып келет. | **132-берене. Зарыл коргонуу чектеринен аша чабуу, ошого тете кылмыш жасаган адамды кармоо үчүн зарыл болгон чаралардан аша чабуу менен ден соолукка оор залал келтирүү**<br><br>Зарыл болгон коргонуунун чектеринен аша чабуу менен, ошого тете, кылмыш жасаган адамды кармоо үчүн зарыл болгон чаралардан аша чабуу менен ден соолукка оор залал келтирүү, -<br><br>эки айдан бир жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына же 200дөн 500 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга жазаланат. |
| **59-берене. Жардам көрсөтпөө**<br><br>Эгерде күнөөлүү жак жабыр тарткан жакка жардам көрсөтө ала туруп, өмүрү же ден соолугу үчүн коркунучтуу болгон абалда турган жана жаш бала, карыя, оору же алсыздыгынын натыйжасында | **145-берене. Жардам көрсөтпөй коюу**<br><br>Балалыгына (он төрт жашка чейин), карылыгына, оорусуна же алсыз абалына байланыштуу өзүн сактап калууга мүмкүнчүлүгү болбогон жана өмүрү же ден соолугу үчүн коркунучтуу абалда калган |

| | |
|---|---|
| өзүн-өзү сактоо чараларын көрүү мүмкүндүгүнөн ажыраган адамга жардам көрсөтпөө же жабыр тарткан жактын ушундай абалы жөнүндө тиешелүү мекемелерге же болбосо жактарга билдирбөө, –<br><br>жеке жактарга 100 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга, же болбосо 20дан 40 саатка чейинки мөөнөткө коомдук иштерге тартууга алып келет. | адамга, эгерде күнөөлүүнүн жабырлануучуга жардам берүүгө мүмкүнчүлүгү болуп, жардам көрсөтпөө, же жабырлануучунун мындай абалы жөнүндө тиешелүү мекемелерге же болбосо адамдарга билдирбей койсо, эгерде этиятсыздыктан ден соолукка оор залал келсе, -<br><br>эки айдан бир жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына же 200дөн 500 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга, же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен же аны колдонбостон үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат. |
| **70-берене. Үй-бүлөлүк зомбулук**<br><br>Үй-бүлөлүк зомбулук (үй-бүлөдөгү зомбулук) – бул дене-бойлук, психологиялык, экономикалык зомбулукту атайылап колдонуу же дене-бойлук зомбулук кылуу менен коркутуу, ошондой эле үй-бүлө мүчөсүнүн бири /ага теңештирилген жак тарабынан үй-бүлөнүн башка мүчөсүнө/ага теңештирилген жакка карата кайдыгер мамиле, –<br><br>40 саатка коомдук иштерге тартууга, же болбосо үчтөн жети суткага чейин камакка алууну колдонууга алып келет. | **177-берене. Үй-бүлөлүк зомбулук**<br><br>Үй-бүлөнүн бир мүчөсүнүн үй-бүлөнүн башка мүчөсүнө же ага теңештирилген адамга карата жабырлануучунун конституциялык жана башка укуктарын жана эркиндиктерин бузган, ошого тете анын дене боюн же психикасын жабыркаткан, дене боюнун же психикалык өнүгүшүнө зыян келтирген, ден соолукка анча оор эмес залалга алып келген ар кандай атайын аракеттери, -<br><br>эки айдан бир жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына же болбосо кырктан жүз саатка чейинки коомдук иштерге тартууга же беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат. |

Жогоруда келтирилген салыштырма таблицадан көрүнүп тургандай, УБжК боюнча укук бузуулардын жана КЖК боюнча кылмыштардын курамдарынын обьективдүү жактары, санкцияларга караганда анча маанилүү эмес айырмаланышат. *Мисалы,* үй-бүлөлүк зомбулук үчүн – УБжК боюнча максималдуу түрдө 7 суткага камакка алуу, ал эми Кылмыш-жаза кодекси боюнча – 5 жылга чейин эркинен ажыратуу; уруп-сабоо үчүн (УБжК) – максималдуу жаза чарасы коомдук жумуштар, ал эми уруп-сабап кыйноо үчүн (Кылмыш-жаза кодекси) - 3 жылга чейин эркинен ажыратуу. Натыйжада укук колдонуучу органдар тарабынан кыянаттык менен пайдалануунун мүмкүн экендиги жогорулап жатат.

Уруп-сабоо – бул жабырлануучулардын денесине көп кайталанган соккуларды уруу, аны уруп сабоо. Соккулардын катуу жабык курал менен көп жолу кайталанып урулат (үч жолу жана андан

көп). Дене бойлук ооруксунтууларды келтире турган башка зомбулуктуу аракеттер чымчуудан, кескилөөдөн, колун толгоодон, жабырлануучунун денесинин тигил же бул бөлүгүн кандайдыр бир предметтердин жардамы менен чымчылоодон, ага от же башка табигый-биологиялык факторлор менен таасир этүүдөн (мисалы, жаныбарларды же курт-кумурскаларды колдонуу аркылуу) ж.б. турат, мунун баары дене бойлук ооруксунтуу келтирүү менен коштолот.[178]

Ошондой эле, уруп-сабоо – укук бузуунун жеткен чеги, андан төмөн жоопкерчиликке тарта турган эч кандай аракеттер болушу мүмкүн эмес. Алсак, мисалы уруп- сабоо үй-бүлөлүк зомбулук учурунда орун алган, эрежеге ылайык узак убакыт бою жасалган актылардын сериясынан турган, ар бирине өз алдынча жаза караштырылбаган (мисалы, жаакка бир жолу чабуу, чачынан сүйрөө) бир катар зомбулук актыларын камтыбайт.

Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 56 жана 70-беренелеринин маанисине токтолсок, үй-бүлөнүн бир мүчөсүнө/ага теңештирилген адамга карата жасалган бул зомбулук актыларынын баары, уруп-сабоого дал келгени жана дал келбегени дагы үй-бүлөдөгү дене бойлук зомбулук катары УБжК 70-беренеси боюнча квалификациялануусу керек, ал эми башка адамдарга карата уруп-согуулар УБжКнин 56-беренеси боюнча квалификациланууcу зарыл.

Башкача айтканда, УБжК 70-беренесинин диспозициясы кылмыштын обьектиси жана субьектиси түрүндө туугандардан жана жубайлардан турган адамдардын айлампасын аныктайт. Ошондой эле, мындай зомбулуктун бир жолу орун алганы жетиштүү болот, ал эми кайрадан кайталанса уруп-сабап кыйноо катары (Кылмыш-жаза кодексинин 138-бер. 2021-ж.ред.) квалификацияланышы зарыл, эгерде ден-соолукка азыраак оор зыян келтирсе, анда Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ж.ред. 177-беренеси боюнча үй-бүлөлүк зомбулук катары квалификацияланат.

Эгерде, ден-соолукка андан дагы оор зыян келтирсе же өлүмгө алып келсе, анда КРнын Кылмыш-жаза кодексинин тиешелүү беренелери боюнча квалификациялоо зарыл, себеби үй-бүлөлүк зомбулук Кылмыш-жаза кодексинин – адам өлтүрүү, ден соолукка оор жана азыраак оор залал келтирүү, өзүн өзү өлтүрүүгө жеткирүү, уруп-сабап кыйноо ж.б. беренелери боюнча квалификациялана турган көбүрөөк оор зыяндарга алып келет. Алсак, 2020-жыл ичинде Башкы прокуратуранын, ИИМдин жана Жогорку соттун көрсөткүчтөрү боюнча үй-бүлөлүк зомбулук төмөнкүдөй көрсөткүчтө орун алган:[179]

**4-таблица.**

| КРнын Жазык кодексинин беренелери, 2017-ж.ред. (учурда күчүн жоготкон) | Башкы прокуратуранын көрсөткүчтөрү (БП) | ИИМдин көрсөткүчтөрү | Жогорку соттун көрсөткүчтөрү (ЖС) |
|---|---|---|---|
| Киши өлтүрүү (130-берене) | 20 | 29 | 17 |
| Аффект абалында киши өлтүрүү (131- | | 1 | |

[178] Караңыз.: КРнын Кылмыш-жаза кодексине карата комментарий, 1-октябрь, 1997-жыл, №68 (2019-жылдын 1-январында күчүн жоготкон, КРнын Мыйзамынын негизинде, 24-январь, 2017-жыл, N10), 110-беренеге. Уруп-сабоо; Россия Федерациясынын Кылмыш кодексине комментарий, М, 116-беренеге карата. Уруп-сабоо, кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://docs.cntd.ru/document/420368849

[179] Караңыз.: Кыргыз Республикасынын позитивдүү милдеттенмелеринин анализи жана үй-бүлөлүк зомбулук менен байланыштуу иштер боюнча сот тажрыйбасынын обзору. Бишкек, 2021. 28-29-беттер.
Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү:
https://notorture.kg/wp-content/uploads/2021/06/analiz_pozitivnyh_ob_po_borbe_s_DN_2021.pdf

| | | | |
|---|---|---|---|
| берене) | | | |
| Өзүн-өзү өлтүрүүгө жеткирүү (136-берене) | 6 | | |
| Ден соолукка оор зыян келтирүү (138-берене) | 12 | 22 | 19 |
| Ден соолукка анча оор эмес зыян келтирүү (139-берене) | 59 | 58 | 29 |
| Аффект абалда ден соолукка оор зыян келтирүү (141-берене) | | 1 | |
| Ден соолукка этиятсыздыктан оор зыян келтирүү (142-берене) | | 1 | |
| Уруп-согуп кыйноо (144-берене) | 19 | 21 | 9 |
| Өмүргө жана ден соолукка коопту зомбулукту колдонуу менен коркутуу (145-берене) | 4 | 15 | |
| Зордуктоо (161-берене) | 27 | 33 | 10 |
| Сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер (162-берене) | 5 | 6 | 6 |
| Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо (163-берене) | 4 | 2 | |
| Он алты жашка жетелек адам менен сексуалдык мүнөздөгү аракеттер (164-берене) | 1 | 4 | |
| Ыплас аракеттер (165-берене) | 15 | 15 | |
| **Жоруктар жөнүндө кодекстин беренелери, 2017-ж.ред. (учурда күчүн жоготкон)** | **БП** | **ИИМ** | **ЖС** |
| Уруп-сабоо (65-берене) | 463 | | |
| Ден соолукка жеңил зыян келтирүү (66-берене) | 554 | | |
| Үй-бүлөдөгү зомбулук (75-берене) | 8023 | 9025 | |
| Убактылуу коргоо ордеринин шарттарын аткарбоо (76-берене) | 33 | 33 | |
| Башкалар | | 133 | |

Бирок, булардын көпчүлүгү зомбулук үй-бүлөнүн мүчөлөрүнө карата жасалганын эске албастан, жалпы тартипте каралып келген жана карала берет, бир гана КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ж.ред. «Ден соолукка оор залал келтирүү» беренесинин 2-бөлүгүндө (2-п.) үй-бүлө мүчөсүнө карата жасалган ошол эле жосундун оордотуучу белгисинин негизинде квалификациялоо каралган.

Ошондой эле, үй-бүлөлүк зомбулуктун башка формалары, бир эле дене бойлук эмес психологиялык, экономикалык зомбулук же дене бойлук зомбулук жасайм деп коркутуу, үй-бүлөнүн башка мүчөсүнө/ага теңештирилген адамга карата этибарсыз мамиле деген түрлөрү дагы ушул эле схемада квалификацияланышы керек.

Бирок, КРнын Кылмыш-жаза кодексине ылайык зомбулуктун бул саналып өткөн көп түрүнүн баары кылмыш деп эсептелбейт (т.а., алар УБжК боюнча укук бузуу болуп эсептелет). КРнын Кылмыш-жаза кодексинин «Үй-бүлөлүк зомбулук» 177-беренеси боюнча кылмыштык куугунтуктоо жүзөгө ашырылуусу мүмкүн, эгерде ден соолукка оор зыян келтирилсе. Муну менен катар УБжКнын 70-беренеси дагы Стамбул конвенциясына ылайык криминализациялоону талап кылган аракеттердин спектрин камтыганы менен, бирок Стамбул конвенциясынын жоболору аларды кылмыш катары кароо деңгээлине чейин криминалдаштырбайт.

Ушул жерден «В.К Болгарияга каршы» деген ишти эске сала кетүү маанилүү. Анда АББЖК Комитети укук бузуу орун алганын тааныган, анткени төмөнкү инстанциядагы улуттук сот жабырлануучунун коргоо жөнүндө токтом чыгаруу өтүнүчүн четке каккан. С*ебеби кылмышкерге сокку уруу улуттук мыйзам боюнча зомбулуктун босоголук көрсөткүчүнө шайкеш келген эмес.* Комитет эскерткен, жыныстык белгиси боюнча зомбулук *«дене бойлук залал келтирүүчү аракеттер менен эле чектелип калбайт, ал ошондой эле психикалык же сексуалдык залал келтирүүчү аракеттерди, же болбосо мындай зомбулуктарды жасай тургандыгы жөнүндө коркутууларды, азаптанууларды, мажбурлоолорду же эркиндигинен ажыратууну камтыйт»* жана «башка соттор дагы арызданууучунун эмоционалдык жана психологиялык азаптанууларына кайдыгердик менен мамиле жасашып, бир гана анын өмүрүнө жана ден соолугуна түз жана түзмө-түз коркунуч келтирүү суроосуна, анын дене боюнун кол тийбестиги суроосуна өзгөчө көңүл бурушкандыгын» аныктап чыккан».[180]

Ошондой эле, КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 27-беренесине ылайык (6-б.), үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын убактылуу коргоо ордеринин шарттарын аткарбоосу кылмыш жоопкерчилигине алып келет жана анын таасирин токтотпойт. Бирок, УБжКнын 76-беренесине ылайык укук бузуу үчүн жоопкерчилик караштырылган.

Демек, үй-бүлөлүк зомбулукка байланыштуу кылмыштардын өзүнчө курамын бир гана КРнын Кылмыш-жаза кодексинде караштыруу зарыл, ага келтирилген зыяндардын деңгээлинен көз карандысыз түрдө УБжКда караштырылган зомбулуктун бардык формаларын өткөрүш керек жана КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ж.ред. 177-беренесине эгерде ден соолугуна ашыкча оор зыян келтирилсе же өлүмгө алып келсе, же болбосо системалуу мүнөзгө ээ болсо оордотуучу жагдай киргизилиши зарыл, бул мындай жагдайларды квалификациялаган өзүнчө бөлүктөрү боюнча дагы катар караштырылуусу зарыл, же болбосо бул КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 130-беренесинде (2-бөл.1-пункту) караштырылгандай Кылмыш-жаза кодексинин башка тиешелүү беренелеринде көрсөтүлгөн квалификацилоолор менен катар теңме тең жүргүзүлүшү зарыл, алсак:

a) үй-бүлөдө же жакын өнөктөштөрү тарабынан жасалган зомбулук; жана

b) уланган жана үзгүлтүксүз мүнөзгө өткөн зомбулук.

Бул кылмыш сот адилеттиги системасынын үй-бүлөлүк зомбулук кылмышынын мүнөзүн жакшы түшүнүүсүнө жол ачмак жана андан жабырлануучулар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусун камсыз кылмак.

### 4.2.3. Психологиялык зомбулук

**а) Эл аралык стандарттар**

[180] АББЖК, № 20/2008 билдирүү, 9.8, 9.9-пункттары.

Стамбул конвенциясынын 33-беренеси, тараптардан *психологиялык зомбулукту* криминалдаштырууну талап кылат, психологиялык зомбулук мажбурлоо же коркутуу жолу аркылуу адамдын психологиясынын бүтүндүгүн олуттуу түрдө бузууга багытталган, атайын жасалган жүрүм-турум болуп эсептелет.

Түшүндүрмө баяндамага ылайык:

*«Бул жобо өзүнчө окуяга эмес, жүрүм-турумдун образына тиешелүү. Ал үй-бүлөдө же анын сыртындагы чектерде - убак-убагы менен болуп турган ырайымсыз жүрүм-турумдун кылмыштуу мүнөзүн чагылдырууга арналган»*.[181]

Психологиялык зомбулук жасагындыгы үчүн соттук тартипте милдеттүү түрдө куугунтукка алууну жүзөгө ашыруу дагы эл аралык укуктун башка булактарынан келип чыгат. АУЕС мисалы, Адам укуктары боюнча Европа Комиссиясынын тарапташтары үй-бүлөдө жабырлануучу дене бойлук жаракаттардан жабыркабаса дагы, үй-бүлөлүк зомбулук окуяларын натыйжалуу иликтөө боюнча позитивдүү милдеттенмени аткаруулары керектигин белгилеген.[182]

АББЖК Комитети *«В.К.Болгарияга каршы»* иши боюнча ушуга окшош корутунду кабыл алган, анда «гендердик зомбулук, дене бойлук залал келтирүү менен чектелбейт, ошондой эле психикалык азаптанууну алып келген аракеттерди дагы камтыйт» деп айтылат».[183]

Психологиялык зомбулук көзөмөлдөөчү жүрүм-турумду өзүнө камтыйт, ал кийинкидей формалардын кеңири спектри аркылуу ишке ашырылат: шылдыңдоолордун, басынтуулардын жардамы менен коркутуу, кандай гана түрдөгү болбосун басынтуулар, жабырлануучунун чөйрөсүнөн/жакын туугандарынан ж.б. бөлүү, четтетүү. Психологиялык зомбулук ошондой эле каржы ресурстарынан ажыратуу же чектөө сыяктуу экономикалык зомбулуктун формалары менен байланыштуу болуусу мүмкүн.

Психологиялык зомбулукту криминализациялоо жана аны соттук куугунтуктоо – жөнөкөй милдет эмес.  «БУУнун Аялдар түзүмү» уюму «мажбурлоочу көзөмөлдөө» деген терминди колдонууну сунуш кылууда, анда зыян келтирүүчү, укукка каршы жүрүм-турум экенине басым жасоого чакырат.[184]

«Мажбурлоочу көзөмөлдөө» психологиялык жана экономикалык көзөмөлдөөнү камтыйт, бул болсо аларды доминирлөө модели менен байланыштырат. Бул коркутуу, четтетүү жана басынтуу каражаты аркылуу көзөмөлдөөнүн жеткен чегине кирет жана укуктук чараларды чындыгында эле зыяндуу болуп саналган, жабырлануучунун эркиндигине жана кадыр-баркына кол салган жүрүм-турумдарга багыттайт.

Жакында эле бул чөйрөдөгү алдыңкы тажрыйба Улуу Британияда болуп өттү, аларда 2015-жылдын 3-мартында оор кылмыштар жөнүндө жаңы Мыйзам кабыл алынды.[185] Мыйзам интимдик же үй-бүлөлүк мамилелердеги көзөмөлдөөчү же мажбурлоочу жүрүм-турум түрүндөгү жаңы кылмышты караштырган (76-берене). Жаңы кылмыш экинчи адамга карата көзөмөлдөөчү же мажбурлоочу мүнөздөгү бир жолку эмес же үзгүлтүксүз түрдөгү жүрүм-турумду жасагандыгы

---

[181] Түшүндүрмө баяндама, 181-пункту.

[182] Караңыз., мисалы, «Опуз Турцияга каршы» иши, Арыз № 33401/02, 2009; «Хайдуов Словакияга каршы» иши, Арыз № 2660/03, 2010.

[183] Ошол жерде.

[184] Аялдарга жана кыздарга карата зомбулукту токтотуу боюнча виртуалдык маалыматтык борбор, кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: www.endvawnow.org/en/articles/398-definitionof-domestic-violence.html?next=399

[185] Оор кылмыштар жөнүндө Мыйзам, 3-март, 2015-жыл, Бириккен Королдук, кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: www.legislation.gov.uk/ukpga/2015/9/section/76/enacted

үчүн жана мунун жабырлануучуга олуттуу таасирин тийгизгендиги үчүн кылмыш жоопкерчилигин караштырат. Бул жобого ылайык, жабырлануучуну эң жок дегенде эки себеп боюнча кооптонууга мажбур кылса (1) ага (аялга/эркекке) каршы зомбулук колдонулса, же (2) эгерде бул жабырлануучунун күнүмдүк ишмердүүлүгүнө таасирин тийгизип, аны олуттуу тынчсыздануу же сарсанаа болуу абалына жеткирсе, анда көзөмөлдөөчү же мажбурлоочу жүрүм-турум олуттуу залал келтирди деп таанылат. Бул кылмыштын артында аны ким жасаса дагы 5 жыл абакка отургузуу жана айып пул түрүндөгү максималдуу жаза күтүп турат.

**б) Кыргызстандын мыйзамдары**

КРнын Кылмыш-жаза кодексинде 2021-ж.ред. үй-бүлөлүк зомбулуктун психологиялык формаларын көрсөткөн, ырайымсыз жана көзөмөлдөөчү формаларды камтыган конкреттүү жоболор жок. КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ж.ред. 177-беренеси «Үй-бүлөлүк зомбулук» деген кылмыштын конкреттүү курамын камтыйт, анда анын түзүүчү элементи катары «психологиялык азаптануу» дагы камтылган, бул колдоого аларлык, себеби бул үй-бүлөлүк зомбулук окуяларында психологиялык элемент үчүн дагы кылмыштык куугунтуктоону жүзөгө ашырууга жол ачат.

Бирок, бул жердеги олуттуу тоскоолдук Кылмыш-жаза кодексинде «психологиялык азаптануу» түшүнүгүнө аныктама берилбейт, ал эми бул «Үй-бүлөлүк зомбулук» деген 177-беренеде, кылмышкер азапка салууга жетишүү үчүн колдонгон каражаттар же аракеттер кайсылар болушу мүмкүн экендигин түшүндүргөн шилтеме жок. Мындай аныксыздык бул жобонун натыйжалуу колдонулушуна тоскоолдуктарды пайда кылат жана КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ред. 37-беренеси боюнча мындай кылмышты жасоого аракеттенген учурда укук колдонуу тажрыйбасына көйгөйлөрдү пайда кылат.

Мындан сырткары, бул беренеге ылайык психологиялык зомбулук үчүн айыпкер эгерде ал ден соолукка азыраак оор залакасын тийгизсе, жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн. Ал эми үй-бүлөнүн башка мүчөсүнө карата чоң зыян келтирсе, мисалы оор залал келтирүү бир гана 130-берене боюнча (2-бөл. 1-п.) «Ден соолукка оор залал келтирүү» жоопкерчилик караштырылат. Бирок, бул беренеде психологиялык эмес, дене бойлук жаракаттар жөнүндө сөз болуп жатат.

Кылмыш-жаза кодексинде башка «Кыйноолор» деген 137-берене бар, ал “психикалык жапа чегүүгө алып келүү» деген түзүүчү элементти камтыйт жана бардык мүнөздөгү басмырлоого негизделген (т.а., анын ичинде жынысы боюнча дагы) оордотуучу формага дагы ээ. Бирок бул дагы колдонулушу мүмкүн эмес, анткени бул кылмышты жасоонун субьектиси кызмат адамы же болбосо анын тукуруусу боюнча, анын жетегинде же унчукпаган макулдугу менен жасалган болуусу керек.

Белгилей кетчү нерсе, КРнын Кылмыш-жаза кодекси 2021-ж.ред. мажбурлоону криминализациялоо жөнүндө беренелерди камтыйт, алар кылмыш укугунда жалпы кылмыш-жаза жоопкерчилиги каралуучу кылмыштар болуп эсептелишет, тактап айтканда кийинки 20 берене:

- 137-берене. Кыйноолор,
- 140-берене. Трансплантациялоо үчүн адамдын органдарын же ткандарын алууга мажбурлоо,
- 159-берене. Сойкулук кылууга тартуу,
- 166-берене. Адамдарды соодалоо,
- 172-берене. Никеге туруу максатында ала качуу,
- 173-берене. Иш жүзүндөгү нике мамилелерине турууга мажбурлоо,

- 174-берене. Адамды никеге турууга мажбурлоо,
- 195-берене (3-б.). Шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу,
- 201-берене. Тынч чогулушту өткөрүүгө же ага катышууга тоскоолдук кылуу,
- 202-берене. Журналисттин мыйзамдуу кесиптик ишине тоскоолдук кылуу
- 224-берене. Бүтүмдү жасоого же аны жасоодон баш тартууга мажбурлоо,
- 257-берене. Барымтага алуу,
- 258-берене. Имараттарды жана курулмаларды басып алуу,
- 260-берене. Адамды кылмыштуу ишке катышууга мажбурлоо,
- 360-берене. Жалган көрсөтмө берүүгө мажбурлоо,
- 366-берене. Жалган күбө болууга мажбурлоо,
- 372-берене. Жаза аткаруу тутумунун кызматкеринин талаптарына тобу менен баш ийбөө,
- 383-берене. Мажбурлоо,
- 387-берене. Жетекчиге каршылык көрсөтүү же жетекчиге карата зомбулуктуу аракеттер,
- 403-берене. Адамзатка каршы кылмыштар,
- 410-берене. Согуштук аракеттердин учурунда эл аралык коргоого ээ болгон адамдарга карата согуш жүргүзүүнүн мыйзамдарын жана салттарын бузуу
- Келтирилген кылмыштардын курамынын тизмесинин ичинен, үй-бүлөлүк зомбулук менен түздөн түз байланыштуу кылмыштарга кылмыштардын 4 курамы гана тиешелүү болушу мүмкүн - Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо (156-бер.), Никеге туруу максатында ала качуу (172-бер.), Иш жүзүндөгү нике мамилелерине турууга мажбурлоо (173-бер. ) жана Адамды никеге турууга мажбурлоо (174-бер.).

КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 29-беренеси (2-бөл.) 2021-ж. ред. башка тыюу салуулар менен чогуу, ошондой эле адамга зыян келтирүүнү билдирген коркутууларга - өлтүрөм деп, өмүргө жана ден соолукка ж.б. коркунуч келтире турган же келтирбеген зомбулукту колдоно тургандыгын билдирген коркутууларга тыюу салат, бирок чектелүү гана кылмыштар үчүн (болгону 12):

- 139-берене. Өмүргө жана ден соолукка коркунучтуу зомбулукту колдонуу менен коркутуу,
- 154-берене. Зордуктоо,
- 159-берене. Сойкулук кылууга тартуу,
- 162-берене (3-бөл.). Баланы порнобизнеске тартуу,
- 165-берене. Адамды уурдоо,
- 166-берене. Адамдарды соодалоо,
- 170-берене. Адамдын эмгегин мажбурлап пайдалануу (кул эмгеги),
- 208-берене. Опузалап талап кылуу,
- 258-берене. Имараттарды жана курулмаларды басып алуу,
- 260-берене. Адамды кылмыштуу ишке катышууга мажбурлоо
- 360-берене. Жалган көрсөтмө берүүгө мажбурлоо,
- 366-берене. Жалган күбө болууга мажбурлоо.

Мындай тар колдонуу үй-бүлөлүк мамилелердеги мазактоолорду жана коркутууларды камтыбайт. *Мисалы,* бала багып алуу (кыз багып алуу) коркунучу криминалдашкан эмес. Мындан сырткары, «Үй-бүлөлүк зомбулук» 177-беренесинде камтылган «психикасын жабыркаткан» деген түзүүчү элементти коркутуучу жүрүм-турумдун жыйынтыгы катары чечмелесе болот.

Муну менен катар эле, коркутуу ишке ашырылуусу же жасалуусу мүмкүн экендигин далилдөөдө татаалдыктар пайда болот. Коркутуучу жүрүм-турумдун жыйынтыгы болгон психологиялык зомбулукка карата натыйжалуу соттук куугунтуктоону камсыз кылуу үчүн бул талап абдан жогорку босогону бекитүүсү зарыл.

Бактыга жараша, азыр өзүн-өзү өлтүрүүгө жеткирүү 129-беренеде криминалдаштырылган, 185-берене болсо балдарды асырап алууда (кыздарды асырап алууда) өзүмчүл кызыкчылык үчүн бул мыйзамдарда ыйгарым укук берилбеген адам тарабынан жеткирүүнү камтыйт, ошондой эле КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ред. 41-беренесинде (3-бөл.) өзүн-өзү өлтүрүүгө, бала багып алууга (кыз багып алууга) макул болууга түкүрүү камтылган.

### 4.2.4. Сексуалдык зомбулук

**а) Эл аралык стандарттар**

Стамбул конвенциясынын 36-беренеси мамлекеттерди макулдуксуз жасалган сексуалдык мүнөздөгү актылардын бардык формаларын, анын ичинде зордуктоону криминалдашырууга милдеттендирет. Бул сексуалдык зомбулуктун мазмунун баарын камтып аныктаган абдан толук берене болуп саналат. Сексуалдык зомбулук үчүн жазалоо чарасын караштырууда мамлекеттер АУЕС прецеденттик укугун эске алуулары керек. Ага карата Түшүндүрмө баяндамада, тактап айтканда, «М.С.Болгарияга каршы» иши (2003) боюнча мындай деп айтылган, ага ылайык АУЕС мамлекеттердин позитивдүү милдеттенмелери «макулдугусуз бардык жыныстык актылар үчүн, анын ичинде жабырлануучунун дене бойлук каршылык көрсөтүүсүсүз ар бир жыныстык акты үчүн жазалоону жана натыйжалуу соттук куугунтуктоону талап кылуусу зарыл» деген жыйынтыкка келген».[186]

Сексуалдык зомбулук менен байланыштуу кылмыштар үй-бүлөдө жасалган сексуалдык зомбулукту камтуулары зарыл. Тарыхый жактан ушундай калыптанып калган, көптөгөн өлкөлөрдүн мыйзамдары никедеги зордуктоону түз же кыйыр түрүндө кылмыш катары таанышкан эмес. Стамбул конвенциясынын 43-беренесине ылайык, сексуалдык кылмыштар үчүн кылмыш жоопкерчилиги аткаруучунун жана жабырлануучунун мамилелеринен көз карандысыз түрдө колдонулат.

Стамбул конвенциясы сексуалдык зомбулуктун бардык формаларын бир квалификациялоочу белги көз карашынан аныктайт: 36(2)-беренесинде аныкталгандай, макулдук адамдын айланасындагы жагдайларды баалоо контекстинде анын өз эркиндигин, эрктүүлүгүн көрсөтүүсүнүн натыйжасында ыктыярдуу түрдө берилүүсү керек. Демек, улуттук мыйзамдар адамдын макулдугу мааниге ээ болбогон жагдайлардын кеңири чөйрөсүн эске алуулары зарыл, алардын ичинен жоопкерчиликтүү абалды ээлеген адам тарабынан сексуалдык зомбулук сыяктуу жагдайлар.[187]

АУЕС аныктагандай, бардык жагдайларда дене бойлук каршылык көрсөткөндүгүн далилдөөнү талап кылуу зордуктоонун айрым түрлөрү жазасыз калуусуна алып келүүсү мүмкүн жана мына ошентип сексуалдык эркиндиктин натыйжалуу корголушун коркунучка кабылтат.[188]

АУЕС «М.С.Болгарияга каршы» ишинде буларды аныктаган, бийлик «зордуктоонун «түз» далилдерине ашыкча көңүл буруу менен, тактап айтканда улуттук мыйзам талап кылгандай күч колдонуу жана коркутуу элементтерине жана [жабырлануучунун] «каршылык көрсөтүүсүн» кылмыштын аныктоочу элементи макамына чейин дээрлик жогорулатып», ал эми айлана-чөйрөсүн жана контекстуалдык жагдайларды жетиштүү иликтешкен эмес.[189]

---

[186] «М.С. Болгарияга каршы» иши, № 39272/98 2003 арызы, 166-пункт.

[187] Түшүндүрмө баяндама, 193-параграф.

[188] «М.С. Болгарияга каршы» иши, № 39272/98 2003 арызы, 166-пункт.

[189] «М.С. Болгарияга каршы» иши, № 39272/98 2003 арызы, 182-пункт.

АУЕС көптөгөн Европа мамлекеттеринин, ошондой эле мурунку Югославия боюнча Эл аралык жазык трибуналынын (МЮЭТ) соттук тарыйбасына таянып, зордуктоо жөнүндөгү иштерде макулдуктун жоктугун кылмышты аныктоочу курамдык элемент катары кароого көп көңүл бурган. Анда мындай деп айтылат: иш тажрыйбасында кээде зордуктоодо зомбулуктун издери же түз күбөлөр сыяктуу «түз» далилдери жок болуп жаткан учурда макулдуктун жоктугун далилдөө кыйын болушу мүмкүн, мындай учурда бийлик бардык фактыларды иликтеп чыгышы зарыл жана айланадагы бардык жагдайларды баалоонун негизинде чечим кабыл алуусу керек. Иликтөө жана анын корутундулары макулдуктун жоктугу суроосун негизги чекит катары жетекчиликке алуу менен чыгарылуусу зарыл.[190]

Жабырлануучу улуу кесиптеши тарабынан зордукталган «Карен Тайаг Вертидо Филиппинге каршы» ишинде АББЖК Комитети мындай токтом чыгарган, «кылмышкер дене бойлук зомбулук колдоном деп коркутканынан же колдонгондугунан көз карандысыз түрдө», эгер ал (аял) каалоосуз сексуалдык жүрүм-турумга дене бойлук каршылык көрсөткөн эмес болсо, бул жабырлануучунун макулдугунун презумпциясы болбошу керек.[191] Комитет буга кошумча, айыпкер жабырлануучунун макулдугун тактаган аракеттер жасады беле?-деген суроого көрсөтмө бериши зарыл деген чечимге келген.[192]

Канаданын Кылмыш кодекси[193] макул болууга жана аны айлана-чөйрөдөгү жагдайларды эске алуу менен баа берүүгө негизделген ыкманын жакшы мисалы болуп эсептелет 273(1)-берене макулдук берүүнү «арыз берүүчүнүн каралып жаткан сексуалдык актыга ыктыярдуу макулдугу» катары аныктайт. 2-пунктчада макулдуктун болбогондугунун (макулдук жок болгонунун) жагдайлары сүрөттөлүп берилет:

a) макулдук берүү арыз берүүчү болуп эсептелбеген адамдын сөздөрү же жүрүм-туруму менен билдирилген;

b) арыз берүүчү актыга макулдук берүүгө жөндөмсүз;

c) айыпкер арыз берүүчүнү ишенчилигинен, бийлигинен же ыйгарым укуктарынан кыянаттык менен пайдаланып актка катышууга козутуп жатат;

d) арыз берүүчү сөздөрү же жүрүм-туруму менен актыга макул эместигин билдирип жатат;

e) арыз берүүчү сексуалдык актыга макулдук берүү менен, сөздөрү же жүрүм-туруму менен аны менен алектенүүнү, улантууга макул эместигин билдирип жатат.

Мындан сырткары, Канаданын Кылмыш-жаза кодексинин 273(2)-беренесинде айыпкердин арыз берүүчү макулдугун берди деп болжолдоосу эгерде кийинки жагдайлардын бирөөсү гана тастыкталса, аны сексуалдык зомбулукка айыптоодон коргобойт деп көрсөтүлгөн: «алар өздөрү ичип мас абалында болуусу»; «акыл менен ойлонбой жасоо же атайын көз жумуп жасоо»; же «айыпкер өзүнө белгилүү жагдайда, арыз берүүчү макулдугун бердиби ынануу үчүн аң сезимдүү кадамдарды жасаган эмес».

---

[190] «М.С. Болгарияга каршы» иши, № 39272/98 2003 арызы, 181-пункт.

[191] АББЖК, № 18/2008 билдирүү, 2010, 8.5-пункту.

[192] АББЖК, № 18/2008 билдирүү, мамлекеттен кийинки бөлүктү алууну талап кылган 8.9-пункту, «… мыйзамдан сексуалдык зомбулук күч жана зомбулук колдонуу менен жасалышы керек деген талапты алып салуусун жана ага жакындагандыгын далилдөө жөнүндө бардык талапты алып салуусун жана сексуалдык зомбулуктун аныктамасын кабыл алуу аркылуу соттук териштирүүнүн жүрүшүндөгү экинчи виктимизациялоону минималдаштырууну талап кылат, же ал «эч кандай башка маанисиз жана ыктыярдуу макулдуктун» болушун талап кылат жана арыз берүүчү/тирүү калган адам макулдугун бергенин аныктоо үчүн айыпкерден далилдерди талап кылат»

[193] Канаданын Кылмыш-жаза кодекси, кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: http://laws-lois.justice.gc.ca/eng/acts/C-46/

**б) Кыргызстандын мыйзамдары**

КРнын Кылмыш-жаза кодекси 2021-ж. ред. 23-24-Главалары, Жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштарды жана инсандын руханий-адеп-ахлактык саламаттыгына каршы кылмыштарды камтыйт.

КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ж. ред. 154-беренесине ылайык КРда зордуктоо кылмыш-жаза жоопкерчилиги караштырылуучу кылмыш болуп эсептелет. Бул толук түрдө болбосо дагы никедеги зордуктоону камтыйт. Зордуктоонун аныктамасы кийинки курамдагы элементтерди камтыйт: (1) «эркектин жана аялдын» ортосундагы кирүү далилин талап кылган жыныс актысы; (2) кылмыш өзүнө экинчи курамдык элементти камтыйт: кылмышкер өмүр жана ден соолук үчүн коркунучсуз зомбулукту колдонушу керек, же аны жабырлануучуга же башка адамга карата колдонууну, же жабырлануучунун алсыз абалынан пайдалануу коркунучун келтирсе.

КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ж.ред. 155-беренеси сексуалдык зомбулуктун башка формаларын, анын ичинде бир жыныстагы адамдардын ортосундагы сексуалдык зомбулукту камтыйт жана зордуктоодо караштырылган курамдык элементтерди камтыйт, бирок анча катаал эмес санкциялар жана кирүүнүн болуусун талап кылбайт.

Стамбул конвенциясында көрсөтүлгөн стандарттарга карабастан, КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ж.ред. 154-беренеси кирүүнүн болгондугун далилдөөнү талап кылат жана жабырлануучуга карата жыныстык актыны анын эркине каршы, тактап айтканда анын макулдугусуз жасалган деген негизги түзүүчү элементти камтыбайт, бул мурдакы таасирин жоготкон КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2017-ж.[194] ред. 161-беренесинде дагы ушундай, ал эми бул боюнча КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 1997-жылдагы [195] редакциясынын 129-беренеси жогорудагы эки кодекстен айырмаланып турат, муну төмөндө келтирилген таблицадан көрө аласыздар:

**5-таблица.**

| **КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 1997-ж. редакциясы** | **КРнын Жазык кодексинин 2017-жылдагы редакциясы** | **КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ж.редакциясы** |
|---|---|---|
| **129-берене. Зордуктоо**<br>(1)Зордуктоо, башкача айтканда жабырлануучуга же башка адамдарга психикалык жана кара күч зомбулугун көрсөтүү, зомбулук көрсөтөм деп коркутуу менен, ошого тете жабырлануучунун алсыз абалынан пайдалануу менен **жабырлануучунун** | **161-берене. Зордуктоо**<br>1.Зордуктоо, башкача айтканда, өмүргө жана ден соолукка коркунучтуу эмес зомбулукту колдоном деп коркутуу менен, же аны жабырлануучуга же башка адамдарга колдоном деп коркутуу менен, ошого тете жабырлануучунун алсыз | **154-берене. Зордуктоо**<br>1.Зордуктоо, башкача айтканда жабырлануучуга же башка адамдардын өмүрүнө же ден соолугуна коркунучтуу болбогон зомбулукту жасоо менен же аны колдоном деп коркутуу менен, же болбосо жабырлануучунун алсыз абалын пайдалануу менен жыныстык катнашуу, - |

[194] Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси, 2-февраль, 2017-ж. №19. (КРнын Мыйзамы менен күчүнө кирген, 24-январь, 2017-ж. №10 1-январь, 2019-жылдан баштап, КРнын Мыйзамына ылайык күчүн жоготту, 28-октябрь, 2021-ж. № 126).

[195] Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси, 1-октябрь, 1997-ж. № 68 (1-январь, 2019-жылдан баштап, КРнын Мыйзамына ылайык күчүн жоготту, 24-январь, 2017-жыл, №10).

| | | |
|---|---|---|
| **каалоосуна жана эркине каршы** жыныстык катнашта болгондо, -<br>беш жылдан сегиз жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат… | абалын пайдалануу менен жыныстык катнашуу, -<br>III категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат (*5 жылдан 7 жыл 6 айга чейин*)... | беш жылдан сегиз жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат... |

КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ж.ред. 154-155-беренелери зомбулукту колдонууга негизделген курамдык элементтерин камтыйт; бирок макулдуктун жоктугу көз карашынан аныкталган эмес. Натыйжада бир убакытта жасалган зомбулук жабырлануучунун алсыз абалы же коркутуулар далилдениши керек. КРнын Кылмыш-жаза кодекси бул талаптардын далилдөөчү аспектисине тиешелүү көрсөтмөлөрдү камтыбаганына карабастан, де-факто каршылык көрсөткөндүгүнүн далили бул кылмыштардын түзүүчү элементи болуп эсептелет.

Жогоруда түшүндүрүп кеткенибиздей макулдуктун жоктугу эмес, зомбулукту колдонгонунун же аны колдоном деп коркутканын далилдөө талабы – азыркы учурда Стамбул конвенциясына, АУЕС сот тажрыйбаларына, АББЖКнын Комитетине жана эл аралык жазык трибуналына ылайык, эл аралык стандарттарды бузуу болуп саналат.

КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ж.ред. 154-155-беренелери сексуалдык зомбулуктун оордотулган жагдайлардагы квалификациялоочу белгилерин камтыйт. Алсак, зордуктоо/сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттери деген эки berененин тең 2 жана 4-бөлүктөрүндө оордотуучу жагдайдын окшош беш топтому камтылган:

1) адамдардын тобу тарабынан жасалган;

2) алдын ала бүтүм боюнча жасалган;

3) өмүргө же ден соолукка коркунуч келтирген зомбулукту колдонуу коркунучу менен коштолгон;

4) жабыр тарткан адамга (аял/эркек) же башка адамдарга, балага карата өзгөчө мыкаачылык менен жасалган;

1) он төрт жашка толо элек балага жасалса;

3-бөлүгүндө дагы беш жагдайдын бирдей топтому камтылган (Кылмыш-жаза кодексинин 155-беренеси боюнча кылмыштардын курамына кирбеген бир жагдайдан сырткары), тактап айтканда:

1) кош бойлуулукка алып келсе;

2) он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки балага карата жасалса;

3) уюшкан топ тарабынан жасалса;

4) кылмыштуу коомдоштуктун курамында жасалса;

5) этиятсыздыктан оор залал келтирсе.

Төмөндө келтирилген салыштырма таблицадан көрүнүп тургандай, Стамбул конвенциясынын 46-беренесинде караштырылган бардык оордотуучу жагдайлар [196] КРнын Кылмыш-жаза кодексинде 2021-ж.ред. эске алынган. Тактап айтканда, 9 жагдайдан 4 эске алынган эмес (тактап айтканда: жабырлануучу менен чогуу жашаган адам жасаган кылмыш же өзүнүн ыйгарым укуктарынан кыянаттык менен пайдаланган адам тарабынан жасалса, үй-бүлөнүн мүчөсү катары таанылган мурунку же азыркы жубайына (күйөөсүнө) карата жасалса; бир жолу эмес жолу жасалса; аярлуу

[196] Караңыз.: Ушул Окуу куралынын 5.5-бөлүмүн.

адамдарга карата; баланын көзүнчө жасалса; ушундай эле кылмыш үчүн мурда соттолгон адам тарабынан жасалса).

Мындан сырткары, соттук тажрыйба жоссундун бир жолу эмес (кайталанып) жасалганын эске албайт. Алсак, 2019-2020-жж. мезгил аралыгындагы анализденген 450 иштин 96сында жабырлануучулар соттук отурумдардын жүрүшүндө аларга карата мындай зомбулук системалуу түрдө болуп келгендигин айтышкан, бирок сот буга юридикалык баа берген эмес жана зомбулук бир эле жолу жасалбагандыгы (кайталанып жасалгандыгы) жөнүндөгү көрсөтмөлөр эске алынган эмес жана бул кылмыштар бир жолу жасалган жосун катары эле бааланган.[197]

**6-таблица**

| **Стамбул конвенциясынын 46-беренеси** | **КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 154-155-беренелери 2021-ж.редакциясы** |
|---|---|
| ...укук бузуу жасалган: | |
| 1) жабырлануучу менен чогуу жашаган адам тарабынан, же мурунку же азыркы жубайына (күйөөсүнө) же өнөктөшүнө каршы ыйгарым укуктарынан кыянаттык менен пайдаланган адам тарабынан, ички укуктун негизинде ушундай деп таанылган тарабынан, үй-бүлө мүчөсү тарабынан; | Камтылган эмес. |
| 2) бир жолу эмес, кайталанган түрдө; | Камтылган эмес. |
| 3) аныкталган жагдайларга байланыштуу аярлуу абалдагы адамга каршы; | − он төрт жашка чыга элек балага каршы жасалган; |
| 4) балага каршы же **баланын көзүнчө;** | − он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы балага карата жасалган; |
| 5) аракеттерди чогуу аткарган эки же андан көп адамдар тарабынан; | − адамдардын тобу тарабынан жасалса;<br>уюшкан топ тарабынан жасалса;<br>− алдын ала бүтүм боюнча жасалган;<br>− кылмыштуу коомдоштуктун курамында жасалса; |
| 6) өтө жогорку деңгээлдеги зомбулук менен коштолсо же мурда ушундай зомбулук жасалса; | − жабырлануучуга (аял/эркек) же башка адамдарга, балага карата өзгөчө мыкаачылык менен жасалса; |

[197] Караңыз: Кыргыз Республикасынын позитивдүү милдеттенмелеринин анализи жана үй-бүлөлүк зомбулук менен байланыштуу иштер боюнча сот тажрыйбасынын обзору. Бишкек, 2021. 20-бет.
Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү:
https://notorture.kg/wp-content/uploads/2021/06/analiz_pozitivnyh_ob_po_borbe_s_DN_2021.pdf Кайрылуу датасы: 19.04.2022-ж.

| | |
|---|---|
| 7) курал колдонуу менен же курал колдонуу коркунучу менен коштолсо; | – өмүргө же ден соолукка коркунуч келтирген зомбулукту колдонуу коркунучу менен коштолгон; |
| 8) мунун жыйынтыгында жабыр тарткан адамга олуттуу дене бойлук жана психологиялык зыян келтирилсе; | – кош бойлуулукка алып келсе;<br>– этиятсыздыктан оор залал келтирсе. |
| 9) ушундай мүнөздөгү укук бузуу үчүн мурда соттолгон адам тарабынан жасалса | камтылган эмес. |

КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ж.ред. 156-беренеси сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо үчүн жазык жоопкерчилигин караштырат. КР КЖК 154-155-беренелеринен айырмаланып, анда зомбулук колдонулгандыгын көрсөтүү талабы жок. Обьективдүү тарабын өзүнө камтыйт: жабырлануучуга шантаж кылуу же болбосо жабырлануучунун (аял/эркек) материалдык же башка көз карандылыгынан пайдалануу экендиги аныкталышы керек.
Мына ошентип, КРнын КЖК 2021-ж.ред. сексуалдык зомбулукту криминалдаштырган кылмыштын курамын камтыбайт, анын түзүүчү элементи бир гана макулдуктун жоктугу болуп саналат.
Дагы бир маанилүү укуктук мүчүлүштүк бул, КР КЖК 2021-ж.ред. адамды анын макулдугусуз сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге үчүнчү тараптын мажбурлоосу үчүн жазалоо кылмыш жоопкерчилигин түз караштырбайт.  Муну тукуруучулар жана көмөкчүлөр жөнүндө жалпы эреже боюнча колдонсо болот (КР КЖК 41-43-беренелери, 2021-ж.ред.), бирок Стамбул конвенциясы конкреттүү түрдө криминалдаштырууну талап кылат.
КРнын КЖК 2021-ж.ред. 24-БАПында сексуалдык зомбулук менен байланыштуу кылмыштын кийинки курамдары караштырылган:
157-берене. Он алты жашка толо элек бала менен сексуалдык мүнөздөгү аракеттер;
158-берене. Он алты жашка толо элек балага карата ыплас аракеттер;
159-берене. Сойкулук кылууга тартуу;
160-берене. Сойкулукка жана ыпластыкка көмөктөшүү
162-берене. Баланы порнобизнеске тартуу.

Кылмыштардын жогоруда белгиленген курамдарынын баары квалификациялоочу белгилерге ээ. Ошондой эле балдарга карата укукка каршы жосундарды кылуу оордотуучу жагдай катар караштырылган. Алсак, 156-162-беренелерде өзүнчө мындай оордотуучу жагдай бар: «ата-эне же жаш баланы тарбиялоо боюнча мыйзам менен милдеттери жүктөлгөн башка адам, ошого тете педагог же билим берүү, тарбиялоо, дарылоо же болбосо балдарга көзөмөлдү жүзөгө ашыруу милдеттери мыйзам менен жүктөлгөн башка мекеменин кызматкери тарабынан жасалса». Жабырлануучунун макулдугунун жоктугу атайылап белгиленген эмес, бирок мындай жосундар үчүн макулдугу менен жасалса дагы кылмыш жоопкерчилиги караштырылгандыгы контексттен көрүнүп турат.
Мына ошентип, жогоруда көрсөтүлүп жазылып тургандай, КРнын сексуалдык зомбулукка тиешелүү кылмыштык-укуктук жоболору Стамбул конвенциясында жана эл аралык сот тажрыйбасында камтылган стандарттарга толугу менен дал келбейт.

### 4.2.5. Аңдуу, артынан түшүү

**а) Эл аралык стандарттар**

Стамбул конвенциясынын 34-беренеси атайылап бир жолу эмес кайталанып жасалган «экинчи адамга багытталган, анын (аялдын/эркектин) өз коопсуздугунан тынчсыздануусуна мажбур кылган, коркутуучу жүрүм-туруму», ошондой эле аңдуу, артынан түшүү катары белгилүү. Ал кылмышты эки түзүүчү элементинен аныктайт: «а) кылмышкердин ниетинин болушу; жана b) экинчи адамда коркуу сезимин коркуу сезимин пайда кылуу натыйжасы».[198]

«Максаттуу түрдө багытталган кооптуу жүрүм-турумдун кеңири спектрине» карабастан, кылмыштын негизги түзүүчү элементи жабырлануучуда коркуу сезимин пайда кылуунун жыйынтыгы же ушундай ниет болуп эсептелет. Бул кылмышкер аныкталган бир жыйынтыкка жетүүгө ниети бар экендигин, же эң жок дегенде жабырлануучу үчүн аныкталган бир терс зыяндары пайда болгондугун билчү же билиши керек болчу. Кылмышкердин ниетине негизделген укуктук чаралар аңдыган жүрүм-турумдун түрлөрүнүн ири санын эске алууга жол берет.

Мындан тышкары, аңдуу кайталанган жана маанилүү окуялардын кезек-кезеги менен коштолот. Башкача айтканда, обочолонгон (өзүнчө) аракеттер, аңдуу катары квалификацияланбайт. Түшүндүрмө баяндамада такталып көрсөтүлгөндөй, бул жобо «жүрүм-турумдун моделинин кылмыштуу мүнөзүн чагылдырууга арналган, өзүнчө элементтерин өз өзүнчө алганда бардык учурда эле кылмыштуу жүрүм-турум менен салыштырыла бербейт».[199]

Стамбул конвенциясы «коркутуучу (кооптуу) жүрүм-турумдун» так аныктамасын берет, ал мамлекет тарабынан аныкталган аңдууга окшош болушу мүмкүн.

Түшүндүрмө отчетто мисалдар келтирилет:

*«башка адамдын артынан дайыма аңдуу, башка адам менен жагымсыз сүйлөшүү же болбосо башка адамга анын артынан аңдып жатканын билдирүү. Бул өзүнө жабырлануучуну дене бойлук жактан аңдууну, анын (аялдын же эркектин иштеген жеринде пайда болуп калуу, спорттук же окуу жайларда пайда болуп калуу, ошондой эле жабырлануучуну виртуалдык дүйнөдө аңдуу…башка адамдын жеке менчигине карата вандализм адамдын жеке буюмдары менен байланыштын байкалбаган издерин калтырат, адамдын үй жаныбарларына кол салуу, Интернетте жасалма инсандын образын жаратат же жалган маалыматты таратат».*[200]

Аңдуунун кенен аныктамасынын жакшы мисалын Германиянын Кылмыш-жаза кодексинен табууга болот, анда конкреттүү аракеттер кенен жазылган, алар «аңдуу» деген курамга туш келет:

- дене бойлук жакындыкты издөө;
- байланышуу түзүү үчүн теле байланышууларды же байланышуунун башка каражаттарын же болбосо үчүнчү тараптагы адамдарды колдонуу;

---

[198] Коркутуучу жүрүм-турум мындай болушу мүмкүн: башка адамдын артынан дайыма аңдуу, башка адам менен каалабаган жагымсыз сүйлөшүү же болбосо башка адамга анын артынан аңдып жатканын билдирүү. Бул өзүнө жабырлануучуну дене бойлук жактан аңдууну, анын (аялдын же эркектин) иштеген жеринде пайда болуп калуу, спорттук же окуу жайларда пайда болуп калуу, ошондой эле жабырлануучуну виртуалдык дүйнөдө аңдуу (чаттар, социалдык түйүндөрдүн сайттары ж.б.). Каалабаган жагымсыз сүйлөшүүлөргө тартуу кандай гана болбосун жеткиликтүү каражаттардын жардамы менен жабырлануучулар менен кандай гана болбосун активдүү байланышууга умтулуу менен коштолот.

[199] Түшүндүрмө баяндама, 185-пункт.

[200] Түшүндүрмө баяндама, 182-183-пункттар.

- анын атынан буюмдарга же кызмат көрсөтүүлөргө буюртма берүү үчүн анын персоналдык көрсөткүчтөрүн мыйзамсыз колдонуу;
- жашоосуна, дене бойлук кол тийбестигине, ага же анын жакындарынын дене бойлук ден соолуктарына коркунучтарды пайда кылат;
- ушундайча аракеттерди кылуу менен анын (аялдын/эркектин) жеке эркиндигине олуттуу таасирин тийгизет.[201]

Башка кылмыш мыйзамдарында дагы аңдуу жөнүндө жоболор бар, анда кылмышкердин ниети эске алынат. Бельгия мисалы, Европа Биримдигине эң биринчи мүчө мамлекеттери болгон жана аңдууну кылмыш катары киргизишкен жана кылмышкердин ниеттерине негизделген кеңири аныктаманы тандап алган. Бельгиянын Кылмыш-жаза кодексинин 442-беренесиндеги аныктамага ылайык, «адамды «аңдыган» (ыдык көрсөткөн) жаран, ал өзүнүн жүрүм-туруму менен бул адамдын тынчын алып жатканын ошол учурда билген же билиши керек болчу».[202]

Дания дагы аңдуу жөнүндө кызыктуу жобону кабыл алган, ага ылайык полиция, жаран жоопкерчиликке тартылганга чейин эскертүүчү же тыюу салуучу буйрук чыгарат. Даниянын Кылмыш-жаза кодексинин 265-беренеси мындай дейт:

«*Полициянын эскертүүсүнө карабастан, кайсы бир башка адамга жакындоо менен, аны каттары менен аңдыган, ага ушуга окшош башка бардык жолдор менен ыңгайсыздыкты пайда кылган тынчын алган ар бир жаран айып пул жана 2 жылдан ашпаган абакка камоо түрүндөгү жазага тартылат. Бул жобого ылайык эскертүү 5 жылга чейин таасирин жоготпойт*».[203]

**б) Кыргызстандын мыйзамдары**

КРда Стамбул конвенциясынын талаптарын бузууга, аңдууга байланыштуу кандайдыр бир конкреттүү жазык жобосу жок. КРнын КЖКнын 2021-ж.ред. уруп-сабап кыйноо аркылуу дене бойлук же психикалык азаптанууларды келтирүү (138-берене), Опузалап талап кылуу (208-б.) же өмүргө жана ден соолукка коркунучтуу зомбулукту колдонуу менен коркутуу (139-бер.) сыяктуу айрым жалпы кылмыштар аңдуу түшүнүгүнө шайкеш келе турган жүрүм-турумдун айрым түрлөрүнө багытталышы мүмкүн, бирок жана мунун баары бул кылмыштын атайын мүнөзүн камтыбайт. Аңдууга кирген аракеттердин айрым түрлөрү, мисалы жабырлануучунун артынан дайыма аңдуу же каалоосу жок жагымсыз сүйлөшүүгө катышуу сыяктуу аңдуу аракеттердин айрым түрлөрү жогоруда аты аталган жоболордо караштырылбайт. Бул курам өзүнчө бир бөлүнүп-бөлүнүп жасалган окуяларга эмес, жүрүм-турумдун аныкталган бир курсуна багытталуу жөндөмдүүлүгү дегенди түшүндүрөт.

### 4.2.6. Мажбурлоочу нике

**а) Эл аралык стандарттар**

---

[201] 238-бөлүм. Германиянын Кылмыш-жаза кодекси, кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: www.gesetze-im-internet.de/englisch_stgb/

[202] Белгиянын Кылмыш-жаза кодекси, кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: www.legislationline.org/documents/section/criminal-codes

[203] Даниянын Кылмыш-жаза кодекси, кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: www.legislationline.org/documents/section/criminal-codes

Стамбул конвенциясынын 37-беренесинде мажбурлоочу никелер фактысы боюнча кылмыштар караштырылган, ал жерде жүрүм-турумдун эки түрүн криминализациялоо боюнча талаптар аныкталган:
1) чоң адамды же баланы никеге турууга мажбурлагандыгы үчүн;
2) чоң адамды же баланы ушул максатта үчүнчү өлкөгө азгыруу (никеси ал тургай катталбаса дагы).
1-пунктта криминалдаштырылып жаткан жүрүм-турумдун түрү жашы жеткен чоң адамды же баланы никеге турууга мажбурлоону караштырат. «Мажбурлоо» термини дене бойлук же психологиялык күч колдонууга тиешелүү. Кылмыш тараптардын бирөөсү (жогорудагы аты аталган жагдайлардан улам пайда болгон) ыктыярдуу түрдө макул болбогон убакта жасалды деп эсептелет. [204] Буга ылайык, күч колдонуу талабын айлана-чөйрөдөгү жагдайларды тиешелүү деңгээлде эске алуу менен кеңири маанисинде талкуулоо керек.
2 пунктта анын (аялдын/эркектин) эркине каршы никеге турууга мажбурлоо максатында адамды чет өлкөгө азгыруу криминалдашат. Нике милдеттүү түрдө эле түзүлгөн болушу мүмкүн эмес. «Азгыруу» термини укук бузуучу жабырлануучуну кандай гана себептер менен болбосун же ойдон чыгарылган себеп боюнча, мисалы ооруп жаткан тууганын көрүп кел деп азгыруусуна, өзүнө тартуусуна тиешелүү. Ниеттин болушу адамды азгыруу фактысын же болбосо чет өлкөдө никеге турууга мажбурлоону көрсөтүп туруусу керек. Авторлор мындай фактылар тараптардын кылмыш мыйзамында камтылышы керек жана сөзсүз түрдө юридикалык күчкө ээ эл аралык куралдарга киргизилген стандарттарды эске алуусу зарыл деп эсептешкен.
Айрым өлкөлөр мажбурлоочу никени жалпы жазык кылмышынын мажбурлоо же коркутуу деген түрү катары карашат. Германияда ушундай, ал жерде кылмыш-жаза мыйзамынын жоболору *«мейли ал ким болбосун, күч колдонуу менен же олуттуу зыян келтире тургандыгын айтып коркутуу менен, адамды жабыр тартууга түрткөн же аракетсиздикке түрткөн аракеттерди жасоого мажбурлоаган ар бир адамга жоопкерчиликти жүктөйт»*.[205]
Норвегиянын Кылмыш-жаза кодекси мажбурлону жеке эркиндикке каршы конкреттүү жазык кылмышы катары аныктайт (222(2)-бөлүм): *«Күч колдонуу менен, эркиндигинен ажыратуу жолу менен, тиешелүү кысым көрсөтүү менен же башка бардык мыйзамсыз жүрүм-турум же мындай жүрүм-турумду жасоо коркунучу мажбурлоочу никени жасоого айыптуу кимдир-бирөөнү никеге турууга каршы мажбурласа»*.[206]

**б) Кыргызстандын мыйзамдары**
КРнын Конституциясынын 2021-ж. ред. 26-беренесинде үй-бүлө мыйзамда белгиленген нике курагына жеткен (18 жаш) эркек менен аялдын ыктыярдуу никеге туруусунун негизинде түзүлөт. Никелешип жаткан эки адамдын макулдугусуз никеге жол берилбейт. Нике мамлекет тарабынан катталат деп белгиленген.
КРнын Кылмыш-жаза кодекси 2021-ж.ред. мажбурлоочу нике үчүн кылмыштын төрт курамын караштырган:
172-берене. Никеге туруу максатында ала качуу;
173-берене. Баланы иш жүзүндөгү нике мамилелерине турууга мажбурлоо;
174-берене. Адамды никеге турууга мажбурлоо;

---
[204] Түшүндүрмө баяндама, 196-пункт.
[205] Германиянын Кылмыш-жаза кодекси, 237-секция, кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: www.gesetze-im-internet.de/englisch_stgb/englisch_stgb.html
[206] Норвегиянын Кылмыш-жаза кодекси, кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: http://app.uio.no/ub/ujur/oversatte-lover/data/lov-19020522-010-eng.pdf

175-берене. Диний ырым-жырымдарды өткөрүүдө нике курагы жөнүндө мыйзамдарды бузуу. Демек, КРнын Кылмыш-жаза кодекси 2021-ж.ред. Стамбул конвенциясынын 37-беренесине ылайык мажбурлоочу нике үчүн кылмыштарды камтыйт.

### 4.2.7. Мажбурлоочу бойдон алдыруу жана мажбурлоочу стерилизациялоо

**а) Эл аралык стандарттар**

Стамбул конвенциясынын 39-беренеси жосундардын эки түрүн криминализациялоону талап кылат:

1) аялдын кош бойлуулугун алдын ала жана аң сезимдүү макулдугусуз бардык каражаттарды колдонуу менен токтотуу;

2) аялдын табигый жол менен көбөйүү жөндөмдүүлүгүн анын макулдугусуз токтотууга багытталган бардык процедураларды жүргүзүү.

Бул беренеге ылайык кылмыш-жаза жоопкерчилигине аялдын бала төрөө табигый жөндөмдүүлүгү боюнча өзүнчө атайын жасаган жосундар киргизилген. Түшүндүрмө баяндамада мажбурлоочу бойдон алдыруу уруктандыруучу нерселерди алып салууга алып келген бардык процедураларды камтыйт деп айтылган.[207]

Мындан сырткары, стерилизациялоо өзүнө табигый жол менен уруктандыруу, өндүрүү жөндөмдүүлүктөрүн жоготууга алып келген бардык процедураны өзүнө камтыйт.[208]

Стамбул конвенциясына дал келген улуттук мыйзамдардын мисалы катары Испаниянын Кылмыш-жаза кодекси макулдугу жок стерилизациялоо үчүн кылмыш жоопкерчилигин караштырат.[209] Анда мажбурлоочу бойдон алдырууга тиешелүү атайын кылмыш дагы камтылган:

*«Аялдын макулдугусуз, ага карата бойдон алдырууну жасаган ар бир адам төрт жылдан сегиз жылга чейин эркиндигинен ажыратууга жазаланат жана ага кайсы бир медициналык ишмердүүлүк менен алектенүүгө же мамлекеттик же жеке гинекологиялык клиникаларда, мекемелерде же хирургия бөлүмдөрүндө үч жылдан жети жылга чейин иштөөгө атайын тыюу салынат».[210]*

**б) Кыргызстандын мыйзамдары**

КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ж.ред. 142-беренеси, даярдыктан өткөн жана даярдыктан өтпөгөн медицина кызматкерлери тарабынан мыйзамда жол берилген мөөнөттөн кечигүү менен мыйзамсыз боюнан алып салуу, бул этиятсыздыктан олуттуу же оор залал келтирсе кылмыш жоопкерчилигин караштырат.

Бирок, бул беренеде кош бойлуу аялдын макулдугу боюнча боюнан алып салуу жөнүндө сөз жүрүп жатат, ал эми кош бойлуунун эркине каршы боюнан алып салуу жөнүндө жобо жок. Мындай учурда 147-берене колдонулушу мүмкүн «Адамга сыноону мыйзамсыз жүргүзүү», мунун диспозициясы мындай эскертмени камтыйт «*1. Адамга (анын мыйзамдуу өкүлүнүн) жазуу*

[207] Түшүндүрмө баяндама, 204-пункту.

[208] Түшүндүрмө баяндама, 205-пункту.

[209] 149-берене, Испаниянын Кылмыш-жаза кодекси, кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://www.legislationline.org/download/id/6443/file/Spain_CC_am2013_en.pdf

[210] 144-берене, Испаниянын Кылмыш-жаза кодекси.

*жүзүндөгү макулдугусуз же башка мыйзамсыз түрдө дары каражаттарын клиникалык сыноону өткөрүү, ошого тете адамга медициналык-биологиялык, психологиялык же башка сыноолорду, же болбосо изилдөөлөрдү жүргүзүү этиятсыздыктан олуттуу залал келтирсе - ...».*

КРнын Кылмыш-жаза мыйзамында мажбурлоочу стерилизациялоо жөнүндө конкреттүү эскертмелер жок, бул болсо Стамбул конвенциясынын талаптарын бузуу болуп эсептелет. Мындай жобо, тактап айтканда үй-бүлө мүчөлөрү аялды бойдон алдырууга мажбурлаган окуяларды камтымак, мисалы, эркек эмес кыз төрөлүүсү күтүлүп жаткан учурда. Мына ушундан улам, КРда жыныстык белгиси боюнча кош бойлуулукту токтотуу менен байланыштуу дагы бир көйгөй бар, бул гендердик зомбулуктун дагы бир формасы катары каралат.

КРнын Кылмыш-жаза кодексинде 2021-ж. ред. мажбурлоочу стерилизациялоо жөнүндө тынчтыкка жана адамзаттын коопсуздугуна каршы кылмыштар контексинде өзүнчө айтылат, бөлүп айтсак, 403-беренесинде айрым өзүнчө окуялар үчүн гана эмес башкача айтканда, жарандык калкка же жөнөкөй жарандарга карата масштабдуу же системалуу түрдө кол салуунун алкагында жасалган, киши өлтүрүү, массалык түрдө жок кылуу, кулчулук, депортациялоо, эркиндикти мыйзамсыз чектөө, кыйноо, зордуктоо, сексуалдык кулчулукка айлантуу, сойкулукка, аргасыз кош бойлуулукка мажбурлоо менен катар эле адамдарды мажбурлап стерилизациялоо, адамдардын тобун ар түрдүү белгилери боюнча, анын ичинде жыныстык белгилери боюнча дагы куугунтуктоо, апартеид жана башка адамгерчиликсиз аракеттер, адамдын ден соолугуна же (жана) психикалык абалына олуттуу залал келтиргендиги үчүн дагы кылмыш жоопкерчилиги караштырылган. Мындай окуяларда ошондой эле, жогоруда биз атап кеткен КРнын Кылмыш-жаза кодексинде 2021-ж. 147-беренеси “адамга сыноону мыйзамсыз жүргүзүү” деп божомолдойбуз. Ошону менен катар эле, КРнын Кылмыш-жаза кодекси 2021-ж. ред. мажбурлоочу бойдон алдыруу жана мужбурлоочу стерилизациялоо менен байланыштуу кылмыштарды, бул Стамбул конвенциясынын 37-беренесине ылайык келе тургандай толугу менен камтыбайт.

### 4.2.8. Сексуалдык асылуу

**а) Эл аралык стандарттар**

Стамбул конвенциясынын 40-беренеси сексуалдык асылууга тыюу салат, ал ага мындайча аныктама берет *«адамдын кадыр-баркына шек келтирүү максатында же тактап айтканда, мунун баарын коркутуучу, душмандашуучу, кадыр-баркты басмырлоочу же шылдыңдоочу жагдайды түзүү менен ушундай мамиленин жыйынтыгындагы сексуалдык мүнөздөгү орунсуз сөз түрүндөгү, вербалдык эмес же дене бойлук жүрүм-турум».*

*Сексуалдык асылуу мындай кылмыштарды өзүнө камтыйт: адамдын кадыр-баркына таасирин тийгизген же тийгизиши мүмкүн болгон, сексуалдык мүнөздөгү жагымсыз жүрүм-турум. Белгилей кетчү нерсе, сексуалдык асылуу адатта айрым элементтери өз өзүнчө жасалган жана милдеттүү түрдө жазалоо мүмкүн болбой турган жүрүм-турумду түшүндүрөт.*

Сексуалдык асылуу көпчүлүк учурда жумуш ордунда жана окуу жайларда орун алат, бирок бардык жерде орун алуусу мүмкүн. Буга ылайык, контекст же жагдай кылмыштын элементи болуп эсептелбейт. Көптөгөн укуктук системалар сексулдык асылууну жарандык мыйзамдын, антидискриминациялык мыйзамдын, эмгек жана билим берүү жөнүндө мыйзамдын алкагында карашат; айрым мамлекеттер мындай жүрүм-турумду криминалдаштырып жатышат; башка мамлекеттер кылмыш-жазыктык жана жарандык жоопкерчиликти сактап калышууда.

Токсон мамлекетте сексуалдык асылууга тиешелүү мыйзамдык жоболордун айрым формалары бар. Алардын ичинен 11 мамлекеттерде сексуалдык асылуу жөнүндө конкреттүү мыйзамдык актылар кабыл алынган; дагы 31 мамлекетте кылмыш-жаза кодексине жана жазык укугуна толуктоолор киргизилген, ага ылайык сексуалдык асылуу конкреттүү кылмыш-жаза кылмышы болуп эсептелет; 18 мамлекетте сексуалдык асылуу жөнүндө жоболор эмгек кодекстеринде же ишке орношуу жөнүндө мыйзамдарда камтылган; 18 мамлекетте бул жосун жөнүндө жоболор антидискриминациялык мыйзамда же гендердик тең укуктуулук жөнүндө мыйзамда караштырылган; ал эми 12 мамлекетте үч мыйзамдык элементтер бир жобого бириктирилген. Мындан сырткары, эки мамлекеттин сот системасында сексуалдык асылуу жөнүндө жалпы укуктук доктриналар иштелип чыккан.

Азыркы учурда, Франция сексуалдык асылууну Кылмыш-жаза кодексинин 222-беренесинде мындайча «кимдир-бирөөгө сексуалдык мааниге ээ сөздөрдү же аракеттерди кайталанган образда таңуулоо», же болбосо «басмырлоочу жана шылдыңдоочу мүнөздө анын кадыр-баркына шек келтирүү» же болбосо «аны (аялды/эркекти) корккон, душмандашкан же шылдыңдаган кырдаалга коюуну» аныктайт».[211]

Мындан сырткары, 2005-жылдын 18-ноябрында КМШнын катышуучу-мамлекеттеринин деңгээлинде «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө Моделдик мыйзам» кабыл алынган, бул мыйзам чыгаруучу демилгелер үчүн баштапкы чекит болуп калган. Бул документке ылайык, сексуалдык асылуу деп муну түшүнсө болот *«адамды жыныстык байланышууга мажбурлоо – эмгек, материалдык же башка көз каранды абалдагы адамды шылдыңдоо, коркутуу, сөз түрүндө же дене бойлук, басмырлаган жол менен сексуалдык мүнөздөгү акылга сыйгыс аракеттер менен байланыштуу адепсиз жүрүм-турум».*

**б) Кыргызстандын мыйзамдары**

КРнын Кылмыш-жаза кодекси 2021-ж. ред. сексуалдык асылууга тиешелүү эмес. Сексуалдык асылуунун аныктамасы КРнын «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамында көрсөтүлгөн, [212] ага ылайык, эмгектик, кызматтык, материалдык, үй-бүлөлүк жана башка көз каранды болгон адамды оозеки жана күч колдонуу менен кордоочу жана мазактоочу сексуалдык мүнөздөгү аракеттер сексуалдык асылуу деп аталат (1-берене). Бул жосун ушул Мыйзам аркылуу түз гендердик басмырлоого кирет жана буга КРда тыюу салынган (5-берене).

Мындан сырткары, аталган бул Мыйзамдын 21-беренеси жумуш берүүчү сексуалдык асылуу окуяларына жол бербөө боюнча чараларды көргөнгө милдеттүү, ал эми гендердик стереотиптердин негизинде кызматкерлерге кысым көрсөтүлгөн же куугунтукка алынган учурларда, анын ичинде сексуалдык асылууларды кошкондо жалдоочу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат. Гендердик басмырлоо аныкталса, кызматкерге соттук тартипте моралдык жана материалдык залалдын орду толтурулат. Сот жумуш берүүчүнүн гендердик басмырлоо себеби боюнча ишке алынбаган адамды ишке алууга жана

---

[211] Франциянын Кылмыш-жаза кодекси, бул Кылмыш-жаза кодекси кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: www.legifrance.gouv.fr/

**[212]** КРнын 2008-жылдын 4-августундагы мыйзамы, №184 ««Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамы».

гендердик басмырлоо себеби боюнча бошотулган адамды кызматка кайра коюуга милдеттендирүүгө укуктуу.

Бирок, жарандык дагы, кылмыш-жаза мыйзамынын дагы чегинде эч кандай санкциялар каралган эмес, бул болсо Стамбул конвенциясынын жана АББЖК талаптарын бузуу болуп эсептелет. Демек, бул Мыйзам алкакка чектелген мыйзамдардын катарына кирет, муну ишке ашыруунун механизмдерин жана процедураларын башка мыйзам актыларына киргизүү керек.

КРнын Кылмыш-жаза мыйзамынын 2021-ж.ред. 131-берене бар. Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо, ал сексуалдык асылуунун айрым белгилерин камтыйт, бирок баарын толук кандуу камтыбыйт. Тактап айтканда ал жерде мындай деп көрсөтүлгөн *«коркутуу менен, же болбосо жабырлануучунун (аялдын/эркектин) алсыз абалын пайдалануу менен жасалган бачабаздык, лесбияндык же ыплас формадагы сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо, 154 жана 155-беренелерде караштырылган белгилер жок болгондо..."*

Демек, сексуалдык асылуу кеңири жайылган көрүнүш экендиги жана аны четтетүү боюнча өзгөчө мыйзамга жана чаралар зарыл экендиги белгилүү болуп турат.

Жыйынтыктап жатып белгилей кетчү нерсе, КРнын ченемдик-укуктук базасы Стамбул конвенциясын бузуу менен, аялдарга карата зомбулуктун бир нече формаларын криминалдаштыруу жана аларды жасагандыгы үчүн чен өлчөмдүү санкцияларды аныктоо жаатында олуттуу мүчүлүштүктөрдү камтыйт, тактап айтканда: сексуалдык асылуу, кош бойлуу аялдардын макулдугусуз мажбурлоочу бойдон алдыруулар, мажбурлоочу стерилизациялоо жана аңдуу, артынан түшүү. Ошондой эле, улуттук-укуктук база АББЖК 1, 2(b) жана 11-беренелеринин, ошондой эле Стамбул конвенциясынын талаптарына толугу менен жооп бербейт, ал эми Стамбул конвенциясы аялдарга карата зомбулук үчүн тиешелүү санкцияларды аныктоону талап кылат.

### 4.3. Жабырлануучулар жана күбөлөр менен иштөө

Үй-бүлөлүк зомбулук окуяларында эл аралык стандарттарга шайкеш келүүнү жана натыйжалуулукту камсыз кылуу үчүн үй-бүлөлүк зомбулук окуяларында жабырлануучунун кызыкчылыктарына багытталган жана адам укуктарына негизделген, иликтөөлөр жана бардык юридикалык процедуралар үчүн базалык стандарт болуусу керек болгон ыкма талап кылынат. Иш жүзүндө (тажрыйбада) жабырлануучунун кызыкчылыктарына багытталган жана адам укуктарына негизделген ыкманы колдонуу деген, үй-бүлөдө зомбулуктан жабырлануучуларына урмат-сый, кадыр-баркын сыйлоо жана кылдаттык менен мамиле жасоону түшүндүрөт. Жабырлануучулар менен бардык сүйлөшүүлөр алардын жабыркаган абалын жана алардын зыяндарын жеңүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө, ошондой эле соттук териштирүүнүн алкагында аларга колдоо көрсөтүүгө багытталган болушу зарыл.

#### 4.3.1. Күбөлөрдүн жана жабырлануучулардын көрсөтмөлөрү: жабырлануучуну суракка алуу

**а) Эл аралык стандарттар жана тажрыйба**

Жабырлануучунун жана күбөлөрдүн арыздары аялдарга карата зомбулук жана үй-бүлөлүк зомбулук окуяларында көбүрөөк маанилүү далил болуп эсептелет. Ырайымсыз мамилени башынан өткөргөндөн кийин, көпчүлүк учурда жабырлануучулар дене бойлук жана психологиялык жактан өздөрүн начар сезген абалда болушат. Ошону менен катар эле, кол салуу болгондон бир нече күндөн кийин алар менен аңгемелешүү жүргүзгөнгө караганда, кол салуудан

соң дароо арыз жазууга даярыраак абалда болушат. Жабыр тарткан аялдын арызы кылмыштык куугунтуктоо аракеттерине чоң колдоо болушу мүмкүн, бирок ошондой эле тобокелчиликтерди (коркунучтарды) ыкчам баалоого жана коопсуздукту пландаштырууга тиешелүү маанилүү маалыматты берүүсү мүмкүн. Демек, мүмкүн жана орундуу болгон учурда жабырлануучуну ыкчам түрдө суракка алуу жана аны кылмышкерден бөлүү үчүн бардык аракеттерди көрүү зарыл.
Үй-бүлөлүк зомбулук жана аялдарга карата зомбулук жабырлануучуга эмоционалдык таасирин тийгизет. Жабырлануучулар төмөнкүдөй абалда болуулары мүмкүн:
- ойлорунун баары чачыраган жана/же эмоционалдык жактан жабыркаган;
- четке каккан;
- корккон;
- тынчсызданган;
- ачууланган;
- пассивдүү;
- басынган.

Ошондуктан, жабырлануучулар менен иштөө көптөгөн кыйынчылыктар менен кошо коштолот. Жабырлануучунун башка дагы көйгөйлөрү, муктаждыктары жана артыкчылыктары болуусу мүмкүн же алар ачууланган абалда дагы болушат. Алар өздөрүн басынткан мындай окуяны таануудан баш тартуулары мүмкүн, ырайымсыз мамиленин деңгээлин нөлгө түшүрүүсү же кичине кечирээк өз арызынан баш тартуусу мүмкүн. Алар кылмышкерди коргоп, полицияга карата агрессиясын дагы көрсөтүүсү мүмкүн.
Алар ал полицияны чакыргандыгы үчүн кылмышкер жазалайт деп коркуулары дагы мүмкүн. Алар ошондой эле полиция зомбулукту токтотуу үчүн эч кандай аракеттерди көрбөйт; полиция ага эмес кылмышкерге ишенет деп коркуулары мүмкүн, ал кылмышкер коркутуп коюушу мүмкүн болгондуктан, балдарым менен байланышууну жоготом деп дагы коркот. Ошондой эле, эгер мамилелер аяктаса же кылмышкер абакка жөнөтүлсө каржылык жактан кор болуп калам деп дагы тынчсыздануулары мүмкүн. Өздөрүнүн иммиграциялык макамына дагы тынчсыздануулары мүмкүн. Алар ошондой эле абалынан кыянаттык менен пайдаланып жаткандыгы тууралуу мурунку билдирүүлөрү боюнча кылмышкердин эч жок дегенде кандайдыр бир жазага тартылбагандыгына, же болбосо кылмышкер тарабынан улантылып жаткан зомбулуктан коргоого ээ болбогонуна ачууланган, маанайы түшкөн абалда болуулары мүмкүн. Депрессиялык же жаракатка кабылган абалда болгондуктан суроолорго көңүлсүз жооп берип, тынч муңайыңкы, өзүн кармаган абалда болуулары мүмкүн.
Экинчи жолу виктимизациялоону[213] токтотуу максатында, жабырлануучу менен аңгемелешүүнү жүргүзгөн бийлик өкүлдөрү өзгөчө сезимтал жана кылдат ыкманы колдонуулары зарыл. Бийлик өкүлдөрүнүн иликтөөнүн жана соттук териштирүүнүн ар түрдүү этаптарында жүргүзгөн аңгемелешүүлөрү жабырлануучулар андан нары кызматташууга даярбы же даяр эмеспи аныктап коёт. Эгер ал өзүн коопсуз сезсе жана ага ишенип жатканын сезсе, анда ал (аял/экек) ишти алып баруу үчүн зарыл бардык маалыматтарды берет. Экинчи виктимизациялоону токтотуу деген жабырлануучу аны угуп жатышканын сезүүсүн камсыз кылуу дегенди түшүндүрөт. Албетте, муну менен чогуу жабырлануучу менен дайыма байланышта болуу, анын коопсуздугун жана жүрүп жаткан процесс жөнүндөгү маалыматтуулугун камсыз кылуу зарыл.

[213] «Экинчи виктимизация» деген термин бийликтин жана бул чөйрөдө кызмат көрсөткөн башка субьектилердин жабыр тарткан адамды айыптоосу жана сезимталсыз мамилеси, жүрүм-туруму тажрыйбасы аркылуу келтирилген кошумча жаракат келтирүүсү дегенди билдирет.

Эл аралык стандаттар кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө жабырлануучуларга колдоо көрсөтүүдө сот адилеттиги секторунун субьектилерине жардам көрсөтүү үчүн иштелип чыккан.[214] Стамбул конвенциясынын 56-беренесине ылайык мамлекеттер төмөнкүлөрдү ишке ашыруулары керек.

Иликтөөнүн жана соттук териштирүүнүн бардык этаптарында жабырлануучулардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо үчүн, анын ичинде алардын күбө катары дагы өзгөчө муктаждыктарын коргоо үчүн зарыл мыйзамдык жана башка чараларды көрүү, тактап айтканда кийинки жолдор менен:

- ички укуктун процессуалдык ченемдерине ылайык жабырлануучуларга өз үнүн угуза билүү, далилдерди келтирүү, өткөрүү жана өзүнүн ой пикирин, муктаждыктарын жана көйгөйлөрүн түздөн түз айтуу же ортомчу аркылуу айттыруу жана алардын каралуусуна мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берүү;
- укук коргоо органдарынын жана соттун имаратында жабырлануучунун жана кылмышкердин ортосундагы бет келип кездешип калуусун четтетүүнү камсыз кылуу;
- жабырлануучу соттук териштирүүнүн тараптарынын бирөөсү болгон учурда же алар далилдерди өткөргөн учурда аларга көз карандысыз жана иш-билгиликтүү котормочуларды берүү;
- жабырлануучуларга сот залында болжолдуу кылмышкердин катышуусусуз, ички мыйзамдарда караштырылган эрежелерге ылайык көрсөтмөлөрдү берүү мүмкүнчүлүгүн түзүү, тактап айтканда мүмкүнчүлүк бар болгон жерлерде тиешелүү байланышуу технологияларын колдонуу менен.

Өздөрүн колдоп жаткандыгын сезген жана өздөрүнө карата урмат-сый менен мамиле жасалып жаткандыгын сезген жана психосоциалдык колдоо көрсөтүү боюнча бардык зарыл кызматтарды алып жаткан жабырлануучулар сот адилеттиги органдары менен кызматташууну чоң ишеним менен улантышат жана сапаттык, сандык көрсөткүчтөр көз карашынан алып караганда эң мыкты көрсөтмөлөрдү беришет.

Жабырлануучуну соттук териштирүүгө даярдоо анын көрсөтмө берүүгө ниети жок болуусунун алдын алууга чоң мүмкүнчүлүк болуп саналат. Жабырлануучуга соттук териштирүү, анын жүрүшү жана потенциалдуу жыйынтыктары жөнүндө маалымдоо, ошондой эле анын соттук териштирүүгө катышуудагы ролу жөнүндө түшүндүрүп коюу, жабырлануучунун айыптоону колдобой коюшу тобокелчилигин минималдуулукка чейин түшүрүүгө жардам берет.

Көзөмөлдөөчү суроолордун тизмеси укук коргоо органдары үчүн кийинки учурларда пайдалуу болуусу мүмкүн: жабырлануучу менен жолугушууга даярданып алуусу үчүн, үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусуна кандай конкреттүү маалыматтарды берүү керек экендигин бир сыйра эстеп алуусу үчүн жана аңгемелешүүнү жабырлануучунун муктаждыктарын жана көйгөйлөрүн көңүлдүн борборуна алуу менен жүргүзүү үчүн. Жабырлануучу менен жолуккан убакта эске ала турган сунуштамалардын үлгүлөрү:

- жабырлануучунун жан дүйнөсүнүн абалын, себеби ал тынчсызданган жана капаланган абалда болушу мүмкүн;
- жабырлануучунун өзүнө келтирилген зыяндарды ойлоп корккон абалын;
- жабырлануучунун кылмышкерге камкордук кылган абалда болуусун;
- жабырлануучунун үй-бүлөдөгү бардык балдар/үй-бүлө мүчөлөрү жөнүндө камкордугун;
- жабырлануучунун өзүнүн каржылык абалын ойлоп тынчсыздануусун;

[214] Караңыз, тактап айтканда БУУнун Кылмыштардын жана бийликтин абалынан кыянаттык менен пайдалануусунан жабыр тарткан адамдар үчүн сот адилеттигинин негизги принциптери жөнүндө, БУУнун БА 40/34, 1985.

- жабырлануучунун кайсы бир социалдык жактан камсыз кылуучу же бейөкмөт уюму мекемесинен кандайдыр бир жардамды алып жаткандыгынан көз карандысыз түрдө иштин жыйынтыгы кандай болот деп тынчыздануусун, корккон абалын.

Жабырлануучулар укук коргоо органдарынын кызматкерлери менен кызматташууга даяр болуулары үчүн алар өздөрүн сындоо, талкуулоо же аларды туура эмес түшүнүү жок экендигин сезүүсүн камсыз кылуу маанилүү.

**Аңгемелешүүнү жүргүзүү боюнча сунуштамалар:**
- Жабырлануучу аңгемелешүүчүнүн жынысын тандайт;
- Жабырлануучуну коштоп жүрүшөт (мисалы, жардамчы);
- Аңгемешүүнү эч кандай тоскоолдуксуз өткөрүү үчүн жолугушуу тынч бөлмөдө өткөрүлөт;
- Эгерде колдонулган улуттук тил жабырлануучунун эне тили болбосо котормочу берилет;
- Аракеттерди сезгичтик жана сезимталдык менен жүргүзүү зарыл;
- Жабырлануучуга анын укуктары жөнүндө маалыматтарды берүү керек;
- Жабырлануучунун өзүнүн окуясын айтып берүүсү жана аны угуу үчүн кенен убакыт берүү зарыл;
- Ачык суроолорду колдонуу керек;
- Интимдик суроолорду бергенден мурун, ага мындай суроолорду берүү эмнеге маанилүү экендигин түшүндүрүп алуу зарыл;
- Жабырлануучунун өзүн өзү кемсинткен жана/же өзүнө ишенбестигин айткан билдирүүлөрүн четке кагуу зарыл;
- Баа берген көз караштардан алыс кармануу зарыл;
- Атайын адистешкен терминдерден алыс болуу керек.

Жабырлануучулар кылмышкерден коркушу мүмкүн, ошондуктан кылмыштык териштирүү учурундагы аны менен бардык байланыштар аларга өтө олуттуу зыяндарын тийгизет. Демек, иликтөөнүн жана соттук териштирүүнүн бардык этаптарында жабырлануучу жана кылмышкердин ортосундагы бардык жолугуп калуулардан алыс болуу зарыл. Соттор жана соттун кызматкерлери соттук териштирүү убагында соттук жана соттук эмес тартипте коргоонун бардык юридикалык жана практикалык чаралары колдонулуусу үчүн кам көрүүлөрү зарыл, бул андан нары жаракатка кабылтуунун алдын алуу жана коркутууну жоёт.

Мына ошентип, соттук тартипте коргоо чараларын көрүүнүн зарылдыгын баалоо зарыл, мисалы, көрсөтмөлөрдү өзүнчө бөлмөдө берүүнү, жабырлануучунун көрсөтмөлөрүн алдын-ала жаздырып алууну же анын көрсөтмөлөрүн видеоконференциялар режиминде берүүнү камсыз кылуу зарыл.

Жабырлануучу өз көрсөтмөлөрүн соттун имаратында берүүгө макул болгон учурда, анын кылмышкердин катышуусузсуз көрсөтмө берүүсүнө жол берүү аркылуу байланыштырбоо принцибин сактоого болот.

Соттук иш бир гана конкреттүү окуяга багытталганы менен, жабырлануучу дайыма ырайымсыз жана мажбурлоочу көзөмөлгө кабылгандыгын, бул болсо кылмышкер менен бардык байланышуу аны жаракатка кабылта тургандыгын түшүнүү абдан маанилүү.[215]

---

[215] Европа Кеңеши, Үй-бүлөдөгү аялдарга карата зомбулуктун алдын алуу жана аны менен күрөшүү: Укук коргоо органдарын жана сот адилеттиги органдарын даярдоо үчүн окуу курсу. 78-бет.

«Ю.Хорватияга каршы» ишинде АУЕС Стамбул конвенциясы мамлекеттен жабырлануучулардын укуктарын коргоо үчүн мыйзамдуу чараларды көрүүнү талап кыларын белгилеген.

Мындай чаралар өйдөдө белгиленип кеткендей, коркутуудан жана кайрадан виктимизациялоодон коргоону, жабырлануучулардын өз үнүн угуза билүүсүнө, айтып баяндап берүүлөрүнө мүмкүнчүлүк берүүнү жана алардын пикирлерин тиешелүү деңгээлде карап чыгууну, алардын муктаждыктарын, көйгөйлөрүн карап чыгууну, ички колдонуп жаткан мыйзам жол берсе, көрсөтмөлөрүн болжолдуу кылмышкердин катышуусу берүүгө мүмкүнчүлүк берүүнү камтыйт.

Мындан сырткары, жабырлануучулардын укуктары, аларга колдоо көрсөтүү жана коргоо чөйрөсүндөгү минималдуу стандарттарды аныктаган Европа Кеңешинин стандарттары мындай дейт, тактап айтканда жабырлануучулар менен аңгемелешүүлөр эч бир кечиктирилбестен жүргүзүлүүсү керектигин жана медициналык текшерүүлөр минималдуулукка чейин ишке ашырылып жүргүзүлүүсү зарыл экендигин караштырган. Жабырлануучулардын көрсөтмөлөрү – иш боюнча жалгыз түз далилдер болуп эсептелерин жана буга удаа коргоо үчүн кайчылаш суракка алуунун маанилүүлүгүн таануу менен, АУЕС «адамдын коргоого ээ болуу укугу, коргоого тиешелүү бардык жүйөөлөрдү кароо укугу чексиз экендигин караштырат» деп токтом чыгарган.[216] Мына ал өз токтомунда мындай дейт:

*«Сексуалдык мүнөздөгү кылмыштарды жасоодо соттолуучулардын, айыпкерлердин болжолдуу жабырлануучулар менен түз конфронтациясы акыркыларды андан ары жаракатка кабылтуу коркунучу менен коштолот. АУЕСтин пикир боюнча, анын үстүнө бул интимдик мүнөздөгү суроолор болуп жаткандыктан соттолгон адамдарды жеке кайчылаш суракка алуу улуттук соттор тарабынан өтө кылдат таразалануусу зарыл»*.[217]

АУЕС андан ары кайчылаш суракка алуу күбөлөрдү коркутуу же басынтуу каражаты катары колдонулбашы керек деп корутундулаган.

Соттор жабырлануучулардын күбө катары ролдоруна шек келтирбөөнү жана басынтпоону камсыз кылууда, алардын көрсөтмөлөрү үчүн коопсуз шарттарды түзүүнү камсыз кылууда маанилүү роль ойношот. Соттор кылмышкерлер сот адилеттиги системасын манипуляциялоо үчүн колдонгон тактикаларды эстеринен чыгарбоолору зарыл жана кылмышкердин сот залында акылга сыйгыс жүрүм-турумда болуусуна же коркуткан комментарийлерди жасоосуна жол бербөөсү керек.

Үй-бүлөдөгү ыкчам киришүүнү, коргоо жөнүндөгү соттук буйруктар, кылмыш процесстери же ажырашуу, балдарга карата комкорчуну дайындоо боюнча угууларды талап кылган зомбулукка байланыштуу териштирүүлөр учурунда соттор  болжолдуу кылмышкер жабырлануучуну коркутуу же сот процессин манипуляциялоо сыяктуу тактикаларды колдонуусу мүмкүн экендиги тууралуу өзгөчө маалымдар болуусу керек, мисалы ал манипуляциялоор мындай болушу мүмкүн: тешип тиктеген көз караш, кадала тиктеген көз караш, эмоционалдык чакырыктар ж.б. Соттор чечкиндүүлүк менен аракет кылуусу зарыл, андыктан мындай жүрүм-турумду токтотуу үчүн эскертүү чыгарылат, тараптарды орун алмаштырып олтургузат же эгерде зарылчылык бар болсо укук бузган адам сот залынан чыгарылат. Кылмышкерлер адаттагыдай эле, өздөрүнүн ырайымсыз жүрүм-турумуна жоопкерчиликти алгандан көрө фактыларды четке кагышат. Алар калп айтуусу, жасалган ырайымсыз мамиле үчүн ичимдикти, стрессти күнөөлөп, зомбулукту минималдаштырууга, экстернализациялоолору мүмкүн. Ошондуктан, алардын коргонуусу далилдерге суроо-талап кылууга багытталган болот (соттук-медициналык экспертиза, күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү ж.б.). Кылмыш кылган адам ал тургай, өзүнүн аракеттеринин кандайдыр бир

[216] «Ю.Хорватияга каршы» иши, № 41107/10 арыз, 2015, 106-пункт.
[217] Ошол жерде.

зыяндарынан качуу үчүн жалган айыптоо боюнча иш козгоону дагы талап кылуусу мүмкүн. Сотто кылмышкерлер колдонгон башка тактиканын бирөөсү, жумшартуучу жагдайды колдонуу үчүн жабырлануучуга келтирилген зыянды таануусу же тааныгандыгын демонстрациялоо дагы болуп саналат. Ошондуктан, мындай учурларда соттун ролу үй-бүлөдөгү зомбулукка «чыдамкайлык нөлгө» (үй-бүлөдө зомбулук жасалбашы керек) барабар экендигин көрсөтүүдөгү ролу чечүүчү мааниге ээ. Соттор дагы орунсуз комментарийлерден алыс болуулары керек. Мисал катары соттор жол берген кийинки басмырлоочу эскертүүлөрдү келтирсек болот:

- «Сиз кылмышкердин үйүндө бир сындырым нан үчүн жашачу белеңиз?».
- «Чындыкты айт. Сен эмнени жашырып жатасың?».
- «Мен бул жерден энени көрө алган жокмун»
- Өлтүрүүгө дуушар болгон жабырлануучунун өспүрүм баласына кайрылуусу: «Сиз кантип, эркек катары сиздин апаңыз башка эркек адам менен сүйлөшүп жатканына кантип чыдадыңыз ия?».

**Кийинки сунуш кылынган көзөмөлдөөчү суроолордун тизмеси жабырлануучунун сотто көрсөтмө берүүсүн жеңилдетүү үчүн пайдалуу болуусу мүмкүн:**

- жабырлануучунун соттогу көрсөтмөлөрүн жеңилдеткен жеткиликтүү чараларды колдонуу;
- жабырлануучуну айыпкер менен жолуктурбагандай, анын сотто көрсөтмө берүүсүн жеңилдете тургандай жеткиликтүү чараларды колдонуу;
- жабырлануучунун сотто болуу убактысын чектөө үчүн ал келгенге чейин маалыматты ачууга, пландаштырууга жашка процедуралык суроолорго тиешелүү бардык процедуралык суроолорду чечүү.
- жабырлануучудагы стрессти төмөндөтүүгө багытталган ыкмаларды колдонуу;
- анын көрсөтмөлөрүн көбүрөөк актуалдуу учурлар менен чектөө;
- эгер жабырлануучу абдан капаланган абалда болсо, анда улантуу үчүн анча анча чоң эмес тыныгуу жарыялоо;
- айыпкердин жабырлануучуга кайчылаш суроо берүүсүнө жол бергенге болбойт;
- эгерде уруксат болсо, башкы далил катары маектешүүнүн видео жаздыруусун колдонуу зарыл.

**б) Кыргызстандын мыйзамдары**

КРнын Кылмыш-жаза кодексинде 2021-ж.ред. үй-бүлөлүк зомбулук кылмышын жасоого айыптоо боюнча кылмыш иштеринен сырткары, соттор Укук бузуу жөнүндө кодексинин 454-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, үй-бүлөлүк зомбулук менен байланыштуу кийинкидей укук бузуу иштери боюнча иштерди карашат жана жазаларды чегеришет:

- уруп-сабоо (56-бер.),
- ден соолукка атайын жеңил зыян келтирүү (57-бер.),
- зарыл коргонуу чектеринен аша чабууда, укук бузуу жасаган адамды камакка алуу үчүн зарыл болгон чаралардан аша чабууда ден соолукка атайылап анча оор эмес зыян келтирүү (58-бер.),
- жардам көрсөтпөө (59-бер.),
- үй-бүлөлүк зомбулук (70-бер.),
- убактылуу коргоо ордеринин шарттарын аткарбоо (71-бер.),
- үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын түзөтүү программасынан өтүүдөн баш тартуусу (72-берене).

Бул белгиленген укук бузууларды жасагандыгы жөнүндө протоколдор ички иштер органдары тарабынан түзүлөт. Сот укук бузуулар жөнүндө иштерди прокурордун жана адвокаттын

катышуусунда карайт. УБжКнын 518-беренесине ылайык, жогоруда саналып өткөн иштер кылмыш жасалган жерде каралбайт жана чечилбейт, себеби аларды сот карашы керек.
УБжКнын 535-беренесине ылайык, укук бузуулар жөнүндө иш сот же ыйгарым укуктуу орган тарабынан укук бузуу жөнүндө протокол/прокурордун укук бузуу тууралуу ишти козгоо жөнүндө токтому жана иштин башка материалдары алынган күндөн тартып он күндүк мөөнөттө каралат. Укук бузуулар жөнүндө иш боюнча өндүрүштүн катышуучусунан өтүнүч келип түшкөн же болбосо иш жагдайларын кошумча аныктоо зарыл болгон учурларда ишти кароо мөөнөтү, ишти караган сот же ыйгарым укуктуу орган тарабынан он күндөн ашпаган мөөнөткө узартылышы мүмкүн. Жаза чарасы катары камакка алуу түрүндө каралган укук бузуулар (мисалы, 70-берене боюнча "Үй-бүлөлүк зомбулук") жөнүндө иш укук бузуулар жөнүндө протокол жана башка иштин материалдары келип түшкөн күнү, бирок адам кармалган учурдан тартып 48 сааттан кечиктирилбей каралат.

УБжКнын 536-беренесинин (2-б.) ылайык, сот ишке катышкан жактардын, алардын өкүлдөрүнүн өтүнүчү боюнча же өз демилгеси менен ишке катышкан жактардын сот отурумуна видео-конференц-байланыш тутумун пайдалануу жолу менен катышуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө маселени чечет. Ошондуктан, үй-бүлөлүк зомбулук боюнча жогоруда саналып өткөн иштер боюнча, эл аралык стандарттарга ылайык сотторго өз демилгелери менен *жабырлануучунун видео-конференц-байланышуу системасын колдонуу мүмкүнчүлүгүн чечүүнү* көптөн-көп сунуш кылабыз.

КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ж. ред. 204-беренесине ылайык, тергөөчү көрсөтмөлөрүндө олуттуу карама-каршылыктар бар мурда суракка алынган эки адамдын ортосунда беттешүү өткөргөнгө укуктуу. Бирок, үй-бүлөлүк жана сексуалдык зомбулук окуяларында 204-беренени колдонуу минималдаштырылуусу керек же жабырлануучуга багытталган ыкманы колдонуу менен максималдуу түрдө кылдат өткөрүлүүсү керек. Шектүү же айыпталуучу тараптан башка катышуучуну опузалоо, коркутуу же болбосо башка мыйзамсыз аракеттер менен беттештирүүнү үзгүлтүккө учуратууга аракет жасалган учурда, тергөөчү муну протоколдо көрсөтүү менен ушул тергөө аракетин жүргүзүүнү токтотууга милдеттүү (КРнын КЖКнин 2021-ж.ред. 204-бер. 8-б.).
Ошондой эле, КРнын КПКнын 2021-ж.ред. 26-Главасына ылайык, көрсөтмөлөрдү депонирлөө караштырылган, муну дагы үй-бүлөлүк зомбулук боюнча, анын ичинде сексуалдык зомбулук боюнча иштерге колдонуу керек, жабырлануучунун, күбөнүн жашоосу жана ден соолугу үчүн коркунучка, катуу оорушуна байланышкан объективдүү себептерден улам мүмкүн болбойт деп эсептөөгө негиздер болгон өзгөчө учурларда мындай жабырлануучу, күбө тергөөчүнүн өтүнүчү боюнча тергөө судьясы тарабынан суракка алынышы мүмкүн (205-бер. 2-бөл.).
КРнын КПКнын 2021-ж.ред. 207-беренеси (2-бөл.) эгерде айыпкердин суракта катышуусу жабырлануучунун, күбөнүн коопсуздугуна коркунуч келтирсе, ал суракка чакырылбайт. Көрсөтмөлөрдү депонирлөөгө адамдарды чакырууну тергөө судьясы уюштурат.
КРнын КПКнын 2021-ж.ред. 11, 11-беренеси сот, прокурор, тергөөчү кылмыштардын жабырлануучуларына сот адилеттигинин жеткиликтүү болушун жана келтирилген зыянды калыбына келтирүүнү мыйзамда бекитилген тартипте камсыз кылууга милдеттүү; инсандын ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоону; ишке катышкан адамдардын эч кимисин зомбулукка, кыйноолорго жана башка ырайымсыз же адамдын кадыр-баркын кемсинтүүчү мамилеге жана жазага тартылышына жол бербөөнү талап кылат.

Бул жоболордун баары толугу менен сот, прокурор, тергөөчү жабырлануучулардын сотто көрсөтмө берүүлөрүн жеңилдетүүлөрүнө толук шарт түзөт, жогоруда сунуш кылынган суроолордун көзөмөлдөөчү тизмесин колдонууларына жол ачат.

### 4.3.2. Жабырлануучуларды коргоо жана процессуалдык укуктар

**а) Эл аралык стандарттар**

Аялдарга карата зомбулук жана үй-бүлөлүк зомбулук окуяларын кароодо жабырлануучуну коргоону камсыз кылуу абдан маанилүү. Алар кылмыш сот өндүрүшүнүн жүрүшүндө көп учурларда кайрадан жабыркоого кабылышат жана ишти кароо учурунда кылмышкер тарабынан зомбулуктун жана коркутуунун күчөшүнө кабылуусу мүмкүн. Мамлекет кылмыш сот өндүрүшүнүн алкагында жана ал жүргүзүлүп жаткан убакта жабырлануучунун коопсуздугун камсыз кылганга милдеттүү. Бул талапты аткарбоо жабырлануучунун адам катары негизги укуктарынын бузулушуна, анын ичинде адилеттүү соттук териштирүүнүн жүргүзүлүшүнө ээ болуу укугунун бузулушуна алып келүүсү мүмкүн. Укук коргоо жана сот органдарынын муну камсыз кылуудагы ролу, жабырлануучуга өз укуктары жана юридикалык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү жөнүндө маалыматтарды берүүдө болуп эсептелет. Жабырлануучулар ошондой эле соттук териштирүүнүн жүрүшү жана ишти кароонун жыйынтыктары жөнүндө маалыматтарга ээ болуулары зарыл. Жабырлануучуга сот адилеттиги системасындагы анын укуктары жана ролдору жөнүндө зарыл маалыматтарды берүү, анын ишеничин жана системага катышууга даярдыгын жогорулатат, ошондой эле териштирүүнүн өз убагында жүргүзүлүшүнө жол ачат. Стамбул конвенциясы мамлекеттер жабырлануучулардын *«иликтөөнүн жана соттук териштирүүнүн бардык этаптарында»* укуктарынын жана кызыкчылыктарынын корголушун, анын ичинде алардын *«күбөлөр катары өзгөчө муктаждыктарынын»* эске алынуусун талап кылат.[218]

Бул өзүнө камтыйт:

- аларды коргоону, ошондой эле алардын үй-бүлөлөрүн жана башка күбөлөрдү коркутуудан, өч алуудан жана жабыр тартуунун кайталануусунан коргоону камсыз кылууну;
- жабырлануучуну, эң жок дегенде качан алардын үй-бүлөлөрүнө коркунуч келтирилүүсү мүмкүн болгон учурда, кылмышкер качып кеткен учурда же болбосо убактылуу же толугу менен бошотулган учурда маалымдап туруу менен камсыз кылуу;
- аларга ички мыйзамда караштырылган шарттарга ылайык, алардын укуктары жана алар пайдалана ала турган кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалымат берүү жана алардын даттануулары, айыптоолору, иликтөөнүн же тергөөнүн жалпы жүрүшү, алардын андагы ролу, ошондой эле алардын ишинин жыйынтыктары жөнүндө маалымат берүү;
- жабырлануучуларды тиешелүү жардамчы кызмат көрсөтүүлөр менен камсыз кылуу, бул аркылуу алардын укуктары жана кызыкчылыктары тиешелүү деңгээлде көңүлдүн борборуна алына тургандай кылуу;
- жабырлануучунун жеке жашоосун, конфиденциалдуулугун жана репутациясын коргоо боюнча чара көрүлүүсүн камсыз кылуу.

Стамбул конвенциясы жабырлануучулардын (жана алардын үй-бүлөлөрүн жана эгерде жабырлануучулар балдар болгон учурда мыйзамдуу өкүлдөрүн) алар жабыр тарткан адам катары

[218] Стамбул конвенциясынын 56-беренеси.

катышып жаткан иш боюнча тергөөнүн жана иликтөөнүн жүрүшү жөнүндө маалымат алуу укугун аныктаган. Мына ушуга байланыштуу, жабырлануучулар өздөрүнүн укуктары, аларга көрсөтүлүүчү кызматтар, алардын даттанууларына, айыптоолоруна байланыштуу кабыл алынган чаралар жөнүндө, иликтөөнүн жана тергөөнүн жүрүшү, алардын ролу жана иштин жыйынтыгы жөнүндө маалымат алып туруулары керек.[219]

Укук коргоо органдарынын кызматкерлери жана соттор оор иштерде катышып жаткан аял-катышуучулар менен аңгемелешүүлөрү керек, өзгөчө зомбулуктун жабырлануучулары менен алардын коопсуздуктарын жана үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнүн коопсуздугун камсыз кылуу пландары жөнүндө сүйлөшүүлөрү зарыл. Алдын ала аңгемелешүү учурунда укук коргоо органдарынын кызматкерлери сот процессинин этаптарын түшүндүрүүлөрү зарыл жана жабырлануучу/күбө коргоо ордерин берүү жөнүндө өтүнүч өткөрүү мүмкүндүгүн караштырды беле кызыгуулары зарыл.  Талкуулоо анын сот процессинин бардык учурундагы коопсуздугун камсыз кылуу кадамдарынын топтомун камтуусу керек, аны талкуулап жаткан убакта кылмышкердин баш коргоо чарасы камакка алуу болбой калуусу же күрөө коюунун негизинде бошотулуусу мүмкүн экендигин көңүл борборуна алуу менен ар бир коопсуздук кадамы ойлонуштурулуусу зарыл жана жеке коопсуздук пландары жөнүндө маалыматтар ачык сот отурумунда дагы берилүүсү керек. Мындай маалыматты юридикалык кеңеш же адвокат аркылуу, же жабык угууларда берген жакшы.

Жабырлануучу кылмышкердин камакка алуу баш коргоо чарасынан бошотулгандыгы жөнүндө маалымат алуусу зарыл. Эске сала кете турган болсок, «Бранко Томашич жана Башкалар Хорватияга каршы» ишинде АУЕС бийлик кылмышкердин аракеттерине, аны абактан бошотуунун шарттары жана ал мурунку эле коркутууларын жүргүзгөн аракеттерди кылып баштоосу мүмкүн экендигине алдын ала баа беришкен эмес деген корутунду чыгарышкан. Мына ошентип, алар «М.М. абактан бошотулгандан кийин өзүнүн коркутууларын улантуусу мүмкүндүгүн азайтуу үчүн адекваттуу чараларды [ ... ]  » көрүшкөн эмес».[220]

Сот адилеттиги секторунун субьектилери жабырлануучуларды тиешелүү деңгээлде багыттоо үчүн, кризистик борборлор жана баш калкалоочу жайлар сыяктуу зомбулуктан жабырлануучуларга жеткиликтүү социалдык кызмат көрсөтүүлөр жана уюмдар жөнүндө маалыматтарга ээ болуулары керек.

Мындай типтеги уюмдар жабырлануучулар менен көбүрөөк тыгыз кызматташа алышат жана ага жеке коопсуздук планын иштеп чыгууда жардам беришет.  Кандай гана тобокелчиликтерди (коркунучтарды) алдын ала баалай турган сыяктуу эле, укук коргоо органдарынын кызматкерлери ошол учурда бар тобокелчиликтер (коркунучтар) статистикалык эмес экендигин жана көз ирмемдин ичинде өзгөрүп кетерин дагы эстеринен чыгарбоолору зарыл. Тобокелчиликтердин (коркунучтардын) деңгээлин жогорулатуусу мүмкүн болгон бир катар факторлор же өзгөчө факторлор бар, алар мисалы: башка факторлор менен чогуу эле эки башка жашоо, соттук териштирүү жана балдар менен байланышуу.[221]

Полиция тобокелчиликтерди баалоону дайыма жаңыртып жүргүзүп туруусу керек, бул андан соң прокурордун өзгөрүп жаткан кырдаалга кайрадан баа берүүсү үчүн жана ага жооп катары бардык зарыл чараларды көрүүсү үчүн зарыл. Ошондуктан полиция менен прокурорлордун ортосунда дайыма байланыш бар болушу керек, мисалы прокурорлор жана тергөөчүлөр жабырлануучу

[219] Түшүндүрмө баяндама, 286-пункту.

[220] «Бранко Томашич жана башкалар Хорватияга каршы» иши, № 46598/06 арызы, 2009, 60-пункт.

[221] Караңыз.: жабырлануучуларды коргоо жөнүндө, тобокелчиликтерге баа берүү жөнүндө көбүрөөк кенен маалыматты караңыз.: Окуу куралынын бөлүмчөлөрү.

ыкчам кийлигишүү же коргоо жөнүндө буйрук чыгарууну сурандыбы, буйрук берилдиби жана аны кылмышкер буздубу дайыма кабардар болуулары керек.
Бул коргоо буйругун бузуу өзүнө кылмыштык куугунтуктоону камтыганда жана айып коюлган кылмыштардын катарына киргизилүүсү керек. Мына ошентип, кылмыш-жаза жана жарандык укуктун учурдагы суроолорунун ортосундагы координациялоону камсыз кылуу өзгөчө мааниге ээ.[222]
*Алдын ала камоо жана бошотууга карата көбүрөөк катаал шарттарды коюу* – булар соттор жабырлануучулардын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн колдоно турган эки чара болуп саналат. Кылмышкердин күрөө коюп бошонуу укугу менен жана жабырлануучунун коопсуздукка ээ болуу укугунун ортосунда бирөөнү тандоодо соттор алардын ортосундагы атаандаш кызыкчылыктарды тең салмактоолору зарыл жана жабырлануучунун коопсуздугуна артыкчылыктар берилүүсү зарыл. Коопсуздук чараларын дайыма тобокелчиликтерге (коркунучтарга) баа берүү контекстинде кароо керек. Анда көзөмөлдөөчү суроолордун тизмеси же башка стандарттык процедуралар сыяктуу куралдар колдонулушу зарыл, мунун баары полиция же зомбулуктан жабырлануучуларга колдоо жана жардам көрсөткөн бейөкмөт уюмдары менен тыгыз кызматташтыкта ишке ашырылуусу керек. Тобокелчиликтер (коркунучтар) жогору болгон учурда анын өлүмгө алып келүүсү мүмкүн экендигине баа берүү жогору болуп саналат, бул ага алдын ала баалоо жүргүзүлбөгөн учурда өзгөчө керек. Соттун бул ишке катышып жаткан ар кыл мекемелердин баарынан тиешелүү маалыматтарды алуусу жана анын баарын таразалап чыгуу менен жабырлануучуга тиешелүү чечимдерди кабыл алуусу абдан маанилүү. Соттор жабырлануучунун өзүнүн коопсуздугуна байланыштуу бардык тынчсыздануулларына, кооптонууларына дайыма көңүл буруулары зарыл.

**б) Кыргызстандын мыйзамдары**

КРнын КПКнын 2021-ж. ред. 9-Главасы кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө катышуучулардын коопсуздугун камсыз кылууну караштырат. КРнын КПКнын 2021-ж. ред. 75-76-77-беренелерине ылайык, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучулары (шектүү, айыпталуучу, жабырлануучу, күбө, эксперт жана кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө катышып жаткан башка жакын туугандары, жубайы (жубайлар) коргоого ээ болууга укуктуу. Демек, кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө катышып жаткан үй-бүлөлөр, жакын туугандары жана достору алардын коопсуздуктарын камсыз кылууга укуктуу.
Мындан сырткары, укук коргоо органдарынын кызматкерлери өз демилгелери боюнча, ошондой эле тиешелүү адамдардын арыздары боюнча жабырлануучуларды коргоо чараларын көрүүлөрү керек, алар бул тууралуу коопсуздук чараларын көрүү жөнүндө токтом чыгарышат. Эгерде кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө катышып жаткан адамдарга же алардын жакын тууганддарына өндүрүшкө катышып жаткандыгына байланыштуу дене бойлук жазалоо жүргүзө тургандыгын айтып коркутса, коргоо чаралары милдеттүү болуп эсептелет (КРнын КЖКнын 2021-ж.ред. 76-бер. 1-2- бөл.).
Кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө катышуучу адамдардын, алардын жакын туугандарынын, жубайынын (жубайлардын) алардын коопсуздук чараларын көрүү жөнүндө арыздарды өндүрүшүндө иш турган орган, 24 сааттан кечиктирбестен кароого тийиш. Арыз ээсине тиешелүү

[222] Европа Кеңеши, Үй-бүлөдөгү зомбулуктун алдын алуу жана аны менен күрөшүү, Укук коргоо жана юстиция органдарынын кызматкерлерин даярдоо үчүн окутуу курсу, 2016. 54-бет.

токтомдун көчүрмөсүн жөнөтүү менен ага кабыл алынган чечим жөнүндө билдирилет (КРнын КЖКнын 2021-ж.ред. 76-бер. 3- бөл.).

Кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө катышып жаткан күбөлөрдүн, айыпталуучулардын жана башка адамдардын, жана алардын жакын тууганадарынын, жубайынын (жубайлардын) жеке коопсуздуктарын камсыз кылуунун тартиби КРнын «Жазык сот өндүрүшүнө катышуучулардын укуктарын коргоо жөнүндө» Мыйзамы тарабынан аныкталат».[223]

Бул Мыйзамда кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө катышуучуларды коопсуздук жана социалдык жактан коргоо чараларын камтуучу мамлекеттик коргоо чараларынын тутумун киргизүү каралат, ошондой эле аларды колдонуунун негиздери жана тартиби аныкталат.

Кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө катышкан күбөлөрдүн, жабырлануучулардын жана башка катышуучулардын (корголуучу жарандар) укуктарын коргоо камтыйт (жогоруда аталган Мыйзамдын 1-беренеси):

- кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө катышкан күбөлөрдүн, жабырлануучуларды жана башка катышуучуларды мамлекеттик коргоого алууну (мындан нары-мамлекеттик коргоо);
- алардын өмүрүн, саламаттыгын жана (же) мүлкүн коргоого багытталган, ушул Мыйзамда каралган коопсуздук чараларын жүзөгө ашырууну (мындан ары - коопсуздук чаралары),
- ошондой эле аталган адамдарды алардын кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө катышуусуна байланыштуу социалдык жактан коргоо чаралары (мындан ары - социалдык жактан коргоо чаралары) буга ыйгарым укук берилген мамлекеттик органдар тарабынан жүзөгө ашырылат.

Мамлекеттик коргоону жүзөгө ашыруу жөнүндө чечимди кылмыш, болбосо кылмыш иши жөнүндө арыз (билдирүү) өндүрүшүндө турган сот (судья), прокурор, алгачкы текшерүү органынын башчысы же тергөөчү кабыл алат (КРнын «Жазык сот өндүрүшүнө катышуучулардын укуктарын коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 3-беренеси).

Жогоруда аталган Мыйзамдын 6-беренесине (1-б.) ылайык, Корголуучу адамдарга карата төмөнкүдөй коопсуздук чараларынын бир эле учурда бир нечеси, болбосо бирөө колдонулушу мүмкүн:

1) жекече кайтаруу, турак жайын жана мүлкүн кайтаруу;
2) жекече коргоонун, байланыштын жана коркунуч тууралу кабарлоонун атайын каражаттарын берүү;
3) корголгон адам жөнүндө маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылуу;
4) жашаган жерин башка жакка көчүрүү;
5) зарыл учурда ошондой эле корголуучу адамдын үй-бүлө мүчөлөрүнө карата колдонулуучу анкеталык маалыматтарды өзгөртүү менен документтерди алмаштыруу;
6) сырт түспөлүн өзгөртүү;
7) сотто чыгып сүйлөө учурунда алардын сырт түспөлүн маскировкалоо же кошумча визиуалдык изоляциялоо, ошондой эле соттук тергөөнүн жүрүшүндө анкеталык маалыматтарды жана башка маалыматтарды ачыкка чыгарбоо;
8) иштеген (кызмат ордун) же окуган жерин өзгөртүү;
9) убактылуу коопсуз жерге жайгаштыруу;
10) камакта кармалган же жазасын өтөө жеринде турган корголуучу адамга карата кошумча коопсуздук чараларын колдонуу, анын ичинде камакта кармалган же жазасын өтөп жаткан бир жерден экинчи жерге которуу.

[223] КРнын 2006-жылдын 16-августундагы № 170 «Жазык сот өндүрүшүнө катышуучулардын укуктарын коргоо жөнүндө» Мыйзамы.

Жогоруда аталган Мыйзамдын 6-беренесинин 1-бөлүгүнүн 4-7-пункттарында караштырылган коопсуздук чаралары, катарына үй-бүлөлүк зомбулук, сексуалдык зомбулук дагы кирген оор жана өзгөчө оор иштер боюнча гана ишке ашырылат.

Мындан сырткары, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын коопсуздуктары үчүн кошумча чара көрүүнү камсыз кылуу үчүн ишти өндүрүшүн алган орган укуктуу:

1) зомбулук же жазык мыйзамдарында тыюу салынган башка жосундарды жасоо коркунучун туудурган адамга карата анын кылмыш жоопкерчилигине тартылуусу мүмкүн экендиги тууралуу расмий эскертме берет (КРнын «Жазык сот өндүрүшүнө катышуучулардын укуктарын коргоо жөнүндө» Мыйзамы 15-1-бер.);

2) корголуучу адамга жакындоого тыюу салуу түрүндө жеке коопсуздукту камсыз кылуу чарасын кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө колдонуу (КРнын «Жазык сот өндүрүшүнө катышуучулардын укуктарын коргоо жөнүндө» Мыйзамы 15-2-бер.).

Жогоруда аталган Мыйзамдын 17-беренесине ылайык, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө катышканына байланыштуу корголуучу адамды өлтүрүү, ага зомбулук көрсөтүү, анын мүлкүн жок кылуу же зыян келтирүү жөнүндө мамлекеттик коргоону жүзөгө ашыруу тууралу чечим кабыл алган орган тарабынан аныкталган маалыматтардын болушу коопсуздук чараларын колдонуунун негиздери болуп саналат.

Коопсуздук чаралары корголуучу адамдын жазуу жүзүндөгү арызынын же жазуу жүзүндө билдирилген анын макулдугунун негизинде, ал эми жашы жетпегендерге карата - анын ата энесинин же аларды алмаштырган адамдардын жазуу жүзүндөгү арызынын, ошондой эле үй-бүлөнү жана балдарды колдоо боюнча бөлүмдөрүнүн ыйгарым укук берилген өкүлдөрүнүн (ата-энеси же аларды алмаштырган адамдар жок болгон учурда) же алардын жазуу жүзүндө билдирилген макулдугунун негизинде колдонулат.

Ушул сыяктуу эле, үй-бүлөлүк зомбулук менен байланыштуу иштер боюнча судья, прокурор, тергөөчү, алгачкы текшерүү органынын жетекчиси жабырлануучуларга - үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларына карата жогоруда аталган коопсуздук чараларын кабыл алганга укуктуу.

Ошондой эле, КРнын «Жазык сот өндүрүшүнө катышуучулардын укуктарын коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 16-беренесине ылайык, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө катышканына байланыштуу корголуучу адам көз жумган (өлгөн) учурда, же анын майыптыкка алып келген дене боюна залал келтирген же анын саламаттыгына башкача зыян келтирилген учурда көз жумган (өлгөн) адамдын үй-бүлө мүчөлөрүнө жана анын багуусунда турган адамдарга мамлекеттик коргоону жүзөгө ашыруу жөнүндө чечим кабыл алган органдын токтому боюнча мамлекеттик бюджеттин каражатынын эсебинен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү (азыркы – КРнын Министрлер Кабинети) аныктаган өлчөмдө бир жолку жөлөк пул төлөнүп берилет жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте багуучусунан ажырагандыгы боюнча пенсия же ай сайынкы социалдык жөлөк пул дайындалат.

Кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө байланыштуу корголуучу адамга келтирилген мүлктүк зыян мамлекеттик бюджеттин каражатынын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка финансы булактарынын эсебинен толтурулууга, бул каражаттар кийин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте корголуучу адамга мүлктүк зыян келтирүүгө күнөөлүү адамдын каражаттарынан өндүрүп алынууга тийиш.

## 4-Бөлүмгө карата окуу тапшырмалары

***4.1.-тапшырма.***

Төмөндө келтирилген иш жүзүндөгү кырдаалды (бейнени) талкуулоо:

*«Жаран А. өзүнүн аялы Б.га карата дене бойлук жана сексуалдык зомбулук, өлтүрүү коркунучун жасоого айыпталууда, ал өзүнө карата коюлган айыптарды четке кагып жатат. Аялы жаран Б. жаран А. менен эки башка жолго түштү жана эми болсо өзүнүн балдары менен жалгыз жашап баштады. Мурун дагы бул үй-бүлөдөгү зомбулук жөнүндө арыздар келип түшчү, бирок алардын ичинен бирөө дагы бул иш боюнча коюлган айыптар сыяктуу өзгөчө олуттуу болгон эмес. Мурунку окуялардын бирөөсүндө жаран А.га айып коюлган, бирок айыптардын баары алынып салынган. Мурунку окуяларда жаран Б. дайыма жаран А.га кайтып келчү.*

*Жаран Б. көрсөтмө бергенден кийин, сотто жаран А. (күйөөсү) менен жаран Б.(аялы) кайрадан көзмө көз тиктешүү болуп өтөт. Анын (аялынын) укук коргоо органдарынын кызматкерлерине берген көрсөтмөлөрү менен арыздарынын ортосунда айрым шайкеш келбестиктер пайда болот жана коргоочу адвокат ага сыноочу жана жетелеме суроолорду берет. Акыры ал көзүнө жаш алган боюнча, өзүнүн күйөөсүнө каршы көрсөтмөлөрдү бербөө укугунан колдонууну каалап жаткандыгын айтат. Себеби башка далилдер жок болчу, кыскача талкуулоодон кийин сот жаран А.ны актады».*

***4.1.-тапшырмасына карата суроолор:***

1. Бул окуяда эмнени башкача кылса болот эле?
2. Иликтөөнүн жүрүшүндө жетишерлик далилдер чогултулду беле?
3. Чындыгында эле бул фактылардын башка күбөлөрү жок беле?
4. Жаран Б. (аялы) милицияда суракка алып жаткан убакта эмне туура эмес болгон?
5. Эгерде жаран Б.(аялы) адвокаты өкүлчүлүктүк кылса же консультациялык борбор колдоо көрсөтсө, башкача болмок беле?
6. Жаран А. (күйөөсү) соттук териштирүүнүн алдында жаран Б. (аялына) кысым көрсөтүүсү мүмкүнбү?
7. Муну кантип алдын алса болот эле?
8. Жабырлануучулардын кызыкчылыктарына багытталган жана гендердик аспекттерди эске алган ыкма колдонулдубу?
9. Сот залындагы жагдайга жараша кандайдыр бир көңүл бурулду беле?
10. Аялдарга карата зомбулук жана үй-бүлөлүк зомбулук окуяларында сотко чейин камакка алуу жана/же күрөөнүн негизинде бошотуу шарттары менен катар эле, убактылуу коргоо ордерлери же айыпталуучунун укуктарын чектөө жөнүндө сот актысы каралуусу мүмкүнбү (эл аралык стандарттарга ылайык узак мөөнөттүү коргоо жөнүндө буйруктар деген аталыштагы)?
11. Жаран Б. (аялы) үчүн тиешелүү деңгээлде жардам алуу жана колдоо көрсөтүү жеткиликтүү болдубу?

***4.2.-тапшырма.***

Бул окуу куралындагы 1.2-Тапшырмада келтирилген жаран М. иши боюнча реалдуу иш жүзүндө болгон кырдаалды талдоону улантуу.

*«М. деген жаран күйөөгө чыкканына 17 жыл болду, аны 14 жыл бою күйөөсү ичкилик ичкен кезде уруп-сабап келе жатат. Ал үч ай мурун анын үстүнөн арыз жазды: алар акыркы жолу урушуп жатышканда күйөөсү апасына болушкан улуу кызына - беш баласынын бирөөсүнө бычак менен*

*жулкунду. М. өзүнүн таанышы – аялдарды коргоо боюнча адвокатка кайрылган, ал аны милицияга барууга көндүргөн. Алар дароо милицияга барышкан, бирок ал жакта арыз алуудан баш тартышкан, себеби анын каттоосу башка аймакта болчу. Бул жаран М. милицияга жардам сурап кайрылып жаткан биринчи учуру эмес. 14 жыл мурун алардын экинчи кызы төрөлгөндөн кийин, ал ага тукум улоочу төрөбөгөнүнө ачууланган күйөөсү аны биринчи жолу сабаган. Ал эки кызы менен ата-энесиникине кетип калган жана улуу эжесинин айтканы боюнча ал арыз жазган. Ал кезде милиционерлер ал эмне үчүн өзүнүн балдарынын атасына эмнеге арыз жазып жатат деп таң калышып, аны анча көңүлдөнбөй кабыл алышкан. Аны элдешүүгө көндүрүп жатышып, алар жаран М. башка жабырлануучу аялдар сыяктуу эле бир гана милиция кызматкерлеринин убактысын коротуп жатышкандыгын айтышкан. Ал эми, ал (аял) өз оюнан кайпай туруп алганда гана анын күйөөсүн бейбашчылык үчүн 15 суткага камашкан, андан соң бошотушкан. «Милиционерлер мага үй-бүлөлүк зомбулук – бул милициянын иши эмес, ал бир гана үй-бүлөнүн жеке иши жана мен болсо үй-бүлөмдү уят кылып жатканымды айтышты» - дейт жаран М.*

*Адвокат жаран М. дароо соттук-медициналык экспертизадан өтүүсүн талап кылды. Бул Ош шаарына жакын жердеги консервативдүү айылда жашаган аны коргоп жаткан адамга оңойго турган жок – ажырашуу жана «урушту сыртка чыгаруу» бул жерде өөн көрүнүш болуп саналат.*

*Жаран М. нын күйөөсү бошоткондон кийин ал анын ата-энесинин үйүнө күн сайын келе баштады, ал бир күнү кечирип сураган жана өкүнүп жатканын билдирген, башка күнү болсо өлтүрөм деп коркуткан. Жаран М. күйөөсүнүн үйүнө кайтып келген, анын айткандары боюнча мындай кадамына ал бир нече жолу өкүнгөн. «Күйөөмө коргоо ордерин бергенден бери ал бизге тийген жок. Бирок, ал бизди күн сайын сөгөт, кыйкырат жана ар түрдүүчө шылдыңдайт» - деп айтат жаран М. – «Эми буга кошумча анын ата-энеси дагы мага чалып жатышат жана ажырашып калсак, мен жана менин балдарым эч нерсесиз каларыбызды айтышты. Анда мен балдарым менен каякка барам?».*

*Азыр бергенден эки ай өткөндөн соң, жаран М. аны кайтарып алды, мунун ордуна ал балдары менен Россияга эжесиникине кетерине уруксат берери боюнча күйөөсү менен макулдашышты. Ал ага кайрадан кайрылып келеби, ал (аял) али билбейт. Азыр ал балдар жогорку билим алуусу үчүн иштеп акча табууну каалайт».*

***4.2.-тапшырмага карата суроолор:***

1. **Жаран М. жана анын жакындары кабылган бардык зомбулуктуу жосундарга укуктук баа бергиле. Аларды КРнын мыйзамдарына жана эл аралык стандарттарга ылайык кандайча квалификациялоо керек?**
2. Укук коргоо органдарынын, адвокаттын, жаран М.нын туугандарынын, анын күйөөсүнүн аракеттерине талдоо жүргүзгүлө жана аларга укуктук баа бергиле.
3. Жаран М. укуктарын натыйжалуу коргоо үчүн ага кандай сунуштамаларды берүүгө болот?

***4.3.-тапшырма.***

КРнын мыйзамдарына, анын ичинде КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамына, кылмыш-жаза мыйзамына эл аралык кылмыш-жаза-сот адилеттигинин чаралары боюнча эң мыкты чет элдик тажрыйбаларга жана эл аралык стандарттарга салыштыруу менен кылдат талдоо жүргүзгүлө:

- далилдерди иликтөө жана чогултуу процедураларына,
- кылмыштардын колдонулуучу курамдарына,
- жабырлануучулар жана күбөлөр менен иштөөгө,
- жабырлануучуларды суракка алуунун өзгөчөлүктөрүнө.

**4-Бөлүмгө карата көзөмөлдөөчү суроолор**

1. «Тиешелүү сактык» стандарты деп эмнени түшүнөбүз?
2. Адам укуктары боюнча Европалык соттун (АУЕС) иликтөө жүргүзүүнү жана ex officio соттук куугунтуктоосун жана тобокелчиликтерге (коркунучтарга) дайыма баалоо жүргүзүп турууну талап кылган үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө иштерге карата «тиешелүү сактык» стандартын колдонуу боюнча тажрыйбасы кандай?
3. «ex officio» боюнча иликтөө деп эмнени түшүнөбүз?
4. КРнын укук колдонуу тажрыйбасында үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө иштерди негиздөө үчүн далилдерди чогултуу менен байланыштуу кандай көйгөйлөр бар?
5. КРнын мыйзамдарында адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык укуктарга карама-каршы келген кандай мүчүлүштүктөр бар?
6. Жабырлануучулардын жана күбөлөрдүн, соттогу коргоону кошкондо кандай процессуалдык укуктары бар жана үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучулары үчүн бул чаралар эмнеге маанилүү?

# 5. ӨКҮМДҮ ЧЫГАРУУ ЖАНА УКУК КОРГОО КАРАЖАТТАРЫ

## 5.1. Чен өлчөмдүү, чектөөчү санкциялар (эркиндигинен ажыратуу, ата-энелик укуктарынан ажыратуу түрүндөгү жазалар)

Адам укуктары боюнча эл аралык конвенциялар, анын ичинде Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 2(3) беренеси, кимдин адам катары адам укуктары бузулса, ал адамдар үчүн укуктук коргоонун натыйжалуу каражаттарына ээ болуу укуктарын караштырат. Жогоруда каралып өткөндөй 2 жана 3-беренелер боюнча Адам укуктары боюнча Европалык соттун (АУЕС) сот тажрыйбасында калыптанган укуктук коргоо каражаттарына ээ болуу укугу, тиешелүү сактык стандартынын элементтеринин бирөө болуп эсептелет.
Укуктук коргоонун каражаттарына ээ болуу укугу чен өлчөмдүү жана чектөөчү санкцияларды колдонууну, ошондой эле компенсациялардын болуусун дагы камтыйт. Бул бөлүмдө эл аралык стандарттар, Кыргызстандын мыйзамдары жана ушул суроолор боюнча тажрыйба караштырылат.
Аялдарга карата зомбулук боюнча прокурорлор жана соттор өкүм кылмыштын оор мүнөзүн чагылдыруусун камсыз кылуулары керек.[224]
Мындай окуяларда өкүмдөрдү чыгаруу адилеттүү, басмырлоочу эмес, чен өлчөмдүү жана ырааттуу болушу зарыл. Негизги көңүл, өкүмдү чыгаруунун негизги максаты зомбулуктун кайталануусун токтотуу, жабырлануучуну коргоо жана айыпталуучуну жоопкерчиликке тартуу экендигине бурулуусу зарыл.[225]

### а) Эл аралык стандарттар

Стамбул конвенциясынын 45-беренесине ылайык:
*«Катышуучу-мамлекеттер бул Конвенцияга ылайык ушундай деп таанылган кылмыштар алардын олуттуулугун эске алып натыйжалуу, чен өлчөмдүү жана чектөөчү санкциялар менен камсыз кылуу үчүн зарыл болгон мыйзамдык же башка чараларды кабыл алышат».*
Түшүндүрмө баяндамага ылайык 45-берене 33-41-беренелер менен тыгыз байланыштуу, аларда кылмыш-жаза мыйзамына ылайык жазалана турган ар түрдүү кылмыштар аныкталат.[226] Эскерте кетчү маанилүү нерсе, ал кылмыштуу мүнөзгө ээби же жокпу көз карандысыз түрдө санкциялардын бардык түрлөрүнө колдонулат.

---

[224] АУЖКБ, Аялдарга карата зомбулук, анын себептери жана зыяндары жөнүндө Атайын баяндамачы Рашиды Манжунун Баяндамасы (A/HRC/14/22,19 апрель, 2010-жыл), 31-85-пункттар. Караңыз: ошондой эле АББЖК 2-беренеси боюнча катышуучу-мамлекеттердин негизги милдеттенмелери боюнча №28 жалпы сунуштаманын 32-пунктун карагыла, ал жерде белгиленген «укуктук коргоо каражаттары калыбына келтирүүнүн ар түрдүү формаларын камтышы керек, мисалы: акчалай компенсация, реституция, реабилитация, жумушун кайра калыбына келтирүү; моралдык канааттануунун кийинкидей чаралары: ачык кечирим суроо, эл алдына ачык чыгып сүйлөө жана кайталабоо кепилдиги: тиешелүү мыйзамдарга жана тажрыйбаларга өзгөртүүлөрдү киргизүү; аялдын адам катары укуктарынын бузулуусуна күнөөлүү адамдарды жоопкерчиликке тартуу».
[225] Европа Кеңеши, Соттор жана прокурорлор үчүн аялдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча окуу куралы , 2016. 84-бет. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://rm.coe.int/training-manual-final-english/16807626a4
[226] Түшүндүрмө баяндама, 232-пункт.

Мына ошентип, Стамбул конвенциясынын 45-беренеси бул кылмыштар үчүн «натыйжалуу, чен өлчөмдүү жана чектөөчү» санкцияларды киргизүүнү талап кылат. Бул абакка олтургузуу түрүндөгү жазаны өзүнө камтыйт, ал эгер мүмкүнчүлүк берилсе экстрадациялоону дагы камтуусу мүмкүн. Санкциялар ошондой эле Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 15 (1) беренесине дагы шайкеш келүүсү керек, ал караштырат «*эч ким аны жасаган учурда мамлекеттин ичинде күчүндө иштеп жаткан мыйзамга жана эл аралык укукка ылайык жазык кылмышы болуп эсептелбеген кайсы бир аракеттердин жеката кетирүүнүн натыйжасында, кандайдыр бир жазык кылмышын кылды деп айыпкер катары таанылуусу мүмкүн эмес*».
Кылмыш-жаза сот адилеттигинин жабырлануучуларды натыйжалуу коргоону жана айыпталуучуларды жазалоону камсыз кылуудагы көйгөйлөрүнүн бири, иш каралып жаткан учурда көп сандагы арыздардын өткөрүлүүсү болуп саналат, бул болсо мыйзам бузуунун улана берүүсү болуп эсептелет, себеби ар башка айыптоолор жана коргоо механизмдери ар башка соттор тарабынан каралуусу мүмкүн (жарандык, административдик жана кылмыштык).
Ар түрдүү соттордо бир нече сот арыздарынын козголушу зомбулуктун ошол учурдагы мүнөзүн жана оордугун чаташтыруусу мүмкүн, себеби сот ошол эле бир жак тарап башка соттордо козгогон ар түрдүү арыздарга жазылган фактыларды бир контекстте баалай албайт.

Башка көйгөй болсо, иш ал тургай бир эле соттун компетенциясында же бөлүнүшүндө (мисалы, кылмыш сотторунун) каралып жатса дагы, зомбулуктун уланган мүнөзүн эске алуу үчүн соттун ыйгарым укуктары менен байланыштуу. Себеби, зомбулук уланып жаткандыгы тууралуу арыздарды негиздөөдө, далилдерди келтирүүдө дайыма көйгөй пайда болгондуктан, айыптоо бир эле зомбулук окуясы боюнча жүргүзүлүп жатат, ошон үчүн мындай көрүнүш көпчүлүк учурда орун алууда.

***Прецеденттик укуктун мисалы:***
*«А. зомбулукка каршы» ишинде Адам укуктары боюнча Европалык сот үй-бүлөлүк зомбулук менен байланыштуу иште 8-берене боюнча укук бузууну аныктады. Анда өзүнүн күйөөсү тарабынан үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган жабырлануучу, бир нече соттук териштирүүлөрдү козгогон (үч кылмыш иши жана төртөө майда укук бузуу үчүн). Бул ар түрдүү териштирүүлөр бир нече коргоо токтомдорун чыгарууга, сотко чейинки камакка алууга, психиатриялык жана психосоциалдык дарылоого жана абакка олтургузууга алып келген. Санкциялардын айрымдары колдонулганы менен, кылмышкер эки кылмышы үчүн абакка олтуруу жазасын өтөгөн эмес (алардын бирөөсү А. өлтүрөм деп коркутуу менен коштолгон). Адам укуктары боюнча Европалык сот мамлекет жабырлануучулардын укуктарын тиешелүү деңгээлде коргой алган эмес деген жыйынтыкка келген. Себеби, бийлик ошол эле бир адам тарабынан ошол эле жабырлануучу адамга карата жасалган бир нече зомбулуктуу аракеттерге тиешелүү ар түрдүү кылмыш иштерин жана майда укук бузуулар жөнүндө иштерди карап чыгышкан эмес, мына ошентип иштин тарыхын толугу менен бир бүтүндүктө каралган эмес.*

Бул окуя укуктук системанын алкагындагы кординациялоонун маанилүүлүгүн жана тиешелүү санкцияны аныктоодо мурунку жасаган кылмыштарынын жана кыянаттыктарынын бардык тарыхын тиешелүү деңгээлде эске алуунун маанилүүлүгүн баса белгилейт. Анда ошондой эле,

соттук чечимдерди аткарууну жана өкүмдөрдү аткарууну камсыз кылуудагы соттук көзөмөлдүн ролуна дагы көңүл бурулат.[227]

Мамлекет сот органдарынын жана мекемелердин ортосун координациялоонун зарылдыгын ар башка деңгээлде эске алат. Испанияда, мисалы, жыныстык белгилери боюнча зомбулук иштеринде адистештирилген соттор түзүлгөн. Бул адистештирилген соттор Испаниянын бардык аймактарында жайгашышкан, 24/7 иштешет жана сотко коргоо чараларынын кеңири спектрин колдонууга шарт түзүлгөн: кылмыш-жазыктык, жарандык (үй-бүлөлүк укукту кошкондо) жана социалдык коргоо. Мына ошентип, бир сот иштин бардык обзорун алып барат.

**б) Кыргызстандын мыйзамдары**

КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамы[228] үй-бүлөлүк зомбулук окуяларында эч кандай санкцияларды караштырбайт. Кылмыш жоопкерчилиги менен байланыштуу үй-бүлөлүк зомбулуктар КРнын Кылмыш-жаза кодексинин таасирине жатат. Жогоруда белгилеп өткөндөй, зомбулуктун бардык формалары кылмыш-жаза кылмыштары катары таанылбайт жана албетте кылмыштык жактан жазага тартууга жатпайт. Үй-бүлөлүк зомбулуктун башка формалары КРнын Үй-бүлө кодекси менен санкциялаштырылат,[229] ага ылайык ата-энелик укуктан ажыратуу караштырылат.

КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ж.ред. «Үй-бүлөлүк зомбулук» 177-беренеси боюнча аныкталган жазанын өлчөмү 40 (кырк) сааттан 100 (жүз) саатка чейинки коомдук жумуштар өлчөмүндө, 2 (эки) жылдан 1 (бир) жылга чейинки мөөнөттөгү түзөтүү иштери жана 5 жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу караштырылган. Ал эми Укук бузуулар кодексинин «Үй-бүлөлүк зомбулук» 70-беренеси боюнча 40 саатка коомдук жумуштар же болбосо 3 (үч) суткадан 7 (жети) суткага чейин камакка алуу колдонулат.

Бул негизги беренелерден көрүнүп тургандай, КРда өкүмдөрдү чыгарууда кеңири дискрециялык ыйгарым укуктары берилет жана жогоруда белгиленип өткөндөй кыянатчылык менен пайдалануу мүмкүн экендиги жогору. КРнын сот адилеттиги системасында гендердик сезимталдуулук жок экендигин эске алганда, өкүмдөрдү чыгаруудагы мындай кеңири эркиндик тиричиликтик зомбулуктун жабырлануучусунун келтирилген зыяндарды натыйжалуу калыбына келтирүүгө карата укугуна потенциалдуу түрдө терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

Бул көйгөйлөрдү көрсөткөн КРнын сот тажрыйбаларынан мисал келтирели.

*2016-жылдын май айында Алмаз өзүнүн үйүнөн аялын сабап салды жана ага дене бойлук жаракаттарды келтирди. Бир жума өткөндөн кийин ал аялын кайра сабады, мунун жыйынтыгында соттук-медициналык экспертизага ылайык, анын ден-соолугуна жеңил жаракаттар келтирилди. 2017-жылдын октябрында Алмаз өзүнүн аялын кайрадан сабады, андан кечирээк 2018-жылдын августунда ал аялын кайрадан сабады жана ал медициналык күбөлөндүрүүдөн өтүүдөн баш тартты. Уруп-сабоонун себептери аялынын Алмаздын ата-энеси менен көз караштарынын дал келбестиги болгон. Ошондой эле, жубайлардын*

[227] Европа Кеңеши, Соттор жана прокурорлор үчүн аялдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусун камсыз кылуу боюнча окуу куралы, 2016. 85-бет. Кийинки шилтеме боюнча жеткиликтүү: https://rm.coe.int/Учебное_пособие-выпускной-английский/16807626a4

[228] КРнын 2017-жылдын 27-апрелиндеги № 63 «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамы.

[229] Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү, 17-август, 2020-жыл, №13).

*ортосундагы уруш-талаштар анын апасына катталган батирден улам дагы келип чыккан. Ар бир жолу уруп-сабаган сайын аялы милицияга кайрылган, бирок андан ары дооматым жок деп тосмо арыздарды жазган. 2020-жылдын январь айында уруш-талаштын жүрүшүндө айыпталуучу аялын кайрадан уруп сабаган. Ушундан кийин ал милицияга кайрылган жана соттук-медициналык экспертизадан өткөн. Корутундуга ылайык, анын сол бутунун муундары, оң ийини жана төш клеткалары канталап көгөргөн. Алмазга КРнын Кылмыш-жаза кодексинин (уруп-сабап кыйноо) 144-беренеси боюнча айып коюлган - дайыма кайталануучу уруп-согуп кыйноо жолу менен, же болбосо башка зомбулук аракеттер менен дене бойлук же психикалык жапа чегүү келтирүү, эгерде бул Кылмыш-жза кодексинин 138 (ден соолукка оор зыян келтирүү) жана 139-беренелеринде (ден соолукка анча оор эмес зыян келтирүү) көрсөтүлгөн кесепеттерге алып келбесе.*
*Соттук териштирүүнүн жүрүшүндө мамлекеттик айыптоочу айыпты КРнын Жоруктар жөнүндө кодексинин 75-беренесине (Үй-бүлөлүк зомбулук) переквалификациялоону суранган, ал муну 3 (үч) уруп-согуу боюнча мөөнөтү эскирди, ал эми төртүнчү укук бузуу фактысы боюнча болсо, ал жосун болуп эсептелет жана жабырлануучу менен элдешкенине байланыштуу кыскартылышы керек деп негиздеген.*
***Сottун токтомунан:***
*«Сот иш боюнча материалдарды изилдеп чыгып, айыпкердин аракеттеринде кылмыштын курамы жок, себеби айыпкер тарабынан жабырлануучуга психикалык же дене бойлук уруп-сабоону системалуу түрдө колдонуу болгон эмес деген корутундуга келди. Ага дене бойлук жаракаттардын келтирген ар бир фактыдан кийин жабырлануучу милиция органдарына кайрылган, бирок андан ары дооматтарым жок деп тосмо арыздарын өткөргөн, ушундан улам Бишкек ш. Биринчи Май районунун ИИБ тергөөчүлөрү кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө токтом чыгарышкан (орфографиясы жана пунктуациясы сакталган).*
*2016, 2017, 2018-жылдардагы уруп-сабоо үчүн үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адам жоопкерчиликке тартылган жок, прокурордун өтүнмөсү боюнча сот «Уруп-согуп кыйноо» беренесинен «Үй-бүлөдөгү зомбулук» жоругуна переквалификациялаган жана андан кийин тараптардын элдешүүсүнүн негизинде таптакыр кыскартылды.* [230]

Бул мисалдан көрүнүп тургандай, бул иште укук бузуунун улануучу мүнөзүн эске алуу көйгөйү ачык көрүнүп турат, бул жерде күйөөсү 5 жыл бою аялынын дене бойлук жана психологиялык ден-соолугуна олуттуу зыян келтирген. Ага КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2017-ж.ред. 144-беренеси боюнча (учурда күчүн жоготкон) уруп-согуп кыйноону колдонуу айыбы коюлган. Бирок, мамлекеттик айыптоочу КРнын Жоруктар кодексинин (учурда күчүн жоготкон) санкциясы жумшагыраак болгон 75-беренесине переквалификациялоону суранган. Мына ушинтип ал кылмыш жоопкерчилигине тартылган эмес, анткени иш тараптардын элдешкендигине байланыштуу кыскартылган. Зомбулуктун улануучу мүнөзүн түшүндүрүүгө жөндөмсүздүк бир топ эле жумшак беренеге переквалификациялоого алып келген, ал ага чен өлчөмдүү эмес дагы, ынандырарлык эмес дагы болчу, себеби ырайымсыз мамиленин мурунку тарыхы колдон чыгарылып жиберилген.

[230] Караңыз: Кыргыз Республкасындагы үй-бүлөлүк зомбулук менен байланыштуу иштер боюнча позитивдүү милдеттенмелерди жана сот тажрыйбаларын анализдөө. 21-бет. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://notorture.kg/wp-content/uploads/2021/06/analiz_pozitivnyh_ob_po_borbe_s_DN_2021.pdf Кайрылуу датасы: 19.04.2022-ж.

Ушундай эле көйгөй башка өлкөлөрдө дагы бар. Тактап айтканда, Армениядагы ушул суроо менен алектенген бейөкмөт уюмдарынын айтуусу боюнча, үй-бүлөлүк зомбулук окуяларында колдонулган санкциялар соттордун бир тараптуу мамилелеринен жана жумшартуучу жагдайларды орунсуз колдонгондуктарынан улам өтө эле жумшак болуп эсептелет. Мындан сырткары, соттор аралык же ведомстволор аралык кызматташтыктын кандайдыр бир процедуралары же кандайдыр бир атайын документтери жок.

Алсак, муну Тагухинин иши ачык чагылдырып турат, ал жерде:
*«жабырлануучу жана анын ата-энеси кылмышкер тарабынан жасалган дене бойлук же психологиялык зомбулукка кабылышкан. Окуя бир нече жолу болгондугу жөнүндө полицияга билдирилген. Бирок полиция жана сот органдары аларды зомбулуктан коргой алышкан эмес.2016-жылдын январь айында кылмыш иши козголгон жана кылмышкерге күчтүү дене бойлук жана психологиялык ооруксунтуу жана азаптанууларды келтиргендиги үчүн Арменянын Кылмыш-жаза кодексинин 119-беренеси боюнча айып коюлган. Судья Армениянын Кылмыш-жаза кодексинин 70-беренесине ылайык 6 айга эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү шарттуу жаза дайындаган, ал зомбулуктун тарыхынын далилдерине жана жабырлануучу адамдардын өмүрү жана ден соолуктары үчүн түздөн түз коркунуч келтирүү сакталып калып жатканына көңүл бурган эмес. Күйөөсү жабырлануучуну жана анын ата-энесин куугунтуктоону жана аңдууну уланта берген. 2016-жылдын июль айында ал жабырлануучуга жана анын атасына балта менен олуттуу жаракаттарды келтирген; жабырлануучунун апасы болсо балта менен чапкандын айынан өлүмгө дуушар болгон».*[231]

## 5.2. Жумшартуучу жагдайлар

### а) Эл аралык стандарттар

Стамбул конвенциясынын 42-беренесине ылайык, катышуучу-мамлекеттер маданият, дин, салттар же «ар намыс» деп аталган нерселер Конвенцияда баяндалган кылмыштардын кайсынысын гана болбосун актоо үчүн колдонулбашын камсыз кылуулары керек. Тактап айтканда, кылмыш-жаза мыйзамы жана кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамы жабырлануучунун тиешелүү жүрүм-туруму маданий, диний социалдык же салттык ченемдерди же салттарды болжолдуу түрдө же иш жүзүндө бузуусун токтотуу, же шектүү тарабынан жазалоо максатында жасалды деген ишенимдерге негизделген кылмыштуу жосундарды актоону таанылбашы керек. Жабырлануучунун болжолдуу түрдөгү адепсиз жүрүм-турумдарына негизделген жумшартуучу жагдайлар 42-беренени бузбашы зарыл.[232]

### б) Кыргызстандын мыйзамдары

---

[231] АББЖК максаттуу тобу, Армениялык бейөкмөт уюмдарынын АББЖК боюнча альтернативдүү баяндамасы, 2016-ж. 46-берене. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://tbinternet.ohchr.org/Treaties/CEDAW/Shared%20Documents/ARM/INT_CEDAW_NGO_ARM_25449_E.pdf

[232] Караңыз. «БУУнун Аялдар түзүмү», Аялдарга карата зомбулук боюнча Окуу куралына толуктоо, 2011.5-бет. Ал жерде жабырлануучунун жүрүм-турумун жазаны жеңилдетүүчү фактор катары кароого жол берген кандай гана укуктук чара болбосун, анда бул укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин арасындагы стереотиптер үчүн жол ачат деп айтылган.

КРда кабыл алынып жаткан мыйзамдык чараларга карабастан, жогоруда белгиленип өткөндөй үй-бүлөлүк зомбулук иштери боюнча сот жообуна тартуунун статистикалык көрсөткүчтөрүнүн төмөн бодон калууда, ал эми санкциялардын жумшак бойдон калып жатканы тынчсызданууну жаратат.
КРнын Кылмыш-жаза кодекси 2021-ж. ред. 73-беренеси жазаны жеңилдетүүчү төмөнкүдөй жагдайларды караштырат:
1) чын дилинен өкүнүү же кылмышты ачууга көмөк көрсөтүү;
2) келтирилген зыяндын ордун ыктыярдуу түрдө толтуруу же зыяны жоюу;
3) жеке, үй-бүлөлүк, материалдык же башка оор жагдайлардын айынан кылмыш жасоо;
4) кызматтык же башка көз карандылыктан улам кылмыш жасоо;
5) он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы баланын кылмыш жасашы;
6) кош бойлуу абалдагы аялдын кылмыш жасашы.
2. Сот жазаны дайындоодо ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлбөгөн башка жагдайларды да жеңилдетүүчү жагдай деп таанышы мүмкүн.
КРнын Позитивдүү милдеттенмелерине жана 2019-2020-жж. аралыгындагы үй-бүлөлүк зомбулук менен байланыштуу иштер боюнча сот тажрыйбаларынын обзоруна ылайык, жазаны жеңилдетүү үчүн көп колдонулган жагдайлар чын жүрөгүнөн өкүнүү же кылмышты ачууга активдүү көмөктөшүү, ошондой эле айыпталуучунун мурда жосун жасоо боюнча жоопкерчиликке тартылбагандыгы фактысы болуп эсептелет.[233]
КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ж. ред. 123-133-беренелери адам өлтүрүүгө жана ден соолукка оор залал келтирүүгө байланыштуу кылмыштарды кошумча жеңилдетет, ага ылайык кылмыш жабырлануучу тарабынан укукка жат зордук-зомбулуктан же мазактоодон, жабырлануучунун укукка жат аракеттеринен, ага тете жабырлануучунун укукка каршы аракеттеринен улам, узакка созулган психикалык жаракатка кабылтуучу жагдайдан улам капысынан келип чыккан ачууга өтө алдырган абалында (аффект) абалында жасалса. Ал эми иш тажрыйбасында болсо мындай факторлор катары жабырлануучунун адеп-ахлакка каршы жүрүм-туруму, бейбаштык, шылдыңдоо же башка адаттан тышкаркы жүрүм-туруму таанылат. Аффект абалы жазаны жарымына чейин төмөндөтөт.
«Ар намыс» деген сөз атайын колдонулбагандыгы менен, шылдыңдоолорго же басмырлоолорго негизделген убактылуу «жиндиликти» таануу маңызы боюнча Стамбул концепциясынын 42-беренесин бузган ошол эле концепцияны чагылдырат.
КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ж. ред. 123-133-беренелериндеги «укукка каршы аракеттер» жана «зомбулук» терминдери бир маанилүү эмес жана укук коргоо органдарынын кызматкеринин көз карашы боюнча аларды эки башка мааниде талкуулоону чакырат. Мунун жыйынтыгында аялдарга карата зомбулук окуяларын ошол эле кылмыштар менен байланыштуу, бирок үй-бүлөлүк окуялары менен байланышпаган башка окуялар менен салыштырып караганда көбүрөөк жеңил өкүмдөрдүн чыгарылышына алып келет.

[233] Караңыз.: Позитивдүү милдеттенмелерге жана Кыргыз Республикасындагы үй-бүлөлүк зомбулук менен байланыштуу иштер боюнча сот тажрыйбаларынын обзору. 25-бет. Кийинки дарект боюнча жеткиликтүү: https://notorture.kg/wp-content/uploads/2021/06/analiz_pozitivnyh_ob_po_borbe_s_DN_2021.pdf Кайрылуу датасы: 19.04.2022-ж.

Демек, мисалы массалык маалымат каражаттары жана бейөкмөт уюмдары мындай окуяга көңүл бурушту[234] *«өз аялын өлтүргөн аялга сот шарттуу жаза дайындады, себеби ал кылмышты «аялы тараптан оор шылдыңдоого кабылгандыктан, ал тургай анын адепсиз жүрүм-турумунун фонунда узакка созулган психикалык жаракатка кабылтуучу кырдаалдан улам» жасаган».*

Ошондой эле, Кыргызстанда аялдар тирүү кезинде системалуу уруп-согуулардан эле азап тартышпастан, ал тургай көп сандагы жаракат келтирүүлөрдөн жана уруп-согуулардан улам дагы ырайымсыз өлүмгө кабылышкан. Буга карабастан, көпчүлүк окуяларда кылмышкерлерге кадимки өлтүрүү үчүн берилген жазалар караштырылганына көңүл бурушкан.

Кризистик борборлордун ассоциациясынын жетекчиси тарабынан мисал катары келтирилген башка мисал карантин убагында Ат-Башыда болгон. *«Аял күйөөсү менен ажырашкан жана туугандарыныкына кеткен. Күйөөсү келип аны аткан, бирок жаза атып алган. Аял качып баштаган, бирок эркек аны кууп жеткен жана таш менен башка чапкан. Аялды ооруканага жеткиришкен, а эркек болсо качып кеткен. Милиция аны кармаган жана «Өлтүрүү үчүн кол салуу» беренеси боюнча кылмыш ишин козгогон»*.[235]

Демек, жабырлануучуга карата адеп-ахлаксыз жүрүм-турумдары, шылдыңдады же орой басынтты деген шилтемелер аялдарга карата зомбулук жана үй-бүлөлүк зомбулук окуяларында колдонулбашы керек.

Гендердик стереотиптин негизинде КРда аял зомбулуктан жабыр тарткандыгы үчүн өзү күнөөлүү деген пикир кеңири тараган. Мындай учурларда аялдын сексуалдык тарыхы же жубайына чыккынчылык кылды деп күнөөлөө кылмышкерди «акыл-эси соо эмес абалда болчу» деп актоо үчүн кызмат кылат. Баарынан акылга сыйбаган дагы бир нерсе, биздин маданиятта зомбулукту жасоо уят эмес, ал эми зомбулукту башынан кечирүү уят. Дал ушул себептен улам аялдар болгон окуяны милицияга тургай, эң жакын адамдарына дагы айта алышпайт. 60% ашыгы милицияга кайрылышкан эмес, албетте 60% зомбулук жасаган адамдар жазасыз калышкан.[236]

КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ж. ред. жоболору Стамбул конвенциясына толугу менен шайкеш келбейт. Мунун жыйынтыгында пайда болгон өкүмдөрдү чыгаруунун чен өлчөмсүз схемалары жыныстык белгилери боюнча басмырлоо катары каралышы мүмкүн, себеби алар конкреттүү окуяларда аялдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусуна тоскоолдуктарды жаратат, ошондой эле сот адилеттиги системасына ишенбестиктин пайда болуусуна жол ачат.[237]

## 5.3. Оордотуучу жагдайлар

### а) Эл аралык стандарттар

234 «Мен аны баары бир өлтүрмөкмүн». «Клооптун» Кыргызстандагы фемицид жөнүндө изилдөөсү. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://kloop.kg/blog/2020/12/17/ya-by-ee-vse-ravno-ubil-issledovanie-kloopa-o-femitside-v-kyrgyzstane/ Кайрылуу датасы: 25.04.2022 -ж.

235 Ошол жерде.

236 Р.Валентина кызы. «Виктимблэйминг»: Биз аялдарга карата зомбулукка кантип жол беребиз. 22-май 2017-ж. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://kloop.kg/blog/2017/05/22/viktimblejming-kak-my-pooshhryaem-nasilie-v-otnoshenii-zhenshhin/

237 Европа Кеңеши, Соттор жана прокурорлор үчүн аялдарга сот адилеттигинин жеткиликтүү болушун камсыз кылуу үчүн окуу куралы: Армения, 2016, 12-бет, кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://rm.coe.int/training-manual-for-judges-and-prosecutors-on-ensuring-women-s-access-/1680764286

Стамбул конвенциясынын 46-беренеси, мамлекеттер өкүмдөрдү чыгарууда өзгөчө оордотуучу жагдайларды эске алууну камсыз кылууга чакырат. Аларга төмөнкүлөргө карата кылмыштын жасалышы кирет:

a) ички мыйзам боюнча үй-бүлө мүчөсү, жабырлануучу менен чогуу жашаган адам, же анын (аялдын/эркектин) бийлигинен кыянатчылык менен пайдаланган мурунку же азыркы күйөөлөргө, өнөктөштөргө карата;

b) же алар менен байланыштуу кылмыштар – бир жолу эмес;

c) өзгөчө жагдайлардан улам аярлуу абалдагы жарандарга карата;

d) балага карата же анын катышуусунда;

e) бир бүтүмгө келип, биргеликте аракет кылган эки же андан көп адамдарга;

f) ага карата кылмыш жасала турган же ага карата зомбулук өтө оор деңгээлде жасалган адам;

g) курал колдонуп же колдоном деп коркутуп;

h) кылмыштын кесепети жабырлануучуга оор дене бойлук же психологиялык зыян алып келген;

i) мурда ушундай мүнөздөгү кылмыш үчүн соттолгон аткаруучуга.

Стамбул конвенциясынын 46-беренеси мамлекеттерден үй-бүлөдө жасалган зомбулукту, ал кылмыштын элементи боло элек учурдан баштап жазаны аныктоодо аны оордотуучу жагдай катары карооо керектигин талап кылат.

Мына ошентип, бул оордотуучу жагдайлар соттор үй-бүлөлүк зомбулук боюнча өкүмдөрдү чыгарууда эске алуулары мүмкүн боло тургандай, улуттук укуктук алкакка шайкеш келүүлөрү керек, бирок соттор аларды конкреттүү окуяда колдонгонго милдеттүү эмес.[238]

**б) Кыргызстандын мыйзамдары**

КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ж. ред. 74-беренеси өкүм чыгарууда колдонууга мүмкүн болгон оордотуучу жагдайларды камтыйт:

Тактап айтканда, жазаны жагдайлары менен чогуу дайындоодо аны оордотуучу жагдайлар болуп төмөнкүлөр таанылат:

1) адамдардын тобу, алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу, уюшкан топ же кылмыштуу коомдоштук тарабынан кылмыш жасоо;

2) кылмышты расалык, этностук, улуттук, диний же аймактар аралык касташуунун (чыр-чатактын) айынан жасоо;

3) кылмыш аркылуу оор залал келтирүү;

4) балага, майыпка, карыган адамга же алсыз абалдагы адамга карата кылмыш жасоо;

5) кош бойлуу аялга карата кылмыш жасоосу;

6) күнөөлүү адамга материалдык же кызматтык көз каранды болгон адамга карата кылмыш жасоо;

7) өзгөчө мыкаачылык менен кылмыш жасоо;

8) өзгөчө кырдаал же согуштук абал, же коомдук кырсыктын шарттарында кылмыш жасоо;

9) жалпыга коркунуч келтирген ыкма менен кылмыш жасоо;

10) башка кылмышты жашырууга же аны жеңилдетүүгө көмөктөшүү максатында кылмыш жасоо;

11) мас абалындагы адам тарабынан кылмыш жасоо.

Сот кылмыштын мүнөзүнө жараша бул жагдайды жазаны оордотуучу жагдай катары таанибай коюуга укуктуу.

[238] Түшүндүрмө баяндама, 235, 236-пункттар.

2. Сот жазанын мүнөзүнө карата бул жагдайларды жазаны оордотуучу деп таанybай койгонго укуктуу, бирок жазаны дайындоодо ушул беренеде каралбаган жагдайларды оордотуучу деп тааный албайт.

Бирок, бул тизмеде төмөнкүдөй жасалган кылмыштарга карата - оордотуучу жагдайлар жок:

- жубайларга, өнөктөштөргө, башка үй-бүлө мүчөлөрүнө же чогуу жашагандарга (Стамбул конвенциясынын (46(a)-бер.);
- ошол эле адам тарабынан бир жолудан көп жасалган кылмыштар (Стамбул конвенциясынын (46(b)-бер.);
- баланын көзүнчө (Стамбул конвенциясынын (46(d)-бер.);
- ушундай мүнөздөгү кылмыш жасагандыгы үчүн мурда соттолгон адамга карата (Стамбул конвенциясынын (46(i)-бер.).

Жогоруда саналып өткөн оордотуучу жагдайлардын жоктугу үй-бүлөдөгү зомбулуктун жабырлануучуларын КРдагы чен өлчөмдүү жана чектөөчү санкциялар түрүндөгү укуктук коргоонун натыжалуу каражаттарынан ажыратат.

Баланын көзүнчө жасалган зомбулук жөнүндө айта турган болсок, кээде бул кылмыш үчүн жалпы жазаны оордотуу үчүн өзгөчө ырайымсыздык менен жасалган формасы катары квалификацияланышы мүмкүн, мисалы КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ж.ред. 122-берене (адам өлтүрүү), 130 (ден соолукка оор залал келтирүү), 138 (уруп-сабап кыйноо). Бирок, бул дайыма эле бир маанидe колдонулбайт жана КРнын Кылмыш-жаза кодексинде 2021-ж. ред. конкреттүү шилтеменин болуусу укуктук аныктыкты белгилемек.

Стамбул конвенциясынын 46(b)-беренесинде белгиленген башка оордотуучу жагдайлардын жоктугу соттордун чечимдерди кабыл алууда зомбулукту колдонуу окуялары бир эле жолу жасалбагандыгын, анын кайталанып тургандыгын эске албоосуна алып келет. Алсак, 2019-2022-жылдар үчүн анализдөөгө алынган 450 иштин ичинен 96 окуяда жабырлануучулар соттук жыйындын жүрүшүндө аларга карата зомбулук системалуу түрдө жасалгандыгын айтышкан, бирок сот тарабынан зомбулукту бир жолу эле колдонбогондугу (системалуулугу) жөнүндө көрсөтмөлөр эске алынган эмес жана бул кылмыштар бир жолу гана жасалган жосун катары бааланган.[239]

Үй-бүлөлүк зомбулук үчүн оордотуучу жагдайларды белгилөө дене бойлук же сексуалдык зомбулук сыяктуу кылмыштарды Стамбул конвенциясынын 46-беренесине ылайык квалификацияламак. Бул үй-бүлөлүк зомбулукка байланыштуу атайын кылмыш жөнүндө беренеге карама-каршы келбейт же аны четке какпайт. Бул Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ж. ред. 74-беренесинде караштырылгандай, оордотуучу жагдайлар аларды кылмыштын түзүүчү курамы катары караштырган кылмыштарга карата колдонулбайт.

Улуттук укуктук базаны эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү үчүн КРнын Кылмыш-жаза кодексине 2021-ж.ред. Стамбул конвенциясынын 46-беренесине ылайык оордотуучу жагдайларды киргизүү зарыл. Бул принцип балдарды, кош бойлуу аялдарды жана карамагында багуудагы аялдарды коргогон оордотуучу жагдайларды учурдагы толуктайт.

[239] Европа Кеңеши, Соттор жана прокурорлор үчүн аялдарга сот адилеттигинин жеткиликтүү болушун камсыз кылуу үчүн окуу куралы: Армения, 2016, 20-бет, кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://notorture.kg/wp-content/uploads/2021/06/analiz_pozitivnyh_ob_po_borbe_s_DN_2021.pdf

## 5.4. Соттук стереотиптер: чечимдерди кабыл алууда жыныстык тиешелүүлүк боюнча бейкалыстыктар

Соттор, сот системасынын үй-бүлөлүк зомбулукка чара көрүүсүндө чечүүчү ролду ойношот. Алар жарандык жана кылмыш укугу суроолорундагы жогорку орган болуп эсептелишет, алардын чечимдери жабырлануучунун, кылмышкердин, балдардын жана үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнүн жашоосуна олуттуу таасирин тийгизүүсү мүмкүн. Соттор тараптарга жана коомчулукка жалпысынан сот адилеттиги системасы үй-бүлөлүк зомбулук жана аялдарга карата зомбулук көйгөйүнө олутуу мамиле кыла тургандыгын жеткирүүдө маанилүү ролду ойнойт. Соттор өздөрүнүн калыстыгын сактоо менен, өздөрүнүн милдеттеринин алкагында үй-бүлөлөргө жана коомчулукка зомбулуктун бардык формаларына жол берилбестигин түшүндүрө алышат.[240]
Соттук стереотиптер, соттор өздөрүнүн жүйөөлөрүн жана/же чечимдеринин жыйынтыктарын ар тараптуу иликтенген иштин фактыларына эмес, жаңылыш көз караштарга негиздегенде пайда болот. Соттук стереотиптер аялдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүү болушун оордотуп эле тим болбостон, ошондой эле укуктук системага ишенбестикти пайда кылат, андан нары аялдарга карата зомбулук менен күрөшүүнүн натыйжасыздыгына алып келет. Соттук стереотиптер бир гана аялдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүн оордотпостон, ошондой эле сот адилеттиги системасына ишенбестикти дагы жаратат, аны аялдарга карата зомбулук менен күрөшүүдө натыйжасыз болууга түртөт.
Гендердик көз карандылыкка негизделген соттук стереотиптердин мисалдары кийинки факторлор болуп эсептелет:

- «идеалдуу жабырлануучу» концепциясы;
- аялдын адеп-ахлагы жок деп төмөнкүлөрдү негиз кылышат:
  − сексуалдык тажрыйбасы,
  − жубайлык чыккынчылык кылуу,
  − козутуучу-жүрүм турум,
  − кийинүү манерасы;
- аял үй-бүлөнү кандай баа менен болсо дагы сакташ керек деп күтүшөт;
- аялдар потенциалдуу коопсуздукту чоңойтуп жиберишет;
- аялдар чындыгында өздөрүнүн таш боор, катаал күйөөлөрү менен эки башка жолго түшүүнү каалашпайт, жөн эле аларга эскертип коюну каалашат;
- аягында келип эле аялдар өздөрүнүн күйөөлөрү менен бир болушат;
- мамлекет үй-бүлөлүк көйгөйлөргө кийлигишпөөсү керек.

Гендердик стереотиптер аялдарга карата зомбулук менен байланыштуу иштерде сот системасына дайыма таасирин тийгизет, бул болсо аялдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусуна тоскоолдуктарды жаратат. Аялдардын үй-бүлөдөгү жана коомдогу ролу жөнүндө гендердик бейкалыс пикирлер жана аялдын адеп-ахлагы жана сексуалдуулугуна тиешелүү салттык гендердик социалдык ченемдер сот залындагы мыйзамды жана далилдерди чиймелеп сызып таштаганда, бул бир тараптуу чечимдерди чыгарууга алып келет. Дал ушул нерсе «Карен Тайаг

[240] https://rm.coe.int/16805970c1

Вертидо Филиппинге каршы» ишинде болду, анда АББЖК Комитети жабырлануучунун укуктук коргоонун натыйжалуу каражаттарына ээ болбоо фактысын аныктады.[241]

АББЖК боюнча комитети Филиппиндер Тайаг Вертидо айымдын АББЖКнын 2(с)-беренесине ылайык кепилдикке алынган укуктук коргоонун натыйжалуу каражаттарына ээ болуу укугун камсыз кылууда өз милдеттерин аткарышкан жок деген токтом чыгарган. 2(с)-беренеси катышуучу-мамлекеттерден *«аялдардын укуктук коргоого ээ болуу укуктарын эркектер менен тең укуктуу негизде коргоону компетенттүү улуттук соттордун жардамы аркылуу камсыз кылууну жана башка бардык мамлекеттик мекемелерде аялдардын басмырлоонун бардык актыларынан натыйжалуу корголушун камсыз кылууну»* талап кылат.

Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрүн жоюу комитети жабырлануучу Давао шаарынын Соода-өндүрүш палатасынын аткаруучу директору, ал кесиби боюнча улуу кесиптеши, Палатанын 60 жаштагы президенти тарабынан зордукталган. Жана да процессти көп кечеңдетүүлөрдөн улам, биринчи инстанциядагы соттун айыпталуучуну актоо жөнүндө чечими көп сандагы гендердик стереотиптерге жана жомокторго таянгандыктан улам мамлекет тарабынан укуктук коргоонун натыйжалуу каражаттарынан ажыратылган. АББЖК Комитети айыпкерди актоо жөнүндө чечим бир нече принциптерге негизделгенин баса белгилеген, алардын ичинен бирөөсү – «зордуктоо жөнүндө айыптоо жеңил эле коюлуп калышы мүмкүн» деген принцип болгон, бул болсо өзүнөн өзү эле гендердик жактан бир тараптуу[242] болууну далилдеп турат».

Бул иш боюнча судья жабырлануучу ал аны зордуктап жатканда жана эсине келери менен айыпталуучуга каршылык көрсөтүүсү керек болчу деп эсептеп айыпкерди актаган. Судья ошондой эле, жабырлануучунун окуя жөнүндө айткандарынан күмөн санаган, айыпкердин жашы 60тан ашкандыктан ал эякуляцияга жетүүсүнөн күмөн санаган. Жабырлануучу ал зордукталгандан кийин, кайра мамлекет тарабынан экинчи виктимизациялоого кабылганын ырастаган. Жалпысынан Комитет өз чечиминде буларды баса белгилеген: стереотиптер аялдардын адилеттүү жана акыйкаттуу соттук териштирүүгө ээ болуу укуктарына таасирин тийгизет, демек зордуктоо кырдаалына кабылганда аялдар же кыздар эмне кылышы керек эле, алар кандай болушу зарыл деген сыяктуу ийкемсиз стандарттарды түзбөшү үчүн, зордуктоонун жабырлануучусун эмне аныктайт же гендердик зомбулуктун жабырлануучусун эмне аныктайт деген бейкалыс көз караштарга негиздебөө үчүн сот органдары өтө кылдат болуулары зарыл.[243]

АББЖК Комитети бул ишти сотто кароо учурундагы «гендердик көйгөйдү эске алуунун деңгээлине» баа берди. Ал улуттук сот тарабынан жабырлануучу баяндап берген окуянын версиясынын ишенимдүүлүгүн баалоодо чыгарылган чечимди мындайча баалады: сот бир катар стереотиптердин таасири астында болгонун, автор бул кырдаалда рационалдуу жана «идеалдуу жабырлануучу» кандай аракеттерди кылуу керек болчу экендигин ырааттуу түрдө карап чыккан эмес, же болбосо зордуктоо кырдаалында аялдын рационалдуу жана идеалдуу реакциясын кандай болушу керек эле деп эсептегени соттун чечиминин кийинки цитатасынан анык болот:

*«Анда ал айыпкер тормозду басышы керек болгондо, дубалга барып тийбеш үчүн ал рулга жулкунганда, эмне үчүн машинеден чыгууга аракет кылган жок? Машине мотелдин машине токтотуучу жайына киргенден мурун тормозду тепкенде ал эмне үчүн чыккан жок жана ал тургай жардамга чакырган жок? Ал эмне үчүн жуунучу бөлмөгө киргенде ал жакта калып*

[241] АББЖК, № 18/2008 билдирүү, 2010.
[242] АББЖК, № 18/2008 билдирүү, 2010, 8.5-пункт.
[243] Ошол жерде, 8.4-пункт.

*калган жок жана киргенден кийин эмнеге кулпулап алган жок? Ал айыпкер кимдир-бирөө менен сүйлөшүп жатканын укканда, эмне үчүн жардамга чакырган жок? Ал эмне үчүн мотелдин машине токтотуучу жайынан качып чыгып кеткен жок, ал өзү отелдеги бөлмөдөн качып чыгып кете алмакмын, себеби айыпкер дагы деле жылаңач бойдон болчу жана керебетте мастурбациялап жаткан деп айтып жатпайбы? Ал эмне үчүн айыпкер аны буга мажбурлоо үчүн коркутпагандан кийин же эч кандай күч колдонбогондон кийин, айыпкер зордуктады демиш болгондон кийин дагы неге анын машинесинде кете берүүгө макул болгон?»*[244]

АББЖК Комитети мындай корутундуга келди: аялдардын жана эркектердин сексуалдуулугу жөнүндө стереотиптерге карата бир нече шилтемелер жабырлануучуга караганда, болжолдуу кылмышкерге ишенүүгө көп деңгээлде түрткү болууда. Ушуга байланыштуу, АББЖК Комитети судьянын сексуалдык кол салуунун автору каршылык көрсөтүп жаткан учурда алтымыш жаштагы эркек өзүн эякуляцияга чейин жеткирүүсү мүмкүн эмес деген корутундуларын тынчсыздануу менен карайт. Чечимдеги көңүлдүн борборуна алынган башка факторлор, автор жана айыпкер бири-бирин билишчү деген фактыга  маани берилүүсү «гендердик жомоктордун жана жаңылыш пикирлердин» дагы бир мисалы болуп эсептелет.[245]

АББЖК Комитети «кылмышкер дене бойлук зомбулук колдонуп же колдоном деп коркутканынан көз карандысыз түрдө» жабырлануучу  жагымсыз сексуалдык жүрүм-турумга физикалык түрдө каршылык көрсөтпөсө, жабырлануучу макул болду деген презумпция болбошу керек деп токтом чыгарган.[246] Ал Таяг Вертидо айым «соттун чечими таянган гендердик стереотиптерден жана жомоктордон улам кайрадан экинчи жолу виктимизациялоого» кабылган деген  жыйынтыкка келген.[247]

Мына ошентип, АББЖК Комитети Филиппиндер АББЖКнын укукка каршы стереотиптерден эркин болууну камсыз кылган 2(f)  жана 5(a)-беренелерин бузган деген бүтүмгө келген.

КРнын учурда иштеп жаткан мыйзамдарында дагы гендердик стереотиптердин болушу, аялдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусуна тоскоолдуктарды пайда кылган бейкалыс соттук чечимдердин кабыл алынуусуна алып келет. КРнын соттук тажрыбасынан жогоруда мисал катары келтирилген Токмок шаарынын жашоочусунун өз жубайын аффект абалында өлтүрүүсү, бул үчүн анын 2 жылга абакта жазасын өтөө 1 жылдык сыноочу мөөнөтү менен дайындалганын айтсак болот, анкени жабырлануучу кылмышкердин ар намысына шек келтиргендиктен, кылмышкер акыл-эси соо эмес абалда болуучу жана ушул учурда өлтүрүү жасалган деп ынандырышкан. Иш боюнча өкүм кылмыштын оордугун эч кандай чагылдырган эмес.

Мамлекеттик бийлик органдарынын, үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйүнө карата мамилеси дагы деле болсо формалдуу бойдон калууда, зомбулук суроолору көтөрүлбөгөн боюнча калууда жана аларды талкуулоонун жоктугу, коомдук аң сезим дагы, соттордун дагы жана укук коргоо органдарынын дагы тажрыйбалары бул чөйрөдө кесиптик, маданий жана социалдык ченемдерди өзгөртүүгө даяр болбой калууларына алып келет

2020-жылы COVID-19 эпидемиясы башталгандан кийин үй-бүлөлүк зомбулук боюнча кырдаал оорлошуп кеткен. Кыргыз Республикасынын ИИМнин көрсөткүчтөрү боюнча 2020-жылдын январь айынан март айына чейин гана (3 ай карантинде жана ӨК  убагында)  Кыргызстандын укук коргоо органдары үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча 2319 кайрылууларды катташкан. Салыштыруу

---

[244] АББЖК, № 18/2008 билдирүү, 2010, 8.5-пункт.
[245] АББЖК, № 18/2008 билдирүү, 2010, 8.6-пункт.
[246] АББЖК,  № 18/2008 билдирүү, 2010, 8.5-пункт.
[247] АББЖК, № 18/2008 билдирүү, 2010, 8.8-пункт.

үчүн - бул көрсөткүч 2019-жылдын ушул эле мезгил аралыгына салыштырганда 65% жогору. Жабырлануучулардын 95% - 21ден 50 жашка чейинки аялдар.[248]

2020-жылдын ичинде Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча катталган 341 кылмыш иштеринин ичинен, Кыргыз Республикасынын соттору тарабынан болгону 161 иш каралган. Алардын ичинен 84 иш боюнча өкүм чыгарылган жана 28 иш боюнча өндүрүш токтотулган. Келтирилген статистика жасалган кылмыш иштеринин анча чоң эмес бөлүгү гана укук коргоо органдарына билдирилерин, ал эми алардын ичинен дагы азыраак бөлүгү тиешелүү деңгээлде тергелерин жана сотко чейин жетерин көрсөтүп турат.

Тажрыйба үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучулары укук коргоо органдарына «алар (укук коргоо органдары) тарабынан тиешелүү деңгээлде коргоого алуу кабыл алынбайм» деп ишенбестигинен, же жабырлануучу кайрадан агрессор менен белгисиз мөөнөткө чейин жалгыз калып калууга туура келет деген кооптосунан улам кайрылуудан баш тартып жатышкандыгын көрсөтүүдө. Арыз берүүдөн баш тартуунун бир топ бөлүгү коомдун жабырлануучуларга карата аларды талкуулаган (ушактаган), кысымга алган жана болгон окуяга жабырлануучунун өзүн күнөөлөгөн терс мамилеси болуп эсептелет.[249]

## 5.5. Каржылык көз карандуулук

Эскерте кетчү нерсе, жазалоо катары айып салуу жана аны аткартуу Адам укуктары боюнча Европалык сотто таанылгандай чектөөчү фактор болуп эсептелбейт жана дагы мамлекеттин натыйжалуу кийлигишүүсү катары каралбайт, албетте бул мамлекеттин тиешелүү сактык принциби боюнча милдеттенмелерин бузуусу катары кабыл алынат. Аярлуу үй-бүлө үчүн каржылык милдеттерди көбөйтүү учурда өкүм сүрүп турган чыңалууну жана карама-каршылыктарды татаалдатуусу мүмкүн. Мындан сырткары, айыптарды салуу жасалган кылмыштардын оордугуна шайкеш келбейт. «Опуз Турцияга каршы» ишинде мисалы, кылмышкер жабырлануучуга бычак менен жети жолу сайган, бул болсо өмүр үчүн коркунучтуу жаракаттарга жана аны ооруканага жаткырууга алып келген. Башка окуяда болсо ал, аны жана анын апасын машине менен уруп кеткен. Бул кол салуулардын ар биринен кийин түрк бийлиги аны болгону убактылуу кармашкан жана андан кийин айып салып бошотуп жиберип турушкан.

КРнын мурда күчүндө болгон Жоруктар жөнүндө кодекси үй-бүлөлүк зомбулук жасагандыгы үчүн жогору өлчөмдөгү - 60 миңден 80 миң сомго чейинки айыптарды, ошондой эле коомдук жана түзөтүү жумуштарын караштырган. Бирок айыптардын өлчөмдөрү укук бузуучуларды эмес, көбүрөөк жабырлануучуларды коркуткан - төлөшү керек болгон сумма жөнүндө уккандан кийин, жабырлануучулар арыздарын алып кетип калышкан. Эрежеге ылайык, үй-бүлөлөрдүн бюджеттери орток болуп саналат, натыйжада жабырлануучулар дагы айыпты төлөөгө катышууга туура келет жана суммаларга күч жетпеши мүмкүн.[250]

---

[248] Кыргыз Республикасындагы аялдардын жана эркектердин абалына COVID-19 тийгизген таасири» изилдөөсүнүн жыйынтыгы боюнча отчет. Ыкчам гендердик анализ». Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://kyrgyzstan.un.org/sites/default/files/2020-06/RUS_Gender%20Rapid%20Assessment%20of%20COVID-19%20impact_May%202020_final.pdf

[249] Караңыз.: Соттор жана прокурорлор үчүн аялдарга сот адилеттигинин жеткиликтүү болушун камсыз кылуу үчүн окуу куралы: Армения, 2016, 5-8-беттер, кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://notorture.kg/wp-content/uploads/2021/06/analiz_pozitivnyh_ob_po_borbe_s_DN_2021.pdf

[250] Ошол жерде. 26-бет.

Азыркы учурдагы Кылмыш-жаза кодекси 2021-ж.ред. (177-б.) жана УБжК (70-б.) үй-бүлөлүк зомбулук жасагандыгы үчүн айып түрүндөгү жазалоо чарасын алып салышты. Бирок, үй-бүлөлүк зомбулук иштери боюнча колдонулган кылмыштардын башка курамдары айып сыяктуу жазалоо чараларын камтышат (132-берене «…зарыл болгон чаралардан аша чабуу менен ден соолукка оор залал келтирүү», 136-берене «Ден соолукка жеңил залал келтирүү», 138-берене «Кыйноолор», 145-берене «Жардам көрсөтпөй коюу», КРнын КЖК 2021-ж.ред.; 57-берене «Уруп-сабоо», 57-берене «Ден соолукка атайын жеңил зыян келтирүү», 58-берене «…укук бузуу жасаган адамды камакка алуу үчүн зарыл болгон чаралардан аша чабууда ден соолукка атайылап анча оор эмес зыян келтирүү», 59-берене «Жардам көрсөтпөө» Укук бузуулар жөнүндө кодекси).

### 5.6. Компенсация

**а) Эл аралык стандарттар**

Стамбул конвенциясынын 29-беренесине ылайык:
*«Тараптар жабырлануучуларга укук бузуучуларга каршы укукту коргоонун тиешелүү жарандык каражаттарын берүү үчүн зарыл мыйзамдык же башка чараларды көрүшөт. Тараптар эл аралык укуктун жалпы принциптерине ылайык, өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын алкагында жабырлануучуларга укуктук коргоонун тиешелүү каражаттарына бере албаган, өз милдеттерин аткарбаган мамлекеттик органдарга карата зарыл превентивдик же коргоочу чараларды көрүү боюнча зарыл мыйзамдык же башка чараларды көрүшөт».*
29(1)-берене ушул Конвенцияда камтылган зомбулуктун формаларынан жабырлануучулар, улуттук-укуктук системасынын жардамы менен укук бузуучудан укуктук коргонуунун адекваттуу жарандык-укуктук каражаттарын алуусун камсыз кылууга багытталган.
Бир тарабынан, бул өзүнө жарандык укуктун укук коргоо каражаттарын камтыйт, алар соттук тыюу салуулар, бул жарандык соттун укук бузуп жаткан адамга карата жүрүм-турумун токтотуу, келечекте аныкталган бир жүрүм-турумдан карманууу же адамды айрым бир аракеттерди жасоого мажбурлоодон алыс болуу боюнча эскертүү берүүсүнө жол берет.[251]
Жарандык укуктун укуктук коргоо каражаты зомбулук актыларына конкреттүү чыгарылган соттук буйруктарды дагы камтышы мүмкүн, алар Стамбул конвенциясынын 53-беренесинде белгиленгендей чектөө, коргоо жөнүндөгү токтомдор же болбосо жакындоого тыюу салуу жөнүндө токтомдор болушу мүмкүн.
Түшүндүрмө отчетте белгиленгендей, жарандык укуктар боюнча бардык буйруктар жабырлануучунун же үчүнчү тараптын арызы боюнча чыгарылуусу зарыл жана кызмат адамынын демилгеси боюнча чыгарылбайт. [252]
Стамбул конвенциясынын 30-беренесине ылайык, мамлекеттер ушул Конвенцияда таанылган кылмыштардын мейли кайсынысын болбосун жасаган адамдардан жабырлануучулар компенсация талап кылуу укуктарына ээ болуусун камсыз кылышы керек. Адекваттуу мамлекеттик компенсация кимдин ден соолугунун начарлоосуна алып келсе же олутту дене бойлук зыяндарды алса ошолорго төлөнөт, ал айыпкер, мамлекет тарабынан каржылануучу медициналык жана социалдык кызмат көрсөтүүлөр, же камсыздандыруу сыяктуу башка булактардын эсебинен орду толтурулбаган чен өлчөмдө төлөнөт.

---

[251] Түшүндүрүүчү баяндама, 157-пункту.
[252] Ошол жерде, 158-пункту.

Бул тараптардын сот тарабынан кылмышкер төлөп берүүсү каралган компенсацияга байланыштуу зыяндын ордун толтурууну талап кылуусуна тоскоолдук кылбайт, бир гана негизги көңүл жабырлануучунун коопсуздугуна бурулат деген шарт менен ишке ашырылат.[253]
«Олуттуу» жаракаттарды алгандыгына жана ден соолугу начарлаганына байланыштуу мамлекет тарабынан караштырылган компенсациянын өлчөмү чектелген болгону менен, бул мамлекеттердин компенсация төлөп берүүнүн көбүрөөк берешен механизмдерин караштыруусуна тоскоолдуктарды пайда кылбайт, ошондой эле кандай гана болбосун компенсациялардын же мамлекет тарабынан төлөнө турган компенсациялардын бардык элементтери үчүн көбүрөөк жогору жана/же көбүрөөк төмөн чектерин белгилейт.
«Жабырлануучунун коопсуздугу» шилтемеси мамлекеттер кылмышкерден келтирилген зыяндын ордун толтурууну же компенсацияны алуу үчүн көрүлгөн бардык чараларда жабырлануучунун коопсуздугуна кандай залалдарын тийгизүүсү мүмкүн экендигин тиешелүү деңгээлде эске алынуусу керектигин талап кылат. Бул кылмышкердин ал мамлекетке компенсация төлөп бергендиги үчүн жабырлануучудан өч алууну каалоосу мүмкүн болгон кырдаалдарга тиешелүү.[254]
Ошол эле учурда 29(2)-берене жабырлануучуларга зарыл превентивдик же коргоочу зарыл чараларды кабыл алуу боюнча өз милдеттерин аткарбаган мамлекеттик органдардан укуктук коргоо каражаттары камсыз кылынышы керектигине кепилдик берет. Бул укуктук коргоо каражаттары камтыйт, тактап айтканда келтирилген зыяндын ордун толтуруу боюнча жарандык-укуктук арыздарды, анын ичинде келтирилген моралдык зыяндын компенсациясын камтыйт,[255] мунун баары мамлекеттик субьектилердин этиятсыз, орой, шалаакы жүрүм-турумдары жасалган учурда ордун толтуруу үчүн жеткиликтүү болушу зарыл.

**б) Кыргызстандын мыйзамдары**

КРнын мыйзамдарына ылайык үй-бүлөлүк зомбулук окуяларында компенсациял төлөө жөнүндө айта турган болсок, анда жарандык жана кылмыш-жаза мыйзамына ылайык компенсациялоого тиешелүү жалпы эрежелер колдонулат. КРнын Жарандык мыйзамы келтирилген зыяндын ордун толтурууну жана дагы моралдык зыяндын дагы ордун толтурууну караштырат.
КРнын Жарандык кодексинин 993-беренесине ылайык (мындан ары – КРнын ЖК) жарандын жеке өзүнө же мүлкүнө келтирилген зыян, ошондой эле юридикалык жакка келтирилген зыян, зыян келтирген жаран тарабынан толук өлчөмдө орун толтурууга жатат.

Бул ченемде келтирилген зыян үчүн жоопкерчиликтин жалпы негиздери келтирилген – деликттин курамы:

- зыяндын болушу;
- зыян келтирүүчүнүн укукка каршы жүрүм-турумунун болушу;
- алардын ортосундагы себептик байланыши;
- зыян келтирүүчүнүн күнөөсү.

---

[253] «Дене бойлук жаракат» жана «ден соолукка жаракат» терминдери жабырлануучуну өлүмгө дуушар кылган терминдерди камтыйт, ал эми психологиялык зомбулук актысынын негизинде келтирилген олуттуу психологиялык жаракат болуп саналат. Караңыз: Түшүндүрмө баяндама, 166-пункт.
[254] Түшүндүрмө баяндама, 166-169-пункту.
[255] Түшүндүрмө баяндама, 162-пункту.

Аталган категориядагы иштерди кароодо зыяндын ордун толтуруу боюнча конкреттүү мамилелерди жөнгө салган материалдык укуктун ченемдерин ажырата билүү керек:

- эгер талаптар өмүргө же ден соолукка зыян келтирүүнүн натыйжасында пайда болгон келишимсиз милдеттерге негизделсе, эгер атайын мыйзам же келишим менен жоопкерчиликтин көбүрөөк катаал чаралары караштырылбаса, КРнын Жарандык кодексинин 51-беренесинде камтылган материалдык укуктун ченемдерин колдонуу керек (зыян келтирүүнүн натыжасындагы милдеттер);
- КРнын КПК ылайык, кылмыш процессинде КРнын Кылмыш-жаза кодексинде тыюу салынган, акыл-эси соо эместик жосун же кылмыштын негизинде келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндөгү жарандардын жана юридикалык тараптардын арыздары каралат. Мындай учурда кылмыш-жаза жана КПКнин ченемдери колдонулат.

Келтирилген зыяндардан улам келип чыккан милдеттенмелер (деликттик милдеттенмелер) - деликттин курамы бар болгон учурда зыян келтирүү фактысынан жана мыйзамдын күчүнөн улам пайда болгон келишимден сырткаркы милдеттенмелердин бир түрү.

Моралдык зыяндын ордун толтуруу КРнын ЖКнын 16-беренесинде караштырылган, ага ылайык жаранга таандык болгон материалдык эмес байлыктарга шек келтирген же анын мүлктүк эмес укуктарын бузган аракеттер тарабынан жаранга моралдык зыян (жеке же нравалык азапка салуу) келтирилсе, ошондой эле мыйзамдарда каралган башка учурларда сот укук бузуучуга келтирилген зыяндын ордун акчалай же башка материалдык түрдө компенсациялоо милдетин жүктөй алат. Моралдык зыянды компенсациялоонун өлчөмүн аныктоо учурунда сот укук бузуучунун күнөөсүнүн даражасын жана башка көңүлгө ала турган жагдайларды эске алат.

Бирок, көңүл бура турган нерсе, укук бузуучу келтирген моралдык зыяндын ордун толтуруу соттун кароосунан көз каранды, сот жүктөшү же жүктөбөшү мүмкүн, эгерде сот, келтирилген зыяндын ордун толтурууну милдеттендирген чечим чыгарбаса. Анда мамлекеттин укук бузуучуну келтирген зыяндын ордун толтуруу боюнча жоопкерчиликке тартууга эч кандай каражаты (жолу) жок болуп калуусу мүмкүн. Натыйжада болсо, КРдагы укуктук коргоонун натыйжалуу каражаты катары компенсация алып жаткан жабырлануучу үчүн айрым бир чектөөлөп пайда болот, бул болсо эл аралык стандарттарды бузуу болуп саналат.

Жасалган кылмыштын жыйынтыгында жабырлануучуга келтирилген моралдык жана материалдык зыянды компенсациялоо кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн бирден бир милдеттеринен болуп эсептелет (КРнын КПКнын 6-бер.7-пункту) жана жабырлануучунун адилеттүү соттук териштирүүгө жана бузулган укугун калыбына келтирүүгө карата укугунун маанилүү элементи болуп саналат. Ошондуктан, жабырлануучуларга компенсация алуу үчүн кайрылууну сунуштоо зарыл.

Кылмыштан дене боюна, моралдык зыян жана (же) материалдык залал келтирилген жеке тарап жабырлануучу болуп саналат, анын укуктары жана милдеттери аны жабырлануучу катары таануу жөнүндө токтом чыгарган учурдан баштап пайда болот,

ал шектүүдөн, айыпкерден, соттолгондон кылмыш менен келтирилген мүлктүк залалдын жана (же) моралдык зыяндын ордун толтуртууга укуктуу (КРнын КПКнын 2021-ж.ред.40-бер. 4-бөлүгү 22-пункту).

Жабырлануучуга шектүүнүн, айыпкердин жана соттолгондун эсебинен материалдык зыяндын жана (же) моралдык залалдын ордун толтуруу мүмкүн болбогон учурда, материалдык зыяндын жана (же) моралдык залалдын ордун толтуруу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети (мындан ары – Министрлер Кабинети) тарабынан аныкталган тартипте адистештирилген фонддун эсебинен жүргүзүлөт (КРнын КПКнын 2021-ж.ред.40-бер. 10-бөлүгү.).

Жабырлануучуга келтирилген материалдык зыяндын ордун толтуруу жана моралдык зыянды компенсациялоо кылмыш-жаза ишинде КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ж.ред. 71-беренесинде караштырылган, ал жерде мындай ордун толтуруу жана компенсация КЖКда көрсөтүлгөн негиздер боюнча, адам кылмыш-жаза жоопкерчилигинен же болбосо жазадан бошотулгандыгына карабастан, сот тарабынан колдонулат жана өкүм чыгаруу аркылуу ишке ашырылат деп көрсөтүлгөн, ал эми КРнын КПКнын 2021-ж.ред. 354 (1-б. 11-п.), 357 (1-п.), 393-беренелери боюнча  материалды зыянды жана (же) моралдык зыянды ордун толтуруу боюнча чечимдер көрсөтүлүшү керек.

Моралдык зыянды компенсациялоодо сот акчалай компенсацияны белгилейт. Бул компенсация келтирилген зыяндын оордугунан көз карандылуу түрдө 50дөн 1000ге чейинки эсептик көрсөткүчтө дайындалат жана милдеттенме өкүмдүн резолютивдик бөлүгүндө көрсөтүлөт.

Мыйзам күчүнөн улам кылмыш менен же Кылмыш-жаза кодексинде тыюу салынган акыл-эси жайында эместин, ошондой эле баланын жосуну менен келтирилген материалдык зыян жана моралдык залал үчүн мүлктүк жоопкерчилик тартуучу жеке жак тергөөчү, сот тарабынан өндүрүшкө тартылат (КРнын УПК 47-бер. 2021-ж.ред.).

Муну менен катар эле иш жүзүндө үй-бүлөлүк зомбулуктар жөнүндө иштер боюнча  кылмыш ишинде  материалдык жана моралдык зыянды калыбына келтирүүгө байланыштуу укукту мүнөздөгү көйгөйлөр пайда болушу мүмкүн.

• *Моралдык зыян келтирүү фактысын далилдөөнүн татаалдыгы.* КРнын КПК  2021-ж.ред. боюнча  кылмыш ишинин алкагында сотко чейинки жана соттук териштирүүнүн  бардык стадиясында моралдык зыянды компенсациялоо жөнүндө  талаптар коюлушу мүмкүн. КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ред. 71-беренесинде моралдык зыянды компенсациялоого чегерилүүчү акыркы суммасы (50дөн 1000 ге чейинки эсептик көрсөткүчтө) караштырылганы менен, бирок бүгүнкү күндө КРда  кылмышты жасоодон улам келтирилген моралдык зыянды эсептөөнүн, анын ичинде  үй-бүлөлүк зомбулук боюнча дагы кандайдыр бир критерийлери, усулдары жана нускамалары жана/же эрежелери жок, бул болсо көпчүлүк учурда талап кылынган сумманын бир топ эле деңгээлде азаюусуна же болбосо далилдөө базасы абдан алсыз болгондуктан тиешелүү коюлган талаптын канааттандырылбоосуна  алып келүүдө.

• *Мөөнөтүнүн эскирүүсү боюнча талаш*. Талаштуу суроону  жарандык  доо арыз менен кайрылуу мөөнөтүнүн эскирүүсү (КРнын мурда күчүндөгү КПК 1999-ж.ред.)  жаратты,  мындай арыздар ушул себептен жарандык сот өндүрүшүнүн алкагында дагы, ушул эле себептер кылмыш ишинин алкагында дагы дагы өткөрүлгөн эмес. Алсак, айрым соттор кылмыш ишинде жарандык доо арызы бар жарандык доолор боюнча эскирүү мөөнөтүн токтотуу үчүн негиз деп эсептешкен эмес, бул болсо жабырлануучулардын абдан олуттуу деңгээлде укуктарын бузган. Эми болсо, КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 71-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, бул берененин жоболорун колдонууда КРнын ЖКде белгиленген мөөнөтүү эскирүү колдонулбайт.

• *Колдон чыгарылган кирешени өндүрүүнүн мүмкүн эместиги.* Мисалы, аял зордуктоодон, уруп-сабап кыйноодон, токмоктоодон кийин эмгек ишмердүүлүгүн ишке ашыруу, ишкердик ишмердигин ишке ашыруу ж.б. мүмкүнчүлүктөрүн убактылуу жоготот. Мындай суроолор эрежеге ылайык,  сот тарабынан  кылмыш ишинин алкагынан тышкары каралат.

Бул аталган көйгөйлөр бар экенин эске алуу менен, жабырлануучунун адвокатына үй-бүлөлүк зомбулук менен байланыштуу иштер боюнча кылмыш процессинде өтүнмө берүү сунуш кылынат, а эгерде кылмыш процессинин алкагында материалдык жана моралдык зыяндын ордун толтуруу жөнүндө суроо чечилбесе, анда жабырлануучу тарап бул укугунан жарандык сот өндүрүшүнүн алкагында ажыратылбайт.

Муну менен катар эле, сотко жабырлануучуга келтирилген материалдык зыяндын дагы жана моралдык зыяндын дагы толук далилдерин өткөрүү зарыл. Келтирилген материалдык зыяндар боюнча далилдер документтик түрдө тастыкталган төмөнкү чыгымдар болуп эсептелет:

• үй-бүлөлүк зомбулук фактысынан кийин дарылануга (дарыларды сатып алуу, медициналык кызматтарды төлөө);

• жабырлануучунун дагы, анын балдарынын дагы психологиялык дарылануусуна жана реабилитациялануусуна дагы кеткен чыгымдар (дарыларды алуу, медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө);

• адвокатка төлөнгөн чыгымдар (квитанциялар, келишимдер);

• мүлктү тиешелүү абалга келтирүүгө кеткен чыгымдар (мисалы, сынган идиш-аяктар, сынган эмесректер ж.б.);

• кылмышка байланыштуу түздөн түз пайда болгон чыгымдарды тастыктаган башка документтер.

Моралдык зыян келтирүүнүн далили сотто далилденген кылмыш фактысынын өзү болуп эсептелет, муну менен катар эле жабырлануучунун дене бойлук азаптануулары жөнүндө далилдеген медициналык тастыктамаларды алдын ала алуу зарыл. Мындайлардын бири окуя (үй-бүлөлүк зомбулук) болгондон бери нервдик жабыркоолордун негизинде пайда болгон оорулар болушу мүмкүн. Кошумча далили, окуя болгондон бери аялдын моралдык азаптануулары жөнүндө далилдеген, жабырлануучуга карата адистин (психологдун) корутундусу болуп эсептелет. Процессте эгерде жабырлануучунун сырткы көрүнүшүнүн начарлоосун реалдуу айырмалоочу фактор бар болсо, аялдын үй-бүлөлүк зомбулукка чейинки жана кийинки сүрөттөрү көрсөтүлүүсү мүмкүн.

Жабырлануучуга келтирилген моралдык зыяндын компенсациясынын өлчөмү жөнүндө суроону чечүүдө сот иш жүзүндө КРнын Жарандык кодексинин 16-беренесинин жоболоруна таянат жана келтирилген дене бойлук жана адеп-ахлактык азаптануулардын мүнөзүн, зыян келтирүүчүнүн күнөөсүнүн деңгээлин эске алат, ошону менен катар эле акыйкаттык жана эстүүлүк талаптарын жетекчиликке алат.

Бир нече адамдардын кылмыштуу аракеттеринен улам моралдык зыян келтирилген учурда, мындай зыянды үлүштүк тартипте калыбына келтирүүгө жатат (топтук зордуктоо ж.б.).

Дене бойлук жана руханий азаптануулардын мүнөзү сот тарабынан иш жүзүндөгү жагдайларды эске алуу менен белгиленет, анда келтирилген моралдык зыян, соттолуучунун кылмышты жасагандан кийинки түздөн түз жүрүм-туруму (мисалы, жабырлануучуга жардам көрсөтүүсү же жардам көрсөтпөө), жабырлануучунун жеке өзгөчөлүктөрү (жаш курагы, ден соолугунун абалы, кылмыш жасалып жаткандагы жүрүм-туруму ж.б.), ошондой эле башка жагдайлары (мисалы, жабырлануучунун жумушун жоготуусу).

Жарандык процесстин алкагында кылмыш-жаза процессинин алкагындагыдай эле, жабырлануучу (анын адвокаты) келтирилген зыянды өндүрүү үчүн зыян келтирилгендигин негиздеген далилдерди берүүсү зарыл.

Жарандык сот өндүрүшүнүн алкагында соттолуучунун/ соттолгон адамдын мүлкү бар болсо, КРнын ЖПКнын 142-беренесине ылайык доо арызы менен камсыз кылуу жөнүндө өтүнмө билдирүү зарыл. Муну менен катар, жарандык сот өндүрүшүнүн бардык стадиясында үй-бүлөлүк

зомбулуктун субьектисинен кыймылсыз мүлкү, кыймылдуу мүлкү, КРнын банктарындагы жеке эсептери, акциялары ж.б. барбы маалымат талап кылуу максатында мамлекеттик каттоо органдарына, мамлекеттик эмес уюмдарга соттун талабын, суроо талабын жиберүүнү суранууга болот.

Ошондой эле жарандык тартиптеги доо арызы боюнча өзүнчө өндүрүш, кандай гана болбосун баары бир кылмыш ишинин жыйынтыгынан түз көз каранды болорун түшүнүү зарыл. Алсак, келтирилген материалдык зыяндын жана (же) моралдык зыяндын ордун толтуруу жөнүндө суроону чечкен соттун өкүмү, ушул бөлүгүндө ишти жарандык сот өндүрүшүндө карап жаткан сот үчүн кылмыш-жаза өндүрүшү тартибиндеги чечилбеген суроолор бөлүгүндө милдеттүү түрдө керек (КРнын КПК «Преюдиция» 95-бер.3-бөл., 2021-ж.ред.).

Демек, жарандык доо арызы институту кылмыш-жаза процессинде караштырылган эмес, т.а., жарандык доогер деген түшүнүк кылмыш ишинин алкагында жок, бирок жабырлануучу тараптын кылмыштан улам келтирилген материалдык жана моралдык зыяндын ордун толтурууну талап кылуу укугу бар, бул боюнча чечим соттун өкүмүнүн резолютивдик бөлүгүндө чагылдырылат. Ошол эле учурда, кылмыш сот өндүрүшүндө чечилбеген бөлүгү боюнча жарандык сот өндүрүшүнүн алкагында жарандык доо арызын берүү укугунан ажыратпайт.

Бул аркылуу КРнын КЖК 2021-ж.ред. жабырлануучулардын мүлктүк укуктарынын бузулушун коргоону ишке ашырууга шарт түзгөн жоболорду камтыйт, бул болсо ден соолукка келтирилген зыяндын ордун толтуруу, тарткан чыгымдарды компенсациялоо мүмкүнчүлүгү дегенди түшүндүрөт. Мындан сырткары, жарандык сот өндүрүшүнүн алкагында келтирилген моралдык зыянды компенсациялоо талаптары менен доо арызын өткөрүү, зомбулуктун жабырлануучусу болгон аялдардын мүлктүк эмес укуктарын коргоонун натыйжалуу жолу дегенди түшүндүрөт.

***Өз алдынча берилген жарандык доо арыздын өзгөчөлүгү.*** Жарандык сот өндүрүшү тартибинде өзүнчө доо арызын берип жаткан учурда, КРнын ЖПКнын 134-135-беренелеринин талаптарына ылайык доо арызын жазуу жана берүү зарыл. Муну менен катар эле, КРнын ЖПКнын 30-беренесинде караштырылгандай жоопкердин (үй-бүлөлүк зомбулуктун субьектисинин) соттолуучулугу жашаган дареги боюнча, ошондой эле зыян келтирүү орду т.а., жабырлануучунун жашаган дареги боюнча (КРнын ЖПКнын 31-бер. 4-п.) аныкталат.

Доо арызында жабырлануучуга келтирилген зыяндын жана/же залаканын себебин, ошондой эле кылмыш ишин кароонун стадиясын белгилөө зарыл. А эгерде кылмыш иши аягына чыга эле болсо жана ал боюнча мыйзамдуу күчүнө кирген өкүм бар болсо, сот өзүнүн демилгеси боюнча, ошондой эле процесстин тараптарынын демилгеси боюнча жарандык доо арызын кароону өкүм чыкканга чейин же ал мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин токтото турат. Мына ошентип, жарандык процессти токтото туруу убагында доо арызын берүүнүн мөөнөтүнүн эскирүүсү дагы токтотула турат.

Тилекке каршы, материалдык жана моралдык зыяндын ордун калыбына келтирүү бөлүгүндөгү соттун өкүмүн аткаруу иш жүзүндө негизинен аткарылбайт жана соттолгон адамдын кандайдыр бир мүлкү жок болгондуктан өндүрүүчүгө кайрадан кайтарылып келет.

Укук бузуулар жөнүндө кодекс боюнча өндүрүштөрдүн алкагында дагы көйгөйлөр бар, мисалы процессуалдык пландагы. Алсак, УБжК алкагындагы үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө иштер боюнча материалдык жана моралдык зыянды калыбына келтирүү караштырылган эмес. Демек, мындай зыянды калыбына келтирүү жөнүндөгү талапты жарандык сот өндүрүшүнүн алкагында гана коё алышат. КРдагы сот тажрыйбасы мына ушундай.

*Демек, КРнын Чүй облустук Жайыл райондук соту 37 жаштагы эркек адамды үй-бүлөлүк зомбулук үчүн 70 саатка коомдук иштерге тартууну дайындаган. Тергөөнүн версиясы боюнча эркек адам үйүнө мас болуп келип, аялын урган. Эркек адам сотто айыбын моюнга алган. Анын сөзү боюнча, ал аялын болгону эки-үч жолу гана бетке чаап койгон. Андан кийин жабырлануучуну эжеси алып кеткен. Ал кечирим сураган жана анда компенсация төлөп бергенге мүмкүнчүлүк жок экенин билдирген. Жабырлануучу болсо, сотто окуя болгон күнү күйөөсүнүн сураныччы боюнча дарбазанын эшигин ачкан жана үйгө кирип уктап калган. Ушул учурда мас абалындагы күйөөсү аны тепкилеп жана муштуму менен уруп баштаган. Аял алты күн ооруканада жаткан. Ал күйөөсү компенсация төлөбөгөндүгүн билдирген. Өкүмдө болсо сот жабырлануучу келтирилген зыяндарды жарандык тартипте талап кыла алуусу мүмкүн экендигин белгилеген.*

Эгерде мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын же бул органдардын кызмат адамдарынын мыйзамсыз аракеттеринин (аракетсиздиктеринин) жыйынтыгында жабырлануучуга зыян келтирилсе, КРнын Жарандык кодексинин 998-беренесине ылайык жабырлануучуга мындай зыяндын калыбына келтирилүүсү мүмкүн;

- мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын же бул органдардын кызмат адамдарынын мыйзамсыз аракеттеринин (аракетсиздигинин) жыйынтыгында;
- мамлекеттик органдын же жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органынын мыйзамга же башка ченемдик-укуктук актыга шайкеш келбеген актыны чыгаруусу.

Мыйзамсыз аракеттеринен (аракетсиздиктеринен) улам зыян келтирилген кызмат адамдары өздөрү, жабырлануучулардын алдында жоопкерчилик тартышпайт. Алар келтирген зыян үчүн жоопкерчиликти мамлекеттик орган же жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органы тартат. Зыяндын орду тиешелүү мамлекеттик казынанын эсебинен калыбына келтирилет (КРнын ЖКнын 225-бер. 2-пункту), жергиликтүү кеңештин казынасынан (КРнын ЖКнын 227-бер. 2-пункту).

Төмөндө дал ушуга байланыштуу КРнын сот тажрыйбасынан сот үй-бүлөлүк зомбулуктан позитивдүү мисал келтиребиз, бул жабырлануучуга карата аракетсиздик үчүн жоопкерчиликке тартуу иши жөнүндө.

*«Демек, Бишкек шаарынын Биринчи май райондук соту 2021-жылдын 20-октябрында үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучу аялдын КРнын Каржы жана ички иштер министрлигине карата келтирилген моралдык зыяндын ордун толтуруп берүү жөнүндөгү доо арызын канааттандырган. Сот «аракетсиздик» үчүн министрликтен 30 миң өндүрүү жөнүндө чечим чыгарган. Бул иш боюнча жабырлануучу 11 жыл бою өзүнүн күйөөсү тарабынан дене бойлук жана психологиялык зомбулукка системалуу түрдө кабылып келген. 2020-жылдын ноябрь айында ал күйөөсү жана балдары менен жашаган квартирадан качып кеткен. Аял күйөөсүнө карата Биринчи май райондук ИИБ үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча арыз жазган. Укук коргоо органдары үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусун коопсуз жай менен камсыз кылууга милдеттүү болчу. Мындан сырткары укук коргоо органдары аны балдарына кошуп жана буюмдары менен документтери жок көчөдө калган аялдын жашоосун жөнгө салууга көмөктөшүүлөрү керек болчу. Бирок, милиционерлер муну аткарышкан эмес. Жабырлануучунун өкүлүнүн билдирүүсү боюнча, иликтөөнүн ишти териштирүү учурунда ага жубайы тарабынан*

*кысымдар көрсөтүлгөн, бул болсо ыйгарым укуктуу кызмат адамдары тарабынан өз убагында токтотулган эмес».*[256]

Мындан сырткары, КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 38-беренесине ылайык, ушул Мыйзамды аткарбагандыгы же тиешелүү деңгээлде ишке ашырбагандыгы үчүн, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашырган субьекттер жана алардын кызмат адамдары КРнын мыйзамында караштырылганга ылайык жоопкерчиликке тартылышы зарыл. Ошондуктан, бул жерде Укук бузуулар жөнүндө кодекстин 435-беренесин колдонууга болот, «кызмат адамдарынын ченемдик-укуктук актылардын талаптарын бузуусу жарандардын же мамлекеттин укуктарын жана кызыкчылыктарын бузууга алып келсе, кызмат адамдарына 100 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет».

### 5-бөлүмгө окуу тапшырмалары

***5.1.-тапшырма.***
Санкциялар жана укуктук коргоо каражаттары жөнүндө эл аралык жана улуттук-укуктук жоболорду көңүлгө алуу менен, кийинки суроолорду талкуулоо:
- Сот органдары жана укук коргоо органдарынын ортосунда кызматташтыктын кандай формалары зарыл?
- Натыйжалуу иликтөө, коргоо жана өкүм чыгаруу менен камсыз кылуу үчүн кайсы конкреттүү мекемелер кызматташуунун жетектөөчү принциптерине муктаж?

***5.2.-тапшырма.***
Санкциялар жана укуктук коргоонун каражаттары жөнүндө эл аралык жана улуттук укуктук жоболорду көңүлгө алуу менен, кийинки суроолорду талкуулоо:
- Аффект абалына жеткирүүсү мүмкүн болгон «жабырлануучунун моралга жатпаган жүрүм-турумдары же аракеттери» деген эмне?
- Кызганычка, гендердик стереотиптерге негизделген зомбулуктардын ортосунда кандай байланыш бар?
- Идеалдуу жабырлануучунун сапаттары кандай?

***5.3.-тапшырма.***
Кийинки келтирилген практикалык тапшырманы талкуулоо:
*«Ичимдик ичкен мас абалындагы күйөөсү тарабынан аялы сабалган. Үй-бүлөлүк зомбулук фактысы жөнүндө билдирүүдөн кийин, мас күйөөсү РИИБге жеткирилген жана ага жубайынын жанына жакындаганга укугу жок экендиги тууралуу түшүндүрүлгөн. Зомбулуктун жабырлануучусуна коргоо ордери берилген. Бирок, коргоо ордерине карабастан, күйөөсү кайрадан ичип алган жана үйүнө келип жубайын кайрадан сабаган. Зомбулуктун жабырлануучусу, кылмышкерди ИИОго жеткиргенден жана коргоо ордерин бергенден кийин*

---

[256] Калыков М. Аракетсиздикти көрсөтүштү. Сот Каржы министрлигинен жана ИИМден үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусунун пайдасына 30 миң сом өндүрдү. 22.10.2021-ж. Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: [https://kloop.kg/blog/2021/10/22/bezdejstvovali-sud-vzyskal-s-minfina-i-mvd-30-tysyach-somov-v-polzu-postradavshej-ot-domashnego-nasiliya/](https://kloop.kg/blog/2021/10/22/bezdejstvovali-sud-vzyskal-s-minfina-i-mvd-30-tysyach-somov-v-polzu-postradavshej-ot-domashnego-nasiliya/) Кайрылуу датасы 03.05.2022-ж.

*дагы кошунасынын үйүндө жашынууга аргасыз болгон. Ал эми эртең менен мас абалындагы күйөөсү ал үйгө түнөбөгөндүгүнө байланыштуу аны кайрадан сабаган.*
*Бул окуядан соң 2022-жылдын январь айында КРнын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин дене бойлук ооруксунтууларды келтирген уруп-сабоо же башка зомбулук аракеттерди жасоо деген 56-беренеси боюнча укук бузууну жасагандыгы жөнүндө иш козголгон. Сот зомбулуктун тарыхынын далилдерине жана жабырлануучунун өмүрү жана ден соолугу үчүн түздөн түз коркунуч сакталып тургандыгына эч кандай көңүл бурбастан, 200 эсептик көрсөткүчтөгү айып пул салуу жазасын дайындаган. Күйөөсү аңдыганды жана жабырлануучуну жана анын ата-энесин аңдып, артынан түшүүнү уланткан. 2022-жылдын июль айында ал жабырлануучуну жана анын атасын балта менен чаап, олуттуу жаракат келтирген; жабырлануучунун апасын болсо, балта менен өлтүрө чапкан».*

***5.3.-тапшырмага карата суроолор:***
Укуктук коргоонун санкциялары менен каражаттары жөнүндө эл аралык жана улуттук укуктук жоболорду эске алганда:
- Күйөөсүнүн аракеттери туура квалификацияланганбы? Жоопторуңарды негиздеп бергиле.
- Бул ишти иликтөөдө жана кароодо жабырлануучунун кайсы укуктары бузулган?
- Бул иште мындай оор зыяндардын болуусунун алдын алууга мүмкүн беле? Эгер ооба деген жооп болсо, анда бул иште ИИО тарабынан кандай чаралар көрүлүшү керек эле?
- Эгерде зомбулуктун тарыхынын далилдерине жана жабырлануучунун өмүрү жана ден соолугу үчүн түздөн түз коркунуч сакталып тургандыгына көңүл бурулса, сот кандай чечимдерди кабыл алуусу зарыл эле?
- Жабырлануучулар компенсациянын кандай түрлөрүн ала алышат?
- Ишке катышкан кызмат адамдары, ИИО, судьялар жоопкерчиликке тартылуулары мүмкүнбү?

***5.4.-тапшырма.***
Кийинки келтирилген практикалык тапшырманын үстүндө иштөө:
*«Сот 37 жаштагы эркек адамды үй-бүлөлүк зомбулук жасагандыгы үчүн 70 саатка коомдук иштерге тартуу жазасын өкүм кылды. Тергөөнүн версиясы боюнча, эркеке адам мас абалында келип жубайын сабаган. Сотто эркек адам күнөөсүн моюнуна алды. Анын сөзү боюнча, ал болгону аялын бетке эки-үч жолу эле чаап койду. Андан кийин жабырлануучуну эжеси алып кеткен. Ал кечирим сураган жана анда компенсация төлөп бергенге мүмкүнчүлүк жок экенин билдирген. Жабырлануучу болсо сотто окуя болгон күнү күйөөсүнүн сураныччы боюнча дарбазанын эшигин ачканын жана үйгө кирип уктап калганын айтты. Ушул учурда мас абалындагы күйөөсү аны тепкилеп жана муштуму менен уруп баштаган. Аял алты күн ооруканада жаткан. Ал күйөөсү компенсация төлөбөгөндүгүн билдирген. Өкүмдө болсо сот жабырлануучу келтирилген зыяндарды жарандык тартипте талап кылуусу мүмкүн экендигин белгилеген».*

***5.4.-тапшырмага карата суроолор:***
Санкциялар жана укуктук коргоо каражаттарынын эл аралык жана улуттук укуктук жоболорун эске алганда:
- Бул ишти иликтөөдө жана кароодо жабырлануучунун укуктары бузулганбы? Өз жоопторуңарды негиздегиле.

- Жабырлануучунун компенсация алуусу мүмкүнбү? Эгер мүмкүн болсо, анда ал муну кантип ала алат?

### 5-Бөлүмгө карата Көзөмөлдөөчү суроолор

1. Эл аралык стандарттарга ылайык үй-бүлөдөгү зомбулук менен байланыштуу иштер боюнча өкүмдөр кайсы критерийлерге жооп берүүлөрү керек?
2. Үй-бүлөлүк жумшартуучу жана оордотуучу жагдайлар боюнча эл аралык стандарттарда кандай талаптар караштырылган? КРнын мыйзамдары аларга шайкеш келеби?
3. Жыныстык белгилери боюнча зомбулукка байланыштуу өкүмдөрдү жумшартууда, КРнын мыйзамдарында эл аралык прецеденттик укукта баяндалган стандарттарды (мисалы, АББЖК, АУЕС) бузган жоболор барбы?
4. Өз тажрыйбаңыздан жабырларуучулар үчүн укуктук коргоо каражаттарынын жеткиликтүү болушуна тоскоолдук кылган соттун бир жактуу бейкалыстыгына байланыштуу кандай мисалдарды келтире аласыз?
5. КРнын мыйзамына ылайык, натыйжалуу укуктук коргоо каражаттарынын бир бөлүгү катары компенсацияга карата укук кандайча ишке ашырылууда? Мындай тартип эл аралык тартип эл аралык стандарттарга шайкеш келеби?

## 6. ОРТОМЧУЛУК ЖАНА ЭЛДЕШҮҮ

**а) Эл аралык стандарттар**

Стамбул конвенциясынын 48-беренеси аялдарга карата зомбулук окуяларына байланыштуу талаштарды чечүүнүн милдеттүү түрдөгү альтернативдүү процедураларына тыюу салат. Ал мамлекеттерден: «бул Конвенциянын таасири кучагына алган чөйрөлөрдө аялдарга карата зомбулуктун бардык формаларына карата ортомчулук жана элдешүүнү камтыган талаштарды чечүүнүн милдеттүү түрдөгү альтернативдик процесстерине тыюу салууну» талап кылат. АББЖК Аялдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгү жөнүндөгү №33 Жалпы сунуштамасы андан нары мамлекеттерге сунуштайт: «аялдарга карата зомбулук окуялары, анын ичинде үй-бүлөлүк зомбулук окуялары эч бир жагдайларда кандайдыр бир талаштарды чечүүнүн альтернативдүү процедураларынын кароосуна берилбестигине ынанууну, ишендирүүнү».

Түшүндүрмө баяндамада айтылгандай, тиричиликтик зомбулуктун жабырлануучулары "эч качан талаш-тартыштарды чечүүнүн альтернативдүү процесстеринде айыпкердин деңгээли менен бирдей деңгээлде катыша алышпайт".

АББЖК Комитети өзүнүн Аялдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгү жөнүндөгү №33 Жалпы сунуштамасында гендердик стереотиптерди аялдардын өздөрүнүн сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгү укугун ишке ашырууга жолтоо болгон негизги тоскоолдуктар катары атаган.

Көп тарап жайылып кеткен стереотиптер:

- «Ал эмне үчүн кетип калган жок?» - тактап айтканда үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулуктун жабырлануучусу шылдыңдоо-басынтуу мамилелеринде кала берсе, анда бул ага жагымдуу экен же жетишерлик түрдө олуттуу эмес экен;
- «Эгер ал өзүнүн коопсуздугуна олуттуу тынчсызданса, ал полицияга кайрылмак». Же тескеринче, тирүү калгандар же алардын мыйзамдуу өкүлдөрү алар эмне үчүн кетишпегендиктерин көпчүлүк учурда мындай деп түшүндүрүшкөн, мисалы: «ал андан кетүүнү каалаган, бирок алардын ата-энелери буга жол беришкен эмес, себеби ал жалгыз болот жана анын эч кимге кереги жок деп эсептешкен»;
- «Ал баарына чыдаш керек, себеби алар баш кошушкан»;
- «Ал андан кеткен, … бирок ал аны аңдыган, артынан түшүп куугунтуктаган учурда адан жашынуу мүмкүн эмес болчу. Ал андан коркчу.;
- «Ал айрым бир мисалдарды келтирүү үчүн полицияга кайрылган жок, аны айыпкер жана анын туугандары коркутушкан, же болбосо ал анын мурунку билдирүүлөрү боюнча дагы чара көрбөгөн полицияга ишенген эмес ж.б.

Соттор өздөрүнүн ишенимдерине көп учурда бейкалыс мамиле жасашат, алар аялдар өздөрүн коргогондун ордуна зомбулуктан эч нерсеге карабай качып кетишет, же болбосо алар ырайымсыз жана агрессиялуу зомбулук жасаган адамдан өздөрүн жылаңач колдору менен коргой алышат деп ойлошот.[257]

---

[257] Үй-бүлөлүк зомбулук окуяларындагы өзүн өзү коргоо укуктары: сот адилеттиги системасындагы стереотиптер жана бейкалыс көз караштар (Россиянын мисалында). Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://ehrac.org.uk/ru/blog/the-right-of-self-defence-in-domestic-violence-cases-stereotypes-and-biases-in-justice-systems-using-the-example-of-russia/#_ftnref13 Кайрылуу датасы: 08.05.2022-ж.

Чындыгында эле, ортомчулук жана элдешүү тажрыйбасы тараптар тең укуктуу ресурстар жана ыйгарым укуктар процессине өтүшөт деп болжолдошот. Аялдарга карата зомбулук окуялары, өзгөчө үй-бүлөлүк-тиричиликтик зомбулук кол салуу, зомбулуктуу коркутуу жана/же көзөмөлдөөчү, шылдыңдоочу же басмырлоочу жүрүм-турум актыларына негизделген тең укуксуз бийлик мамилелери менен байланыштуу. Мына ушул кооптонуулардын жыйынтыгында дүйнөнүн көптөгөн бөлүктөрүндө интимдик өнөктөшү тарабынан зомбулук жасалган окуяларда ортомчулук тажрыйбасына тыюу салынган.

Сот адилеттигинин формалдуу эмес механизмдери дагы, зомбулуктун формаларынын эскалациясына кабылбоо үчүн гана кылмышкерге кайра кайтууга макул болуусу мүмкүн болгон жабырлануучулар үчүн олуттуу коркунучту пайда кылат.

Мындан сырткары, салттык гендердик ченемдер аялдардын ортомчулук ролдоруна терс таасирлерин тийгизүүлөрү мүмкүн. Мындай процесстерде аялдар көпчүлүк учурда социалдык топтун гармониясын сактоо үчүн өздөрүнүн жеке укуктарын тобокелчиликке салышат.

Комитет, медиацияны колдонуу жабырлануучулардын укуктарынын андан ары бузулушуна алып келе тургандыгын белгилейт «кылмышкерлердин жазасыз калып жаткандыгынын себептери [элдешүүнүн] көпчүлүк учурда патриархалдык баалуулуктар менен кызматташкандыгында, бул болсо соттук кароонун жана укуктук коргоо каражаттарынын аялдар үчүн жеткиликтүү болуусуна терс таасирин тийгизет».

Паракорчулук, мамлекеттик саясат жана артыкчылыктар, ошондой эле ортомчулардын жөндөмдөрүнүн жетишсиздиги ортомчулуктун натыйжалуулугуна таасирин тийгизүүсү мүмкүн. Ортомчулардын ортосундагы гендердик сезимталдуулуктун жоктугу абдан чоң тынчсызданууну пайда кылат. АББЖК Комитети «талаш тартыштарды жөнгө салуунун альтернативдүү процедуралары аялдар үчүн укуктун бардык чөйрөсүндөгү соттук жана укуктук коргоонун башка каражаттарынын жеткиликтүү болуусун чектебесин жана андан нары дагы алардын укуктарынын бузулуусуна алып келбесин» деп өзгөчө сунуш кылат.

Элдешүү процедурасы катары көрсөткүч түрүндө берилген көбүрөөк маанилүү суроо, жабырлануучу чындыгында эле ушул тажрыйбанын борборунда турабы деген суроо. Алдыңкы тажрыйбалар формалдуу эмес ортомчулук системасын жакшыртуу үчүн, бул жаатта иштеп жүргөн тажрыйбалуу адистер учурдагы системанын күчтүү тараптарына таянуусу керектигин жана кийинкилерди камтуусу зарыл экендигин көрсөттү:

- аялдардын механизмдерге катышуусун кеңейтүү;
- бардык ортомчуларды жана механизмдин башка катышуучуларын ар тараптуу окутуу менен камсыз кылуу;
- жарандык коом уюмдарынын бийликтеги тең укуксуздукту өзгөртүүгө катышууларын кеңейтүү;
- сот адилеттигинин расмий системасы менен байланыштарды бекемдөө.

**б) Кыргызстандын мыйзамдары**

КРнын Кылмыш-жаза мыйзамы аялдарга карата зомбулуктуу кылмыштарды жасоого байланыштуу иштерде элдешүү мүмкүнчүлүгүн караштырат. КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ж.ред. 57-беренеси жабырлануучу менен макулдашууга жетишилген учурда кылмыш жоопкерчилигенен бошотуу үчүн негизди караштырат.

Алсак, Кылмыш-жаза кодексинин коркунучтуулугу аз жана (же) анча оор эмес кылмыштар, ошондой эле 154-берененин 1-бөлүгү (зордуктоо) караштырылган жана 155-берененин 1-бөлүгү (сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттери), коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарын козгогон окуялардан башка бардык учурларда, эгерде ал жабырлануучу менен элдешүүгө

жетишсе жана келтирилген зыяндын ордун толтуруп берсе, кылмыш жоопкерчилигинен боштулуусу мүмкүн.

Бул аталган негиздер боюнча кылмыш жоопкерчилигинен кылмышты уюшкан топтун курамында же кылмыштуу жамааттын курамында жасаган адам бошотулбайт.

Мына ошентип, бул ченем кылмышты жасаган айыпкердин жана жабырлануучунун ортосундагы элдешүүнүн түз мүмкүнчүлүгүн караштырат.

КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 2021-ж.ред. 40-беренесине ылайык, мыйзамда караштырылган учурларда иш боюнча жабырлануучу медиация тартибинде элдешүү укугуна ээ.

КРнын КПКнын 2021-ж.ред. 59-беренесинде иш боюнча тараптардын элдешүүсү үчүн медиация институту караштырылган.

Алсак, мыйзамдын талаптарына ылайык медиация жүргүзүү үчүн тараптар тарабынан тартылган көз карандысыз жеке жак медиатор болуп саналат.

2. Медиатор төмөнкүлөргө укуктуу:

1) медиация тартибинде элдешүү жөнүндө макулдашуу (медиативдик макулдашуу) түзүүдө тараптарга көмөктөшүүгө;

2) медиациянын тараптары менен жолугушуулардын саны жана узактыгы жекече жана чектелбеген купуя кездешүүгө;

3) медиациянын тараптары башкача макулдашпаса жана эгерде бул жарашууга жардам бериши мүмкүн болсо, талашка кызыкдар башка катышуучулар менен өз ара аракеттенүүгө;

4) эгерде жүргүзүп жаткан медиация жол-жоболору тараптардын элдешүүсүнө алып келбейт деп эсептесе, медиация жол-жоболорун өткөрүүдөн баш тартууга.

3. Медиатор төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) тергөөчүнүн же болбосо соттун жиберүүсү боюнча тараптарды маалыматтык жолугушууда кабыл алууга;

2) тараптарга элдешүү укугун, медиациянын маңызын жана принциптерин түшүндүрүүгө;

3) медиациянын жол-жоболорун жүргүзүү жөнүндө келишимдин долбоорун даярдоого;

4) медиациянын жол-жоболорун өткөрүүнүн жүрүшү жана этаптары жөнүндө медиациянын тараптарына маалымдоого;

5) эгерде тараптар башкача макулдашпаса, медиация жол-жобосунун купуялыгын сактоого;

6) элдешүү жөнүндө макулдашуунун (медиативдик макулдашуунун) долбоорун даярдоого;

7) тараптар медиациядан баш тарткан учурда, бул жөнүндө жазуу жүзүндө же электрондук формада тараптарды медиацияга жиберген органга кабарлоого;

8) эгерде медиация башталганга чейин же жүрүшүндө анын калыстыгына таасир көрсөтүүчү жагдайлар келип чыкса, медиация жол-жобосун жүргүзүүдөн баш тартууга.

3. Медиатор сотко чейинки өндүрүшкө кылмыш жөнүндө арыз жана билдирүү катталган учурдан тартып, ошондой эле сотко чейинки өндүрүштө же соттук териштирүүнүн кандай болбосун баскычында катышууга укуктуу.

Айрым маалыматтарга ылайык белгилүү болгондой, элдешүүнүн расмий эмес түрдө колдонуу кучагын жаюусу Кыргызстанда кеңири колдонулуп жатат, анын ичинде тиричиликтик зомбулук окуяларында дагы. Бейөкмөт уюмдары көпчүлүк окуяларда укук коргоо органдарынын кызматкерлери жабырлануучуларды кылмыш-жаза сот өндүрүшүнөн кармоо үчүн, алар кылмышкерлер менен элдештирүү үчүн алардын өздөрүн күнөөлөө жана гендердик стереотиптерди колдонуу аркылуу жабырлануучуларга кысым көрсөтүшөрүн билдирип келишет.

Учурда иштеп жаткан кылмыш-жаза мыйзамындагы жабырлануучуларды элдештирүү процесси Стамбул конвенциясынын жана АББЖК сунуштамаларына карама-каршы келет.

КРда аксакалдар соттору иш алып барышат - булар ыктыярдуу башталыштарда жана шайлануучулук жана өз алдынча башкаруу негизинде түзүлүүчү, белгиленген тартипте сот, прокурор, кылмыш иштерин кароо укугуна ээ башка укук коргоо органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан КРнын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жөнөтүлүүчү материалдарды, ошондой эле жарандардын ортосундагы талаш-тартыштар боюнча иштерди КРнын 2002-жылдын 5-июлундагы №113 «Аксакалдар соттору жөнүндө» Мыйзамда белгиленген учурларда жана тартипте кароону жүзөгө ашырууга чакырылган коомдук органдар.

Аталган Мыйзамдын 3-беренесине ылайык аксакалдар сотторунун негизги милдеттери кийинкилер болуп эсептелет:

- жарандардын бузулган же талаш-тартышка түшкөн укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо;
- мыйзамдуулукту жана укук тартибин чыңдоого көмөк көрсөтүү жана айылдык аймактын жана шаарлардын аймагында укук бузуулардын алдын алуу;
- жарандарды мыйзамды, үрп-адаттардан жана салттардан улам тарыхый жактан калыптанган адеп-ахлактыктын жана ыймандуулуктун ченемдерин урматтоого тарбиялоо болуп саналат.

Аксакалдар соттору ынандыруу жана коомдук таасир көрсөтүү, тараптардын жарашуусуна жетишүү жана республиканын мыйзамдары менен башка ченемдик актыларына каршы келбеген, акыйкат чечим чыгаруу жолу менен иштейт.

Аксакалдар соттору жазык-процесстик мыйзамдарына ылайык коомдук таасир көрсөтүү чараларын колдонуу үчүн соттор, прокурорлор, прокурордун санкциясы менен тергөө жана алгачкы тергөө органдары тарабынан жөнөтүлгөн кыскартылган жазык иштери боюнча материалдарды карашат жана чечишет (КРнын «Аксакалдар соттору жөнүндө» Мыйзамынын 2-беренеси).

Аксакалдар соттору тарабынан тараптардын элдешүүсүнө жетишүү максатында мүлктүк жана үй-бүлөлүк талаш-тартыштарды чечүү үчүн жарандардын өздөрүнүн арызы боюнча (тараптардын макулдугу менен) иштер каралышы мүмкүн.

Мына ошентип, үй-бүлөдө түзүлгөн кырдаалды аксакалдар сотторунун кароосу мындай үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы элдешүүгө жетишүүнүн жолдорунун бири болуп саналат.

Алсак, КРнын «Аксакалдар соттору жөнүндө» Мыйзамынын 15-беренесине ылайык, адамдын аракеттеринде кылмыштын курамы жок болгон учурларда үй-бүлөлүк зомбулук менен байланыштуу иштерди (материалдарды) кароого укуктуу.

Аксакалдар соту ишти (материалдарды) ал сотко келип түшкөн учурдан тартып 15 күндүк мөөнөттө карайт. Зарыл болгон учурларда (материалдарды) иштерди кароонун мөөнөтү материалдарды суратып алуу, болбосо сотко катышуучулардын кошумча маалыматтарды берүүсүнүн мөөнөтүнө узартылышы мүмкүн, бирок ал 15 күндөн ашпайт (КРнын «Аксакалдар соттору жөнүндө» Мыйзамынын 16-беренеси).

Аксакалдар соту төмөнкүдөй учурларда иштерди карайт (материалдарды):

- эгерде анын аймагында укук бузуулар болсо;
- жашаган жерине карабастан эгерде жоопкер анын аймагында жашаса
арыз берүүчүлөрдүн өтүнүчү боюнча;
- эгерде укук бузуучу, болбосо жабырлануучу, жабырлануучу болбосо
жоопкер анын аймагында жашаса башка аксакалдар сотторунун өтүнүчү

боюнча (КРнын «Аксакалдар соттору жөнүндө» Мыйзамынын 17-беренеси).

КРнын «Аксакалдар соттору жөнүндө» Мыйзамынын 28-беренесине ылайык, аскакалдар соту сотко тартылгандын күнөөсүн аныктоо менен төмөндөгү таасир көрсөтүү чараларынын бирөөнү колдонуу жөнүндө чечим чыгарат:

а) эскертүү берүү;

б) жабырланган тараптан эл алдында кечирим суроого милдеттендирүү;

в) коомдук уяткаруу жарыялоо;

г) материалдык зыяндын ордун толтурууну күнөөлүү тарапка милдеттендирүү;

д) Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген эң төмөнкү үч айлык акыга чейинки өлчөмүндө акчалай жаза пул салуу.

Үй-бүлөлүк талаш-тартышта сот каралып жаткан талаш-тартыштын негизи боюнча чечим кабыл алат.

Эгерде аксакалдар соту мүлк жана үй-бүлөлүк талаш-тартыштар боюнча тараптардын элдешүүсүнө жетише албаса, ал каралып жаткан иштин негизи боюнча чечим кабыл алат.

Административдик укук бузган адамга карата колдонулган коомдук таасир көрсөтүү чарасы жөнүндө аксакалдар соту 10 күндүк мөөнөттүн ичинде материалды жөнөткөн органга (кызмат адамына) билдирүүгө милдеттүү.

Сот адамдын ар намысына шек келтирген жаза жөнүндө чечим чыгарууга акысы жок.

Коомдук таасир көрсөтүү чараларынын белгиленген тизмеси толук делип эсептелинет жана кеңири чечмеленүүгө жатпайт.

Ушул Мыйзамда каралбаган таасир көрсөтүү чаралары колдонулган учурда, андай жаза мыйзамсыз деп эсептелет жана аткарууга жатпайт.

КРнын мыйзамдарында милдеттүү түрдөгү альтернативдик элдештирүү процедуралары жок болгонуна карабай, иш тажрыйбасында айыпкер адамдарды жоопкерчиликке тартуунун юридикалык процедураларына караганда, булар көбүрөөк активдүү колдонулган кырдаалдар көп кездешет. Бул жагдайда башкалар менен катар эле укук коргоо органдарына дагы тиешелүү болгон социомаданий стереотиптер абдан олуттуу мааниге ээ.

## 6-бөлүмгө окуу тапшырмалары

***1-тапшырма.***

Төмөндө келтирилген практикалык тапшырманы талдоо:

*«Жаран Г. жумушун жоготкон жана маанайы начар болуп, бардык ачуусун андан чыгарып жаткан күйөөсүнөн кетүүнү каалайт. Жаран Г. абройлуу жумушу бар жана анын ийгиликтерин баалабаган күйөөсү тарабынан дайыма шылдыңдоонун обьектиси болуп келүүдө. Г. муну үй-бүлөлүк зомбулуктун болуусу катары баалайт. Кайын энеси жаран Г.ны арыз менен кайрылбоого, анын ордуна медиатор менен жолугууга көндүрдү.*

Бул окуяда медиатор эмне кыла алат?

***2-тапшырма.***

Төмөндө келтирилген практикалык тапшырманы талдоо:

*«19 жаштагы жаран Ж.ны никеге туруу максатында Ж. өзү жашаган айылдын тургуну, анча жакшы тааныбаган эле жигит уурдап кетти. Кыз каршылык көрсөттү жана ата-энесинин үйүнө кайтып келди. Ж.нын атасы буга өтө наааразы болду, себеби кызын ийгиликтүү түрдө*

*күйөөгө бердим деп ойлогон, Ж.ны үйдөн кубалай баштады. Үй-бүлөлүк талаш-тартыш пайда болду, мунун жыйынтыгында Ж. аксакалдар сотторуна аны чечип берүү суранычы менен кайрылды.*

Бул окуяда аксакалдар соттору кандай чечим кабыл алуусу мүмкүн?

### 6-Бөлүмгө карата Көзөмөлдөөчү суроолор

1. Аялдарга карата зомбулук иштери боюнча элдешүүнүн кеңири жайылуусуна кандай факторлор түрткү болууда?
2. КРнын мыйзамдарына ылайык, кайсы зомбулуктуу кылмыштар боюнча тараптардын элдешүүсүнө жол берилет?
3. Кандай шарттарда тараптардын элдешүүсүнө жол берилет?
4. Медиация деген эмне?
5. Иштердин кандай категориялары боюнча медиация мүмкүн?
6. Үй-бүлөлүк (тиричиликтик) зомбулук жөнүндө иштер боюнча тараптардын элдешүүсүндө аксакалдар соттору кандай роль ойношот?
7. Аксакалдар соттору айыпталуучуга карата кандай таасир этүү чарларын колдонушу мүмкүн?

## 1-тиркеме. Аялдарга карата жана үй-бүлөлүк/тиричиликтик зомбулук жөнүндө билдирүүлөрдү алгандан кийин ИИОнун нөөмөт бөлүмүнүн, ИИОнун Милициянын аймактык ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аракеттеринин алгоритми

- **Аялдарга жана балдарга карата зомбулук (сексуалдык, дене бойлук мүнөздөгү зомбулуктуу аракеттер, үй-бүлөлүк зомбулук) тууралуу арыздарды/билдирүүлөрдү алган учурда ыкчам нөөмөтчү милдеттүү:**

1. Бирдей ыргактагы, токтоо үн менен аныктайт:

- зомбулук жасалган ордун, убактысын жана жагдайларын;
- зомбулук тууралуу билдирген адамдарды аныктаган көрсөткүчтөрдү;
- жабыр тарткан адамды (жабыр тарткан адамдарды) жана алардын абалын аныктаган көрсөткүчтөрдү;
- зомбулук жасаган адамды аныктаган көрсөткүчтөрдү, өзгөчө белгилерин (эгер мындай белгилери бар болсо).

2. Арызды/билдирүүнү МК Эл. Ж КЖБР АМСна каттоону жүргүзүү.
3. Жабыр тарткан адамдын кылмыштуу кол салууларынын обьектиси болгон дененин бөлүктөрүн жууганга жол берилбестиги, ошондой эле кылмыштын издерин табуу жана удаа эле кароо жүргүзүү үчүн кийимди сактап коюу зарыл экендигин эскертүү.
4. Кылмыш (окуя) жасалган жерге тергөө-ыкчам тобунун (ТЫТ) эч токтоосуз түрдө чыгуусун уюштуруу, зарылчылыкка жараша жана ыкчам чара көрүү үчүн кылмыш (окуя) жасалган жерге Милициянын участкалык уполномоченныйын, Жашы жетелек өспүрүмдөрдүн иштери боюнча тескөөчүнү, Милициянын кайгуул-күзөт кызматы башкармалыгынын кызматтык нарядын жиберүү.
5. Кылмыш (окуя) тууралуу аймактык органдын башчысына, жооптуу органдын жетекчилигине, ошондой эле жогорку нөөмөт бөлүмүнө (ЫЧБ) кабарлоо.
6. Милициянын наряддарын зомбулук жасоого шектелип жаткан адамды издөөгө багыт- тоо (эгер ал жашынып калган болсо);
7. Кылмыш (окуя) жасалган жерге, жабыр тарткан адамга кароо, текшерүү жүргүзүүдө зарылчылыкка жараша соттук медицина чөйрөсүндөгү тиешелүү профилдеги адистердин катышуусун камсыз кылуу, ошондой эле кылмышты (окуяны) ачуу үчүн кошумча күчтөрдү жана каражаттарды тартуу.
8. Зарылчылык бар болсо жабыр тарткан адамды (жабыр тарткан адамдарды) кечиктирилгис медициналык жардам көрсөтүү менен камсыз кылуу;
9. Кылмышты ачуу, кылмышты (окуяны) жасаган адамды аныктоо/кармоо боюнча зарыл чараларды кабыл алуу үчүн зарыл көрсөтмөлөрдү/багыттамаларды алуу максатында кылмыш жасалган жердеги бөлүмдүн кызматкерлери (жетекчилери), ыкчам тергөө тобу менен дайыма байланышта болуу.
10. Кабыл алынган чаралар тууралуу ИИОнун жетекчилигине кабарлоо жана андан ары алардын көрсөтмөсү боюнча аракеттерди көрүү.

Зарылчылыкка жараша нөөмөт бөлүмүнүн нөөмөттөгү кызматкеринин жардамчысы ИИОнун кызматкерлери келгенге чейин жабыр тарткан адамга/арызданууучуга колдоо көрсөтүүнү ишке ашырат (зомбулуктуу аракеттердин жасалышы жана алардын себеп- терине тийишпестен ар түрдүү мүнөздөгү сүйлөшүүлөр аркылуу).

Аялдарга жана балдарга карата зомбулуктуу аракеттер фактылары боюнча арыздарды/билдирүүлөрдү кабыл алууда (билдирүү жолунан көз карандысыз түрдө) нөөмөт бөлүмүнүн кызматкерлерине көтөрүңкү өкүм үн менен сүйлөөгө, арыз берүүчү, жабыр тарткан адам менен сүйлөшүүнү үзүүгө, зомбулуктуу аракеттердин кайсы гана түрү болбосун анын жасалышы боюнча жеке ойлорун айтууга жана өз жүйөөлөрүн билдирүүгө тыюу салынат.

Нөөмөт бөлүмүнүн кызматкери арыздарды/билдирүүлөрдү кабыл алууда, сүйлөшүүдө кунт коюп көңүл буруусу, сезимталдыкты жана токтоолукту көрсөтүүгө милдеттүү, себеби кайсы гана мүнөздөгү болбосун зомбулуктуу аракеттердин жасалышы арыз берүүчүнү/жабыр тарткан адамды психологиялык жаракаттарга кабылтуучу зыяндары менен коштолот.

- **Аялдарга жана балдарга карата зомбулук тууралуу арыздарды/билдирүүлөрдү алган учурда (сексуалдык, дене бойлук мүнөздөгү зомбулуктуу аракеттер, никеге туруу үчүн уурдоо, балдар ни- келери, үй-бүлөлүк зомбулук тууралуу) Милициянын участкалык уполномоченныйы милдеттүү:**

1. Зомбулук жасалган жерге эч кечиктирбестен барууга.
2. Зомбулукту токтотуу жана зомбулуктан жабыр тарткан адамдын жана башка адамдар- дын өмүрү же ден соолугуна карата келтирилген коркунучтарды четтетүү боюнча кечиктирилгис чараларды көрүүгө.
3. Окуя болгон жерге тергөө-ыкчам топтон мурда барган учурда окуя болгон жерди кай- таруу боюнча чараларды көрүүгө.
4. Тергөө-ыкчам тобунун же ыкчам кызматы бөлүнүштөрүнүн кызматкерлери окуя болгон жерге баруусу мүмкүн болбогон учурда кылмышты, укук бузууну ачуу жана иликтөө үчүн мааниге ээ боло турган кылмыштын издерин аныктоо, бекемдөө жана башка жагдайлар боюнча өз компетенциясынын алкагында кечиктирилгис аракеттерди жүргүзөт, окуяны өз көзү менен көргөн адамдардан жана күбөлөрдөн зарыл түшүнүк каттарды алат, андан кийин материалдарды тергөө-ыкчам тобунун жетекчисине өткөрүп берет.
5. Аныктайт:

- зомбулук жасалган ордун, убактысын жана жагдайларын;
- жабыр тарткан адамды (жабыр тарткан адамдарды) аныктоочу көрсөткүчтөрдү;
- зомбулукту болжолдуу түрдө жасаган адамды/адамдарды аныктоочу көрсөткүчтөрдү;
- зомбулуктун түрүн аныктайт (үй-бүлөлүк, башка);
- кылмышты жасады деп шектелип жаткан адамдын дене боюнда же кийиминде кандай издер калышы мүмкүн экендигин, алар калып алуусу мүмкүн болгон жерлер кайсылар жана алар кайсы даректе токтошу мүмкүн экендигин;
- кылмышты өз көзү менен көргөн адамдарды аныктоочу көрсөткүчтөрдү.

6. Жабыр тарткан адамга/мыйзамдуу өкүлдөргө кылмыштуу кол салуулардын обьектисиболгон дененин бөлүктөрүн жууганга жол берилбестигин, ошондой эле кылмыштын издерин табуу жана удаа эле кароо жүргүзүү үчүн кийимди сактап коюу зарыл экендигин эскертүү.
7. Кечиктирилгис медициналык жардамга зарыл болгон зомбулуктан жабыр тарткан адамдарды медициналык мекемеге жеткирүү үчүн чараларды көрөт, бул максатта ишканалардын, мекемелердин, жеке менчик формасындагы бардык уюмдардын, коомдук бирикмелердин же жарандардын транспорт каражаттарын колдоно алат, бир гана колдонулбайт – чет мамлекеттердин дипломатиялык, консулдук жана башка өкүлчүлүктөрүнө эл аралык уюмдарга тиешелүү транспорт каражаттары жана атайын багыттагы транспорт каражаттарды.
8. Өзүнүн компетенциясынын чектеринде зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга укуктук, биринчи (дарыгерге чейинки), медициналык жана башка жардамдарды көрсөтөт.

9. Жабыр тарткан адамдарга алар медициналык, укуктук, социалдык жана психологиялык жардам алууга укуктуу экендиктери тууралуу маалымат берет. Сексуалдык зомбулук болгон учур- да жабыр тарткан адамдарга/баланын мыйзамдуу өкүлдөрүнө байланышуудан кийинки алгачкы 72 сааттын ичинде жыныстык жол менен жугуучу инфекциялардын, ВИЧ-инфекциясынын жана кутүүсүз кош бойлуулуктун алдын алуу тууралуу маалымат берүү керек. Ошондой эле жабыр тарткан аялга/ балдардын мыйзамдуу өкүлдөрүнө психологиялык, юридикалык жардам алуу үчүн жана убактылуу жашоо кызматынан пайдалануу үчүн адистешкен борборлорго кайрылуу мүмкүнчүлүгү бар экендиги тууралуу маалымат берүүсү зарыл.

10. Жабыр тарткан адамдарга жардам берүү кызматтарынын байланышуу түйүндөрүн берет.

11. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарды коопсуз жайга кечиктирилгис түрдө жайгаштырууга зарылчылык пайда болгон учурда үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо бо- юнча ведомстволор аралык өз ара аракеттенишүү субьектилерине (жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары, социалдык өнүктүрүү, саламаттыкты сактоо, кризистик борборлор ж.б.) кайрылат.

12. Үй-бүлөлүк зомбулук жасалган учурда КРнын ИИМнин №763 буйругу менен 2020-жыл- дын 25-ноябрында бекитилген Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ишмердүүлүгүн уюштуруу жана жакшыртуу боюнча Нускамасында караштырылган аракеттердин алгоритмин сактоо зарыл.

13. Эгерде үй-бүлөлүк зомбулук окуяларында укук бузуулардын белгилери бар болсо, анда Милициянын участкалык уполномоченныйы КРнын Укук бузуулар тууралуу кодексинин талаптарына ылайык укук бузуу тууралуу протокол түзөт[18].

14. Мыйзамда бекитилгенге ылайык Милициянын участкалык уполномоченныйы үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча берилген убактылуу коргоо ордеринин шарттарын бузган үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды кармоону колдонууга укуктуу.

15. Укук бузуунун алдын алуу, зомбулук жасоого шектелип жаткан адамдын өздүгүн аныктоо максатында өзүнүн ыйгарым укуктарынын алкагында укук бузуу тууралуу иш боюнча өндүрүштү камсыз кылууда кийинки чараларды кабыл алат:

**1)** укук бузуучу тууралуу протокол толтуруучу жерге алып баруу;

**2)** жеке адамды кармоо;

**3)** алып келүү;

**4)** жеке тинтүү жүргүзүү жана транспорт каражатын, кичинекей идиштерди жана буюмдарды текшерүү;

**5)** ичимдик ичкен абалды, баңги заттарын, психотроптук каражаттарды жана башка маң кылуучу заттарды колдонгон абалды аныктоо үчүн күбөлөндүрүүдөн өткөрүү.

## 2-тиркеме. Балага карата зомбулук аныкталган учурдагы Балдар иштери боюнча тескөөчүлөрдүн аракеттеринин алгоритми[258]

- ***Балага карата зомбулук окуясы аныкталганда (же зомбулук тууралуу шек саноо пайда болсо) зарыл:***

1. Жабыр тарткан балдар менен сүйлөшүү эрежелерин сактоо менен балага колдоо көрсөтүү.
2. Ыкчам медициналык жардам көрсөтүү менен камсыз кылуу (зарылчылык бар болсо).
3. Коопсуздугун камсыз кылуу (зарылчылык бар болсо).
4. Буюмдук далилдерди сактоо боюнча чараларды көрүү (кийиминдеги тактарды, биологиялык материлдарды жуубаганга кеңеш берүү ж.б.).
5. Билим берүү мекемесинин жетекчисине зомбулук фак- тысы/шек саноо тууралуу эч кечиктирбестен маалымат берүү (оозеки, андан кийин жазуу формасында).
6. Таасир этүү чараларын кабыл алуу үчүн балдарды кор- гоо боюнча ыйгарым укуктуу органга окуя тууралуу те- лефон боюнча билдирүү, андан кийин үч күндүн ичинде жазуу жүзүндөгү маалыматты жөнөтүү.
7. Ата-энелерге же аларды алмаштыруучу адамдарга алар- дын баласына/ камкордугундагы балага карата зом- булуктун белгилери бар экендиги тууралуу маалымат берүү. Эгерде зомбулук жасаган адам/ зомбулук жасоого шектелип жаткан адам үй-бүлөнүн мүчөсү болсо (апасы, атасы, өгөй атасы, байкеси, агасы ж.б.), анда балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органга жана ички иштер органдарына баланы үй-бүлөдөн ыкчам түрдө алуу боюнча жардамдашуу зарыл.
8. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органга ба- ланы коргоонун жекече планын иштеп чыгууга жардам көрсөтүү.
9. Үй-бүлөлүк зомбулук фактысы аныкталган учурда Мый- замда караштырылган бардык чараларды көрүү, анын ичинде үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга жана баланын мыйзамдуу өкүлүнө убактылуу коргоо орде- рин берүү, аны менен кошо алардын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүү менен берүү үчүн бардык ка- раштырылган чараларды көрүү.
10. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын аракеттеринде зомбулуктун белгилери болгон учурда эч кечиктирбе- стен, рапорт аркылуу аймактык ИИОнун жетекчисине билдирүү жана аныкталган фактыны КРнын аймактык ИИОнун Кылмыштардын бирдиктүү реестрине (КБР[19]) Мыйзамга ылайык каттоо.
11. Алынган маалыматтын конфиденциалдуу сакталуусун камсыз кылуу үчүн чараларды көрүү.

Тергөөчүнүн же алгачкы текшерүү органынын өзүн- чө тапшырмасы боюнча Балдар иштери боюнча инспектор кылмыштын далилдерин чогултуу жана текшерүү боюнча бардык чараларды көрүүгө милдеттүү.

- ***Бала сексуалдык зомбулуктан жабыр тартканын аныктаган учурда же шек саноо пайда болгондо ал иши аймактык ИИОдо коштоодо кийинки эрежелерди сактоо зарыл:***

1. Баланын мыйзамдуу өкүлдөрүнө алгачкы байланыштан кийинки 72 сааттын ичинде жыныстык жол менен жугуучу инфекциялардын, ВИЧ-инфекциясынын жана күтүүсүз кош бойлуулуктун

[258] Бул Алгоритмди түзүү үчүн Кыргыз Республикасынын ИИОнун балдар иштери боюнча инспекторунун күндөлүк колдонмо китепчесинин материалдары колдонулду. Зомбулукка кабылган балдар үчүн укук тартибин жана сот адилеттигин сактоо стандарттык операциондук процедуралар. (Кыргыз Республикасынын ИИМнин иш тажрыйбасында колдонуу үчүн КРнын ИИМнин 11.10.2021-жылдагы №693 буйругу менен сунушталды). Бишкек, 2021. 7-49 Б.

алдын алуу саламаттыкты сактоо органдарында акысыз түрдө жүргүзүлөрү туура- луу милдеттүү түрдө маалымат берүү.
2. Бала менен сүйлөшүү мыйзамдуу өкүлүнүн (ата-энеси нин же аларды алмаштыруучу адамдардын, жакынкы туугандарынын), педагогдун, психологдун катышуусун- да жүргүзүлүүсү керек. Зомбулукту жасоого ата-энеси же мыйзамдуу өкүлдөрү шектелип жатса, алардын ордун Социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын социалдык кызматкери, үй-бүлөнү жана балдарды коргоо органы- нын адистери (ҮББКО) алмаштырып туруулары зарыл.
1. Буюмдук далилдерди сактоо үчүн чараларды кабыл алуу зарыл (тактар сакталып калган кийимдер, ич кийим, кылмышты жасоо үчүн колдонулган предметтер ж.б.).
2. Баланы жуундуруп салууга же болбосо кандын тактарын жана башка биологиялык буюмдарды жууп салууга жол бербөө.
3. Бала менен сүйлөшүүдө үндүн тондун ак ниеттүү маа- найда акырын чыгуусун сактоо жана тергөөчүнүн, муга- лимдин/психологдун катышуусуз зомбулукка тиешелүү суроолорду бербөө.
4. Жабыр тарткан баланы шектелип жаткан адам менен бардык капыстан же капыстан эмес түрдө жолуктурууга тыюу салынат ж.б. Ал тургай коридордо, иш бөл- мөлөрүндө ж.б. капыстан жолугуп калууларынын алдын алып, буга таптакыр жол бербөө зарыл.
5. Жабыр тарткан баланын кызыкчылыктарын сактоо мак- сатында жабыр тарткан бала жана зомбулуктун жагдай- лары тууралуу маалыматты өзгөчө катуу сактоо.
6. Жабыр тарткан баланын кайрадан виктимизациялануусуна жол бербөө, балага карата басмырлоочу, этибарсыз же сыйлабаган жүрүм-турумдарды четтеттүү.

- ***Балдар иштери боюнча инспекторлор жабыр тарткан балага карата кандай аракеттерди жасабашы керек?***

Балдар иштери боюнча инспекторлор тер гөө жана эксперттик органдардын функци- яларын өздөрүнө албоолору керек жана зомбулук актысы чындыгында болдубу же жокпу аныктоого аракет кылбоолору зарыл. Алардын негизги милдети балага жардам берүү, тиешелүү органдарга билдирүү жиберүү жана зомбулуктун кайталануусуна .

### 3-тиркеме. Саламаттыкты сактоо системасынын кызматкеринин аракеттеринин алгоритми

1. Ар бир агрессор тарабынан сексуалдык зомбулуктан жабыр тарткан аялдарга биринчи жардам көрсөтүү, тактап айтканда:
• аялдын тынчын алып жаткан көйгөйлөрдү чечүүгө иш жүзүндө жардам жана колдоо көрсөтүү, ошол эле учурда өзүн тажатма жүрүм-турумда алып жүрбөө;
• аялды угуу, бирок маалымат жөнүндө билдирүүгө же жооп берүүгө мажбурлабоо;
• бейтаптын тынчсыздануусун жеңилдетүү же азайтуу үчүн аны түшүнүү же колдоо көрсөтүү;
• кардарга социалдык кызматтар жана жардам берүү кызматтары жөнүндө маалымат берүү жана аларга кайрылуусуна жардам берүү.
2. Кайсы кийлигишүү типтери орундуу болорун аныктоого жардам бере турган окуянын жүрүшүнүн баарынын толук жалпы анамнезин түзүү жана толук медициналык текшерүү жүргүзүү (башынан бутуна чейин гениталияларын кошкондо).
Анамнез кийинки маалыматтарды камтуусу керек:
• кол салуудан кийинки убакыт аралыгын жана кол салуунун тибин;
• кош бойлуу болуп калуу коркунучу;
• ВИЧ жана башка инфекциялар жугуп калуу коркунучу;

Жыныстык жол менен жугуучу (ЖЖЖ);
- психикалык ден соолугунун абалы.

3. Сексуалдык зомбулуктан жабыр тарткан аялдарга жана жардам сурап кайрылгандарга ыкчам контрацепция каражаттарын сунуш кылуу, сексуалдык зомбулук эпизодунан кийин 5 күндүн ичинде – идеалында сексуалдык зомбулук эпизодунан кийин дароо бул каражаттардын натыйжалуулугун максималдаштыруу үчүн болушунча тезирээк берүү.
4. Эгер аял сексуалдык зомбулук эпизодунан кийинки алгачкы 72 сааттын ичинде медициналык жардам сурап кайрылса, катнаштан кийин ВИЧтин алдын алуу мүмкүнчүлүгүн караштыруу. Катнаштан кийин ВИЧтин алдын алуунун максаттуулугу жөнүндө чечимди дарыгер жана аял чогуу кабыл алуулары зарыл. Сексуалдык зомбулуктан жабыр тарткан аялдарга жыныстык жол менен жугуучу оорулардын алдын алуучу каражаттар сунуш кылынуусу керек.
5. Оор стрессти жеңүү стратегиясы жөнүндө басма маалыматты берүү (эгерде үйдө агрессиядүү өнөктөш бар болсо, үйгө басма материалдарды алып келүү кооптуу экендиги жөнүндө эскертүү менен коштолот).
6. Зомбулук эпизодунан кийин 1-3 айдын ичинде «динамикалуу байкоо жүргүзүү» усулун колдонуу, бул кийинки учурлардан сырткаркы бардык учурларда колдонулат: кардар депрессияда болсо, ичкиликти же баңги заттарын ашыкча колдонуп жатса, суицидке же өзүнө зыян алып келүүгө жакындык бар болсо же күнүмдүк милдеттерин күч менен аткарып жатса.
7. Интимдик өнөктөшү тарабынан зомбулук жасалып жаткандыгын билдирген боюнда бар аялдарга алардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жанаадвокация/колдоо көрсөтүү боюнча, анын ичинде коопсуздугун камсыз кылуучу компонент дагы берилет, мунун баары бул кызматтарды квалификациялуу жеткирүүчүлөр тарабынан берилүүсү зарыл, кыска жана орто узактыктагы (12 консультацияга чейин) курс сунуш кылынуусу керек.

### 4-тиркеме. Балага карата зомбулук аныкталган учурда балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамилекеттик органдын кызматкеринин аракеттеринин алгоритми

1. Зомбулукка кабылган баланы аныктоо.
2. Үй-бүлөдөгү кырдаалга ар тараптуу баа берүү.
3. Үй-бүлө менен жекече иштөө планын түзүү.
4. Баланы коргоо боюнча иш-чаралардын планын түзгүлө (баланы коргоо боюнча жекече план).
5. Зомбулукка кабылган балдарды коргоо боюнча иш-чаралар жөнүндө чечимдерди кабыл алуу.
6. Кабыл алынган чечимдерди жана пландаштырылган иш-чараларды ишке ашыруу (балдарды коргоо боюнча жекече план).
7. Баланын андан наркы жашоосуна мониториг жүргүзүү менен камсыз кылуу.

### 5-тиркеме. Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук жөнүндө маалымат келип түшкөн учурда бейөкмөт уюмдарынын кызматкерлеринин аракеттеринин алгоритми

1. Укук бузуу жөнүндө билдирүүнү каттатуу үчүн маалыматты ички иштер органдарына өткөрүп берүү.
2. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органга маалымат берүү (зомбулук болгон үй-бүлөнүн балдары болсо).
3. Медициналык жардам алууга жардам берүү.
4. Социалдык кызмат көрсөтүүлөрдөн алуусуна жардам берүү (зарылчылыкка жараша – баш калкалоочу жай).

5. Адвокаттык кызмат көрсөтүү жардамы менен камсыздоо.

### 6-тиркеме. Зомбулуктан жабыр тарткан баланын укуктарын коргоо иши боюнча чакырган учурда Мамлекет кепилдеген акысыз юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттын аракеттеринин алгоритми

1. Мыйзамдуу өкүлдөрү барбы, туугандыгынын деңгээлин, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын өкүлү катышып жатабы текшерүү.
2. Кылмыштын издерин фикциялоого (каттоого) жардам берүү.
3. Психологиялык, социалдык колдоо көрсөтүүгө жардам берүү.

### 7-тиркеме. Балага карата зомбулук фактылары аныкталган учурда билим берүү мекемесинин жетекчисинин аракеттеринин алгоритми

1. Дароо токтоосуз түрдө чара көрүүсү үчүн ИИОго жана билим берүү башкармалыгына (бөлүмүнө) телефон аркылуу билдирүү, ошол эле күнү же болбосо кийинки иш күнүнөн кечиктирбестен аталган мамилекеттик органдарга жазуу жүзүндөгү маалыматтарды жиберүү.
2. Балага келтирилген жаракаттардын себептерин жана ага психологиялык жардам көрсөтүү максатында зомбулуктан жабыр тарткан балага билим берүү мекемесинин мугалим психологунун консультациялык жардам берүүсүн тапшыруу.
3. Эгерде балага карата зомбулук үчүнчү тараптар тарабынан жасалса, анда токтоосуз түрдө ата-энелерге, камкорчуларга, көзөмөлчүлөргө балага карата зомбулуктун (фактынын) белгилери жөнүндө маалымдоо.

### 8-тиркеме. Үй-бүлөлүк зомбулук менен байланыштуу иштер боюнча алгачкы процедуралардын жүрүшүндө жана мындай иштерди иликтөөдө соттор жана прокурорлор үчүн аракеттердин алгоритми [259]

- ***Прокурорлор иликтөө жүрүп жаткан мезгил аралыгында:***

1. Жабырлануучу менен жолушкан учурда анын тынчсызданып турган абалынын белгилерин билүүгө жана таанууга, байкап билүүгө; кайрадан виктимизациялануусуна жол бербөөгө; жабырлануучунун ишти алып баруу тапшырмасын алган прокурор кайсы жыныстын өкүлү болуусу керек экендиги тууралуу оюн билүү жана/же жабырлануучунун сүйлөшүүнү (суракка алууну) аял жынысындагы кызматкердин, үй-бүлө мүчөсүнүн, дос кызынын же бейөкмөт уюмдун өкүлүнүн катышуусунда аңгемелешүүнү жүргүзүү боюнча каалоолорун билүү.
2. Иликтөө жана далилдерди чогутуу процессинин мыйзамдуулугуна көзөмөл жүргүзүүнү жана тергөөчүлөр кылдаттык менен иштеп жатышабы жана алар адам укуктары чөйрөсүндөгү стандарттарды сактап жатышабы көзөмөл жүргүзүүнү ишке ашыруу, бул аркылуу соттук териштирүүнүн жүрүшүндө жабырлануучунун/күбөлөрдүн далилдеринен булар жападан жалгыз

---

[259] Ушул Окуу куралынын 9-11- тиркемелери үчүн үй-бүлөлүк зомбулук иштери боюнча соттор жана прокурорлор үчүн Аракеттер алгоритмин түзүү үчүн «Аялдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгү: Юридикалык кесиптеги адистер үчүн окуу куралы» маалыматтык бюллетенинин материалдары колдонулду, Европа биримдиги жана Европа Кеңеши биргелешип каржылаган долбоордун алкагында д-р Ш.Чаудри даярдаган (Мария ханышанын Лондон университетинде профессор укугуна ээ) . – Киев (Украина), октябрь 2018-ж. // Кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://rm.coe.int/methodology-womens-access-to-justice-ru-pgg/16809c828c Кайрылуу датасы 05.05.2022-ж.

далилдер катары көз каранды болуусунун деңгээлин азайтуу. Прокурорлор ИИО менен конструктивдүү кызматташуулары керек жана кылмыштын курамынын элементтерин далилдөө үчүн иликтөөнүн тиешелүү усулдарын кандайча колдонуу керек экендиги тууралуу көрсөтмө берүү. Гендердик стереотиптердин далилдерди чогултууга жана иликтөөгө таасирин тийгизүүсүнө жол бербөө.

3. Өзүнүн чечимин кылмыштын олуттуулугун жана сынчыл талкууга алуу мүмкүн экендигин пайдаланып колдо бар бардык далилдер менен негиздөө. Чечимдерди кабыл алуу прокурордун көрсөтмөсү менен гана чектелбеши зарыл, айрым мындай көрсөтмөлөрдө гендердик зомбулуктун үй-бүлөлүк зомбулук же аңдуу, артынан түшүү сыяктуу формалары башка кылмыштарга караганда азыраак маанилүү, «үй-бүлөлүк же жеке иштерге» тиешелүү жана коом үчүн коркунуч жаратпайт деген сүрөттөлөр орун алып жатат. Мындай кабыл алынуучу чечимдер «чыныгы жабырлануучулардын» сапаттары же зомбулуктун жабырлануучуларынын «туура жүрүм-туруму» жөнүндөгү стереотиптик көз караштарына негизделбеши зарыл.

- ***Соттор гендердик аспектти эске алган ыкманы колдонууну камсыз кылуу максатында ар түрдүү чараларды колдонуулары мүмкүн:***

1. Жарандык процесстин алкагында зомбулук жасаган адамдын укуктарын чектөө жөнүндөгү сот актыларын ыкчам кабыл алуу. Мындай актыларды кабыл алуу жөнүндө угуулар соттун үй-бүлөлүк зомбулук окуяларына мамлекет тиешелүү көңүл буруп жаткандыгын көрсөтүүсү жана ага талапка ылайык түс берүүсү үчүн маанилүү биринчи мүмкүнчүлүк болуп эсептелет.

2. Жабырлануучулардын/күбөлөрдүн укуктарын жана ар намысын коргоо жана кайрадан виктимизациялоого жол бербөө максатында кылмыш-жаза процессинин баштапкы этаптарында дискрециялык ыйгарым укуктарын колдонуу, мисалы, эгер иш сексуалдык зомбулук жөнүндө болсо, жабык угууларды жүргүзүү жана конфиденциалдуулукту сактоо талаптарын сактоо аркылуу; иликтөөнүн бардык этабында жабырлануучулардын/күбөлөрдүн укуктарынын, кызыкчылыктарынын жана өзгөчө талаптарынын корголуусун талап кылуу, анын ичинде жабырлануучуларга зомбулук актысын жасаган адам менен байланыштуу потенциалдуу коркунучтар жөнүндө маалымат берүү, жабырлануучунун укуктары жана көрсөтүлө турган жардамдар жөнүндө маалымат берүү, ошондой эле жабырлануучу менен айыпкердин ортосундагы байланыштын алдын алуу боюнча чараларды көрүү.

3. Жарандык иштер боюнча кыраакылыкты көрсөтүү. Соттор тынчтык жолу менен жөнгө салуунун орундуулугу жөнүндө суроону карап чыгуулары керек жана иш тынчтык жолу менен бүтүрүү максатында аялга кысым көрсөтүлбөөсүнө өтө кылдаттык менен байкоо жүргүзүүлөрү зарыл.

4. Иликтөө жана далилдерди чогултуу этаптарындагы ишти кечиктирилүүсүнө жол бербөө (өзгөчө соттук-медициналык экспертизаны чогултууга жана текшерүүгө карата), бул соттук териштирүүнү жана чечимдерди чыгарууну коркунучка алып келет. Аялдарга карата зомбулук учурунда жалпы кабыл алынган тиешелүү тажрыйба тездетилген өндүрүштү колдонуу болуп эсептелет (мисалы, артыкчылыктуулук принцибин эске алуу менен).

5. Эгер жабырлануучу же күбө сотто карама-каршылыктуу көрсөтмөлөрдү берсе, аны чечтетүү максатында, көрсөтмөлөрүнүн эмнеге өзгөрүп жатканынын себептерин аныктоо үчүн сот аны конфиденциалдуу (анонимдүү) тартипте суракка алуусу керек (мисалы, жабырлануучу же күбө соттолуучу тарабынан кысымга/коркутууларга кабылуусу мүмкүн; мындай учурда сот зарылчылыкка жараша соттолуучуну сот жыйыны залынан чыгарып сала алат).

- ***Кылмыштык иликтөөнү жабырлануучунун кызыкчылыктарына багытталган ыкманы колдонуу менен ишке ашыруу***

1. Үй-бүлөлүк зомбулукка байланыштуу укук бузууларга карата иликтөө же соттук териштирүү жабырлануучу тарабынан берилген даттануулардан жана арыздардан толугу менен көз каранды болбоосу зарыл. Жана эгер жабырлануучу өз арызын же даттануусун артка кайтарып алган учурда дагы улантылгандай болуусу керек.
2. Үчүнчү тараптардын көрсөтмөлөрүн жана кошумча далилдерди колдонуу. Аялдарга карата зомбулук окуяларында колдонулган кошумча далилдердин жана үчүнчү тараптардын көрсөтмөлөрүнүн көбүрөөк жайылган түрлөрүнө кирет: полиция кызматкерлеринин арыздары; кошуналарынын же башка күбөлөрдүн арыздары; тез жардамдын/милициянын нөөмөт бөлүмүнүн чакырууларынын катталуусу; дене боюнча келтирилген жаракаттардын жана зомбулук жасалган жердин сүрөттөр; медициналык карталар/отчеттор; мурунку окуялардын тарыхы (мисалы, зомбулук жасаган адамдын мурунку кылмыштык иши, мурунку коргоо ордерлери, айып пулдар); кылмышкердин жабырлануучуга жиберген билдирүүлөрү; кылмышкердин репутациясынын начардыгынын далили; жана экспеттердин зарыл күбөлөндүрүүлөрү жана көрсөтмөлөрү, тактап айтканда зомбулуктун жабырлануучу үчүн зыяндарын, жабырлануучунун жалпы жүрүм-турумун жана реакциясын түшүндүргөн экспеттердин зарыл күбөлөндүрүүлөрү жана көрсөтмөлөрү.

- ***Жабырлануучу менен иш алып барууда сезимталдуулукту көрсөтүү***

1. Жабырлануучунун алдыда өтө турган сот процессиндеги өз ролун түшүнүүсүн камсыз кылуу үчүн жана аны үчүн пайда боло турган тобокелчиликтерди (коркунучтарды) минималдуулукка чейин түшүрүү жаатындагы прокурордун аракеттерин камсыз кылуучу чараларды көрүү зарыл. Иштин материалдарында жабырлануучунун так жана баарын камтыган арызынын болуусун камсыз кылуу, бул эгерде күбө сотто көрсөтмөлөрдү бербесе далил катары колдонулуусу мүмкүн жана жабырлануучуну болуп өткөн окуяга тиешелүү керексиз жана кайталанган окуялардан сактайт.
2. Сотто далилдерди, өзгөчө жабырлануучу үчүн эмоционалдык жаракат жана стресс келтирбестен көрсөтүүнүн усулдарын кылдат ойлонуштуруу зарыл, ошондой эле тажатма жана кайталанма суракка алууну жүргүзө берүүдөн качуу керек. Мисалы, далил катары көрсөтмөлөрдүн алдын ала жаздырылып алынган видео жаздыруусун көрсөтсө болот. Же болбосо көрсөтмөлөрдү башка турак жайдан видеобайланышуу же видео көзөмөл жүргүзүү системасынын жардамы аркылуу берүү жөнүндө көрсөтмө/сунуштама чыгаруу, же талап коюу керек.
3. Коргоочу тарабынан так эмес, адаштыруучу же ар намысын басынткан далилдер келтирилүүсү мүмкүн экендигине даяр болуу зарыл. Мисалы, бардык жарандык же кылмыш иштеринде жабырлануучунун сексуалдык мамилелер жана жүрүм-турум тажрыйбаларына тиешелүү далилдер алар «иштин мазмунуна тиешеси бар болсо жана зарыл болгон» учурда гана уруксат берүү үчүн чараларды көрүү.
4. Далилдөөнүн кийинки үч эрежесинен алыс болуу керек, себеби булар гендердик стереотиптерге негизделген:

− *Жабырлануучудан окуя жөнүндө тез (ыкчам түрдө) билдирүүсү керек болчу экендигин талап кылуу* (мисалы, боулп өткөн окуя жөнүндө арызды кеч берүү жабырлануучунун көрсөтмөлөрүнүн чындык экендигинен күмөн саноого негиз болуп саналат).

− *Кошумча далилдерди көрсөтүүнү талап кылуу,* айыптоочу өкүмдү жабырлануучунун көрсөтмөлөрүнүн негизинде гана чыгарууга тыюу салат жана анын көрсөтмөлөрүн кошумча далилдер менен бекемдөө боюнча юридикалык милдеттенмени караштырып коёт. Башка зомбулуктуу кылмыштарды кароо боюнча далилдөө эрежелери менен салыштырып алып караганда, бул сексуалдык зомбулуктун жабырлануучусуна жүктөлгөн далилдөө түйшүгүн жогорулатат.

− *Жабырлануучунун сексуалдык тажрыйбаларынын негизинде көрсөтмөлөрдүн так экендигине күмөн саноо стереотип болуп саналат,* бул стереортипке ылайык максаттуу, ак жүргөн жана тартиптүү аял көбүрөөк ишенимге ээ болот. Бул мааниси боюнча аны соттолуп жаткан кылмышкер менен теңеп коюуга алып келет, себеби сот процессинде көңүлдүн баары айыпкердин кылмыштуу аракеттерине эмес, аялдын жүрүм-турумун талкуулаганга өтүп кетет.

5. Дагы бир сексуалдык зомбулук жөнүндө гана иштерде колдонулган, кыйынчылыктарды жараткан далилдердин тиби – бул күч колдонуу же дене бойлук күрөштүн тактары жана издери. Далилдөөгө карата бул талап жаңылыш көз караштар менен шартталган, ага ылайык бир гана аял каршылык көрсөткөн болсо гана сексуалдык зомбулук болду деп эсептешет.

6. Прокурорлор зомбулуктун бул формасын жана анын мүнөзүн көрсөтүүлөрү жана далилдөөлөрү керек, мисалы зомбулуктун циклдүүлүгүн, ошондой эле алардын аялдарга тийгизген таасирин. Алар ишти иликтөөдө жабырлануучунун аракеттериндеги бири-бирине каршы келип жаткан сыяктуу нерселердин себептерин аныктоолору керек, ошондой эле стереотиптүү көз караштардын орунсуздугун далилдөө жана өз көз карашын дагы стереотиптик талкуулоо, көз караштарга негиздебөө үчүн фактыларды, далилдерди жана статистикалык көрсөткүчтөрдү колдонуусу зарыл.

## 9-тиркеме. Үй-бүлөлүк зомбулук менен байланыштуу иштерди иликтөөдөгү жана биринчи процедуралардын жүрүшүндөгү соттор жана прокурорлор үчүн аракеттердин алгоритми

### *9.1. Коопсуздук суроолору боюнча жана тобокелчиликтерди (коркунучтарды) минимизациялоо.*

1. Прокуратуранын жана соттун мекемелеринде тийиштүү коопсуздукту камсыз кылуу үчүн чаралар көрүлүшү керек, куралы барбы же жокпу тактоо үчүн сырткы тинтүү жана мындай суроолор жана аялдарга карата зомбулуктун динамикасы сыяктуу суроолор боюнча коопсуздук кызматынын кызматкерлерин даярдоо.

2. Үй-бүлөлүк зомбулукка тиешелүү териштирүүлөрдүн жүрүшүндө соттор болжолдуу кылмышкер тарабынан жабырлануучуну коркутууга же сот процесси менен манипуляциялоого багытталган тактикалар колдонулушу мүмкүн экендигин жөнүндө маалымдар болушу керек.

3. Аялдарга карата зомбулук менен байланыштуу процесстердин аяктаганга чейин эгер кылмышкер камакка алынбаган болсо, тараптардын ортосунда убакыт аралыгы болушу керек, бул деген жабырлануучунун биринчи чыгып кетүүсүнө жол берүү, зарылчылык бар болсо, кайтаруу кызматынын коштоосунда (сот приставынын) кетүүсү камсыз кылынуусу керек дегенди түшүндүрөт.

4. Прокурорлор, соттор сот процессине катышкан аялдар менен, өзгөчө зомбулуктун жабырлануучулары менен алардын коопсуздуктарын жана үй-бүлөлөрүнүн коопсуздуктарын камсыз кылуу боюнча пландарды чогуу талкуулоолору керек.

5. Прокурорлорго сот процессинин этаптарын жана жабырлануучу/күбө убактылуу коргоо ордерин алуу үчүн арыз жазганбы билүү керектигин түшүндүрүү зарыл (эгер жок болсо), үй-

бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын укуктарын чектөө боюнча сот актыларын чыгарылганбы (тактап айтканда чогуу жашап жаткан турак жайдан улактылуу чыгарып салуу өтүнүчү, жашы жетелек өспүрүм балдары менен байланышуу бөлүгүндө ата-энелик укуктарын чектөө ж.б.), ошондой эле ал сот процессинин жүрүшүнүн бардык учурунда өз коопсуздугун камсыз кылуусу үчүн кабыл алына турган аракеттерди талкуулоо зарыл экендигин дагы прокурорлорго түшүндүрүү керек. Тактап айтканда, кылмышкердин эркиндикте калуусу мүмкүн экендигин жабырлануучу менен талкуулоо керек, буга кошумча ачык сот жыйындарынын алкагында жеке коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө маалымат берүү зарыл.

6. Иш тажрыйбасы бар юристтер зомбулуктун жабырлануучуларына жергиликтүү социалдык кызматтар жана колдоо көрсөтүүчү уюмдар жөнүндө маалымдоочу маалыматтарды берүүгө жана аларды бул сыяктуу уюмдарга жөнөтүүгө даяр болуулары керек.

7. Прокурорлор жана соттор соттук териштирүүнүн жүрүшүндө зомбулукту эскалациялоо тобокелчилигин жана бул тобокелчиликти (коркунучту) башкаруу максаттарында тобокелчиликтерге (коркунучтарга) баалоо жүргүзүүгө милдеттүү, ошондой эле укук адилеттиги системасы талап кылган көзөмөлдөө жана кийлигишүү деңгээлин аныктоого дагы милдеттүү.

8. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдардын айрым жарандык укуктарын чектөө жөнүндө актыларды чыгаруу боюнча угуулардын жүрүшүндө актынын мазмунун аныктоо максатында, соттор ички иштер органдарынан (ИИО), балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдан мисалы балдарына барууга чектөө киргизүү актысынын мазмунун аныктоо максатында тобокелчиликтерди (коркунучтарды) баалоо үчүн үй-бүлөдөгү кырдаал жөнүндө корутунду сурашы зарыл.

9. Тобокелчиликтерди (коркунучтарды) баалоо т.а., ИИО тарабынан көзөмөлдөө үзгүлтүксүз түрдө аткарылып туруусу керек, себеби тобокелчиликтин деңгээли динамикалуу жана сот процессинин жүрүшүндө өзгөрүп туруусу мүмкүн; ошондой эле мындай тобокелчиликтерди баалоо жабырлануучунун өзүнүн катышуусу менен ишке ашуусу зарыл. Ошондой эле, үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучулары менен иштеген бардык адистер тобокелчиликтерди баалоо үчүн критерийлердин жалпы топтомун колдонуулары абдан маанилүү (ведомстволор аралык ыкма).

10. Иш тажрыйбасына ээ дайыма иш алып барып жүргөн юристтер аялдарга карата зомбулук окуяларын аныктоого жана аларга көңүл бурууга багытталган кадамдарды кабыл алуулары мүмкүн, мисалы, аялдарга карата зомбулук жөнүндө иш боюнча иштердин топтомун маркировкалоонун жардамы менен, мындай кадамдар иштин кылдат, максималдуу түз, ыкчам, тез алып барылуусун камсыз кылууга жардам берет.

***9.2. Жыйындарды пландаштыруу жана сот залын уюштуруу суроолору боюнча***

1. Жабырлануучу үчүн коопсуз, өзүнчө жана ыңгайлуу имараттын ичи тандалып алынуусу керек.
2. Соттун имаратында сот процессинин катышуучулары үчүн өзүнчө зона бар болуусу зарыл.
3. Соттун имаратында балдарды багуу үчүн шарттар уюштурулуусу зарыл.
4. Аялдарга сотто адвокаттын же аялга колдоо көрсөткөн адамдын коштоосунда болуусуна уруксат берүү.

***9.3 Жабыр тарткан аялдарга алардын укуктары жана колдоо колдоо, жардам кызматтары жөнүндө маалымат берүү суроолору боюнча***

1. Прокурорлор жана соттор жабырлануучуларга алардын укуктары жана колдоо, жардам көрсөтүү кызматтары жөнүндө конкреттүү маалыматты берүүлөрү зарыл.

2. Прокурорлор зомбулуктун жабырлануучуларына кылмыш процессиндеги мамлекеттин ролу жөнүндө жана бул процесстин жүрүшүндө зомбулуктун жабырлануучусу ала турган жардамдар жөнүндө маалымат берүүлөрү зарыл.
3. Гендердик себептерден улам жабырлануучулар алардын укуктары жөнүндө, так маалыматтарды алуулары керек, анын ичинде зыян келтиргендиги үчүн компенсация талап кылуу укугу жөнүндө, зомбулук жасаган адамдын жарандык укуктарын чектөө талаптары менен чогуу, өз укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо жөнүндө сотко кайрылуу жөнүндө, алдын ала угуулардын жүрүшүндө, ошондой эле негизги, көрсөтмөлөрдү бербөө укуктары жөнүндө так маалыматтарды алуулары зарыл.
4. Эгер алар аныкталган бир критерийлерге туура келсе, мамлекет тарабынан кепилденген акысыз юридикалык жардам алуу жана башка жардамдарды алууга укуктуу экендиги жөнүндө маалымат берүү. Мындай маалымат алар биринчи болуп укук коргоо системасына кайрылганда эле алуулары керек, т.а, мындай маалыматты ИИОдон алуулары керек экендигине карабай, прокурорлор буга алгачкы сүйлөшүүлөр башталган учурда эле көңүл буруулары зарыл жана жабырлануучу балким кайрылууну каалоосу мүмкүн болгон ресурстар жөнүндө айтып берүүсү зарыл. Адатта аялдардын укуктары жана юридикалык жардам көрсөтүүнү уюштуруу чөйрөсүндө адистешкен бейөкмөт уюмдары, аялдарга берилүүчү өздөрүнүн кызмат көрсөтүүлөрү жөнүндө маалыматтык брошюраларды даярдай алышат. Мындай маалымат өлкөнүн аялдардан турган калкы тарабынан колдонулган мамлекеттик, расмий жана башка тилдерде даярдалуусу керек, ошондой эле көзүнүн көрүүсү начар адамдар үчүн дагы жеткиликтүү болушу керек (мисалы, Брайля шрифти менен берилген).
5. Аялдарга карата зомбулук окуяларында соттор жабырлануучуларды өкүм чыгаруунун жыйынтыктары, балким жабыр тарткан аял же анын үй-бүлөсү коркунучта болуп калса, аны камакка алуу механизмдери жана бул механизмдердеги бардык өзгөрүүлөр жөнүндө маалымат берүүлөрү керек (мисалы, айыпкерди мөөнөтүнөн мурда же убактылуу бошотуу же айыпкердин качуусу жөнүндө).

**9.4. *Сот процессинин күбөлөрү жана катышуучулары жөнүндө өз ара аракеттенишүү суроолору боюнча***

- ***Зомбулуктан жабырлануучу – аялга карата:***

1. Аялдарга карата зомбулук көпчүлүк учурда жеке жашоодо орун алат жана мындай зомбулуктун зыяндары жабыр тарткан адамдын абалына олуттуу таасирин тийгизет. Судьялар жана прокурорлор зомбулуктун бул тибинин өзгөчөлүктөрүн, аялдарга карата зомбулуктун табиятын жана анын жабыр тарткан адамга, алардын балдарына жана жалпы эле үй-бүлөгө тийгизген таасирин түшүнүүлөрү керек.
2. Жабырлануучуга колдоо, боорукерликти билдирүүдөн коркпош керек жана ага келтирилген жаракатты минимумга түшүрүү үчүн жана анын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн бардык күч аракеттер жумшаларын түшүндүрүү зарыл.
3. Ар башка жабырлануучу тергөөгө катышкандан жана соттук териштирүүлөрдө ар кандай реакция кыларын эске алуу керек, ошондуктан жабырлануучу көрсөтмө берип жаткан учурда көрсөткөн эмоционалдуулуктун деңгээлинин негизинде алынган көрсөтмөлөрдүн тактыгына баа берип талкууга албоо зарыл.

- ***Балдарга - зомбулуктун күбөлөрүнө карата:***

1. Дене бойлук зомбулук түздөн түз жасалбаган балдар виктимизацияга кабылышкан жок же келечекте зомбулук тобокелчилигине (коркунучуна) кабылбайт деген божомол чыгарууга болбойт. Үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө иштер укук коргоо системасы тарабынан каралып баштаган соң дароо коркунучтун деңгээли жогорулайт, ал эми айыпкерлер болсо зомбулуктун көбүрөөк ырайымсыз формаларын колдонушат же аны балдарга багытташат.
2. Зомбулук коркунучун баланын мыкты кызыкчылыктары көз карашынан кылдат иликтөө керек, ошондой эле эки тараптын тең ата-энелик укуктары дагы бирдей каралуусу зарыл.

- ***Көп түрдүү басмырлоого кабылган аялга карата:***

1. Соттордун жана прокурорлордун көп түрдүү/кайчылаш басмырлоого кабылган топторго кирген аялдар менен өз ара аракеттенишүү усулдарына өзгөчө көңүл буруу керек, себеби ар бир аялдын тажрыйбасы жекече болуп эсептелет. Мисалы, этникалык тиешелүүлүк, социалдык-экономикалык макамы (анын ичинде жалгыз бой эне макамы, ВИЧ-жуктурган апа макамы ж.б.), алыскы же айыл жергесинен келүүсү, майыптуулугу, аял кабылган баш калкалоочу жай издеп жаткан качкын макамы аны өзгөчө аярлуу абалга калтырат.
2. Азчылыктарга тиешелүү аялдар сот адилеттигине кайрылганда көп учурда кийинкидей факторлордон кошумча тоскоолдуктарга кабылышат, мисалы колдоо көрсөтүү кызматтарынан, укуктук жардамдан, укук коргоо органдарынан жана соттордон, маданий жана тилдик тоскоолдуктар, «айыбын ачат» деген коркунуч жана юридикалык зыяндары (иммигрант деген макамга ээ аялдар үчүн бул депортациялоо коркунучун алып келүүсү мүмкүн; ВИЧ менен жашаган аялдар үчүн бул «ачыкка чыгып калуу» жана басмырлоо, репрессиялар болушу мүмкүн деген коркунуч) дене бойлук же географиялык жактан четтөө.
3. Аялдардын конкреттүү топтору жөнүндө жана азчылыктарга тиешелүү аялдар жөнүндө стереотиптерге таянып кереги жок, өзгөчө мындай стереотиптер гендердик зомбулукту актаса.
4. Азчылыктарга тиешелүү аялдар кабылган өзгөчө жагдайларга, анын ичинде алар өсүп чоңойгон маданий чөйрөгө өзгөчө түшүнүү менен мамиле кылуу, мынндай маданий өзгөчөлүктөр же салттар менен коштолгон шарттар адам укуктарынын бузулуусуна көздү жумуп коюуга негиз болбошу зарыл.

**9.5. *Соттук териштирүүлөрдүн жүрүшүндөгү жаңылыш көз караштар жөнүндө суроолор боюнча.***

Муну жасоого таптакыр жол берилбейт:
1. Кайрылууларды кылдатсыз жана/ же орунсуз колдонууга (мисалы, аял жынысындагы адамдарга багытталган «кыздар» деген кайрылуу жана «эркектер» эркек жынысындагы адамдарга; аялга «кымбаттуу», «кымбатуум», «кыз» жана ж.б., ошондой эле көпчүлүк учурда мисалы «төрага», «жетекчи» сыяктуу аныкталган бир кесипти же аныкталган бир кесипти ээлеген эркектер менен ассоциалашкан бир тараптуу гендердик жактан адистешкен түшүнүктөрдү колдонуу).
2. Аялга ушундай эле кырдаалда эркек өзүн кандай сезмек эле же эмне кылмак экендиги боюнча баа берүүгө.
3. Аялга «нормалдуу аял» өзүн кандай сезмек экендигине салыштырып баа берүүгө.
4. Гендердик зомбулукту түшүнбөгөндүгүн көрсөтүүгө, мисалы үй-бүлөлүк зомбулуктун же сексуалдык зомбулуктун контекстинде зомбулуктун циклдүүлүгүн, анын жабырлануучуга тийгизген таасирин түшүнбөгөндүгүн көрсөтүүгө.

5. Үйдөгү жана балдарды багууга байланыштуу жумуштун маанилүүлүгүн түшүнбөстүгүн көрсөтүүгө.
6. Кирешенин деңгээли, үй жумуштары жана балдарды багуу боюнча кирешенин деңгээли сыяктуу суроолорго карата эркектер менен аялдардын ортосундагы статистикалык айырмачылыкка көңүл бурууну тиешелүү деңгээлде кабыл албоо.

**9.6. *Эксперттердин ролу***

1. Атайын билимдерге ээ эксперттер сотко кийинкидей татаал көрүнүштөрдү түшүнүүгө жардам берүүлөрү мүмкүн, мисалы зомбулуктун жабырлануучулары баштарынан өткөргөн зордуктоодон улам келтирилген жаракат синдрому, жаракаттан кийинки синдром жана зомбулук цикли, ошондой эле баланын эң мыкты кызыкчылыктарын аныктоо.
2. Эксперттин көрсөтмөлөрү ошондой эле гендердик стереотиптерди сындырууга натыйжалуу шарт түзүүсү мүмкүн, мисалы зордуктоонун жабырлануучусунун «типтүү» жүрүм-туруму жөнүндө жомокторду.
3. Судьялар эксперттин компетенциясы чөйрөсү менен чектелген көрсөтмөлөрдүн предметин эстен чыгарбашы керек. Судьялар ошондой эле, эксперттин көрсөтмөлөрү бейкалыстыкка негизделбөөсүн жана гендердик стереотиптерди бекемдебөөсүн, а аялдардын көйгөйлөрүн жана кызыкчылыктарын эске алынуусун камсыз кылуулары керек. Бул максатта судья атайын экспертти дайындай алат.

**9.7. *Талаштарды альтернативдүү жөнгө салуу***

1. Соттор жана прокурорлор талаштарды альтернативдүү жөнгө салуу процесси (медиация жана элдешүү) ыктыярдуу жана мажбурлоочу түрдө болуусу, милдеттүү жана милдеттүү эмес түрдөгү чечимдерди кабыл алууга алып келүүсү мүмкүн экендигин эстеринен чыгарбоолору зарыл, ошондуктан аларды аялдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгү контекстинде колдонууда кылдат болуулары керек.
2. Эл аралык стандарт (көп учурда, Стамбул конвенциясы) Конвенциянын таасирине кирген аракеттер чөйрөсүнө (48-б.) кирүүчү аялдарга карата зомбулуктун бардык формаларына карата ортомчулук (медиацияны кошкондо) жана элдешүү сыяктуу талаштарды жөнгө салуу боюнча милдеттүү түрдөгү альтернативдүү процесстерге так тыюу салууну камтыйт.
3. Соттор жана прокурорлор үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө талаштарды жөнгө салуунун альернативдүү механизмдерин колдонуу зомбулук жасаган адамдын айыбы менен жабырлануучунун айыбы бирдей, ошондой эле бул көйгөйдү чечүү үчүн экөө тең өздөрүнүн жүрүм-турумдарын кайра карап чыгуулары керек деген жалган аксиомага негизделген, мына ушинтип сот адилеттиги системасынын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарынан аялдарга карата зомбулук актысы сыяктуу олуттуу кылмыштарды четке чыгарып коёт.
4. Медиация көпчүлүк учурда үй-бүлөлүк укук жана ажырашуу боюнча иштерде колдонулат, мисалы мүлктү бөлүштүрүү, балдарга камкорчулук жана балдарга барып туруу бөлүгүндөгү суроолор боюнча талаштарда колдонулат. Соттор текшерүү процедураларын иштеп чыгуулары керек, ал процедуралар бардык эле үй-бүлөлүк талаш-тартыштарды медиацияга бергенден мурун, алгач үй-бүлөдө зомбулуктун тарыхы барбы аныктай тургандай болуп иштелип чыгышы зарыл.

## 10-тиркеме. Үй-бүлөлүк зомбулук менен байланыштуу иштер боюнча жазаларды жана укуктук коргоо чараларын дайындоодо (компенсация/калыбына келтирүү, реституция ж.б.) боюнча соттор жана прокурорлор үчүн аракеттердин алгоритми

1. Соттор, жарандык иштердин алкагында укуктук коргоонун кийинкидей тиешелүү каражаттарын колдонуулары керек: реституция (укуктарын калыбына келтирүү), келтирилген зыянды компенсациялоо/калыбына келтирүү жана анын кайталануусуна жол бербөө боюнча чаралар, ошондой эле жабырлануучуну реабилитациялоого тиешелүү суроону карап чыгуу (медициналык жана психологиялык жардам көрсөтүү жана социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн башка түрлөрүн көрсөтүү). Жабырлануучулар өздөрүнүн жарандык сот өндүрүшүнүн алкагында келтирилген моралдык зыян үчүн компенсация алуу укугуна ээ экендиги жөнүндө жана укуктук коргоо каражаттарын колдонуунун тартиби тууралуу дайыма эле маалымдар боло беришпейт. Ошондуктан, сот, аларды алуунун жана колдонуунун тартибин түшүндүрүүгө милдеттүү.
2. Жарандык сот өндүрүшүнүн алкагында келтирилген зыянды өндүрүү максатында укуктук коргоо каражаттарын колдонуу кылмыш-жаза жазасын колдонууну четке какпайт, жана тескеринче, тактап айтканда аялдарга карата зомбулуктардын жабырлануучулары жарандык-укуктук коргоонун каражаттарынан колдонууга укуктуу (зомбулуктуу аракеттерди жасаган адамга карата), Жабырлануучулар кылмыш-жаза жазасын колдонуу менен катар эле аларга келтирилген зыян үчүн компенсация талап кылганга укуктуу (Стамбул конвенциясынын 29-30-беренелери).
3. Тыюу салуу жана коргоо жөнүндө ордер – бул укукту коргоонун жарандык-административдик же ал тургай кылмыш-жаза-укуктук каражаты же камсыз кылуучу чара, анын жардамы менен жабырлануучу зомбулуктуу аракеттерди токтото алат жана андан наркы зомбулук актыларынан коргоно алат, ошону менен катар «башка юридикалык процедуралардан жана аларга кошумчалардан көз карандысыз түрдө» колдонулушу керек жана мындан кийинки юридикалык процедураларда кабыл алынуусу мүмкүн (53-бер.). Мындан сырткары, буларды бузган учурда аны бузганга айыпкер адам кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылышы зарыл же башка укуктук санкциялар караштырылышы керек.
4. Прокурор жазага карата кошумча чара катары айыпкерлерге оңдоп-түзөө программасынан өтүүнү талап кылуулары мүмкүн, ал эми соттор болсо бул жаатта эскертме берүүлөрү мүмкүн; бирок программага баруу жазаны дайындоонун же укуктук санкциялардын альтернативдүү жолу болбошу зарыл. Сот, прокуратура бул сыяктуу программаларды дайындоодо , программа аныкталган бир критерийлерге жооп берерине, тобокелчиликтерди (кездешип калуучу коркунучтарды) баалоо менен коштолоруна жана жабырлануучулардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча чаралар кабыл алынарына ынануулары зарыл.
5. Кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө өкүмдү чыгарууда соттор жана прокурорлор кийинкиде саналып берилген башка фактыларды дагы жетекчиликке алышса болот:
- Жазалоо чараларын катаалдата турган оордотуучу жагдайлар барбы? (Мындай жагдайлар булар болушу мүмкүн: айыпкердин жана жабырлануучунун мамилелеринин мүнөзү; укук бузуу кайрадан жасалдыбы/айыпкер мурда соттолгонбу; укук бузуу баланын көзүнчө жасалганбы; укук бузуу эң катаал деңгээлдеги зомбулукту колдонуу менен жасалганбы жана же курал колдонулганбы).
- Тобокелчиликтерге (коркунучтарга) баа берүүнү жүргүзүүнүн жыйынтыгы айыпкер укук бузууну кайрадан жасай тургандыгынан белги береби?

- Укук бузуу биринчи жолу жасалдыбы? Укук бузуунун биринчи жолу жасалуусу бардык учурда эле жазаны жумшартуу үчүн негиз болбоосу зарыл. Соттун алдына биринчи жолу баргандар мурун зомбулук жасагандар, бирок жоопкерчиликке тартылган эмес. Прокурорлор жана соттор башка булактардын жардамы менен ал мурун зомбулук жасаганбы же жокпу текшерүүлөрү керек.
- Жабырлануучуга өкүмдү чыгаруу үчүн мааниге ээ зомбулук актыларынын зыяндары жөнүндө айтуу мүмкүнчүлүгү берилгенби?

6. Жазасын тартуу шарттарында жана шарттуу түрдө бошотууну, шарттуу түрдөгү жазаны колдонуу жөнүндө чечимди кабыл алып жатып, сот, жабырлануучу жана башкалар үчүн алдыда зомбулук окуясынын кайталануусу тобокелчилиги (коркунучу) бар экенин эске алусу зарыл. Үй-бүлөлүк зомбулук окуларында тобокелчиликке баа берүү милиция тарабынан териштирүүнүн баштапкы этаптарында жүргүзүлөт, ушул жерде эң маанилүү нерсе мына ушундай баалоо үзгүлтүксүз түрдө жүргүзүлүүсүн камсыз кылуу жана бул процесс сот адилеттиги системасынын ар башка катышуучуларынын макулдашуу менен катышууларына, ошондой эле жабырлануучулардын катышууларын талап кылат. Эгерде соттолгон адам эркиндигинен ажыратуучу жайларда болуп туруп, мурдагыдай эле жабырлануучуну коркутуп жатса, бул маалымат эркиндигинен ажыратуу мөөнөтүн кайра кароодо милдеттүү түрдө эске алынуусу зарыл. Жабырлануучу жана анын үй-бүлө мүчөлөрү үчүн коркунуч бар болгон учурда, соттор жабырлануучуга жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнө айыпкердин эркиндигинен ажыратуу жайларынан качып кеткендиги же убактылуу бошотулгандыгы, же толугу менен бошотулгандыгы жөнүндө билдирме менен камсыз кылуусу зарыл.